# АГИТАТОРДУН ЖАНА САЯСИЙ ИНФОРМАТОРДУН КЫСКАЧА СӨЗДҮК-СПРАВОЧНИГИ

ФРУНЗЕ
«ҚЫРГЫЗСТАН»
1981

Кырг
3(03),
А-24
<ЗКПЧ(03)>

66.61(2)51 я2
А 24

АВТОРЛОР КОЛЛЕКТИВИ:
Сызранцев В. Т.— авторлор коллективинин жетекчиси
Биринчи бөлүм. Саясий турмуш — Веселов Н. А., Гилязитдинов Д. М., Савенков Н. Т., Сызранцев В. Т.
Экинчи бөлүм. Экономикалык турмуш—Балдин Л. В., Жалина Е. А.
Үчүнчү бөлүм. Маданий турмуш — Гилязитдинов Д. М., Суров В. С., Сызранцев В. Т., Чернов Н. М.
Төртүнчү бөлүм. Эл аралык мамилелер — Бабич Ю. П., Качанов В. А.

Которгон Ш. Кулов.

© Политиздат, 1977 г.
© «Кыргызстан» басмасы, 1981-ж.
Кыргыз тилине которулду.

577606

Центральная научная ... Академии ... ССР



## ТҮЗҮҮЧҮЛӨРДӨН

*КПСС пропагандага жана агитацияга жогору баа берет, аларды коммунисттик курулуштун кубаттуу каражаты катары эсептейт. «КПССтин XXV съездинин чечимдерин орундатууда оозеки саясий агитациянын ролун жогорулатуу жөнүндө» КПСС БКнын токтомунда (1977) партиялык уюмдар эмгекчилерди коммунисттик тарбиялоо, аларды КПССтин XXV съездинин чечимдерин орундатууга мобилизациялоо боюнча өзүнүн ишинде басма сөз, телевидение, радио, саясий жана экономикалык билим берүү системасы, лекциялык пропаганда менен катар оозеки агитациянын ар түрдүү формалары кеңири колдонула тургандыгы белгиленген. Саясий информатордун, агитатордун, докладчынын эмгегинин таасирдүүлүгүн андан ары жогорулатуунун максатында аларга теориялык жана методикалык жардам көрсөтүүнү күчөтүү каралат. «Агитатордун жана саясий информатордун кыскача сөздүк-справочниги» партиянын коомдук идеологиялык кадрларына коммунисттик курулуштун азыркы этабындагы КПССтин ички жана тышкы саясатынын маңызын эмгекчилерге түшүндүрүү, КПССтин XXV съездинин чечимдерин турмушка ашырууда массалардын эмгектик жана коомдук саясий активдүүлүгүн жогорулатуу боюнча иштерине жардам берүүгө чакырылган. Сөздүктүн негизги мазмунун КПССтин XXV*

*съездинин материалдарында жана КПСС БКнын токтомдорунда, чечимдеринде өтө көп кездешүүчү терминдер жана түшүнүктөр түзөт. Сөздүктө справка мүнөзүндөгү жана жалпы теориялык категориядагы терминдер да келтирилген, анткени алар КПСС БКнын оозеки саясий агитациянын ролун жогорулатуу жөнүндө токтомунун талаптарынын негизинде пропаганданы жана агитацияны андан ары күчөтүү үчүн өтө зарыл. Саясий информатордун адистешүүсүнө ылайык сөздүк: өлкөнүн саясий, экономикалык жана маданий турмушу жана эл аралык мамилелер бөлүмдөрүнөн турат. Материалды бөлүмдөргө бөлүштүрүү белгилүү даражада шарттуу болуп саналат. Ал оозеки саясий агитациянын түзүлгөн практикасынын керектөөлөрү менен түшүндүрүлөт. Маселен, «Маданий турмуш» бөлүмүндө партиянын идеологиясы, идеялык-тарбия иштери, ал эми «Эл аралык мамилелер» бөлүмүндө — валюталык-финансалык кризис, капиталисттик интеграция ж. б. менен байланышкан түшүнүктөр бар. Сөздүктүн бөлүмдөрүндө проблемалык макалалар жана справка материалдары берилген. Бөлүмдөрдүн ичинде сөздөр алфавит тартибинде жайгаштырылган. Окурмандарга ыңгайлуу болушу үчүн сөздүккө жалпы тизме — бардык макалалардын көрсөткүчү берилген, ал керек макалаларды тандап алууга, бөлүмдөргө ажыратуунун «шарттуулугунан» кутулууга мүмкүндүк берет. Бул сөздүктүн башка макалаларына таянуу курсив шрифти менен бөлүнүп көрсөтүлгөн. Сөздүктө кыскартуунун бирдиктүү түрү алынган. Факты жүзүндөгү материал 1977-жылдын 15-июнуна карата келтирилген.*



## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

# САЯСИЙ ТУРМУШ

**АДМИНИСТРАЦИЯНЫН ИШИН КОНТРОЛДОО УКУГУ** — партиялык баштапкы уюмдардын өндүрүш ишканаларынын коллективдеринин, колхоздордун, мекемелердин ж. б. иштеринин абалы үчүн жоопкерчилигинин жана ролунун көрсөтүлүшү, алардын алдыларында турган милдеттерди чечүүгө таасир көрсөтүүнүн активдүү формасы.

А. и. к. у. жөнүндө жобо биринчи жолу XVIII съездде (1939) кабыл алынган партиянын Уставында жазылган болучу; мындай укук өндүрүштүк ишканалардын, анын ичинде совхоздордун, колхоздордун жана МТСтердин партиялык баштапкы уюмдарына берилген. Кийин ал соода ишканаларынын, андан кийин өндүрүш менен байланышкан конструктордук бюролордун, долбоорлоо жана илим-изилдөө институттарынын партиялык уюмдарына таркатылган болучу.

Партиянын саясатын турмушка ашырууда партиялык баштапкы уюмдардын жоопкерчилигин жана активдүүлүгүн жогорулатуу, эмгекчилердин коллективдеринде алардын уюштуруу жана тарбиялоо иштерин күчөтүү максатында партиянын XXIV съезди КПССтин Уставынын А. и. к. у. жөнүндө жобосун администрациясынын функциясы өз коллективдеринин чегинен чыкпаган бардык долбоорлоо уюмдарынын, конструктордук бюролорунун, илимий-изилдөө институттарынын, окуу жайларынын, маданий-агартуу, дарылоо жана башка мекемелердин жана уюмдардын партиялык баштапкы уюмдарына таркатууга чечим кабыл алды.

XXIV съезд министерстволордун, мамлекеттик комитеттердин дагы башка борбордук жана жергиликтүү советтик, чарбалык мекемелер менен ведомстволордун партиялык уюм-

дары партия менен өкмөттүн директиваларын орундатуу советтик закондорду сактоо боюнча аппараттын ишине контролдукту ишке ашыра тургандыктарын белгиледи.

А. п. к. у-н партиялык уюмдар практикада ар түрдүү формалар жана методдор менен ишке ашырышат: чарба жетекчилеринин отчеттору, документтер менен таанышуу ж. б. К. у-н ишке ашыруу боюнча комиссиялар бул формалардын маанилүүсү болуп саналат, алар ишкананын өзгөчөлүгүнө жана коллектив чечүүчү конкреттүү милдеттерге байланыштуу түзүлөт.

КПССтин XXV съезди партиялык баштапкы уюмдардын өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатууга, илимий-техникалык прогрессти тездетүүгө, продукциянын сапатын жакшыртууга өтө активдүү таасир көрсөтүүсү зарыл экендигин көрсөттү. Туура жана толук пайдаланылуучу А. п. к. у — бул максатка жетишүүнүн жана социалдык-экономикалык милдеттерди чечүүнүн маанилүү шарты.

**АКТИВ** (партиялык, советтик, чарбалык, профсоюздук, комсомолдук) — партиянын саясатын коомдук негизде турмушка ашыруу боюнча активдүү саясий, уюштуруучулук жана идеологиялык иштерди жүргүзүп жатышкан Коммунисттик партиянын, бүткүл совет элинин эң бир ишкер жана жөндөмдүү өкүлдөрү. (к. *Кадрлар:* Партиялык, советтик, чарбалык).

Партиялык А. партиялык уюмдардын шайлануучу жетекчи органдарынын мүчөлөрү, партиялык комитеттердин жана партиялык уюмдардын штаттан тышкары бөлүмдөрүнүн, советтеринин, комиссияларынын мүчөлөрү, саясий докладчылар, пропагандисттер, саясий информаторлор, агитаторлор ж. б. кирет. Маселен, XXIV жана XXV съезддердин ортосундагы мезгилде партиянын шайланма активи 700 миңге көбөйдү жана азыркы убакта 4,3 миллион адамды түзөт. Партиялык А-дин составында жумушчулар менен колхозчулардын саны кыйшаюусуз көбөйүүдө. Партиянын жетекчи органдарына алардан 1,5 миллиондон ашык адам шайланган. Жумушчулар жана колхозчулар практика жүзүндө партиянын райкомдорунун, шаардык комитеттеринин баарынын жана обкомдорунун, крайкомдордун теңинин составына киришет.

Советтик А.— эл депутаттарынын Советтеринин депутаттары, бардык баскычтардагы Советтердеги туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү, коомдук советтердин жана аткаруу комитеттеринин бөлүмдөрүнүн мүчөлөрү, коомдук инспекторлор жана инструкторлор ж. б. Азыркы убакта Советтердин депутаттыгына 2,2 миллиондон ашык адам шайланган; алардын ишине катышууга 30 миллионго жакын активисттер тартылат. Советтердин активисттери мамлекеттик жана коомдук иштерди башкаруу боюнча туруктуу практикалык иштерди жүргүзүшөт. Алар экономиканы, элге билим берүүнү, саламаттык сактоону, турак-жай курулушун өнүктүрүү, шаарлар менен айылдарды көрккө келтирүү, сооданы жана тиричилик жактан тейлөөнү уюштуруу жагында аракет кылышат.

Чарбалык А.— дайыма иштөөчү өндүрүштүк кеңешмелердин жана рационализаторлор менен ойлоп тапкычтардын советтеринин мүчөлөрү, НОТтун коомдук советтеринин мүчөлөрү, экономикалык жана социалдык өнүктүрүү советтеринин мүчөлөрү, коомдук конструктордук бюролордун, экономикалык талдоо жана техникалык информация бюролорунун мүчөлөрү, ишканалардын, тармактык илимий-техникалык коомдордун техникалык советтеринин мүчөлөрү ж. б. кирет.

Профсоюздук А. — союздар аралык жана тармактык жетекчи органдардын, профсоюз уюмдарынын комитеттеринин, комиссияларынын мүчөлөрү, профгруппоргдор, камсыздандыруу делегаттары, маданий уюштуруучулар, эмгектин коомдук инспекторлору, жана да дайыма иштөөчү өндүрүштүк кеңешмелердин, илимий-техникалык коомдордун, коомдук конструктордук бюролордун, экономикалык советтердин ж. б. мүчөлөрү. Алар чарбалык жана маданий курулуштун маселелерин чечүүдө, өндүрүштүк пландардын долбоорлорун иштеп чыгууда жана аларды ишке ашырууда, социалисттик мелдешти жана эмгекке коммунисттик мамиле кылуу үчүн кыймылды уюштурууда жана өнүктүрүүдө, совет адамдарынын материалдык жана маданий-тиричилик керектөөлөрүн канааттандырууда, эмгекчилерди коммунисттик тарбиялоодо чоң роль ойношот.

Комсомолдук А.— комсомолдо уюштуруу жана идеялык-тарбия иштерин жүргүзүп жатышкан ВЛКСМдин өтө ишкер мүчөлөрү, съезддерде, конференцияларда, комсомолдук чогулуштарда шайланышкан комсомол комитеттеринин мүчөлөрү, комсомол уюмдарынын секретарлары, комсомол группоргдору, пропагандисттер, лекторлор, агитаторлор, «Комсомолдук прожектордун» мүчөлөрү, пионер вожатыйлары кирет.

**АЯЛДАР** (СССРде) — өлкөнүн калкынын арасында теңинен көбүн түзөт. СССРде А-га закон боюнча чарбалык, мамлекеттик, маданий жана коомдук-саясий турмуштун бардык жактарында эркектер менен бирдей укуктар берилет. Бул укук жарыяланып гана тим болбостон, ошондой эле практика жүзүндө А-га эмгектенүүгө, эмгекке акы алууга, дем алууга, социалдык камсыздандырууга жана билим алууга эркектер менен бирдей укук берүү менен камсыз кылынат. Мамлекет эне менен баланын таламдарын коргойт, көп балалуу жана жалгыз бой энелерге жардам көрсөтөт, боюнда бар убакта айлыгын сактоо менен отпуск берет, төрөт үйлөрүнүн, балдар яслилеринин жана бакчаларынын кеңири тармагын түзөт.

Советтик А. коммунисттик курулуштун ишине зор салым кошууда. Алардын эмгектик демилгеси, коомдук-саясий ишмердиги, чыгармачылык кубаты жана таланттары материалдык өндүрүштүн жана өлкөнүн

рухий турмушунун бардык чөйрөлөрүнөн көрүнөт. Эл чарбасында иштеп жаткан жогору жана орто билимдүү адистердин арасында А. 50 проценттен ашыгын түзөт. Саламаттык сактоонун, өсүп келе жаткан муунду окутуунун жана тарбиялоонун азыркы кездеги милдеттерин чечүүдө А. ролу бөтөнчө зор; 100 миңге жакынынын окумуштуулук наамдары жана даражасы бар, миңдегендери партиялык, советтик, чарбалык жетекчи иштерде, эмгекчилердин массалык уюмдарында иштешет.

Советтик көп А. өзүлөрүнүн тагдырын КПСС менен байланыштырышкан. Анын катарындагы А.-дын саны жылдан жылга өсүүдө. XXIV жана XXV съезддердин аралыгындагы мезгилде партияга 764 миңден ашык А.-дын же кандидаттардын жалпы санынын 29,5 проценти кабыл алынган. 1976-жылдын 1-январына карата А. КПССте 3 793 859 адамды, же бардык коммунисттердин 24,3 процентин түзгөн.

КПССтин XXV съезди советтик коомдогу, коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндөгү А. ролун жогору баалады. «Партия аял жөнүндө, эмгектик процесске катышуучу, эне жана балдардын тарбиячысы жана үйдүн кожоюну катарында аялдын абалы жөнүндө дайыма камкордук көрүүнү өзүнүн милдети деп эсептейт» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 102-бет).

**БИР БАШЧЫЛЫК** — демократиялык централизмдин көрүнүштөрүнүн бири, башкаруу органынын, мекеменин же ишкананын (участоктун) башында бир адам (жетекчи) турат, берилген компетенциянын чегинде бийлик толук бойдон ага таандык. Жетекчи өзү жана оперативдүү чечимдерди кабыл алат жана аларды орундатуу үчүн жана өзүнө ишенилген органдын (ишкананын, мекеменин) иши үчүн керт башы менен жооп берет.

Министерстволордун, ведомстволордун, өнөр жай жана өндүрүш бирикмелеринин, жергиликтүү Советтердин аткаруу комитеттеринин, бөлүмдөрүнүн жана башкармаларынын, жана ишканалар менен мекемелердин администрацияларынын иштери бир башчылыктын негизинде курулат.

Б. б. демократизм, коллегиялуулук, эмгекчилердин башкарууга активдүү катышуусу, массанын төмөнтөн болгон контролдугу менен айкалыштырылат. Башкаруу органдарынын жетекчилеринин алдында коллегиялуу кеңешүүчү органдар: жергиликтүү Советтердин аткаруу комитеттеринин бөлүмдөрүнүн жана башкармаларынын алдында коомдук советтер жана коллегиялар; өндүрүштүк бирикмелерде директорлордун советтери; министерстволордо, өнөр жай бирикмелеринде жана ведомстволордо коллегиялар, илимий окумуштуулар, илимий-техникалык жана башка советтер түзүлөт жана иш алып барат, мунун өзү жетекчилер тарабынан туура, илимий негизделген чечимдерди кабыл алууга жардам берет.

Уюштуруу структурасын жана башкаруу методдорун өркүндөтүүгө токтолуп, Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде



мындай деп белгилеген: «Биз ошону менен бирге демократиялык централизмдин эки негизин чыңдоого тийишпиз. Биринчи жактан, централизмди өнүктүрүп, ошону менен бирге ведомстволук жана местничестволук тенденцияларга бөгөт коюу керек. Экинчи жактан болсо демократиялык башталмаларды, жер-жерлердеги демилгени өнүктүрүү, майда-чүйдө иштерден жетекчиликтин жогорку органдарын бошотуу, чечимдерди кабыл алууда оперативдүүлүктү жана ийкемдүүлүктү камсыз кылуу керек» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 73-бет).

**БҮТКҮЛ СОЮЗДУК ЛЕНИНДИК КОММУНИСТТИК ЖАШТАР СОЮЗУ (ВЛКСМ)** — өзүнүн катарларына советтик алдыңкы жаштардын кеңири массаларын бириктирген өз алдынча коомдук уюм. Комсомол — КПССтин жетекчилиги алдында иштеген анын активдүү жардамчысы жана резерви.

Азыркы убакта Лениндик комсомол 415 миң комсомолдук баштапкы уюмдарда иштеген 36 миллион 280 миң уландарды жана кыздарды өзүнүн катарларында бириктирип турат. ВЛКСМдин составында 12 миллиондон ашык жумушчулар, 2 миллиондон ашык колхозчулар бар. ВЛКСМдин 18 миллиондон ашык мүчөлөрү — аялдар. КПССтин XXIV жана XXV съезддеринин аралыгындагы мезгилде партиянын жаңы толуктоосунун басымдуу көпчүлүгүн (2/3 ашыгын) комсомолецтер түзүшкөн. 1966—1970-жылдарда партиянын кандидаттыгына кабыл алынгандардын арасында комсомолецтер 45,4 процент, 1975-жылы— 70,2 процент болгон. «КПССке жаштардын улам көбүрөөк келип жатышы,— деп белгиленген. КПССтин XXV съездинде,— партиянын турмуштук күчүнүн түгөнбөй тургандыгын, биздин жаш муундарыбыз коммунизмдин идеалдарына терең берилгендигин даана көрсөтүп турат». Комсомолдо иштеп жаткан коммунисттердин саны кыйшаюусуз өсүүдө. Маселен, 1974-жылы алар 790 миң болгон, ал эми 1976-жылы 1 млн. адам болду.

Коммунизмди куруунун азыркы шарттарында комсомолдун ролу мурдагыдан да өсөт. Комсомол чарбалык жана маданий курулушка активдүү катышат. 9-беш жылдыкта жарым миллиондон ашык уландар менен кыздар 670 комсомолдук эпкиндүү курулуштарда иштешкен. Азыр комсомол Байкал-Амур магистралынын курулушуна жана өлкөнүн башка ири курулуштарына катышууда, РСФСРдин Кара топурактуу эмес зонасында мелиоративдик жана айылдык курулуштун 1200 объектисин шефке алган. Студенттик курулуш отряддары зор жумуштарды жүргүзүп жатышат. 9-беш жылдыкта гана алар тарабынан аткарылган жумуштардын көлөмү 5 млрд. сомго жакынды түздү.

ВЛКСМ эл аралык жаштар кыймылында чоң роль ойнойт, эл аралык жаштар уюмдарына кирет, коммунисттик жана башка прогрессивдүү уюмдар менен кызматташат.

КПССтин XXV съезди Лениндик комсомолдун ишине

бир кыйла көңүл бурду, партиялык жана комсомолдук уюмдардын алдына советтик жаштарды тарбиялоо боюнча конкреттүү милдеттерди койду. Бул милдеттер алардын бүткүл ишинин негизинде салынган.

**ДАЙЫМА ИШТӨӨЧҮ ӨНДҮРҮШТҮК КЕҢЕШМЕЛЕР** (ишканаларда) — жумушчуларды, колхозчуларды жана кызматчыларды өндүрүштү башкарууга тартуунун формаларынын бири.

Д. и. ө. к. коомдук өз алдынча ишмердиктин башка формалары болуу менен катар өндүрүштүк ишканаларга жетекчиликтин демократиялык принциптерин ырааттуу ишке ашырууга мүмкүндүк берет, бир башчылыкты эмгекчилердин өндүрүштү башкарууга кеңири катышуусу менен туура айкалыштырууну камсыз кылат. Д. и. ө. к. 100 жана андан көп адам иштеген өнөр жай ишканаларында, курулуштарда, транспорт, байланыш, айыл чарба, соода, коомдук тамактануу, коммуналдык-тиричилик жактан тейлөө ишканаларында, геологиялык-чалгындоо, топографиялык-геодезиялык, долбоорлоо жана конструктордук уюмдарда, илимий-изилдөө мекемелеринде жана материалдык-техникалык жабдуу уюмдарында, цехтерде уюштурулат.

Жумушчулар, колхозчулар жана кызматчылар, профсоюздун фабрикалык-заводдук, жергиликтүү жана цехтик комитеттеринин, ишкананын администрациясынын, цехтердин, бөлүмдөрдүн, фермалардын, партиялык жана комсомолдук уюмдардын, НТОнун жана ВОИРдин өкүлдөрү ФЗМКнын полномочиесинин мөөнөтүнө Д. и. ө. к-ге мүчө болуп шайланышат.

Д. и. ө. к. ишкананын турмушунун, эмгекти коргоонун, тиричилик шарттарын жакшыртуунун маанилүү маселелерин, коллективдерди социалдык өнүктүрүүнүн пландарын, коллективдүү келишимдерди түзүүнүн жана текшерүүнүн тартибин талкуулашат. 9-беш жылдыкта Д. и. ө. к. чарбалык иштерди жакшыртуу боюнча жети миллионго жакын сунуштарды киргизген.

Д. и. ө. к. өзүнүн жүргүзгөн иши менен анын чечимдерин жана сунуштарын орундатууда администрацияга жардам берүүгө чакырылган. Д. и. ө. к-ди СССР Министрлер Совети жана ВЦСПС бекиткен жобонун негизинде иш алып барат.

КПССтин XXV съезди бир башчылыкты эмгекчилердин өндүрүштү башкарууга кеңири катышуусу менен туура жана ырааттуу айкалыштыруу маселесине чоң көңүл бурду. Съезд тарабынан бекитилген «СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында» «Эмгекчилерди өндүрүштү башкарууга тартуунун натыйжалуу формалары өнүктүрүлсүн» деп айтылган. Бул бүтүндөй жана толук бойдон Д. и. ө. к-ге да таандык.

**ДЕМОКРАТИЯЛЫК ЦЕНТРАЛИЗМ** — партиянын уюмдашуу түзүлүшүнүн жетекчи принциби. Д. ц. КПССтин Уставында көрсөтүлгөндөй:

а) партиянын бардык жетекчи органдарынын төмөнтөн жогоруга дейре шайланып турушу;

б) партиялык органдардын өзүнүн партиялык уюмдарынын жана жогорку органдардын алдында мезгил-мезгили менен отчет берип турушу;

в) партиялык катуу дисциплина жана азчылыктын көпчүлүккө баш ийиши;

г) жогорку органдардын чечимдеринин төмөнкү органдар үчүн сөзсүз милдеттүүлүгү.

Д. ц-дин маңызы партиянын ишинин бардык этаптарында өзгөрүлбөгөн бойдон калат. Д. ц-ди колдонуунун конкреттүү мазмуну, формалары жана рамкалары партиянын иши өтүп жаткан шарттардын өзгөрүшүнө байланыштуу өнүгөт.

Д. ц. эки тараптын — демократизм менен централизмдин биримдигин камтыйт.

Д. ц.— бул, бир тараптан, бардык партиялык органдардын жана алардын жетекчилеринин шайланып турушу, алардын өзүлөрүнүн уюмдарына отчет берип турушу. Партиянын чыныгы демократиялык мүнөзү, анын иштерине жетекчилик кылууда партиялык массалардын чечүүчү ролу, партиялык ички демократия мына ушундан көрүнөт. Экинчи тараптан, Д. ц.— бул бардык коммунисттер үчүн бирдиктүү партиялык дисциплина, көпчүлүктүн эркине жана чечимдерине баш ийүү, жогорку органдардын токтомдорунун төмөнкү органдар үчүн милдеттүүлүгү. Мунун өзү партиялык ишти жана партияга жетекчиликти борбордоштурууну камсыз кылат. Партиянын XXV съездинин чечимдеринде



партиянын бардык звенолорунда демократиялык централизмдин принциптерин катуу сактоонун зарылчылыгы көрсөтүлгөн. Л. И. Брежневдин КПССтин XXV съездиндеги докладында партиянын бардык звенолорунун жапатырмак, активдүү жана максатка умтулган түрдө, партиялык турмуштун лениндик нормаларын, партиялык жетекчиликтин принциптерин, Д. ц. принциптерин чегинбей колдонуу менен иштей тургандыгы белгиленген (КПССтин XXV съездинин материалдары, 78-бет).

**ЖАЛПЫ ЭЛДИК МАМЛЕКЕТ** — өнүккөн социалисттик коомдогу элдин саясий бийлиги, жумушчу табынын жана анын марксисттик-лениндик партиясынын жетекчилиги астында ишке ашырылат. Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде: «биздин мамлекет бүткүл элдин таламдарын жана эркин билдире турган жалпы элдик мамлекет болуп саналат», деп белгилеген (КПССтин XXV съездинин материалдары, 97-бет). Жалпы элдик мамлекет пролетариат диктатурасы мамлекетинин уландысы жана андан ары өнүгүшү, социалисттик мамлекеттин өнүгүшүндөгү жаңы этап болуп эсептелет. Ж. э. м. жана пролетариат диктатурасы мамлекети — бул социалисттик мамлекеттин өнүгүшүндөгү эки этап.

Ж. э. м.— коммунизмди куруунун башкы куралы. Ал төмөндөгү негизги милдеттерди: коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүнү, социалисттик коомдук мамилелерди коммунисттик мамиле-

лерге айландырууну, эмгек ченемине жана керектөө ченемине контролдукту ишке ашырууну, элдин жыргалчылыгын жогорулатууну камсыз кылууну, советтик граждандардын укуктарын, социалисттик укук тартибин жана социалисттик менчикти коргоону, эмгекчилерди социалисттик дисциплинанын жана эмгекке коммунисттик мамиле кылуунун рухунда тарбиялоону, өлкөнү коргоону жана коопсуздугун камсыз кылууну, социалисттик өлкөлөр менен бир туугандык кызматташтыкты өнүктүрүүнү, жалпы тынчтыктын ишин коргоону жана бардык өлкөлөр менен нормалдуу мамилелерди кутүүнү орундатат (КПССтин Программасы, 101-бет).

Ж. э. м. чарбалык-уюштурууу, маданий-тарбиялоо, өлкөнү коргоо ж. б. өңдөнгөн бир катар ички жана тышкы функцияларды аткарат. Алар пролетариат диктатурасы мамлекетинин функцияларын өтө жогорку деңгээлге өнүктүрүү болуп саналат. Ж. э. м. этабында эксплуататордук таптарды жоюуга жана коомдун социалдык-саясий биримдигин орнотууга байланыштуу кулатылган эксплуататордук таптардын каршылык көрсөтүүсүн басуу функциясы жоголот.

Ж. э. м. пролетариат диктатурасынын тибиндеги эле мамлекет болуу менен бирге, өзүнүн бир катар өзгөчөлүктөрү болот. Алардын ичинен эң олуттуулары: социалисттик демократияны андан ары кеңейтүү жана тереңдетүү, мажбурлоонун масштабын жана чөйрөсүн өзгөртүү, мажбурлоо таптарга жана социалдык топторго карата эмес, социалисттик коомдун закондорун айрым бузуучуларга карата колдонулат. КПССтин XXV съездинин чечимдеринде Советтик мамлекетти андан ары чыңдоо жана коомдун бүткүл саясий уюмун өркүндөтүү боюнча чаралар белгиленген. КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда «партия пролетариат диктатурасы мамлекетинин түзүүчүлүк улуу миссиясын тарыхый жаңы шарттарда улантып жаткан биздин жалпы элдик мамлекетибиздин демократиялык негиздерин мындан ары өркүндөтүү боюнча, коомдун бардык иштерин башкарууга эмгекчилерди улам барган сайын эң кеңири катыштырууну камсыз кылуу боюнча иштерди талыкпай жүргүзүп жаткандыгы» көрсөтүлгөн. Коммунизмдин жогорку фазасында Ж. э. м. коммунисттик коомдук өзүн өзү башкарууга айланат.

**ЖАШТАР** (СССРде) — 30 жашка чейинки жаштарды кучагына алган социалдык-демографиялык топ.

Ж. СССРде өлкөнүн калкынын теңинен көбүн түзөт. Советтик жаштардын бардык топтору — жаш жумушчулар, дыйкандар, кызматчылар, студенттер жана мектеп окуучулары — коммунизмдин идеалдарына жана улуу муундун жеңип алгандарына жогору жоопкерчилик жана аң-сезимдүүлүк менен мамиле кылышат, революциячыл, күжүрмөн жана эмгектик традицияларды ыйык сакташат, бардык иштерде Коммунисттик партиянын жолу менен барышат. Советтик Ж.-дын 36 млн. 280 миң мыкты өкүлү ВЛКСМга бириккен. 1975—1976-жылдарда ВЛКСМдин мүчөлүгүнө 9 665 337 улан менен кыз кабыл алынган болучу. 1977-жылдын 1-январына карата комсомолдун учетунда 1 016 858 жаш коммунист турган. СССР Жогорку Советинде депутаттардын 18,4 процентин, союздук республикалардын Жогорку Советтеринде — 18,2 процентин, автономиялуу республикалардын Жогорку Советтеринде — 21,7 процентин, жергиликтүү Советтерде — 30 проценттен ашыгын жаштар түзүшөт.

КПСС Ж. совет элинин коммунизм үчүн күрөшүндө түзүүчү, чыгармачыл күч катары карайт. Аны ал ар бир жаш жаңы коомдун активдүү куруучусу болушу үчүн коммунисттик идеялуулуктун, советтик патриотизмдин, интернационализмдин, жогору уюшкандыктын жана тартиптүүлүктүн рухунда тарбиялайт.

Ошону менен катар КПСС жаштарга билим берүү, физкультура, спорт, туризм ж. б. үчүн зарыл шарттарды түзүү жөнүндө дайыма камкордук көрөт. Маселен, 10-беш жылдыктын жылдарында 11 млн. жаштар кесипчилик-техникалык билим берүү системасында даярдыктан өтүшөт, 9,6 миллиону — жогорку жана атайын орто билим алышат.

«Партия жаштар, комсомолецтер коммунисттик курулуштун санжырасына жаңы даңктуу барактарды жаза тургандыгына бекем ишенет! (КПССтин XXV съездинин материалдары, 85-бет).



**ЖЕРГИЛИКТҮҮ СОВЕТТЕР** — мамлекеттик бийликтин крайлардагы, областтардагы, округдардагы, райондордогу, шаарлардагы, поселоктордогу жана айылдардагы (станицалардагы, айыл-кыштактардагы, хуторлордогу, кыштактардагы, айылдардагы) өкүлдүү органдары ,алар СССРдин граждандары тарабынан жалпы, тең, тике шайлоолордун негизинде, жашыруун добуш берүү менен эки жыл мөөнөткө шайланат. 18 жашка толгон граждандар Ж. с.-ге шайлоого жана шайланууга укугу бар.

Ж. с.— СССРде элдик бийликтин өкүлдүү органдарынын бирдиктүү системасынын эң бир көп сандуу, өтө массалык анын үстүнө органикалык бөлүгү, 1977-жылы июнда Ж. с-ге 2229 депутаттар шайланган, алардын ичинде 962 миң (43,2 проценти) КПССтин мүчөлөрү жана мүчөлүгүнө кандидаттар; Ж. с-дин депутаттарынын арасында 1093 миң (49 проценти) аялдар; 943 миң (42,3 проценти) — жумушчулар, 582 миң (26,1 проценти) — колхозчулар; Ж. с. 721 миң (32,4 проценти) депутаты — 30 жашка чейинки жаштар, алардын ичинде ВЛКСМдин мүчөлөрү — 451 миң (20,3 проценти).

СССРдин Конституциясына ылайык Ж. с. чарбалык жана социалдык-маданий курулушка, өзүнө баш ийген башкаруу органдарынын ишине жетекчилик кылат, мамлекеттик тартипти коргоону, закондорду сактоону жана граждандардын укуктарын коргоону камсыз кылат. Социалисттик закондуулукту чыңдоого чараларды көрүп, өлкөнүн коргоого жа-

рамдуулугун чыңдоого көмөктөшөт.

Закон Ж. с. гана өзүлөрүнүн сессияларында чече турган маселелердин тизмесин белгилейт (маселен, аткаруу комитеттерин шайлоо, туруктуу жана башка комиссияларды түзүү, бөлүмдөрдүн жана башкармалардын жетекчилерин, чарбанын өнүгүшүнүн учурдагы жана перспективалуу пландарын, бюджеттерди жана алардын аткарылышы жөнүндө отчетторду бекитүү). Ж. с. каралган маселелер боюнча чечим кабыл алышат.

Аткаруу комитеттери, ошондой эле бөлүмдөрү жана башкармалары Ж. с-дин органдары болуп саналышат, алардын иштери Ж. с. жана жогору турган мамлекеттик органдар тарабынан белгиленет, багытталат жана контролдукка алынат.

Акыркы жылдарда КПСС-тин демилгеси боюнча айылдык, поселоктук, райондук жана шаардык Советтердин коммунисттик курулуштагы ролун жогорулатуу боюнча маанилүү чаралар өткөрүлдү, алардын аркасында алардын полномочиелери олуттуу кеңейтилип, материалдык-финансалык базасы чыңдалды, алардын башкаруу органдары квалификациялуу кадрлар менен комплектелген.

Ж. с. 10-беш жылдыктын пландарын орундатууда чоң роль ойноого чакырылган. Экономиканы жана маданиятты өнүктүрүү, калк үчүн товарларды чыгарууну көбөйтүүгө талыкпастан көңүл буруу, шаарларды жана айылдарды көрккө келтирүү, элге билим берүүнү, саламаттык сактоону, сооданы, коомдук тамактанууну жана тиричилик жактан тейлөөнү жакшыртуу Ж. с-дин иш чөйрөсү болуп саналат.

КПССтин XXV съездинде Л. И. Брежнев өз убагында Саясий бюронун демилгеси боюнча кабыл алынган айылдык поселоктук, райондук жана шаардык Советтер жөнүндө закондор алардын укуктарын жана материалдык мүмкүндүктөрүн кеңейтти деп айткан. «Бул абдан туура жасалгандыгын отчеттук мезгилдин ичинде топтолгон тажрыйба көрсөттү. Жергиликтүү Советтердин иштеринде, мындайча айтканда, жаңы дем пайда болду. Крайлык, областтык жана округдук Советтердин компетенциясын аныктаган закондорду кабыл алуу жөнүндөгү сунушту да делегаттар колдойт деп ойлоймун». (КПСС-тин XXV съездинин материалдары, 98-бет).

**ЖУМУШЧУ ТАБЫ** (СССР-де) — мамлекеттик социалисттик ишканаларда иштеп жатышкан негизинен күч эмгегиндеги адамдардан турган тап. Социалисттик коомдун Ж. т. капитализмдин учурундагы пролетариаттан сапаттуу айырмаланат. Бул бүткүл совет эли менен бирге өндүрүш каражаттарына ээ болгон жана эксплуатациядан эркин тап. Социалисттик курулуштун жылдарында Ж. т-нын саны, уюшкандыгы, саясий аң-сезимдүүлүгү, социалдык активдүүлүгү, билими жана жалпы маданияты бир кыйла өстү. Бул социалисттик коомдун эң бир көп сандаган табы, коомдун башкы өндүргүч күчү. Ж. т. 74



миллиондон ашык адамдан турат жана өлкөнүн иштеген калкынын 61,2 процентин түзөт.

Өзүнүн революциячылдыгынан, тартиптүүлүгүнөн, уюшкандыгынан жана коллективизминен улам Ж. т. социалисттик мамилелердин системасында негизги абалды ээлейт. Биздин коомдун бардык таптарынын жана социалдык топторунун жакындашуусу, анын социалдык биримдигин чыңдоо жумушчу табынын социалисттик таламдарын жана коммунисттик идеалдарын көрсөтүүчү марксисттик-лениндик идеологиянын негизинде өтөт. КПССтин XXV съездинин чечимдеринде жана документтеринде Ж. т. жетектөөчү ролун кыйшаюусуз ишке ашыруунун, биздин коомдун бардык чөйрөлөрүнө анын таасирин чыңдоонун, жумушчулардын активдүүлүгүн жана демилгесин мындан ары жогорулатуунун чаралары белгиленген.

Өнүккөн социалисттик коомдо жумушчу табындагы таптык ич ара айырмаларды бара-бара жоюу процесси жүрүп жатат. Жогору жана орто квалификациядагы жумушчулардын үлүшү кыйшаюусуз өсүп, аз квалификациялуу жана квалификацияланбаган жумушчулардын үлүшү кыскарууда. Илимий-техникалык прогресстин негизинде жумушчулардын составы өзгөрүп, эмгектин мүнөзүнө жараша автоматташтырылган жана механизацияланган эмгекте иштегендердин саны өсүүдө. Күч эмгеги менен акыл эмгегинин ортосундагы олуттуу айырмаларды жоюунун жүрүшүндө жумушчулардын эмгегинде акыл операцияларынын үлүшү өсүп, Ж. т-нын маданий-техникалык деңгээли да өрчүүдө. КПССтин XXV съезди тарабынан белгиленген социалдык өнүктүрүүнүн жана элдин турмуш деңгээлин жогорулатуунун программасында эмгектин социалдык-экономикалык жана өндүрүштүк шарттарын жакшыртуу, анын чыгармачылык мүнөзүн күчөтүү боюнча чаралар каралган.

**ЖУМУШЧУ ТАБЫ МЕНЕН ДЫЙКАНДАР СОЮЗУ** (социалисттик коомдо) — коммунисттик коомду куруу үчүн күрөштө социалдык-саясий жана идеялык биримдик менен баш кошкон эки эмгекчи таптын союзу. Бул союз пролетариаттын гегемониясы астында феодалдык-помещиктик жана буржуазиялык түзүлүштү кулатуу үчүн биргелешкен күрөштө төрөлүп, социалисттик курулуштун жүрүшүндө өнүккөн. Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде «бизде жаңы тарыхый жалпылык — совет эли түзүлдү, анын негизине жумушчу табынын жетектөөчү ролу астында жумушчу табынын, дыйкандардын жана интеллигенциянын бузулгус союзу, өлкөнүн бардык улуттарынын жана элдеринин достугу коюлган», деп белгилеген. Социалисттик коомдо жумушчу табы менен колхоздук дыйкандардын ортосунда белгилүү айырмалар бар. Бирок бул дос таптардын коммунисттик коомду курууга багытталган түпкү экономикалык, социалдык-саясий жана рухий таламдары бири-бирине ылайык келет. Коммунизмди куруу мезгилинде Ж. т. м. д. с-нда негизги

роль жумушчу табына таандык. Коммунисттик партиянын саясаты жумушчу табы менен дыйкандардын бузулгус союзун чыңдоого жана мындан ары өнүктүрүүгө багытталган.

**ИНСАН ЭРКИНДИГИ**—коомдун өнүгүү деңгээли, социалдык-экономикалык түзүлүштүн тиби менен шартталган адамдын өз демилгелүү жана чыгармачыл инсан болуу мүмкүндүгүнүн даражасы. И. э.— тарыхый өнүгүүнүн продуктасы. Адамдардын эркин ишмердигинин даражасы өндүргүч күчтөрдү, коомдук мамилелерди, илимди жана башкаларды өнүктүрүүнүн деңгээлине, коомдук аң-сезимдин формаларына байланыштуу болот. Капитализмдин учурунда чыныгы И. э. мүмкүн эмес; ал социалисттик революция жеңгенден кийин башталат.

Социализм учурунда чыныгы И. э-нин жогорку даражасы: экономикалык жактан — адамды адам эксплуатациялоодон болгон эркиндикти, жөндөмдүүлүгүнө жараша эмгектенүү жана өз эмгегинин өлчөмүнө жана сапатына жараша акы алуу эркиндигин; социалдык жактан — социалдык эзүүдөн эркиндикти жана социалдык эркиндиктерден пайдалануу мүмкүндүгүн; саясий жактан — саясий эзүүнүн жоктугун, социалисттик демократиянын гүлдөшүн; рухий чөйрөдө — рухий эзүүдөн эркин болушун, инсандын ар тараптан өнүгүшүнүн мүмкүндүгүн көрсөтөт. Эркин ишмердик андан билинген зарылчылыкка негизденет. Социализм учурунда адамдар коомдун өнүгүүсүнүн объективдүү закондорун таанып-билишип, өзүлөрүнүн иштерин алардын талаптарына ылайык уюштурушат. Мунун өзү коомдун ар бир мүчөсү тарабынан өзүнүн милдеттерин катуу орундатууну, тартипти сактоону карайт.

Партиянын XXV съездинде мындай деп белгиленген: «Инсандын ар тараптан өнүгүшү, граждандардын укуктары жөнүндө камкордук көрүү менен бирге биз ошондой эле коомдук тартипти чыңдоо, коом алдындагы милдеттерди бардык граждандардын аткарышы жөнүндөгү проблемаларга да тийиштүү көңүл бурабыз. Анткени, тартип болмоюнча жана коомдук бекем тартип сакталмайынча демократияны турмушка ашырууга мүмкүн эмес. Ар бир граждандын өз милдеттерине, элдин таламдарына жоопкерчилик менен мамиле жасашынын дал өзү социалисттик демократизмдин, инсандын чыныгы эркиндигинин принциптерин өтө толук турмушка ашыруу үчүн бирденбир ишенимдүү негизди түзөт» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 102-бет).

Социалисттик демократиянын учурунда КПСС БКнын «Улуу Октябрь революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда көрсөтүлгөндөй, укуктардын жана милдеттердин, чыныгы эркиндиктин жана граждандык жоопкерчиликтин биримдиги, коомдун, коллективдин жана инсандын таламдарын гармониялуу айкалыштыруу болот. Коммунисттик курулуштун жүрүшүндө бардык жагынан И. э-н андан ары кеңейтүү жана тереңдетүү болуп өтөт.



**ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯ** (СССРде) — акыл эмгегинин адамдарынан турган, жумушчу табы жана колхоздук дыйкандар менен бирге коммунизмди курууга активдүү катышкан, социалисттик коомдун социалдык катмары. Социалисттик коомдогу И. өзүнүн социалдык составы жана коомдогу ролу боюнча буржуазиялык интеллигенциядан сапаттуу айырмаланат. Советтик И. бир кыйла даражада жумушчулар менен дыйкандардын арасынан толукталып турат. Ал өзүнүн шыгын, чыгармачылык кубатын элдин ишине, коммунисттик коомду куруунун ишине жумшоодон көрөт. Өнүккөн социалисттик коомдо дүркүрөп өнүгүп жаткан илимий-техникалык революциянын шарттарында И-нын саны жана үлүшү тез темптер менен өсөт. Падышалык Россияда (1897-жылдагы маалыматтар) коомдун социалдык структурасында И. 0,4 процентти түзгөн. СССРде И. өлкөнүн калкынын 22,0 процентин түзөт. Азыркы этапта коммунисттик курулуштун бардык милдеттерин турмушка ашырууда И-нын активдүүлүгү жана ролу кыйшаюусуз жогорулап жатат. Л. И. Брежневдин КПССтин XXV съездиндеги Отчеттук докладында «Илимий-техникалык революцияны иш жүзүнө ашырууда, элдин маданиятын жогорулатууда, коммунисттик курулуштун бардык милдеттерин чечүүдө советтик интеллигенциянын ойноп жаткан ролу өтө маанилүү» экендиги белгиленген (КПССтин XXV съездинин материалдары, 76-бет).

Социалисттик коомдо күч эмгеги менен акыл эмгегинин мурдагы карама-каршылыгы жоюлган. Социализмдин учурунда И. менен күч эмгек адамдарынын ортосундагы олуттуу айырмалар сакталып калат, ал айырмалар И-нын өтө жогорку билим жана маданий-техникалык деңгээлинен, эмгекти коомдук бөлүштүрүүдөгү жана уюштуруудагы анын өзгөчөлүү ролунан ж. б. көрүнөт. Жумушчу табынын, колхоздук дыйкандардын жана И-нын жакындашуусу, күч эмгеги менен акыл эмгегинин, шаар менен кыштактын ортосундагы олуттуу айырмалардын бара-бара жоюлушу тапсыз коомду куруунун багыттарынын бири болуп саналат.

И. катмарынын ич арасында ар түрдүү социалдык-кесипчилик топтору бар. Маселен, билиминин жана квалификациясынын деңгээли боюнча бул катмар жогору жана атайын орто билимдери бар адистерге жана жогорку же атайын орто билимдери жок адамдарга бөлүнөт. Коммунисттик курулуштун жүрүшүндө бул айырма жоюла берет.

**КАБЫЛ АЛЫНГАН ЧЕЧИМДЕРДИН АТКАРЫЛЫШЫН КОНТРОЛДОО ЖАНА ТЕКШЕРҮҮ** — партиялык жетекчиликтин негизги принциптеринин бири, партиянын уюштуруу ишмердигинин составдык бөлүгү, иштин лениндик стилин бекемдөөнүн каражаты. А. к. ж. т. партиялык директивалар менен чечимдерди реализациялоону, КПССтин саясатын турмушка ашырууну камсыз кылууга чакырылган.

А. к. ж. т. маңызын, милдеттерин жана маанисин



577606
Центральная научная библиотека Академии наук

В. И. Ленин өзүнүн бир катар эмгектеринде негиздеген. Коммунисттик партиянын жетектөөчү жана багыттоочу ролунун өсүшүнө карай А. к. ж. т. мааниси күчөй берет.

КПССтин XXV съезди А. к. ж. т. уюштуруу ишинин маанилүү бөлүгү катары чоң көңүл бурган, ал алардын формаларын андан ары өнүктүрүүнүн зарылчылыгын белгилеген. Съезд партиялык директиваларды жана чечимдерди турмушка ашырууда А. к. ж. т. маанисин өзгөчө белгилеп, аларды уюштурууда жана жүргүзүүдө партиялык, советтик жана чарбалык жетекчилердин, партиялык органдардын жана партиялык баштапкы уюмдардын ролун көрсөттү, союздук республикалардын БК секретариатынын, партиянын обкомдорунун жана крайкомдорунун бул иштеги маанисин жогорулатууга чакырды.

А. к. ж. т. лениндик негизги талаптар: аларды уюштурууда жана өткөрүүдө илимий мамиле жасоо; А. к. ж. т. менен аткарууну уюштуруунун биримдиги; системалуулук мүнөзү; түздөн-түз ошол жерде, иштин факты жүзүндөгү натыйжалары боюнча А. к. ж. т. жетекчилердин А. к. ж. т-гө түздөн-түз катышуусу; партиялык массалардын А. к. ж. т-гө катышуусу; А. к. ж. т-нүн объективдүү мүнөзү; маалымдуулугу.

А. к. ж. т-нүн формалары: кабыл алынган чечимдердин орундалышы жөнүндө билдирүү жана кат жүзүндөгү отчеттуулук, жогору турган партиялык органдарга партиялык уюмдардын жана партиялык комитеттердин отчеттору, партиялык комитеттердин (КПСС райкомдорунун, шаардык комитеттеринин, обкомдорунун) конференциялардын аралыгындагы мезгилдеги партиялык баштапкы уюмдардагы информациялык докладдары, партиялык комитеттердин пленумдарындагы баштагы пленумда кабыл алынган токтомдорду орундаткандыгы жөнүндө билдирүүлөр, партиялык уюмдун секретарынын партиялык чогулушта мурда кабыл алынган чечимдердин орундалышы жөнүндө билдирүүсү, коммунисттердин партиялык чогулуштагы (партбюронун, парткомдун заседаниесиндеги) КПССтин Программасынын жана Уставынын талаптарын, партиялык тапшырмаларды ж. б. орундаткандыгы жөнүндө билдирүүлөрү (отчеттору).

КПСС БКнын алдындагы партиялык контролдоо Комитетинин жана жергиликтүү партиялык органдардын партиялык комиссияларынын иши партия менен өкмөттүн кабыл алынган чечимдерине А. к. ж. т-нү ишке ашырууга багытталган.

Чечимдерди К. а. ч. а. к. ж. т. натыйжалуулугун жогорулатуу жолдору: партиялык контролго лениндик талаптарды сактоо; А. к. ж. т. так системасын түзүү; партиялык кызматкерлер тарабынан аны уюштуруунун чеберчилигине ээ болуу; А. к. ж. т-нүн формалары менен методдорун дайыма өркүндөтүү.

**КАДРЛАР** (партиялык, советтик, чарбалык) — партиялык, советтик жана чарба органдарына даярдалган жана көрсөтүлгөн, КПСС тарабынан иштелип чыккан саясий багытты жана коммунисттик курулуштун конкреттүү программасын ишке ашырууга чакырылган кызматкерлердин негизги составы. Саясий багыт иштелип чыккандан кийин, негизги иш партиялык жана мамлекеттик жетекчиликте калат — бул кадрлар менен иш алып баруу, деп көрсөткөн В. И. Ленин.

Коммунисттик курулуштун азыркы этабында К-ды тандоо, жайгаштыруу жана тарбиялоо партиянын жетекчи ишинде негизги проблема болуп кала берет. КПССтин XXV съезди жетекчи К-ды тандоо, жайгаштыруу жана тарбиялоо маселесине чоң көңүл буруп, алардын сапаттык составын жакшыртуунун негизги багыттарын белгиледи. Съезд азыркы кездеги жетекчиге коюлуучу талаптарды келтирди. Ал өзүндө партиялуулукту терең компетенттүүлүк, тартиптүүлүктү демилге жана ишке чыгармачыл мамиле кылуу менен органикалык бириктирүүгө тийиш. Ар бир участокто жетекчи социалдык-саясий жана тарбия аспектилерин эске алууга, адамдарга, алардын муктаждыктарына жана керектөөлөрүнө сергек болууга, иште жана тиричиликте үлгү болууга милдеттүү.

Азыркы убакта союздук республикалардын БК, партиянын крайкомдорунун жана обкомдорунун секретарларынын 99,4 процентинин жогорку билимдери, алардын ичинен 70 процентке жакынынын инженер-техникалык жана айыл чарба билимдери бар. Практика жүзүндө алардын бардыгы партиялык баштапкы уюмдардын, партиянын шаарexternal комдорунун жана райкомдорунун секретарлары болуп иштешкен. Шаарexternal комдордун жана райкомдордун секретарларынын арасында 99,2 процентинин жогорку билимдери бар, алардын ичинде 60 проценти — өнөр жай жана айыл чарба адистери. Советтик, профсоюздук жана комсомолдук кадрлардын билим деңгээли да жогорулады. Маселен, областтык аткаруу комитеттеринин, крайлык аткаруу комитеттеринин, союздук жана автономиялуу республикалардын Министрлер Советтеринин председателдеринин 98,8 процентинин, райондук жана шаардык аткаруу комитеттеринин председателдеринин 96,5 процентинин жогорку билимдери бар. Өнөр жайында 5 миллиондон ашык жана курулушта 2 миллиондон ашык жогору жана атайын орто билимдери бар адистер иштейт. Айыл чарбасында 1,3 миллиондон ашык агрономдор, зоотехниктер жана башка адистер иштешет.

**КОЛХОЗ ДЫЙКАНДАРЫ** — өндүрүш каражаттарына социалисттик менчиктин колхоздук формасынын болгон шарттарында айыл чарба өндүрүшүндө иштеген социалисттик коомдун табы. К. д. социалисттик курулуштун жүрүшүндө айыл чарбасын коллективдештирүүнүн натыйжасында келип чыгат. К. д. эксплуататордук коомдогу дыйкандардан сапаттуу айырмаланат. Бул менчиктин коллективдүү формасына негизделген, помещиктик жана кулактардын эксплуатациясынан эркин, жумушчу та-

бы жана интеллигенция менен бирге жумушчу табынын жетекчи ролунун астында социализмди жана коммунизмди куруп жаткан социалисттик коомдун табы. Жумушчу табы менен колхоздук дыйкандардын союзу социалисттик коомдун саясий негизи болуп саналат.

Социалисттик коомдо колхоздук дыйкандардын социалдык турпаты олуттуу өзгөрдү, марксисттик-лениндик идеологиянын негизинде колхоздук дыйкандардын жумушчу табы жана интеллигенция менен социалдык-саясий биримдиги келип чыкты. Айыл чарбасынын өндүргүч күчтөрүнүн өсүшү, айыл чарба эмгегинин бара-бара индустриалдык эмгектин бир түрүнө айланышы, кыштактын маданиятынын жогорулашы жана айылдык тиричиликти кайра куруу — ушулардын бардыгы дыйкандардын социалдык турпатынын жана психологиясынын мындан ары өзгөрүшүнө алып барат. Өлкөнүн мындан ары индустриалдык өнүгүшү, айыл чарба өндүрүшүнүн материалдык-техникалык базасынын өсүшү, айыл чарбасында эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашы коомдун жалпы социалдык структурасында К. д-нын үлүшүнүн бир кыйла азайышына алып барат. Эгерде 1939-жылы колхозчулар өлкөнүн калкынын 47,2 процентин түзсө, 1976-жылы — 16,4 процентин түздү. Шаар менен кыштактын ортосундагы олуттуу айырмалар бара-бара жоюлуп, шаар менен кыштакта эмгек жана тиричилик шарттары жакындашып баратат. Дыйкандарда жумушчулар менен жалпы белгилер барган сайын көп пайда болуп, эмгеги түздөн-түз техника менен байланышкан колхозчулардын саны өсүүдө, алардын жалпы билим жана маданий-техникалык деңгээли жогорулоодо.

КПСС БКнын март (1965) пленумунан кийин өткөн мезгилдин ичинде колхозчулардын жана совхоздордун кызматкерлеринин реалдуу кирешелери бир кыйла көбөйдү, айыл чарба калкын социалдык камсыз кылуу жана маданий-тиричилик жактан тейлөө жакшырып, кыштак эмгекчилеринин жалпы билим жана кесипчилик даярдыгынын деңгээли жогорулады.

1976-жылы кабыл алынган КПСС БКнын «Чарба аралык кооперациянын жана агрардык өнөр жайлык интеграциянын негизинде адистештирүүнү жана айыл чарба өндүрүшүн топтоштурууну мындан ары өнүктүрүү жөнүндө» токтомун турмушка ашыруу айыл чарбасын жана колхоздук дыйкандарды мындан ары өнүктүрүүнүн жаңы этабы болуп саналат. Кеңири кооперативдештирүүнүн негизинде айыл чарба өндүрүшүн адистештирүү жана топтоштуруу, аны индустриалдык негизге которуу — бул социалисттик айыл чарбасын мындан ары өнүктүрүүнүн магистралдык багыты, өнүккөн социализмдин шарттарында лениндик кооперативдик пландын идеяларын практика жүзүндө турмушка ашыруунун жаңы этабы. Ал колхоздук өндүрүштү коомдоштуруунун деңгээлин жогорулатууга, өндүрүштүк мамилелерди өркүндөтүүгө, социалисттик менчиктин эки формасын жакындаштырууга, шаар менен кыштактын ортосундагы олуттуу айырмаларды бара-бара четтетүүгө жардам берет. КПСС БКнын токтомун ишке ашыруу саясий, экономикалык жана социалдык зор мааниге ээ болот. КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда айыл чарба өндүрүшүн экономиканын жогору өнүккөн секторуна айландырууга багытталган партиянын агрардык саясаты жаңы шарттарда лениндик кооперативдик планды улантуу жана чыгармачылык менен өнүктүрүү болуп санала тургандыгы белгиленген.



**КОММУНИЗМ** — кеңири мааниде алганда эки фазаны — социализм менен коммунизмди камтыган коммунисттик формацияны билдирет. Сөздүн тар маанисинде К.— коммунисттик коомдун жогорку фазасы, **өндүрүш каражаттарына жалпы элдик бирдиктүү менчиги болгон, коомдун бардык мүчөлөрүнүн социалдык толук теңдиги болгон тапсыз коомдук түзүлүш, анда адамдардын ар тараптан өнүгүшү менен бирге дайыма өнүгүүчү илимдин жана техниканын негизинде өндүргүч күчтөр да өсөт, коомдук байлыктын бардык булактары толук ташкындап көбөйөт жана «ар кимдин — жөндөмдүүлүгүнө жараша, ар кимге — керектөөсүнө жараша» деген улуу принцип ишке ашат. Коммунизм дегенибиз — бул эркин жана аң-сезимдүү эмгекчилердин жогору даражада уюшкан коому, анда коомдук өзүн-өзү башкаруу орнойт, коомдун жыргалчылыгы үчүн иштелген эмгек бардык адамдардын турмуштук биринчи керектөөсү, түшүнүлгөн зарылдыгы болуп калат, ар кимдин жөндөмдүүлүгү элге эң чоң пайда келтирүү менен колдонулат»** (КПССтин Программасы, 66-бет). Коммунизмдин маңызы жана негизги белгилери марксизмдин-ленинизмдин классиктеринин чыгармаларында, КПССтин Программасында, партиянын съезддеринин документтеринде, КПССтин теориялык жана саясий документтеринде ачылып көрсөтүлгөн.

Экономика жагынан К.— дайыма өнүгүп жаткан илимдин жана техниканын негизинде өндүргүч күчтөрүн ар тараптан өнүктүрүү; эң жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгү; өндүрүш каражаттарына бирдиктүү коомдук менчик; «ар кимдин жөндөмдүүлүгүнө жараша, ар кимге керектөөсүнө жараша» принцибин турмушка ашыруу.

Социалдык мамилелер жагынан К.— тапсыз коомдук түзүлүш; коомдун бардык мүчөлөрүнүн социалдык толук теңдиги; эмгекти коомдун жыргалчылыгына, ар бир адамдын турмуштук биринчи керектөөсүнө, анын сезип билинген зарылчылыгына айландыруу; эркин, аң-сезимдүү эмгекчилердин жогору уюшкан коому; эмгекчилердин коомдук өзүн-өзү башкаруусун жана өздүк тартибин бекитүү; чыныгы эркиндиктин салтанаты, улуттардын жакындашуусу жана келечекте бара-бара кошулушу.

Рухий чөйрөдө К.— адамдардын ар тараптан гармониялык өнүгүшү; эркин адамдын

жөндөмдүүлүктөрүнүн жана таланттарынын, мыкты нравалык сапаттарынын гүлдөшү жана толук ачылышы; ар бир адамдын жөндөмдүүлүгүн эл үчүн чоң пайда алуу менен колдонуу; билим берүүнүн, илимдин, маданияттын өнүгүшүнүн жогорку деңгээли. Ҡ. учурунда кол эмгеги менен акыл эмгегинин ортосундагы, шаар менен кыштактын ортосундагы олуттуу айырмалар жоюлат. Ҡ. учурунда инсандын чыныгы эркиндиги орнойт. Адамды ар тараптан жана гармониялуу өнүктүрүү коммунисттик коомдун жогорку максаты болуп саналат.

Социализмдин Ҡ-ге өсүп өтүүсү Коммунисттик партиянын башчылыгы астында эмгекчилер ишке ашырып жаткан аң-сезимдүү, план ченемдүү коммунисттик курулуштун жүрүшүндө ишке ашырылат. Ҡ-дин материалдык-техникалык базасын түзүү, коммунисттик коомдук мамилелерди жана турмуштун коммунисттик образын калыптандыруу, жаңы адамды тарбиялоо Ҡ-ди куруунун негизги милдеттери болуп саналат.

КПССтин XXV съездинин чечимдери, совет элинин Коммунисттик партиянын жетекчилиги алдындагы СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн 10-беш жылдык планын орундатуу үчүн күрөшү Ҡ. куруу жолундагы белгилүү этап болуп калды.

**КОММУНИСТТИК КУРУЛУШ** — совет эли Коммунисттик партиянын жетекчилиги алдында ишке ашырып жаткан социализмден коммунизмге аң-сезимдүү, план ченемдүү өтүүнүн жүрүшү. Социализмдин коммунизмге өсүп өтүшү коомдук өнүгүүнүн объективдүү законуна ылайык жасалат. Бирок бул стихиялык түрдө болбойт. Совет эли коммунизмди партия тарабынан белгиленген пландар боюнча куруп жатат. Коммунисттик курулуштун жүрүшүндө коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүнүн, коммунисттик коомдук мамилелерди жана турмуш образын калыптандыруунун, жаңы адамды тарбиялоонун тарыхый милдеттери чечилет. Ҡ. к. эл чарбасын жана коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүн пландуу, пропорциялуу өнүктүрүү; илимий-техникалык прогресстин негизинде коомдук өндүрүштү үзгүлтүксүз өнүктүрүү; жумушчу табынын жетекчи ролу алдындагы жумушчу табынын дыйкандар жана башка эмгекчи массалары менен союзу; марксисттик-лениндик партиянын жетекчи ролу; СССР элдеринин достугу ж. б. өңдөнгөн закон ченемдүүлүктөрдүн негизинде ишке ашырылат.

Ҡ. к. процессинин социализмди куруу менен салыштырганда бир катар өзгөчөлүктөрү бар. Алардын ичинен эң олуттуулары: социализмден коммунизмге бара-бара өсүп өтүү, социализм өз негизинде өнүгүп жатканда, социализмди өркүндөтүүнүн жана өнүктүрүүнүн негизинде коммунизмге өтүү; бардык таптардын жана социалдык топтордун кызматташтыгын жана социалдык биримдигин чыңдоо жолу менен коммунизмди куруу; илимди түздөн-түз өндүргүч күчкө айландыруу ж. б. Социалисттик мамлекет — Ҡ. к-тун негизги куралы. КПССтин XXV съездинде белгиленгендей, азыркы убакта өлкөнүн экономикасын 1990-жылга чейин өнүктүрүүнүн башталгыч көрсөтмөсүн иштеп чыгуу жүргүзүлүп жатат. 1976—1980-жылдарда өлкө баштагы он беш жылга караганда эки эсе чоң материалдык жана финансылык ресурстарга ээ болгондугун эсептөөлөр көрсөттү. «Ошону менен партиянын Программасы, кийинки съезддер тарабынан алдыга коюлган негизги — социалдык-экономикалык милдеттерди чечүү үчүн жаңы мүмкүндүктөр түзүлүүдө. Бул баарыдан мурда **советтик адамдардын турмуш жыргалчылыгын мындан ары да жогорулатууга, алардын эмгеги менен турмуш-тиричилик шарттарын жакшыртууга, саламаттык сактоонун, элге билим берүүнүн, маданияттын орчундуу прогрессине,— жаңы адамдын калыптанышына, адамдын керт башынын ар тараптан өнүгүшүнө, социалисттик турмуштун өрнөгүн өркүндөтүүгө жардам бере тургандардын бардыгына** тиешелүү болот (КПССтин XXV съездинин материалдары, 48—49-беттер).

Ҡ. к-тун азыркы этаптагы конкреттүү милдеттери КПССтин XXV съездинин документтеринде белгиленген. СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн 10-беш жылдык планын орундатуу коммунисттик коомду түзүүдөгү жаңы этап болот. «XXV съезд белгилеген партиянын саясий багыты,— деп айтылган «Улуу Октябрь социалисттик революциянын 60 жылдыгы жөнүндө» КПСС БКнын токтомунда,— СССРдин экономикалык жана коргонуу кубатынын тынымсыз бекемделишин жана өнүгүшүн, социалисттик коомдук мамилелердин өркүндөшүн, Мекенибиздин коммунизмге карай мындан ары кадам шилтешин камсыз кылат». Ҡ. к-тун милдеттерин ийгиликтүү орундатуу чарбалык, идеялык-саясий жана партиялык-уюштуруу иштеринин деңгээлин мындан ары жогорулатууну талап кылат. Ҡ. к-тун ийгиликтери социалисттик коомдун ар бир эмгекчисине, алардын туруктуулугуна жана иш билгилигине, уюшкандыгына жана дисциплинасына байланыштуу болот.

**КОММУНИСТТИК ЭМГЕК** — эмгектин коммунизм учурундагы материалдык-техникалык, социалдык-экономикалык, кесипчилик жана рухий бөтөнчөлүктөрү жана эмгекке коммунисттик мамиле кылуу. Ҡ. э. өндүрүштүн жогорку техникасына жана эмгекти илимий уюштурууга негизденет. Коммунизмдин учурунда эмгек өндүрүш каражаттарына бирдиктүү коммунисттик жалпы элдик менчикке негизденет; социализмдин учурундагыдай эле бул эксплуатациядан жана кулдануудан эркин эмгек болот. Ҡ. э. үчүн ишмердикти акыл-эстүү алмаштыруу, акыл жана күч аракеттерин максатка ылайыктуу айкалыштыруу эмгек адамга кубанычты жана рахаттанууну алып келет. Ҡ. э. жогору квалификациялуу болот, жалпы билимдик жана атайын жогорку даярдыкты талап кылат. Бул бардык эмгекчилердин интеллектуалдуу, ма-

данийи өнүгүшүнүн жогорку деңгээлине негизделген чыгармачыл, мазмундуу эмгек болот.

Коммунизм учурунда бардык адамдардын эмгеги турмуштук биринчи керектөө болуп калат. Бул жалпынын пайдасына, нормасыз, акы алам деп эсеп кылбаган, ыктыярдуу жалпы эмгек болот. К. э. адамдын аң-сезиминин жогорку деңгээли, моралдын нормалары жана коомдук пикир менен жөнгө салынат.

К. э. социалисттик эмгектен келип чыгат жана өтө жогорку негиздеги анын андан аркы өнүгүшү болуп саналат. Социалисттик коомдо массалык коммунисттик ишембиликтер, мелдештин ар түрдүү формалары, новаторлордун жана рационализаторлордун кыймылы ж. б. өндөгөн эмгекке коммунисттик мамиле кылуунун элементтери пайда болот. Эмгекчилердин эмгекке коммунисттик мамиле кылуунун рухунда тарбиялоодо партиянын XXV съезди тарабынан коюлган «социалисттик мелдешти, эмгекке коммунисттик мамиле үчүн кыймылды андан ары да ар тараптан өнүктүрүү» милдети чоң мааниге ээ болот.

**КООМДУК УЮМДАР** (СССРде) — СССРдин граждандарынын өз демилгелүүлүгүн, коомдук-саясий, эмгек активдүүлүгүн жогорулатууга көмөк көрсөтүүчү ыктыярдуу бирикмелер.

СССРде К. у-дын системасы — профсоюздар, ВЛКСМ, кооперация, илимий, илимий-техникалык жана илимий-агартуу коомдору, рационализаторлордун жана ойлоп чыгаруучулардын уюму, адабият, искусство кызматкерлеринин, журналисттердин союздары, маданий-агартуу, спорттук ж. б. ыктыярдуу бирикмелер.

Социалисттик коомдо К. у. социалдык максаты эмгекчилерди уюштурууда жана социализм менен коммунизмди курууга тартууда, аларды мамлекеттик иштерди, экономиканы, маданиятты башкарууга активдүү тартууда турат. К. у. КПССке эмгекчи массаларында саясий, уюштуруу жана идеологиялык иши ишке ашырууга, коммунизмди куруу милдеттерин чечүүгө мүмкүндүк берет.

СССРде социалисттик жана коммунисттик курулуштун жүрүшүндө К. у. ролу жана мааниси кыйшаюусуз жогорулайт. Бул биринчи кезекте милдеттердин масштабынын жана татаалдыгынын өсүшү менен байланышкан, мунун өзү социалисттик коомдун саясий системасында бардык К. у-дын активдүүлүгүн күчөтүүнү жана жоопкерчилигин жогорулатууну талап кылат.

Ар бир К. у. өзүнүн уставы, ишинин белгилүү масштабы, өзүнүн өзгөчө милдеттери, милдеттенмелери жана полномочиелери бар, аларды уюмдашуу жагынан түзүлүшүнүн бөтөнчөлүктөрү, иш формалары айырмаланып турат.

КПССтин XXV съезди К. у-га чоң көңүл бурду. КПСС БКнын Отчеттук докладында коомдук уюмдардын ишин активдештирүү коммунисттик курулуш боюнча биздин бүткүл ишибиздин маанилүү багыттарынын бири болуп санала тургандыгы белгиленген. Өткөн мезгилде партия коомдук уюмдардын активдүүлүгүн ар тараптан өнүктүрүүгө жардам берүүгө умтулуп, алардын демилгесин ар тараптан стимулдаштырып келди.



КПССтин XXV съездинин чечимдери коммунизмди куруу милдеттерин турмушка ашырууда. К. у-дын ролун жогорулатуу, алардын активдүүлүгүн жана чыгармачылык демилгесин өнүктүрүү үчүн жаңы мүмкүндүктөрдү түздү.

**КООМДУН САЯСИЙ УЮШТУРУЛУШУ** — мамлекеттик, саясий жана коомдук уюмдардын системасы, алар аркылуу үстөмдүк кылуучу таптын саясий бийлиги ишке ашырылат. К. с. у. коомдун экономикалык базисин чагылдырат жана бул базисти чыңдоого, үстөмдүк кылуучу таптын таламдарын коргоого чакырылган. СССРдин К. с. у. төмөндөгүлөр кирет: социалисттик мамлекет — советтер, алардын ишине бүткүл совет эли түздөн-түз жана өкүлдүгү менен катышат; саясий партия — КПСС ал 16 миллион коммунисттерден турат; профсоюздар, 113,5 млн. жумушчуларды, кызматчыларды жана колхозчуларды кучагына алат; комсомол, анын катарында 36 млн. 280 миң уландар менен кыздар турат, ж. б. массалык коомдук уюмдар. Социализмдин учурунда саясий уюмдун системасында социалисттик мамлекет негизги курал, КПСС жетекчи жана уюштуруучу күч болуп саналат. Социалисттик коомдун саясий уюштурулушу коммунизмди куруунун экономикалык, социалдык-саясий жана идеологиялык милдеттерин орундатууну камсыз кылууга чакырылган. Өнүккөн социалисттик коомду куруу менен СССРдин К. с. у-нда олуттуу өзгөрүүлөр болуп өтөт, алардын ичинен: пролетариат диктатурасынын мамлекетинин жалпы элдик мамлекетке айланышы, КПССтин, жумушчу табынын партиясынын бүткүл совет элинин авангардына айланышы, социалисттик демократиянын андан ары тереңдеши жана кеңейиши өтө маанилүүлөрү болуп саналат.

Л. И. Брежневдин КПССтин XXV съездиндеги докладында мындайча көрсөтүлгөн:

«Совет коомунун саясий системасын ар тараптан өнүктүрүү коммунисттик курулуш боюнча биздин бүткүл ишибиздин маанилүү багыты болуп саналат. Сөз социалисттик демократияны мындан ары өнүктүрүү жөнүндө, мамлекеттик жана коомдук турмуштун укуктук негиздерин чыңдоо жөнүндө, коомдук уюмдардын ишин активдештирүү жөнүндө болуп жатат».

КПСС коомдун саясий системасын өркүндөтүү боюнча чоң иштерди жүргүзүүдө. Эмгекчилердин коомдун бардык иштерин башкарууга барган сайын кеңири катышуусун кыйшаюусуз камсыз кылууга, биздин мамлекеттин демократиялык негиздерин мындан ары өнүктүрүүгө, адамды ар тараптан гүлдөтүү үчүн шарттарды түзүүгө өзгөчө көңүл бөлүнүүдө. Социалисттик коомдун саясий уюштурулушу үчүн, КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда белгиленгендей, анын саясий, экономикалык, социалдык жана маданий турмушу-

нун бардык маанилүү маселелери жумушчулардын, дыйкандардын, интеллигенциянын түздөн-түз жана активдүү катышуусу алдында талкууланып жана чечилип жаткандыгы мүнөздүү. Коомдун саясий системасын өркүндөтүү менен партия адамды, граждандардын укуктарын ар тараптан өнүктүрүү, коомдук дисциплинаны чыңдоо, бардык граждандар тарабынан коомдун алдындагы өзүлөрүнүн милдеттерин сактоо жөнүндө камкордук көрөт.

**КПСС БКнын АЛДЫНДАГЫ ПАРТИЯЛЫК КОНТРОЛДОО КОМИТЕТИ.** Партиянын XXII съезди тарабынан бекитилген КПССтин Уставына ылайык Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитети БКнын алдында Партиялык контролдоо комитетин уюштурат. П. к. к. КПССтин мүчөлөрү жана мүчөлүккө кандидаттары тарабынан партиялык тартипти сактоону текшерет, партиянын Программасын жана Уставын, партиялык жана мамлекеттик тартипти бузгандыгы үчүн күнөөлүү коммунисттерди жана да партиялык моралды бузуучуларды жоопкерчиликке тартат; союздук республикалардын компартияларынын Борбордук Комитеттеринин, партиядан чыгаруу жана партиялык жазаларды берүү жөнүндө чечимдерине апелляцияларды карайт.

Партиянын XXV съезди КПСС БК алдындагы П. к. к. ишин, жергиликтүү партиялык комитеттердин партиялык комиссияларынын контролду жана кабыл алынган чечимдердин аткарылышын текшерүү боюнча олуттуу жумуштарын жогору баалады. «...Алар партиялык жана мамлекеттик тартиптин катуу сакталышы үчүн жүргүзүлгөн күрөш менен байланышкан бир катар олуттуу, жалпы мааниси бар маселелерди көтөрүштү»,— деп айтылган партиянын XXV съездине КПСС БКнын Отчеттук докладында (КПССтин XXV съездинин материалдары, 84-бет).

**КПСС БКнын ПЛЕНУМУ** — Партиянын Уставы боюнча, партиянын Борбордук Комитетинин толук составынын чогулушу, съезддердин аралыгындагы мезгилде партиянын саясий жетекчилигинин органы. КПСС БКнын пленардык заседаниелери кеминде алты айда бир жолу өткөрүлүп турат. БКнын мүчөлүгүнө кандидаттар БКнын пленумдарынын заседаниелерине кеңеш берүү добушу менен катышышат. БКнын пленардык заседаниелери, эреже катарында, Борбордук текшерүү комиссиясынын мүчөлөрү катышат. БКнын пленумдарын регулярдуу, партиянын Уставына ылайык өткөрүү жетекчиликтин коллективдүүлүгүнүн лениндик принцибинин конкреттүү көрүнүшү болуп саналат. БКнын пленумдарында партиянын, мамлекеттин ишинин актуалдуу маселелери талкууланып, коммунисттик курулуштун милдеттерин турмушка ашыруунун конкреттүү формалары методдору белгиленет.

Партиянын XXIV жана XXV съезддеринин аралыгында Борбордук Комитеттин 11 пленуму болуп өткөн. Аларда партиянын жана бүткүл өлкөнүн турмушунун маанилүү маселелери чечилген. КПССтин



XXV съездинде белгиленгендей, БКнын 1972, 1973, 1974, 1975-жылдардагы декабрь пленумдары өзгөчө мааниге ээ болот. Алар бүткүл партияны актуалдуу экономикалык проблемалардын конкреттүү анализи менен куралдандырып, күч-аракеттерди максималдуу топтоштурууну талап кылган милдеттерди биринчи планга койду. Бир катар пленумдарда тышкы саясий маселелер каралды. КПСС БКнын пленумдарынын токтомдору партиялык уюмдарга так багытты, ачык директиваларды берет, мунун өзү алардын ишин жакшыртууга жардам берүүдө. КПСС БКнын октябрь (1976) пленуму мунун ачык далили болуп саналат. Пленум эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн Мамлекеттик беш жылдык планынын, 1977-жылдагы эл чарбасын өнүктүрүүнүн Мамлекеттик планынын жана СССРдин Мамлекеттик бюджетинин долбоорлорун карап чыкты жана жактырды. КПСС БКнын октябрь (1976) пленумунун чечимдеринде, бул пленумдагы Л. И. Брежневдин сөзүндө партиянын XXV съездинин чечимдерин турмушка ашыруу боюнча, СССРдин эл чарбасын 10-беш жылдыктын экинчи жылында өнүктүрүүнүн планын ийгиликтүү орундатуу боюнча конкреттүү милдеттер коюлган.

**КПСС БКнын САЯСИЙ БАГЫТЫ ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК ИШИ** — КПСС БКнын съезддердин чечимдеринен келип чыккан ички жана тышкы саясий ишинин багыты, партиянын кезектеги съезддеринин аралыгындагы мезгилде бул саясатты ишке ашыруу боюнча анын практикалык иши. Саясий багытты иштеп чыккан убакта КПСС БК марксисттик-лениндик теорияны жетекчиликке алат жана КПССтин Программасына жана партиянын съезддеринин чечимдерине негизденет. КПСС БКнын саясий багыты БКнын пленумдарынын токтомдорунда, КПСС БКнын токтомдорунда жана партиянын башка документтеринде көрсөтүлөт. КПСС БК иштелип чыккан саясий багытты турмушка ашыруу боюнча практикалык иштерди уюштурат. КПССтин XXV съезди жолдош Л. И. Брежневдин «КПСС Борбордук Комитетинин отчету жана ички жана тышкы саясат жагынан партиянын кезектеги милдеттери» деген доклады боюнча резолюцияда партиянын Борбордук Комитетинин саясий багытын жана практикалык иштерин бүтүндөй жана толук бойдон жактырды. Съезд КПСС Борбордук Комитетинин Отчеттук докладын жактырып, анда коюлган жоболорду жана милдеттерди өз ишинде жетекчиликке алууну бардык партиялык уюмдарга сунуш кылды. КПСС БКнын Отчеттук докладында азыркы этаптагы партиянын экономикалык жана социалдык саясатынын түпкү жана актуалдуу проблемалары иштелип чыгылган жана келтирилген, КПССтин келечектеги ички жана тышкы саясатынын негизги багыттары белгиленген. «Съезддин көрсөтмөлөрү,— деп айтылган «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» КПСС БКнын токто-

мунда,— онунчу беш жылдыктын, натыйжалуулуктун жана сапаттын, эбегейсиз зор масштабдардын жана зор мүмкүндүктөрдүн беш жылдыгынын планында ачык-айкын чагылдырылды». Алар партия менен элдин күндөлүк иштеринде ишке ашырылып жатат.

Совет эли партиянын жана лениндик БКнын жетекчилиги алдында КПССтин XXV съезди тарабынан иштелип чыккан КПССтин ички жана тышкы саясатын ийгиликтүү турмушка ашыруу үчүн күрөшүүдө.

**КПСС БКнын САЯСИЙ БЮРОСУ** — КПСС БКнын жетекчи органы, БКнын пленумдарынын аралыгында партиянын ишине жетекчилик кылуу үчүн БКнын пленумунда шайланат. КПСС БКнын Саясий бюросунун составына партиялык жана мамлекеттик жогорку органдардын жетекчилеринен өтө көрүнүктүү жана тажрыйбалуу саясий ишмерлер шайланат.

Партиянын XXV съездинде белгиленгендей, КПСС БКнын Саясий бюросу отчеттук мезгилдин ичинде өтө чымыркап, активдүү иштеди. XXIV съездден кийинки мезгилдин ичинде ал 215 заседаниелерди өткөрдү. Л. И. Брежнев партиянын XXV съездинде Саясий бюро өнөр жай, айыл чарба жана капиталдык курулуш маселелерин мамлекеттик жана чарбалык аппараттын бардык звенолорунда башкарууну өркүндөтүү маселелерин регулярдуу жүргүзүп турду деп айткан. XXIV съезд тарабынан көрсөтүлгөн элдин турмуш деңгээлин жогорулатуу боюнча белгиленген чараларды орундатууга өзгөчө көңүл бурулду. Партиялык ички жана идеологиялык иштерди түп тамырынан жакшыртуу проблемалары системалуу талкууланды. Өлкөнүн тышкы саясий ишинин жана коргонуусун чыңдоонун маселелери КПСС БКнын Саясий бюросунун ишинде чоң орун ээледи.

Азыркы убакта КПСС БКнын Саясий бюросу төмөндөгү составда шайланган: Саясий бюронун мүчөлөрү Л. И. Брежнев, Ю. В. Андропов, В. В. Гришин, А. А. Громыко, А. П. Кириленко, А. Н. Косыгин, Ф. Д. Кулаков, Д. А. Кунаев, К. Т. Мазуров, А. Я. Пельше, Г. В. Романов, М. А. Суслов, Д. Ф. Устинов, В. В. Щербицкий жолдоштор.

Саясий бюронун мүчөлүгүнө кандидаттар Г. А. Алиев, П. Н. Демичев, П. М. Машеров, Б. Н. Пономарев, Ш. Р. Рашидов, М. С. Соломенцев жолдоштор.

**КПСС БКнын СЕКРЕТАРИАТЫ** — партиянын Борбордук Комитетинин жетекчи органы, учурдагы ишке, негизинен кадрларды тандоо жана кабыл алынган чечимдердин аткарылышын текшерүүнү уюштуруу боюнча ишке жетекчилик кылуу үчүн БКнын пленумунда шайланат. БКнын составындагы жетекчи орган катары Секретариат 1920-жылы партиянын IX съездинен кийин түзүлгөн.

БКнын секретариаты өзүнүн алдындагы КПСС БКнын аппаратынын жардамы менен бүткүл оперативдүү ишти жүзөгө ашырат. Л. И. Брежневдин партиянын XXV съездиндеги «КПСС Борбордук Комитетинин Отчету жана ички жана тышкы саясат жагынан партиянын кезектеги милдеттери» деген докладында КПСС БКнын Секретариаты партиянын XXI съездинен кийин өткөн мезгилдин ичинде 205 заседаниелерди өткөргөндүгү, партиялык уюмдардын ишин, кадрларды тандоо жана жайгаштыруу маселелерин дайыма жүргүзгөндүгү көрсөтүлгөн. Ал тарабынан кабыл алынган чечимдердин аткарылышын контролдоого жана текшерүүгө мурдагыдан бир топ көп көңүл бурулду.

Азыркы убактагы КПСС БКнын Секретариатынын составы: КПСС БКнын Генеральный секретары Л. И. Брежнев, КПСС БКнын секретарлары: М. А. Суслов, А. П. Кириленко, Ф. Д. Кулаков, Б. Н. Пономарев, И. В. Капитонов, В. И. Долгих, М. В. Зимянин, К. У. Черненко, Я. П. Рябов, К. В. Русаков.

**КПССтин БОРБОРДУК ТЕКШЕРҮҮ КОМИССИЯСЫ** — Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын шайланма органы, партиянын съездинде шайланат жана ага отчет берет.

Партиянын Уставына ылайык КПССтин Борбордук текшерүү комиссиясы партиянын борбордук органдарында иштердин өтүшүнүн тездигин жана тууралыгын, КПСС Борбордук Комитетинин кассасын жана ишканаларын текшерет.

Партиянын XXV съездинде составы 85 адамдан турган Борбордук текшерүү комиссиясы шайланган.

**КПССтин ЖЫЙЫРМА БЕШИНЧИ СЪЕЗДИ** — 1976-жылдын 24-февралынан 5-мартына чейин Москвада иштеген. Съездге партиянын 15 058 017 мүчөлөрүнүн жана 636 170 мүчөлүккө кандидаттардын өкүлдөрү болуп эсептелген 4998 делегат шайланган болучу. Съездин ишинин күн тартибинде төмөндөгү маселелер турган:

1. КПСС Борбордук Комитетинин Отчету жана ички жана тышкы саясат жагынан партиянын кезектеги милдеттери — докладчы КПСС БКнын Генеральный секретары Л. И. Брежнев.

2. КПСС Борбордук текшерүү комиссиясынын Отчету — докладчы текшерүү комиссиясынын председатели Г. Ф. Сизов.

3. СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттары — докладчы СССР Министрлер Советинин Председатели А. Н. Косыгин.

4. Партиянын борбордук органдарын шайлоо.

Съезд партиянын Борбордук Комитетинин саясий багытын, практикалык иштерин бүтүндөй жана толук бойдон жактырды, КПСС БКнын Отчеттук докладын жактырып, өзүнүн ишинде Л. И. Брежнев тарабынан КПСС БКнын Отчеттук докладында коюлган жоболорду жана милдеттерди жетекчиликке алууну бардык партиялык уюмдарга сунуш кылды. Съезд «СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарын» бир добуштан бекитти.

Съездде «Империализмдин жана реакциянын туткундары-

на эркиндик!» билдирүүсү кабыл алынган болучу.

Съезд партиянын борбордук органдарын — КПСС Борбордук Комитетинин 287 мүчөсүн жана 139 кандидаттарды жана КПСС Борбордук текшерүү комиссиясын — 185 адамды шайлады. 1976-жылы 5-мартта болуп өткөн КПСС БКнын Пленуму Борбордук Комитеттин Саясий бюросун жана Секретариатын, КПСС БКнын Генеральный секретары кылып Л. И. Брежневди шайлады.

КПССтин XXV съезди партия менен совет элинин турмушундагы көрүнүктүү окуя болуп саналат. Ал 9-беш жылдыктын жылдарындагы партия менен биздин өлкөнүн эмгекчилеринин иштеринин жыйынтыктарын чыгарды. Съезд партия менен элди 10-беш жылдыкка илимий негизделген жана конкреттүү иш программасы менен куралдандырып, КПССтин ички жана тышкы саясатын белгиледи. КПСС БКнын Отчеттук доклады теориялык жана саясий документ болду, анда марксисттик-лениндик теория, партиянын азыркы этаптагы илимий негизделген стратегиясы чыгармачылык менен өнүктүрүлгөн.

КПССтин XXV съезди эл аралык чоң мааниге ээ. Ага дүйнөнүн 96 өлкөсүнөн коммунисттик жана жумушчу партиялардын, улуттук-демократиялык партиялардын жана кыймылдардын 103 делегациялары катышкан. Анын чечимдери менен документтери социалисттик ынтымакташтыктын өнүгүшүнө, жумушчу жана улуттук-боштондук **кыймылынын** өсүшүнө, эл аралык коммунисттик кыймылынын чыңдалышына, бүткүл дүйнөдө тынчтык үчүн күрөштүн күчөшүнө зор таасир көрсөтөт.

Совет эли КПССтин жетекчилиги алдында партиянын XXV съездинин чечимдерин турмушка ашыруу үчүн кажыбастан күрөшүүдө. КПСС БКнын октябрь (1976) пленумундагы Л. И. Брежневдин сөзүндө совет элинин 10-беш жылдыктын биринчи жылынын планын орундатуу боюнча кажыбас эмгегинин жыйынтыктары чыгарылып, КПССтин XXV съездинин тарыхый чечимдерин турмушка ашыруу боюнча конкреттүү чаралар белгиленген.

**КПССтин КАДР САЯСАТЫ** — В. И. Ленин тарабынан илимий негизделген жана КПСС тарабынан өнүктүрүлгөн партиянын ишинин конкреттүү тарыхый шарттарында жетекчи кадрларды тандоонун, жайгаштыруунун жана тарбиялоонун принциптерин, формаларын жана методдорун ишке ашыруу. КПССтин XXV съезди К. с. кубаттуу рычаг болуп эсептеле тургандыгын, ал аркылуу партия коомдук өнүгүүнүн жүрүшүнө таасир кыла тургандыгын белгиледи.

Коомдук өнүгүүнүн керектөөлөрүнө, партиянын жетекчи ролунун өсүп жаткандыгына негизденип, КПССтин XXV съезди азыркы этаптагы К. с. мазмунун белгиледи: кадрларды саясий жана иштиктүү сапаты боюнча тандоонун зарылдыгы жөнүндө лениндик көрсөтмөлөрдү катуу колдонуу; практикалык иште өзүн жакшы, жөндөмдүү уюштуруучулар катарында көрсөтүшкөн жаш, перспективалуу кызматкерлерди көтөрүү багытын бекем улантуу; эл менен иштөөнүн тажрыйбасына ээ болгон, эл чарбасынын саясий жактан жетилген, активдүү адистерин тандоо жана партиялык ишке көтөрүү; азыркы кездеги жетекчиге коюлуучу талаптарга ылайык келген адамдарды тандоо жана көтөрүү; кадрларга кунт коюп, камкор мамиле кылууну аларга коюлуучу принциптүү талаптар менен айкалыштыруу; адистер менен ишти жакшыртып, алардын саясий өсүшү жөнүндө дайыма камкордук көрүү; кадрларды даярдоону жана кайра даярдоону уюштурууга партиянын талабынын улам өсүп баратышын эске алуу менен мамиле кылуу керек.

Биздин өлкөдө жетекчи кадрларды даярдоонун жана кайра даярдоонун толук жана бүтүндөй бир системасы түзүлгөн. КПССтин XXIV жана XXV съезддеринин аралыгындагы мезгилде гана партиялык окуу жайларында 40 миң адам даярдалды, 230 миңден ашык партиялык жана советтик кадрлар курстарда кайра даярдоодон өтүштү. Чарба кадрлары, адистер ар түрдүү институттарда, факультеттерде, Эл чарбасын башкаруу институтунда жана өркүндөтүү курстарында өзүлөрүнүн квалификацияларын жогорулатышат, аларда жыл сайын миллиондон ашык адам окуйт.

Партиянын XXV съездинин чечимдерин турмушка ашыруу боюнча, КПСС Борбордук Комитети жетекчи кадрлар менен ишти мындан ары жакшыртууга багытталган бир катар конкреттүү чараларды кабыл алды. КПСС БКнын «Жетекчи партиялык жана советтик кадрлардын идеялык-теориялык деңгээлин жана иштиктүү квалификациясын жогорулатуу системасын мындан ары өркүндөтүү жөнүндө» токтому (1976) өзгөчө мааниге ээ болот.

**КПССтин САПАТТЫК СОСТАВЫ** — таптык таандыгы, социалдык абалы, билим деңгээли, кесипчилик даярдыгы, активдүү турмуштук позициясы боюнча партиялык катарлардын мүнөздөмөсү. Партиянын максаттарына жана милдеттерине ылайык жөнгө салынат.

КПССтин составын түзүүнүн негизинде партияга мүчөлүктүн лениндик принциптери жана нормалары жатат. Мүчөлүктүн шарттары КПССтин Уставында келтирилген.

Өнүккөн социализмдин кырдаалында КПССтин мүчөсүнүн наамы жана мааниси жогорулайт. К. с. с-н андан ары жакшыртуу, коомдо анын өсүп жаткан жетекчи ролун камсыз кылуу, алдыда турган милдеттерди чечүү үчүн чоң мааниге ээ болот.

Партиянын XXV съездине КПСС БКнын Отчеттук докладында партиянын өсүшүнө, анын сапаттык составын жакшыртуу боюнча жүргүзгөн ишине терең мүнөздөмө берилген. XXV съездге карата КПССте 15 694 187 коммунист болгон. XXIV жана XXV съезддердин аралыгында партиянын мүчөлүгүнө кандидаттыкка 2 593 824 жана партиянын мүчөлүгүнө 2 473 576 адам кабыл алынган. Өлкөнүн калкынын арасында партиялык катмар 9,3 процентти түзгөн.

КПССтин XXV съезди «өнүккөн социализмдин шарттарында, Коммунисттик партия бүткүл элдин партиясы болуп калган кезде, ал өзүнүн таптык мүнөзүн дегеле жоготпойт, КПСС өзүнүн жаратылышы боюнча жумушчу табынын партиясы болгон жана болуп кала берет», деп белгиленген. (КПССтин XXV съездинин материалдары, 76-бет). Беш жылдын ичинде (1971—1975) КПССте социалдык абал боюнча жумушчулардын саны 750 миңге көбөйүп, 1976-жылдын 1-январына карата 6 509 312 (41,6 процентти) түзгөн. Партияга кирүүчүлөрдүн арасында жумушчулар 58 процентти түзөт, деп белгиленген съездде.

XXIV жана XXV съезддердин аралыгындагы мезгилде партияга кирүүчүлөрдүн арасында колхозчулар 11 проценттен ашыкты түзгөн, 1976-жылдын 1-январына карата абсолюттук маалыматтар менен алганда КПССтеги колхозчулардын саны 2 169 813 адамды (13,9 процентти) түзгөн. Колхоздук дыйкандардын арасындагы партиялык катмар өсүүсүн улантууда. Партиянын мүчөлүгүнө кандидаттыкка кабыл алынгандардын арасында болжол менен 9 проценти — мастерлер, сменалык инженерлер, участоктордун начальниктери, агрономдор, зоотехниктер жана башка өндүрүшкө түздөн-түз катышуучулар. Бүтүндөй алганда КПССке кабыл алынуучулардын 80 процентке жакыны — материалдык өндүрүштүн чөйрөсүндө иштеген адамдар.

Партия коммунисттик курулуштагы интеллигенциянын маанилүү ролун эске алат. Азыр эл чарбасынын адистеринин, врачтардын, мугалимдердин, илим, адабият жана искусство ишмерлеринин арасындагы ар бир төртүнчү-бешинчиси — коммунист.

КПСС жаштардын эсебинен барган сайын активдүү толукталып жатат. Эгерде 1966—1970-жылдарда партиянын кандидаттыгына кабыл алынгандардын арасында комсомолецтер 45,4 процент болсо, 1975-жылы — 70,2 процент болгон.

КПССтин катарына кирүүчү аялдардын саны да көбөйүүдө. Партиянын XXIV жана XXV съезддеринин аралыгындагы мезгилде 764 050 аялдар, же кандидаттардын жалпы санынын 29,5 проценти кабыл алынган болучу.

КПСС мындан ары да өсө берет. Бирок ал өзүнүн сан жагынан өсүшүн тездетпейт. КПССтин катарларынын өсүшү партиянын программалык көрсөтмөлөрүнө ылайык келүүгө, советтик коомдун социалдык структурасындагы өзгөрүүлөрдү эске алууга тийиш.

КПССтин XXV съезди партия партиялык баштапкы уюмдун, бүткүл коллективдин кадырлоосуна жетишип, өзүн өндүрүштө жана коомдук турмушта активдүү көрсөткөндөрдүн эсебинен толукталгандыгын көрсөткөн. Съезд кандидаттык стаждын маанисин жогорулатуу зарыл деп тапты. Буга байланыштуу КПСС БКнын «Кыргызстандын партиялык уюмдарынын партияга кабыл алуу жана КПССтин мүчөлүгүнө кандидаттарды тарбиялоо боюнча иштери жөнүндө» токтому чоң мааниге ээ болот.



**КПССтин САЯСАТЫ** (Ички) — партиянын ишинин биздин өлкөдө коммунисттик коомду курууга багыты. КПССтин Программасында, партиянын съезддеринин чечимдеринде, КПССтин теориялык жана саясий документтеринде белгиленген коммунисттик курулуштун мезгилиндеги КПССтин И. с. коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүдө, коммунисттик коомдук мамилелерди жана турмуш мүнөзүн калыптандырууда, жаңы адамды тарбиялоодо турат. Азыркы этапта И. с. конкреттүү милдеттери партиянын жана совет элин алдыдагы мезгилге саясий программа менен куралдандырган КПССтин XXV съездинин чечимдеринде белгиленген.

КПССтин ички саясаты партиянын өлкөнүн ич арасындагы ишинин: экономикалык, социалдык-саясий, идеологиялык, партиялык ички иштеринин бардык чөйрөлөрүн кучагына алат. Экономикалык жактан партиянын саясаты, партиянын саясатынын жогорку максатына ылайык, өлкөнүн экономикалык күч-кубатын андан ары өстүрүүгө, коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жана жумуштун сапатын жогорулатууга, илимий-техникалык прогрессти тездетүүгө, айыл чарбасын мындан ары өнүктүрүүгө, эл керектөөчү товарларды өндүрүүнү көбөйтүүгө, сооданы жана калкты тиричилик жактан тейлөөнү жакшыртууга, экономиканы башкаруу деңгээлин мындан ары жогорулатууга, тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүгө, онунчу беш жылдыктын милдеттерин орундатууга багытталган, социалисттик мелдешти кеңири жайылтууга багытталган, И. с. социалдык-саясий жактан элдин өсүп жаткан материалдык жана рухий керектөөлөрүн өтө толук канааттандырууну камсыз кылууга, социалисттик турмуш мүнөзүн ырааттуу өнүктүрүүгө, социалдык структураны өнүктүрүүгө, элдин социалдык жана моралдык-саясий биримдигин чыңдоого, советтик коомдун саясий системасын өркүндөтүүгө, советтик элдердин достугун жана бир туугандыгын чыңдоого, коомдук турмушту интернационалдаштырууга ж. б. багытталган. Идеологиялык жактан — марксисттик-ленининдик теорияны мындан ары өнүктүрүү, идеологиялык иштин натыйжалуулугун жогорулатуу, идеялык-тарбия ишине комплекстүү мамиле кылуу, элге билим берүүнү, маданиятты өнүктүрүү ж. б. ички партиялык жактан — коомдук өнүгүүнүн бардык чөйрөлөрүнө партиялык жетекчиликтин деңгээлин мындан ары жогорулатуу, иштин лениндик стилине андан ары ээ болуу, кадр саясатын өркүндөтүү ж. б. «XXV съезд белгилеген партиянын саясий багыты,— деп белгиленген КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда,— СССРдин экономикалык жана коргонуу кубатынын тынымсыз бекемделишин жана өнүгүшүн, социалисттик коомдук мамилелердин өркүндөшүн, Родинабыздын комму-

низмге карай мындан ары кадам шилтешин камсыз кылат».

**КПССтин СОЦИАЛДЫК САЯСАТЫ** — социалисттик коомдун коммунисттик коомго өсүп өтүшүнө багытталган социалдык жактагы партиянын саясаты. Партиянын социалдык саясатынын маңызы жана багыты КПССтин Программасында, партиянын съезддеринин, КПСС БКнын пленумдарынын чечимдеринде, партиянын теориялык жана саясий документтеринде келтирилген. Азыркы этаптагы КПССтин социалдык саясатынын негизги милдеттери КПССтин XXV съездинин чечимдеринде жана документтеринде белгиленген. Л. И. Брежнев СССРдин профсоюздарынын XVI съездинде чыгып сүйлөп, «биздин социалдык саясатыбыздын өтө зор тармагы совет адамдарынын тиричилигин жакшыртууга, алардын ден соолугу жана дем алуусу жөнүндө камкордук менен байланышкандыгын» белгилеген. КПССтин XXV съезди белгилеген социалдык өнүктүрүүнүн жана элдин турмуш деңгээлин жогорулатуунун программасы элдин өсүп жаткан материалдык жана рухий керектөөлөрүн өтө толук канааттандырууну камсыз кылууну, турмуштун социалисттик образын ырааттуу өнүктүрүүнү, советтик коомдун социалдык саясатын андан ары өркүндөтүүнү карайт. Бул максаттарды турмушка ашыруу үчүн:

эмгектин социалдык-экономикалык жана өндүрүштүк шарттарын жакшыртып, анын чыгармачылык мүнөзүн күчөтүү, кол эмгегин, квалификациясы аз жана оор күч эмгегин бардык чаралар менен кыскартуу;

калктын доходдорун көбөйтүү, керектөөнүн деңгээлин жогорулатып, структурасын өркүндөтүү, эл керектөөчү товарларга болгон калктын суроосун алда канча толук канааттандыруу;

элдин турмушун андан ары жакшыртуунун эң маанилүү багыттарынын бири катарында турак жай курулушун зор масштабдарда жүргүзүү жана турак жайлардын сапатын жакшыртуу;

совет адамдарынын үй эмгегин жеңилдетүүгө жана эс алышын жакшыртууга байланыштуу тейлөө кызматтарынын түрлөрүн кеңейтүү жана көлөмүн көбөйтүү;

эмгекчилердин билим жана маданий-техникалык деңгээлин өстүрүү, медициналык тейлөөнү жакшыртуу, айлана-чөйрөнү коргоо ишин күчөтүү, эне менен баланын ден соолугун коргоо, балдарды тарбиялоого жана адамдын өмүрү менен иш-аракетин узартууга алда канча ыңгайлуу шарттарды түзүү каралган.

**КПССтин СЪЕЗДИ** — партиянын эркин, анын максаттарын жана милдеттерин көрсөтүүчү партиянын жогорку органы.

Съезддер демократиялык кеңири негизде, маселелерди талкуулоону толук маалымдап өткөрүлөт, партиянын бардык уюмдарынан толук бойдон делегаттарды шайлоо жабык (жашыруун) добуш берүү менен өткөрүлөт. Ар бир коммунист партиянын съездине түздөн-түз кайрылууга укугу жана мүмкүндүгү бар. Съезддин чечимдери бардык партиялык уюмдар, партиянын мүчөлөрү жана мүчөлүккө кандидаттары тарабынан аткарууга милдеттүү. Аларды партиянын келерки съездинен башка эч ким алып таштай же өзгөртө албайт.

Ар бир съезд — партиянын турмушундагы этап, анын өнүгүшүндөгү мезгил. Съезддерде партиянын саясатынын, стратегиясынын жана тактикасынын, анын уюштуруу жана идеологиялык ишинин эң актуалдуу жана маанилүү маселелери чечилет. Съезддердин чечимдери марксисттик-лениндик илимди чыгармачылык менен өнүктүрүүгө чоң салым кошот. XXIV съезддин токтомуна ылайык КПССтин Уставында партиянын съезддерин Борбордук Комитет ары дегенде беш жылда бир жолу чакыра тургандыгы жазылган. Партиялык съездди чакыруу жана божомолдонуучу күн тартиби анын ачылышына бир жарым айдан кечиктирилбей жарыяланат. Съездге өкүлчүлүктүн нормаларын Борбордук Комитет белгилейт. Кезектегилерден тышкары кезексиз (чукул) съезддер болушу мүмкүн. Аларды партиянын Борбордук Комитети өзүнүн демилгеси боюнча же партиянын акыркы съездине өкүлдөрүн жиберген партиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынын кеминде үчтөн бирин бириктирип турган партиялык уюмдардын талабы боюнча чакырышат. Кезексиз (чукул) съезд эки айлык мөөнөттө чакырылат жана ага партиянын бардык мүчөлөрүнүн кеминде теңинин өкүлдөрү катышса, анык деп эсептелинет. Эгерде партиянын Борбордук Комитети партиялык уюмдардын талабы боюнча Уставда каралган мөөнөттө партиянын кезексиз (чукул) съездин чакырбаса, аны чакырууну талап кылган уюмдардын уюштуруу комитетин түзүүгө укугу бар, ал партиянын кезексиз (чукул) съездин чакыруу боюнча партиянын Борбордук Комитетинин бардык укуктарынан пайдаланат.



Кезексиз (чукул) съезддер эки жолу чакырылган, эки жолу тең Борбордук Комитеттин демилгеси боюнча чакырылган. 1918-жылы жазында партиянын кезексиз (шашылыш) VII съезди Брест тынчтыгын түзүү жөнүндө маселени чечүү үчүн болуп өткөн 1959-жылдын январь — февралында кезексиз XXI съезд иштеген. Ал өлкөнүн эл чарбасын өнүктүрүүнүн жети жылдык планынын контролдук цифраларын талкуулаган жана кабыл алган.

Партиянын жогорку органы катарында съезддин полномочиелери жана функциялары өтө кеңири жана жоопту. Съезд партиянын түзүлүшүн белгилейт, ага ат берет же аны өзгөртөт; Борбордук Комитеттин, Борбордук текшерүү комиссиясынын отчетторун угат жана бекитет; партиянын Программасын жана Уставын өзгөртөт жана бекитет; Борбордук Комитетти жана Борбордук текшерүү комиссиясын шайлайт.

В. И. Ленин Борбордук Комитеттин составына кандидатты көтөрүү жөнүндөгү маселе: «жалаң съезддерде гана талкуулап чечүү туура болот,

анткени — съездге жыйналыш-кан делегаттар баарынан мурда принципиалдык мааниси бар маселелерди талкуулоо үчүн жыйналышат, съездге кыймылдын өкүлдөрү жыйналышат, съездге кыймылдын өкүлдөрү жыйналышат, адамдар жөнүндөгү маселеге адилеттик менен карoого жана чечүүгө жөндөмдүү, добуш берүү үчүн бардык маалыматтарды талап кылууга жөндөмдүү» деп көрсөткөн (В. И. Ленин. Чыгармалар, кыргызча басылышы, 7-том, 320—321-беттер.

Съезд ички жана тышкы саясаттын маселелери боюнча партиянын багытын аныктайт, коммунисттик курулуштун маанилүү маселелерин карайт жана чечет.

**КПССтин УЛУТ САЯСАТЫ** — Коммунисттик партия улуттук мамилелер жагынан ишке ашырып жаткан СССРдин элдеринин тең укуктуулугунун жана достугунун саясаты. «Коммунисттер улут маселесин ар дайым тап күрөшүнүн призмасы аркылуу карашкан, бул маселенин чечилиши революциянын таламдарына, социализмдин таламдарына баш ийдирилүүгө тийиш, деп эсептешкен» (*Л. И. Брежнев.* Лениндик жол менен, 4-том, «Кыргызстан» басмасы, 54-бет). У. с. жагынан лениндик көрсөтмөлөрдү турмушка ашырып, КПСС экономикалык, социалдык-саясий жана маданий жактардан бардык элдердин факты жүзүндөгү теңчилигине жетишүүгө багытты ишке ашырган. Совет бийлигинин жылдарында ССР Союзунун бардык республикаларынын социалдык-экономикалык потенциалы эбегейсиз өстү. Билим берүүнү, илимди, адабиятты, маданиятты жана искусствону өнүктүрүүдө, коомдук турмуштун бардык жактарында көрүнүктүү ийгиликтерге жетишилди. Лениндик У. с-н ишке ашыруу үчүн ырааттуу күрөш СССРдин түзүүгө алып келди, мунун өзү биздин мамлекеттин тарыхында көрүнүктүү саясий жана социалдык-экономикалык мааниге ээ болгон. СССРде «өткөн замандан ошол бойдон бизге калган улут маселеси толук чечилди, биротоло жана кайрылгыс болуп чечилди» (*Л. И. Брежнев.* Лениндик жол менен, 4 том, 60-бет).

Азыркы этапта КПССтин У. с-нын маңызы ССР Союзунун жалпы таламдарын болсун, ошондой эле аны түзгөн республикалардын ар бирини болсун — дайыма эске алууда турат. КПССтин У. с. бардык союздук республикалардын экономикасын комплекстүү өнүктүрүүгө жана адистештирүүгө, советтик республикалардын улуттук мамлекетин андан ары өнүктүрүүгө, биздин өлкөнүн бардык элдеринин мазмуну боюнча социалисттик жана формасы боюнча улуттук маданиятын гүлдөтүүгө жана жакындаштырууга багытталган. Партиянын XXV съездине КПСС БКнын Отчеттук докладында мындай деп белгиленген: «бардык беш жылдык пландар сыяктуу эле онунчу беш жылдык план биздин улуу социалисттик Родинабызды түзүп турушкан бардык республикаларды, улуттарды жана элдерди өнүктүрүүнүн программасы болот. Советтик коомдун



экономикалык жана социалдык прогресси — бул Россия федерациясынын, Украина менен Казакстандын, Белоруссия менен Молдавиянын, Орто Азия, Прибалтика, Закавказье республикаларынын прогресси болот. Бүткүл өлкөнүн чектеринде түзүлүп калган бирдиктүү чарбалык организм — бул элдердин достугунун жана кызматташтыгынын материалдык бекем негизи» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 56-бет). Партия социалисттик улуттарды гүлдөтүүгө, аларды бара-бара жакындаштырууга лениндик багытты ырааттуу ишке ашырат, бардык эмгекчилерди социалисттик интернационализмрухунда тарбиялайт, «улутчулдуктун жана шовинизмдин айрым көрүнүштөрү, тарыхый окуяларга таптык көз караштан баа бербөө фактылары, жергиликчилдиктин көрүнүштөрү, патриархалчылдыкты даңазалоого аракеттенүүлөр жоюлуп бара жатат. Мына ушулардын бардыгы эмгекчилердин терең түшүнүшүнө жана колдоосуна ээ болду, биздин өлкөдөгү элдердин достугун жана бир тууганДыгын дагы чыңдоого оң таасирин тийгизди» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 90—91-беттер).

**КПССтин УСТАВЫ** — партиянын негизги документи, партиянын уюмдашуу түзүлүшүнүн формаларын, анын ишинин методдорун, партиялык турмуштун нормаларын белгилейт. У. Лениндин сөзү менен айтканда, «партиялык уюмдун формалары жана нормалары тууралу жалпы чечим» болуп саналат (*В. И. Ленин.* Чыгармалар, кыргызча басылышы, 8-том, 48-бет).

У. партиянын Программасы менен ажырагыс түрдө байланышкан, анын жоболорунан келип чыгат, ага ылайык келет.

У. партиянын Программасы менен ажырагыс түрдө байланышкан, анын жоболорунан келип чыгат, ага ылайык келет. Бирок Программадан айырмасы ал алда канча оперативдүү, ийкемдүү документ. Бул жөнүндө мындай бир факт күбө боло алат: эгерде партия өзү жашап келаткан мезгилдин ичинде үч Программа кабыл алса, Уставдан — 12 кабыл алынган. Бул болсо толук түрдө табийгы нерсе. КПСС — жандуу саясий организм, ал коомдук революциялык түрдө кайрадан өзгөрүлүп түзүлүшү менен, коммунисттик формациянын курулушу менен ажырагыс байланышта турактуу өнүгүп турат. Бул татаал, көп тараптуу процесс, анын жүрүшүндө таптык күчтөрдүн жайгаштырылышы жана катышы өзгөрөт, таптардын өз турпаттарында, экономикалык жана рухий чөйрөлөрдө олуттуу түрдөгү өзгөрүүлөр болуп өтөт. Партиянын өнүгүшүнүн ар бир этабында өзүнүн генералдык багытынын улантуучулугун сактоо менен бирге жаңы милдеттерди коюуда, уюштуруунун азыркы кезге алда канча ылайык келген формаларын жана иштөөнүн методдорун табууда. Мына ушулардын бардыгы партиянын У-на тийиштүү өзгөрүүлөрдү киргизүү зарылдыгын пайда кылат.

Азыркы колдонулуп жаткан КПССтин XXII съезди та-

рабынан кабыл алынган. Конкреттүү кырдаалды негизге алып, КПССтин XXIII жана XXIV съезддери тарабынан ага партиянын сапаттык составын андан ары жакшыртууга, партиялык ички демократияны өнүктүрүүгө, партиялык тартипти чыңдоого, партиялык баштапкы уюмдардын ролун, уставдык милдеттерди аткаруу үчүн коммунисттердин жоопкерчилигин жогорулатууга партиялык уюмдардын ишинин формаларын жана методдорун өркүндөтүүгө багытталган анча-мынча өзгөрүүлөр киргизилген.

Программа менен Уставдын талаптарын так аткаруу, партиянын генеральный багытын жүргүзүү үчүн кыйшаюусуз күрөшүү, партиялык турмуштун лениндик нормаларын жана партиялык жетекчиликтин принциптерин кынтыксыз сактоо — ар бир коммунисттин, бардык партиялык уюмдардын эң биринчи парсы жана милдети. Партиянын ишинин ийгилигинин, жумушчу табынын, бүткүл эмгекчилердин күжүрмөн авангарды болууда, советтик коомдун уюштуруучу жана багыттоочу күчү болууда өз ролун аткарышынын чечүүчү шарты мына ушунда.

**МАМЛЕКЕТТИК ТАРТИП** — Совет мамлекети тарабынан белгиленген мамлекеттик органдардын жана коомдук уюмдардын ишинин эрежеси. М. т. кызматкерлердин жогорку активдүүлүгүн жана жоопкерчилигин, талапкерлигин, чыгармачыл демилгелүүлүгүн жана жалпы мамлекеттик милдеттерди турмушка ашыруу үчүн күрөштө бардык мүмкүндүктөрдү пайдаланууга умтулуусун карайт.

М. т. талаптары мамлекеттин жана анын органдарынын ар кыл жактарына: пландаштырууга, финансылоого, келишимдик милдеттенмелерге ж. б. тиешелүү.

М. т. эмгек тартиби менен, жана да социалисттик закондуулук жана укук тартиби менен тыгыз байланышта болот.

КПССтин XXV съезди пландоо, келишим, технологиялык тартиптерди бузуу алиге чейин орун алып жаткандыгын белгилеп, коомдук иштердин бардык жактарында М. т-ти андан ары чыңдоонун зарылчылыгын көрсөттү. Съезд бул милдетти чечүүнүн негизги жолдорун: мамлекеттик пландарды жана тапшырмаларды орундатуу үчүн жетекчи кадрлардын жоопкерчилигин жогорулатууну; иштин тапшырылган участогу үчүн жекече жоопкерчиликтин лениндик принцибин ырааттуу жүргүзүүнү; алар менен чечкиндүү күрөшүү үчүн кемчиликтердин бетин тартынбастан ачууну; ведомстволук чектелүүлүккө жана жергичилдикке каршы күрөшүүнү; чарбалык иштин стилиндеги жана методдорундагы өзгөрүүлөрдү, эскиликке жармашуу менен чечкиндүү күрөшүүнү; пландаштырууну жана экономикалык стимулдаштырууну өркүндөтүүнү, демилгелүүлүктү жана чыгармачылыкты өнүктүрүүнү; башкаруунун уюмдашуу структурасын жана методдорун өркүндөтүүнү көрсөттү.

М. т-ти тарбиялоо ишинде чечүүчү роль Коммунисттик партияга таандык. КПССтин Уставында партиянын мүчөсү мамлекеттик тартипти сактоого милдеттүү деп айтылган.

КПСС БКнын алдындагы партиялык контролдоо комитети, жергиликтүү партиялык комитеттердин партиялык комиссиялары М. т. чыңдоо боюнча олуттуу ишти жүргүзөт. (к. *КПСС БКнын алдындагы партиялык контролдоо комитети*).

М. т-ти чыңдоо үчүн күрөштө маанилүү орун Советтерге жана массалык коомдук уюмдарга таандык.

**МАССАЛЫК КООМДУК УЮМДАР** — к. *Коомдук уюмдар* (СССРде).

**МИНИСТЕРСТВОЛОР ЖАНА ВЕДОМСТВОЛОР** (СССРде) — Министерстволор (М.) — мамлекеттик башкаруунун борбордук органдары, чарбалык, социалдык-маданий же административдик-саясий курулуштун тийиштүү тармактарына (чөйрөлөрүнө) жетекчиликти ишке ашырат. М. СССРдин, союздук жана автономиялуу республикалардын Конституцияларынын, СССРдин М-у жөнүндө жалпы жобонун, жана да айрым М. жөнүндө жоболордун негизинде уюштурулат жана аракет кылат.

М. СССРдин Жогорку Совети, союздук жана автономиялуу республикалардын Жогорку Советтери түзөт. М-нун башында министр турат, аны тийиштүү Жогорку Совет, ал эми сессиялардын аралыгындагы мезгилде — анын Президиуму дайындайт жана бошотот. Министрлер өз компетенциясынын чегинде приказдарды жана инструкцияларды чыгарышат, алардын аткарылышын текшеришет жана башкаруунун тапшырылган тармагындагы иштердин абалы үчүн жекече жооп беришет.

СССРде жалпы союздук, союздук-республикалык жана республикалык М. бар. Жалпы союздук М. өзүлөрүнө тапшырылган мамлекеттик башкаруунун тармагына СССРдин бүткүл территориясында түздөн-түз, же өзүлөрү дайындаган органдар аркылуу жетекчилик кылышат. Союздук-республикалык М. жетекчиликти, эреже катарында, союздук республикалардагы ошондой эле наамдагы М. аркылуу ишке ашырышат жана союздук баш ийүүдөгү ишканаларды түздөн-түз башкарышат. Республикалык М. союздук же автономиялуу республиканын компетенциясына кирген башкаруу тармактарын башкарышат.

М-дун компетенциясындагы татаал маселелерди ар тараптан жана терең талкуулоо максаттарында аларда министр башчылык кылган коллегиялар, жана да илимий, техникалык ж. б. советтер түзүлөт. Коллегиянын чечимдери, эреже катарында, министрлердин приказдары менен ишке ашырылат.

М. менен катар башкаруу системасында ведомстволор — чарбалык, маданий жана коргонуу курулуштары боюнча СССР МС-нин алдындагы комитеттер жана Башкы башкармалар түзүлөт жана иш алып барат (к. *СССР Министрлер Совети, СССР Министрлер Советинин Мамлекеттик комитеттери жана СССР Министрлер Советинин алдындагы Мамлекеттик комитеттер*).

**МУУНДАРДЫН УЛАНТЫП КЕТҮҮЧҮЛҮГҮ** (СССРде) — социалисттик коомдун өнүгүшүнүн закончененмдүүлүгү, анда жаш муун улуу муундардын материалдык, рухий байлыктарын, марксисттик-лениндик идеологияны, коммунисттик идеалдарды, революциячыл, күжүрмөн жана эмгек традицияларын мурас кылып алат. М. у. к. СССРде жумушчу табынын, колхоздук дыйкандардын, интеллигенциянын бардык муундарынын коммунисттик коомду курууга; улуу муундардын өткөрүп берүүгө, ал эми жаш муундардын бай тажрыйбаны кабыл алууга жана тапсыз коомдун курулушунда өнүктүрүүгө аябай кызыккандыгына негизденет. Совет элинин бардык муундарынын бул турмуштук керектөөсү алдыңкы тажрыйба, улуу муундардын мыкты салттары көбөйтүлө бере тургандыгынын гарантиясы болуп саналат.

Таптык антагонисттик карама каршылыктарга негизделген, мындан улам бүткүл элдин чегиндеги позитивдүү М. у. к. мүмкүн эмес болгон, М. у. к. тап ичинде — пролетардык жана буржуазиялык болуп саналган, капиталисттик коомго карама-каршы биздин өлкөдө М. у. к.— түзүүчү, бирдиктүү максатка — тапсыз коомду курууга жетишүүгө кызыккан болуп саналат. М. у. к-нун түзүүчүлүк мүнөзү өнүккөн социализмдин, совет элинин бардык муундарынын КПССтин жетекчилиги астында СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн 10-беш жылдык планын орундатуу үчүн күрөштүн шарттарында ачык көрүнөт.

Улуу муундун революциячыл, күжүрмөн жана эмгектик салттары, дүйнөгө көз карашы, тажрыйбасы, марксизмдин-ленинизмдин тууралыгына ынануусу Советтердин өлкөсүнүн жаш муунуна турмуштун советтик образынын бүткүл кырдаалы жана КПССтин зор тарбиялоочу иши менен да берилет.

КПССтин жетекчилиги астында ВЛКСМ жаштардын арасында чоң иштерди жүргүзөт. Комсомол М. у. к. советтик коомдун алга умтулган өнүгүшүн камсыз кылууга жардам берет. Биздин өлкөнүн жаңы, жаш мууну бүткүл калктын теңинен көбүн түзөт. Жаштар социализмди курууну баштагандардын, биринчи беш жылдыктардын пландарын ашыра орундаткандардын, жаңы шаарларды, ири өнөр жай объектилерин куруп, колхоздук түзүлүштү түзүп жана чыңдагандардын, маданий революцияны ишке ашыргандардын эмгектик традицияларын улантууда жана өнүктүрүүдө. Чарбалык жана маданий курулуштун бардык участокторунда жаштардын кубаты, чыгармачылыгы жана жалыны колдонулууда. Комсомолдук эпкиндүү курулуштар, жаш жумушчулардын чеберчилигинин группалык конкурстары, студенттик курулуш отряддары, жаштардын өндүрүштүк бригадалары, жайкы эмгек жана дем алуу лагерлери — жаштардын эмгектеги иштеринин көрүнүшүнүн кээ бир конкреттүү формалары болуп саналат. Жаштардын түзүүчүлүк ролун жалпылап, Л. И. Брежнев ВЛКСМдин XVII съездинде мындай деп белгилеген: «Жаштарыбыз аталарынын жолу менен бара жатышат деп биз көп айтабыз. Бул туура, жолдоштор! Ушул жол менен ишенимдүү кадам шилтеп, жаштар Улуу Октябрь тарабынан башталган жолду улантышат, мурдагы муундардын тажрыйбасын жаңы тажрыйба менен байытышат» (*Л. И. Брежнев.* Лениндик жол менен, 5-том, «Кыргызстан» басмасы, 64-бет).

КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда СССРде М. у. к. ролуна жана маанисине жыйынтыктоочу мүнөздөмө берилген: **«Октябрдын жолу менен өнүгүүнүн алтымыш жылы ичинде биздин коомдо социалисттик эң сонун салттар орноду: аларда революциячыл күрөштүн жана түзүүнүн эң бай тажрыйбасы бекемделди.** Ушул салттарды этияттык менен сактоо — аларды чыгармачылык менен өнүктүрүү деген дикке жатат. Партия революциянын жеңиши үчүн, социализм жана коммунизм үчүн, жалпы таламдар жана идеалдар менен шиңетилген күрөшүүчүлөрдүн бардык муундарынын тажрыйбасын билгичтик менен бириктирип жана байытууда. Октябрдын улуу ишинин жаңы жеңиштеринин залогу — совет коомундагы бардык таптардын жана социалдык топтордун, бардык улуттардын жана элдердин, бардык муундардын чыңдалып жаткан биримдигинде турат».



**ӨНҮККӨН СОЦИАЛИСТТИК КООМ** — СССРде социалисттик коомдун өнүгүшүнүн азыркы этабы, социализмдин материалдык-техникалык базасынын өнүгүшүнүн жогорку деңгээли, социалисттик коомдук мамилелердин жетилгендиги, коомдун социалдык жана идеялык-саясий биримдигинин жогорку даражасы, адамдын өнүккөн социалисттик тиби менен мүнөздөлөт. Социализм коммунисттик коомдун биринчи фазасы катары жетилүүнүн эки этабына ээ: 1) негизинен курулган социализм жана 2) өнүккөн социалисттик коом. 30-жылдардын орто ченинде СССРде социализм негизинен курулган болучу, ал эми 60-жылдардын башталышында биздин өлкөдө жетилген социалисттик коом түзүлдү.

КПССтин жана бир тууган коммунисттик жана жумушчу партиялардын коллективдүү күч-аракеттери менен иштелип чыккан Ө. с. к. марксизмдин-ленинизмдин казынасына чыгармачыл чоң салым болуп саналат. Өнүккөн (жетилген) социалисттик коомдун негизги белгилери КПССтин XXIV жана XXV съезддеринин документтеринде, КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда, КПССтин жана бир тууган марксисттик-лениндик партиялардын башка теориялык жана саясий документтеринде ачылган. «Өнүккөн социалисттик коом,— деп айтылган КПСС БКнын «Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда,— коммунисттик формациянын өсүп жетилишиндеги закон ченемдүү этап. Мына ушул этапта социализм өзүнүн негизинде өнү-

тоддору жөнүндө илимий жактан негизделген, практика жүзүндө текшерилген жоболор.

П. ж. п. партиянын ички турмушун, уюштурууну чарбалык жана маданий курулушка, мамлекеттик жана коомдук уюмдарга жетекчилик кылуу боюнча анын ишин белгилейт. В. И. Ленин П. ж. п-н иштеп чыгууга чоң көңүл бурган. Алар анын докладдарында, чыгып сүйлөгөн сөздөрүндө ж. б. келтирилген.

П. ж. п-нин маанилүүлөрүнө төмөндөгүлөр кирет: коомдук турмуштун көрүнүштөрүнө таптык мамиле кылуу; өлкөнүн ички, ошондой эле тышкы саясатынын маанилүү маселелерин чечкен убакта коллективдүүлүк (коллегиялуулук), тапшырылган иш үчүн жекече жоопкерчилик каралат; кабыл алынуучу чечимдердин илимий негизделиши; теория менен практиканын, саясий жана уюштуруу иштеринин биримдиги; өткөндүн тажрыйбасынын улантып кетүүчүлүгүн турмуш көтөрүп чыккан маселелерди чыгармачыл түрдө коюу жана чечүү менен айкалыштыруу; иштиктүүлүк жана жаңылыкты сезе билүүчүлүк; партиянын массалар менен тыгыз байланышы, алардын тажрыйбасына жана демилгесине таянуу; партиялык жана мамлекеттик органдардын функцияларын так чектөө; кадрларды тандоо, жайгаштыруу жана тарбиялоо; аткарылышты контролдоо жана текшерүү. Партиялык жетекчиликтин практикасында сын жана өзүн-өзү сындоо чоң мааниге ээ болот. Ынандыруу, идеялык таасир көрсөтүү, массалык-саясий жана уюштуруу иштери партиялык жетекчиликтин башкы методу болуп саналат.

КПССтин XXV съезди партиянын катарларынын идеялык жана уюмдашуу биримдигин чыңдоонун, партиянын бардык звенолорунун активдүүлүгүн жана максатка умтулуусун жогорулатуунун, уюшкандыкты камсыз кылуунун негиздеринин бири катары лениндик П. ж. п-н катуу сактоого багыттайт. Съезд В. И. Ленин иштеп чыккан П. ж. п-н коргоо, аларды бузууларга каршы күрөштү жүргүзүү менен, партия дайыма жогорку принциптүүлүктү көрсөтүп келгендигин белгиледи.

П. ж. п-н катуу сактоо «бүткүл коомдун бузулбас идеялык-саясий бирдиктүүлүгүн... коомдук организмдин бардык курама бөлүктөрүнүн максатка багытталган, координацияланган өнүгүшүн» камсыз кылат (Л. И. Брежнев, Лениндик жол менен, 2-том, 163-бет).

**ПАРТИЯЛЫК ИЧКИ ДЕМОКРАТИЯ** — партиянын саясатын иштеп чыгууга, анын жетекчи органдарын түзүүгө бардык коммунисттердин түздөн-түз же өзүлөрүнүн өкүлдөрү аркылуу катышуусу. И. д.— демократиялык централизмдин курама бөлүгү, партиялык органдардын шайлануусу жана отчет берип туруусу, жетекчиликтин коллективдүүлүгү, талкуунун жана сындын эркиндиги, коммунисттердин партиялык турмушка активдүү катышуусу өңдөнгөн партиялык ички турмуштун нормаларынын негизинде ишке ашырылат. КПССтин Уставында мындай деп көрсөтүлгөн: «Айрым партиялык уюмдарда же бүт партияда партиялык саясаттын маселелерин эркин жана иштиктүү түрдө талкуулоо партиянын мүчөсүнүн ажыратып алгыс укугу жана партиялык ички демократиянын маанилүү принциби болуп саналат. Партиялык ички демократиянын негизинде гана сындын жана өзүн-өзү сындоонун кеңири жайылышы жана курулай эмес, аң-сезимдүү болууга тийиш болгон партиялык дисциплинанын чыңдалышы мүмкүн».



Марксисттик-лениндик партия И. д-сыз болушу мүмкүн эмес. Партия жалпы саясий, ыктыярдуу, өз-демилгелүү уюм болуп саналат. Анын күчү — партиялык массалардын аң-сезимдүү активдүүлүгүндө. Алар бардык маселелерди ошонун ичинде жетекчи органдарын түзүү маселесин кошо өзүлөрү талкуулаган жана чечкен убакта гана коммунисттердин жогору активдүүлүгү болушу мүмкүн. И. д-нын кырдаалында гана коммунисттерди партиянын активдүү жоокерлери катары тарбиялоо, партиянын саясатын турмушка ашырууда, өтө маанилүү чечимдерди иштеп чыгууда жана турмушка бекем ашырууда алардын кубатын максималдуу өнүктүрүү мүмкүн. КПССтин XXV съездинде Л. И. БРЕЖНЕВ: «партиялык ички демократияны издең тайбай өнүктүрүү, партиянын ар бир мүчөсүнө талап коюуну жогорулатуу — лениндик мына ушул принциптер өтүп кеткен этап эмес. Бул — азыр да партияны өнүктүрүүнүн негизи болот», — деп белгилеген (КПССтин XXV съездинин материалдары, 78-бет)[1].

**ПАРТИЯЛЫК ИШТИН ЛЕНИНДИК СТИЛИ** — пролетариат диктатурасы социализмди жана коммунизмди куруу үчүн күрөштөгү жумушчу табынын жетекчи күчү катары партия жөнүндөгү лениндик окуунун бузулгус принциптерине, партиялык турмуштун лениндик нормаларына; партиялык жетекчиликтин принциптерине жана методдоруна негизделген партиялык иштин туруктуу, мүнөздүү белгилеринин жана мүнөздөрүнүн жыйындысы. Лениндик стилдин негизи: теория менен практиканын, саясий жана уюштуруу иштеринин биримдиги, партиялык ишке жана жетекчиликке илимий мамиле; идеялык ынангандык жана партиялык принциптүүлүк; революциячыл кулач жаюу жана жогору иштиктүүлүк, демилге жана социалисттик демилгечилдик; тапшырылган иш үчүн жекече жоопкерчиликти коллективдүүлүк менен айкалыштыруу; ишке сын көз менен мамиле кылуу; кемчиликтерге элдешпестик; массалар менен байланыш, адамдар жөнүндө лениндик камкордук түзөт.

Коммунисттик курулуштун масштабдары менен татаалдыгынын өсүшү иш стилине өтө жогорку талаптарды коёт. Партия партиялык, советтик, чарбалык, коомдук органдардын жана уюмдардын, бардык жетекчи кадрлардын иш стили алдыда турган саясий милдет-

[1] КПССтин XXV съездинин материалдары, «Кыргызстан», 1976.

терге, турмуштун өсүп жаткан талаптарына ылайык келишине жетишет.

КПССтин XXV съезди иш стилине чоң көңүл бурду. Буга байланыштуу сындын жана өзүн-өзү сындоонун, контролдоонун жана аткарылышын текшерүүнүн, кадр саясатынын маселелери терең каралган болучу (к. *КПССтин кадр саясаты, Сын жана өзүн-өзү сындоо, Кабыл алынган чечимдердин аткарылышын контролдоо жана текшерүү.*)

**ПАРТИЯЛЫК ТАРТИП** — партиянын жашашынын жана өнүгүшүнүн, анын биримдигин сактоонун жана бекемдөөнүн, коммунисттер жана партиялык уюмдар тарабынан Программа менен Уставдын талаптарын, партия менен өкмөттүн чечимдерин орундатуунун чечүүчү шарты. Ал аң-сезимдүү жана ыктыярдуу баш ийүүнү карайт. П. т-ти сактоо партиянын мүчөлөрүнүн уставдык милдети. П. т-тин мазмуну жана мааниси В. И. Лениндин эмгектеринде ачылып көрсөтүлгөн. Коммунисттик партия бир пикирдештердин гана эмес, бир аракеттештердин да союзу, деп үйрөткөн ал. В. И. Лениндин сөздөрү менен айтканда П. т. төмөндөгү шарттарга негизделип, текшерилип жана бекемделет: «биринчиден, пролетардык авангарддын аң-сезимдүүлүгүнө жана анын революцияга берилгендигине, анын турумдуулугуна, өзүн курман кылуудан кайра тартпай тургандыгына, баатырдыгына таянат, ушулар менен текшерилет жана чыңалат. Экинчиден, пролетардык авангарддын эмгекчилердин эң кеңири массасы менен, биринчи иретте пролетардык масса менен, *бирок ошону менен катар пролетардык эмес* эмгекчилердин массасы менен да байланыша, жакындаша билишине, эгерде кааласаңар, белгилүү бир даражага чейин кошулуп кете билишине таянат, ушулар менен текшерилет жана чыңалат. Үчүнчүдөн, бул авангард тарабынан ишке ашырыла турган саясий жетекчиликтин тууралыгына, анын саясий стратегиясы жана тактикасынын тууралыгына,— бул тууралыкка эң кеңири масса *өзүнүн тажрыйбасы* аркылуу ишенгенде гана — таянат, ошолор менен текшерилет, чыңалат» (Чыгармалар, кыргызча басылышы, 31-том, 9-бет.)

КПССтин жетекчи ролунун өсүшү менен анын идеялык жана уюшуу жагынан баш кошкондугунун, П. т. чыңдалышы мурдагыдан да жогорулай берет. КПССтин XXV съездинин документтеринде ар бир коммунисттин иштин тапшырылган участогу үчүн жоопкерчилигин андан ары күчөтүүнүн, П. т. катуу сактоонун зарылдыгы көрсөтүлгөн.

Партиялык тартипти чыңдоо боюнча КПСС БКнын алдындагы Партиялык контролдоо комитети, жергиликтүү партиялык комитеттердин партиялык комиссиялары чоң иштерди жүргүзүшөт.

Жогорку аң-сезимдүү П. т. маселелерди эркин талкуулоону алып таштабайт, кайра андай кылууну карайт. Партияда демократия менен тартип бирдиктүү. КПССтин мүчөсү «партиянын саясаты жана практикалык иши жөнүндөгү маселелерди партиялык чогулуштарда, конференцияларда, съезддерде, партиялык комитеттердин заседаниелеринде жана партиялык басма сөздө эркин талкуулоого, сунуштар киргизүүгө, уюм тарабынан чечим кабыл алынганга чейин өз пикирин ачык айтып чыгууга жана аны жактоого укуктуу» деп айтылган Уставда. Бирок чечим кабыл алынгандан кийин, бардык коммунисттердин маселени талкуулоо аяктап, аракеттеринин биримдиги милдеттүү шарт болуп саналат, ансыз темирдей тартип да, бирдиктүү партия да мүмкүн эмес.



**ПАРТИЯЛЫК ТУРМУШТУН НОРМАЛАРЫ**—партиянын ички турмушун жөнгө салуучу, анын уюшуу формасын, иш методдорун, коммунисттердин жүрүш-турушун белгилөөчү эрежелер. «КПСС партиялык турмуштун лениндик нормаларын чыңдоого жана өнүктүрүүгө чоң көңүл бурат»,— деп белгиленген КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда.

П. т. н-н В. И. Ленин иштеп чыккан жана негиздеген. Аларды ал «биргелешип кабыл алынган уюмдун эрежелери», «партиялык уюмдун формалары жана нормалары тууралу жалпы чечим» (ПСС, 9-т., 162-бет), «уюштуруу нормалары» (ПСС, 11-т., 161-бет) катары белгилеген.

П. т. н. КПССтин уюмдашуу негиздери менен тыгыз байланышта болот жана аларды конкреттештирет. Уставда бекемделген П. т. н. бардык коммунисттер үчүн милдеттүү партиялык закондун мүнөзүнө ээ болот. Алар партиянын жаратылышынын өзү, анын максаттары жана милдеттери менен шартталган. Маселен, КПССке мүчөлүк менен байланышкан П. т. н-нын аркасында партия кандидаттык стажды милдеттүү түрдө өтүүнү карайт, жумушчу табынын, дыйкандардын, интеллигенциянын мыкты өкүлдөрүн өзүнүн катарына тандап алат, коммунисттин наамына татыктуу эмес адамдардан бошонот, партиянын мүчөлөрүнүн жогору уюшкандыгын жана активдүүлүгүн колдойт. Партиялык ички мамилелерди жөнгө салуучу П. т. н-нын негизинде партияда партиялык ички демократияны кеңири өнүктүрүү жана партиялык тартипти чыңдоо болуп өтөт, бардык партиялык уюмдардын, бардык коммунисттердин биримдиги камсыз кылынат. П. т. н. тобу партиянын уюмдашуу жагынан түзүлүшүн, баштапкы, райондук, шаардык, округдук, областтык, крайлык, республикалык партиялык жана алардын жетекчи органдарынын уюмдардын түзүлүү тартибин жана функцияларын белгилейт.

Партиянын өнүгүшү менен бирге П. т. н. өркүндөйт, жаңы тажрыйба менен байыйт, мунун өзү партиянын съезддеринде КПССтин Уставына киргизилүүчү өзгөртүүлөрдө жана толуктоолордо чагылдырылат. Партиянын XXIII жана XXIV съезддеринин КПССтин Уставына анча-мынча өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө токтомдору буга мисал боло алат.

П. т. н-н кыйшаюусуз сактоо—партиянын күчүнүн, анын өзүнүн жетекчи ролун ийгилик-

түү орундатуусунун милдеттүү жана чечүүчү шарты.

**ПАРТИЯ МЕНЕН ЭЛДИН БИРИМДҮҮЛҮГҮ** — бардык коммунисттердин, бүткүл совет элинин максаттарынын жана аракеттеринин жалпылыгы, КПССтин ички жана тышкы саясатын толук колдоодон, СССРдин эмгекчилеринин Коммунисттик партиянын ишине чексиз берилгендигинен, КПССтин саясатын турмушка ашыруу боюнча активдүү иштерден коммунисттик коомду түзүү боюнча кажыбас эмгектен көрүнөт. Ал биздин өлкөнүн эмгекчилеринин коомду революциячыл кайра куруу үчүн күрөшүндө, социализмди куруу үчүн күрөштө, коммунисттик курулуштун жүрүшүндө түзүлгөн жана өнүккөн. Өнүккөн социалисттик коомдо Коммунисттик партия жумушчу табынын партиясы, бүткүл совет элинин авангарды болуп саналат жана коомдун бардык таптарынын жана социалдык топторунун түпкү максаттарын жана таламдарын көрсөтөт. 1939-жылдан баштап СССРдин эл депутаттарынын Советтерине бардык шайлоолорго өзүлөрүнүн добуштарын коммунисттер менен партияда жоктордун бузулбас блогу үчүн беришкен шайлоочулардын 99 проценттен ашыгы катышып келе жатышкандыгы П. м. э. б-нүн ачык далили болуп саналат. Өндүрүш каражаттарына коомдук менчик, жумушчу табы жана анын Коммунисттик партиясы башында болгон эмгекчилердин саясий бийлиги; марксизм-ленинизмдин; СССР эмгекчилеринде толук үстөмдүк кылуучу дүйнөгө көз караш болуп калышы; коммунисттердин жана бардык совет адамдарынын максаттарынын жана таламдарынын биримдиги» эмгекчилердин түпкү таламдарын көрсөтүүчү КПССтин лениндик саясаты П. м. э. б-нин негизи болуп саналат.

**ПАРТИЯНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ОРГАНДАРЫ** — союздук республикалардын компартияларынын Борбордук Комитеттери, партиянын крайлык, областтык, округдук, шаардык жана райондук комитеттери. П. ж. о. партиянын саясатын турмушка ашыруучулар, КПСС Борбордук Комитетинин директиваларын аткарууну уюштуруучулар болуп саналышат. В. И. Ленин П. ж. о-на чоң маани берген жана алардын милдеттерин белгилеген. Ал комитет «бүткүл жергиликтүү ишке жана партиянын жергиликтүү уюмдарына...» жетекчилик кылууга тийиш деп жазган (ПСС, 7-том, 9-бет).

1976-жылдын 1-январына карата КПССте: союздук республикалардын компартияларынын 14 Борбордук Комитети, 6 крайком, 148 обком; обкомдорго теңештирилген 2 шаардык комитет — Москва жана Киев шаардык комитеттери, 10 окружком, 813 шаардык комитет, 571 шаардык райком жана партиянын 2857 селолук райкому болгон.

П. ж. о. партиялык конференцияларда (союздук республикалардын компартияларынын Борбордук Комитеттери — съезддерде) шайланат. КПССтин XXV съезди башталар алдында П. ж. о-на жана текшерүү комиссияларына 415,7 миң коммунист шайланган. Областтык, крайлык комитеттин, союздук республикалардын компартияларынын Борбордук Комитеттеринин пленуму кеминде төрт айда бир жолу, ал эми округдук, шаардык, райондук комитеттин пленуму — кеминде 3 айда бир жолу чакырылат. Пленумдардын аралыгындагы мезгилде партиялык уюмга жетекчиликти анда шайланган бюро ишке ашырат.

Учурдагы маселелерди кароо жана аткарылышын текшерүү үчүн обкомдордо, крайкомдордо жана союздук республикалардын компартияларынын Борбордук Комитеттеринде секретариаттар түзүлөт.

П. ж. о-нын негизги милдеттери КПССтин Уставында белгиленген. Аларга: массалардагы саясий жана уюштуруу иши, аларды коммунисттик курулуштун милдеттерин турмушка ашырууга мобилизациялоо; идеологиялык ишти уюштуруу, коомдук уюмдарга жетекчилик кылуу; жетекчи кадрларды тандоо, жайгаштыруу жана тарбиялоо; коммунисттерди партиялык ишти жүргүзүүгө кеңири тартуу; өз республикасынын, крайынын, областынын, округунун, шаарынын, районунун чегинде ар түрдүү мекемелерди жана ишканаларды уюштуруу кирет.

КПССтин XXV съезди П. ж. о-нын ишин жогору баалады. КПСС БКнын съездге Отчеттук докладында алардын иштери жыл өткөн сайын үзүрлүү жана мазмундуу болуп жаткандыгы белгиленген. Алар партиянын чечимдерин турмушка ашырууну туруктуулук менен жана максатка умтулуу менен уюштурушуп, массалык элдик демилгени өнүктүрүүгө ар тараптан көмөк көрсөтүп жатышат. Партиялык органдар жалпы мамлекеттик мааниге ээ болгон ири конкреттүү сунуштарды мурдагыдан көп коё башташты.

**ПАРТИЯНЫН БАШТАПКЫ УЮМДАРЫ** — КПССтин негизи. Алар партиянын мүчөлөрүнүн иштеген жери боюнча — заводдордо, фабрикаларда, совхоздордо ж. б. ишканаларда, колхоздордо, Советтик Армиянын бөлүктөрүндө, мекемелерде, окуу жайларында ж. б. кеминде партиянын үч мүчөсү болгондо түзүлөт. Коммунисттердин турган жерлери боюнча селолордо жана үй башкармаларынын алдында территориялык П. б. у. да түзүлгөн боло алат. Партиянын XXV съездинин алдында 390 миң баштапкы уюм, алардын ичинен 150 миңи өнөр жай, курулуш, транспорт, байланыш ишканаларында, колхоздордо, совхоздордо ж. б. өндүрүштүк коллективдерде болгон. П. б. у. өзүнүн ишинде КПССтин Программасы менен Уставын жетекчиликке алат, массаларды партиянын саясатын турмушка ашырууга, коммунизмди куруу үчүн күрөшкө уюштурат. «Партиялык жетекчиликтин деңгээли биздин партиябыздын негизин түзүп турган **баштапкы партиялык уюмдардын** канчалык күжүрмөндүүлүк менен жана демилгелүү иштеп жатышына түздөн-түз байланыштуу болот.

Баштапкы партиялык уюмдар экономикалык жана маданий курулуштун алдыңкы чегинде турушат, элдин эң калың жеринде иштешет. Өздө-

рүнүн бардык иши менен алар партиянын саясатын элдин жандуу чыгармачылыгы менен бириктирүүгө, чарбалык-саясий жана идеялык-тарбиялоо милдеттерин ийгиликтүү чечүүгө активдүү жардам беришет» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 81-бет). Партиянын XXIV жана XXV съезддеринин аралыгындагы мезгилде КПСС БК бир катар партиялык уюмдардын, өнөр жай жана айыл чарба, курулуш ишканаларынын, илимий жана окуу жайларынын, министерстволордун иштери жөнүндө отчетторду талкуулады. Кабыл алынган токтомдордо П. б. у. өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатууга, илимий-техникалык прогрессти тездетүүгө мурдагыдан да активдүү таасир көрсөтүүгө чакырылгандыгы, ар бир коллективде ынтымактуу иштин жана чыгармачыл жогорулоонун кырдаалын түзүү жөнүндө, адамдарды тарбиялоо жөнүндө, алардын эмгегин жана тиричилигин жакшыртуу жөнүндө дайыма камкордук көрүүгө тийиш экендиги өзгөчө белгиленди.

**ПРОЛЕТАРИАТ ДИКТАТУРАСЫ** — бул азчылыктын үстүнөн басымдуу көпчүлүктүн диктатурасы болуп саналат; ал эксплуататорлорго каршы калктарды жана улуттарды эзүүгө каршы, адамды адам эксплуатациялоонун ар кандайын жок кылууга багытталган. Пролетариат диктатурасы жумушчу табынын гана эмес, бүткүл эмгекчи элдин таламдарын да көрсөтөт: анын негизги мазмуну — зордук, зомбулук эмес, жаңы социалисттик коомду түзүү, куруу, анын жеңип алгандарын социализмдин душмандарынан коргоо болуп саналат (к. КПССтин Программасы, 44-бет)[1].

П. д. мамлекети чарбалык-уюштуруу, маданий-тарбиялоо, кулатылган таптардын каршылыгын басуу, өлкөнү коргоо ж. б. өңдөнгөн бир катар ички жана тышкы функцияларды аткарат. П. д. эксплуататордук азчылыкка карата күч көрсөтүү менен, демократиянын жаңы тиби болуп эсептелүү менен эмгекчилердин кеңири массасы үчүн чыныгы, кеңири жана факты жүзүндөгү демократияны камсыз кылат.

П. д-нын шарттарында тап күрөшү жаңы формаларга ээ болуу менен улантыла берет. П. д. ар түрдүү формаларда, маселен Советтер (СССРде) формасында жана Европа менен Азиянын бир катар өлкөлөрүндө элдик демократия фомасында ишке ашырылышы мүмкүн. Жумушчу табынын бийлиги Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында уюмдардын системасы (Советтер, профсоюздар, комсомол ж. б.) аркылуу ишке ашырылат. Өнүккөн социалисттик коомду кургандан кийин П. д. өзүнүн тарыхый милдеттерин ишке ашырып, жалпы элдик мамлекетке өсүп чыгат (к. *Жалпы элдик мамлекет*). П. д. мамлекети жана жалпы элдик мамлекет социалисттик мам-

[1] Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Программасы, «Кыргызстан», 1976.



лекеттин өнүгүшүндөгү эки этап болуп саналат.

**ПРОФСОЮЗДАР** (СССРде) — эң массалык коомдук уюм, социалисттик демократиянын жалпы системасында, эмгекчилерди өндүрүштүк жана коомдук иштерди башкарууга тартууда маанилүү звенолордун бири. Партия П. аркылуу өзүнүн саясатын, коомдун өнүгүшүнө өзүнүн таасирин ишке ашырат, алардын иштерин колдойт жана дайыма багыттайт. В. И. Ленин советтик коомдун саясий системасындагы П-дын ролун жана маанисин терең жана ар тараптан негиздеген. Профсоюздар «тарбиялоочу уюм, тартуунун, окутуунун уюму, башкача айтканда мектеп, башкаруунун мектеби, чарба жүргүзүүнүн мектеби, коммунизмдин мектеби», деп көрсөткөн ал (ПСС, 42-т, 203-бет). Өнүккөн социализмдин шарттарында П-дын ролу мурдагыдан да өсөт, алардын негизги функциялары кеңейет, мунун өзү коммунисттик курулуштун масштабдарынын өсүшү жана милдеттеринин татаалданышы, советтик коомдун өнүгүшү менен байланышкан.

КПССтин XXV съезди биздин коомдун турмушунда П-га чоң орун берилет, деп белгилеген. Алардын иши «адамдын чыгармачылык күчтөрүн колдонуунун негизги чөйрөсүндө— өндүрүш чөйрөсүндө демократияны турмушка ашырууга эң эле түздөн-түз жардам берет». Съезд П-дун алдына конкреттүү милдеттерди: биринчи кезекте эмгекчилердин укуктары менен таламдарын коргоо, тиричилик, социалдык маселелер менен активдүү иш жүргүзүү; өндүрүштү жогорулатуу жөнүндө дайыма камкордук көрүү милдетин койду. Социалисттик мелдешти өнүктүрүү, эмгекчилердин эмгектик жана коомдук активдүүлүгүн жогорулатуу, аларды өндүрүштү башкарууга кеңири тартуу, эмгекчилердин маданий дем алуусу жөнүндө камкордук көрүү П-дын маанилүү милдети болуп кала берет.

Партиянын XXV съезди П-дын иши алардын укуктары менен жоопкерчилигинин даражасына толук жооп берүүгө тийиш», деп көрсөттү. Өнөр жайын башкаруунун структурасына ылайык өндүрүштүк П-дын структурасын, өндүрүштүк бирикмелердеги алардын ишинин формаларын жана методдорун жөнгө салуу, тармактык П. жетекчи органдарынын укуктарын так белгилөө, колхоздордун профсоюз уюмдарынын массалуулугун көбөйтүү милдети коюлган.

СССР П-нын XVI съезди (1977) совет элинин турмушундагы чоң окуя болду. Съезд отчеттук мезгилдеги ВЦСПСтин ишин бир пикирден жактырып, СССРдин П-нын Уставындагы анча-мынча өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө токтомду кабыл алды. КПСС БКнын съездге жиберген куттуктоосунда П-дын ишине жогору баа берди. Л. И. Брежнев П-дын съездинде чыгып сүйлөгөн сөзүндө советтик П. башкаруунун мектеби, чарба жүргүзүүнүн мектеби, коммунизмдин мектеби болуп келгендигин жана болуп кала бере тургандыгын белгиледи. СССР Жогорку Советн-

нин Президиумунун 1977-жылдын 18-мартындагы Указы менен СССРдин П. Октябрь революциясы ордени менен сыйланган.

СССР П. 113,5 миллион адамды (1977), анын ичинде 74 млн. жумушчуну, 5,6 млн. колхозчуну бириктирип турат.

СССР П. демократиялык централизмдин негизинде өндүрүштүк белги боюнча курулган. Съезд СССР П-нын жогорку органы болуп саналат. Съезд Профессионалдык Союздардын Бүткүл Союздук Борбордук Советин (ВЦСПС) жана текшерүү комиссиясын шайлайт. Өлкөдө 26 тармактык профсоюздар бар.

Ар бир профсоюздун негизин өнөр жай ишканаларында, курулуштарда, совхоздордо, колхоздордо ж. б. өндүрүштүк коллективдерде, жана да советтик мекемелерде, уюмдарда уюштурулган профсоюз уюмдары түзөт. 1977-жылы баштапкы профсоюздук уюмдар 700 миңге жакын болучу. Төмөнкү профсоюз уюмдарынын жетекчи органдарына профессионалдык союздун фабрикалык, заводдук жана жергиликтүү комитетинин укуктары жөнүндө атайын Жободо бекитилген кеңири укуктар берилген. Дайыма иштөөчү өндүрүштүк кеңешмелер профсоюздардын өндүрүшкө, ишканалардын ишине таасир көрсөтүүсүнүн натыйжалуу формасы болуп саналат.

Советтик П. тынчтык үчүн, эл аралык профсоюздук кыймылдын биримдиги үчүн активдүү күрөшүшөт. Алар 128 өлкөнүн профсоюздары, 161 профборборлор менен байланышта.

**СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (КПСС)** — СССРдин жумушчу табынын, колхозчу дыйкандарынын жана интеллигенциясынын алдыңкы, өтө аң-сезимдүү бөлүгүн ыктыярдуу негизде бириктирип туруучу совет элинин күжүрмөн, сыналган авангарды. «Өнүккөн социализм шарттарында. Коммунисттик партия бүткүл элдин партиясы болуп калган кезде, ал өзүнүн таптык мүнөзүн дегеле жоготпойт. КПСС өзүнүн жаратылышы боюнча жумушчу табынын партиясы болгон жана болуп кала берет» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 76-бет). КПСС коомдук-саясий уюмдун жогорку формасы, советтик коомдун жетекчи жана багыттоочу күчү болуп саналат.

КПСС өзүнүн ишинде эки негизги документти — Программаны жана Уставды жетекчиликке алат. Жогорку органы — съезд, ал эми съезддердин аралыгында — КПСС Борбордук Комитети. Партия совет элинин улуу түзүүчү ишине жетекчилик кылат, түпкү максатка — коммунизмдин жеңишине жетишүү үчүн анын күрөшүнө уюшкан, план-ченемдүү, илимий негизделген мүнөз берет. КПСС өзүнүн ишин партиялык турмуштун лениндик нормаларын, жетекчиликтин коллективдүүлүк принцибин кыйшаюусуз сактоонун, партиялык ички демократияны ар тараптан өнүктүрүүнүн, коммунисттердин активдүүлүгүнүн жана өз демилгелүүлүгүнүн, сындын жана өзүн-өзү сындоонун негизинде



курат. Идеялык жана уюмдашуу биримдиги — КПССтин турмушунун бузулбас закону.

«Тарыхый тажрыйба, — деп айтылган КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда,— жумушчу табынын революциячыл партиясы — социалисттик революциянын жеңиши үчүн күрөштө, жаңы коомду курууда бирден-бир ишенимдүү багытты берген марксисттик-лениндик теорияны жетекчиликке алган партия экендигин далилдейт... Бул — демократиялык централизмдин, жогорку аң-сезимдүүлүктүн жана бардык үчүн бирдиктүү тартиптин негизинде курулуп жаткан партия. Бул — пролетардык интернационализмдин партиясы. Бүткүл совет элинин күжүрмөн авангарды болгон Лениндин партиясы, жумушчу табынын партиясы мына ушундай партия болгон, болуп жатат жана боло берет».

Коммунисттик партия — биздин доордун акылы, сыймыгы жана ар-намысы — массалардын саясий жол башчысы, уюштуруучусу жана тарбиячысы болуп саналат. Социалисттик коомдун саясий уюмдарынын системасындагы КПССтин жетекчи жана багыттоочу ролу төмөнкү негизги факторлордон келип чыгат: партияга биздин коомдун эң аң-сезимдүү жана алдыңкы мүчөлөрү кирет, партия өзүнүн ишинде марксисттик-лениндик илимди жетекчиликке алат, партия марксисттик-лениндик теорияны дайыма өнүктүрөт, партия бүткүл совет элинин түпкү социалдык-саясий таламдарын ишке ашырат, партиянын мүчөлөрү бардык мамлекеттик жана коомдук уюмдарга киришет.

В. И. Ленин негиздеген КПСС күрөштүн жана жеңиштердин татаал жолун басып өттү. Анын жетекчилиги астында жумушчу табы менен эмгекчи дыйкандар адамзаттын тарыхында жаңы доорду ачкан Улуу Октябрь социалисттик революциясын ишке ашырды. КПСС башчылык кылган совет эли социализмдин толук жана биротоло жеңишин камсыз кылып, өнүккөн социалисттик коомду курду. Советтик коомдун экономикалык, социалдык-саясий жана рухий турмушунда терең сапаттык өзгөрүүлөр болуп өттү.

Партия — чоң, кубаттуу организм. 1976-жылдын 1-январына карата анын составында союздук республикалардын компартияларынын 14 Борбордук Комитети, 6 крайком, 148 обком, обкомдорго теңештирилген эки шаардык комитети — Москва жана Киев комитеттери, 10 окружком, 813 шаардык комитет, 571 шаардык райком жана 2857 селолук райком, 390 387 баштапкы уюмдар болгон. Партияда 16 млн. коммунисттер, алардын ичинен 41,6 проценти жумушчулар, 13,9 проценти — колхозчулар, 20 процентке жакыны — техникалык интеллигенциянын өкүлдөрү, 24 проценттен ашыгы — илимдин, адабияттын, искусствонун ишмерлери, агартуу, саламаттык сактоо, башкаруу аппаратынын кызматкерлери, аскер кызматчылары. Өлкөнүн калкынын арасында партиялык катмар 9,3 процентти түз-

гөн (к. *КПССтин сапаттык составы.)*

Партиянын XXV съездинде КПСС БКнын Отчеттук докладында «биздин партиябыз марксизмдин-ленинизмдин жана пролетардык интернационализмдин революциялык туусун бийик көтөрүп, өзүнүн тарыхый миссиясын ар-намыс менен ишке ашырып, коммунисттик идеялардын салтанаты үчүн талыкпай күрөшүп жатат», деп көрсөтүлгөн.

КПСС — эл аралык коммунисттик жана жумушчу кыймылынын ажырагыс, курама бөлүгү. Ал пролетардык интернационализмдин сыналган марксисттик-лениндик принциптерин бекем колдонот, бүткүл эл аралык коммунисттик жана жумушчу кыймылынын биримдигин чыңдоого активдүү көмөк көрсөтөт.

**СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫНЫН ПРОГРАММАСЫ** — негизги документ, анда тарыхый өнүгүүнүн белгилүү этабындагы партиянын милдеттери, бул милдеттерди турмушка ашыруунун жолдору жана методдору илимий белгиленген. «Программа,—деп жазган В. И. Ленин,— бул партиянын эмнеге жетише тургандыгын, эмне үчүн күрөшүп жаткандарынын бардыгын кыскача, ачык жана так билдирүү дегендик болот» (Чыгармалар, 6-том, 423-бет). КПССтин Программасын таануу жана аны ишке ашырууга активдүү катышуу партиянын ар бир мүчөсү үчүн милдеттүү болуп саналат. КПССтин Программасы марксисттик-лениндик теориянын негизинде коомдук өнүгүүнүн закон ченемдүүлүктөрүн жана өлкөнүн өнүгүшүнүн конкреттүү-тарыхый шарттарын терең талдоо жана ар тараптан эске алуу менен иштелип чыгат.

Партиянын биринчи Программасы 1903-жылы РСДРПнын II съездинде кабыл алынган болучу жана буржуазиялык-демократиялык жана социалисттик революцияларды өткөрүү жана пролетариат диктатурасын орнотуу боюнча милдеттерден турган. 1917-жылы февралда падышалык режим жер бетинен жексен кылынган. 1917-жылы октябрда пролетардык революция элге жек көрүмчү капиталисттик түзүлүштү жок кылды. Тарыхта биринчи жолу социализмдин өлкөсү төрөлдү.

1919-жылы VIII съездде экинчи Программаны кабыл алып, партия социалисттик коомду куруу милдетин койду. Мурда белгисиз болгон жолдор менен барып, кыйынчылыктарды жана жокчулуктарды жоюп, совет эли Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында В. И. Ленин иштеп чыккан социализмди куруунун планын турмушка ашырды. Советтер Союзунда өнүккөн социалисттик коом курулду.

КПСС XXII съездде (1961) үчүнчү Программаны — коммунизмди — коммунисттик коомдун жогорку фазасын куруунун программасын кабыл алды. Ал коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүнү, социалисттик коомдук мамилелерди коммунисттик мамилелерге айландырууну, «ар кимден — жөндөмдүүлүгүнө жараша, ар кимге — керектөөсүнө жараша» деген улуу принципти ишке ашырууну, өзүндө рухий байлыкты, моралдык тазалыкты жана күч жагынан жетилүүнү гармониялуу айкалыштырган жаңы адамды тарбиялоону карайт. КПССтин Программасында улам жаңы элдердин капитализмден социализмге өтүүсү, бүткүл дүйнөлүк масштабда социализмдин жана коммунизмдин салтанаты негизги мазмунун түзгөн азыркы доордун илимий мүнөздөмөсү берилет.

Партиянын андан кийинки документтеринде биздин өлкөдө коммунисттик коомду куруунун жолдору конкреттештирилген. КПССтин XXV съездинин чечимдери жана документтери марксизмдин-ленинизмдин казынасына кошкон бай салым, жакынкы мезгилге жана узак перспективага коммунизмди куруунун маанилүү программалык документтери болуп саналат. Жумушчу табы, колхоздук дыйкандар жана интеллигенция лениндик партиянын жетекчилиги астында КПССтин үчүнчү Программасын турмушка ашырууга жана жер бетинде адилеттүү коомду — коммунизмди курууга толук чечкиндүү.

**СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАЛАР СОЮЗУ (СССР)** — эмгекчилердин дүйнөдөгү биринчи көп улуттуу социалисттик мамлекети, советтик союздук республикаларга уюшкан жүздөн ашык улуттардын жана элдердин ыктыярдуу биригүүсүнүн негизинде түзүлгөн. СССР 1922-жылы 30-декабрда эмгекчилердин көп улуттуу бирдиктүү социалисттик мамлекетин уюштуруунун лениндик принциптеринин негизинде түзүлгөн. КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда мындай деп көрсөтүлгөн: «Советтик Социалисттик республикалардын улуу жана кубаттуу Союзун түзүп турушкан бардык улуттардын жана элдердин бир туугандык достугу менен биримдиги бекем жана монолиттүү. Анын түзүлүшү жана ийгиликтүү өнүгүшү КПССтин лениндик улут саясатынын салтанатташы, анын чыныгы интернационалисттик мүнөзүнүн ачык-айкын күбөсү, социализмдин улуу жеңиши болуп саналат». Азыркы убакта СССРде бүткүл бийлик эл депутаттарынын Советтери аркылуу жумушчуларга, колхоздук дыйкандарга жана эмгекчи интеллигенцияга таандык. СССРдин мамлекеттик бийлигинин жогорку органы — СССР Жогорку Совети. Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңиши түпкү социалисттик кайра курууларды турмушка ашыруунун жана бирдиктүү көп улуттуу мамлекетти — ССР Союзун түзүүнүн саясий шарты болду.

СССРдин түзүлүшү — Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында жумушчу табы башчылык кылган бардык совет элдеринин революциячыл чыгармачылыгынын натыйжасы, партиянын теориялык жана саясий ишинин жыйынтыгы. Көп улуттуу социалисттик мамлекетти түзүүдө зор кызмат партиянын жана элдин жол башчысы В. И. Ленинге таандык. Социализмдин жолуна түшүшкөн тең укуктуу элдердин бул кубаттуу союзун чың-

доодо жана өнүктүрүүдө өлкөнүн бардык улуттары жана элдери, биринчи кезекте улуу орус эли өз ролдорун ойношту. Улуу Ата Мекендик согуш СССРдин бекемдигин катаал текшерүү болду, андагы жеңиш социалисттик коомдук жана мамлекеттик түзүлүштүн артыкчылыктарын, СССРдин улуу турмуштук күчүн жана бузулгустугун көрсөттү.

СССР жашап турган жылдарда биздин өлкөнүн элдери экономикалык социалдык-саясий жана рухий өнүгүүнүн бардык жактарында тарыхый жеңиштерге жетишти. Советтик коомдун социалдык-саясий турмушунда терең өзгөрүүлөр болуп өттү: эксплуататордук таптар, жумушсуздук, сабатсыздык жоюлуп, жумушчулар менен дыйкандардын союзу чыңдалды. Социалисттик улуттар түзүлүп, адамдардын тарыхый жаңы жалпылыгы — совет эли келип чыкты. Совет элинин баатыр күч-аракеттеринин аркасында СССРде өнүккөн социалисттик коом курулду. Коммунисттик курулуштун жүрүшүндө партиянын программалык максаттары, коммунисттик идеалдары үчүн эркин элдердин биргелешкен күрөшүнүн өзүн тарыхый жактан толук актаган мамлекеттик формасы катары СССРдин мааниси өсөт. СССРдин түзүлүшү жана ийгиликтүү өнүгүшү эл аралык зор мааниге ээ болот, бүткүл адамзаттын социалдык прогрессинде маанилүү этап болуп саналат.

**СОВЕТТИН ДЕПУТАТЫ** — элдин Советтеги полномочиелүү өкүлү. С. д-нын укуктук абалы 1972-жылдын 20-сентябриндеги «СССРде эмгекчилер депутаттарынын Советтеринин депутаттарынын статусу жөнүндө» СССРдин закону менен жөнгө салынат.

С. д-нын полномочиелери аны Советке шайлаган күндөн башталып, жаңы чакырылган Советке шайлоо күнүндө бүтөт. Закон депутаттык полномочиелерди мөөнөтүнөн мурда токтоткон учурларды карайт.

С. д. Коммунисттик партиянын саясатын, элдин таламдарын ишке ашыруучу коммунисттер менен партияда жоктордун элдик блогунун шайлоо платформасын турмушка ашырууга, жалпы мамлекеттик таламдарды жетекчиликке алууга, шайлоо округунун калкынын муктаждыктарын эске алууга чакырылган. С. д. өзүнүн ишин өндүрүштүк же кызматтык иштен кол үзбөй жүргүзөт.

С. д-нын статусу жөнүндө закон Советтеги, анын органдарындагы, жана да шайлоо округдарындагы, калктын арасындагы иштер менен байланышкан алардын полномочиелерин (милдеттерин жана укуктарын) жөнгө салат.

Статус жөнүндө закон депутаттык иштердин негизги гарантияларын белгилейт (депутаттык полномочиелерди орундатуу үчүн өндүрүштүк же кызматтык милдеттерден бошотуу; депутаттык милдеттерди аткаруу менен байланышкан расходдорду депутаттарга төлөп берүү; акысыз жол жүрүүгө укуктуулук; эмгек укуктарын коргоо; кол тийбестик ж. б.) жана кызмат адамдарынын С. д-на карата милдеттерин карайт. Депутаттык иштердин гарантиялары — бул артыкчылык эмес, элдин полномочиелүү өкүлдөрүнүн иштеринин натыйжалуулугун камсыз кылуучу каражаттар менен шарттар.



**СОВЕТ ЭЛИ** — СССРде социалисттик коомду куруунун натыйжасында түзүлгөн адамдардын жаңы тарыхый социалдык жана көп улуттуу жалпылыгы. Биргелешкен эмгекте, социализм үчүн күрөштө, аны коргоо үчүн салгылашууларда таптар менен социалдык топтордун, улуттар менен калктардын ортосунда гармониялуу мамилелер — достуктун жана кызматташтыктын мамилелери төрөлдү. Адамдардын социалдык жалпылыгынын жаңы тиби катары С. э. жумушчу табынын социалисттик таламдарын жана коммунисттик идеалдарын көрсөткөн марксисттик-лениндик идеологиянын негизинде бардык таптардын жана социалдык топтордун жакындашуусунун, алардын социалдык-саясий жана идеялык биримдигинин чыңдалышынын натыйжасында келип чыккан. Жумушчу табынын жетектөөчү ролу астында жумушчу табынын, колхоздук дыйкандардын жана элдик интеллигенциянын союзу биздин өлкөдө түзүлгөн тарыхый жаңы жалпылыктын — совет элинин бекем, бузулгус негизи болуп калды, деп белгиленген КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда. С. э. көп улуттуу жалпылык катары социалисттик курулуштун жана лениндик улут саясатын ишке ашыруунун жүрүшүндө, бардык советтик улуттардын жана элдердин гүлдөшүнүн жана жакындашуусунун натыйжасында түзүлдү. Коммунисттик партия башчылык кылган жумушчу табынын жетекчи ролу астында эмгекчилердин бийлиги С. э-нин саясий негизи, ал эми өндүрүш каражаттарына коомдук менчик — анын экономикалык негизи болуп саналат. Бирдиктүү мамлекет—СССР адамдардын жаңы жалпылыгын көрсөтүүнүн мамлекеттик формасы, марксисттик-лениндик идеология, бүткүл С. э-нин максаттарынын биримдиги — идеологиялык негизи болуп саналат. Совет адамдарынын рухий турпатында да маданияттын, адамдын моралдык-саясий турпатынын бир катар олуттуу жалпы белгилери түзүлдү.

СССРде жаңы тарыхый жалпылыктын — совет элинин келип чыгышы — бул «биздин өлкөбүздө жарым кылымдын ичинде пайда болгон экономикалык жана социалдык-саясий өзгөрүүлөрдүн өз алдынча бир топтолгон жыйынтыгы» (*Л. И. Брежнев*, Лениндик жол менен, 4-том, 74-бет). КПССтин XXV съездинин чечимдеринде жана документтеринде бардык таптардын жана социалдык топтордун идеялык-саясий биримдигин мындан ары чыңдоо, биздин өлкөнүн бардык улуттарынын жана калктарынын баш кошкондугун жана достугун чыңдоо боюнча чаралар белгиленген.

**СОВЕТ ЭЛИНИН ИДЕЯЛЫК-САЯСИЙ ЖАНА МОРАЛДЫК БИРИМДИГИ** — советтик коомдун жумушчу табынын, колхоздук дыйкандарынын жана интеллигенциясынын саясий

жана моралдык максаттарынын, таламдарынын, керектөөлөрүнүн жана моралынын негизги нормаларынын жалпылыгы жана элдин коммунизмди куруу боюнча практикалык аракеттеринин биримдиги. СССРдин эмгекчилеринин идеялык-саясий жана моралдык биримдиги социалисттик коомду куруунун жүрүшүндө болуп өткөн тарыхый социалдык-саясий, экономикалык жана рухий өзгөрүүлөрдүн натыйжасында жана КПССтин талыкпаган идеологиялык иштеринин аркасында түзүлгөн. Бардык таптардын жана социалдык топтордун жакындашуусу, совет элинин саясий жана моралдык сапаттарын тарбиялоо, анын социалдык биримдигин чыңдоо бизде жумушчу табынын социалисттик таламдарын жана коммунисттик идеалдарын көрсөтүүчү марксисттик-лениндик идеологиянын негизинде болуп өтөт. Социалисттик курулуштун жылдарында биздин өлкөдө жаңы тарыхый жалпылык—совет эли пайда болду. Бул жалпылыктын бардык таптары жана социалдык топтору марксисттик-лениндик идеологиянын жалпылыгы, коммунисттик коомду куруунун жогорку максаттары менен биригишкен. Совет элинин идеялык-саясий жана моралдык биримдиги буржуазиялык идеологияга жана өткөндүн саркындыларына каршы күрөштө жетилген. КПССтин XXV съездинде «совет элинин саясий биримдиги, жумушчу табынын, колхозчу дыйкандардын, интеллигенциянын таламдарынын жана максаттарынын жалпылыгы ар бир өндүрүштүк коллектив онунчу беш жылдыктын тапшырмаларын ийгиликтүү орундатууга бардык күчүн жумшай тургандыгынын ...гарантиясы боло алат». (КПССтин XXV съездинин материалдары, 184-бет).

**СОЦИАЛДЫК СТРУКТУРА** (социалисттик коомдо) — социализмдин учурундагы таптардын жана социалдык топтордун мамилелеринин мүнөздөөчү коомдун жалпы структурасынын составдуу бөлүгү. Социалисттик коомдун С. с-сы үчүн эксплуататордук таптардын жана таптык антогонизмдин жоктугу мүнөздүү. Анын буржуазиялык коомдун С. с-сынан сапаттык айырмасы ушунда. Социализмдин алгачкы баскычы менен салыштырганда өнүккөн социалисттик коомдун С. с-сында белгилүү өзгөрүүлөр болуп өттү. Социализмдин С. с-сы үчүн таптар менен социалдык топтордун ортосундагы достук мамилелер мүнөздүү, мында коомдун социалдык-саясий жана идеялык биримдиги бекемделген. КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда белгиленгендей, өнүккөн социалисттик коомдо советтик коомдун социалдык турпаты экономиканын динамикалуу өнүгүшүнүн негизинде жаңы белгилерге ээ болот.

Социалисттик коомдун С. с-сынын өнүгүшү адамдардын жаңы тарыхый жалпылыгынын — совет элинин түзүлүшүндө чагылдырылды. С. с. али бир тектүү эмес. Социализмдин учурунда эки тилектеш тап — жумушчу табы жана колхоздук дыйкандар болот.



Коомдо интеллигенциянын өтө көп сандаган катмары бар. Азыркы убакта коомдун С. с. төмөндөгүдөй: жумушчулар 74 миллиондон ашык, же калктын 61,2 проценти, колхоздук дыйкандар 14,7 млн. же 16,4 процент, интеллигенция 31,2 млн. же 22,4 процент. Жумушчу табынын, колхоздук дыйкандардын жана интеллигенциянын ич арасында ар түрдүү социалдык-кесипчилик топтор бар. Ар түрдүү таптардын жана социалдык топтордун ортосунда белгилүү социалдык жана рухий айырмалар бар. Шаар менен кыштактын, акыл эмгеги менен күч эмгегинин ортосундагы олуттуу айырмалар өтө маанилүүлөрү болуп саналат.

Партия өзүнүн саясатында бүткүл элдин таламдарын да, ошондой эле аны түзүүчү таптардын жана социалдык топтордун таламдарын да так эске алат, аларды бир жалпы нукка багыттайт. КПССтин XXV съездинин чечимдеринде жана документтеринде коомдун С. с-сын мындан ары өркүндөтүү боюнча чаралар белгиленген. Бул социалдык өнүктүрүүнүн жана элдин турмуш деңгээлин жогорулатуунун составдуу бөлүгү. Коммунисттик курулуштун жүрүшүндө социалдык-таптык социалисттик коомдун социалдык бир түрдүү тапсыз айланып өтүшү болот.

**СОЦИАЛДЫК-ТАПТЫК АЙЫРМАЛАРДЫН ЖОЮУЛУШУ** (СССРде) — таптар менен социалдык топтордун ортосунда таптык ж. б. социалдык айырмаларды жоюунун жүрүшү, коммунисттик курулуштун жүрүшүндө коомдун социалдык бир тектүүлүгүнө жетишүү. Социалисттик коомдо шаар менен кыштактын ортосундагы, күч эмгеги менен акыл эмгегинин ортосундагы карама-каршылык жоюлган, социалдык антагонизм жоюлган. Социалисттик коомдо таптардын жана социалдык топтордун социалдык-саясий жана идеялык биримдиги орноп, адамдардын жаңы тарыхый жалпылыгы — совет эли келип чыкты. Бирок социализмдин учурунда жумушчу табы менен дыйкандардын ортосундагы кээ бир социалдык-таптык айырмалар али сакталып калууда, социалисттик менчиктин формаларында, эмгектин мазмунунда жана мүнөзүндө, маданияттын жана тиричиликтин ж. б. деңгээлинде айырмалар болот. Күч эмгеги менен акыл эмгегинин ортосунда олуттуу айырмалар сакталып калат, алар бир тараптан жумушчу табы менен дыйкандардын, экинчи тараптан интеллигенциянын ортосундагы айырмалар катарында чыгат. Таптардын ортосундагы айырмалар менен катар таптардын ич арасындагы социалдык топтордун ортосундагы айырмалар болот. Маселен, жумушчу табынын ич арасында эмгектин мүнөзү жана мазмуну, маданий-техникалык деңгээли ж. б. боюнча, жогору квалификациялуу, квалификациялуу, аз квалификациялуу жана квалификациясыз жумушчулар өңдөнгөн социалдык-кесипчилик топторунун ортосундагы айырмалар бар. Акыл эмгегинин адамдарынын арасында да айрым категориялардын ортосундагы айырмалар бар. КПССтин XXV съез-

ди тарабынан белгиленген социалдык өнүктүрүүнүн жана элдин турмуш деңгээлин жогорулатуунун программасында СССРде социалдык-таптык айырмаларды жоюу процессин мындан ары тездетүү боюнча чаралар белгиленген. Эмгектин социалдык-экономикалык жана өндүрүштүк шарттарын жакшыртуу, анын чыгармачылык мүнөзүн күчөтүү, аз квалификациялуу жана оор кол эмгегин ар тараптан кыскартуу, эмгекчилердин билим жана маданий-техникалык деңгээлин өстүрүү, советтик коомдун ар түрдүү социалдык топторунун, шаар менен кыштактын адамдарынын жыргалчылык жана маданий деңгээлин, эмгек жана тиричилик шарттарын мындан ары жакындаштыруу каралган. КПСС коммунисттик курулуштун жүрүшүндө социалдык-таптык айырмаларды жоюунун жана тапсыз коммунисттик коомду куруунун тарыхый милдетин коёт.

**СОЦИАЛИЗМ** — коммунисттик коомдун биринчк фазасы. Социализмдин учурунда жумушчу табынын жана анын марксисттик-лениндик партиясынын авангарддык ролунун астында эмгекчилердин бийлиги, өндүрүш каражаттарына коомдук менчик орнотулган, жогорку техникалык деңгээлде бүткүл эл чарбасын пландуу өнүктүрүү камсыз кылынат, коомдун ар бир мүчөсүн ар тараптан өнүктүрүү таламдарында, «ар кимден — жөндөмдүүлүгүнө, ар кимге—эмгегине жараша» принциби ишке ашырылат, эмгекчилерди коммунисттик тарбиялоонун жүрүшү кеңейтилет. Ошондой эле: таптык жана улуттук антагонизмди жоюу, адамды адам эксплуатациялоонун жок болушу, жумушчу табынын, колхоздук дыйкандардын жана эмгек интеллигенциясынын социалдык жана идеялык-саясий биримдиги, ишке ашыруу чыныгы гарантияланган учурдагы эмгекчилердин чыныгы социалдык жана саясий эркиндиктери менен укуктары, экономикалык, социалдык-саясий жана рухий жактарындагы ж. б. жеңип алуулар социализмдин маанилүү белгилери болуп саналат.

Социализмдин түпкү артыкчылыктары КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда ар тараптан ачылган. Бул көрүнүктүү идеялык-теориялык жана саясий документте мындай деп айтылган:

«**Социализм — бул реалдуу гуманизмдин коому.** Анын башкы байлыгы эмгек адамы болуп саналат. Бардыгы адамдын жыргалчылыгы үчүн, бардыгы адам үчүн — турмуштун жаңы, социалисттик образынын эң терең мазмуну мына ушунда.

**Социализм — бул эркин эмгектин, нагыз демократиянын, адамдын чыныгы эркиндигинин, эң алдыңкы илимдин жана маданияттын коому.** Ал эзүүнүн бардык түрлөрүн жок кылат, эмгекке, билим алууга жана дем алууга укуктуу, эмгекчилердин толук эмгектенүүсүн камсыз кылат, коомдун



бардык мүчөлөрүнүн ар тараптуу чыгармачылык өсүшү үчүн реалдуу мүмкүндүктөрдү түзөт.

**Социализм — бул социалдык оптимизмдин коому.** Ал эмгекчи адамга эртеңки күнүнө, өз балдарынын таалайлуу келечегине, карыганда камсыз боло тургандыгына бекем ишенич берет.

**Социализм элдерге жаңы, тең укуктуу мамилелерди, өз ара пайдалуу кызматташтыкты жана тынчтыкты алып келет.** Ал колониализмдин жана неоколониализмдин кесепеттеринен жапа чеккен, өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн элдеринин алдында экономикалык жактан артта калуучулукту тарыхый кыска мөөнөттүн ичинде жок кылуу перспективасын, социалдык боштондукка чыгуу жана ар тараптуу прогресстин перспективасын ачат.

**Экономикалык, саясий жана рухий турмушту социалисттик уюштуруу социализм гана азыркы доордун жалпы адамзаттык эң маанилүү жана кечиктирилгис проблемаларын чечүү жолун ача тургандыгын көрсөттү.** Массалык бүлгүнгө дуушар кылуучу куралды колдонуу менен жалпы кыргынга учуратуучу согуштун коркунучунан адамзатты түбөлүккө куткарууга, жаратылыш чөйрөсүн сактоого жана жакшыртууга социализм гана жөндөмдүү».

Социализм — коммунисттик коомдун биринчи фазасы орногон өтмө мезгилден кийин, ал эки этаптан өтөт. Биринчиси — негизинен курулган социализм, экинчиси — өнүккөн социалисттик коом. СССРде биринчи этап 30-жылдардын орто ченинде башталган. Ал убакытка карата, КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда белгиленгендей, коомдун турмушунун бардык негизги чөйрөлөрүн кучагына алган социализмди куруунун лениндик планы турмушка ашырылган болучу. 60-жылдардын башталышында СССР өнүккөн социалисттик коомдун этабына кадам шилтеди, анда социализмдин бардык белгилери алда канча жетилген болот. Шексиз боло тургандыгын К. Маркс менен Ф. Энгельс илимий жактан алдын ала айткан социализм, В. И. Ленин куруу планын түзүп берген социализм — Советтер Союзунда реалдуу чындык болуп калды. Мунун өзү совет элине коммунизмди — коммунисттик коомдун жогорку фазасын курууга киришүүгө мүмкүндүк берди. Болгарияда, Чехословакияда, Венгрияда, ГДРда жана бир катар башка социалисттик өлкөлөрдө социализмдин негиздери курулган жана өнүккөн социалисттик коомду куруу ишке ашырылууда.

**СОЦИАЛИЗМ УЧУРУНДАГЫ ЭМГЕК** — социалисттик коомдогу эмгектин материалдык-техникалык, социалдык-экономикалык, кесиптик жана рухий бөтөнчөлүктөрү жана эмгекке социалисттик мамиле. С. у. э. капиталисттик коомдогу эмгекке салыштырганда сапаттык өзгөрүүлөргө дуушар болот. С. у. э. өндүрүш каражаттарына болгон коомдук менчикке негизделген, адамдар эксплуатациядан жана кулда-

нуудан бошотулган, эмгек милдеттүү мүнөздө, закон тарабынан регламенттелет. Материалдык байлыктарды бөлүштүрүү «ар кимден — жөндөмдүүлүгүнө жараша, ар кимге — эмгегине жараша» деген принцип боюнча эмгектин өлчөмүнө жана сапатына ылайык жүргүзүлөт. Өнүккөн социалисттик коомдо эмгекти механизациялоодо чоң ийгиликтерге жетишилди, автоматташтыруунун элементтери пайда болууда, бирок кара күч жумшалган, механизацияланбаган жумуштардын үлүшү али бир кыйла. С. у. э. аң-сезимдүү социалисттик тартиптин негизинде курулат.

Эмгекке материалдык жана моралдык стимулдарды туура айкалыштыруу чоң мааниге ээ болот. Эмгекке социалисттик мамиле кылуу дегенибиз элге пайдалуу өндүрүштүк ишке аң-сезимдүү мамиле кылуудан, эмгекке жалпы элдик, коллективдүү жана жекече кызыгуудан, эмгекке ар-намыстын жана эрдиктин иши катары мамиле кылуудан көрүнөт. Ал ошондой эле социалисттик мелдештен, жолдоштук өз ара жардамдашуудан, алдыңкы тажрыйбаны үйрөтүүдөн ж. б. ачык көрүнөт. Социалисттик коомдо эмгекке коммунисттик мамиле кылуунун элементтери бар, маселен коммунисттик ишембилик, ж. б. Социалисттик коомдо өнөр жай эмгеги менен айыл чарба эмгегинин, акыл эмгеги менен күч эмгегинин ортосунда олуттуу айырмалар бар. Социализмдин учурунда жула качуу, шалаакылык, жатып ичерлик ж. б. түрүндөгү эмгекке эскиче мамиле жасоонун саркындылары али сакталып калууда. Эмгекке социалисттик мамиле жасоону калыптандырууда идеялык-тарбия ишине комплекстүү мамиле жасоонун составдуу бөлүгү катары саясий, эмгектик жана правалык тарбия чоң орунду ээлейт. Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде белгилегендей, «социалисттик мелдештин азыркы кездеги жогорулашы — саясий жана эмгектеги тарбиялоону тыгыз бириктиргендиктин ачык-айкын натыйжасы».

**СОЦИАЛИСТТИК ДЕМОКРАТИЯ** — социалисттик өлкөлөрдө орнотулган демократиянын жогорку тиби жана эмгекчилердин мамлекетти, бардык коомдук иштерди башкарууга катышуусунун мазмуну, принциптери, формалары жана методдору болуп саналат. С. д. таптык мүнөздө, жумушчу табынын жана башка эмгекчи массаларынын таламдарын көрсөтөт. С. д-нын башкы артыкчылыктары жана буржуазиялык демократиядан сапаттык айырмалары төмөндөгүдө турат: 1) демократия бир ууч эксплуататорлор үчүн эмес, эмгекчилер үчүн; 2) демократияны зор даражада кеңейтүү, эмгекчилердин социалдык абалы, жынысы, дини ж. б. боюнча бардык чектөөлөрдү алып таштоо; 3) эмгекчилерге укуктун жана эркиндиктердин факты жүзүндөгү гарантияларын берүү; 4) демократияны саясатка гана эмес, ошондой эле экономикага жана маданиятка таркатуу, эмгекчилерди өндүрүштү башкарууга активдүү тартуу.

С. д. тарыхта биринчи жолу эмгекчилер үчүн реалдуу демократия болуп саналат, мамлекетти башкарууда чыгармачылык активдүүлүктү жана демилгени көрсөтүү үчүн кеңири мүмкүндүктөрдү ачып берет. С. д-нын учурунда эмгекчилер өкүлдүү демократияны, ошондой эле түздөн-түз демократияны кеңири жайылтуу жолу менен мамлекетти башкарууну ишке ашырат. С. д. пролетариат диктатурасынын жеңиши менен орнотулат жана жалпы элдик мамлекетте андан ары өнүктүрүлөт.

Өнүккөн социалисттик коомду куруу менен С. д. пролетардык демократиядан жалпы элдик демократияга өсүп өтөт. Эмгекчи массаларынын мамлекетти башкарууга факты жүзүндө жана ар тараптан катышуусун камсыз кылуучу элдик бийлик жетилген социализмдин саясий системасы болуп саналат. Советтердин ишине 2,2 миллиондон ашык депутаттар катышып жатышкандыгы социалисттик коомдо өкүлдүү демократияны кеңири өнүктүрүүнүн ачык далили болуп саналат.

Социалисттик коомдо элдин таламдарына, коммунисттик курулуштун таламдарына кызмат кылгандар демократиялуу болуп саналат.

Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездиндеги докладында «социализмсиз чыныгы демократия болбогондой эле, социализм да демократияны тынымсыз өнүктүрмөйүнчө мүмкүн эмес», — деп белгилеген. (КПССтин XXV съездинин материалдары, 102-бет). Социалисттик коом үчүн саясий системаны, демократияны кыйшаюусуз өркүндөтүү мүнөздүү. Эмгекчилерди коомдун бардык иштерин башкарууга барган сайын кеңири катыштырууну камсыз кылуу, биздин мамлекеттин демократиялык негиздерин мындан ары өнүктүрүү, адамды ар тараптан гүлдөтүү үчүн шарттарды түзүү КПССтин XXV съезди тарабынан белгиленген демократияны өнүктүрүүнүн негизги багыттары болуп саналат.

Коомдун саясий уюмдарынын бүткүл системасында Коммунисттик партиянын жетекчи ролун мындан ары жана кыйшаюусуз жогорулатуу С. д-ны өнүктүрүүдөгү эң башкы багыттардын бири. Демократияны ар тараптан өнүктүрүү менен партия коомдук тартипти чыңдоонун проблемаларына, бардык граждандар тарабынан коомдун алдындагы өзүлөрүнүн милдеттерин сактоого тийиштүү көңүл бурат, ансыз демократиянын ишке ашуусу мүмкүн эмес.

**СОЦИАЛИСТТИК КООМДУК МАМИЛЕЛЕР** — социалисттик коомдогу экономикалык, социалдык-саясий жана идеологиялык мамилелердин жыйындысы. С. к. м. социалисттик өндүргүч күчтөрүнө негизденет. Өндүрүш каражаттарына коомдук менчик С. к. м-дин экономикалык негизи, КПСС башчылык кылган жумушчу табынын жетекчи ролу астындагы эмгекчилердин бийлиги — саясий негизи, марксизм-ленинизм — идеологиялык негизи болуп саналат. С. к. м. өндүрүш каражаттарына болгон жеке менчиктин жана адамды адам эксплуатациялоонун жоктугу

менен мүнөздөлөт. Социализмдин учурунда экономикалык мамилелер жолдоштук кызматташтыктын жана өз ара жардамдашуунун негизинде өнүгөт. Социалисттик коомдогу социалдык, саясий жана идеологиялык мамилелер — бул таптар менен социалдык топтордун, улуттар менен калктардын ортосундагы, совет элинин социалдык-саясий жана идеялык биримдигинин, бардык эмгекчилердин таламдарынын жана максаттарынын жалпылыгынын негизиндеги достук, гармониялык мамилелер. «Ар кимден — жөндөмдүүлүгүнө жараша, ар кимге — эмгегине жараша» деген социалисттик принцип экономикалык жана социалдык турмушту уюштурууда негизги принцип болуп саналат. Социализмдин учурунда улуттар менен калктардын ортосундагы мамилелер теңчиликтин, достуктун жана кызматташтыктын принциптеринде курулат. КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда белгиленгендей «өнүккөн социализм коммунисттик мамилелерге бара-бара өсүп чыгуучу коомдук мамилелердин бүткүл системасынын жетилгендигинин жогорку даражасы болуп саналат».

**СОЦИАЛИСТТИК МЕЛДЕШ** — социализм пайда кылган, «эмгекчилердин чыныгы көпчүлүгүн алар өзүлөрүн көрсөтө, өзүлөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүн кеңири жайылтып, талантгарын таба ала турган жумуштардын аренасына чыныгы *кеңири*, чыныгы *массалык* көлөмдө тартууга» мүмкүндүк ачып берген, адамдардын ортосундагы коомдук байланыштын жаңы формасы (ПСС, 35-т., 195-бет). Мелдеш — социалисттик жана коммунисттик курулуштун натыйжалуу методу, эмгекчилерди тарбиялоонун, аларды өндүрүштү башкарууга тартуунун, социалисттик коллективизмди калыптандыруунун кубаттуу каражаты. Социалисттик өндүрүштүк мамилелер жана өз ара кызматташтыктын жана өз ара түшүнүшүүнүн мамилелери менен байланышкан эксплуатациядан эркин кызматкерлердин эмгегин аларга ылайык кооперациялоо социалисттик негиздерде мелдештин келип чыгышынын объективдүү негизи болуп саналат. С. м-дин маңызы — коомдук өндүрүштө жалпы максатка жетишүү үчүн иштеп жатышкан кызматкерлердин эмгегиндеги жарышуулары жана өз ара жардамдашуусу.

С. м. социалисттик эмгекке мүнөздүү. Ал социалисттик эмгектин өзгөрүшү жана өнүгүшү, анын коммунисттик эмгекке өсүп өтүшү менен бирге өнүгөт жана өркүндөйт. С. м. биздин өлкөдө терең тамыр жайды. Мелдеш чарбалык практикага, өлкөнүн коомдук-саясий турмушуна, нравалык атмосферага таасир көрсөтөт.

Социалисттик курулуштун бардык этаптарында Коммунисттик партия С. м-ке жетекчилик кылууга чоң көңүл буруп келген. Аны уюштуруунун маселелери дайыма партиянын съезддеринде жана конференцияларында, БКнын пленумдарында ар тараптан талдоого алынып, илимий жактан терең



иштелип чыгып келген. 1971-жылы КПСС БК «Социалисттик мелдешти уюштурууну мындан ары жакшыртуу жөнүндө» токтом кабыл алды.

С. м-ти өнүктүрүүнүн азыркы этабы өнүккөн социализмдин бөтөнчөлүктөрү, биринчи кезекте экономикадагы терең өзгөрүүлөр, эмгекти социалисттик кооперациялоону өркүндөтүү менен белгиленет. Илимий-техникалык революциянын шарттарында С. м. эл чарбасын өнүктүрүүдө жана эмгекчилерди тарбиялоодо сапаттуу жаңы ролду ойноого чакырылган.

Л. И. Брежнев СССРдин профсоюздарынын XVI съездинде белгилегендей, «социалисттик мелдеш азыркы кездеги этапта сапаттык жаңы белгилерге, жаңы бөтөнчөлүктөргө ээ болуп отургандыгы абдан табигый көрүнүш. Бүгүнкү күндөгү мелдешти илимий-техникалык революциядан ажыратып бөлүүгө болбойт. Ал натыйжалуулуктун жана сапаттын проблемаларынын айланасына барган сайын көбүрөөк топтолуп жатат. Ал эл чарбасында эң мыкты түпкүлүктүү натыйжаларга жетишүүгө багытталган. Ал миллиондордун демилгеси менен кажыбас-кайраттуу эмгегинин ушунчалык ачык-айкын көрүнүшү болгон жогорулатып алма пландар менен өтө тыгыз байланыштуу».

Аны уюштуруунун демократиялык негиздерин кеңейтүү, келишимдик башталыштарды өнүктүрүү, эмгектик атаандашуунун жана жолдоштук өз ара жардамдашуунун рухун өнүктүрүү, мелдешкендердин моралдык кызыгуусу менен материалдык кызыгуусун билгичтик менен айкалыштыруу мелдештин таасирдүүлүгүн жогорулатуунун, андагы мүмкүндүктөрдү өтө толук пайдалануунун негизги жолдору болуп саналат. Ал массалуулук, ишке чыгармачылык мамиле кылуу, илимдин жана алдыңкы тажрыйбанын жетишкендиктерин өндүрүшкө активдүү киргизүү менен айырмаланышы, аны уюштурууда маалымдап туруунун, анын натыйжаларын салыштыруунун, алдыңкы тажрыйбаны практика жүзүндө кайталоого боло тургандыгынын лениндик принциптери ырааттуу жүргүзүлүшү маанилүү болуп саналат.

С. м. эмгекчилердин өзүнүн чыгармачыл иши катары жүргүзүлсө, массалардын демилгесине ээ болсо, бул демилгени жайылтуу, аны экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн башкы милдеттерин чечүү аркылуу кошуу үчүн кеңири мейкиндик түзсө, өзүнүн күчүн толук көрсөтөт. С. м. биздин өлкөдө терең тамыр жайган. Мелдеш чарбалык практикага, өлкөнүн коомдук-саясий турмушуна, нравалык кырдаалга терең таасир көрсөтөт. КПССтин XXV съездинде Л. И. Брежнев социалисттик мелдештин азыркы жогорулашы саясий жана эмгектик тарбиялоону тыгыз бириктирүүнүн көрсөтмөлүү натыйжасы болуп саналат деп белгилеген. Партиянын XXIV жана XXV съезддеринин аралыгындагы мезгилде социалисттик мелдештин жүрүшүндө эмгекчи массалар жогорулатып алма пландарды, ар бир кызматкер-

дин жекече чыгармачылык пландарын кабыл алуу, төрт күндүн ичинде беш күндүк тапшырманы орундатуу ж. б. өндөргөн баалуу саамалыктар жана демилгелер менен чыгышты. 10-беш жылдыктын биринчи күндөрүнөн тартып: «Экономиканы жана элдин жыргалчылыгын андан ары өстүрүүнүн урматына өндүрүштүн натыйжалуулугун жана иштин сапатын жогорулаталы!» деген ураан алдында бүткүл элдик социалисттик мелдеш кеңири жайылтылды.

**СОЦИАЛИСТТИК РЕВОЛЮЦИЯНЫН ЖАНА СОЦИАЛИЗМДИ, КОММУНИЗМДИ КУРУУНУН ЖАЛПЫ ЗАКОН ЧЕНЕМДҮҮЛҮКТӨРҮ** — өзүнүн мазмуну боюнча бардык өлкөлөр үчүн жалпы болгон, капиталисттик түзүлүштү кулатуунун, социалисттик түзүлүштү орнотуунун жана аны өнүктүрүүнүн революциячыл процессинин объективдүү шартталган белгилери. Бул жалпылык социалисттик революция жок кылууга тийиш болгон капитализмдин бардык өлкөлөрдөгү таптык маңызынын бирдейлиги менен аныкталат, бул же тигил конкреттүү, жергиликтүү шарттарда өзүнүн таптык мазмунун өзгөртпөгөн социализмди куруунун жана өнүктүрүүнүн бирдиктүү максаттары жана милдеттери, эл аралык коммунисттик кыймылдын интернационалдык мүнөзү менен белгиленет.

Марксизмдин-ленинизмдин теориясында чагылдырылган жана практикада ырасталган С. р. ж. с., к. к. ж. з. бир тууган партиялардын эл аралык кеңешмелери тарабынан кеңири формада коллективдүү келтирилген болучу. «Ошол жалпы закон ченемдүүлүктү терең түшүнүү, ар бир өлкөдөгү ачык-айкын шарттарга чыгармачылык мамиле кылуу жана аны эске алуу аркасында ошого таянуу марксчилердин-ленинчилердин ажыратылгыс өзгөчөлүгү болуп келген жана болуп кала берет» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 37-бет).

С. р. ж. с., к. к. ж. з. эки топко бөлүнөт: социализмге карата жолду белгилөөчү социалисттик революциянын закон ченемдүүлүгү жана реалдуу жашап турган социалисттик коомдун өнүгүү закон ченемдүүлүгү. «**Ар түрдүү өлкөлөрдүн социализмге карай жолу** тигил же бул формадагы социалисттик революция, анын ичинде эксплуататорлордун мамлекеттик машинасын бузуу, алмаштыруу сыяктуу; эмгекчилердин башка катмарлары менен союз түзгөн пролетариат диктатурасынын тигил же бул формасын орнотуу, эксплуататордук таптарды жок кылуу сыяктуу; өндүрүш куралдарын коомдоштуруу жана социалисттик өндүрүштүк мамилелерди жана коомдук башка мамилелерди шаарда жана кыштакта орнотуу сыяктуу; кеңири эмгекчи массаны маданияттын байлыктарына катыштыруу, башкача айтканда, бул сөздөрдүн лениндик маанисинде алганда маданий революция сыяктуу ал өлкөлөр үчүн эң маанилүү жалпы окуялар менен белгиленгендигин тажрыйба көрсөтүп отурат.

**Азыр курулуп бүткөн социализмдин** негизги белгилери жөнүндө айта турган болсок, анда бул маселе да коммунисттер үчүн айкын. Ал маселе биз үчүн жалаң гана марксисттик илимдин теориялык жоболорунан эмес, социалисттик өлкөлөрдүн өнүгүшүнүн тажрыйбасынан да айкын болуп олтурат... Бул жумушчу табынын авангарддык ролу менен эмгекчилердин бийлиги, коомдук өнүгүүгө марксисттик-лениндик партиянын жетекчилиги. Бул — өндүрүш каражаттарына болгон коомдук менчик жана анын негизинде бүткүл элдин жыргалчылыгынын таламдарында техникалык жогорку деңгээлде бүткүл эл чарбасын пландуу өнүктүрүү. Бул — «ар кимден — анын жөндөмдүүлүгүнө жараша, ар кимге — анын эмгегине жараша» деген принципти ишке ашыруу. Бул — бүткүл элдин илимий коммунизмдин идеологиясынын духунда, социализмдин бир тууган өлкөлөрүнүн элдеринин жана бүткүл дүйнөдөгү эмгекчилердин достук духунда тарбиялоо. Акырында бул — пролетардык, социалисттик интернационализмдин принциптерине негизделген тышкы саясат». (*Л. И. Брежнев.* Лениндик жол менен, 2-том, «Кыргызстан» басмасы, 690—700-беттер).

Ар бир социалисттик улуттун гүлдөшү менен, социалисттик мамлекеттердин суверенитетинин чыңдалышы менен бирге алардын өз ара байланыштары барган сайын тыгыз болуп, алардын саясатында, экономикасында, социалдык турмушунда жалпылыктын улам көп элементтери пайда болуп, социализмдин өлкөлөрүнүн өнүгүү деңгээли бара-бара теңеле берет. «Социализм өлкөлөрүнүн бул бара-бара жакындашуу процесси,— деп белгиленген КПСС БКнын партиянын XXV съездине Отчеттук докладында,— азыркы убакта закон ченемдүүлүк катарында толук белгилүү көрүнүүдө».

**СОЦИАЛИСТТИК УЛУТТАРДЫН ГҮЛДӨШҮ ЖАНА ЖАКЫНДАШЫ** — социалисттик коомдо улуттук мамилелердин өнүгүшүндөгү кош бирдиктүү процесс. Социализмдин учурунда улуттук мамилелердин өнүгүшүндө өз ара байланыштуу эки тенденция аракет кылат: а) ар бир улуттун тез жана ар тараптуу өнүгүшү жана б) социалисттик улуттардын жакындашы, алардын өз ара түшүнүүсү. Социализм бардык социалисттик улуттардын жана элдердин чыныгы гүлдөшү үчүн шарттарды түздү. Жумушчу табынын, бардык эмгекчилердин негизги таламдарын көрсөтүүчү, лениндик улут саясатын жүргүзүүчү Коммунисттик партия бардык улуттарды жана элдерди бирдиктүү интернационалдык боордоштукка баш коштуруп, жумушчулардын жана дыйкандардын көп улуттуу мамлекетин — СССРди түзө жана алардын күч-аракеттерин социализм менен коммунизмди курууга багыттай алышты. Бул курулуштун жүрүшүндө С. у. г. ж. ж. ишке ашырууга багыттай алышты. Бул курулуштун жүрүшүндө С. у. г. ж. ж. ишке ашырылууда. Материалдык каражаттарды жана күч-аракеттерди топтоштуруу, советтик элдердин ак ниет өз ара жардамдашуусу бардык

республикаларда жогору өнүккөн өнөр жайды жана ири механизациялаштырылган айыл чарбасын түзүүгө мүмкүндүк берди. «Азыр биздин бардык союздук республикаларыбыздын жогору өнүккөн өнөр жайы жана механизацияланган ири айыл чарбасы бар. Достуктун жана бир туугандыктын бузулбас байланыштары менен биригип отурган алардын колунда материалдык өндүрүштүн, илимдин жана маданияттын бардык жактарында андан аркы прогресске жетүү үчүн керек нерселердин бардыгы бар» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 177-бет). «СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында» бардык союздук жана автономиялуу республикаларда жана экономикалык райондордо, автономиялуу областтарда жана улуттук округдарда экономиканы мындан ары жогорулатууну камсыз кылуу каралган. 10-беш жылдыкта союздук республикалардын ортосундагы экономикалык байланыштар бир кыйла чыңдалат, алардын ар биринин жалпы мамлекеттик милдеттерди чечүүгө салымы жогорулайт, алардын өнүгүү деңгээлдерин мындан ары карай теңештирүү улантылат.

Советтик коомдун социалдык-саясий турмушунда терең сапаттык өзгөрүүлөр болуп өттү: эксплуатация жана эксплуататордук таптар, жумушсуздук, сабатсыздык жоюлду, жумушчулардын жана дыйкандардын союзу чыңдалды. Социалисттик улуттар түзүлүп, совет элинин социалдык-саясий жана идеялык биримдиги бекемделди. Л. И. Брежнев «Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун элүү жылдыгы жөнүндө» докладында СССРде жаңы маданият — «мазмуну боюнча, өзүнүн өнүгүшүнүн башкы багыты боюнча социалисттик, өзүнүн улуттук формалары боюнча ар түрдүү жана өзүнүн руху жана мүнөзү боюнча интернационалисттик маданият» түзүлгөндүгүн айткан. «Мына ошентип ал бардык элдер түзүп жаткан рухий байлыктардын органикалык уюткусу болуп саналат».

Экономикалык, социалдык-саясий жана маданий өнүгүүнүн теңештирүү СССРдин бардык республикаларынын тез жана ар тараптуу прогрессинин маанилүү фактору болду. Бир туугандык биригүүдө Советтик мамлекеттин бардык улуттарынын жана калктарынын аң-сезимдүү кубаты, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү, таланттары адаттагыдан башкача толук ачылды. Бардык республикалардын, экономикалык райондордун, эл чарбасынын жана маданияттын бардык тармактарынын кызматкерлеринин, көп улуттуу эмгек коллективдеринин СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн 10-беш жылдык планын орундатууга активдүү катышуусу С. у. г. ж. ж. мындан аркы жолунда маанилүү жаңы кадам болот.

Улуттардын жана элдердин жакындашуусуна тенденция да бир кыйла өнүктү. СССРде социалисттик курулуштун жылдарында адамдардын жаңы көп улуттуу жалпылыгы — совет эли түзүлдү, ал улуттар



менен элдердин ортосундагы жаңы гармониялуу мамилелерди — достук менен кызматташтыктын мамилелерин көрсөтөт. СССРдин бардык улуттары жана элдери тарабынан улуттар аралык катнашуунун тили катары тандалып алынган орус тили совет элдеринин өз ара байланышынын жана баш кошкондугунун кубаттуу куралы, ата-мекендик жана дүйнөлүк маданияттын мыкты жетишкендиктерине аралашуунун каражаты болуп калды.

«Улут саясатынын лениндик принциптерин иш жүзүнө ырааттуу ашыруу,— деп айтылган КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда,— биздин көп улуттуу социалисттик Родинабыздын бардык элдеринин мындан ары да ар тараптан жакындашына алып барууда. Советтер Союзу адамзаттын коомунун өнүгүшүнүн эң эле татаал маселелеринин бирин ийгиликтүү чечүүнүн өзүнө тартуучу өрнөгүн көрсөтүп жатат».

**СССРдин ГОСПЛАНЫ**—СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнү жалпы мамлекеттик пландаштырууну жана пландардын орундалышын контролдоону ишке ашыруучу союздук-республикалык орган.

КПССтин Программасына, КПСС БКнын жана СССР Министрлер Советинин директиваларына ылайык СССРдин эл чарбасынын пропорциялуу өнүгүшүн, коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү, элдин турмуш деңгээлин кыйшаюусуз жогорулатуу жана өлкөнүн коргоого жарамдуулугун чыңдоо максатында коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугунун тынымсыз өсүшүн камсыз кылуучу мамлекеттик эл чарба пландарын иштеп чыгуу СССР Госпланынын башкы милдети болуп саналат.

СССР Госпланы пландардын долбоорлорунун илимий деңгээли, экономикалык негиздүүлүгү үчүн жооп берет, бардык министерстволордун, ведомстволордун, союздук республикалардын, ишканалардын жана уюмдардын мамлекеттик пландары орундатышына контролдук кылат, алардын орундалышынын жүрүшү жөнүндө СССРдин өкмөтүнө билдирип турат жана эл чарбасынын өнүгүшүндө диспропорциялардын алдын алуу жана четтетүү боюнча чараларды иштеп чыгат.

Госплан өзүнүн компетенциясынын чегинде бардык министерстволор, ведомстволор ж. б. уюмдар аткарууга милдеттүү токтомдорду чыгарат.

КПССтин XXV съезди пландаштырууну мындан ары өркүндөтүүнүн зарылдыгын көрсөттү, ал түпкүлүктүү эл чарба натыйжаларына, экономикалык стимулдарды жана рычагдарды билгичтик менен пайдаланууга багытталууга, мамлекеттик пландарды иштеп чыгуу, техникалык-экономикалык негиздөө жана орундатуу үчүн пландоо органдарынын жоопкерчилигин күчөтүүнү сунуш кылууга тийиш. (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 59—60, 172-беттер).

**СССРдин САЯСИЙ НЕГИЗИ** — мамлекеттик бийликтин органдары болуп эсептелүүчү

бардык баскычтардагы депутаттар Советтери. Советтер социализмди куруу мезгилинде — пролетариат диктатурасы мамлекетинин саясий формасы, азыркы убакта — социалисттик жалпы элдик мамлекеттин формасы. Советтер — эмгекчилердин эң бир массалык, бардыгын кучагына алуучу, түздөнтүз уюмдары. Алар төмөнтөн жогору, селолук Советтерден СССР Жогорку Советине чейин өкүлдүү органдардын бир түрдүү системасын түзөт.

Советтер демократиянын жаңы тиби болуп саналат, мунун өзү социалдык абалы, улуту, жынысы, дини ж. б. боюнча бардык чектөөлөрдү алып таштоо, демократиянын чөйрөсүн кеңейтүү, негизги басымды укуктарды пайдалануу жагынан эмгекчилерге факты жүзүндөгү гарантияларды берүүгө которот. КПСС башчылык кылган жумушчу табынын жетекчи ролу алдында жумушчу табы менен дыйкандардын союзу Совет бийлигинин бекемдигинин негизи болуп саналат. Өнүккөн социалисттик коомду куруу менен Советтик социалисттик мамлекет пролетариат диктатурасынын мамлекетинен жалпы элдик мамлекетке айланат. Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде белгилегендей, партия Советтердин ишине чоң көңүл бурат.

Партиянын XXV съездинен кийин депутаттардын статусу жөнүндө закон кабыл алынган болучу, селолук жана поселоктук, райондук жана шаардык Советтердин укуктары жана материалдык мүмкүндүктөрү кеңейтилген. Партиянын XXV съездинде крайлык, областтык жана округдук Советтердин компетенциясын белгилөөчү закондорду кабыл алуу жөнүндө сунуш коюлган.

**СССР ЖОГОРКУ СОВЕТИ** — биздин өлкөдө элдик бийликтин жогорку өкүлдүү органы, 18 жашка толгон СССР граждандары тарабынан жалпы, тең, тике шайлоолордун негизинде жашыруун добуш берүү менен төрт жыл мөөнөткө шайланат. 23 жашка толгон СССР граждандары СССР Ж. С-не депутаттыкка шайлана алат. 9-шайланган СССР Ж. С. 1517 депутаттарынын арасында (июнь 1974-ж.) — 498 жумушчу (32,8 проценти), 271 колхозчу (17,9 проценти) болгон, бардык жумушчулар менен колхозчулар — 769 (50,7 процент). КПССтин мүчөлөрү жана мүчөлүккө кандидаттар — 1096 (72,2 процент), партияда жоктор — 421 (27,8 процент), ВЛКСМдин мүчөлөрү — 174 (11,5 проц.) Аялдар СССР Ж. С-нин депутаттарынын составында — 475 (31,3 процент).

СССР Ж. С. тең укуктуу эки палатадан турат: Союз Совети, бүткүл совет элинин таламдарын көрсөтөт жана СССРдин улуттарынын жана элдеринин өзгөчө таламдарын көрсөтүүчү Улуттар Совети.

СССР Ж. С-не жалпы союздук масштабдагы закон чыгаруучу бийлик таандык. Шаар менен кыштактын эмгекчилеринин толук бийлигин алып жүрүүчү болуп эсептелүү менен, ал СССР Ж. С-нин Президиумун шайлайт, СССР Министрлер Советин түзөт, СССР Жогорку Сотун шайлайт, СССРдин Генеральный прокурорун дайындайт, алар өз иштеринде СССР Ж. С-нин алдында жоопту. СССР Ж. С. мамлекеттик органдардын ишине жогору контролдуктун укугу таандык.

СССР Ж. С-нин сессияларында ССР Союзунун ички жана тышкы саясий турмушунун өтө маанилүү маселелери каралат жана СССРдин закондору, токтомдору, декларациялары жана совет элинин эрки көрсөтүлгөн башка актылар каралат.

КПСС БКнын май (1977) пленуму СССР Ж. С. өзгөчө компетенциясын белгилөө, анын полномочиесинин мөөнөтүн 5 жылга чейин көбөйтүү жөнүндө, советтик бардык граждандарга 18 жаштан тартып СССР Ж. С-не депутат болуп шайланууга укук берүү жөнүндө сунуштарды жактырды.

9-шайланган СССР Ж. С. 1977-жылда болуп өткөн 6-сессиясында КПСС БКнын Генеральный секретары Л. И. Брежневди СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели кылып шайлоо жөнүндө токтом кабыл алынган болучу.

**СССР КОНСТИТУЦИЯСЫ** — Советтик социалисттик мамлекеттин негизги закону, ал КПСС башында турган жумушчу табы жетекчилик кылган совет элинин эркин билдирет жана СССРдин коомдук жана мамлекеттик түзүлүшүн, граждандардын негизги укуктарын жана милдеттерин, мамлекеттик органдардын түзүлүү тартибин, уюшуусунун жана иштеринин системасын жана принциптерин закон түрүндө бекемдейт.



СССР К. — маанилүү саясий жана юридикалык документ: СССРдин саясий негизи болуп эсептелген Советтер аркылуу совет элинин толук бийлиги; мамлекеттик, ошондой эле коомдук уюмдарга — эмгекчилердин бардык уюмдарына карата Коммунисттик партиянын жетекчи ролу; чарбанын социалисттик системасы, СССРдин экономикалык негизин түзгөн өндүрүш куралдарына жана каражаттарына болгон социалисттик менчик; «ар кимден — жөндөмдүүлүгүнө жараша, ар кимге — эмгегине жараша» деген социализмдин принциби; социалисттик интернационализм, СССР элдеринин достугу; СССРдин граждандарынын чыныгы тең укуктуулугу, алардын закон алдында бирдейлиги, алардын укуктары менен милдеттеринин биримдиги; советтик коомдун жана мамлекеттин максаты — коммунизмди куруу анын негизги принциптери болуп саналат.

СССР К-нын нормалары дегендеги закондордон айырмаланып эң жогорку юридикалык күчкө ээ болот жана учурдагы закондор үчүн укуктук негиз болуп саналат. Мунун өзү башка бардык закондор жана укук актылары СССР К. негизинде кабыл алынууга жана ага ылайык келүүгө тийиш дегендикти көрсөтөт. СССР К-на өзгөртүүлөр палаталардын ар биринде кеминде добуштардын 2/3 көпчүлүгү менен кабыл алынган СССР Жогорку Советинин чечими боюнча гана киргизилет.

«Социализм,— деп белгиленген КПСС БКнын XXV съездге Отчеттук докладында,— бул

динамикалуу түрдө өнүгүп жаткан коом. СССРдин жаңы К-нын долбоорун даярдаган убакта партия мына ушуга негизденет. «Конституциянын жаңы долбоорунда,— деп айткан Л. И. Брежнев,— кызыз, социализмдин улуу жеңиштерин баяндап көрсөтүү, биздин мамлекетибиздин таптык мүнөзүн көрсөтүп турган социалисттик түзүлүштүн жалпы принциптерин гана эмес, ошондой эле өнүккөн социалисттик коомдун, анын саясий уюмунун негизги белгилерин да жазып баяндоо... эл чарбасына жетекчилик кылуунун принциптери жөнүндө ого бетер толук баяндап чыгуу керек болот окшойт. Ошону менен катар коомдун рухий турмушунда илимди, элге билим берүүнү, маданиятты өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылууда мамлекеттин ролун да баяндап көрсөтүү максатка ылайыктуу болуп саналат. Муну менен биз эмгекчи адамдын таламдарынын, бүткүл элдин таламдарынын урматында коммунизмди курууну өз алдына максат кылып койгон мамлекет катары социалисттик мамлекеттин гумандуулук мүнөзүн баса белгилеп көрсөтөбүз».

Социалисттик демократияны мындан ары чыңдоо жана өнүктүрүү жаңы конституциянын долбоорунун негизги бөтөнчөлүктөрүнүн бири болуп эсептелет. Бардык аткаруучу органдардын бийликтин шайлануучу органдарынын алдында отчет берип туруусунун өтө катуу системасын белгилөө болжолдонууда. Л. И. Брежнев белгилегендей, долбоор бир жактан, советтик тарыхтын бүткүл конституциялык тажрыйбасын жыйынтыктайт, экинчи жактан — бул тажрыйбаны азыркы доордун талаптарына жооп берүүчү жаңы мазмун менен байытат.

КПСС БКнын май (1977) пленуму КПСС БКнын Генеральный секретары, Конституциялык комиссиянын председатели Л. И. Брежневдин «Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун Конституциясынын долбоору жөнүндө» докладын угуп жана талкуулап, токтом кылган: «1. Конституциялык комиссияга коюлган Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун Конституциясынын долбоору негизинен жактырылсын. 2. Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун Конституциясынын долбоору жөнүндө маселе СССР Жогорку Советинин Президиумуна берилсин жана аны бүткүл элдик талкууга коюу СССР Жогорку Советинин Президиумуна сунуш кылынсын».

**СССР КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮ** — Улуу Октябрь социалисттик революциясынын натыйжасында жумушчулар менен бардык эмгекчи массаларынын жеңип алгандарын коргоо максаттарында түзүлгөн. Социалисттик аң-сезимдүүлүктүн, патриотизмдин жана пролетардык интернационализмдин негизинде курулган С. к. к. капиталисттик өлкөлөрдөгү куралдуу күчтөрдөн айырмаланып, принцип жагынан жаңы болуп саналышат. СССР К. к. түзүү В. И. Лениндин ысмы менен байланышкан. 1918-жылы 15(28)-январда В. И. Ленин Жумушчу-Дыйкан



Кызыл Армиясын (РККА) уюштуруу жөнүндө СНК декретине, ал эми 29-январда (11-февралда) — Жумушчу-Дыйкан Кызыл Флотун (РККФ) түзүү жөнүндө декретке кол койгон.

Кызыл Гвардиянын отряддары жана революциячыл бөлүктөр жана эски армиянын бөлүктөрү СССР К. к. алгачкы негизи болгон. 1918-ж. 23-февралы СССР К. к-нун төрөлгөн күнү болуп саналат, анда жаш Кызыл Армия Псковдун алдында германиялык баскынчыларды жеңип чыккан.

СССР К. к. даңктуу жолду басып өттү. Чет өлкөлүк согуштук интервенциянын жана граждандык согуштун убагында алар интервенттердин аскерлери менен ак гвардиячыларды талкалашып, Улуу Октябрдын жеңип алгандарын коргоп калышты. Биринчи беш жылдыктардын жылдарында өлкөдө кубаттуу оор өнөр жайы жана согуш өнөр жайы түзүлгөн болучу, ал СССР К. к-н техникалык жактан кайра уюштурууга жана жаңы согуштук техника менен жабдууга мүмкүндүк берди. 1941—1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштун мезгилинде СССР К. к. сан жана сапат жагынан андан ары өнүктү. Алар фашисттик Германияны жана милитаристтик Японияны талкалашып, биздин Родинанын көз каранды эместигин коргоп калышты.

СССР К. к. азыр өнүгүүнүн жаңы этабында. Экономиканы, илимди жана техниканы өнүктүрүүдө жетишилген жаңы ийгиликтердин негизинде аларды куралдандырууда жана техникалык жабдууда, уюштуруу структурасында жана куралдуу күрөштүн ыкмаларында түпкү өзгөрүүлөр болуп өттү.

Азыркы кездеги СССР К. к. ар кыл түрлөрдөн турат: Кургактагы аскерлер (армия), Стратегиялык максаттагы ракеталык аскерлер, Өлкөнү абадан коргоо аскерлери, Аскердик-Аба Күчтөрү жана Аскердик-Деңиз флоту. СССР К. к-нин түрлөрү аскерлердин түрлөрүнөн жана атайын аскерлерден турат, алар уюшуу жагынан бөлүмдөргө, бөлүктөргө, бирикмелерге биригишет.

СССР К. к. уюшуу жана комплекттөө системасы бирдиктүү, өздүк составын окутуу жана тарбиялоо жана командир кадрларын даярдоо принциптери бирдиктүү, катардагы, сержанттык жана офицердик составынын кызмат өтөө жалпы тартипте жүргүзүлөт.

СССР К. к-нун жеңилбестигинин башкы булагы КПССтин жетекчилигинде, жетекчилик аскер советтери, бир башчы командирлер, саясий органдар жана партиялык уюмдар тарабынан ишке ашырылат.

Партия өлкөнүн коргоого жарамдуулугун чыңдоого жана К. к. өркүндөтүүгө тийиштүү көңүл бурууну улантууда. «Бул жагынан биз көп иштерди аткаргандыгыбызды съездге баяндап бере алабыз,— деп айткан Л. И. Брежнев КПСС БКнын партиянын XXV съездине Отчеттук докладында.— Куралдуу Күчтөрдү азыркы замандагы курал-жарактар жана аскердик техника менен жабдуу жакшырды, өздүк составдын күжүрмөн даярдыгы-

нын жана идеялык жактан такшалуусунун сапаты жогорулады...

Советтер Союзунун даңктуу Куралдуу Күчтөрү өзүнүн жоопту милдетин — совет элинин тынчтык эмгегинин сакчысы, жалпы тынчтыктын тиреги болуу милдетин аткара берүү үчүн, мындан ары да зарыл керектүү каражаттар анын колунда болуш үчүн биздин партиябыз болгон аракеттин бардыгын жасай бере тургандыгына эч ким шектенүүгө тийиш эмес» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 99-бет).

СССР К. к. социалисттик Родинага, тынчтыктын жана интернационализмдин идеяларына, элдердин достугунун идеяларына терең берилгендиктин рухунда тарбияланган. Башка социалисттик өлкөлөрдүн К. к. менен бирге алар бүткүл социалисттик ынтымакташтыктын революциячыл жеңип алууларын жана коопсуздугун ишенимдүү коргоочу жана жер бетинде тынчтыктын тиреги болуп саналышат.

**СССР МИНИСТРЛЕР СОВЕТИ** — ССР Союзунун мамлекеттик бийлигинин жогорку аткаруучу жана башкаруучу органы. СССР Жогорку Совети өзүнүн ар бир шайланган биринчи сессиясында: СССР МС-нин, СССР МС Председателин, анын биринчи орун басарларын жана орун басарлары, министрлердин, мамлекеттик комитеттердин председателдеринин жана СССРдин башка мамлекеттик башкаруу органдарынын жетекчилеринин составында түзүлөт. Кызматы боюнча союздук республикалардын Министрлер Советтеринин Председателдери да СССР МС составына кирет.

СССР МС СССР Жогорку Советинин алдында жоопту жана ага отчет берип турат, сессиялардын аралыгында СССР Жогорку Советинин Президиумунун алдында жоопту жана отчет берип турат.

СССР МС СССР жалпы жана союздук республикалык министерстволорунун, СССР мамлекеттик комитеттеринин, өзүнүн карамагындагы башка мекемелердин иштерин бириктирет жана багыт берет; эл чарба планын, мамлекеттик бюджетти ишке ашыруу боюнча, коомдук тартипти камсыз кылуу, мамлекеттин таламдарын коргоо жана граждандардын укуктарын коргоо боюнча чараларды көрөт; чет мамлекеттер менен катнашуу жагынан жалпы жетекчиликти ишке ашырат; чыныгы аскердик кызматка чакырылуучу граждандардын жылдык контингенттерин белгилейт, өлкөнүн Куралдуу Күчтөрүнүн жалпы курулушуна жетекчилик кылат; СССР МС-нин алдындагы мамлекеттик комитеттерди, жана да, зарыл болгон учурларда чарбалык, маданий жана коргонуу курулушунун иштери боюнча СССР МС-нин алдындагы атайын комитеттерди жана Башкы башкармаларды түзөт.

СССР МС колдонулуп жаткан законодордун негизинде жана аларды аткаруу үчүн токтомдорду жана буйруктарды чыгарат, аткарылышын текшерет жана уюштурат.

**СССР МИНИСТРЛЕР СОВЕТИНИН МАМЛЕКЕТТИК КОМИТЕТТЕРИ (СССР МС-нин МК) ЖАНА СССР МИНИСТРЛЕР СОВЕТИНИН АЛДЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК КОМИТЕТТЕР (СССР СМнин АЛДЫНДАГЫ МК)** — мамлекеттик башкаруунун борбордук органдары.



СССР МС-нин МК СССР Жогорку Совети өзү дайындоочу председателдин, анын орун басарларынын жана СССР Министрлер Совети бекитүүчү мүчөлөрдүн составында түзүлөт. СССР МС-нин МК жалпы союздук жана союздук республикалык комитеттерге бөлүнөт. СССР МС МК председатели министрлердин укугу менен СССР өкмөтүнүн составына кирет. Тийиштүү СССР МС-нин МК компетенциясына кирген маселелер боюнча министерстволордун жана ведомстволордун ишин пландаштыруу, координациялоо жана контролдук кылуу СССР МС-нин МК-нин негизги функциялары болуп саналат . СССР МС-нин алдындагы МК СССР Министрлер Совети тарабынан түзүлөт жана министерстволордун жана мамлекеттик башкаруунун башка органдарынын компетенциясына кирбеген тармактарга жетекчиликти ишке ашырат. СССР МС-нин алдындагы МК-нин председателдери СССР Министрлер Совети тарабынан дайындалат, СССР өкмөтүнүн составына киришпейт. (к. *СССР Министрлер Совети*).

**СССР ЭЛДЕРИНИН ДОСТУГУ** — социалисттик жана коммунисттик курулуштагы, социалисттик интернационализмдин жана советтик патриотизмдин принциптерине негизделген СССРдин бардык улуттарынын жана калктарынын экономикалык, социалдык-саясий жана маданий кызматташтыгы менен бир туугандыгы. СССРдин улуттарынын жана элдеринин ортосундагы достуктун жана кызматташтыктын мамилелери биргелешкен революциячыл күрөштө, социализмди куруу боюнча эмгекте, аны коргоо үчүн салгылашууларда түзүлгөн. СССР Э. д. Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында катаал текшерүүдөн өттү, анда биздин өлкөнүн элдери бирдиктүү катарда турушуп, социалисттик Родинаны коргоонун урматына баатырдык менен салгылашышты жана кажыбастан эмгектеништи.

СССР Э. д. коммунисттик коомду ийгиликтүү куруунун жандуу кыймылдаткыч күчү жана маанилүү факторлорунун бири болуп саналат. КПСС башында турган жумушчу табынын жетекчи ролу алдындагы эмгекчилердин саясий бийлиги, өндүрүш каражаттарына коомдук менчик, таптардын жана социалдык топтордун социалдык-саясий биримдиги, марксисттик-лениндик идеологиянын жана коммунисттик коомду куруунун жогорку максаттарынын жалпылыгы СССР Э. д-нун саясий, экономикалык, социалдык жана рухий негиздери болуп саналат. СССР Э. д. элдердин эркиндиги жана тең укуктуулугу, өз ара жардамдашуу, бүткүл ССР Союзунун жалпы таламдарын, ошондой эле бардык советтик республикалардын таламдарын дайыма эсепке алуу өңдөнгөн социалисттик интернационализмдин принциптери-

не негизденет. Бардык союздук жана автономиялуу республикалардын, автономиялуу областтардын жана улуттук округдардын партиялык уюмдары Э. д-н чыңдоодо, лениндик улут саясатын турмушка ырааттуу ашырууда авангарддык ролду ойношот.

СССР Э. д. Советтик Социалисттик Республикалар Союзун түзүүдө жана өнүктүрүүдө ачык ишке ашырылды. СССР Э. д-н чыңдоо жана өнүктүрүү совет эли өңдөнгөн тарыхый жалпылыктын келип чыгышына алып келди. Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде белгилегендей жаңы тарыхый жалпылык катары совет элинин негизине «жумушчу табынын жетекчилик ролу астында жумушчу табынын, дыйкандардын жана интеллигенциянын бузулбас союзу, өлкөнүн бардык улуттары менен элдеринин достугу негиз болгон» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 97-бет). Азыркы убакта СССРде 100дөн ашык улуттар менен калктар ынтымактуу үй-бүлө болуп жашашат, алар 15 союздук, 20 автономиялуу советтик социалисттик республикаларга, 8 автономиялуу областтарга жана 10 улуттук округдарга биригишкен.

КПССтин XXV съездинин документтеринде жана чечимдеринде СССР элдеринин достугун жана бир туугандыгын андан ары чыңдоо боюнча, биздин өлкөнүн бардык улуттарынын жана элдеринин эмгекчилерин интернационалдык тарбиялоону күчөтүү боюнча чаралар белгиленген.

**СЫН ЖАНА ӨЗҮН-ӨЗҮ СЫНДОО** — партияны өнүктүрүүнүн закон ченемдүүлүгү, партиялык ички турмуштун жана жетекчиликтин нормасы. С. ж. ө-ө. с.— коммунизм үчүн күрөштөгү Коммунисттик партиянын дайыма аракет кылуучу революциячыл куралы.

К. Маркс пролетардык революция ар кандай башка революциядан өзүн-өзү сындагандыгы, өзүн-өзү сындап бекемделгени менен айырмаланат, деп айткан (к. *К. Маркс жана Ф. Энгельс.* Чыгармалар, 8-том, 123-бет). С. ж. ө-ө. с-нун маанисин белгилеп, В. И. Ленин «...өзүн-өзү сындоо партиянын ар кандай жандуу жана турмуштук иши үчүн зарыл. Манчыркаган оптимизмден жаман эч нерсе жок», деп белгилеген (ПСС. 10-том, 355-бет).

КПССтин XXV съезди азыркы шарттарда С. ж. ө-ө. с-нүн өсүп жаткан маанисин белгилеп, «чечилип жаткан милдеттердин масштабдарынын жана татаалдыгынын өсүшүнө жараша бардык иштерге катуу, сын көз менен мамиле кылуу бөтөнчө мааниге ээ боло тургандыгын» көрсөттү (КПССтин XXV съездинин материалдары, 82-бет). Съезд С. ж. ө-ө. с. методунун маңызынын өзүнө көңүл бурду: бул же тигил уюмдун, бул же тигил кызматкердин ишинин бардык тараптарына объективдүү баа берилүүгө тийиш; аларды четтетүү максатында орун алган кемчиликтерди ар тараптан талдап чыгуу зарыл; кемчиликтерге жана алардын айыпкерлерине либералдык мамиле кылууга жол бербөө керек; адамдарга болгон ишеним жана аларды урматтоо тапшырылган иш үчүн жогору талап коюу менен айкалыштырылууга тийиш; сынга туура эмес мамиле кылуунун ар бир фактысына партиялык органдар тарабынан олуттуу жана оперативдүү көңүл бурулууга тийиш. Ошону менен катар XXV съезд С. ж. ө-ө. с-нун натыйжалуулугунун мазмунун ачып көрсөттү: «Сындын баалуулугу анын адилеттүүлүгүндө, көтөрүлүп жаткан маселелердин коомдук маанилүүлүгүндө болот. Өз кезегинде өзүн-өзү сыноонун баалуулугу анын чын ыкластуулугу, жаңылыштыктар менен кемчиликтерди оңдоого дароо киришүүгө даяр тургандыгы менен аныкталат» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 83-бет).

С. ж. ө-ө. с-нун негизги белгилери — партиялуулук, принциптүүлүк, маалымдап туруу, кетирилген каталыктарды жана кемчиликтерди ачык моюнга алуу; чынчылдык, объективдүүлүк, чындыкты бурмалоого жол бербөө; жолдоштук, формасы жана мазмуну боюнча жакшы ниеттүү болушу; конкреттүү жана иштиктүү болушу.

КПССтин Уставына ылайык партиянын мүчөсү С. ж. ө-ө. с-ну өнүктүрүүгө кемчиликтердин бетин тартынбастан ачууга жана аларды четтетүүгө, сынды кысымга алган ар кандай аракеттерге сокку урууга милдеттүү. анын ээлеген постуна карабастан ар бир коммунистти партиялык чогулуштарда, конференцияларда, съезддерде, комитеттердин пленумдарында сынга алууга укугу бар. Сынды кысымга алгандык жана сынга алганды куугунтуктоо үчүн күнөөлүү адамдар КПССтин катарынан чыгарылганга чейинки партиялык катуу жоопкерчиликке тартылууга тийиш.

**ТАПТАР ЖАНА СОЦИАЛДЫК ТОПТОР** (СССРде) — бир катар социалдык-экономикалык жана рухий көрсөткүчтөр боюнча айырмалануучу жана социалдык-саясий жана идеялык биримдик менен баш кошкон социалисттик коомдун таптарынын жана социалдык топторунун жыйындысы. Таптар (жумушчулар жана колхоздук дыйкандар) өндүрүш каражаттарына мамилелери боюнча, коомдук эмгекти уюштуруудагы ролу боюнча, кирешелерди алуу формасы боюнча айырмаланышат. Интеллигенциянын социалдык катмар катары бөтөнчөлүктөрү бар, алар эмгекти коомдук бөлүштүрүүдөгү жана уюштуруудагы, эмгектин мүнөзүндөгү жана мазмунундагы, билим жана маданий-техникалык деңгээлиндеги анын өзгөчөлүктүү ролунан көрүнөт. Жумушчу табынын, колхоздук дыйкандардын жана интеллигенциянын ич арасындагы социалдык жана социалдык-кесипчилик топторунун эмгегинин мүнөзүндө жана мазмунунда, билиминин жана маданиятынын деңгээлинде ж. б. өзгөчөлүктөрү бар. Маселен, жумушчу табынын составында квалификациясынын деңгээли боюнча, эмгегинин типологиясы боюнча: кол эмгеги менен, механизацияланган жана автоматташтырылган эмгекте иштеген жумушчулар социалдык-кесипчилик топторун бөлүп көрсөтүшөт.

СССРдеги Т. ж. с. т. капитализмдин учурундагы таптар менен социалдык топтордон сапаттуу түрдө айырмаланышат. Социализмдин учурунда эксплуататордук таптар жок, таптар менен социалдык топтордун ортосунда антагонисттик карама-каршылыктар болбойт, таптардын жана топтордун социалдык-саясий жана рухий турпаты өзгөрдү. Совет бийлигинин жылдарында коомдун социалдык структурасы сан жагынан да, сапат жагынан да олуттуу өзгөрүүгө ээ болду. 1913-жылы таптардын социалдык структурасы төмөндөгүдөй болгон: жумушчулар жана кызматчылар — 17,0 процент (алардын ичинен жумушчулар — 14,6 процент), жеке менчиктүү дыйкандар жана кооперативдешкен кол өнөрчүлөр — 66,7 процент, буржуазия, помещиктер, соодагерлер жана кулактар — 16,3 процент, 1976-жылы өнүккөн социалисттик коомдун социалдык структурасы 83,6 процент жумушчулардан жана кызматчылардан (алардын ичинен 61,2 проценти жумушчулар), 16,4 процент дыйкандардан турган.

СССРде бардык таптардын жана социалдык топтордун социалдык-саясий жана идеялык биримдиги түзүлдү; совет адамдары марксисттик-лениндик идеологиянын жалпылыгы, коммунисттик коомду куруунун жогорку максаттары, КПССтин саясаты жана практикалык иши менен бириккен.

КПСС өзүнүн саясатында бүткүл элдин таламдарын да, аны түзгөн таптардын жана социалдык топтордун таламдарын да так эске алат. Социалисттик коомдун Т. ж. с. т. ортосунда бир катар айырмалар бар, шаар менен кыштактын жана күч эмгеги менен акыл эмгегинин ортосундагы олуттуу айырмалар алардын арасында башкылары болуп саналат. Партиянын саясаты жумушчу табынын, колхоздук дыйкандардын, интеллигенциянын жакындашына, шаар менен кыштактын ортосундагы, акыл эмгеги менен күч эмгегинин ортосундагы олуттуу айырмаларды бара-бара жоюуга көмөк көрсөтүүгө багытталган. КПССтин XXV съезди кабыл алган социалдык өнүктүрүүнүн жана элдин турмуш деңгээлин жогорулатуунун программасында советтик коомдун ар түрдүү социалдык топторунун, шаарлар менен кыштактардын адамдарынын жыргалчылыгынын жана маданиятынын деңгээлин, эмгек жана тиричилик шарттарын мындан ары жакындаштыруу боюнча чаралар белгиленген.

**ТАРТИП ПАРТИЯЛЫК** — к. *Партиялык тартип.*

**УЛУТТАР ЖАНА КАЛКТАР** (СССРде) — өз ара ишенимдин жана бир туугандык кызматташтыктын негизинде бириккен, тарыхый жаңы жалпылыкты — совет элин түзүүчү социалисттик улуттар жана элдер. СССРдеги У. ж. к. буржуазиялык улуттардан жана калктардан сапаттуу түрдө айырмаланат. Алардын өнүгүшү өндүрүш каражаттарына, коомдук менчикке, жумушчу табы жана анын марксисттик-лениндик партиясы башында турган эмгекчилердин саясий бийлигине негизденет. Алардын экономикалык негизи, саясий, социалдык жана маданий турпаты капиталисттик коомдогудан такыр эле башкача. Социалисттик У. ж. к-дын структурасында антагонисттик таптар жок, тарыхый жалпылыктар катары алардын негизи — бул жумушчу табынын жана эмгекчи дыйкандардын, элдик интеллигенциянын союзу. Алар үчүн экономикалык, социалдык-саясий жана маданий турмуштун интернационалдык биримдиги мүнөздүү. СССРдеги У. ж. к. улуттук белгилерди сактап калуу жана андан ары өнүктүрүү менен бирге жалпы интернационалдык советтик белгилердин пайда болушу жана барган сайын чоң даражада өнүгүшү менен мүнөздөлөт. Алар турмуштун бардык чөйрөлөрүнөн — экономикалык, социалдык, саясий, рухий чөйрөлөрдөн көрүнөт.

СССРде ар кандай социалдык жана улуттук эзүүнү жоюу, улуттардын эркиндигин жана тең укуктуулугун иш жүзүндө турмушка ашыруу Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңишинен кийин Коммунисттик партиянын лениндик улут саясатын ишке ашыруунун натыйжасы болуп саналат. Советтик түзүлүштүн шарттарында бардык элдер өзүлөрүнүн мамлекетине ээ болушу жана өнүктүрүштү, көп улуттуу социалисттик мамлекеттин жаңы тибин — Советтер Союзун түзүштү. КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда «бүткүл өлкөнүн чегинде түзүлгөн бирдиктүү чарбалык организм биздин элдердин достугунун жана кызматташтыгынын бекем материалдык негизи болуп калды» деп көрсөтүлгөн.

Советтер өлкөсүндө боордош советтик республикалардын ар биринин экономикасынын жана маданиятынын өнүгүшү, улуттардын жана элдердин мындан ары бара-бара жакындашуусу партия менен мамлекет тарабынан социалисттик улуттук маданияттардын өнүгүү бөтөнчөлүктөрүн кунт коюп эске алуу шарттарында өтөт». (к. *Социалисттик улуттардын гүлдөшү жана жакындашуусу*)

**УЛУУ ОКТЯБРЬ СОЦИАЛИСТТИК РЕВОЛЮЦИЯСЫ** — адам баласынын тарыхындагы капитализмден социализмге өтүү дооруна негиз салган биринчи жеңиштүү социалисттик революция. Россиянын жумушчу табы Коммунисттик партиянын башчылыгы астында эмгекчи дыйкандар менен союзда болуп, 1917-жылы 7-ноябрда (эски стиль боюнча 25-октябрда) социалисттик революциянын лениндик теориясын жетекчиликке алып, пролетардык революцияны жасады. Коммунисттик партия жумушчу табынын капиталисттик эксплуатацияга каршы социалисттик күрөшүн, дыйкандардын помещиктик эзүүгө каршы күрөшүн, эзилген элдердин улуттук жана социалдык боштондук үчүн улуттук-боштондук күрөшүн, бардык эмгекчилердин кан төгүлгөн согушту токтотуу үчүн күрөшүн бирдиктүү революциячыл агымга бириктирди. Жумушчу табынын жетекчи ролу алдындагы жумушчу табы жана эмгекчи дыйкандар У. о. с. р-нын башкы кыймылдатуучу күчтөрү болгон. Коммунисттик партия жана

анын жол башчысы В. И. Ленин Октябрь революциясынын шыктандыруучусу жана кужүрмөн уюштуруучусу болду.

У. о. с. р.— монополисттик капитализмдин шарттарындагы коомдук өнүгүүнүн, тап күрөшүнүн закон ченемдүү натыйжасы. **«Октябрдын жеңиши,—** деп белгиленген КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда,— **бүткүл адамзаттын өнүгүшүнүн жүрүшүн түп-тамырынан бери өзгөрткөн XX кылымдагы башкы окуя».**

У. о. с. р. баштагы революциялардын бардыгынан түп-тамырынан тарта айырмаланат. Ал өлкөдө Советтердин формасындагы пролетариат диктатурасын орнотуп, негизги өндүрүш каражаттарын эмгекчилерге өткөрүп берген, эксплуататордук таптарды жана адамды адам эксплуатациялоону жоюуга алып келген жеңиштүү Октябрь куралдуу көтөрүлүшүнөн башталган.

У. о. с. р. акыркы алтымыш жылдын ичинде СССРде жана бүткүл дүйнөдө болуп өткөн бардыгын кучагына алуучу терең, зор өзгөрүүлөргө негиз салды. У. о. с. р-нын жеңиши өлкөдө терең социалдык-экономикалык кайра курууларды турмушка ашыруунун башкы шарты болду. У. о. с. р. биздин өлкөнүн жана бүткүл адамзаттын тарыхында өндүрүш каражаттарына жеке менчикти жана адамды адам эксплуатациялоону жок кылуу үчүн, эл массаларын эксплуататордук таптардын эзүүсүнөн бошотуу үчүн, жаркыраган коммунисттик коомду куруу үчүн эмгекчилердин күрөшүн зор даражада тездеткен бурулуш пункту болду. У. о. с. р. эл аралык мааниси зор. Ал социалисттик революциялардын, улуттук-боштондук революциялардын, капитализмдин жалпы кризисинин башталышы болду. У. о. с. р. тажырыйбасы башка өлкөлөрдүн жумушчу табы жана эмгекчилери тарабынан алардын социалдык боштондук үчүн, социализмдин жеңиши үчүн күрөшүндө пайдаланылат. Өткөн 60 жылдын ичинде планетанын саясий жүзү түп тамырынан өзгөрдү. Октябрдан кийинки тарыхый процесстин жүрүшү арылаган сайын, У. о. с. р. бүткүл дүйнөлүк-тарыхый мааниси ошончолук ачык ачылат. Октябрдын бул зор мааниси социалисттик биринчи өлкөнүн зор ийгиликтеринен, социалисттик ынтымакташтыктын өлкөлөрүнүн жетишкендиктеринен, капиталдын өлкөлөрүндө таптык салгылашуулардын күчөшүнөн, улуттук-боштондук кыймылдарынын өнүгүшүнөн, элдердин бүткүл дүйнөдөгү тынчтык үчүн күрөшүнөн көрүнөт.

1977-жылы совет эли, социалисттик өлкөлөрдүн элдери, бүткүл дүйнөнүн эмгекчилери У. о. с. р-нын 60 жылдыгын империализмге каршы, тынчтык, демократия, улуттук боштондук, социализм үчүн күрөшүп жатышкан күчтөрдүн андан аркы ийгиликтеринин кырдаалында бүткүл дүйнөлүк-тарыхый мааниге ээ болгон окуя катары белгилешти. Көрүнүктүү идеялык-теориялык жана саясий документ болуп эсептелген КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда У. о. с. р-нын бүткүл дүйнөлүк-тарыхый ролу ачылган. Октябрдын 60 жылдыгы — совет элинин турмушундагы, дүйнөлүк боштондук кыймылын өнүктүрүүдөгү маанилүү этап. Совет эли, бүткүл прогрессивдүү адамзат Октябрдын 60 жылдыгын социализмдин, улуу революциячыл-кайра куруучу күчтү ачык көрсөтүүчү Маркстин, Энгельстин, Лениндин окууларынын, пролетардык интернационализмдин идеяларынын жаңы жеңиштеринин белгиси алдында тосуп алышты.

**ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ӨНҮГҮҮНҮН КОМПЛЕКСТҮҮ ПЛАНДАРЫ** — экономиканы, өндүрүштүк коллективдин мүчөлөрүнүн социалдык мамилелерин жана рухий деңгээлин өнүктүрүүнүн илимий негизделген көрсөткүчтөрүнүн системасы жана белгиленген максаттарга жетишүүгө багытталган техникалык, экономикалык, социалдык жана идеологиялык чаралардын системасы. Э. ж. с. ө. к. п. ишканалардын, бирикмелердин, колхоздордун администрациясы, партиялык жана коомдук уюмдары тарабынан, эреже катары, беш жылдык мөөнөткө түзүлөт. Мунун алдында чоң алдын ала иштер жүргүзүлөт— баштагы Э. ж. с. ө. к. п-нын аткарылышынын жыйынтыктары чыгарылат, коллективдеги социалдык мамилелердин абалы талдоого алынат.

Э. ж. с. ө. к. п. социалисттик ишканалардын, колхоздордун техникалык-экономикалык, социалдык жана идеологиялык функцияларын ишке ашырууга багытталган. Бул пландар төмөндөгү негизги чөйрөлөр боюнча өндүрүштүк коллективди беш жылдыкта өнүктүрүүнүн көрсөткүчтөрүн кучагына алат: өндүрүштү жана илимий-техникалык прогрессти өнүктүрүү, коллективдин социалдык-кесипчилик структурасындагы өзгөрүүлөр, эмгектин мазмунун жана шарттарын жана саламаттыкты сактоону жакшыртуу, кадрлардын алмашуусун кыскартуу жана жөнгө салуу, эмгекти материалдык жана моралдык стимулдаштыруу системасын өркүндөтүү, турак-жай жана маданий-тиричилик шарттарын жакшыртуу, ишканалардын кызматкерлеринин рухий деңгээлин жана маданиятын өнүктүрүү, жалпы жана кесипчилик-техникалык билим берүүнү жогорулатуу, эмгекчилердин социалдык активдүүлүгүн жогорулатуу жана идеялык-тарбия иштерин күчөтүү, коллективде социалдык-психологиялык мамилелерди жакшыртуу ж. б. Пландарда белгиленген чектерди орундатууну камсыз кылуучу чаралар каралат. Аларда техникалык-экономикалык, финансалык-материалдык, социалдык, идеологиялык ж. б. чаралар келтирилет. Э. ж. с. ө. к. п. районду, шаарды, областты экономикалык жана социалдык өнүктүрүүнүн пландары менен тыгыз макулдашылууга жана координацияланууга тийиш.

Азыркы убакта бирикмелердин, тармактардын, ошондой эле шаарлардын, областтардын жана республикалардын Э. ж. с. ө. к. п-н түзүү практикасы да кеңири жайылтылып жатат, мунун өзү тармактарга жана

регнондорго илимий жетекчиликтин деңгээлин андан ары жогорулатууга жардам берет. КПССтин XXV съездинин чечимдеринин негизинде алардын алдында турган экономикалык, социалдык жана идеологиялык милдеттерди чечүүгө план ченемдүү, максатка умтулган мүнөз берет. «СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында» ишканаларда, бирикмелерде, райондордо жана шаарларда экономикалык жана социалдык өнүгүүнү комплекстүү пландаштырууну андан ары жакшыртуу жагы каралган.

**ЭЛДИК КОНТРОЛЬ** (СССРде) — социалисттик демократиянын формаларынын бири. Эмгекчилердин кеңири массалары Э. к. органдары аркылуу экономика, чарбалык жана маданий курулуш жагынан контролдук укугун ишке ашырышат, мамлекеттин иштерин башкарууга катышышат.

СССРде Э. к. СССРдин, союздук жана автономиялуу республикалардын, крайлардын, областтардын, райондордун жана шаарлардын Э. к. комитеттери, жана да айылдык, поселоктук Советтердин алдындагы, ишканалардагы, колхоздордогу, мекемелердеги жана уюмдардагы Э. к-дун постулары жана топтору аркылуу ишке ашырылат. Биздин өлкөнүн эмгекчилери Э. к-дун органдары аркылуу партия менен өкмөттүн директиваларынын факты жүзүндө орундалышын контролдошот.

Э. к. органдары партия менен өкмөттүн жетекчилиги алдында иштейт. Партиялык уюмдар комитеттердин жана топтордун ишине багыт беришип, аларга ар тараптуу колдоону жана жардамды көрсөтүшөт.

Э. к. органдарынын системасынын башында СССР Э. к. Комитети — союздук-республикалык орган турат. Союздук жана автономиялуу республикаларда, жана да крайларда, областтарда, райондордо жана шаарларда Э. к-дун тийиштүү комитеттери түзүлөт жана иштейт.

Топтор жана постулар Э. к. органдарынын системасынын негизи болуп саналат, алар эмгекчилердин коллективдеринин өкүлдөрүнүн конференцияларында же жалпы чогулуштарда шайланышат, ал эми айылдык, поселоктук Советтердин алдындагы Э. к. топтору — алардын территориясында жайланышкан калк жашоочу пункттардын граждандарынын чогулуштарында же уполномоченныйлардын чогулуштарында эки жыл мөөнөткө шайланат.

Азыркы убакта СССРде Э. к. органдарында 9 миллиондон ашык граждандар иштейт, алар пландардын жана тапшырмалардын орундалышын контролдукка алышат, коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн күрөшүшөт, мамлекеттик тартипти бузууларга, бюрократизмге, волокитага каршы чыгышат, башкаруу аппаратын өркүндөтүүгө, эмгекти илимий уюштурууну киргизүүгө жетишишет.

Э. к. органдарынын милдеттери, полномочиелери, алардын иштеринин формалары жана методдору КПСС БК жана СССР Министрлер Советинин



1968-жылдын 19-декабриндеги токтому бекиткен СССРдеги Э. к. органдары жөнүндө Жобо менен белгиленген (к. Справочник народного контролера. М. Политиздат, 1976, 25-бет).

Коммунисттик партия граждандардын коомдук иштерди башкарууга катышуусунун маанилүү каналдарынын бирин түзгөн Э. к. органдарынын ишин өркүндөтүүгө чоң маани берет. Бул жөнүндө, асыресе, КПСС БКнын «Латвия ССРинде элдик контроль органдарына партиялык жетекчилик жөнүндө» токтому (1975) далил болот.

КПССтин XXV съезди аткарылышын текшерүү боюнча иште маанилүү орун Э. к. органдарына таандык экенин көрсөттү. Партиялык уюмдар алардын мүмкүндүктөрүн мыкты пайдаланууга, аларга жүктөлгөн милдеттердин иш жүзүнө ашырылышына ар тараптан көмөк көрсөтүүгө тийиш (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 84-бет).

Л. И. Брежнев КПСС БКнын май (1977) пленумунда партия элдик контролдон мурдагыдан чоң демилгелүүлүктү, принциптүүлүктү, советтик укук тартибин ар кандай бузуулар менен күрөштө элдешпестикти күтө тургандыгын белгилеген. Ага советтик закондорду катуу сактоону камсыз кылуу жүктөлгөн.

**ЭМГЕККЕ КОММУНИСТТИК МАМИЛЕ**—коммунисттик формациянын жогорку фазасы катары коммунизмдин эмгекчилерине мүнөздүү болгон эмгекке мамиле, эмгекке турмуштук биринчи керектөө катары көз караш, мажбурлоо боюнча эмес, аң-сезимдүү, ыктыярдуу, чыгармачылык менен иштөө адаты. Коммунисттик эмгек жалпынын пайдасындагы эмгек, акы алууга эсеп кылынбаган, адамдын аң-сезиминин жогорку деңгээли, моралдын жана коомдук пикирдин нормалары менен жөнгө салынган акысыз эмгек болот. Э. к. м. элементтери социализмдин учурунда пайда боло баштайт, алар коммунисттик ишембиликтерде, эмгекке коммунисттик мамиле үчүн кыймылдын ар түрдүү формаларында жана социалисттик мелдеште, новаторлордун, рационализаторлордун ж. б. кыймылында баарынан ачык көрүнөт. Партия коммунисттик курулуштун жүрүшүндө «социалисттик мелдешти, эмгекке коммунисттик мамиле үчүн кыймылды андан ары карай да ар тараптан өнүктүрүүнү» белгилейт.

**ЭМГЕК КОЛЛЕКТИВИ** (социалисттик) — социалисттик коомдун негизги ячейкасы. Э. к. биздин коомдо социалдык ячейкалар катары чыгышат.

Коммунисттик курулуштун мезгилинде экономикалык жана коомдук-саясий турмушта, эмгекчилерди коммунисттик тарбиялоодо Э. к-нин ролу бир кыйла өсөт.

Социалисттик Э. к. ишканаларда өндүрүштүк пландарды жана илимий-техникалык прогрессти орундатууну, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууну, продукциянын өздүк наркын төмөндөтүүнү ж. б. техникалык-экономикалык милдеттерди чечүүнү камсыз кылууга чакырылган. КПССтин XXV съездинин чечимдерине ылайык 10-беш жылдыкта өндүрүштүн на-

тыйжалуулугун жогорулатуу жана продукциянын сапатын жакшыртуу Э. к-нин маанилүү милдети болуп саналат.

Ошону менен катар Э. к. кызматкерлердин турак-жай жана маданий-тиричилик шарттарын жакшыртуу, жалпы жана кесипчилик-техникалык билимин жогорулатуу, эмгекчилердин рухий маданиятын өстүрүү, эмгектик жана коомдук-саясий активдүүлүктү жогорулатуу, коллективдин мүчөлөрүн коммунисттик тарбиялоо, коллективде социалдык-психологиялык кырдаалды жакшыртуу ж. б. өңдөгөн социалдык маанилүү милдеттерди чечишет.

Коммунисттик курулушта Э. к-нин ролун жогорулатуу — партиялык уюмдардын жана алардын жетекчи органдарынын маанилүү милдети. Негизги багыттар жана ага жетишүүнүн жолдору партиянын XXIV жана XXV съезддеринин чечимдеринде белгиленген, КПСС Борбордук Комитетинин «Эмгек коллективинин өндүрүштүк жана коомдук-саясий активдүүлүгүн жогорулатуу боюнча Минск трактор заводунун партиялык уюмунун иши жөнүндө» жана «Череповецк металлургиялык заводунун жетекчи жана инженер-техник кызматкерлеринин коллективдин мүчөлөрүнүн идеялык-саясий тарбиялоого катышуусу жөнүндө» токтомдорунда, жана да XXV съездден кийин кабыл алынган бир катар чечимдерде конкреттештирилген.

**ЭМГЕК ТАРТИБИ** — коомдук эмгекти уюштуруунун негизи, биргелешип иштөөдөгү зарыл тартип. Э. т. ар бир коомдук түзүлүшкө мүнөздүү. Анын мүнөзү өндүрүш каражаттарына карата менчиктин формасы менен белгиленет. Ал үстөмдүк кылуучу тап тарабынан өзүнүн таламдарында белгиленет.

Таптык-антагонисттик коомдо Э. т. мажбурлоо мүнөзүндө болот жана өндүрүш каражаттарына ээ болгондор үчүн байлыкты түзүү максатында кызматкерлерди эксплуатациялоого багытталган.

Социалисттик коомдо Э. т. эксплуататордук тап тарабынан белгиленген Э. т-нен принциптүү айырмаланат. Ал социализмдин жана коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү максаттарына жана бул негизде эмгекчилердин материалдык жыргалчылыгын кыйшаюусуз жогорулатууга кызмат кылат. «Эксплуататорлор мажбурлаган тартиптен аң-сезимдүү жана ыктыярдуу тартипти» (ЛСС 36-том, 201—202-беттер) көздөй жасалган улуу өтүү жолу Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңишинен кийин башталган.

СССРдин эмгекчилеринин ыктыярдуу жана аң-сезимдүү Э. т. эмгектик жогорку активдүүлүктөн, социалисттик мелдешке катышуудан жана аны өнүктүрүүдөн, социалдык-экономикалык милдеттерди ийгиликтүү чечүүдөн көрүнүүдө. КПССтин XXV съезди совет адамдарынын эмгектеги өсүп жаткан активдүүлүгүн белгилеп, эмгек тартибин мындан ары да чыңдоого, кызматкерлердин чыгармачылыгын өнүктүрүүгө, ар бир адам өзүнүн ишинде коомдун таламдарын баарынан жогору коюшуна жетишүүгө чакырды.

Социалисттик Э. т. кызматкер тарабынан өзүнүн эмгек милдеттерин так жана сапаттуу аткарууну; ишканада, уюмда, мекемеде эмгек тартибин катуу сактоону; иште тактыкты жана уюшкандыкты; түздөн-түз жетекчилердин жана жетекчи органдардын буйруктарын, көрсөтмөлөрүн аң-сезимдүү жана чыгармачылык менен орундатууну көрсөтөт.

Э. т-не тарбиялоо ишинде КПСС чечүүчү ролду ойнойт. Советтер, профсоюздар, комсомол, эмгек коллективдери Э. т-н камсыз кылуу боюнча чоң иштерди жүргүзөт. Л. И. Брежнев Э. т-н чыңдоодо профсоюздардын ролун белгилеп, СССР профсоюздарынын XVI съездинде мындай деп айткан: «Партия профсоюздарды өндүрүштүн бардык участокторунда эмгек тартибин чыңдоого реалдуу жардам көрсөтө ала турган кубаттуу күч деп эсептейт. Ошону менен бирге муну биздин социалисттик түзүлүшкө таандык болгон каражаттар менен методдорду колдонуу аркылуу — жоопкерчилик менен акыл-эстүүлүккө тарбиялоо, материалдык жана моралдык стимулдардын ойлонуштурулган системасы, жолдоштук сын менен өзүн-өзү сындоо, коллективдин күндөлүк көрсөткөн таасири аркылуу чыңдоо керек».

**ЭМГЕК УКУГУ** — советтик социалисттик укуктун тармагы эксплуатациядан эркин кызматкерлердин жолдоштук кызматташтыгына жана социалисттик өз ара жардамдашуусуна негизделген, бардык жумушчулардын жана кызматчылардын эмгектик мамилелерин жөнгө салуучу укуктук нормалардын жыйындысы. Э. у. эмгекке байланыштуу администрация менен профсоюз уюмдарынын ортосунда келип чыгуучу мамилелерди да жөнгө салат.

Э. у. нормалары ССР Союзунун жана союздук республикалардын эмгек жөнүндө закондорунун Негиздеринде (к. «СССР Жогорку Советинин ведомосттору», 1970, № 29, 265-бет) жана союздук республикалардын ага ылайык кабыл алынган эмгек жөнүндө закондорунда, алар Негиздердин жоболорун толуктайт жана конкреттештирет, жана да мамлекеттик бийликтин органдарынын, мамлекеттик башкаруу органдарынын жана ВЦСПСтин башка союздук жана республикалык нормативдик актыларында келтирилген.

ССР Союзунун жана союздук республикалардын закондорунун Негиздери жана эмгек жөнүндө закондордун кодекстери эмгек жөнүндө советтик закондордун милдеттерин, жумушчулар менен кызматчылардын негизги эмгек укуктарын жана милдеттерин белгилейт, жана да Э. у-нун маанилүү институттары жөнгө салат: коллективдүү келишим, эмгек келишим, иш убактысы жана дем алуу убактысы, эмгек акы, гарантия жана компенсация, эмгек тартиби, эмгекти коргоо, аялдардын эмгеги, жаштардын эмгеги, окуп жүрүп иштеп жүрүшкөн жумушчулар жана кызматчылар үчүн жеңилдиктер, эмгек талаштары, профсоюздар, жумушчулардын жана кызматчылардын өндүрүштү башкарууга катышуусу, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу, эмгек жөнүндө за-

кондорду сактоого көзөмөлдөө жана контроль.

Э. у. эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүгө, коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатууга жана бул негизде эмгекчилердин турмушунун материалдык жана маданий деңгээлин жогорулатууга, эмгек тартибин чыңдоого жана коомдун жыргалчылыгы үчүн эмгекти бара-бара эмгекке жарамдуу ар бир адамдын турмуштук биринчи керектөөсүнө айландырууга көмөк көрсөтөт. Муну менен катар Э. у. эмгек шарттарынын жогорку деңгээлин, жумушчулар менен кызматчылардын эмгек укуктарын ар тараптан коргоону белгилейт.



## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

# ЭКОНОМИКАЛЫК ТУРМУШ

**АГРАРДЫК-ӨНӨР ЖАЙЛЫК ИНТЕГРАЦИЯ** айыл чарба продукциясын өндүрүүнү аны өнөр жайлык кайра иштетүү менен бириктирүү; айыл чарбасына айылга техникаларды, жер семирткичтерди, аралашма тоюттарды берип туруучу, курулуштарды жүргүзүүчү, айыл чарба продукцияларын даярдоочу, кабыл алуучу, сактоочу жана кайра иштетүүчү тармактар менен айыл чарбасынын байланыштарын күчөтүү процесси.

Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде мындайча баса белгилеген: «Кыязы, айыл чарбасы түздөн-түз байланышкан өнөр жайдын тармактары менен анын өндүрүштүк-экономикалык кызматташтыгын жакшыртууга — болгондо да олуттуу түрдө жакшыртууга, бүткүл агрохимиялык өнөр жайлык комплексти өнүктүрүүгө, бирдиктүү, жалпы мамлекеттик мамиле жасоону камсыз кылууга убакыт жетти көрүнөт». (КПССтин XXV съездинин материалдары, 60-бет).

Өлкөдө А.-ө ж. и. негизги багыттары жана өнүктүрүү формалары КПССтин XXV съездинин чечимдери жана КПСС БКнын «Чарбалык аралык кооперациянын жана агрардык-өнөр жайлык интеграциясынын негизинде айыл чарба өндүрүшүн адистештирүүнү жана топтоштурууну андан ары өнүктүрүү жөнүндө» токтому тарабынан белгиленген.

А.-ө. ж. и. процесси айыл чарба продукциясын өндүрүү, кайра иштеп чыгуу жана сатып-өткөрүү боюнча ири ишканаларды, бирикмелерди, комплекстерди түзүү менен мүнөздөлөт. Аларда эмгек ресурстары, техника мыкты пайдаланылып, илим менен өндүрүш тыгыз байланыштырылат, өндүрүштүн калдыктары рационалдуу пайдаланылат. Алар чарбалык иштин жогорку натыйжалуулугу менен айырмаланат.

Азыркы убакытка карата А-ө. ж. и. жүзүм-вино чыга-

руу, жашылча жана мөмө-жемиш консерва өндүрүшүндө өтө кеңири тараган. Мында бирикмелер территориялык-тармактык принцип боюнча курулат. Перспективада алар айыл чарбасынын башка тармактарын да кучагына алат.

Ишке ашырылуучу чаралардын уюмдашуу принцибин камсыз кылуу үчүн А.-ө. ж. и. масштабдарын кеңейтүү эл чарбасынын бардык деңгээлдеринде пландаштырууну жана башкарууну өркүндөтүүнү талап кылат. (Карагыла: *Агрардык-өнөр жайлык комплекстер*).

**АГРАРДЫК-ӨНӨР ЖАЙЛЫК КОМПЛЕКСТЕР** — чарбалар аралык кооперативдештирүүнүн жогорку формасы, анын чегинде айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн жана кайра иштетүүнүн стадиялары ишке ашырылат.

Айыл чарбасынын баарыдан мурда кайра иштеп чыгуучу өнөр жай менен технологиялык байланышы А.-ө. ж. и. түзүү менен бекемделет. Алар иштеп жаткан мамлекеттик кайра иштетүүчү ишканалардын сырьё берип туруучу колхоздор жана совхоздор менен өндүрүштүк-экономикалык жана уюштуруу байланыштарын кеңейтүүнүн негизинде да, ошондой эле колхоздор жана совхоздор тарабынан айрым же биргелешип жаңы кайра иштетүүчү ишканаларды түзүү жолу менен, б. а. колхоздор аралык жана мамлекеттик-колхоздук ишканаларды түзүү жолу менен да пайда болот. Мунун өзү техниканы, капиталдык салымдарды, эмгек ресурстарын натыйжалуу пайдаланууга, алардын үзгүлтүксүз иштеши үчүн өнөр жай ишканаларын жана сырьё базасын рационалдуу жайгаштырууга, бардык технологиялык звенолорду — айыл чарба продукцияларын өндүрүүнү, кайра иштетүүнү жана сатып өткөрүүнү мыкты пландаштырууга жана ылайыкташтырууга, чыгымдарды төмөндөтүп, рентабелдүүлүктү жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет.

А.-ө. ж. к. түзүү бир катар маанилүү социалдык проблемаларды да чечүүгө: менчиктин эки формасын бара-бара жакындаштырууга, алардын ортосундагы айырмаларды жоюуга, айылдык калкты жыл бою иш менен камсыз кылууга, айылдык эмгекчилердин эмгек жана тиричилик шарттарын жакшыртууга жардам берет.

КПССтин XXV съезди колхоздор аралык, колхоздук-совхоздук жана мамлекеттик-кооперативдик бирикмелер, ошондой эле айыл чарба продукциясын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатып өткөрүү боюнча А-ө. ж. и. андан ары өнүктүрүүнү белгиледи (КПССтин XXV съездинин материалдары, 194-бет).

КПСС БКнын «Чарба аралык кооперациянын жана агрардык өнөр жайлык интеграциянын негизинде айыл чарба өндүрүшүн адистештирүүнү жана топтоштурууну андан ары өнүктүрүү жөнүндө» токтому (1976) агрардык-өнөр жайлык комплекстерди түзүү жана өнүктүрүү үчүн жаңы перспективаларды ачып берет.

**АЙЫЛ ЧАРБА ӨНДҮРҮШҮН АДИСТЕШТИРҮҮ** — айыл чарбасындагы эмгектин коомдук бөлүшүнүн формасы, мында айрым совхоздордо жана кол-



хоздордо бир түрдүү продукцияны өндүрүү топтоштурулат.

Адистештирүү айыл чарба продуктыларын өндүрүүнү көбөйтүүнүн, анын өздүк наркын төмөндөтүүнүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн, жерди жана башка өндүрүш каражаттарын натыйжалуу пайдалануунун маанилүү фактору болуп саналат. Ал ири өндүрүштүн бардык артыкчылыктарын көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Буга негизденип, «СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында» айыл чарба өндүрүшүн ыраттуу жана кыйшаюусуз ургаалдаштыруу жана анын материалдык-техникалык базасын чыңдоо, ал эми бул негизде чарбалар аралык кооперациянын базасында аны андан ары адистештирүүнү жана топтоштурууну ишке ашыруу, агрардык-өнөр жайлык бирикмелерди жана ишканаларды түзүү милдети коюлган. 1976-жылы КПСС Борбордук Комитети «Чарба аралык кооперациянын жана агроөнөр жайлык интеграциянын негизинде айыл чарба өндүрүшүн адистештирүүнү жана топтоштурууну мындан ары өнүктүрүү жөнүндө» токтом кабыл алды. Колхоздор аралык, колхоздук-совхоздук жана мамлекеттик-кооперативдик бирикмелерди, жана да айыл чарба продукциясын өндүрүү, кайра иштеп чыгуу жана реализациялоо боюнча агрардык-өнөр жайлык комплекстерди өнүктүрүүгө чечим кылынды. (к. *Өндүрүштү адистештирүү жана кооперациялоо. КПССтин азыркы этаптагы агрардык саясаты. Агрардык-өнөр жайлык комплекстер*).

**АЙЫЛ ЧАРБА ӨНДҮРҮШҮН УРГААЛДАШТЫРУУ** — биздин өлкөнүн айыл чарбасынын бардык тармактарын андан ары өнүктүрүүнүн, натыйжалуулугун жогорулатуунун негизги жолу; мурдагы эле жер аянттарына каражаттарды кошумча натыйжалуу жумшоонун жана илимдин, техниканын жетишкендиктерин жана алдыңкы тажрыйбаны пайдалануунун эсебинен продукция өндүрүүнү көбөйтүү менен мүнөздөлөт.

Биздин өлкөдө А. ч. ө. у. багыты ыраттуу ишке ашырылууда. КПССтин XXV съездинде белгиленгендей, айыл чарбасы Совет бийлигинин бардык жылдарында алган 320 миллиард сом капиталдык салымдардын ичинен 213 миллиард сом акыркы эки беш жылдыкка туура келет. Айыл чарбасына капиталдык салымдар үч негизги багытка: механизацияга, мелиорацияга, химиялаштырууга топтоштурулган. Мунун өзү айыл чарбасын экономиканын жогору өнүккөн секторуна айландыруу үчүн бекем фундаментти түзүүгө мүмкүнчүлүк берди. 8-жана 9-беш жылдыктарда дан эгиндеринин түшүмдүүлүгү 1,4 эсе өстү. Коомдук чарбада эмгек өндүрүмдүүлүгү 58 процент жогорулады. Өлкөнүн бир адамына эсептегенде айыл чарба продукциясын өндүрүү дээрлик төрттөн бирге өстү. (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 57-бет).

КПССтин XXV съезди андан ары А. ч. ө. у-ну белгиледи, ал айыл чарбасынын мате-

риалдык-техникалык базасын ыраатту чыңдоодон, өндүрүш процессин комплекстүү механизациялоону жана автоматташтырууну кеңейтүүдөн, химиялаштыруудан жана мелиорациялоодон, илимдин, техниканын жетишкендиктерин жана алдыңкы тажрыйбаны киргизүүдөн, жерди, материалдык-техникалык каражаттарды жана эмгек ресурстарын пайдаланууну жакшыртуудан көрүнөт. Натыйжада беш жылдын ичинде колхоздордо жана совхоздордо эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн орточо жылдык деңгээли 27—30 процент өсүүгө тийиш. (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 221-бет). 10-беш жылдыкта бул чараларга 170 млрд. сом бөлүнгөн, мунун өзү 9-беш жылдыктагыга караганда 40 миллиард сомго көп.

Л. И. Брежнев КПСС БКнын октябрь (1976) Пленумунда «азыркы этапта айыл чарбасын мындан ары жогорулатуунун проблемасы — бул, биринчи кезекте, эң кеңири мааниде алганда анын натыйжалуулугун жогорулатуу проблемасы экендигин белгилеген. Жалпы милдетти мындайча айтууга болот: мамлекет тарабынан айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн бөлүнгөн зор ресурстарды акыл менен, сарамжалдык менен пайдалануу, жерге сарамжалдык менен мамиле кылып, ар бир гектардан, салынган ар бир сомдон, ар бир тонна жер семирткичтен максималдуу натыйжага жетишүү керек».

**АЙЫЛ ЧАРБА ПРОДУКЦИЯСЫНЫН ЖЫЛДЫК ОРТОЧО ӨНДҮРҮШҮ** — айыл чарба өндүрүшүнүн өнүгүү динамикасын билдирүүчү көрсөткүч. Ал бир нече жыл ичинде өндүрүлгөн айыл чарбасынын дүң продукциясынын наркын кошуу жана алынган сумманы ошол эле сандагы жылдарга бөлүү жолу менен белгиленет. Эсептөөнүн мындай методу айрым жылдарда айыл чарба продукциясын өндүрүүгө климаттык жана табигый шарттардын кескин таасир көрсөтүшү менен байланышкан.

9-беш жылдыктын жыйынтыктары боюнча, өтө ыңгайсыз климаттык жагдайдын шарттарында айыл чарба продукциясынын жылдык орто көлөмү 8-беш жылдык менен салыштырганда 13 процент көбөйүп, 113,7 млрд. сомду түздү. Эгиндин жылдык орточо жыйымы 14 млн. тоннага өсүп, орто эсеп менен жылына 181,6 млн. тоннаны түздү.

1976—1980-жылдарда айыл чарба продукциясын жылдык орточо өндүрүүнү төмөндөгү өлчөмдө көбөйтүү белгиленген (172-беттеги таблицаны карагыла).

Жылдык орточо эсептегенде айыл чарба өндүрүшүнүн көлөмүн 16 процент көбөйтүү жана аны 132 млрд. сомго жакындатуу белгиленүүдө. 1976-жылдын жыйынтыктары боюнча 117,4 млрд. сомдук айыл чарба продукциясы өндүрүлүп, 224 млн. тоннага жакын эгин жыйналган.

**АЙЫЛ ЧАРБАСЫН МЕХАНИЗАЦИЯЛОО** — айыл чарба өндүрүшүн ургаалдаштыруунун багыты, айыл чарба өндүрүшүнүн бардык тармактарын машиналардын жана механизмдердин азыркы кездеги системалары менен жабдуу; КПСС-



тин агрардык саясатынын негизги багыттарынын бири.

Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде «кардиналдуу проблеманы чечүүдө да биз бир кыйла алга жылдык — бул **айыл чарбасын өнүктүргөндүк, аны техника менен кайра куралдандыргандык, колхоздордун жана совхоздордун экономикасын чыңдагандык**»,— деп белгилеген. (КПССтин XXV съездинин материалдары, кыргызча басылышы, 44-бет).

10-беш жылдыктын башталышында айыл чарбасында: 2,4 млн. го жакын трактор, 690 миң эгин жыйноочу комбайн, 123 миң экскаватор, 120 миң бульдозер, 1450 миң трактор чиркегич жана башка көп техника болгон. Энергетикалык кубаттар 8-жана 9-беш жылдыкта 2 эсе көбөйүп, 465 млн. а. к. түздү. Натыйжада айыл чарба жумуштарын механизациялоонун деңгээли бир кыйла өстү.

КПССтин XXV съезди айыл чарбасын техника менен кайра куралдандырууну улантууну, өндүрүштүн үзгүлтүксүз индустриалдык ыкмаларын жана прогрессивдүү технологияны киргизүүнү, энергия менен куралдандырууну андан ары тездетип өстүрүүнү, айыл чарба жумуштарын механизациялоонун деңгээлин жогорулатууну белгиледи. Ошондой эле колхоздор менен совхоздордо машина-трактор паркын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу; машиналар менен жабдууларды техникалык жактан адистештирилген тейлөөнү киргизүүнү аяктоо каралган (к. КПССтин XXV съездинин материалдары «Кыргызстан» басмасы, 240—241-беттер).

10-беш жылдыкта айыл чарбасына 1900 миң трактор, 1350 миң жүк ташуучу автомобиль, 1580 миң трактор чиркегич, 100 миң экскаватор, 106,5 миң бульдозер, 538 миң эгин жыйноочу комбайн жана башка өтө өркүндөтүлгөн жана өндүрүмдүү айыл чарба техникасын, анын ичинде мал чарбасы жана тоют өндүрүү үчүн техникаларды берүү белгиленген.

**АЙЫЛ ЧАРБАСЫН ХИМИЯЛАШТЫРУУ** — айыл чарба өндүрүшүн ургаалдаштыруунун айыл чарбасында коммунизмдин материалдык-техникалык базасын куруунун багыты. КПССтин XXV съезди тарабынан белгиленген айыл чарбасын техникалык кайра куралдандыруу жолдорунда механизациялоо жана мелиорациялоо менен катар химиялаштырууга негизги орундардын бири таандык. Айыл чарбасында химияны колдонуу жагы барган сайын кеңейүүдө. 9-беш жылдыктын жылдарында колхоздор менен совхоздор 307 млн. тоннадан ашык минералдык жер семирткичтерди жана 1,7 млн. тонна өсүмдүктөрдү коргоочу химиялык каражаттарды алышты. Өнөр жайлык жер семирткичтерди жана өсүмдүктөрдү коргоочу химиялык каражаттарды өндүрүүчү өнөр жай өнүктү.

10-беш жылдыкта айыл чарбасы 9-беш жылдыктагыга караганда минералдык жер семирткичтерди жана өсүмдүктөрдү коргоочу химиялык каражаттарды 1,5 эсе, химиялык тоют кошумчаларын — 2,5 эсе, аминокислоталарды — 4,6 эсе, микроэлементтерди — 1,9 эсе

көп алат. 1980-жылы айыл чарбасына 120 млн. тонна минералдык жер семирткичтер жана болжол менен 5 млн. тонна химиялык тоют кошумчалары, 628 миң тонна өсүмдүктөрдү коргоочу химиялык каражаттар, анын ичинде 245 миң тонна гербициддер берилет.

Жер семирткичтерди өндүрүүнү өстүрүү менен бирге алардын сапаты да жакшыртылат. 1980-жылы минералдык жер семирткичтердин жалпы көлөмүндө жогору топтоштурулган жана татаал жер семирткичтер 87 процентти түзөт. Анын үстүнө аларда айрым составдык бөлүктөрдүн катнашы жакшырып, азыктык заттардын топтолушу 35 проценттен 40 процентке чейин жогорулайт.

Үстүбүздөгү беш жылдыктын планында колхоздор менен совхоздорду агрохимиялык тейлөөнү жакшыртуу боюнча, минералдык жер семирткичтерди жана өсүмдүктөрдү коргоочу каражаттарды, жана да аларды колдонуу үчүн зарыл техниканы жана жабдууларды өз убагында жеткирүүнү камсыз кылуу боюнча чаралар да каралган.

**АССОРТИМЕНТ** — техникалык-экономикалык мүнөздөмөлөрү (типтүү көлөмү, өндүрүмдүүлүгү, кубаты, сапаты ж. б.) менен айырмалануучу бир наамдагы продукциянын ар кыл түрлөрү жана маркалары.

А. продукцияны заказ кылуучунун керектөөлөрүн жана аны берип туруучу ишкананын мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен ошол эки тарап чарба келишимин түзүп жаткан убакта белгиленет. Социалисттик ишканалар ар түрдүү максаттагы (номенклатурадагы) продукциянын пландаштырылган түрлөрүн чыгаруу боюнча да, ошондой эле бул продукциянын ассортименти боюнча да тапшырмалардын аткарылышын катуу сактоо менен орундатууга милдеттүү.

А.— өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуунун жана калктын керектөөлөрүн өтө толук канааттандыруунун маанилүү фактору. Кийинки жылдарда СССРдин өкмөтү тарабынан продукциянын А. боюнча тапшырмаларды орундатуу үчүн ишканалардын жоопкерчилигин жогорулатуучу бир катар маанилүү чаралар кабыл алынды. КПССтин XXV съезди: «Бардык чыгарылуучу продукциянын түрлөрүнүн сапаты чечкиндүү жакшыртуу ассортиментти кеңейтүү, продукциянын азыркы кездеги талаптарга жооп берүүчү жаңы түрлөрүн чыгарууну көбөйтүү» милдетин койду. (КПССтин XXV съездинин материалдары, 188-бет). Өндүрүштүк бирикмелерде (комбинаттарда), ишканаларда 1976—1980-жылдарда экономикалык стимулдаштыруу фондуларын түзүү жана расходдоо жөнүндө 1976-жылы декабрда бекитилген негизги жоболордо пайдадан фондуга чегерүүлөрдүн тартиби продукцияны номенклатурада жана А. берүү боюнча тапшырмаларды орундатуу менен түздөн-түз байланышкан.

**«А» ТОБУ** — өндүрүштүк керектөө үчүн продукцияларды (өндүрүш каражаттарын) түзүүчү өнөр жай тармагы. «А» Т-дагы тармактар тарабынан өнөр жай продукциясын өндүрүү өлкөнүн экономикалык кубатын аныктоочу көрсөткүч болуп саналат. Совет мамлекети коммунизмди куруунун бардык этаптарында оор өнөр жайынын тармактарын—советтик экономиканын фундаментин өнүктүрүүгө өзгөчө чоң көңүл бурат.

1976-жылы өнөр жайынын дүң продукциясынын жалпы көлөмүндө «А» Т-нун үлүшү 1913-жылдагы 35 проценттин ордуна 74 процентти түзгөн.

1940-жылдан 1975-жылга чейин өнөр жайынын бүткүл продукциясы 18 эсеге жакын өскөн убакта, өндүрүш каражаттарын өндүрүү «А» Т-бу 23 эседен ашык көбөйгөн.

КПССтин XXV съезди оор өнөр жай тармактарынын алдына жаңы милдеттерди койду. Алар эл чарбасынын жогорку сапаттуу продукцияны керектөөсүн өтө толук канааттандырууга, өндүрүштүк фондуларды техникалык кайра куралдандырууну, экономиканын бардык тармактарында өндүрүштү ургаалдаштырууну камсыз кылууга тийиш.

10-беш жылдыкта «А» Т-н өстүрүүнүн темптери 38 процентти түзөт. Илимий-техникалык прогрессти аныктоочу тармактар тездетилип өнүктүрүлөт. Машина куруу жана металл иштетүү продукцияларын чыгаруу 1,5—1,6 эсеге, химия жана нефтехимия өнөр жайыныкы — 1,6—1,65 эсеге; газ алуу 435 млрд. куб. м-ге чейин; нефти жана газ конденсаты 640 млн. т., көмүр — 805 млн. т. чейин көбөйөт. Электроэнергетика отун өнөр жайы менен салыштырганда озуучу темптер менен өнүктүрүлөт, 1980-жылы электроэнергиясын өндүрүү 1380 млрд. квт-с. жетет.

Конструкциялык материалдарды (кара жана түстүү металлдарды, пластикалык массаларды, айнекти ж. б.) чыгаруучу тармактар жогорулатылган темптер менен өнүктүрүлөт. 1980-жылга карата болот эритүүнү 168,5 млн. т. чейин, даяр прокатты — 117,5 млн. т-га чейин жеткирүү каралган, алюминий, жез жана никель өндүрүү 1,2—1,3 эсе, титан — 1,4 эсе, синтетикалык чайыр жана пластмасс 2 эсе көбөйөт ж. б. Минералдык жер семирткичтерди өндүрүү 143 млн. т. чейин көбөйөт, анын үстүнө жогору натыйжалуу концентрацияланган жер семирткичтердин үлүшү өсөт.

Оор өнөр жай тармактарынын эл керектөөчү товарларды өндүрүүнү көбөйтүүгө салымы өсөт. Эгерде 1975-жылы бул тармактардын үлүшүнө керектөөчү товарлардын бүткүл өнөр жайлык өндүрүлүшүнүн 18,8 проценти туура келсе, 1980-жылы алар бул товарлардын жалпы көлөмүнүн 22 процентке жакынын беришет, мында бул товарларды машина куруучу ишканалар тарабынан чыгаруу 1,6 эсе көбөйөт (к. *«Б» Тобу.*)

**«Б» ТОБУ** өндүрүштүк эмес керектөө үчүн продукцияларды (эл керектөөчү буюмдарды) түзүүчү өнөр жай тармактары.

Эл керектөөчү товарларды өндүрүүнү көбөйтүү, ассортиментти кеңейтүү, алардын сапатын жакшыртуу — маанилүү эл чарба милдеттеринин бири. Биздин өлкөдө 1940-жылдан 1975-жылга чейин эл керектөө-

чү буюмдарды («Б» тобу) өнөр жайлык өндүрүү 9 эсеге жакын, анын ичинде 1965—1975-жылдарда—2 эседен ашык өстү.

Л. И. Брежнев КПСС БКнын октябрь (1976) Пленумунда эл керектөөчү товарларды өндүрүүнүн жана кызмат көрсөтүүнүн бүткүл чөйрөсүндө чечкиндүү жылыштарга жетишүүнүн зарылчылыгын көрсөттү. «Бул маселе социалдык жактан да, экономикалык жактан да өзгөчө маанилүү, чынында да программалык маселе болуп саналат».

10-беш жылдыкта калктын керектөөсүн толук канааттандыруу үчүн керектөө буюмдарын («Б» тобу) өндүрүүнү 32 процент көбөйтүү, ассортиментти олуттуу кеңейтүү жана сапатын жакшыртуу белгиленген. Жеңил өнөр жайдын продукциясын өндүрүү 27 процентке өсөт.

Токулбаган материалдар (3,5 эсе), жасалма мех, килем жана килем буюмдары (2,2 эсе) көп чыгарыла баштайт. Аралашма кездемелерден буюмдарды чыгаруу, анын ичинде көйнөктөр — 3 эсе, пальто жана плащтар — 4 эсе, ошондой эле бут кийимдер жана башка массалык керектелүүчү буюмдар өсөт.

Маданий-тиричилик багытындагы жана чарбада керектелүүчү товарларды чыгаруу 56 процент көбөйүп, жогорулатылган сапаттагы жаңы товарлардын ассортименти кеңейтилет.

Партиянын XXV съездинде Л. И. Брежнев «Б» тобунун тармактарына пландагы тапшырмаларды минималдуу кароо керек экендигин жана жылдык пландар боюнча иш жүргүзүүнүн жүрүшүндө бул тармактарды өсүшүн тездетүүнү камсыз кылуу зарыл экендигин, бул саясий жана экономикалык зор маанидеги иш экендигин белгилеген. КПСС БКнын жана СССР Министрлер Советинин «1976—1980-жылдарда массалык керектелүүчү товарларды өндүрүүнү өнүктүрүү жөнүндө жана алардын сапатын жогорулатуу боюнча чаралар тууралу» жарыяланган токтому — эмгекчилердин турмуш деңгээлин ар тараптан жогорулатууда партиянын багытынын ырааттуулугунун жана кебелбестигинин жаңы айкын далили болуп саналат. 10-беш жылдыктын ичинде бул товарларды чыгаруу 1,7 эсе — мурда пландаштырылгандан бир кыйлага көп өсөт. Сооданы түстүү телевизорлор, мебель, идиш-аяк, мотоциклдер, велосипеддер жана мопеддер, мех баш кийимдери, кир жуучу каражаттар, кээ бир кездемелер ж. б. өңдөнгөн азырынча дефициттүү буюмдар менен камсыз кылуу бөтөнчө байкаларлык түрдө көбөйөт. (к. *«А» тобу. Эл керектөөчү товарлар*).

**БАШКАРУУНУН АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН СИСТЕМАСЫ (АСУ)** — оптималдуу чечимдерди кабыл алуу үчүн башкаруу теориясын, экономикалык-математикалык методдорду, ЭВМди, информацияларды жыйноонун, берүүнүн, сактоонун жана кайра иштеп чыгуунун азыркы кездеги автоматташтырылган каражаттарын пайдалануунун негизинде иштөөчү башкаруу системасы.



АСУ өндүрүштү башкаруу кызматкерлеринин эмгегинин натыйжалуулугун жогорулатат. Эмгекти көп талап кылган татаал эсептөөлөр, оптималдаштырууну талап кылуучу варианттуу эсептөөлөр эң эле кыска мөөнөттөрдө ЭВМдин жардамы менен жүргүзүлөт.

Биздин өлкөдө эсеп борборлорунун мамлекеттик тармагы менен өлкөнүн байланышынын бирдиктүү автоматташтырылган тармагына таянуунун негизинде кийин бара-бара информацияларды жыйноонун жана иштетүүнүн, эл чарбасын пландаштыруунун жана башкаруунун жалпы мамлекеттик системасына өтүүчү тармактарда, территориялык уюмдарда, бирикмелерде, ишканаларда пландаштыруунун жана башкаруунун автоматташтырылган системасын түзүү жана киргизүү боюнча иштер турмушка ашырылууда.

КПССтин XXV съезди: АСУнун жана эсептөө борборлорунун андан ары өнүктүрүлүшү жана натыйжалуулугунун жогорулатылышын камсыз кылуу, алар эске алуу пландаштыруу жана башкаруу үчүн информацияны жыйноонун жана иштетүүнүн жалпы мамлекеттик бирдиктүү системасына ырааттуу бириктирүү; коллективдүү пайдалануунун эсептөө борборлорун түзүү; иш жүргүзүүнү рационалдаштыруу жана башкаруу эмгегин уюштурууну жакшыртуу үчүн уюштуруу-техника каражаттарын иштеп чыгарууну жана колдонууну кеңейтүү милдетин койду.

1977-жылдын башталышына карата өлкө боюнча технологиялык процесстерде 899 АСУ, ишканаларда 1024 АСУ, территориялык органдарда 772 АСУ иштеген. Андан тышкары, министерстволордун жана ведомстволордун 204 АСУсу, информацияларды иштетүүнүн 151 автоматташтырылган системасы түзүлгөн. Бардыгы болуп 3050 АСУ иштеген. Эгерде 8-беш жылдыкта 414 АСУ түзүлгөн болсо, 1971—1975-жылдарда АСУ 2364 түзүлгөн.

10-беш жылдыкта технологиялык процесстүү АСУну түзүүгө өзгөчө көңүл бөлүнүүдө. Муну менен катар тармактык АСУлар андан ары өнүктүрүлүп, жалпы мамлекеттик маанидеги автоматташтырылган системаларды: пландык эсептөөлөрдүн (АСПР), мамлекеттик статистиканын (АСГС), СССР Мамлекеттик банкынын, Илим жана техника боюнча мамлекеттик комитеттин жана башкалардын автоматташтырылган системаларын түзүү улантылат.

10-беш жылдыктын жылдарында АСУнун техникалык базасы бир кыйла кеңейтилет. Айтсак, 1976-жылы эле эсеп-кысап, пландаштыруу жана башкаруу үчүн 300гө жакын АСУ, анын ичинде технологиялык процесстерде 110 АСУ түзүлгөн.

Ушул милдеттердин бардыгын чечүү эл чарбасын башкарууну сапаттык жаңы баскычка көтөрөт.

**БАМ (БАЙКАЛ-АМУР МАГИСТРАЛЫ)** — Сибирдин жана өлкөнүн Ыраакы Чыгышынын өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүү үчүн экономикалык зор мааниси бар перспективалуу ири эл чарба курулуштарынын бири. Магистраль чыгыш райондору-

нүн башка райондор менен транспорт байланыштарын күчөтүү жана бай табигый ресурстарды өздөштүрүү үчүн оңтойлуу шарттарды түзүү зарылчылыгынан улам курулууда. БАМ — Тынч океан бассейнинин портторуна чыгуучу экинчи темир жол, анын үстүнө Транссибирь темир жол магистралына салыштырганда кыйла кыска.

Жаңы трассанын жалпы узундугу — (Усть-Куттан Комсомольск-на-Амуреге чейин) 3,2 миң километрди түзөт; ал бол-жол менен Транссибирь темир жол магистралынан 200—500 км. алыстыкта түндүк тарапта курулат.

БАМ жети тоо кыркасынан, көп сандаган дарыялардан өтөт; трассанын бир кыйла бөлүгү түбөлүк тоңдун аймагынан, сейсмикалуулугу жогору болгон райондор аркылуу өтөт. Төрт, алардын ичинен бирөө уникалдуу — узундугу 15 км келген тоннель курулат; суу сайлары жана башка табигый тоскоолдуктар аркылуу 3200 жасалма курулуш, алардын ичинде узундугу 300 м жана андан да ашык 16 көпүрөнү, узундугу 100 м-ден 300 м-ге чейин келген 120 көпүрөнү; көп станцияларды жана разъезддерди, поселокторду куруугa туура келет. БАМда жүк ташуу кыймылын ачуу 1982-жылга пландаштырылган, ал эми айрым участоктор бүтүшүнө жараша ишке киргизиле берет.

БАМды куруу менен Сибирдин жана Ыраакы Чыгыштын өтө бай пайдалуу кендери — темир кени, көмүр, газ, жез, коргошун, калай жана да эбегейсиз зор токой байлыктары, Сибирь дарыяларынын кубаттуу энергетикалык ресурстары кошумча түрдө эл чарба оборотуна кийрилет. Перспективада бул райондордо түстүү металлургиянын, көмүр, токой, жыгачтан буюм жасоочу жана целлюлоза-кагаз өнөр жайынын ишканаларын, жана да эл керектөөчү товарларды чыгаруучу тармактарды камтыган жаңы территориялык-өндүрүштүк комплекс пайда болот. Жаңы шаарлар жана жумушчу поселокторy курулат.

Магистралды курууга бардык союздук республикалар катышууда. Комсомол БАМдын курулушун Бүткүл союздук комсомолдук-жаштардын эпкиндүү курулушу деп жарыялаган. КПССтин XXV съездинде белгиленгендей, БАМ — Тында трассасында поезддердин жүк ташуу кыймылы мөөнөтүнөн мурда ачылды, 70 көпүрө курулуп, 1200 км-ден ашык автомобиль жолдору салынган. Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинин трибунасынан эмгектери өтө зор жаратылыш байлыктарды Мекендин кызматына коюп, Сибирдин, Түндүктүн, Орто Азиянын жана Ыраакы Чыгыштын кеңири райондоруна жаңы турмушту берип жаткан биринчи жол салуучулардын эр жүрөк коллективдерин кызуу куттуктады, алардын кыйын, бирок өлкөгө өтө керектүү иштеринде ийгиликтерди каалады.

**ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫ** — өлкөнүн коомдук менчиги болуп эсептелген табигый байлыктар. Аларды пайдалануу менен эмгекчилер өндүрүш процессинде коом үчүн керек продуктуну түзүшөт. Чарба оборотуна тартылган Ж. р. улуттук байлыктын бир бөлүгүн түзөт.

Ж. р. бирдиктүү мамлекеттик жер фондусун, пайдалуу кендердин запасын, гидроэнергетикалык ресурстарды кучагына алат.

СССРдин жер фондусу 2227,5 млн. гектардан ашыкты түзөт, анын ичинен 604,2 млн. гектары — айыл чарба жерлери.

Советтер Союзунун эң бир бай токой ресурстары бар. Жыгачтын жалпы запасы дүйнөлүк запастардын чейрегине жакынын түзөт, анын ичинде ийне жалбырактуу жыгачтар — дүйнөлүк запастардын теңинен ашыгын түзөт.

Суу ресурстары менен камсыз болушу жагынан СССР дүйнөдө биринчи орунда турат. Таза суунун запасы да зор. Калктын ар бир адамынын суу менен камсыз болушу жылына 19 миң куб. м. (планетада орто эсеп менен алгандагыдан 2 эсе көп).

Советтер Союзу минералдык жана отун-энергетикалык ресурстар менен камсыз болгон, көмүр, темир кени, көптөгөн түстүү металлдардын кендери, табигый газ ж. б. өндөнгөн пайдалуу кендердин маанилүү түрлөрүнүн чалгындалган запастары боюнча дүйнөдө биринчи орунда турат.

Ошону менен катар жаратылыш ресурстары чектелген. Алардын кээ бирлеринин ордун толтурууга болбойт. Социалисттик мамлекет жаратылышты коргоо жана жаратылыш ресурстарын көбөйтүү боюнча чаралардын комплексин жүргүзүүдө. «Табият булактарын этияттык, сарамжалдуулук менен пайдалануу, жер жөнүндө, токой жөнүндө, дарыялар жана таза аба жөнүндө, өсүмдүк жана айбандар дүйнөсү жөнүндө камкордук кылуу — мунун бардыгы тең биздин коммунисттик асыл ишибиз. Биз советтик адамдардын азыркы жана келечектеги муундары үчүн өз жерибизди сактоого жана коздоого тийишпиз». (*Л. И. Брежнев.* Лениндик жол менен. 2-т. 103-бет).

Партиянын жана өкмөттүн жаратылышты коргоого жана ресурстарды рационалдуу пайдаланууга алган багыты партиянын XXIV жана XXV съезддеринин материалдарында, бир катар мамлекеттик актыларда чагылдырылган. (к. *Курчап турган чөйрөнү коргоо*).

**ЖЕРДИ МЕЛИОРАЦИЯЛОО** — айыл чарба өндүрүшүн ургаалдаштыруунун багыты, аларды кургатуу, сугаруу, суу жеткирүү, акиташтуулугун жөнгө салуу жана маданий өсүмдүктөрдүн башка техникалык жумуштарын жүргүзүү жолу менен жердин асылдуулугун жогорулатуу боюнча чаралардын комплекси болуп саналат.

КПСС БКнын май (1966) пленуму тарабынан жактырылган Ж. м. программасын ишке ашыруу КПССтин агрардык саясатынын негизги багыттарынын бири болуп калды. Мелиорация жумуштары, практика жүзүндө өлкөнүн бардык зоналарын кучагына алат. 8-жана 9-беш жылдыкта гана Ж. м-ге Совет бийлигинин буга чейинки бардык жылдарындагыдан бир кыйла көп каражаттар жумшалды. Мелиорация програм-

масын турмушка ашырууга 1,3 миллиондон ашык адам катышууда. Мелиораторлор бекем материалдык базага таянышып, жыл сайын 2 млн. гектарга чейин жаңыртылган жерлерди ишке киргизе алышат. Азыркы убакта сугат жана кургатылган жерлердин аянты (айдоо жерлердин аянтынын 8 процентке жакыны) 25 млн. гектардан ашты. Бул жерлер өлкөдөгү дыйканчылыктын бүткүл дүң продукциясынын чейрегин берет.

1971—1975-жылдарда 1 га сугат жердин орточо түшүмдүүлүгү жылына сугат эмес жерлерге караганда: эгин боюнча — 10,6 ц; жашылча — 20 ц; кант кызылчасы — 97 ц. жогору болгон.

10-беш жылдыктын аягында мелиорацияланган жерлерде дыйканчылыктын продукциясынын кеминде үчтөн бирин өндүрүүнү камсыз кылуу милдети коюлган.

10-беш жылдыкта «СССР-дин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарына», КПСС БК-нын жана СССР Министрлер Советинин «1976—1980-жылдарда жерди мелиорациялоонун планы жана мелиорацияланган жерлерди пайдаланууну жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндөгү» токтомуна ылайык мамлекеттик капиталдык салымдардын эсебинен 4,17 млн. га сугат жерлерин пайдаланууга берүү (бардыгы — 4,9 млн. *га*), 4,71 млн. *га* кургатуу (эски системаларды реконструкциялоону кошкондо) 37,64 млн. *га* жайытка суу жеткирүү, 10 млн. гектарга жакын аянтта маданий өсүмдүктөрдүн техникалык жумуштарын өткөрүү каралган. Бул максаттарга мамлекет жана колхоздор тарабынан 40 млрд. ашык сом жумшалат. 1980-жылдын аягында сугат жерлер 19 млн. гектардан ашыкты, кургатылган жерлер — болжол менен 13,8 млн. гектарды түзөт; жакшыртылган чөп чабындынын аянты 30 млн. гектарга чейин (1975-жылдагыдан 1,8 эсеге көп), өлкөнүн чөл жана жарым чөл зоналарында суу жеткирилген жайыттардын аянты 267 млн. гектарга чейин кеңейтилет. Сугат жана кургатылган жерлерди жогору натыйжалуу пайдаланууу жана бул жерлерде айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн ар тараптан жогорулатуу товардык эгинди өндүрүүнү бекем камсыз кыла турган ири зоналарын түзүү милдети коюлган.

**ЖОГОРУЛАТЫП АЛМА ПЛАН** — ишкананын коллективи тарабынан иштелип чыгылган жана жогору турган чарбалык уюм тарабынан кабыл алынган, контролдук цифралардан ашкан өндүрүштүк план; социалисттик мелдешти өнүктүрүүнүн маанилүү багыты. Ж. а. п-да ички резервдер, эмгекчилердин сунуштары эске алынып, өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуунун конкреттүү жолдору белгиленген болот.

Ж. а. п. сырьёну берип туруучулар, буюмдарды комплекттөө жана сатуучу уюмдар менен макулдашылат. Жогору турган уюм тарабынан бекитилген Ж. а. п. эл чарба планынын бир бөлүгү болуп калат.

10-беш жылдыкка карата Ж. а. п-ды кабыл алуу жана



орундатуу үчүн патриоттук кыймыл бүткүл элдик кыймылга айланды. КПССтин XXV съездинде Л. И. Брежнев жогорулатып алма пландарды кабыл алуу үчүн кыймыл сыяктуу сонун саамалыкты өлкөдөгүлөрдүн бардыгы колдоп отурушат», деп белгилеген. (КПССтин XXV съездинин материалдары, 87-бет). Бул кыймыл: «Экономиканы жана элдин жыргалчылыгын андан ары өстүрүү үчүн өндүрүштүн натыйжалуулугун жана иштин сапатын жогорулаталы!» деген ураан алдында өнүгүп жатат. Ал чарбалык практикага, коллективдердеги иравалык атмосферага терең таасир көрсөтүүдө, Совет адамдарынын жогорку саясий аң-сезимдүүлүгү, 10-беш жылдыктын тапшырмаларын мөөнөтүнөн мурда орундатууга, КПССтин XXV съезди тарабынан коюлган түпкү экономикалык проблемаларды чечүүгө конкреттүү салым кошууга алардын умтулуусу жөнүндө далил болот.

КПССтин XXV съездинин, КПСС БК октябрь (1976) Пленумунун чечимдери социалисттик мелдештин бул өтө натыйжалуу формасын андан ары өнүктүрүүгө багыттайт. Ж. а. п-ды иштеп чыгуунун жүрүшүндө өндүрүштү өстүрүүнүн ири резервдери ачыла тургандыгын практика көрсөттү. Ж. а. п-ды орундатуунун ийгилиги коллективдеги максатка умтулган уюштуруучулук, идеялык-тарбия иши, так башкаруу жана үзгүлтүксүз материалдык-техникалык жабдуу менен камсыз кылынат. «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндөгү «токтомунда КПСС Борбордук Комитети даңктуу юбилейди татыктуу тосуп алуу үчүн, беш жылдыктын эки жылынын тапшырмаларын 1977-жылдын 7-ноябрына карата орундатуу үчүн, өндүрүштүн натыйжалуулугун жана иштин сапатын жогорулатуу үчүн социалисттик мелдешти кеңири жайылтуу боюнча алдыңкы коллективдердин демилгесин жактырды. (к. *Социалисттик мелдеш*).

**ЖУМУШЧУ КҮЧҮНҮН АЛМАШМАЛУУЛУГУ** — иштен бошотуунун натыйжасында ишканада (мекемеде) жумушчулардын санынын өзгөрүшү, алмашмалуулук өзүлөрүнүн каалоосу боюнча жана эмгек тартибин бузууга байланыштуу бошотулган жумушчулардын жана кызматчылардын санынын иштеп жаткандардын орточо санына катышы катарында көрсөтүлөт. Ж. к. зарыл түрдөгү жана ашкере алмашмалуулугу деп бөлүшөт. Ж. к. зарыл түрдөгү алмашмалуулугу өндүрүштү пландаштырылган түрдөгү кеңейиши же кыскарышы, кызматкерлерди ал ишканадан тышкары башка иштерге көтөрүү, окууга, карыганда пенсияга кетүү жана инвалид болуу, Советтик Армияга чакыруу ж. б. менен байланышкан.

Ж. к. ашкере түрдөгү алмашмалуулугу эмгек тартибин бузгандыгы үчүн, ишке жараксыздыгына байланыштуу, өзүнүн каалоосу ж. б. себептер боюнча кызматкерлерди бошотуудан улам болот. Эмгекти жана кызмат акыны уюштуруудагы, жумушчулардын квалификациясын жогорулатуу

боюнча иштеги кемчиликтер, кээ бир ишканаларда жана курулуштарда нормалдуу турак жай-тиричилик шарттарын түзүү жөнүндө тийиштүү камкордуктун жоктугу, жана да тарбия ишинде, бөтөнчө жаш жумушчулардын арасындагы тарбия ишинде кемчиликтер Ж. к. ашкере алмашмалуулугунун негизги себептери болуп саналат. Ж. к. ашкере алмашмалуулугун жоюу маанилүү эл чарбалык милдет болуп эсептелет, аны ийгиликтүү чечүү көрсөтүлгөн кемчиликтерди четтетүү аркылуу камсыз кылынат.

КПССтин XXV съезди Ж. к. а-н кыскартуу үчүн чараларды көрүү зарыл экендигин белгилеп, мында алыскы райондордо коэффициенттерди киргизүү аркылуу эмгек акыны жогорулатууну, эмгекке акы төлөөнү уюштурууда тариф системасынын ролун жогорулатууну, бөтөнчө Ыраакы Чыгыштын райондорунда квалификацияны жогорулатуу үчүн шарттарды жана нормалдуу турак жай-тиричилик шарттарын түзүүнү, тарбия иштерин күчөтүүнү карады.

**ЖЫЙНОО ФОНДУСУ ЖАНА КЕРЕКТӨӨ ФОНДУСУ**—улуттук кирешени пайдалануунун түпкү фондулары. Кеңейтилген кайталап өндүрүүнүн шарттарында жаңыдан түзүлгөн нарк, б. а. коомдук улуттук кирешеси; керектөө фондусуна жана жыйноо фондусуна бөлүнөт.

Ж ы й н о о ф о н д у с у—(болжол менен улуттук кирешенин 1/4 бөлүгүн) өндүрүштү кеңейтүүгө жана резервдерди көбөйтүүгө багытталат.

К е р е к т ө ө ф о н д у с у—(болжол менен улуттук кирешенин 3/4 бөлүгүн) эмгекчилердин материалдык жана маданий керектөөлөрүн канааттандырууга пайдаланылат. 1976-жылы 382 млрд. сом суммадагы улуттук кирешеден 3/4 бөлүгүнө жакыны керектөөгө пайдаланылган, ал эми турак жай жана социалдык-маданий курулушка сарптоолорду эсепке алганда, түздөн-түз элдин жыргалчылыгына улуттук кирешенин 4/5 бөлүгү жумшалган.

Ж. ф. жана К. ф. социализм шарттарында бирдей эле социалдык табиятка ээ болот жана бүткүл коомдун, анын бардык мүчөлөрүнүн таламдарында пайдаланылат. Улуттук кирешедеги алардын туура катнашы бир убакта өндүрүштү өнүктүрүүнү жана өркүндөтүүнү да, ошондой эле элдин турмуш деңгээлин жогорулатууну да камсыз кылат. 10-беш жылдыкта улуттук кирешени Ж. ф-н жана К. ф-н бөлүштүрүүдө биздин экономиканы өнүктүрүүнүн социалдык багыты чагылдырылат. Беш жылдыктын ичинде улуттук кирешеде К. ф-нун үлүшү 73,5 проценттен 75 процентке чейин жогорулайт. Мунун өзү улуттук кирешени кайра бөлүштүрүүнүн эсебинен гана совет адамдарынын керектөөлөрүн канааттандырууга кошумча түрдө 7 млрд. сомду жумшоого мүмкүнчүлүк берет. Ошондой эле айыл чарбасына жыйноолорду көбөйтүү жагына улуттук кирешени олуттуу түрдө кайра бөлүштүрүүгө багыт алуу белгиленген.

**ИЛИМДИ ЖАНА ӨНДҮРҮШТҮ ИНТЕГРАЦИЯЛОО** — илимий-техникалык прогрессти тездетүү үчүн илимий мекемелердин, өндүрүштүк ишканалардын жана чарбалык уюмдардын иштерин бириктирүүнүн план ченемдүү процесси.



КПССтин XXIV съезди **«илимий-техникалык революциянын жетишкендиктерин чарбанын социалисттик системасынын артыкчылыктары менен органикалык түрдө бириктирүү илимди** өндүрүш менен бириктирүүнүн өзүбүзгө, социализмге таандык формаларын кеңири өнүктүрүүнүн тарыхый маанидеги милдетин койду. (КПССтин XXIV съездинин материалдары. 66-бет). Өлкөдө бул милдет төмөндөгү негизги багыттар боюнча чечилип жатат: «изилдөө — өндүрүш» процессинин бардык баскычтарын пландаштырууга, финансылоого жана уюштурууга комплекстүү мамилени күчөтүү; илимий-техникалык прогресстин пландарын өндүрүштү өнүктүрүү пландары менен органикалык байланыштыруу; эл чарбасын башкарууну уюштуруу структурасын өркүндөтүү, өндүрүштүк жана илимий-өндүрүштүк бирикмелерди түзүү, илимдин жана өндүрүштүн тыгыз байланышын камсыз кылуу, илимий-техникалык прогрессти тездетүү алардын маанилүү функциялары болуп саналат; илимий-техникалык информациянын жана илим менен техниканын жетишкендиктерин өндүрүшкө киргизүүнү тездетүүнү стимулдаштыруунун системасын өркүндөтүү.

**ИЛИМИЙ-ТЕХНИК А Л Ы К ПРОГРЕСС** — жаңы эмгек куралдарын, буюмдарын түзүү жана киргизүү жолу менен эл чарбасында техниканы жана технологияны өркүндөтүү жана илимди өнүктүрүү процесси жана бул негизде эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу. «Илим менен техниканын прогресси—бул коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүнүн башкы туткасы». (КПССтин XXIV съездинин материалдары, 65-бет).

И.-т. п. эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн, продукциянын бирдигине эмгекти сарптоону төмөндөтүүнүн жана өндүрүштө иштеген ар бир адамга эсептегенде продукция чыгарууну көбөйтүүнүн башкы фактору болуп кызмат кылат. И-т. п. өндүрүштүк фондуларды өтө натыйжалуу пайдалануудан көрүнөт, өндүрүштү жана эмгекти уюштурууга жакшы таасир көрсөтөт. Жаңы техника менен технология эмгекти жана өндүрүштү алдыңкы уюштуруу менен айкалыштырганда чыгарылуучу продукциянын сапатын жогорулатууга жардам берет. Прогрессивдүү техника жана технология эмгекти жеңилдетет, анын мүнөзүн өзгөртөт, кол эмгегин, квалификациясыз эмгекти сүрүп чыгарып, аны адамдардын эмгек ишмердигинин бардык чөйрөлөрүндө татаал, квалификациялуу эмгек менен алмаштырат.

КПССтин XXV съезди И-т. п. темптерин тездетүүнү, илимий-техникалык революциянын жетишкендиктерин чарбанын социалисттик системасынын артыкчылыктары менен органикалык бириктирүүнү ырааттуу турмушка ашырууну биринчи

кезектеги милдеттер катарында белгиледи.

Съезд 10-беш жылдыкка илимий изилдөөлөрдү мындан ары өнүктүрүүнүн кеңири программасын, алардын натыйжаларын өндүрүшкө тездетип киргизүүнү, бирдиктүү техникалык саясатты жүргүзүүнүн негизинде эл чарбасынын бардык тармактарын техникалык кайра куралдандырууну белгиледи. (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 199—200-беттер).

9-беш жылдыкта өнөр жай продукциясынын 16,5 миң жаңы түрүн өндүрүү өздөштүрүлгөн жана сериялык түрдө чыгарыла баштаган, бардыгы болуп машиналардын, жабдууларды, аппараттардын, приборлордун жана автоматташтыруу каражаттарынын 20,0 миң үлгүсү түзүлгөн; өнөр жай жабдууларынын 732 миң бирдиги модернизацияланган. 10-беш жылдыкта 20 миңге жакын паамдагы өнөр жай продукциясынын жаңы түрлөрүн чыгаруу өздөштүрүлөт.

**ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК РЕВОЛЮЦИЯ** — коомдун материалдык негизин кайрадан өзгөртүп түзүүнүн сапаттык жаңы этабы, ал азыркы кездеги илим менен техниканын эң көрүнүктүү жетишкендиктерин кеңири колдонуунун натыйжасында кулач жайды.

И-т. р. «Владимир Ильич Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата» КПСС БКнын Тезистеринде белгиленгендей, өзү менен кошо өндүрүштүн технологиясында, энергетикада, эмгек куралдарында жана буюмдарында, башкарууну уюштурууда, адамдардын эмгек ишмердигинин мүнөзүндө сапаттуу өзгөрүүлөрдү алып келет. (к. IV бөлүм, 18-п. 55—56-беттер). Социализм учурундагы И-т. р-нын социалдык-экономикалык натыйжалары буржуазиялык коомдун шарттарындагы анын натыйжаларынан түп-тамырынан бери айырмаланат. Анда эмгекчи массалардын арасында жумушсуздуктун жана жокчулуктун өсүшү илим жана техниканын жетишкендиктерин капиталисттик колдонуунун шексиз кесепети болуп калууда. Социалисттик коом И-т. р-нын жетишкендиктерин эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, экономикалык потенциалды өстүрүү, элдин турмуш деңгээлин кыйшаюусуз жана тезинен жогорулатуу үчүн пайдаланат.

Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде мындай деген: «Биз, коммунисттер, социализмдин шарттарында гана илимий-техникалык революция адамдын жана коомдун таламдарына жооп берүүчү туура багытка ээ болот дегенди негиз кылып алабыз. Өз кезегинде, социалдык революциянын түпкү милдеттери — коммунисттик коомду куруу милдети илим менен техниканы тез өнүктүрүүнүн негизинде гана чечилиши мүмкүн» (КПССтин XXV съездинин материалдары, «Кыргызстан» басмасы, 54-бет).

Советтер Союзу И-т. р-нын көп багыттары боюнча негизги абалды ээлейт. КПССтин XXIV съезди тарыхый маанидеги милдетти: **илимий-техникалык революциянын жетишкендиктерин чарбанын социалисттик системасынын артыкчылыктары менен органикалык түрдө бириктирүү**, илимди өндүрүш менен бириктирүүнүн өзүбүзгө, социализмге таандык формаларын кеңири өнүктүрүү «милдетин койду (КПССтин XXIV съездинин материалдары, 66-бет). (к. *Илим түздөн-түз өндүргүч күч катарында).*

Илимдин өтө перспективалуу жактарында изилдөөлөрдү ар тараптуу өнүктүрүү жолу менен илимий-техникалык прогресстин темптерин тездетүү жана илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын өндүрүшкө киргизүүнүн мөөнөттөрүн кыскартуу — 10-беш жылдыктын маанилүү милдети болуп саналат.

Партиянын XXV съездине КПСС БКнын Отчеттук докладында И-т. р-нын ийгилиги, коомдук турмуштун бардык тараптарына анын үзүрлүү таасири жалаң гана илимий кызматкерлердин эмес, ошондой эле коомдук өндүрүшкө катышуучулардын бардыгынын, чарбалык механизмдин бардык звенолорунун күч-аракеттери менен камсыз боло тургандыгы; илим менен техникадагы революция чарбалык иштердин стилинде жана методдорунда илимди чыныгы урматтоону, кардиналдык өзгөрүүлөрдү, аны менен эсептешүүнү талап кыла тургандыгы; ал пландаштырууну жана экономикалык стимулдаштырууну, жаңы илимий идеяларды жана иштеп чыгууларды өндүрүшкө тезинен киргизүү үчүн шарттарды түзүүнү талап кыла тургандыгы жөнүндө жоболор белгиленген (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 58—59-беттер).



**ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК РЕВОЛЮЦИЯНЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН СОЦИАЛИЗМДИН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ МЕНЕН БИРИКТИРҮҮ** — партиянын XXIV съезди тарабынан коюлуп, өнүккөн социалисттик коомдун шарттарындагы өндүргүч күчтөр менен өндүрүш мамилелеринин өз ара байланышынын мүнөзүн жана бөтөнчөлүктөрүн чагылдыруучу тарыхый маанидеги милдет. Аны чечүү социализмдин артыкчылыктарын илимий-техникалык революцияны тездетүү, илим менен техниканын азыркы кездеги табылгаларын өндүрүшкө киргизүү жана ушул негизде коммунисттик курулуштун негизги милдеттерин чечүү үчүн пайдалануу максатын көздөйт.

Өндүрүштүк мамилелер социализм учурунда гана өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүү үчүн мейкиндик түзө алышат. Социалисттик менчик мамлекетке бүткүл коомдун масштабдарында бирдиктүү техникалык саясатты ишке ашырууга, б. а. өндүрүштүн жаңы техниканы киргизүү пландарын иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берет. Илимий изилдөөлөрдү, алардын натыйжаларын практика жүзүндө пайдалануу менен органикалык түрдө байланыштырууга, эл чарбасынын ар түрдүү тармактарында техникалык прогресстин бирдей эместигин четтетүүгө мүмкүнчүлүк ачылат.

Өнүккөн социализм шарттарында бүткүл коомдук жана маданий өнүгүүнү революциялаштыруучу элемент катары илимдин ролу толук даражада ишке ашырылат. Или-

мий-техникалык прогресс эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн, өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуунун, аны ар тараптан ургаалдаштыруунун башкы булагы болуп калат. КПССтин XXV съездинде Л. И. Брежнев социализмдин шарттарында гана илимий-техникалык революция адамдын жана коомдун таламдарына жооп берүүчү туура багытка ээ боло тургандыгын белгиледи. Өз кезегинде, социалдык революциянын түпкү милдеттери — коммунисттик коомду куруу милдети илим техниканы тез өнүктүрүүнүн негизинде гана чечилиши мүмкүн. (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 57-бет).

**ИЛИМИЙ - ТЕХНИКАЛЫК, ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ПРОБЛЕМАЛАР БОЮНЧА КОМПЛЕКСТҮҮ ПРОГРАММАЛАР** — негизги эл чарба милдеттерин чечүүнүн конкреттүү максаттык программалары. Алар илимий изилдөөлөрдөн жана долбоорлоодон баштап практика жүзүнө ашырууга чейинки зарыл жумуштардын бардык түрлөрүн кучагына алышат. К. п. бирдиктүү эл чарба планынын чегинде ресурстарды ири жалпы мамлекеттик тармактар аралык жана территориялык проблемаларды чечүүгө топтоштурууга мүмкүнчүлүк берет.

КПССтин XXV съездинде 10-беш жылдыкта биринчи кезектегилердин ичинде эки-үч беш жылдыкка эсептелген ири комплекстүү программаларды — отун-энергетикалык комплексти, металлургияны, машина курууну башкы тармактарын өнүктүрүү, атом энергиясынын өндүрүштүк базасын өнүктүрүү, кол жана оор күч эмгегин механизациялоо, ири территориялык-өндүрүштүк комплекстерди түзүү программасын иштеп чыгуу керек экендиги белгиленген. (КПССтин XXV съездинин материалдары, 151—153-беттер).

Бир катар ири К. п. ишке ашырылууда. Бул — РСФСРдин Кара топурактуу эмес зонасынын айыл чарбасын, Курск магнит аномалиясынын индустриалдык-агрардык зонасын, Батыш-Сибирь территориялык-өндүрүштүк комплексин өнүктүрүү, БАМ районундагы Чыгыш Сибирди, Түштүк-Тажикстан жана башка комплекстерди өнөр жайлык өздөштүрүү болуп саналат. Андагы нефть жана газ кендерин пайдалануу менен жаңы Тимано-Печорский өнөр жай комплексин, жана да Забайкалье жана Ыраакы Чыгыш райондорунда комплекстерди түзүү башталат.

К. п. иштеп чыгуу — социалисттик пландаштырууну өркүндөтүүнүн маанилүү багыты. КПССтин XXV съезди пландаштырууда программалык-максаттуу методду кеңири пайдаланууну, өтө маанилүү илимий-техникалык, экономикалык жана социалдык проблемалар боюнча К. п. иштеп чыгууну ишке ашырууну, иштаналарда, бирикмелерде, райондордо жана шаарларда экономикалык жана социалдык өнүгүүнү комплекстүү пландаштырууну жакшыртууну белгиледи. (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 171-бет).

Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде партиянын Борбордук Комитетинин жана өкмөттүн тапшыруусу боюнча академиялык институттар, министерстволор жана ведомстволор менен биргелешип 1976—1990-жылдардагы илимий-техникалык прогресстин жана анын социалдык-экономикалык натыйжаларынын комплекстүү программасынын долбоорун даярдашкандыгын белгиледи. Бул программаны түзүү иши улантылып жатат. Анын мааниси перспективага багыт бергендигинде, узак мөөнөттүү пландаштыруунун органикалык бөлүгүн түзгөндүгүндө турат.



**ИЛИМ ТҮЗДӨН-ТҮЗ ӨНДҮРГҮЧ КҮЧ КАТАРЫНДА** — социалисттик коомдун өндүргүч күчтөрүн өстүрүүнүн жана коомдук мамилелерди өркүндөтүүнүн өтө маанилүү фактору болуп калган жаратылышты жана коомду өнүктүрүүнүн закондору жөнүндөгү билимдердин системасы. Илимдин түздөн-түз өндүргүч күчкө айланышы азыркы кездеги өндүрүштүн керектөөлөрү менен да, илимдин өзүнүн көрүнүктүү жетишкендиктери менен да шартталган.

«Владимир Ильич Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата» КПСС БКнын Тезистеринде мындай деп айтылган: «Илимдин коомдун түздөн-түз өндүргүч күчүнө барган сайын интенсивдүү айланышы биздин мезгилдин мүнөздүү белгиси болуп саналат. Экономиканы өстүрүүнүн темптери азыр барган сайын чоң даражада илимий изилдөөлөрдүн жана алардын натыйжаларын өндүрүшкө киргизүүнүн темптерине байланыштуу болот» (IV бөлүм, 18 п. 56-бет).

КПСС БКнын «СССР илимдер Академиясынын 250 жылдык юбилейи жөнүндө» токтомунда илимий-техникалык революция эки карама-каршы дүйнөлүк системанын — социализмдин жана капитализмдин мелдешининин маанилүү аренасы болуп калган азыркы шарттарда советтик илимди өнүктүрүү өзгөчө чоң мааниге ээ боло тургандыгы белгиленет. Илимий-техникалык прогрессти тездетүү бүгүнкү күндүн да, жана социалисттик коомду өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү перспективаларынын көз карашынан да биринчи кезектеги милдеттердин бири катарында коюлду. Өнүккөн социализмдин шарттарында илимди өнүктүрүү, эл чарбалык социалдык-экономикалык түпкү милдеттерди чечүүдө, биздин Мекендин экономикалык күч-кубатын камсыз кылууда, анын коргонуу жарамдуулугун чыңдоодо, материалдык жыргалчылыкты жогорулатууда, билим берүүнү жана совет элинин маданиятын өнүктүрүүдө анын жетишкендиктерин жана табылгаларын оптималдуу пайдалануу үчүн мурдагыдан да көп мүмкүнчүлүктөр түзүлөт. Эгерде илимий изилдөөлөрдөн жана техникалык чечүүлөрдөн тартып, алардын натыйжаларын өндүрүшкө киргизүүгө чейинки жумуштардын бүткүл комплексин тезинен турмушка ашыруу камсыз кылына турган болсо, анда илим түздөн-түз өндүргүч күч катары өзүнүн ролун ийгиликтүү орундата алат. (к. *Илимий-техникалык прогресс*).

**ИНФРАСТРУКТУРА** — эл чарбасынын составдык бөлүгү, өнөр жайын, айыл чарбасын,

курулушту жана башкаларды тейлөөчү тармактардын комплекси. Өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес инфраструктуранын айырмалашат. Биринчисине материалдык өндүрүштү түздөн-түз тейлөөчү тармактар: транспорттун бардык түрлөрү, байланыш, энергетикалык чарба, материалдык-техникалык жабдуу, складдык чарба, суу менен камсыз кылуу ж. б. кирет. Өндүрүштүк эмес инфраструктура негизинен жумушчу күчүн даярдоону жана тейлөөнү камсыз кылуучу тармактарды: жалпы жана профессиялык билим берүүнү, саламаттык сактоону, эмгекти коргоону жана коопсуздук техникасын, маданий-тиричилик жактан тейлөөнү ж. б. кучагына алат.

Эл чарбасынын инфраструктурасын өнүктүрүүнүн даражасы бир кыйла өлчөмдө бүткүл коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугуна таасир көрсөтөт.

Материалдык байлыктарды өндүрүүнү тейлөөчү тармактарды ар тарапташ кеңейтүү жана өнүктүрүү 10-беш жылдыктагы жана узак перспективадагы партиянын стратегиясынын жана экономикалык саясатынын маанилүү багыттарынын бири катарында белгиленген.

Инфраструктураны өнүктүрүү—өлкөнүн эл чарбасын пропорциялуу, гармониялуу өнүктүрүүнү камсыз кылууга жасалчу комплекстүү мамиленин составдык бөлүгү болуп саналат.

КПССтин XXV съездинде Л. И. Брежнев «алдыда турган мезгилде бизге транспортту, байланышты, материалдык жабдуу системасын — инфраструктура деп атап коюшкандын бардыгын тез өнүктүрүүгө көп ресурстарды берүүгө туура келе тургандыгын белгилеген. Өткөн учурда мына ушул сфералардын көбүнө, асыресе жол курулушуна, склад чарбасына тийиштүү көңүл бура алган эмеспиз. Азыр бул жагында иштөөгө, иштегенде да олуттуу түрдө иштөөгө туура келет» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 50-бет).

10-беш жылдыкка түзүлгөн пландуу тапшырмаларда транспорттун бардык түрлөрүн өнүктүрүүгө капиталдык салымдардын көлөмүн көбөйтүү каралган, мында жүк ташууну 32 процент көбөйтүү белгиленген. Байланыштын шаар аралык телефон каналдарынын узундугу 1,75 эсе, ал эми шаарлар менен селолук жерлердеги телефон станцияларынын сыйымдуулугу — 1,4 эсе өсөт. Кеминде 65 миң км бети төшөлгөн автомобиль жолдору курулат жана реконструкциялапат. Материалдык-техникалык жабдуу системасын, склад чарбаларын андан ары өнүктүрүү жана өркүндөтүү, даярдоо уюмдарынын материалдык базасын чыңдоо, жаңыдан даярдоо пункттарын, элеваторлорду, муздаткычтарды, мөмө жашылча сактагычтарды ж. б. куруу жана колдо барларын реконструкциялоо каралган.

Жумушчу күчүн даярдоо жана кайра даярдоо боюнча тармактарды өнүктүрүүгө, эмгекчилерди медициналык жана маданий-тиричилик жактан тейлөөгө ири каражаттар жумшалат. Бул чаралардын бардыгы коомдук өндүрүштү андан ары өстүрүүнү камсыз кылууга, ресурстарды үнөмдөөгө, жогорку



өндүрүмдүү эмгек үчүн мыкты шарттарды түзүүгө багытталган.

**ИШКАНАНЫН ӨНДҮРҮШТҮК ФОНДУЛАРЫ** — ишкананын материалдык жана акчалай ресурстары, алардын жардамы менен зарыл материалдык байлыктар түзүлөт.

И. ө. ф. үч формада — акчалай, өндүрүмдүү жана товардык формада болот. Акчалай фондулар өндүрүш каражаттарын сатып алуу жана кызматкерлердин эмгегине акы төлөө үчүн зарыл. Өндүрүмдүү фондулар эмгек каражаттарынын жана эмгек буюмдарынын түрүндө болот. Товардык фондулар реализациялоо үчүн арналган даяр продукциянын түрүндө болот.

И. ө. ф. (алардын наркы) дайыма кыймылда болуп, бир функциялык формадан башка формага өтүп турат. Алар өндүрүштүн жана жүгүртүлүүнүн баскычтарынан өтүшөт. Фондулардын бир баскычтан экинчисине ырааттуу өтүп туруусу, алардын тегеренип айланышы деп аталат.

И. ө. ф. өзүнүн составы, максаты жана өзүнүн наркын өндүрүлүүчү продукцияга которуу жолу боюнча негизги жана айланма фондуларга бөлүнөт.

Негизги фондулар — ишкананын эмгек куралы жана каражаттары; узак убакыт бою өндүрүштү тейлешет жана өз наркын продуктуга бөлүк-бөлүк боюнча которуп турат. Имараттар жана курулуштар, өткөрүп турма аспаптар, машиналар, жабдуу, өлчөгүч приборлор, транспорт каражаттары ж. б. Н. ф-га жатат. 1976-жылдын аягында СССРдин өндүрүштүк Н. ф-нын наркы 870 млрд. сомду түзгөн, 1913-жыл менен салыштырганда ал 32 эсе көбөйгөн. Н. ф-ды пайдалануунун натыйжалуулугу фондудан натыйжа алуудан же фонду сыйымдуулуктан көрүнөт, б. а. өндүрүлгөн продукция менен негизги өндүрүш фондуларынын наркынын ортосундагы байланышты чагылдырат. 1976—1980-жылдардын планында эл чарбасынын бардык тармактарын жогорку өндүрүмдүү техника менен кайра куралдандыруу каралган. Бул жылдарда эмгектин фонду менен куралданышы өнөр жайында 34 процент, айыл чарбасында — 60 процент, бүтүндөй эл чарбасы боюнча — 36 процент жогорулайт. Ошону менен катар Н. ф. пайдаланууну жакшыртуу жана фондудан натыйжа алууну жогорулатуу боюнча бир катар конкреттүү чаралар белгиленген.

Айланма фондулар — сырье, негизги жана көмөкчү материалдар, жарым фабрикаттар, учурдагы ремонт үчүн запастык бөлүктөр, отун; алар ар бир өндүрүш циклинде толук бойдон керектелет жана өндүрүш процессинде өзүнүн наркын даярдоо продуктуга толук бойдон которот.

Продукциянын материал сыйымдуулугу А. ф-ды пайдалануунун көрсөткүчү болуп саналат. Ал продукцияны түзгөн убакта керектелген А. ф-дын наркынын чыгарыла турган продукциянын наркына карата, ал эми коомдун масштабдарында коомдук продуктунун жыйындысына карата катышы катары белгиленет.

10-беш жылдыкта өндүрүштүн технологиясын өркүндөтүү, жаңы үнөмдүү материалдарды жана буюмдарды колдонуу, жана да бир катар башка чараларды ишке ашыруу жолу менен материалдык ресурстардын сарптоо нормасын төмөндөтүү жана 1980-жылы 1975-жыл менен салыштырганда 9 млн. тонна кара металл прокатын, 50 млрд. киловатт саат электр энергиясын, 35 млн. тонна казан-мешке керектелүүчү отунду, 5,5 млн. тонна автомобиль бензинин жана сырьё менен материалдардын башка түрлөрүн үнөмдөө белгиленген. 10-беш жылдыкта коомдук продуктунун материал сыйымдуулугу төмөндөп, мунун натыйжасында эл чарбасы боюнча үнөмдөө 1980-жылга эсептегенде 8 млрд. сомго жакынды түзөт.

**ИШ УБАКТЫСЫ** (СССРде) — убакыттын закон тарабынан белгиленген мезгили, анын ичинде эмгекчи ишканада, мекемеде, уюмда өзүнө тапшырылган ишти орундатууга тийиш. Сутканын бул бөлүгүнүн узактыгы иш убактысы деп аталат.

СССРде иш убактысынын өлчөмү өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүүнүн деңгээли жана ден соолукту сактоо зарылдыгы тарабынан белгиленген чектер менен чектелген. Совет бийлигинин биринчи күндөрүндө эле 8 сааттык иш күнү жөнүндө декрет чыгарылган болучу, өзгөчө оор жана зыяндуу жумуштарда иш күнү 7 жана 6 саатка чейин төмөндөтүлдү. 1956—1960-жылдарда СССРде кызмат акысын азайтпай туруп 8 сааттык иш күнүнөн 7 жана 6 сааттык иш күнүнө жумушчулар менен кызматчыларды которуу ишке ашырылган болучу. 8-беш жылдыкта жумушчулар менен кызматчылардын негизги массасы эки дем алыш күнү бар беш күндүк иш жумасына өтүштү, мунун өзү бош убакытты рационалдуу пайдаланууга, дем алууну жакшыртуу жана эмгекчилердин маданий деңгээлин жогорулатуу үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү түздү.

Азыркы убакта СССРде жумушчулар жана кызматчылар үчүн 41 сааттык иш жумасы камсыз кылынган, бир катар кесиптер жана өндүрүштөр үчүн кыскартылган иш күнү белгиленген, түнкүсүн иштөө убактысынын узактыгы кыскартылган. Колхозчулар үчүн И. у. колхоздордун уставы менен жөнгө салынат.

Социалисттик коом иш күнүнүн чек арасын аныктоо менен, жогорку өндүрүмдүү эмгек жана эмгекчилердин чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн кеңири колдонуу үчүн шарттарды жакшыртуунун зарылчылыгын эске алат. КПССтин XXV съезди бош туруп калуулар менен күрөштү күчөтүүгө, коомдук өндүрүштү өстүрүүнүн маанилүү резервдери катарында иш убактысын өтө рационалдуу пайдаланууга өзгөчө көңүл бурду.

**КАЛКТЫН ТУРМУШ ДЕҢГЭЭЛИ** — коомдук өндүрүштүн деңгээлине жана коомдук түзүлүштүн табиятына ылайык келген, кызматкерлердин турмуш жана шарттарынын жыйындысы. К. Маркс турмуш деңгээли «жөн эле эптеп күн көрүүнүн керектөөлөрүн канааттан-



дырууну эмес, ошондой эле адамдар жашап турушкан жана тарбияланган коомдук шарттар пайда кылган белгилүү керектөөлөрдү канааттандырууну да карайт» деп жазган. (*К. Маркс* жана *Ф. Энгельс*. Чыгармалар, 16-т., 150-бет). Мына ошентип, К. т. д. өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүү деңгээли менен гана эмес, ошондой эле биринчи кезекте өндүрүштүк мамилелердин мүнөзү менен да шартталган.

К. т. д-нин өсүшү — көп кырдуу процесс. Ал кирешелердин динамикасы, материалдык байлыктарды керектөө, турак жай, коммуналдык, тиричилик, транспорт жагынан кызмат көрсөтүүнү камсыз кылуу менен агартууну, саламаттык сактоону, маданий жактан тейлөөнү, социалдык камсыздандырууну жана социалдык камсыз кылууну өнүктүрүү менен, жана да эмгек шарттары, иштин, бош убакытын мөөнөтү менен мүнөздөлөт. Капитализмден айырмаланып, социалисттик коомдо коомдук өндүрүштү өнүктүрүү түздөн-түз, К. т. д-н кыйшаюусуз жогорулатууга багытталган. Совет элинин Т. д.— өндүрүштүн социалисттик жолунун артыкчылыктарынын ачык көрүнүшү, совет адамдарынын жыргалчылыгы жөнүндө Коммунисттик партиянын жана Совет мамлекетинин талыкпаган камкордугунун натыйжасы, КПССтин экономикалык саясатынын жогорку максаты.

**КАМАЗ** (Кама автомобиль заводу) — Оор жүк ташуучу автомобилдерди чыгаруу боюнча заводдордун комплекси (Набережные Челны шаары, Татар АССРи). Жылына жүк көтөрүмдүүлүгү 8 тоннадан 11 тоннага чейин (поезддерде — 20 тоннага чейин) 150 миң автомобилдерди жана 250 миң дизелдик кыймылдаткычтарды чыгарууга эсептелген. Комплекстин составында жети завод: куюу, темир устачылык, пресстик-рамалык, дизель, автомобиль жыйноочу, дөңгөлөк жасоочу ремонттук-инструменталдык заводдору бар; алардын ар бири эмгекти уюштуруусу жана технологиясы алдыңкы азыркы кездеги ири ишкана болуп саналат. КамАЗ заводдорунун өндүрүштүк аянты 2,8 млн. чарчы метрди түзөт.

Өндүрүү үчүн базалык модель катарында 180—210 а. к. бар дизелдик кыймылдаткычтуу ата мекендик конструкциядагы үч октуу жүк ташуучу автомобиль тандалып алынган; ар кандай жолдор менен жүк ташууга арналган. Бул моделдин базасында жүк көтөрүмдүүлүгү 20 тоннага чейин жарым чиркегичтер менен иштөө үчүн кубаттуу сүйрөгүчтөр, самосвалдар, самосвал автопоезддер ж. б. модификациялар да чыгарылат. КамАЗда өндүрүш поточтук-массалык болуп саналат. Комплекстин заводдорунда бардыгы болуп 300-дөн ашык автоматтык линиялар жана көп сандагы поточтук-механизацияланган линиялар болот, алардын көбү уникалдуу, жүк ташуучу автомобиль курууга биринчи жолу киргизилген болуп саналат. Комплекстин техникалык долбоору ата мекендик институттар жана долбоорлоо уюмдары тарабынан иштелип чыккан; техникалык документация-

ны иштеп чыгууга Франциянын, ФРГнын, АКШнын фирмалары да катышты.

КамАЗдын көп миңдеген куруучулардан жана эксплуатациялоочулардан турган коллективи КПССтин XXV съездин эмгектеги чоң жеңиш менен тосуп алды — съезддин алдында башкы конвейерден ишке тапшыруу наладкалоо режиминде жүк ташуучу автомобилдерди чыгаруу башталды. КПССтин XXV съезди үстүбүздөгү беш жылдыкта көп жүк көтөрүүчү автомобилдерди жасап чыгаруу боюнча Кама автомобиль заводдорунун комплексин бүт бойдон ишке киргизүү милдетин койду (КПССтин XXV съездинин материалдары, 264-бет).

**КАПИТАЛДЫК КУРУЛУШ** — келечекте иштей турган жерлерде негизги фондуларды түзүүчү материалдык өндүрүштүн тармагы.

К. к. өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес максаттагы имараттарды жана курулуштарды курууну, жабдууларды монтаждоону, мелиорация курулушун, имараттарды жана курулуштарды капиталдык ремонттоону кучагына алат. Коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүдө, элдин жыргалчылыгын жогорулатууда К. к-ка маанилүү роль таандык. Капиталдык курулуштун кулач жайышы боюнча СССРдин дүйнөдө теңдеши жок. Биздин өлкө зор курулуш конвейери болуп саналат, андан күн сайын бир ири өнөр жай ишканасы, 6 миңден ашык квартиралар, жүздөгөн маданий-тиричилик максатындагы объектилер «чыгып турат». 9-беш жылдыкта өлкөнүн эл чарбасына 500 млрд. сомдон ашык, б. а. согуштан кийинки алгачкы 20 жылдын ичинде канча каражат жумшалса, ошончолук капиталдык салымдар салынган. Натыйжада 8-беш жылдык менен салыштырганда негизги өндүрүштүк фондулар 1,5 эсе өсүп, алардын наркы 800 млрд. сомдон ашты; өнөр жайында гана 2 миңге жакын ири ишканалар ишке киргизилди. Көп заводдор жана фабрикалар реконструкцияланган жана кеңейтилген болучу.

9-беш жылдыкта өнөр жайында 43 процентке жакын жана айыл чарбасында 56 процент негизги өндүрүш фондулары жаңыртылды. Жалпы аянты 544,8 млн. чарчы м турак үйлөр курулду, мунун өзү 8-беш жылдыктагыга салыштырганда 26,3 млн. чарчы метрге көп.

10-беш жылдыкта эл чарбасына капиталдык салымдардын көлөмү 621 млрд. сомдон ашыкты түзөт, б. а. 9-беш жылдык менен салыштырганда 26 процент көбөйөт. Өнөр жайынын негизги өндүрүштүк фондулары 1,4 эсе, ал эми айыл чарбасында — 1,5 эседен ашык өсөт. Жалпы аянты 550 млн. чарчы м турак үйлөр курулат.

Өндүрүштүк капиталдык салымдар биринчи кезекте илимий-техникалык прогрессти тездетүүнү камсыз кылуучу объектилерди курууга, иштеп жаткан ишканаларды техникалык кайра куралдандырууга жана реконструкциялоого багытталат.

10-беш жылдыктын планында капиталдык салымдардын



өсүш темптери менен салыштырганда негизги фондуларды киргизүүнүн өтө жогорку темптери каралган. Капиталдык салымдардын структурасы да өзгөртүлгөн: беш жылда өндүрүштүк курулушка мамлекеттик капиталдык салымдар болжол менен үчтөн бирге өскөн убакта иштеп жаткан ишканаларды техникалык кайра куралдандырууга жана реконструкциялоого ресурстар 64 процентке жакын, анын ичинде өнөр жайында — 67 процент, ал эми машина курууда — 80 процентке жакын көбөйөт. Бүткөрүлбөгөн курулуштардын көлөмүн төмөндөтүү, курулуш-монтаж жумуштарынын мөөнөтүн жана наркын кыскартуу, иштеп жаткан ишканаларды тезинен реконструкциялоо белгиленген. Мына ошентип курулуштун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча КПССтин XXV съездинин көрсөтмөлөрү конкреттүү түрдө ишке ашырылууда.

10-беш жылдыкта курулушту техникалык жабдуунун деңгээли жогорулайт, курулуш конструкцияларынын заводдук даярдыгынын даражасы өсүп, натыйжалуу материалдардын жана буюмдардын жаңы түрлөрүн колдонуу кеңейет, жумуштардын негизги түрлөрүн механизациялоо бир кыйла жогорулайт. Эмгекти жана өндүрүштү уюштурууну өркүндөтүү менен партиянын XXV съезди, КПСС БКнын октябрь (1976) Пленуму тарабынан өзүлөрүнүн алдына коюлган милдеттерди абийирдүүлүк менен орундатуу куруучулардын милдети болуп саналат.

**КЕРЕКТӨӨНҮН КООМДУК ФОНДУЛАРЫ** — белгилүү социалдык-маданий жана тиричилик керектөөлөрүн жана тийиштүү максатты көздөгөн акчалай төлөөлөрдү акысыз же жеңилдетилген шарттарда канааттандыруу үчүн мамлекет, ишканалар жана коомдук уюмдар тарабынан пайдалануучу социалисттик коомдун керектөө фондусунун бир бөлүгү.

К. к. ф. акысыз билим берүүгө жана карыганда, ооруган же эмгекке жарамдуулугун жоготкон учурда материалдык камсыз кылууга, акысыз медициналык жардам көрсөтүүгө ж. б. пайдаланылат. Алардын эсебинен балдарды акысыз же жеңилдетилген шарттарда коомдук багууга жана тарбиялоого, маданият мекемелерин, СССРде колдонулуп жаткан өзүн актабаган эң арзан квартира акысы бар турак жай фондусунун бөлүгүн күтүүгө, эмгекчилердин акысыз же жеңилдетилген шарттарда санаторийлик-курорттук дарылануусуна жана башка кээ бир максаттарга жумшалуучу сарптоолор да ишке ашырылат. К. к. ф-дун жалпы суммасынын эсебинен төлөөлөр менен жеңилдиктердин 50 проценттен ашыгын акчалай төлөөлөр түзөт.

Керектөөнүн коомдук фондуларынан калк алган төлөөлөр менен жеңилдиктер 1965-жылдагы 41,9 млрд. сомдон 1976-ж. 94,5 млрд. сомго чейин өстү, ал эми калктын бир адамына эсептегенде, көрсөтүлгөн жылдар боюнча, бир жылдагысы 182 сомдон 368 сомго чейин өстү. 9-беш жылдыкта керектөөнүн коомдук фондуларынын эсебинен кирүүчү төлөөлөр менен жеңилдиктер 1,4 эсе көбөйүп, КПССтин XXIV

съезди тарабынан белгиленген ири социалдык чараларды ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берди. Пенсияларды, пособиелерди жана стипендияларды көбөйтүүнүн эсебинен гана болжол менен 40 млн. адамдын кирешелери көбөйдү.

10-беш жылдыкта К. к. ф. болжол менен 30 процент көбөйүп, 1980-жылы кеминде 117 млрд. сомго жетет. Бул фондулардын эсебинен бир катар жаңы социалдык чараларды турмушка ашыруу белгиленген. Маселен, иштеп жаткан аялдар үчүн баласы бир жашка чыкканга чейин жарым-жартылай төлөнүүчү отпуск киргизилет, балалуу аялдарга толук эмес иш күнү же толук эмес иш жумасы боюнча иштөөгө, ошондой эле үйүндө иштөөгө кеңири мүмкүнчүлүктөр түзүлөт; көп балалуу энелерди пенсия менен камсыз кылуу боюнча жеңилдиктер кеңейтилет; бала чагынан инвалиддерге баланын жашына карабастан төлөнүүчү пенсиялардын көлөмү, жана да жумушчуларга, кызматчыларга, колхозчуларга карыганда төлөнүүчү пенсиялардын көлөмү жогорулатылат; колхозчуларды материалдык жактан камсыз кылуу жакшыртылат ж. б.

Элге билим берүүнүн, маданияттын, саламаттык сактоонун, балдарды коомдук тарбиялоонун, физкультура жана спорттун, эмгекчилердин дем алуусунун ж. б. материалдык базаларын доо боюнча кеңири чаралар каралган (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 253—260-беттер). К. к. ф.— биздин түзүлүштүн, анын гуманизминин, адамдын жыргалчылыгы жана анын ар тараптан өнүгүшү жөнүндө камкордугунун ачык көрүнүшү болуп саналат.

**КОЛХОЗ** — социалисттик типтеги коллективдүү чарба. К. дыйкандарды өндүрүштүк кооперативге ыктыярдуу бириктирүү жолу менен түзүлөт. Кооперативдик-колхоздук менчик — өндүрүш каражаттарына социалисттик менчиктин формаларынын бири К. коомдук чарбанын жана өндүрүштүк мамилелердин негизи болуп саналат.

Биздин өлкөдө лениндик кооперативдик пландын негизинде кыштакты социалисттик кайра куруу айыл чарбасынын өндүргүч күчтөрүн тездетип өнүктүрүүнүн кубаттуу фактору, бүткүл экономиканы план ченемдүү өнүктүрүүнүн маанилүү жана зарыл шарты болду. Колхоздук түзүлүштү түзүү — партия кыштакта жүргүзгөн зор иштердин натыйжасы, биздин өлкөнүн бардык элдеринин тарыхый жеңиши. Мында көрүнүктүү роль жумушчу табына таандык.

«Колхоздук форма айыл-кыштакта азыркы өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүүнүн деңгээлине жана талаптарына толук туура келет... Колхоз — бул дыйкандар үчүн коммунизмдин мектеби» (КПССтин Программасы, кыргызча басылышы, 81-бет).

КПСС, Советтик мамлекет колхоздук түзүлүштү мындан ары өнүктүрүү, К-дун экономикасын өстүрүү, айыл-кыштактын эмгекчилеринин жыргалчылыгын жана маданий деңгээлин жогорулатуу жөнүндө чоң камкордук көрүшөт. 1976-жылы өлкөдө (балык кар-



моочуларын эсептебегенде) 27,5 миң К. болгон, аларда 14,7 млн. колхозчулар иштеген. Булар азыркы кездеги техника менен жабдылган жана квалификациялуу кадрлары бар жогору механизацияланган ири чарбалар. К-дордун 1,1 миллиондон ашык тракторлору, 307 миң эгин жыйноочу комбайндары, 530 миң жүк ташуучу автомобилдери жана көп башка техникалары бар.

1965-жылдан 1975-жылга чейин орто эсеп менен бир К-дун бөлүнгүс фондулары 1165 миң сомдон 3185 миң сомго чейин, дүң кирешеси — 494 миң сомдон 794 миң сомго чейин өстү. 1976-жылы иштелген бир адам күнүнө эсептегенде колхозчулардын эмгегине акы иретинде 1965-жылдагы 2 сом 68 тыйын менен салыштырганда 4 сом 70 тыйын төлөнгөн.

К. совхоздор менен катар мамлекетке маанилүү айыл чарба продуктыларын берүүчүлөрдүн негизгилеринен болуп саналышат. 1976-жылы жалпы сатып алууларда К-дордун үлүшү: мал жана канаттуулар боюнча — 44 процентти, сүт боюнча — 53, эгин боюнча — 50, пахта боюнча — 71, күн карама боюнча — 78, кант кызылчасы боюнча — 91, картошка боюнча — 42, жашылча боюнча — 38 процентти түзгөн.

КПССтин XXV съезди К-ду социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн, айыл чарба продукциясын өндүрүүнү көбөйтүүнүн, анын сапатын жакшыртуунун жаңы перспективаларын белгиледи. Партиянын XXV съездинин чечимдери менен шыктанышкан К. эмгекчилери өзүлөрүнүн алдында турган милдеттерди орундатуунун үстүндө туруктуулук менен эмгектенип жатышат. (к. *КПССтин агрардык саясаты, Колхоздун Болжолдуу Уставы*).

**КОЛХОЗДОРДО ЭМГЕККЕ АКЫ ТӨЛӨӨ** — к. *Колхозчулардын коомдук чарбадан алуучу кирешелери.*

**КОЛХОЗДУН БОЛЖОЛДУУ УСТАВЫ**—чарбалык ички турмушту регламенттөөчү, колхоздо социализмдин принциптерин колдонууну аныктоочу негизги документ.

Азыркы убакта колдонулуп жаткан К. б. у. 1969-жылы ноябрда колхозчулардын Бүткүл союздук үчүнчү съездинде кабыл алынган. Баштагы уставдын бир катар жоболорунун байланыштуулугун сактап калуу менен жаңы Болжолдуу Устав колхоздук менчикти чыңдоо жана көбөйтүү жөнүндө, колхоздорго акысыз жана мөөнөтсүз пайдаланууга, б. а. түбөлүккө бекитилип берилген жерди мыкты пайдалануу жөнүндө камкордук көрөт, колхоздордун чарбалык өз алдынчалыгын жана демилгесин кеңейтет. Беш жылга мамлекетке продукция сатуунун туруктуу план-заказы аны иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат. К. б. у. колхоздордо чарба эсебин чыңдоого жардам берет.

Колхоз Б. у-дын негизинде өз чарбасына ылайыктап өз уставын иштеп чыгат жана жалпы чогулушта бекитет. Райсоветтин аткаруу комитетинде катталган колхоздун уставы закондун күчүнө ээ болот.

**КОЛХОЗЧУЛАРДЫН КООМДУК ЧАРБАДАН АЛУУЧУ КИРЕШЕЛЕРИ** — колхоздун дүң кирешесинин акчалай жана натуралай формада көрүнгөн, сарпталган эмгектин санына жана сапатына жараша чарбанын мүчөлөрүнүн ортосунда бөлүштүрүлгөн, колхоздун дүң кирешесинин бөлүгү.

Коомдук чарбадагы эмгек— колхозчулардын кирешелеринин негизги булагы. Өзүнүн көмөкчү чарбасындагы эмгеги колхозчулардын кирешелеринин кошумча булагы болуп саналат. Колхозчулардын кирешелеринде крректөөнүн коомдук фондуларынан төлөөлөрдүн жана жеңилдиктердин үлүшү да көбөйөт.

Колхоздордун кирешелерин пландаштыруунун жана бөлүштүрүүнүн жаңы методуна өтүү жана эмгекке ай сайын гарантияланган акы төлөөнү киргизүү колхоздордо эмгекке акы төлөөнүн формаларын жана методдорун совхоздордо эмгекке акы төлөөнү уюштуруу менен жакындаштырды.

1960-жылдан 1975-жылга чейин СССРдин эл чарбасында жумушчулар менен кызматчылардын орточо кызмат акысы 1,8 эсе (анын ичинде совхоздордун кызматкерлериники — 2,4 эсе) ал эми колхоздордун коомдук чарбасында иштегендиги үчүн колхозчулардын эмгегине акы төлөө — 3,3 эсе өстү. Натыйжада колхозчулардын кирешелери совхоздордун кызматкерлеринин кызмат акысына жакындады (1975-жылы алар совхоздордун кызматкерлеринин кызмат акысынын 74 процентин түзгөн). 1940-жылдан 1976-жылга чейин колхозчулардын реалдуу кирешелери 6 эсе көбөйдү. Иштелген бир адам күнүнө эсептегенде колхозчулардын эмгегине акы төлөө 1965-жылдагы 2,68 сомдон, 1976-жылы 4,70 сомго чейин өстү.

10-беш жылдыкта колхозчулардын коомдук чарбадан кирешелерин жумушчулардын жана кызматчылардын кызмат акыларынын өсүшүнөн ылдам темптер менен көбөйтүү белгиленген. Беш жылдын ичинде алар орто эсеп менен 26 процент өсүп, 1980-жылы айына болжол менен 116 сомго жетет.

Колхозчулар керектөөнүн коомдук фондуларынан алуучу төлөөлөрдүн жана жеңилдиктердин көлөмү да өсөт. 10-беш жылдыктын башталышына карата колхозчулардын үй-бүлөсүнүн бюджетинин киреше бөлүгүндө керектөөнүн коомдук фондуларынын үлүшү жумушчулар менен кызматчылардын үй-бүлөлөрүнүн кирешелериндеги бул фондулардын үлүшүнө жакындады; ал 10-беш жылдыкта да өсөт.

**КОММУНИЗМДИН МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗАСЫ** — бүткүл өлкөнүн масштабында план ченемдүү уюштурулган, материалдык байлыктардын молчулугун камсыз кылуу менен коомго жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгүн берүүчү илим менен техниканын жетишкендиктерин пайдаланууга негизделген, ири машиналык өндүрүш жана адамдын эмгегин биринчи турмуштук керектөөгө айландыруу болуп саналат. Коомдун өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүүнүн мындай деңгээли коммунизмдин негизги принцибин: «ар кимден—жөндөмдүүлүгүнө жараша, ар кимге — керектөөсүнө жараша» принцибин ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзөт.

КПССтин Программасында К. м-т. б-н түзүү партия менен совет элинин башкы экономикалык милдети болуп эсептелет деп жазылган. К. м. т. б-н түзүү: өлкөнү толук электрлештирүүнү жана бул негизде техниканы, технологияны жана коомдук өндүрүштү уюштурууну өркүндөтүүнү; өндүрүш процесстерин комплекстүү механизациялоону, аларды барган сайын толук автоматташтырууну; эл чарбасын кеңири химиялаштырууну; илимди өндүрүш менен органикалык бириктирүүнү жана илимий-техникалык прогрессти тездетилген темптерин, эмгекчилердин жогорку маданий-техникалык деңгээлин ж. б. көрсөтөт.

К. м. т. б-н куруу азыркы кездеги илимий-техникалык жетишкендиктерди максималдуу пайдаланууну талап кылат. СССРде К. м. т. б-н түзүү — эмгектин дүйнөдөгү эң жогорку өндүргүч күчүнө жана капитализмдин ар бир өлкөсү менен салыштырганда дүйнөдөгү эң жогорку турмуш деңгээлине жетишүүнүн негизги шарты. К. м. т. б-н түзүү эмгекти коомдук уюштуруунун, өндүрүштүн жана бардык деңгээлдеги башкаруунун эң бир прогрессивдүү формаларын андан ары өнүктүрүүнү кучагына алат. КПССтин Программасында белгиленгендей, К. м. т. б-н түзүү капиталдык зор салымдарды талап кылат. Милдет — бул салымдарды максималдуу түрдө натыйжалуу жана убакытты утуу менен, акыл-эстүүлүк менен жана үнөмдүү түрдө пайдаланууда турат. (КПССтин Программасы. «Кыргызстан» басмасы, 70—71-беттер). СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн 10-беш жылдык планы К. м. т. б-н түзүүдөгү маанилүү этап болуп саналат.

**КОМПЕНСАЦИЯЛЫК МАКУЛДАШУУ** — СССР капиталисттик фирмалар менен түзүүчү узак мөөнөттөгү аракеттеги эл аралык экономикалык макулдашуулардын формасы.

К. м. ири өнөр жай объектилерин куруу жана СССРде, маселен, 10—15 жыл бою бул объектилердин продукциясынын бир бөлүгүн проценттерди кошо берилген кредиттин суммасын толук жабуучу көлөмдө сатып алуу үчүн чет өлкөлүк өнөктөр тарабынан биздин өлкөгө узак мөөнөттүү кредитти берүүнү, бул кредиттин эсебинен лицензияларды, жабдууларды, машиналарды, механизмдерди берип турууну карайт. Мында түзүлүүчү объект толук бойдон биздин өлкөнүн менчиги болуп саналат. Компенсация иретинде экспортко жөнөтүлүүчү продукциянын үлүшү, эреже катарында өз ара макулдашууларда өндүрүштүн көлөмүнүн 20—30 процентин түзөт.

К. м-ну жүзөгө ашыруу ири эл чарба маселелерин чечүүгө жана өлкөнүн экспорттук базасын кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк берет (КПССтин XXV съездинин материалдары, 69, 159-беттер).

**КООМДУК ЖЫЙЫНДЫ ПРОДУКТ** — жалпы элдик (мамлекеттик) жана кооперативдик ишканаларда, өздүк көмөкчү

чарбада белгилүү мезгилдин ичинде (адатта бир жылда) коом тарабынан өндүрүлгөн материалдык байлык. К. ж. п. натуралдык форма боюнча өндүрүш каражаттарынан жана керектөө буюмдарынан турат, ал эми наркы боюнча керектелген өндүрүш каражаттарынын наркына жана өлкөнүн улуттук кирешеси болуп эсептелген жаңыдан түзүлгөн наркка бөлүнөт. К. ж. п-тун тармактык структурасы өлкөнүн техникалык-экономикалык өнүгүшүнүн деңгээлине, социализмди куруунун белгилүү этабында чечилип жаткан милдеттердин өзгөчөлүгүнө, эмгекти эл аралык бөлүнүшүнүн системасындагы өлкөнүн ордуна байланыштуу болот.

Советтик экономиканын өнүгүшү К. ж. п-тун тынымсыз жана тез көбөйүшү менен мүнөздөлөт, ал 1975-жылы 862,4 млрд. сомду түзгөн, анын ичинде өнөр жайында 558,3 млрд. сом, айыл чарбасында — 122 млрд. сом, транспортто жана байланышта — 36,7 млрд. сом, курулушта — 91,8 млрд. сом жана соода, даярдоо, материалдык-техникалык жабдуу ж. б-ларда 53,6 млрд. сомду түзгөн.

«Онунчу беш жылдык — биздин өлкөбүздүн өндүрүштүк потенциалын көбөйтүүдөгү, Совет мамлекетинин экономикалык кубаттуулугун чыңдоодогу жаңы ири кадам (КПССтин XXV съездинин материалдары, 146-бет). Коомдук өндүрүштү динамикалуу жана пропорциялуу өнүктүрүүнүн жана анын натыйжалуулугун жогорулатуунун, илимий-техникалык прогрессти тездетүүнүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн негизинде коомдук өндүрүштүн структурасын туруктуу өстүрүүнү жана өркүндөтүүнү, илимий-техникалык прогрессти аныктоочу тармактарды өнүктүрүү, айыл чарба продукциясын жана керектөөчү өнөр жай товарларын өндүрүүнү көбөйтүү, калкты тейлөө чөйрөсүн кеңейтүү ишин камсыз кылуу милдеттери турат.

**КООМДУК ӨНДҮРҮШТҮН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ** — сарптоолорду жана натыйжаларды салыштыруу жолу менен аныкталуучу өндүрүштүк иштердин экономикалык натыйжасы. К. ө. н-н жогорулатуу милдети эмгектик, материалдык жана финансылык сарптоолордун ар бирдигинен өндүрүштүн жана улуттук кирешенин көлөмүн олуттуу түрдө көбөйтүп алууга жетишүүдө турат.

Социалисттик өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу улуттук кирешенин өсүшү туш келди жолдор менен эмес, коомдун ресурстарын рационалдуу жана үнөмдүү пайдалануунун жолу менен жүзөгө ашырылат дегендикке жатат. Эң жалпы түрдө алганда өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу түзүлгөн продуктынын белгилүү көлөмүн өндүрүүгө жана реализациялоого жумшалуучу коомдук эмгекти үнөмдөөнү көрсөтөт. К. Маркс эмгекти үнөмдөө коомдук өндүрүштүн биринчи закону боло тургандыгын көрсөткөн.

Эмгек өндүрүмдүүлүгү, фондунун кайтарылышы, материал сыйымдуулук, продукциянын сапаты К. ө. н-н көрсөтүүчү негизги көрсөткүчтөр болуп саналат.



К. ө. н-ны жогорулатуу — партиянын экономикалык стратегиясынын маанилүү составдык бөлүгү. «Өлкөнүн алдында турган көп түрдүү экономикалык жана социалдык милдеттерди ийгиликтүү чечүү үчүн,— деп белгиленген КПСС БКнын партиянын XXV съездине Отчетунда,— **эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн тез өсүшүнөн, бүткүл коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун кескин түрдө жогорулатуудан** башка жол жок. Натыйжалуулукка басым кылуу — биздин бүткүл экономикалык стратегиябыздын эң маанилүү составдык бөлүгү болот — ошондуктан бул жөнүндө дагы жана дагы айтууга туура келет». (КПССтин XXV съездинин материалдары, кыргызча басылышы, 52-бет). Бул 10-беш жылдыктын гана эмес, ошондой эле узак мөөнөттүү келечектин да түпкү жана негизги проблемасы болуп саналат. Эгерде 80-жылдарда эмгектин ресурстар проблемаларынын олуттуу татаалданышы өлкөнүн алыскы райондорундагы жаңы пайдалуу кендерди өздөштүрүү жана аларды өтө рационалдуу пайдалануу зарылдыгы, курчап турган чөйрөнү коргоого ыйгарылган сарптоолордун өсүшү жана инфраструктураны тездетип өнүктүрүү өңдөнгөн бир катар факторлорду эске ала турган болсок, натыйжалуулукту жогорулатуу азыркы убакта объективдүү зарылдык болуп калат.

10-беш жылдыктын өзгөчөлүктөрү натыйжалуулукту жогорулатуу, жыйналган өндүрүштүк потенциалды жана өндүрүшкө тартылуучу ресурстардын бардыгын пайдаланууну жакшыртуу экономиканы өстүрүүнүн белгиленген темптерине жетишүүнүн аныктоочу факторлору болууга тийиш экендигинде турат. Мунун өзү техникалык прогресстин темптерин тездетүүнүн жана башкарууну өркүндөтүүнүн негизинде интенсивдүү факторлордун [illegible] көрсөтөт. Улуттук кирешени өстүрүүнүн пландаштырылган темптери капиталдык салымдардын, негизги өндүрүш фондуларынын жана иштеп жаткандардын санынын

| | 1971—1975-ж.ж. | (1976—1980-ж.ж.) |
|---|---|---|
| Улуттук кирешенин өсүш темптеринин жана капиталдык салымдардын катышы | 1 : 1,45 | 1 : 1 |
| Улуттук кирешенин өсүш темптеринин жана негизги өндүрүш фондуларынын катышы | 1 : 1,64 | 1 : 1,38 |
| Эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн эсебинен улуттук кирешенин өсүшү | 78 | 85 |

өсүшүнүн көрсөткүчтөрү менен бир кыйла мыкты пропорцияларда болгон учурда жетишүүсү белгиленген:

Келтирилген маалыматтар онунчу беш жылдыкта күчөп жаткан сапаттык көрсөткүчтөрдүн динамикалуулугунун күчөп баратышы жөнүндө далил болот. Натыйжалуулук жана сапат — бул өз ара байланышкан эки көрсөткүч — азыр бүткүл чарбалык иштин девизи болуп калды. Аларда эл чарбасын өнүктүрүүнүн азыркы этабынын объективдүү керектөөлөрү көрсөтүлгөн бүгүнкү күндө өлкөнүн эмгекчилери өзүлөрүнүн эпкиндүү эмгегин илимий-техникалык прогрессти тездетүүгө, бардык ресурстардын үнөм режимин күчөтүүгө, социалисттик милдеттенмелер менен жогорулатылган пландарды ийгиликтүү орундатууга багыттап жатышат.

**КООМДУК ӨНДҮРҮШТҮН СТРУКТУРАСЫ** — эл чарбасынын составдуу бөлүктөрүн, коомдук өндүрүштүн процессинде эмгектин коомдук бөлүнүшүн чагылдыруучу алардын

| | 1976—1980-жылдарда жылдык орточо өндүрүү | 10-беш жылдыкта жылдык орточо өндүрүүнүн өсүшү | |
|---|---|---|---|
| | | абсолюттук | процент менен |
| Продуктулардын маанилүү түрлөрү: | | | |
| эгин — млн. т. | 215—220 | 33,5—38,5 | 18—21 |
| күн карама млн. т. | 7,6 | 1,6 | 27 |
| кант кызылчасы фабрикалык млн. т | 95—98 | 19—22 | 25—29 |
| пахта млн. т. | 8,5 | 0,8 | 11 |
| эт (союлган салмакта) млн. т. | 15,0—15,6 | 0,9—1,5 | 7—11 |
| сүт млн. т. | 94—96 | 6,5—8,5 | 7—10 |
| жумуртка млрд. даана | 58—61 | 6,5—9,5 | 13—18 |

пропорциясын жана өз ара байланышын айкалыштыруу. Эл чарбасынын тармактары өз ара тыгыз байланышкан жана бул байланыштардан жана белгилүү катнаштардан тышкары нормалдуу өнүгө алышпайт. К. э. с. коомдун керектөөлөрүнүн структурасы менен түздөн-түз өз ара байланышта болот. Эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн мына ушул учурунда коомдук керектөөлөр өндүрүштүн бул же тигил чөйрөлөрүнө жана тармактарына коомдук убакыттын үлүшүн аныктайт. Эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн, керектөө структурасынын өзгөрүшү түзүлгөн пропорциялардын, ар түрдүү продуктуларды өндүрүү үчүн жумшалган эмгектин санынын жана массасынын дайыма өзгөрүп турушун пайда кылат.

Социализм учурунда чарбаны пландуу жүргүзүүнүн шарттарында тармактарды жогору



натыйжалуу айкалыштыруу жөнүндө маселе өзгөчө чоң мааниге ээ болот. К. Маркс «иш убактысын жөнгө салуу жана коомдук эмгекти өндүрүштүн ар кыл топторунун ортосунда бөлүштүрүү... мурда эч болуп көрбөгөндөй маанилүү болуп калат» деп жазган (*К. Маркс* жана *Ф. Энгельс*. Чыгармалар 25-том, 2-басылышы, 421-бет).

Эл чарбасынын структурасындагы прогрессивдүү өзгөрүүлөргө таянуу 10-беш жылдык үчүн мүнөздүү болуп саналат, өнөр жайында «А» жана «Б» топторундагы продукцияларды өндүрүүнүн өсүшүнүн ортосундагы катыш жакшырат; өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүндө техникалык прогресстин темптерин тездетүүгө, бүткүл эл чарбасында эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүн жана натыйжалуулукту жогорулатууга жардам берүүчү тармактардын продукциясынын үлүшүнүн андан ары өсүшү камсыз кылынат. Маселен, машина куруунун жана металл иштетүүнүн, химия өнөр жайынын жана электроэнергетиканын продукциясынын үлүшү 1975-жылдагы 33 проценттен 1980-жылы 37,5 процентке чейин жогорулайт. Айыл чарба продукциясын жана эл керектөөчү өнөр жай товарларын өндүрүүнү көбөйтүү боюнча конкреттүү программа, калкты тейлөө чөйрөсүн кеңейтүү белгиленген.

Өндүрүштүн структурасын андан ары өркүндөтүү — экономиканын динамикалуу өнүгүшүнүн көрсөткүчү жана маанилүү фактору.

**КПССтин АЗЫРКЫ ЭТАПТАГЫ АГРАРДЫК САЯСАТЫ** — биздин өлкөнүн айыл чарбасын тезинен жогорулатууга жана ар тараптан өнүктүрүүгө, жумушчу табы менен колхозчу дыйкандардын союзун андан ары чыңдоого багытталган партиянын илимий негизделген саясий багыты. КПССтин азыркы этаптагы агрардык саясаты тарыхый жаңы шарттарда лениндик агрардык теориянын чыгармачылык менен өнүктүрүлүшү болуп саналат. Анда өндүргүч күчтөрдү жана социалдык-экономикалык мамилелерди биримдикте өнүктүрүүнүн лениндик идеясы терең чагылдырылган.

КПССтин азыркы кездеги агрардык саясатынын принциптүү негиздерин БКнын март (1965) Пленуму иштеп чыккан. Анын тарыхый зор мааниси ушунда. Пленум тарабынан белгиленген айыл чарбасын кыйшаюусуз жана ар тараптуу жогорулатууга саясий багыт КПСС БКнын май (1966), октябрь (1968), июль (1970) пленумдарында, партиянын XXIII, XXIV жана XXV съезддеринде мындан ары өнүктүрүлдү жана бекемделди. Кадам сайын агрардык саясаттын түпкү маселелерин чечүү менен, КПСС Борбордук Комитети узак мөөнөттүү мааниге ээ болгон айыл чарбасын жогорулатуунун кеңири комплекстүү программасында конкреттүү көрсөтүлгөн, экономикалык, материалдык-техникалык жана уюштуруу чараларынын системасын иштеп чыкты. БКнын пленумдарынын жана партиялык съезддердин айыл чарбасынын маселелери боюнча чечимдери — партиянын коллективдүү зор ишинин, марксисттик-лениндик тео-

рияны чыгармачылык менен өнүктүрүүнүн жана аны турмушка ашыруунун натыйжасы.

КПСС БКнын Генеральный секретары Л. И. Брежнев партиянын агрардык саясатын иштеп чыгууга өзүнүн чоң салымын кошууда. Анын эмгектеринде КПССтин азыркы кездеги агрардык саясатынын башкы багыттарына терең талдоо берилип, өлкөнүн айыл чарбасын андан ары жогорулатуунун жолдору жана перспективалары көрсөтүлгөн.

Агрардык саясаттын негизги багыттары — совхоздордо жана колхоздордо өндүрүштүн өсүшүн стимулдаштыруучу экономикалык шарттарды түзүү, айыл чарба өндүрүшүн азыркы кездеги индустриалдык базага которуу, экономиканын бул турмуштук маанилүү чөйрөсүндө илимий-техникалык прогрессти чечкиндүү тездетүү, айыл чарба илимин өнүктүрүү, айыл чарбасында уюштуруу жана башкаруу формаларын өркүндөтүү — дайыма бүткүл партиянын көңүлүнүн борборунда болуп, турмушка ырааттуу жана кыйшаюусуз ашырылууда.

КПССтин XXV съездинде айыл чарбасын мындан ары өнүктүрүү жагынан өз ара байланыштуу эки максат коюлган. Биринчиси: өлкөнү азык-түлүк жана айыл чарба сырьёсу менен ишенимдүү түрдө жабдууга жетишүү, бул үчүн жетиштүү резервдерге дайыма ээ болуу. Ал эми экинчиси: шаар менен кыштактын турмушунун материалдык жана маданийтиричилик шарттарын жакындаштыруу жолу боюнча улам илгерилеп бара берүү, мунун өзү биздин программалык талабыбыз болуп саналат. (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 59-бет). Съезд бул максаттарга жетишүү боюнча 10-беш жылдыкта жүзөгө ашырылуучу чаралардын комплексин белгиледи.

КПССтин XXV съездинин чечимдери, айыл чарба маселелери боюнча КПСС БКнын съездден кийин кабыл алынган токтомдору айыл чарба өндүрүшүн кыйшаюусуз жана ишенимдүү жогорулатуунун перспективаларын ачып берет.

Социалисттик айыл чарбасын андан ары жогорулатуунун магистралдык багытын белгилеген КПСС БКнын «Чарба аралык кооперациянын жана агроөнөр жай интеграциясынын негизинде айыл чарба өндүрүшүн адистештирүүнү жана топтоштурууну андан ары өнүктүрүү жөнүндө» токтому (1976) КПССтин азыркы кездеги агрардык саясатынын чыгармачылык менен өнүктүрүлүшүнүн жаңы көрүнүшү болуп саналат.

КПССтин агрардык саясатынын илимийлиги жана реалдуулугу, анын мобилизациялоочу күчү өлкөнүн айыл чарбасын өнүктүрүүдөгү жетишилген натыйжалар менен ырасталууда. КПСС БКнын март (1965) Пленумунан кийин бул тармак кыйшаюусуз жогорулоонун, динамикалуу өнүгүүнүн жолуна бекем түштү. 8-жана 9-беш жылдыктардын жылдарында өлкөнүн ар бир адамына эсептегенде айыл чарба продукцияларын өндүрүү чейрекке жакын, колхоздордогу жана совхоздордогу эмгек өндүрүмдүүлүгү — 1,6 эсе өстү,



селонун эмгекчилеринин жыргалчылыгы жакшырып, алардын жалпы билим жана профессиялык даярдыгынын деңгээли жогорулады.

1976-жылы — онунчу беш жылдыктын биринчи жылында айыл чарба продукциясын өндүрүүнү көбөйтүүдө бир кыйла ийгиликтерге жетишилди. Эгиндин дүң жыйымы 223,8 миллион тоннаны түздү, пахта, кант кызылчасын жана башка кээ бир өсүмдүктөрдү өндүрүү боюнча пландагы тапшырмалар ашыра аткарылды.

КПСС БКнын октябрь (1976) пленуму жетишилген натыйжаларга жогору баа берип, айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун андан ары жогорулатуу боюнча жаңы жоопту милдеттерди койду.

**КПССтин ЭКОНОМИКАЛЫК САЯСАТЫ** — коммунизм үчүн күрөштүн чечүүчү чөйрөсү болгон — экономика жагында партия жүргүзгөн иштин топтошкон, илимий негизделген түрдө көрүнүшү. «Ленин алдын ала айткандай, партия жана Совет мамлекети үчүн,— деп белгилеген Л. И. Брежнев КПССтин XXIV съездинде,— экономика — бул башкы саясат, совет коомунун коммунизмге карай ырааттуу түрдө алга барышы жана биздин социалисттик державанын эл аралык позицияларынын чыңдалышы мына ушул саясаттын ийгилигине чечүүчү даражада байланыштуу» (КПССтин XXIV съездинин материалдары, 37-бет).

КПССтин Э. с. маркстик-лениндик теориянын — азыркы замандын эң алдыңкы, революциячыл илиминин турмуш тарабынан текшерилген тыянактарына негизденет. Теорияны дайыма байытып туруу жана өнүктүрүү аны партиянын экономикалык саясатынын туруктуу илимий негизи кылат, коомдук процесстин жүрүшүн алдын ала көрүүгө жана саясий туура багытты иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берет. КПССтин Э. с. социалисттик өндүрүштүн максатын жана өлкөнүн чарбалык өнүгүшүнүн керектөөсүн чагылдырат.

«Партиянын эң жогорку максаты — коммунисттик коомду куруу болуп саналат, анын туусунда: «Ар кимден — анын жөндөмдүүлүгүнө жараша, ар кимге — анын керектөөсүнө жараша» деп жазылган. Партиянын «Бардыгы адам үчүн, адамдын жыргалчылыгы үчүн» деген урааны толук өлчөмдө ишке ашырылат». (КПССтин Программасы, 5—6-беттер).

Партиянын Э. с. СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн беш жылдык пландарында конкреттештирилет.

9-беш жылдыкта КПССтин Э. с-н ырааттуу ишке ашыруу өлкөнүн экономикалык кубатын кыйшаюусуз өстүрүүнү, элдин жыргалчылыгын жогорулатууну камсыз кылды. Өлкөнү экономикалык өнүктүрүүнүн багыты жана мүнөзү партиянын XXIV съездинин принциптүү көргөзмөлөрүнө жана директиваларына толук бойдон ылайык келет. «**Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында**,— деп белгилеген Л. И. Брежнев,— **тогузунчу беш жылдыкта коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүдө, элдин турмуш деңгээлин жогорулатууда, өлкөнүн коопсуздугун камсыз кылууда жа-**

ны зор кадам шилтеди. XXIV жана XXV съезддердин аралыгындагы мезгилде партиянын экономикалык иштеринин саясий жыйынтыгы ушундай. Совет адамдарынын баатырдык эмгегинин башкы натыйжасы ушундай». (КПССтин XXV съездинин материалдары, 45—46-беттер).

КПССтин XXV съезди өнүккөн социалисттик коомдун шарттарындагы 10-беш жылдыкта (1976—1980) жана андан узак перспективада партиянын Э. с-нын принципиалдуу жоболорун конкреттештирди жана тереңдетти. Бул жоболор коомдук өнүгүүнүн объективдүү закон ченемдүүлүктөрүнө, коом жөнүндө маркстик-лениндик окууга негизденет жана партиянын экономикалык стратегиясынын маңызын билдирет, ал фундаменталдуу маселелерди коюуну, советтик экономиканы өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү максаттарын коюуну камтыйт (к. *Партиянын экономикалык стратегиясы. Партиянын экономикалык саясатынын жогору максаты. Онунчу беш жылдыктын башкы милдети.*)

**КПССтин ЭКОНОМИКАЛЫК СТРАТЕГИЯСЫ** — анын экономикалык саясатынын узак перспективага эсептелген жана ири масштабдуу социалдык-экономикалык маселелерди чечүүнү караган узак мөөнөттүү багыты. «Ар кандай стратегия сыяктуу эле,— деп белгиленген КПСС БКнын партиянын XXV съездине Отчеттук докладында,— партиянын экономикалык стратегиясы милдеттердин коюлушунан, фундаменталдуу, узак мезгилдүү максатты алдыга коюудан башталат. Элдин турмушунун материалдык жана маданий деңгээлин кыйшаюусуз жогорулатуу алардын ичинде маанилүүсү болгон жана болуп кала берет. Экономикалык стратегия каражаттардын так аныкталышын, алдыга коюлган максатты карай алып баруучу жолдорду да өзүнүн кучагына камтып турат» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 47—48-беттер).

Партиянын XXV съезди партиянын экономикалык стратегиясынын азыркы этаптагы негизги маселелерин карап чыкты, аларга жетүүнүн негизги максаттарын жана жолдорун бөлүп көрсөттү. Өлкөнүн экономикалык кубатын андан ары өстүрүү, оор өнөр жайынын — экономиканын фундаментинин өсүшүн камсыз кылуу партиянын экономикалык стратегиясынын негизи болуп саналат. «Азыр даярдалган эсептөөлөрдөн төмөнкүлөр келип чыгып отурат,— деп белгиленген партиянын XXV съездинде,— 1976—1990-жылдарда өлкөдө өткөн он беш жылдыктагыга караганда болжол менен эки эсе көп материалдык жана финансы ресурстары болот... Ошону менен катар партиянын Программасы, кийинки съезддер тарабынан алдыга коюлган негизги социалдык-экономикалык милдеттерди чечүү үчүн жаңы мүмкүндүктөр түзүлүүдө». (КПССтин XXV съездинин материалдары, 48-бет).

П. э. с-нын негизинде 10-беш жылдыктын башкы милдети келтирилген, ал коомдук өндүрүштү динамикалуу жана пропорционалдуу өнүктүрүүнүн, анын натыйжалуулугун жогорулатуунун, илимий-техникалык прогрессти тездетүүнүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн, эл чарбасынын бардык звенолорунда жумуштун сапатын ар тараптан жакшыртуунун негизинде элдин турмушунун материалдык жана маданий деңгээлин жогорулатууга партиянын багытын ырааттуу турмушка ашырууда турат.

ССР Союзунун Жогорку Советинин бешинчи сессиясында кабыл алынган СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн Мамлекеттик беш жылдык планы эл чарбасын өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү перспективасынын маанилүү составдык бөлүгү болуп саналат. Ал КПССтин экономикалык стратегиясына толук ылайыкталып иштелип чыгылган жана бардык жалпы экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча партиянын XXV съездинин көрсөтмөлөрүнө ылайык келет. План мурда түзүлгөн экономикалык потенциалдын бекем фундаментине, өлкөнү андан ары социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрүнө таянат. Муну менен партиянын негизги көрсөтмөлөрүнүн жана советтик коомдун коомдук өнүгүшүнүн бардык процесстерине анын жетекчи ролунун илимий негизделгендиги баса көрсөтүлөт. (к. *КПССтин экономикалык саясаты. КПССтин агрардык саясаты*).

**КУРЧАП ТУРГАН ЧӨЙРӨНҮ КОРГОО (СССРде)** — атмосфераны, кыртышты, дарыяларды жана деңиздерди, өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсүн коргоо боюнча, жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу боюнча өткөрүлүп жаткан чаралардын комплекси.

Совет бийлигинин биринчи жылдарынан тартып эле биздин өлкөдө бул маселелерге туруктуу көңүл бурулуп келе жатат. В. И. Ленин аларды чечүүгө зор маани берген. К. т. ч. к. жана табигый сырьёну сарамжалдык менен өздөштүрүү жөнүндө анын көрсөтмөлөрү коммунисттик курулуштун жүрүшүндө ырааттуу турмушка ашырылууда. Биздин өлкөдө мамлекет жаратылыштын сакчылыгында турат.

Акыркы жылдарда СССР Жогорку Совети тарабынан курчап турган чөйрөнү коргоо үчүн зор мааниге ээ болгон жер, суу закондорунун негиздери, жер байлыктары жөнүндө, саламаттык сактоо жөнүндө закондор кабыл алынды. Алар КПСС БКнын жана СССР Министрлер Советинин «Жаратылышты коргоону күчөтүү жана табигый ресурстарды пайдаланууну жакшыртуу жөнүндө» (1972) токтому тарабынан белгиленген К. т. ч. к. программасын андан ары ишке ашырууга жардам берет. Бул документтерде курчап турган чөйрөнүн тазалыгы жөнүндө күндөлүк камкордук көрүү, бардык табигый байлыктарды — жерди, сууну, абаны, токойлорду, жер алдындагы байлыктарды, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүн эксплуатациялоонун эрежелерин жана нормаларын сактоо үчүн туруктуу контролдук менен байланышкан конкреттүү чаралар белгиленип, бул багытта жумуштардын ири комплекстери көрсөтүлгөн.

КПСС БК жана СССР Министрлер Совети Каспий деңизинин, Байкал көлүнүн, Волга жана Урал дарыяларынын бас-

сейндерин, Кара жана Азов деңиздеринин бассейндерин булгануудан сактоо боюнча чаралар жөнүндөгү токтомдорду кабыл алышты. Советтер Союзу курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча эл аралык чараларга активдүү катышууда.

КПССтин XXV съезди К. т. ч. к. жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу жана кайра өндүрүү боюнча, анын ичинде: табигый ресурстарды изилдөөлөрдү жана курчап турган чөйрөнүн абалына жана анын булгануу булактарына контролдукту ишке ашыруу; калдыктардын курчап турган чөйрөгө тийгизе турган зыяндуу таасирин азайтуу, калдыктардын азайтылышын жана алардын толук тазаланышын камсыз кыла турган технологиялык процесстерди, ошондой эле сууну туюк цикл боюнча пайдалануу системаларын иштеп чыгуу жана колдонууну активдүү жүргүзүү; өтө натыйжалуу тазалоо курулуштарын түзүү үчүн жабдууларды чыгарууну өнүктүрүү; зыяндуу заттарды атмосферага чыгарууга каршы жаңы методдорду жана каражаттарды иштеп чыгуу; кыртышты суу жана шамал эрозиясынын таасиринен, өнөр жай калдыктары менен булганышынан коргоону жакшыртуу; өндүрүштүн курчап турган чөйрөгө тийгизе турган таасирин прогноздоону өркүндөтүү жана анын мүмкүн боло турган кесепеттерин долбоордук чечимдерди даярдоо жана кабыл алуу кезинде эске алуу жөнүндө кеңири чараларды белгиледи. 10-беш жылдыкта бул максаттарга чоң каражаттар — 11 млрд. сом бөлүнгөн (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 52, 174—175-беттер).

**КЫЗМАТ АКЫ** (социализмдин учурунда) — эл чарбасынын мамлекеттик секторунда колдонулуучу, жумушчулар менен кызматчылардын ортосунда эмгегинин санына жана сапатына жараша улуттук кирешенин бир бөлүгүн бөлүштүрүү формасы.

К. а. жумушчуларды жана кызматчыларды жогору натыйжалуу эмгекке стимулдаштырат жана керектөөнүн коомдук фондулары менен бирге жумушчу күчүн кеңири кайталап өндүрүүнү, эмгекчилердин жыргалчылыгын жогорулатууну камсыз кылат. Н о м и н а л д ы к к ы з м а т а к ы — кызматкер тарабынан өзүнүн эмгегине акы төлөө түрүндө алынган акчанын суммасы. Бүткүл чегерилген кызмат акы номиналдуу болуп саналат. Н. к. а.— социалисттик коомдун эмгекчилер тарабынан керектөө байлыктарын жана тейлөө кызматын алуунун негизги булагы. Чекене баалар туруктуу же төмөндөгөн шарттарда Н. к. а-нын өсүшү реалдуу кызмат акынын өсүшүнө алып барат. Р е а л д у у к ы з м а т а к ы — социалисттик коомдун эмгекчилери тарабынан алар алышкан номиналдуу кызмат акыга алына турган керектөө буюмдарынын жана кызматтын санын көрсөтүүчү көрсөткүч болуп саналат. Р. к. а. анын номиналдуу чоңдугуна, керектөө товарларына баалардын деңгээлине жана налогдордун көлөмүнө байланыштуу болот.

СССРде номиналдуу кызмат акы да, реалдуу кызмат акы да кыйшаюусуз өсүүдө. 1976-жылы жумушчулар менен



кызматчылардын орточо айлык акчалай кызмат акысы 1975-жылдагы 145,8 сомдун ордуна 151,3 сомдон ашты. (к. *Эмгекчилердин реалдуу кирешелери. Керектөөнүн коомдук фондулары*).

Иштегенине жана убактысына жараша акы төлөө СССРдин эл чарбасында колдонулуучу К. а-нын негизги фондулары болуп саналат. И ш т е г е н и н е ж а р а ш а к ы з м а т а к ы (И. ж. к. а.) — эмгектин татаалдыгын жана шарттарын эске алып, белгиленген сапатта өндүрүлгөн продукциянын бирдигинин саны боюнча жумушчулардын эмгегине акы төлөөнүн формасы. И. ж. к. а. алып турганда жумушчулардын иштеп тапканы алардын эмгегинин натыйжаларына түздөн-түз байланыштуу болот. Иштеп чыгуу бир кыйла даражада жумушчунун жекече күч-аракеттерине, анын чеберчилигине жана эмгектин ургаалдуулугуна байланыштуу болгон жерлерде иштегенине жараш акы төлөө өтө натыйжалуу болот. И. ж. к. а-нын бир катар түрлөрү: иштегенине жараша жөнөкөй акы төлөө, иштегенине жараша сыйлык кошуп акы төлөө, иштегенине жараша прогрессивдүү акы төлөө, аккорддук акы төлөөлөр колдонулат.

Көмүр, тоо-кен, металлургиялык, машина жасоо өнөр жай тармактарында, жана да курулушта иштегенине жараша акы төлөөнүн бригадалык, группалык формалары кеңири колдонулат. Аларды окшош адистиктерди колдонуу жана жумушчуларды биринин ордуна бирин алмаштырып туруу же продукция чыгарууну көбөйтүүгө бригадалардын кызыгууларын жогорулатуу талап кылынган шарттарда пайдалануу, маселен, поточный жана жыйноочу линияларда, жана да жумушчулардын функциясы агрегаттарды тейлөөдөн турган участоктордо максатка ылайыктуу болот. Азыркы убакта өнөр жайынын жумушчуларынын 56,8 процентине жакынына акы иштегенине жараша төлөнөт.

У б а к т ы с ы н а ж а р а ш а к ы з м а т а к ы (У. ж. к. а.)— ставканын (кызмат окладынын) сааттык, күндүк же айлык тарифтик ставкалары боюнча факты жүзүндө иштеген убактысына ылайык төлөнүүчү кызматкерлердин эмгегине акы төлөө формасы. Инженер-техник кызматкерлеринин жана кызматчылардын көпчүлүгүнө, жумушчулардын көп категорияларына, маселен, автоматташтырылган жана катуу регламенттелген өндүрүштө убактысына жараша акы төлөнөт. Кызмат акынын убактысына жараша — сыйлык системасын да колдонушат, анын убагында иштеген убактысы үчүн тариф ставкасы боюнча төлөнүүчү акыдан тышкары кызматкерлер жогорулатылган сандык жана сапаттык көрсөткүчтөргө жетишкендиктери үчүн сыйлык алышат.

КПССтин XXV съезди өзүнүн чечимдеринде эмгегине жараша акы төлөө системасын өркүндөтүү жана алардын стимулдаштыруучу таасирин жогорулатуу боюнча жумуштарды улантуунун зарылчылыгын белгиледи. Съезд жумушчулардын жана кызматчылардын орточо кызмат акысын 16—18 процент көбөйтүүнү жана аны

беш жылдыктын аягына карата айына кеминде 170 сомго жеткирүүнү, кызмат акынын стимулдаштыруучу ролун күчөтүүнү ырааттуу камсыз кылууну белгиледи.

Тариф системасын жана сыйлык берүү системасын андан ары өркүндөтүү, аз сандагы кызматкерлер менен продукция чыгаргандык үчүн материалдык кызыктыруунун прогрессивдүү формаларын: эмгектин акыркы натыйжалары үчүн бригадалык акы төлөөнү, эмгекке аккорддук төлөөнү кеңири колдонуу, табигый-климаттык шарттары кыйын райондордо, эмгек шарттары оор жана ыңгайсыз иштерде ж. б. иштеген кызматкерлердин эмгегине акы төлөөдө артыкчылыктарды кеңейтүү каралган.

КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин жана ВЦСПСтин «Эл чарбасынын өндүрүштүк эмес тармактарында иштеген кызматкерлердин орточо акы төлөнүүчү категорияларынын ставкалары менен складдарын көбөйтүү менен бирге жумушчулардын жана кызматчылардын минималдуу кызмат акыларын жогорулатуу жөнүндө» кабыл алынган токтому 10-беш жылдыктын социалдык программасына ылайык кабыл алынган эмгекке акы төлөөнү мындан ары өркүндөтүү жолундагы ири кадам болуп саналат. Ал агартуу, саламаттык сактоо, маданият, соода, тиричилик жана коммуналдык тейлөө, илимий мекемелер жана мамлекеттик органдар кызматкерлерин — бардыгы болуп 31 миллион адамды кучагына алган. Кызматкерлердин аталган категорияларынын кызмат акысы орто эсеп менен 18 процент жогорулатылып, мамлекеттин бул максатка сарптоолору жылына эсептегенде 7 миллиарддан ашык сомду түзөт.

**МАТЕРИАЛДЫК КЫЗЫКТЫРУУ ФОНДУСУ** — к. *Экономикалык стимулдаштыруу фондусу.*

**МАТЕРИАЛДЫК СТИМУЛДАР** — эмгектин жана өндүрүштүн натыйжаларын жакшыртуу үчүн эмгекчилердин кызыгуусун күчөтүүгө багытталган материалдык кызыктыруунун түрлөрү.

Ар түрдүү сыйлык системалары менен кызмат акы (эмгегине жараша акы төлөө) М. с. негизги түрү болуп эсептелет. Андан тышкары ишканаларда жылдык иштин жыйынтыктары боюнча жумушчуларга жана кызматчыларга сыйлык берүү, (эмгекке акы төлөө системасында каралбаган) бир жолу төлөнүүчү сыйлык берүү; баалуу белектер менен сыйлоо өңдөнгөн М. с. түрлөрү колдонулат. Материалдык стимулдаштыруунун ичинен турак жай шарттарын жакшырткан убакта, санаторийлерге жана дем алуу үйлөрүнө путевкаларды алууда мыкты жумушчуларга жана кызматчыларга артыкчылыктарды жана жеңилдиктерди биринчи кезекте берүү ж. б. лар чоң мааниге ээ болот.

КПССтин XXV съезди эмгек акысы жагында эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүдө, илимий-техникалык прогрессти тездетүүдө, продукциянын сапатын жакшыртып, анын өзүнө турган наркын төмөндөтүүдө анын стимулдаштыруучу ролун күчөтүүнү; тарифтик системаны өркүндөтүүнү; саны аз кызматкерлер менен иштеп, про-



дукция чыгарууну көбөйткөндүгү үчүн материалдык жактан кызыктыруунун, эмгектин түпкү натыйжалары үчүн бригада боюнча акы төлөөнүн прогрессивдүү формаларын алда канча кеңири колдонууну; ишканаларда эмгек тартибин чыңдоодо жана кадрлардын көп алмашылышын азайтууда эмгекке акы төлөөнүн ролун күчөтүүнү белгиледи. (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 254-бет).

**МОРАЛДЫК СТИМУЛДАР** — жетишилген жогорку эмгектик натыйжалар үчүн коомдук урматтоонун жана кызыктыруунун түрлөрү; алар жумушчулар менен кызматчылардын чыгармачылык активдүүлүгүн жолдоого жана андан ары өнүктүрүүгө багытталган. М. с. эмгек жөнүндөгү закондордун негизинде, ички эмгек тартибинин Эрежелеринде каралган.

Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берүү, СССРдин ордендери жана медалдары менен сыйлоо моралдык кызыктыруунун жогорку формасы болуп саналат.

1974-жылы эмгекте жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен кызматкерлер үчүн I, II жана III даражадагы Эмгек Даңкы ордени; узак жылга созулган ак ниет эмгеги үчүн эмгекчилерди сыйлоо максатында — «Эмгек ветераны» медалы белгиленген.

Социалисттик мелдеште жеңип чыккандар үчүн моралдык кызыктыруунун жаңы формалары белгиленген. Бул жалпы союздук «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» белгисин же «Беш жылдыктын эпкиндүүсү» белгисин, эстелик медалдарды тапшыруу, жеңип чыккан коллективдерди ВДНХдагы Бүткүл союздук Ардак тактага жазуу ж. б. болуп саналат.

Түздөн-түз ишканаларда М. с-дын төмөнкү түрлөрү кеңири колдонулат: алкыш жарыялоо, куттуктоо каттары эмгек даңкынын желегин илүү, ишкананын туусунун жанында сүрөткө тартып алуу, эстелик медалдарды, көкүрөккө тагынуучу белгилерди тапшыруу, Ардак тактага жана Ардак китебине жазуу, өтмө Кызыл тууларды тапшыруу, «Сапаттын отличниги», «Кесипчилиги боюнча мыкты», «Ишкананын эмгек сиңирген кызматкери» деген ардактуу наамдарын берүү.

Моралдык кызыктырууну жаңы адамды тарбиялоо боюнча жүргүзүлүп жаткан иш менен айкалыштырганда эмгекчилердин чыгармачылык демилгесин өнүктүрүүнүн кубаттуу фактору болуп саналат. КПСС М. с-дын түрлөрүн жана методдорун өркүндөтүү жөнүндө туруктуу түрдө камкордук көрүүдө (к. *Материалдык стимулдар*).

**НЕГИЗГИ ӨНДҮРҮШТҮК ФОНДУЛАР** — к. *Ишкананын өндүрүштүк фондулары.*

**ОНУНЧУ БЕШ ЖЫЛДЫКТЫН БАШКЫ МИЛДЕТИ** — өлкөнү 1976—1980-жылдарда социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана ага жетишүү каражаттарынын топтоштурулуп көрсөтүлүшү. КПССтин XXV съезди белгилегендей, **«онунчу беш жылдыктын башкы милдети—коомдук өндүрүштү динамикалуу жана пропорциялуу өнүктүрүү-**

нүн, анын натыйжалуулугун жогорулатуунун, илимий-техникалык прогрессти тездетүүнүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн, эл чарбасынын бардык звенолорунда иштин сапатын бардык чаралар менен жакшыртуунун негизинде элдин материалдык жана маданий турмуш деңгээлин жогорулатууга карай Коммунисттик партиянын багытын ырааттуулук менен жүзөгө ашыруу». (КПССтин XXV съездинин материалдары, 185-бет).

10-б. ж-тын б. м. азыркы этаптагы КПССтин экономикалык жана социалдык саясатынын негизги багыттарынын бири-бирине байланыштуу экенин көрсөтөт, биздин коомдо социалдык проблемаларды чечүү боюнча чаралардын масштабдарын кеңейтүүгө, коомдук өндүрүштү андан ары өстүрүүгө, анын структурасын өркүндөтүүгө жана натыйжалуулугун жогорулатууга, биздин бүткүл иштин сапатын жаңы, өтө жогорку деңгээлге көтөрүүгө багыт берет.

Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде «экономиканын бардык тармактарын, ар бир министерство менен ишкананын ишин натыйжалуулукту жана сапатты чечкиндүү түрдө жогорулатууга багыттоо — бул, азыр эң маанилүү нерсе» экендигин белгилеген. (КПССтин XXV съездинин материалдары, «Кыргызстан» басмасы, 51-бет).

10-б. ж-тын б. м. КПССтин XXV съезди тарабынан «СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттары» деген документте белгиленген бардык чаралардын жана СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн мамлекеттик беш жылдык планы жөнүндө Закондо каралган тапшырмалардын багытын белгилейт.

**ӨЗДҮК КӨМӨКЧҮ ЧАРБА** — социализм учурундагы өздүк менчиктин бир түрү, короо участокторундагы жерди жекече пайдалануу аркылуу жүргүзүлөт.

Социализмдин өнүгүшүнүн азыркы баскычында Ө. к. ч., бөтөнчө колхозчуларда, объективдүү түрдөгү зарыл нерсе. Совхоздор менен колхоздор азырынча өзүнүн калкын бир катар продуктыларды керектөөлөрүн толук канааттандыра албай жатат. КПССтин XXV съездинин документтеринде партиянын Ө. к. ч-га карата саясаты мындайча түрдө формулировкаланган «Колхоздор жана совхоздор айыл-кыштактарда жашагандарга жеке көмөкчү чарбаны жүргүзүүдө зарыл көмөк көрсөтүшсүн» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 241-бет). Жумушчулар менен кызматчылардын жемиш багы шериктештиктерин уюштурууга жана алардын иштерин жакшыртууга көмөк көрсөтүү да каралган (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 261-бет).

**ӨЗДҮК НАРК** — продукцияны өндүрүүгө жана реализациялоого ишкананын (бирикмелердин) сарптоолорунун акчалай формада көрүнүшү.

Ө. н. сырьёну, материалдарды, отунду, электр энергиясын сарптоолорду, машиналарды, жабдууларды, имараттарды, курулуштарды амортизациялоону; социалдык камсыздандыруу фондусуна чегерүү менен кызмат акыны жана продукцияны реализациялоого кеткен чыгымдарды кучагына алат. Ө. н. көрсөткүчү социалисттик өндүрүштү өнүктүрүүдө жана уюштурууда, чарбалык эсепти ишке ашырууда маанилүү роль ойнойт. Ө. н. техникалык прогрессти стимулдаштырууну жана жаңы техниканын экономикалык натыйжалуулугун жогорулатуунун рычагы катары пайдаланылат. Бааны коомдук зарыл сарптоолорго ылайык белгилөө менен, мамлекет өндүрүш чыгымдарын төмөндөтүү, өндүрүш каражаттарын жана иш убактысын үнөмдүү сарптоо үчүн күрөштү стимулдаштырат. Ө. н-ты төмөндөтүү коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн көрүнүшү болуп саналат. Азыркы убакта эл чарбасында дүң коомдук продуктанын өздүк наркын 1 процент төмөндөтүү 3 млрд. сомдон ашыкты түзөт.

КПССтин XXV съездинин материалдарында жана СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн планында Ө. н-ты төмөндөтүү боюнча конкреттүү милдеттер коюлуп, негизги жолдору белгиленген. (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 198—199-беттер). Ар бир ишканада (бирикмеде) эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу ошол милдеттердин башкысы болуп саналат.



**ӨНДҮРГҮЧ КҮЧТӨРДҮ РАЦИОНАЛДУУ ЖАЙГАШТЫРУУ** — өндүргүч күчтөрдү административдик жана ири экономикалык райондор боюнча территориялык бөлүштүрүү, өтө чоң өндүрүштүк натыйжаларды камсыз кылууга жетишүү жана социалдык-экономикалык проблемаларды чечүү (маселен, өлкөнүн ар түрдүү райондорунун экономикалык жана маданий өнүгүү деңгээлдерин теңештирүү) болуп саналат. Коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү мезгилин да өндүргүч күчтөрдү жайгаштыруунун негизги принциптери КПССтин Программасында баяндалган.

Өлкөнүн Ө. к. р. ж. — социалисттик эл чарбасын пландаштыруунун жана уюштуруунун маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат. 1918-ж. эле В. И. Ленин «сырьёлордун жакындыгын... мүмкүн болушунча эмгекти эң аз сарп кылуу жагын көздөп Россияда өнөр жайды рационалдуу түрдө жайгаштыруу (Чыгармалар, кыргызча басылышы, 27-том, 339-бет) зарылчылыгын көрсөткөн.

10-беш жылдыкта территориялык пропорцияларды өркүндөтүүгө, коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуунун маанилүү фактору болуп эсептелген өндүргүч күчтөрдү жайгаштырууну жакшыртууга чоң көңүл бөлүнөт. Энергетикалык ресурстардын негизги өсүштөрү Сибирдин жана Казакстандын райондоруна которуштурула тургандыгын эске алуу менен, өнөр жайдын энергия сыйымдуу тармактарын өнүктүрүүнүн башкы базасы катарында бул райондордун мааниси күчөйт. 10-беш жылдыкта нефти жана газ алуунун бүткүл өсүшү, көмүр казып алуунун 90 проценттен ашыгы Уралдан чыгышта-

гы райондорго туура келет. СССРдин европалык бөлүгүнүн райондорунда жана Уралда иштеп жаткан ишканаларды техникалык кайра куралдандыруу жана реконструкциялоо өнөр жайын өнүктүрүүнүн башкы багыты болот.

КПССтин XXV съездинин материалдарында мындай деп да белгиленген: «СССРдин бирдиктүү чарбасынын рамкаларында онунчу беш жылдыкта биздин өлкөбүздүн союздук республикалары менен райондорунун ортосундагы экономикалык байланыштар бир кыйла бекемделет, эмгектин территориялык бөлүнүшүнүн натыйжалуулугу өсөт, ар бир республиканын, ар бир райондун жалпы мамлекеттик милдеттерди чечүүгө салымы жогорулайт...

Биздин пландуу социалисттик экономикабыздын биримдигинин жана республикалардын кеңири көлөмдүү демилгесинин негизинде... өнүктүрүүнүн деңгээлдерин мындан ары теңештирүү улантылат» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 177-бет). Бүткүл өлкөнүн чегинде түзүлгөн бирдиктүү чарбалык организм биздин элдердин достугунун жана кызматташтыгынын бекем материалдык негизи болуп калды, деп белгиленген «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомдо.

**ӨНДҮРҮШТҮ АДИСТЕШТИРҮҮ ЖАНА КООПЕРАТИВДЕШТИРҮҮ** — эмгектин коомдук бөлүнүшү менен өндүрүштү уюштуруунун өз ара байланышкан формалары. Өндүрүштү адистештирүү бир түрдүү продукцияны өндүрүүнү айрым ишканаларда, цехтерде, участоктордо топтоштуруу дегендикке жатат. Өндүрүштү кооперациялоо — белгилүү продукцияны биргелешип даярдоочу ишканалардын өндүрүштүк байланыш формасы. Кооперативдештирүүнүн өнүгүшү, адистештирүүнүн жана топтоштуруунун өсүшү сыяктуу эле, аны коомдоштуруу процессинин күчөгөндүгү жөнүндө далил болот. КПССтин Программасында мындай деп жазылган: «Тармакташ ишканаларды адистештирүүнү жана кооперативдештирүүнү өнүктүрүү, ошондой эле максатка ылайыктуу түрдө комбинациялаштыруу — техникалык прогресстин жана коомдук эмгекти рационалдуу түрдө уюштуруунун эң маанилүү шарттарынын бири» (КПССтин Программасы, 78-бет).

Ө. а. ж. к.— эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн факторлорунун бири. Социализм шарттарында өндүрүштү адистештирүү жана кооперациялоо менен байланышкан өндүрүш процессинин рационалдуу коомдук комбинациясын түзүү мүмкүнчүлүгү болот. Илимий-техникалык прогресс өнөр жайында да, айыл чарбасында да өндүрүштү адистештирүүнүн жана кооперациялоонун деңгээлин жогорулатууга, аны топтоштурууну күчөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Өндүрүштүк, илимий-өндүрүштүк, агрардык-өнөр жайлык комплекстердин бирикмелерин түзүү — Ө. а. ж. к-нүн мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу боюнча конкреттүү чаралар болуп саналат.

КПССтин XXV съездинин



материалдарында бул багытта мындан аркы көрүлүүчү чаралар: өнөр жайында өндүрүштүк бирикмелерди түзүүнү аяктоо, айыл чарбасында чарбалар аралык кеңири кооперативдештирүүнү жана агрардык өнөр жайлык интеграцияны камсыз кылуу жана бул негизде ири адистештирилген ишканаларды жана бирикмелерди түзүү белгиленген (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 154-бет).

**ӨНДҮРҮШТҮК АЙЛАНМА ФОНДУЛАР** — к. *Ишкананын өндүрүштүк фондулары.*

**ӨНДҮРҮШТҮК ЖАНА ИЛИМИЙ-ӨНДҮРҮШТҮК БИРИКМЕЛЕР** — бирдиктүү өндүрүштүк-чарбалык комплекстер, аларда илим менен өндүрүш органикалык түрдө кошулуп, адистештирүү жана кооперативдештирүү кеңири өнүктүрүлгөн. Алар КПССтин XXV съездинин материалдарында өндүрүштү башкаруудагы сапаттык жаңы көрүнүш катары белгиленген. Бирикмелерди түзүү жана алардын иши илимий-техникалык прогрессти тездетүүгө, өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган.

Ө. ж. и.-ө. б-дин составына өз алдынчалыгын жоготушкан фабрикалар, заводдор, илимий-изилдөө, долбоорлоо-конструктордук, технологиялык ж. б. уюмдар кирет. Өндүрүштүк бирикмени башкаруу башкы ишкананын аппараты же башкарманын өз алдынча аппараты тарабынан ишке ашырылат. Өндүрүштүк бирикме (комбинат) жөнүндө жана илимий-өндүрүштүк бирикме жөнүндө Жоболор бекитилген.



Илимий-өндүрүштүк бирикмеде башкысынын функциясын илимий-изилдөө уюму ишке ашырат; анын иши илимий изилдөөнү, долбоорлоону, тажрыйба үлгүлөрүн даярдоону жана серияга чыгарууну бириктирет, мунун илимий-техникалык прогрессти тездетүү үчүн чоң мааниси бар.

1977-жылдын башталышында 3,3 миң өндүрүштүк жана илимий-өндүрүштүк бирикмелер иштеген, реализациялоонун көлөмү боюнча өнөр жай продукциясында алардын үлүшү 40 процентти түзгөн. 10-беш жылдыкта өнөр жайында өндүрүштүк бирикмелерди түзүүнү аяктоо, ири адистешкен курулуш-монтаж бирикмелерин түзүү каралган. Бирикмелер эл чарбасынын башка тармактарында да өнүктүрүлөт. «Өнөр жайында өндүрүштүк бирикмелерди түзүү, курулуш-монтаждоо уюмдарын ирилештирүү, айыл чарбасында чарбалар аралык кооперациялоо жана агрардык-өнөр жайлык интеграция экономиканын өнүгүшүнүн азыркы кездеги этабынын бөтөнчөлүктөрүнө ылайык келет жана эл чарбасы менен башкаруунун уюштуруу структурасын жакшыртат» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 154-бет). Бирикмени түзүү — бүткүл чарбалык механизмди өркүндөтүүнүн маанилүү шарты.

**ӨНДҮРҮШТҮ КОМПЛЕКСТҮҮ МЕХАНИЗАЦИЯЛОО ЖАНА АВТОМАТТАШТЫРУУ** — СССРдин эл чарбасынын коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууну, анын шарттарын жакшыртууну камсыз кылуучу тармакта-

рындагы техникалык прогресстин негизги багыттары.

Өндүрүштү комплекстүү механизациялоо — механизациянын технологиялык процесстин бардык негизги гана эмес, ошондой эле көмөкчү операциялары да механизацияланган баскычы болуп саналат.

Өндүрүш процессинин бардык звенолорун Ө. к. м. өндүрүштү автоматташтыруу үчүн өбөлгөлөрдү түзөт.

Өндүрүштү автоматташтыруу — бардык негизги жана көмөкчү өндүрүштүк операцияларды кызматкердин түздөн-түз катышуусуз, бирок анын контролдугу астында аткаруучу машиналардын жана техникалык устройстволордун системасын киргизүү менен мүнөздөлүүчү машина өндүрүшүн өнүктүрүүнүн багыты болуп саналат.

Ө. а. комплекстүү механизация менен катар — коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүнүн генералдык багыттарынын бири болуп эсептелет. Ө. а. техникалык-экономикалык жогорку натыйжалуулукту камсыз кылуучу цехтерди жана ишкана-автоматтарды түзүү боюнча жумуштар СССРдин эл чарбасынын бардык тармактарында ырааттуу жүргүзүлүп турат.

Өлкөнүн өнөр жайында 1975-жылы 1965-жыл менен салыштырганда (тийиштүү түрдө): ишканаларда 114,1 миң (42,9 миң) механизацияланган поточтук линиялар; 17,1 миң (6 миң) автоматтык линиялар; 66,2 миң (22,4 миң) комплекстүү-механизацияланган жана автоматташтырылган участок-тор, цехтер, өндүрүштөр; 5,4 миң (1,9 миң) комплекстүү-механизацияланган жана автоматташтырылган ишканалар иштеген.

КПССтин XXV съезди айрым машиналарды жана технологиялык процесстерди түзүүдөн жана киргизүүдөн өндүрүштүн бардык процесстерин, бөтөнчө көмөкчү транспорт жана склад операцияларын механизациялоону жана автоматташтырууну камсыз кылуучу машиналардын жана жабдуулардын, приборлордун жана технологиялык процесстердин жогору натыйжалуу системаларын иштеп чыгууга, өндүрүүгө жана массалык түрдө колдонууга өтүүнү ырааттуу турмушка ашырууну белгиледи.

**ӨНДҮРҮШТҮК КУБАТТАР** — негизги өндүрүштүк фондуларды оптималдуу шарттарда иштетип, аларды толук пайдалануу менен тийиштүү сапаттагы жана ассортименттеги продукцияны чыгарууга тармактын, ишкананын, цехтин, агрегаттын максималдуу жөндөмдүүлүгү (мүмкүндүгү).

Ө. к. аларды туура белгиленген убакта пландаштыруунун жана ишканалардын ишин баалоонун ишенимдүү ориентири болуп калат. Пландарда кубаттарды өстүрүү жана аларды мыкты пайдалануу боюнча тапшырма белгиленет. Ө. к. чоңдугу биринчи кезекте негизги фондулардын жөндөмдүүлүгүнө жана аларды пайдалануунун даражасына байланыштуу болот.

Жабдууларды толук пайдалануу, жаңы техниканы жана технологияны киргизүү, иштеп жаткан жабдууларды модернизациялоо, эмгекти уюштурууну өркүндөтүү, өндүрүштүк аянтты рационалдуу пайдалануу Ө. к. пайдаланууну жакшыртуунун жолдору болуп саналат.

Партиянын XXV съезди Ө. к-ды пайдаланууну жакшыртуунун: фондуларды пайдалануунун деңгээлин жогорулатуу, эл чарбасынын тармактарында, ишканаларда жана уюмдарда фондунун кайтарылышын жогорулатууга багытталган чаралардын комплексин иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча; биринчи кезекте ишканаларды техникалык кайра куралдандыруу, жабдууларды модернизациялоо жана аз сарптоолорду жумшоо менен өтө кыска мөөнөттө жогору сапаттагы продукцияны чыгарууну көбөйтүү максаттарында уюштуруу-техникалык чараларды өткөрүүнүн, моралдык эскирген техниканы алмаштырууну тездетүүнүн эсебинен өндүрүштүк кубаттардын өсүшүн камсыз кылуу боюнча кеңири конкреттүү программасын белгиледи. Ошону менен катар машиналардын жана жабдуулардын ишинин сменддүүлүгүн жогорулатуу, айыл чарба техникасын өтө натыйжалуу пайдалануу, курулушту мыкты уюштуруу жана ритмдүүлүгү боюнча милдеттер коюлган. Өлкөдө: «Жаңы объектилердин бардыгы — толук кубатына чыгарылсын!» деген мелдеш барган сайын кеңири кулач жайып жатат.

**ӨНДҮРҮШТҮН РЕЗЕРВДЕРИ** — өндүрүштүн потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы, аларды пайдалануу продукцияны кошумча түрдө чыгарууга жана өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет.

Ө. р-н мобилизациялоо анын өнүгүшүнүн өтө үнөмдүү жолу болуп эсептелет жана өндүрүштүн өсүшүнүн жогорку темптерин, чыгарылуучу продукциянын өздүк наркын төмөндөтүүнү камсыз кылат. Башкаруунун экономикалык методдору Ө. р-н мобилизациялоону тездетүүдө бир кыйла роль ойнойт. Партиянын XXV съездинин материалдарында Ө. р-нин эки деңгээли аталган: бүтүндөй алганда эл чарбасынын резервдери — бул илимий-техникалык прогресске, эл чарбасынын структурасын өркүндөтүүгө, өндүрүштүк фондуларды, эмгек ресурстарын эң толук пайдаланууга жана капиталдык курулушту, бүткүл иштин сапатын жакшыртууга боло турган резервдер; иш убактысын коромжуга учуратууну, жабдуулардын токтоп калышын жоюу, иштеги ритмдүү эместикти четтетүү, сырьёлорду жана материалдарды, отунду жана электр энергиясын үнөмдөө, техникага, станокторго жана жабдууларга, тракторлорго, комбайндарга, автомашиналарга ж. б. сарамжал мамиле кылуу жолу менен аракетке келтирүүчү ар бир колхоздогу жана совхоздогу резервдер (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 53—54—196-беттер).

**ӨНДҮРҮШТҮ ӨНҮКТҮРҮҮ ФОНДУСУ** — к. *Экономикалык стимулдаштыруу фондулары.*

**ӨНДҮРҮШТҮ УРГААЛДАШТЫРУУ** — коомдук өндүрүштү өнүктүрүүнүн багыты, анда

өндүрүштү өстүрүү, улуттук кирешени көбөйтүү биринчи кезекте сапаттык өзгөрүүлөрдүн эсебинен: коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгүн бир кыйла жогорулатуунун, сырьё менен материалдарды үнөмдөөнүн, өндүрүштүк фондуларды пайдаланууну жакшыртуунун, капиталдык салымдардын натыйжалуулугун жогорулатуунун, өндүрүштү илимий уюштурууну жана эл чарбасын башкаруу методдорун өркүндөтүүнүн эсебинен болуп өтөт.

Ө. у.— анын натыйжалуулугун жогорулатуунун маанилүү шарты. Партия Ө. у-ну биздин экономикалык өсүшүбүздүн негизги булагына айландыруу милдетин койду. «Азыр башкы милдет — бул багытты чукулунан өзгөртүп, чарба жүргүзүүнүн интенсивдүү методдоруна таянып, ошону менен экономиканын натыйжалуулугун олуттуу жогорулатууну камсыз кылуу. Сөз эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу жана илимий-техникалык прогрессти тездетүү жолу менен, иштеп жаткан өндүрүштүк кубаттуулуктарды абдан толук пайдалануу жолу менен, чарбага жумшалган ар бир сомдон, пайдаланылган ар бир тонна металлдан, отундан, цементтен, жер семирткичтерден алынган пайданы жогорулатуу жолу менен экономикалык өсүштү уламдан-улам көбөйтө берүүнү камсыз кылуу жөнүндө болуп жатат». (*Л. И. Брежнев.* Лениндик жол менен. Сүйлөгөн сөздөрү жана макалалары, 4-том, 108-бет).

9-беш жылдыкта бул милдетти чечүүдө белгилүү ийгиликтерге жетишилди. Маселен, эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн эсебинен өнөр жайында продукциянын өсүшүнүн 84 проценти, курулушта — 78 проценти, айыл чарбасында — бүткүл өсүш алынган болучу. 10-беш жылдыкта Ө. у. факторлору андан да чоң даражада пайдаланылууга тийиш.

КПССтин XXV съезди эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнү тездетүүнү, мунун эсебинен улуттук кирешени өндүрүүнү өстүрүүнүн 85—90 процентин, өнөр жай продукциясынын өсүшүнүн болжол менен 90 процентин, айыл чарба продукциясынын, курулуш-монтаж жумуштарынын бардык өсүшүн жана темир жол транспортунда жүк ташуунун көлөмүнүн өсүшүнүн кеминде 95 процентин камсыз кылууну белгилеген. Продукциянын материал сыйымдуулугун төмөндөтүү жана жабдууларды пайдаланууну жакшыртуу боюнча жогорулатылган тапшырмалар белгиленген.

Ө. у. багыт КПССтин XXV съезди тарабынан белгиленген партиянын техникалык жана экономикалык саясатынын бардык маанилүү багыттарынын мазмунун түзөт. Бул — илимий-техникалык прогрессти тездетүү, иштеп жаткан ишканаларды техникалык кайра куралдандыруунун масштабдарын кеңейтүү, негизги фондуларды, эмгек жана материалдык ресурстарды пайдалануунун деңгээлин жогорулатуу болуп саналат. Эл чарбасын пландаштырууну жана башкарууну, өндүрүштү жана эмгекти, социалисттик мелдешти уюштурууну андан ары өркүндөтүү Ө. у-ну камсыз кылууга багытталган.



Совет адамдары Ө. у. күчөтүү — бул экономикалык өсүштү тездетүү, элдин жыргалчылыгын жогорулатуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр болуп эсептеле тургандыгын терең сезип түшүнүшөт, ошондуктан алар партия тарабынан коюлган милдеттерди орундатууга умтулуп жатышат.

**ӨНҮККӨН СОЦИАЛИЗМДИН ЭКОНОМИКАСЫ** — СССРдин эл чарбасынын өнүгүшүнүн азыркы этабы, ал өндүргүч күчтөрдүн жана тийиштүү өндүрүштүк мамилелердин өнүгүшүнүн жогорку деңгээли, коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү милдеттерин түздөн-түз чечүүгө, эмгекчилердин жыргалчылыгын тынымсыз өстүрүүнү камсыз кылууга, капитализм менен мелдеште маанилүү ийгиликтерге жетишүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү өндүрүштүн сапаттык жаңы деңгээли жана масштабдары менен мүнөздөлөт.

Ө. с. э.— бул партия тарабынан иштелип чыгылган, фундаменталдуу, узак мөөнөттүү максаттарга жетишүүгө багытталган экономикалык стратегияны ишке ашыруу болуп саналат.

9-беш жылдыктын аягында өлкөнүн негизги өндүрүштүк фондулары 1940-жыл менен салыштырганда 11 эсе көбөйдү, 1975-жылы капиталдык салымдардын көлөмү 1940-жылдагы салымдардан 17,7 эсе ашып кетти; коомдук дүң продукциянын жана улуттук кирешенин көлөмү 11 эсе көбөйдү. Айыл чарбасынын дүң продукциясы 2,3 эсе өстү. Дүйнөлүк экономикадагы биздин өлкөнүн абалы бир кыйла өзгөрдү. Эгерде 1941-жылы Совет Союзу дүйнөлүк өнөр жай продукциясынын 10 процентке жакынын өндүргөн болсо, 9-беш жылдыктын аягына карата анын үлүшү дүйнөлүк өнөр жай өндүрүшүнүн бештен бирине чейин жогорулады. СССРдин экономикасы өлкөнүн территориясындагы коомдук өндүрүштүн, бөлүштүрүүнүн жана алмашуунун бардык звенолорун кучагына алган бирдиктүү эл чарба комплексине айланды; элдин жыргалчылыгын жогорулатуу менен байланышкан көп кырдуу маселелерди чечүүгө экономиканын терең бурулушун ишке ашыруу менен, комплексте өндүрүштүк жана социалдык проблемаларды чечүү мүмкүн жана зарыл болуп калды. (к. *Тогузунчу беш жылдыктын жыйынтыктары*).

Өнүккөн социализм коммунисттик формациянын негизги экономикалык законунун аракеттенүүчү чөйрөсүн бир кыйла кеңейтет, «жаңы адамдын калыптанышына, адамдын керт башынын ар тараптан өнүгүшүнө, турмуштун социалисттик образын өркүндөтүүгө жардам берет» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 48—49-беттер). Бир тараптан, экономиканы өстүрүүнүн негизинде бул үчүн мүмкүнчүлүктөр кеңейди. «Түзүүгө жарым кылым дээрлик убакыт кеткенге барабар келген экономикалык потенциалды биз бар болгону он жылда гана түздүк» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 43-бет). Экинчи тараптан, социалдык өнүгүү жана элдин жыргалчылыгын жогорулатуу өндүрүштү, анын натыйжалуулугун андан ары өс-

түрүүнүн маанилүү өбөлгөсү болуп саналат. (к. *Өнүккөн социалисттик коом*).

**ПАЙДА** — материалдык өндүрүштүн чөйрөсүндө социалисттик ишканалардын кызматкерлеринин эмгеги менен түзүлгүчү таза кирешенин бөлүгү. Сандык көрсөткүч менен алганда — бул реализацияланган продукциянын дүң баасы (айлануудан налогду алып таштаганда) менен анын өздүк наркынын ортосундагы айырма. Ишкананын П-сын эске алуу менен анын рентабелдүүлүгү белгиленет. Социалисттик коомдо П.— натыйжалуулуктун көрсөткүчү, ишкананын чарбалык эсеп фондуларынын негизги булагы, ошондой эле мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин булагы.

Социалисттик коом П-ны көбөйтүүгө кызыгат. Ал коомдук өндүрүштү кеңейтүүнүн маанилүү булагы болуп кызмат кылат, эл чарбасындагы резервдерди жана керектөөнүн коомдук фондуларын көбөйтүүгө, өндүрүштүк эмес чөйрөнү өнүктүрүүгө пайдаланылат. Булардын бардыгы акыр аягында элдин жыргалчылыгын жогорулатуу үчүн пайдаланылат.

Эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу жана бул негизде өндүрүш чыгымдарын төмөндөтүү П-нын өсүшүнүн башкы фактору болуп эсептелет. Продукциянын өздүк наркы, анын ассортименти, дүң бааларынын деңгээли ж. б. П. өлчөмүнө таасир көрсөтөт. Социалисттик коом негизинен продукциянын өздүк наркын төмөндөтүүнүн, ишкананын чарбалык иштеринин бардык тараптарын жакшыртуунун эсебинен жетишүү менен П-ны көбөйтүүгө кызыгат.

XXV съезддин материалдарында «эл чарбасына пландуу жетекчилик кылууда экономикалык рычагдардын ролунун күчөтүлүшү кийинки жылдардын ичинде ишканалар менен бирикмелердин өндүрүштүк ресурстарды жакшылап пайдаланууга жана рентабелдүүлүктү өстүрүүгө кызыгуусун бир топ күчөткөндүгү белгиленген. 9-беш жылдыктын жылдарында 500 млрд. сомго жакын пайда алынган болучу, бул 8-беш жылдыктагыдан 1,5 эсе көп (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 132-бет). Ошону менен катар рентабелдүүлүктүн көрсөткүчтөрү жалпысынан жакшырганы менен зыян чеккен ишканалардын жана продукциянын айрым түрлөрүнүн саны али көп. 1975-жылы өнөр жайында ишканалардын 18 проценти П. алуу боюнча планды орундаткан эмес.

Бүткүл чарбалык иштин натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берүүчү бир катар конкреттүү чаралар белгиленген. Бул — эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, өндүрүштүк кубаттарды тезинен өздөштүрүү, иштеп жаткан жабдууларды пайдаланууну жакшыртуу, жаңы техниканы киргизүү, сырьё менен материалдарды үнөмдөө, продукциянын сапатын жогорулатуу болуп саналат. (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 154-бет).

СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн Мамлекеттик планында беш жылдын ичинде өнөр жайлык иштен П. 74 процент



көбөйтүү каралган. (к. *Рентабелдүүлүк*).

**ПЕНСИЯ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ** (СССРде) — карыган жана эмгекке жараксыз граждандарды коомдун каражаттарынын эсебинен материалдык камсыз кылуунун негизги формасы. СССРде жумушчулар, кызматчылар жана колхоздор үчүн пенсиялык курак: эркектерге — 60 жаш, аялдарга — 55 жаш белгиленген. Жер алдындагы жумуштарда, ысык цехтерде, жана да эмгек шарттары оор башка жумуштарда иштегендер үчүн, беш жана андан көп бала төрөп, аларды сегиз жашка чейин тарбиялаган аялдар үчүн пенсиялык курак 5—10 жылга төмөн белгиленген.

1977-жылдын башталышында СССРде 46,0 млн. пенсионерлер, алардын ичинде 12 миллион пенсионер-колхозчу болгон. 9-беш жылдыкта КПССтин XXIV съездинин Директиваларына ылайык жумушчулардын, кызматчылардын жана колхозчулардын карылыгы боюнча алуучу пенсияларынын минималдуу көлөмдөрү жогорулатылган болучу. Колхозчуларга жумушчулар, кызматчылар жана алардын үй-бүлөлөрү үчүн белгиленген пенсияларды чегерүү шарттары таркатылган. Инвалиддерди жана багуучусунан айрылган үй-бүлөлөрдү пенсия менен камсыз кылуу жакшыртылып; Улуу Ата Мекендик согуштун инвалиддерине жана курман болгон аскер кызматчыларынын үй-бүлөлөрүнө кошумча жеңилдиктер белгиленген.

КПССтин XXV съезди 10-беш жылдыкта жумушчуларга, кызматчыларга жана колхозчуларга бериле турган пенсиялардын минималдуу өлчөмдөрүн жогорулатууну; зарыл эмгек стажылары бар колхоздордун мурдагы мүчөлөрүнө пенсияларды белгилөөнү; колхозчулардын арасынан чыккан 1-группадагы инвалиддердин пенсиясына кошумчаларды киргизүүнү; көп балалуу энелерди пенсия менен камсыз кылуу боюнча жеңилдиктерди кеңейтүүнү; бала чагынан тартып инвалиддүүлүгү боюнча берилүүчү жардамдардын өлчөмүн жогорулатууну жана аны баланын жашына карабастан төлөөнү; инвалиддер жана улгайып калган адамдар үчүн интернат-үйлөрдүн тармагын көбөйтүүнү ж. б. белгиледи. (КПССтин XXV съездинин материалдары, 255—258-беттер).

**ПЛАНДАГЫ ТАПШЫРМАЛАР** — жогору турган органдын директивалары, алардын негизинде ишканалардын (бирикмелердин) пландары иштелип чыгат.

П. т-дын берилиши:

— өндүрүш боюнча (реализациялануучу продукциянын жалпы көлөмү, негизги номенклатура жана анын сапатынын көрсөткүчтөрү, жаңы продукциянын салыштырма салмагы);

— эмгек боюнча (кызмат акынын жалпы фондусу, эмгек өндүрүмдүүлүгү);

— финансылар боюнча (пайданын суммасы, рентабелдүүлүктүн деңгээли, бюджетке төлөөлөр жана бюджеттен бөлүп берүүлөр, кээ бир ишканаларга рентабелдүүлүктүн ордуна өздүк наркты төмөндөтүү боюнча тапшырмалар);

— капиталдык курулуш боюнча (мамлекеттик капиталдык салымдардын көлөмү, негизги фондуларды ишке киргизүү);

— техникалык прогресстин жетишкендиктерин киргизүү боюнча;

— материалдык-техникалык жабдуу боюнча (сырьё, материалдарды, жабдууларды берүүнүн көлөмү).

Ишканалардын планынын борбордошкон көрсөткүчтөрүн белгилөөдө өндүрүлүүчү продукциянын мүнөзүнөн, техниканын жана материалдык камсыз кылуунун бөтөнчөлүктөрүнөн келип чыккан кээ бир айырмалар болот. Планды эсептеп негиздөө үчүн калган көрсөткүчтөрдүн бардыгы ишкана (бирикме) тарабынан иштелип чыгат. Пландын эсептик көрсөткүчтөрү директивалык көрсөткүчтөр менен органикалык бирдикте болуп, алардын орундалышын камсыз кылууга тийиш.

П. т. системасы борбордоштурулган пландаштырууну ишканалардын (бирикмелердин) коллективдеринин кеңири чарбалык демилгеси менен туура айкалыштырууну камсыз кылып, КПССтин съезддери, партиянын жана өкмөттүн документтери тарабынан белгиленген багыттын негизинде дайыма өркүндөтүлүп турат.

**ПРОДУКЦИЯНЫН САПАТЫ** — продукциянын керектөөчү касиеттеринин жыйындысы, эл чарбасынын же калктын керектөөлөрүн канааттандырууга анын жарактуулугу болуп саналат.

П. с-н жогорулатуу коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугунун, элдин жыргалчылыгынын өсүшүнүн маанилүү фактору болуп эсептелет. Л. И. Брежнев XXV съездде мындай деп белгилеген: «Сапат проблемасын биз өтө кеңири түшүнөбүз. Ал чарбалык иштердин бардык тараптарын кучагына алып турат. Жогорку сапат — эмгек менен материалдык ресурстарды үнөмдөгөндүк, экспорттук мүмкүндүктөрдүн өсүшү, ал эми акыр аягында коомдун керектөөлөрүн мыкты, алда канча толук канааттандыруу болот. Мына ошондуктан продукциянын сапатын жогорулатууга пландаштыруунун жана башкаруунун бүткүл механизми, материалдык жана моралдык кызыктыруунун бүткүл системасы, инженерлер менен конструкторлордун күч-аракеттери, жумушчулардын устаттыгы багытталууга тийиш» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 53—54-беттер).

П. с. бир катар көрсөткүчтөр: машиналардын, жабдуулардын, приборлордун узакка чыдамдуулугу; алардын бышыктыгы, бекемдиги, туруктуулугу, өндүрүмдүүлүгү менен; эмгек буюмдарынын физикалык-химиялык жана эксплуатациялык касиеттери; керектөө буюмдарынын бышыктыгы, эстетикалык касиеттери ж. б. менен ченелет. Стандарттар боюнча Мамлекеттик комитет тарабынан бекитилген Мамлекеттик стандарт (ГОСТ) жана министерстволор менен ведомстволор тарабынан бекитилген техникалык шарттар (тармактык стандарттар) П. с-н баалай турган ченем болуп саналат.



Белгиленген тартип боюнча ар беш жылда, эреже катарында бардык стандарттарды жана техникалык шарттарды кайра кароо жана жаңыртуу өткөрүлүп турат.

1972-жылдан тартып өлкөдө үч: жогорку, биринчи жана экинчи категориялар боюнча буюмдардын сапатын аттестациялоонун (илимий негизделген баалоонун) бирдиктүү системасы киргизилген. Техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү ата-мекендик жана чет өлкөлүк практиканын мыкты жетишкендиктерине жооп берген жогорку категориянын буюмдарына мамлекеттик сапат Белгиси ыйгарылат. Тескерисинче, эгерде продукция экинчи категорияга ыйгарылса, анда ишкана аны өндүрүштөн алып таштоого же түп тамырынан тарта өркүндөтүүгө милдеттүү.

Продукциянын сапатын жогорулатуу 10-беш жылдыктын тапшырмаларын ийгиликтүү орундатуу үчүн бүткүл элдик социалисттик милдештин маанилүү багыттарынын бири болуп калды.

**РЕАЛДУУ КИРЕШЕЛЕР** — калк акчалай кирешелерге сатып алуу жолу менен, керектөөнүн коомдук фондуларынан, чекене бааларды жана колхоздук рыноктогу бааларды арзандатуудан, натуралай формада жеке көмөкчү чарбадан ж. б. ала турган материалдык, маданий байлыктардын саны.

Р. к-дин эсеби белгилүү мөөнөт үчүн (маселен, бир жылга) бир кызматкерге (жумушчуга, кызматчыга, колхозчуга) жана калктын бир адамына салыштырма бааларда жүргүзүлөт. Р. к. өсүшү — совет элинин материалдык жана маданий деңгээлин жогорулатуунун көрсөткүчү, советтик экономиканын ийгиликтеринин көрсөткүчү жана совет адамдарынын жыргалчылыгы, экономикалык саясаттын жогорку максаты жөнүндө КПСС менен Совет өкмөтүнүн талыкпаган камкордугунун көрүнүшү болуп саналат.

1971—1975-жылдарда калктын ар бир адамына эсептегенде Р. к. 24 процент көбөйдү. Бул негизинен калктын акчалай кирешелеринин өсүшүнүн жана эл керектөөчү товарларды өндүрүү менен кызмат көрсөтүү чөйрөсүн кеңейтүүнүн эсебинен болгон. «Биздин өлкөбүздө реалдуу доход калктын ар бир кишисине чакканда болжол менен ар бир 15 жылда эки эсе көбөйүп турат,— деп белгиленген партиянын XXV съездинде.— Башка сөз менен айтканда, адамдын өмүрүнүн ичинде социалисттик коом керектөөнүн сапаттык жаңы деңгээлине бир нече жолу өтүп турат» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 114-бет). Өнөр жай жана курулуш жумушчуларынын реалдуу кирешелери 1913-жыл менен салыштырганда 10 эсе, дыйкандардыкы — 14 эсе көбөйдү.

1976—1980-жылдарда элдин жыргалчылыгын өстүрүүнүн бардык багыттары боюнча олуттуу түрдө алга жылуу каралган. Керектөөгө жана жыйноого пайдаланылуучу улуттук киреше 26 процент көбөйөт. Анын төрттөн үч бөлүгү керектөөгө пайдаланылат. Эгерде жыйноо фондусунан каражаттар түздөн-түз калктын керек-

төөсүн канааттандырууга (мектептерди, ооруканаларды, маданий-агартуу мекемелерин курууга) сарптала тургандыгын эске ала турган болсок, анда бул улуттук кирешенин 80 проценттен ашыгы болот. Калктын бир адамына эсептегенде Р. к. 21 процент, жумушчулардын жана кызматчылардын орточо кызмат акысы — 17 процентке жакын, коомдук чарбадан колхозчулардын кирешелери — 26 процент, керектөөнүн коомдук фондулары — 30 процент өсөт. 10-беш жылдыкта зарыл шарттардын түзүлүшүнө жана товардык ресурстардын жыйналышына карай мамлекеттик чекене баалардын туруктуулугун камсыз кылууга, жана да айрым товарлардын бааларын арзандатууга алган багыт улантылат. Беш жылдын ичинде жалпы аянты 550 млн. ч. м. турак үйлөр ишке киргизилет. 10-беш жылдыктын программасында эмгек шарттарын жакшыртууга, анын чыгармачылык мүнөзүн күчөтүүгө, калктын ден соолугу жөнүндө камкордук көрүүгө, социалдык камсыздоого, эмгекчилердин маданий жана билим деңгээлин жогорулатууга чоң орун бөлүнөт. (к. *Чекене товар жүгүртүү. Социалдык камсыздоо. Кызмат акы. Колхозчулардын коомдук чарбадан алуучу кирешелери. Керектөөнүн коомдук фондулары*).

**РЕНТАБЕЛДҮҮЛҮК** — социалисттик ишкананын чарбалык эсеп иштеринин натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүнүн бири. Бул көрсөткүч ишкананын пайдалуулугунун, же кирешелүүлүгүнүн деңгээлин мүнөздөйт. Р. ишкананын пайдасынын анын негизги фондуларынын жана айланма каражаттарынын суммасына процент менен алынган катышы катарында чыгарылат. Р. ишканаларга мамлекеттик пландуу тапшырма катарында берилет, пайдадан өндүрүштү өнүктүрүү, материалдык кызыктыруу, социалдык-маданий чаралар жана турак-жай курулушу фондуларына чегерүүлөрдүн өлчөмү ал боюнча белгиленет.

Эл чарбасында Р. жылдан жылга өсүүдө. 1965-жылдан 1975-жылга чейин ал 13 төн 15,8 процентке чейин өстү, курулуш уюмдарынын Р. деңгээли 6,1ден 15,9 процентке чейин жогорулады.

Бирок, КПССтин XXV съездинде белгиленгендей, Р-түн көрсөткүчтөрү жалпысынан жакшырса да, зыян чеккен ишканалардын, жана да продукциялардын айрым түрлөрүнүн саны али көп болуп жатат. Өнөр жайында 1975-жылы ишканалардын 18 проценти пайда боюнча планды орундатышкан жок. (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 155-бет). Съезддин чечимдеринде бул көрсөткүчтү андан ары жакшыртуу боюнча чаралар белгиленген. (к. *Пайда. Өздүк нарк. Үнөм режими. Коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугу*).

Ишканалардын жана өндүрүш тармактарынын Р-гү эл чарбасын өнүктүрүү үчүн зор мааниге ээ болот. Берилген дүң бааларда ишканалардын Р-гү канчалык жогору болсо, коомдун кирешеси ошончолук көп болот, өлкөнүн эл чарбасын ар тараптан өнүктүрүү жана эмгекчилердин керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн мамлекеттин карамагындагы ресурстар ошончолук көп болот.



**РСФСРдин КАРА ТОПУРАКТУУ ЭМЕС ЗОНАСЫ** — Россия Федерациясынын 29 областын жана автономиялуу республикаларын кучагына алат (зонага Түндүк-Батыш, Борбордук, Волго-Вятский экономикалык райондорунун областтары жана автономиялуу республикалары, жана да Пермь, Свердлов, Калининград областтары жана Удмурт АССРи кирет). РСФСРдин К. т. э. з-унда 1976-жылдын башталышында 59 млн. адам жашап турган. Алардын ичинен 15 миллиону айылдык калк болгон (ал болсо зонанын бүткүл калкынын 25 процентин жана өлкөнүн айылдык калкынын 15 процентин түзөт).

К. т. э. з. — зор мүмкүнчүлүктөрдүн крайы, өлкөнүн ири өнөр жай, илимий жана айыл чарба району. Зонада Россия Федерациясынын өнөр жай ишканаларынын теңине жакыны жана колхоздору менен совхоздорунун үчтөн экиден ашыгы жайланышкан, сүттүн жана жумуртканын 40 проценти, эттин үчтөн бири, картошканын теңинен көбү, жашылчалардын 40 проценттен ашыгы жана Россия Федерациясынын дээрлик бүткүл зыгыры ушул зонада өндүрүлөт.

Жакынкы перспективада өлкөнүн индустриалдык, илимий-изилдөө, долбоорлоо-конструктордук, маданий жана айыл чарба базасы катарында К. т. э. з-нын ролу мындан дагы өсөт.

КПСС БКнын жана СССР Министрлер Советинин «РСФСРдин кара топурактуу эмес зонасынын айыл чарбасын мындан ары өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндөгү» токтомунда К. т. э. з-нын айыл чарбасын өнүктүрүүнүн жаңы кеңири перспективалары белгиленген (1974). КПСС БКнын жана СССР Министрлер Советинин токтомунда белгиленген К. т. э. з-нын айыл чарбасын өнүктүрүү программасын ишке ашыруу үчүн 10-беш жылдыкта 35 млрд. сом бөлүп берүү каралган. Бул өткөн үч беш жылдыкты бирге алган убакта зонанын айыл чарбасына канча каражат жумшалса, ошончо болуп эсептелет.

КПССтин XXV съезди РСФСРдин К. т. э. з. айыл чарбасын өнүктүрүүнүн жогорку темптерин камсыз кылууну жана айыл чарба өндүрүшүн интенсификациялоо боюнча чаралардын кеңири комплексин жүргүзүүнүн негизинде эгин, мал чарба-азык түлүктөрүн, зыгыр, картошка жана жашылча өндүрүүнү көбөйтүүнү белгиледи (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 265-бет).

**САПАТ БЕЛГИСИ** — СССРде жана чет өлкөдө жетишилген жогорку деңгээлге ылайык келген продукциянын сапатынын мамлекеттик күбөлүгү. 1967-жылдан тартып аттестациянын жүрүшүндө (сапатка илимий негизделген баа берүү менен) жогорку топко таандык кылынган өнөр жай продукциясына мамлекеттик С. б. берилет.

Мамлекеттик С. б. биринчи жолу Москвадагы Владимир Ильич атындагы завод тара-

бынан чыгарылуучу электр кыймылдаткычтарга берилген болучу. Керектөө буюмдарынын ичинен Купавинский фабрикасынын кездемелери жана «Рот фронт» кондитердик фабрикасынын продукциясы биринчилерден болуп С. б-не татыктуу болгон. 1977-жылдын 1-январына карата продукциялардын 34,5 миң ар кыл түрлөрүнүн С. б. болгон. 10-беш жылдыкта өндүрүштүн жалпы көлөмүндө С. б. бар продукциянын салыштырма салмагы 2 эседен ашык көбөйтүлүүгө тийиш.

С. б. аракет кылуу мөөнөтү эл керектөөчү товарлар боюнча эки жылга жана калган продукциялар боюнча — үч жылга чейин белгиленген. Бул мөөнөт өткөндөн кийин продукция жалпы тартипте аттестацияланат. Продукциянын сапаты начардап кеткен убакта тийиштүү министерство же стандарттардын Мамлекеттик комитети ишкананы бул белгини колдонуу укугунан мөөнөтүнөн мурда ажыратат.

С. б-н берүү — эмгек коллективдери үчүн чоң урмат, анын кызматын бүткүл элдик таануу, жакшы материалдык жана моралдык стимул болуп саналат. Министерстволор жана ведомстволор ишканаларга С. б-не татыктуу продукция өндүрүүнүн көлөмүн көбөйтүү боюнча тапшырмаларды белгилейт. Киргизилген тартипке ылайык мыкты керектөөчү касиеттери бар (биринчи кезекте С. б-не татыктуу болгон) жаңы продукцияларга белгилүү мөөнөткө жогорулатылган дүң баалар же аларды өндүрүүнү стимулдаштыруу үчүн бааларга убактылуу кошумчалар белгиленет.

**СОВЕТ ЭЛИНИН ЖЫРГАЛЧЫЛЫГЫ** — совет адамдарынын натуралдык жана нарктык көрсөткүчтөр системасы менен көрсөтүлгөн материалдык жана маданий-тиричилик керектөөлөрүн канааттандыруу деңгээли: эмгекчилердин реалдуу кирешелери; тамак-аш продуктылар, узак мөөнөткө пайдалануучу маданий-тиричилик буюмдар, кийим-кечек, бут кийим, турак жай, коммуналдык жана тиричилик кызматтар ж. б. менен совет адамдарынын камсыз болушу.

Бардык негизги көрсөткүчтөр абсолюттук маалыматтар менен да, ошондой эле калктын ар бир адамына да эсептелинет. КПССтин XXIV жана XXV съезддеринде совет элинин материалдык жана маданий керектөөлөрүн өтө толук канааттандыруу — партиянын экономикалык саясатынын жогорку максаты экендиги баса белгиленген болучу.

КПСС, Совет мамлекети С. э. ж-н жогорулатууга карата алган багытты турмушка ырааттуу ашырып жатышат. Бул коомдук өндүрүштү жана өндүрүштүк эмес чөйрөнү план ченемдүү жана динамикалуу өнүктүрүү, улуттук кирешелерди, жекече жана коомдук керектөө фондуларын өстүрүү, аларды бөлүштүрүүнү жана пайдаланууну өркүндөтүү менен камсыз кылынат.

КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда биздин өлкөдө өнөр жайында жана курулушта иштеген жумушчулардын



реалдуу кирешелери 1913-жылдагыга салыштырганда 10, дыйкандардын кирешелери—14 эсе көбөйгөндүгү белгиленген. Турак жай маданий-тиричилик курулушунун зор программасы ишке ашырылган.

КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин жана ВЦСПСтин «Жумушчулардын жана кызматчылардын минималдуу кызмат акыларын жогорулатуу менен бирге түздөн-түз эл чарбасынын тармактарында иштеген кызматкерлердин орточо акы төлөнүүчү категорияларынын ставкаларын көбөйтүү жөнүндө» токтому (1976) элдин жыргалчылыгы жөнүндөгү камкордуктун, партия тарабынан иштелип чыккан социалдык өнүктүрүү программасын практика жүзүндө турмушка ашыруунун жаңы көрүнүшү болду. Ал бардыгы болуп 31 млн. адамды кучагына алат. Мамлекеттин бул максаттарга сарптоолору 7 млрд. ашык сомду түзөт.

СССРде тамак-аш проблемасы ийгиликтүү чечилүүдө. Калктын ар бир адамына орто эсеп менен суткалык тамак рационунун факты жүзүндөгү калориялуулугу рационалдуу нормага — 3 миң калорияга жетти. Бирок бул рациондо мал чарба продуктыларынын үлүшү али жетишсиз болуп, нан продуктулары менен картошка өтө көптүк кылып жатат. 10-беш жылдыкта аш болумдуулук жагынан кыйла баалуу эт жана сүт продуктуларын, жашылчалар менен жемиштердин керектелишинин өсүшүнүн эсебинен совет адамдарынын тамак-аш структурасын андан ары жакшыртуу каралган.

Өлкөнүн калкын кийимдин ар кыл түрлөрүн, бут кийим, узак мөөнөткө пайдалануучу маданий-тиричилик буюмдары менен камсыз кылуу тез темптер менен өсүүдө.

1975-жылы 1965-жыл менен салыштырганда совет адамдарын камсыз кылуу: телевизорлор менен — 3 эсе, радиоприемниктер менен — 32 процент, муздаткычтар менен — 5,6 эсе, кир жуугуч машиналар менен — 3,1 эсе өскөн. 10-беш жылдыктын башталышына карата үй-бүлөлөрдүн 74 процентинин телевизорлору, 78 процентинин радиоприемниктери, 62 процентинин муздаткычтары, 65 процентинин кир жуугуч машиналары болгон.

10-беш жылдыкта реалдуу кирешелер 21 процент өскөн, керектөө буюмдарын чыгарууну 32 процент, маданий-тиричилик багытындагы жана чарба товарларын чыгарууну — 1,6 эсе, тиричилик кызматтарынын көлөмүн — 1,5 эсе, анын ичинде селодо — 1,7 эсе көбөйтүү белгиленген.

Биздин өлкөдө өзүнүн масштабдары боюнча зор турак-жай-коммуналдык курулуш программасы ишке ашырылып, үйлөрдүн жана квартиралардын сапаты, планировкасы жана комфортабелдүүлүгү ырааттуу жакшырууда.

С. э. ж-н андан ары жогорулатуу боюнча КПССтин XXV съезди тарабынан белгиленген программа өзүнүн кеңдиги, масштабдуулугу жана совет адамдарынын өсүп жаткан материалдык жана маданий-тиричилик керектөөлөрүн

өтө толук канааттандыруунун көп кырдуу милдеттерин чечүүгө комплекстүү мамиле жасашы менен айырмаланат. (к. *Калктын турмуш деңгээли. Эмгекчилердин реалдуу кирешелери, Керектөөнүн коомдук фондулары. Турак-жай курулушу. Эл керектөөчү товарлар. Тейлөө чөйрөсү*).

**СОВХОЗ** — айыл чарбасындагы мамлекеттик ишкана. 1977-жылдын башталышында өлкөдө 19,6 миң С. болгон. Айыл чарбасынын жалпы товардык продукциясын өндүрүүдө алардын үлүшү 1940-жылдагы 12 проценттен 1975-жылы 42 процентке чейин көбөйдү.

8-жана 9-беш жылдыктардын жылдарында С-дун өндүрүш фондулары бир кыйла өстү; дүң продукцияны өндүрүү 1965-жылдагы 16,9 млрд. сомдон 1975-жылы 28,6 млрд. сомго чейин көбөйдү.

Эмгекти продукциянын бирдигин өндүрүүгө сарптоо төмөндөдү, бул жөнүндө төмөндөгү таблицанын цифралары далил болот.

(ар центнерге жумшалган адам-сааты)

| | 1965-ж. | 1975-ж. |
|---|---|---|
| Эгин | 2,4 | 1,5 |
| Пахта | 31,0 | 27,0 |
| Картошка | 4,1 | 2,8 |
| Жашылча | 7,4 | 5,1 |
| Сүт | 11,0 | 8,0 |
| Салмак кошуу: | | |
| бодо мал | 55 | 45 |
| чочко | 34 | 21 |
| Жумуртка (миң даанага) | 18 | 5 |

10-беш жылдыкта накоплениени айыл чарбасынын, айыл чарба эмгегин индустриалдаштыруунун пайдасына олуттуу кайра бөлүштүрүү процесси продукциянын өздүк наркын төмөндөтүү жана рентабелдүүлүгүн жогорулатуу менен С-до продукция өндүрүүнү андан ары көбөйтүүгө жардам берет. (к. *КПССтин азыркы этаптагы агрардык саясаты*).

**СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДОО** — жумушчуларды жана кызматчыларды карыганда, ооруп жана инвалид болуп калганда материалдык камсыз кылуу боюнча социалисттик мамлекеттин чараларынын системасы. С. к. СССРде бул максаттарга эмгекчилердин өзүлөрү кошкон взносторусуз эле мамлекеттик жана коомдук каражаттардын эсебинен ишке ашырылат. Карыган, инвалид болгон, ооруган убактарда, баккан адамын жоготкон учурда, көп балалуу жана жалгыз бой энелерге, бала төрөлгөн убакта жана закондо каралган башка учурларда пенсиялар жана пособиелер түрүндө материалдык камсыздоолор берилет.

С. к. мамлекеттик социалдык камсыздандырууну жана пенсиялар менен пособиелерди ж. б. төлөө түрүндө жумушчулар менен кызматчыларды С. к-ну; колхоздордун кирешелеринен жана мамлекеттик бюджеттен жыл сайын чегерүүлөрдүн эсебинен түзүлүүчү бордоштурулган союздук фондудан колхозчуларды С. к-ну кучагына алат.

9-беш жылдыкта пенсияны, пособиени жана стипендияны көбөйтүүнүн эсебинен болжол



менен алганда 40 миллион кишинин кирешелери өстү (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 192-бет). 1977-жылдын башталышына карата 46,0 млн. адам пенсияларды жана пособиелерди алышкан.

Партиянын XXV съезди кеңири социалдык жаңы программаны иштеп чыкты. Ал С. к-ну андан ары өркүндөтүүнү камсыз кылат (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 142—143-беттер).

**СОЦИАЛДЫК - МАДАНИЙ ЧАРАЛАР ЖАНА ТУРАК ЖАЙ КУРУЛУШ ФОНДУСУ** — к. *Экономикалык стимулдаштыруу фондулары.*

**СОЦИАЛИЗМДИН КАПИТАЛИЗМ МЕНЕН ЭКОНОМИКАЛЫК МЕЛДЕШИ** — объективдүү тарыхый процесс, дүйнөлүк эки системанын тынчтыкта жанаша жашоо шарттарындагы материалдык өндүрүш чөйрөсүндөгү тап күрөшүнүн формасы. Өзүнүн экономикасын бүткүл коомдун таламдарында план ченемдүү өнүктүрүп жаткан жаңы, прогрессивдүү социалдык-экономикалык түзүлүштүн ийгиликтери дүйнөлүк революциячыл процесстин андан ары жайылышынын перспективаларын чечүүчү даражада аныктайт.

Чарбанын бири-бирине карама-каршы дүйнөлүк эки системасынын тынчтыкта жанаша жашоосунун, алардын ортосундагы экономикалык мелдештин азыркы этабында социализмдин капитализмден улуу артыкчылыктары барган сайын кубаттуу көрүнүүдө.

Партиянын XXV съезди социализм өлкөлөрү адам баласынын социалдык прогресси-



нин башкы багытын белгилей тургандыгын, алардын дүйнөлүк окуялардын жүрүшүнө таасири улам күчтүү, улам терең болуп жаткандыгын дагы бир жолу көрсөттү. Социализмдин өзүнө тартуучу күчү капиталисттик өлкөлөрдө башталган азыркы экономикалык кризистин кырдаалында мурдагыдан да өстү. Социалисттик ынтымакташтык азыр дүйнөдөгү эң динамикалуу экономикалык күч болуп калды жана дүйнөлүк экономикада барган сайын бир кыйла роль ойноп жатат, деп белгиленген съездде. 1971—1975-жылдарда социалисттик ынтымакташтык өлкөлөрүнүн өнөр жай өндүрүшү өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдөгүгө караганда 4 эсе тез өскөн. (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 10-бет). Социалдык-экономикалык системалары ар түрдүү, карама-каршы дүйнөнүн өтө кубаттуу эки өлкөсү катары СССР менен АКШнын экономикасынын негизги көрсөткүчтөрүнүн катнашы маанилүү болуп саналат. 1975-жылы Советтер Союзунун улуттук кирешеси америкалык улуттук киреше менен салыштырганда 1950-жылдагы 31 проценттин ордуна 67 процентти түзгөн; өнөр жай продукциясы тийиштүү түрдө 80 проценттен ашыкты жана 30 проценттен азды түзгөн; капиталдык салымдардын көлөмү — 100 проценттен ашыкты жана 30 процентти түзгөн. СССРдин өнөр жайында эмгек өндүрүмдүүлүгү 1976-жылы америкалыктын 55 проценттен ашыгын түзгөн, ал эми 1913-жылы болсо, ал бар болгону 11 процентке барабар болгон. Биз 1976-

лоодо кечеңдетүү ишкананын иш натыйжаларына тескери таасир көрсөтөт.

Айыл чарбасына карата Т. п-нын салыштырма салмагы айыл чарба өндүрүшүнүн өнүгүү деңгээлин мүнөздөйт. Товардуулукту жогорулатуу, эреже катарында, адистештирүүнүн, топтоштуруунун жана да продуктуулук менен түшүмдүүлүктү жогорулатуунун негизинде айыл чарба продукциясын өндүрүүнү өстүрүү менен байланышкан.

Мамлекеттик сатып алуулар колхоздордун продукцияларын реализациялоонун негизги формасы болуп саналат. Айыл чарба продукциясынын айрым түрлөрүн мамлекетке сатуунун көлөмү ар бир чарба үчүн бир катар жылдарга белгиленет. Жакынкы жылдарда мындан ары да «айыл чарба продуктыларын сатып алуунун туруктуу пландарынын жана мамлекетке пландан тышкары сатышкандыгы үчүн жогорулатылган бааларды колдонуу жолу менен чарбаларды кызыктыруу принцибин сактоо» белгиленген (КПССтин XXV съездинин материалдары, 237-бет).

**СССРдин КАЛКЫ**—1977-жылдын башталышына карата 257.9 млн. адамды түзгөн. К-тын саны боюнча Советтер Союзу дүйнөдө (Кытай Эл Республикасы жана Индиядан кийин) үчүнчү орунда турат. 1913-жылдан 1977-жылга чейин өлкөнүн К. биздин элге таңууланган согуштардын оор кесепеттерине карабастан, 159,2 млн. адамдан 257,9 млн. адамга чейин өстү. К-тын 83 процентten ашыгы — бул Улуу Октябрь революциясынан кийин туулган СССРдин граждандары. Шаардык К-тын үлүшү 1913-жылдан тартып 18 проценттен 62 процентке чейин көбөйдү. Бул өлкөнү алдыңкы индустриалдык державага айландыруунун закон ченемдүү натыйжасы болуп саналат. Согуштун натыйжасында бузулган эркектер менен аялдардын сандык катышынын бузулушу бара-бара теңелип келе жатат. 46 жашка чейинки эркектер менен аялдардын саны бирдей болуп калды.

Совет адамдарынын материалдык жыргалчылыгынын жана маданий деңгээлинин кыйшаюусуз жогорулашы, медициналык тейлөөнүн жакшырышы өмүр сүрүүнүн орточо узактыгын жогорулатууга жардам берди. Революцияга чейинки мезгил менен салыштырганда К-өлүмү 3,5 эсе, балдардын өлүмү — 11 эсе төмөндөдү. Өмүр сүрүүнүн орточо узактыгы 32 жаштан 70 жашка чейин көбөйдү.

**СССРдин МАМЛЕКЕТТИК БЮДЖЕТИ** — өлкөнүн акча ресурстарынын жалпы мамлекеттик (борбордоштурулган) фондусун түзүүнүн жана пайдалануунун негизги финансалык планы.

Улуттук кирешенин бир кыйла бөлүгүн (теңинен көбүн) М. б. аркылуу борбордоштуруп пайдалануу Совет мамлекетине коммунизмди куруунун маанилүү саясий жана социалдык-экономикалык милдеттерин: коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү, совет элинин жыргалчылыгын жогорулатуу, өлкөнүн ар түрдүү райондорунун экономикалык жана маданий өнүгүү деңгээлдерин теңештирүү, Советтер Союзунун коргонуу жарамдуулугун жана эл аралык позицияларын чыңдоо ж. б. маселелерди чечүүгө мүмкүнчүлүк берет.

М. б-ти түзүү жана пайдалануу процессинде ишканалар менен уюмдардын чарбалык жана финансалык иштеринин натыйжалуулугуна да контролдукту ишке ашырат.

СССРдин М. б-нин социалисттик мазмуну анын кирше жана расходдук бөлүктөрүнүн составы менен структурасынан даана көрүнөт. Маселен, 1977-жылдагы М. б. кирешелери 238,9 млрд. сом суммасында бекитилген. Алардын 9/10 бөлүгү социалисттик чарбалардан түшүүлөрдүн эсебинен түзүлгөн. М. б-тин каражаттары 1977-жылы 123,4 млрд. сом суммасында эң оболу эл чарбасын финансылоого сарпталган, социалдык-маданий чараларга — 83,8 млрд. сом сарпталган. Коргонууга кетүүчү сарптоолордун үлүшү М. б-тин жалпы сарптоолорунда 7,2 процентти түзгөн. Кирше бөлүгүнүн сарптоолордон ашкандыгы М. б. мүнөздүү бөтөнчөлүгү болуп саналат.

Республикалык жана жергиликтүү бюджеттер СССРдин М. б-нин звенолору болуп эсептелет. Алардын бирдиктүү кирше базасы жана бүткүл бюджеттик система үчүн жалпы кирешелери бар. Ал жалпы кирешелер бюджеттер ортосунда пландуу тартипте бөлүштүрүлөт.

Партиянын жана Совет өкмөтүнүн токтомдору менен жергиликтүү Советтердин бюджеттик укуктары бир кыйла кеңейтилди жана алардын материалдык-финансылык базасы чыңдалды, чарбалык жана маданий курулушта алардын ролу өстү. Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери социалисттик чарбадан түшүүлөрдүн эсебинен жана кээ бир бөлүгү калктан алынуучу налогдордон түзүлөт.

**СССРдин ТЫШКЫ СООДАСЫ** — СССРдин башка өлкөлөр менен соодасы, ал СССРдин дүйнөдөгү товар жүгүртүүгө жана эмгектин эл аралык бөлүнүшүнө катышуусун көрсөтөт. СССР дүйнөнүн 117 өлкөсү менен соодалык-экономикалык мамилелерди жүргүзөт, тышкы-экономикалык байланыштарды кеңейтүүнү эл чарбалык жана саясий милдеттерди чечүү үчүн пайдаланат.

Советтик экономиканы өнүктүрүүдөгү жетишкендиктер жана КПССтин тынчтыкты сүйүүчү ыраатуу саясатынын ийгиликтери СССРдин тышкы соода жүгүртүүсүн учурдагы баалар менен алганда 1970-жылдагы 22 млрд. сомдон 1976-жылы 56,8 млрд. сомго чейин көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берген. СССРдин Т. с-ндагы негизги орун СЭВге мүчө болгон өлкөлөргө таандык. Алар менен соода жүгүртүү 1970-жылдагы 12,3 млрд. сомго салыштырганда 1976-жылы 28,8 млрд. сомго жетти. Ошол эле мезгилдин ичинде СССРдин өнүгүүдөгү өлкөлөр менен товар жүгүртүүсү 3 млрд. сомдон 6,6 млрд. сомго чейин, өнөр жайы өнүккөн капиталисттик өлкөлөр менен соода жүгүртүү 4,7 млрд. сомдон 18,7 млрд. сомго чейин өстү.

9-беш жылдыктын жылда-

тарын мүнөздөөчү социалдык-экономикалык категория.

СССРдин Э. р-нын составына 16 жаштан 60 жашка чейинки эркектер жана 16 жаштан 55 жашка чейинки аялдар киргизилген. Андан тышкары, Э. р-нын составына пенсия жашында иштеп жатышкан адамдар жана иштеп жатышкан өспүрүмдөр кирет. СССРде эмгекке жарактуу калкты иш менен камсыз кылуунун дүйнөдөгү эң жогорку проценти. Эл чарбасында 119,3 млн. жумушчу, колхозчу жана кызматчы эмгектенишет.

Эл чарбасында иштеп жаткан кадрлардын саны жумуштардын жана кызмат көрсөтүүнүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн, жана да тейлөө нормативдеринин көлөмүн көбөйтүү боюнча тапшырмалардын негизинде аныкталат. Эмгекке жарамдуу жашка чыккан жаштар, жеке көмөкчү жана үй чарбасында иштеген калк коомдук чарбанын жумушчу күчтү кошумча керектөөсүн камсыз кылуучу булак болуп саналат.

Коомдук чарбаларды жаңы кадрлар менен толуктоо жаш квалификациялуу жумушчуларды жана адистерди ишке жиберүү, жалпы билим берүүчү мектептерди бүтүрүшкөн жаштарды ишке орноштуруу, жумушчуларды мамлекеттик уюшкан жол менен тандап алуу, калкты башка райондорго ыктыяры менен көчүрүү, ишканалардын өзүлөрү тарабынан жумушчуларды жана кызматчыларды тандап алуу жана коомдук чакырык жолу менен ашырылат.

Э. р-н рационалдуу пайдалануу — эл чарбасынын маанилүү милдети. Бул маселелерге көңүл буруу 80-жылдардагы Э. р-нын проблемасы менен да шартталган. Аны чечүү 10-беш жылдыкта биринчи кезекте негизги өндүрүштөрдө, көмөкчү жана жүк жүктөөчү-жүк түшүрүүчү жумуштардагы кол эмгегин механизациялоонун эсебинен эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүү менен түздөн-түз байланыштырылат. 10-беш жылдыкка белгиленген эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу 26 млн. кызматкердин эмгегин үнөмдөөгө барабар болот.

10-беш жылдыкта, мурдагыдай эле, өлкөнүн ар түрдүү райондорун, жана бөтөнчө чыгыш райондорун Э. р. менен камсыз кылууга чоң көңүл бөлүнөт. Кызмат акы, турак жай, тейлөө чөйрөсүнүн ишканалары менен камсыз кылуу жагынан артыкчылыктарды түзүүнүн негизинде бул райондордо кадрларды бекемдөө проблемасы маанисин сактап калат (к. *Эмгек өндүрүмдүүлүгү*).

**ТАРИФ СТАВКАЛАРЫ ЖАНА КЫЗМАТ ОКЛАДДАРЫ** — тариф системасынын элементтери (тариф ставкалары, тариф сеткалары, тарифтик-квалификациялык справочниктер, кызмат окладдарынын схемалары жана кызмат акыга райондук коэффициенттер), алардын жардамы менен кызмат акысын жөнгө салуу жана дифференциялоо ишке ашырылат.

Т а р и ф  с т а в к а с ы — жумуш убактысынын бирдиги үчүн акы төлөөнүн суммасы. Сааттык, күндүк жана айлык Т. с. белгиленген. Алар тармактын эл чарбалык маанисине жараша дифференциялanat.



9-беш жылдыкта Т. с. жогорулатуу кызмат акыны мамлекеттик жөнгө салуунун негизи катарында тариф ставкасын өркүндөтүүгө жардам берди.

К ы з м а т  о к л а д ы — кызматчылардын, инженер-техник кызматкерлеринин жана жетекчи кызматкерлердин эмгегине акы төлөөнүн айлык өлчөмү.

10-беш жылдыкта жумушчулардын жана кызматчылардын кызмат акыларын 17 процент көбөйтүүнүн жана аны беш жылдыктын аягына карата 170 сомго чейин жеткирүүнүн жүрүшүндө, аны уюштурууну өркүндөтүү боюнча бир катар чаралар белгиленген. Тариф системасын жакшыртуу, өндүрүштү жана анын натыйжалуулугун өстүрүүдө кызмат акынын жана эмгекти нормалдаштыруунун ролун жогорулатуу боюнча чаралар ишке ашырылат. Кызмат акынын өсүшү чоң даражада эмгек өндүрүмдүүлүгү жана кызматкерлердин квалификациясы менен байланыштырылат. Эмгегине жараша акы төлөөгө жумшалуучу каражаттардын үлүшү көбөйтөт (к. *Кызмат акы*).

**ТЕХНИКАЛЫК САЯСАТ** — ата мекендик илимдин жана дүйнөлүк практиканын жетишкендиктеринин негизинде жаңы техниканы иштеп чыгуу, жасап чыгаруу жана өндүрүшкө киргизүү пландарынын биримдиги. Өндүрүш каражаттарына социалисттик менчиктин үстөмдүк кылуу жана эл чарбасынын план ченемдүү өнүгүшүн камсыз кылуу шарттарында мамлекет бүткүл коомдун масштабында бирдиктүү Т. с-ты ишке ашырат. Т. с. ата мекендик илимдин өнүгүшүнө активдүү жардам берет, максималдуу натыйжа алуу, адамдардын эмгек жана тиричилик шарттарын жеңилдетүү жана оңоо максатында техникалык прогресстин башкы багыттарын аныктайт, өндүрүштү комплекстүү механизациялоо жана автоматташтыруу, жабдууларды модернизациялоо багытын белгилейт, техниканын өтө өркүндөтүлгөн үлгүлөрүн өндүрүшкө киргизүүгө жардам берет. Социализмдин шарттарында илимий изилдөөлөрдү алардын натыйжаларын практика жүзүндө пайдалануу менен органикалык байланыштыруу мүмкүнчүлүгү ачылат, ар түрдүү тармактардагы техникалык прогресстин өнүгүшүнүн бирдей эместиги четтетилет.

Бирдиктүү Т. с-ты ишке ашыруу илимий-техникалык революциянын жетишкендиктерин чарбанын социалисттик системасынын артыкчылыктары менен органикалык бириктирүү милдетин ырааттуу чечүүнү карайт. (к. *Илимий-техникалык революциянын жетишкендиктерин чарбанын социализмдин артыкчылыктары менен бириктирүү*).

«СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында» 10-беш жылдыктын башкы милдеттерине негизденип, коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуунун чечүүчү шарты катарында илимий-техникалык прогрессти тездетүүнүн зарылдыгы белгиленген. Бирдиктүү Т. с. машина курууга, биринчи кезекте эмгек куралдарын чыгарууга өзгөчө талаптарды коёт.

**ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙ-**

ли совхоздордун кызматкерлеринин кирешелеринин деңгээлине тыгыз жакындап барды.

КПССтин XXV съезди мындай деп белгиледи: «тогузунчу беш жылдыктын жыйынтыктары биздин өлкөбүз коммунисттик курулуштун бардык багыттарында алга карай жылгандыгын көрсөтүп отурат...

...Коммунисттик партиянын узак мезгилдүү социалдык-экономикалык саясатына ылайык жаңы, ого бетер ири милдеттерди чечүү үчүн зарыл шарттар түзүлдү». (КПССтин XXV съездинин материалдары, 194-бет).

**ТУРАК ЖАЙ КУРУЛУШУ** (СССРде) — гигиенанын жана маданий тиричиликтин талаптарына ылайык өлкөнүн калкын жасалгалуу турак жай менен толук камсыз кылуу үчүн турак жай фондусун кеңейтүүнүн жана жакшыртуунун планченемдүү процесси.

Коммунисттик партиянын жана Совет мамлекетинин талыкпаган камкордугунун аркасында биздин өлкөдө негизинен мамлекеттик каражаттардын эсебинен зор масштабдуу Т. ж. к-нун программасы ырааттуу ишке ашырылууда.

8-жана 9-беш жылдыктын жылдарында Т. к. жогорку темптер менен өнүктүрүлдү: 1 млрд. ч. м. ашык турак жай, же 22,5 млн. квартиралар курулду. 111 млн-го жакын совет адамдарынын турак жай шарттары жакшыртылган болучу.

КПСС, Совет өкмөтү биздин өлкөнүн эмгекчилеринин турак жай шарттарын мындан ары жакшыртууну элдин жыргалчылыгын жогорулатуу ишинде башкы милдеттердин бири катарында карайт. КПССтин XXV съезди 10-беш жылдыкта жалпы аянты 545—550 млн. ч. м. турак үйлөрдү ишке киргизүүнү белгиледи. Мунун өзү биздин өлкөдө жыл сайын 10—11 миллион жаңы үйлөргө көчүп кирүүлөр болуп турат дегендикке жатат. 1976-жылы жалпы аянты 108,5 млн. ч. м. 2 млн. 200 миң жаңы жасалгалуу квартиралар жана менчик үйлөр курулду, мунун өзү 11 млн.-го жакын адамдын турак жай шарттарын жакшыртууга мүмкүнчүлүк берди. 1980-жылга карата шаардык турак жай фондусун гана 2 млрд. 170 млн. ч. м-ге чейин көбөйтүү пландаштырылууда, б. а. ал 1965-жыл менен салыштырганда 2 эсеге жакын өсөт. Бул жылдардын ичинде үйлөрдүн жана квартиралардын сапаты, планировкасы жана комфортабелдүүлүгү бир кыйла жакшырат. 1975-жылы турак үйлөрдүн 30 проценти жаңы типтүү долбоорлор боюнча тургузулду, 1980-жылга карата алардын үлүшү 60 процентке чейин өсөт. Өтө өркүндөтүлгөн долбоорлорду түзүү боюнча жумуштар жүргүзүлүүдө.

10-беш жылдыкта турак жай жана коммуналдык курулушка 100 млрд. сомго жакын капиталдык салымдар жумшалат. Мурдагыдай эле турак жайдын басымдуу бөлүгү мамлекеттин каражаттарынын эсебинен курулат. Ошону менен катар турак жай-курулуш кооперациясын, ал эми жумушчу поселоктору менен айылдык жерлерде болсо — жекече курулушка чоң көңүл бөлүнөт.

КПССтин XXV съездинде



Л. И. Брежнев турак жай проблемасын чечүүгө комплекстүү, ар тараптуу мамилени күчөтүүнүн зарылчылыгын көрсөткөн.

Биздин өлкөдө калктын турак жай шарттарын жакшыртуу дүйнөдөгү эң арзан квартира акысынын болушу менен жүргүзүлүүдө. Ал орто эсеп менен айына 1 ч. м. турак жай аянты үчүн 13,2 тыйынды түзөт жана 1928-жылдан тартып 50 жыл бою туруктуу болуп калууда. Бул акы турак жай фондусун күтүүгө мамлекеттик сарптоолордун үчтөн бир бөлүгүнө да жетпейт. Турак жай-коммуналдык чарбаны жүргүзүүгө мамлекеттик дотация жылына 5 млрд. сомго жакынды түзөт.

**УЗАК МӨӨНӨТТҮҮ, БЕШ ЖЫЛДЫК ЖАНА ЖЫЛДЫК ПЛАНДАР** — СССРде жана башка социалисттик өлкөлөрдө түзүлгөн эл чарба пландарынын системасы.

Азыркы убакта беш жылдык план системанын негизги звеносу болуп саналат. Бирок ири машина өндүрүшүнүн өнүгүшүнө, анын топтолушунун жана борбордолушунун өсүшүнө карай ири өндүрүштүк ишканаларды жана чарба комплекстерин куруу мөөнөтү көбөйөт. Буга байланыштуу улам чоң мезгилге чарба иштеринин жыйынтыктарын алдын ала көрүү барган сайын катуу зарыл боло берет. Партиянын XXV съездинде оор өнөр жайын өнүктүрүү үчүн, ошондой эле эл чарбасынын башка тармактары үчүн да эки-үч беш жылга эсептелген ири комплекстүү программаларды иштеп чыгуу барган сайын чоң мааниге ээ боло бере тургандыгы белгиленген. Узак мөөнөттүү негизде гана мындай программаларды иштеп чыгуу, аларды өз ара тыгыз байланыштыруу, аларды ресурстар менен камсыз кылып, убакыт боюнча байланыштыруу мүмкүн. Узак мөөнөттүү пландаштыруу үчүн азыркы убакта 10—15 жылдык мезгил өтө оптималдуу болуп саналат.

Партиянын XXV съезди «бир-бирине өз ара байланыштуу болгон эл чарба пландарынын — узак мезгилдүү, беш жылдык жана жылдык пландардын системасын өркүндөтүү», «пландын бардык бөлүмдөрүнүн, материалдык өндүрүштүн бардык тармактарынын алдыңкы илим менен табигый байланышы бүткүл пландын негизи болууга тийиш» экендигинин милдетин койду. (КПССтин XXV съездинин материалдары, 201, 152-беттер).

Жылдык пландар беш жылдык пландардын негизинде түзүлөт. Аларда баштагы жылдардагы орундатууларды эсепке алуу менен беш жылдык пландын тапшырмалары конкреттештирилет жана такталат.

Узак мөөнөттүү беш жылдык жана жылдык пландардын органикалык өз ара байланышынын аркасында пландаштыруунун үзгүлтүксүздүгүнө жана байланыштуулугуна жетишилип, коюлган социалдык-экономикалык милдеттерди чечүү камсыз кылынат.

**УЗАК МӨӨНӨТТҮҮ МАКСАТКА ЭСЕПТЕЛГЕН ПРОГРАММАЛАР** — бир нече беш жылдыктарга эсептелген өтө актуалдуу экономикалык жана

күнчүлүк берүүчү продукциянын материал сыйымдуулугун төмөндөтүү милдети коюлган. Ошондой эле товардык продукциянын бир сомуна сарптоолорду төмөндөтүү жана ушул негизде өнөр жайлык иштерден алынган пайданы 74 процентке көбөйтүү каралган. (к. *Коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугу*).

**ФОНДУНУН КАЙТАРЫЛЫШЫ** — өндүрүлгөн продукциянын көлөмү менен негизги өндүрүштүк фондулардын ортосундагы байланышты чагылдыруучу негизги фондуларды пайдалануунун натыйжалуулугунун көрсөткүчү. Алардын ортосундагы катнаш өз ара байланышкан эки көрсөткүч: фондунун кайтарылышы жана фонду сыйымдуулук менен көрсөтүлөт. Эл чарбасынын масштабында Ф. к. аракеттеги негизги фондулардын бир сомуна туура келген коомдук жыйынды продуктунун же улуттук кирешенин көлөмүн; фонду сыйымдуулуктун деңгээлин — өндүрүлгөн улуттук кирешенин же коомдук жыйынды продуктунун бир сомуна эсептегенде негизги фондулардын наркын мүнөздөйт. Ф. к-нын өсүшү негизги өндүрүштүк фондуларды өтө рационалдуу пайдаланууу, коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу жөнүндө далил болот. СССРдин өнөр жайында фондунун кайтарылышынын ар бир проценти продукция өндүрүүнүн болжол менен 6 млрд. сомго көбөйтүүнү көрсөтөт.

10-беш жылдык пландын тапшырмалары өнөр жайынын иштеп жаткан ишканаларынын көпчүлүгүндө Ф. к-ны өстүрүүнү белгилейт. Ф. к-нын деңгээли өндүрүштүк кубаттарды рационалдуу пайдаланууга; долбоорлоонун сапатына жана курулуштун наркына, өндүрүштүк объектилерди реконструкциялоого жана модернизациялоого, жаңы техниканын техникалык-экономикалык мүнөздөмөсүнө, аны тез жана толук өздөштүрүүгө байланыштуу болот.

«Онунчу беш жылдыкта жүзөгө ашырыла турган техникалык саясат негизги фонддордун ар бир сомуна чыгарыла турган продукцияны көбөйтүү үчүн, башкача айтканда, **фондунун кайтарылышынын өсүшү** үчүн шарттарды түзүп берет. Азыр колдо болгон негизги фонддордон продукциянын чыгарылышын бир процент гана көбөйтүү 5 жылдын ичинде эки-эки жарым миллион үй-бүлө үчүн турак үйлөрдү курууга жете тургандай суммада кошумча улуттук доходду берген болор эле». (КПССтин XXV съездинин материалдары, 150-бет).

**ФОНДУ СЫЙЫМДУУЛУК** — к *Фондунун кайтарылышы.*

**ЧАРБАЛЫК ЭСЕП** — коом менен анын чарба звенолорунун ортосундагы экономикалык мамилелердин системасы болуп эсептелген социализмдин экономикалык категориясы. Бул системада ишканалардын коллективдеринин жана коомдун таламдарынын биримдиги ишке ашырылат, товардык-акча мамилелерин пайдалануу менен эл чарбасын план ченемдүү уюштуруу камсыз кылынат, мамлекеттик пландарды орундатууда материалдык кызыгуу түзүлүп, эмгекти аз сарптоо



менен өндүрүштү өстүрүү жана социалисттик жыйноо стимулдаштырылат. Ишканалар (бирикмелер) рентабелдүү иштеп, пайда берүүгө тийиш.

Ч. э-те социализмге объективдүү мүнөздүү кызматкерлердин коом үчүн өз эмгегинин натыйжаларына материалдык кызыгууларын камсыз кылуу зарылдыгы көрсөтүлөт. В. И. Ленин «...түздөн-түз энтузиазмдин негизинде эмес, кайра улуу революция туудурган энтузиазмдин жардамы менен, жеке таламдын негизинде, жеке кызыкчылыктын негизинде, чарбалык эсептин негизинде» (Чыгармалар, кыргызча басылышы, 33-том, 44-бет) миллиондогон адамдарды коммунизмге алып барууга боло тургандыгын белгилеген.

Ч. э-тин негизги принциптери: сарптоолордун акталышы жана пайдалуулугу, чарбалык-оперативдүүлүк жагынан ишканалардын (бирикмелердин) өз алдынчалыгы жана алардын чарбалык иштеринин натыйжаларына материалдык кызыгуу; пландагы тапшырмаларды орундагандыгы үчүн материалдык жоопкерчилик жана ресурстарды рационалдуу пайдалануу, чарбалык эсептеги ишканаларынын ишине сом менен контролдук кылуу.

Ч. э. биздин өлкөдө чарбаны пландуу жүргүзүүнүн методу катары ар түрдүү звенолордо: өндүрүштүк-чарбалык комплекстерде — бүткүл союздук, республикалык, өнөр жайлык бирикмелерде, өнөр жай тармактарында жана майда тармактарында: өндүрүштүк ишканаларда (бирикмелерде); ишканалардын ички бөлүмдөрүндө (цехтерде, участоктордо, бригадаларда ж. б.) ишке ашырылат.



Өнүккөн социализмдин этабында Ч. э-тин ролу улам өсө берет. Илимий-техникалык революциянын кулач жайышы чарбага борбордошкон жетекчиликти өркүндөтүүнү гана эмес, ошондой эле эмгекчилердин чыгармачылык активдүүлүгүн мындан ары күчөтүүнү, эмгекти материалдык жактан стимулдаштырууну өркүндөтүүнү да талап кылат. Ч. э. системасы эл чарбасынын гармониялуулугун жана балансалашышын камсыз кылууга мүмкүнчүлүк берет.

10-беш жылдыкта чарбалык эсеп мамилелерин ар тараптан активдештирүү, толук бойдон Ч. э-ке өтүү эл чарбасын башкарууну өркүндөтүүнүн бүтүндөй алгандагы маанилүү багыттарынын бирин түзөт. Ал башкарууда жана пландаштырууда демократиялык централизмдин принцибин ырааттуу жүргүзүүгө, ишканалар тарабынан ички булактардын эсебинен кеңейтилген кайталап өндүрүүнү турмушка ашыруу үчүн шарттарды түзүүгө багытталган. Ч. э-ти өркүндөтүү ишканалардын укуктарын чарбалык-оперативдик жагынан алардын өз алдынчалыгынын зарыл деңгээли менен ылайыкташтырууну, материалдык стимулдаштыруунун таасирдүү системасын түзүүнү белгилейт. КПССтин XXV съездинин Отчеттук докладында **экономикалык стимулдардын жана рычагдардын бири катары Ч. э-ти өтө билгичтик менен пайдалануунун** зарылчылыгы баса көр-

сөтүлгөн. Ири чарбалык эсеп бирикмелерин түзүүгө да чоң көңүл бөлүнгөн болучу, алар өнүккөн социализмге мүнөздүү болгон — өндүрүштү план чегемдүү топтоштурууга жана борбордоштурууга карай баратκан тенденцияны билдирипшет жана чарбалык эсеп мамилелеринин системасын тереңдетүүгө жана кеңейтүүгө, жетекчиликтин экономикалык методдорун кеңири пайдаланууга негизделет.

**ЧЕКЕНЕ ТОВАР ЖҮГҮРТҮҮ** — калкка керектөө буюмдарынын сатылышын мүнөздөөчү соода иштеринин негизги көрсөткүчү. Ч. т. ж-нүн өсүшү — эмгекчилердин жыргалчылыгынын жогорулашынын көрсөткүчтөрүнүн бири. Чекене соода тармагынан жана коомдук тамактануу ишканаларынан калкка товар сатуу Ч. т. ж-нүн негизги түрү болуп саналат. Ч. т. ж-нүн формаларынын бири колхоздук соода болуп эсептелет, ал базарда түзүлгөн баалар боюнча ишке ашырылат.

Өлкөнүн калкы чекене соода аркылуу бардык азык-түлүк жана азык-түлүк эмес товарларынын негизги массасын алат. Советтик мамлекет мамлекеттик жана кооперативдик чекене сооданы пландаштырат, ал өлкөнүн бүткүл Ч. т. ж-сүнүн 97 процентин камтыйт. Ч. т. ж. 1976-жылы 1965-жыл менен салыштырганда 2 эседен ашык өсүп, 220,1 млрд. сомду түздү. 9-беш жылдыктын өзүндө гана ал 36 процентке өстү. 1977-жылы январда КПСС БКнын жана СССР Министрлер Советинин «1976—1980-жылдарда массалык керектелүүчү товарларды өндүрүүнү өнүктүрүү жана алардын сапатын жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндөгү» токтому кабыл алынган болучу. Ал эмгекчилердин турмуш деңгээлин ар тараптан жогорулатууга карата партиянын багытынын ырааттуулугунун жана кебелбестигинин ачык далили болуп саналат.

10-беш жылдыкта мамлекеттик жана кооперативдик сооданын Ч. т. ж-сү 29 процентке көбөйтүлөт, мында жеңил өнөр жай жана да мада-ний-турмуштук буюмдарына болгон калктын керектөөсүн толук канааттандырууну камсыз кылуу, продукциянын ассортиментин кеңейтүү, жаңыртуу жана сапатын жогорулатуу белгиленген. Сооданын, коомдук тамактануунун материалдык базасын өнүктүрүү боюнча чаралар белгиленген. 10-беш жылдыкта негизги азык-түлүк жана азык-түлүк эмес товарларынын мамлекеттик чекене бааларынын стабилдүүлүгүн камсыз кылууга карата алган багыт, жана да зарыл шарттардын түзүлүшүнө жана товарлардын ресурстарынын жыйналышына жараша товарлардын айрым түрлөрүнүн бааларын арзандатуу уланты-лат.

**ЭВМ** — (электрондук эсептегич машина) — эсептелинүүгө жаткан көлөмү чоң математикалык татаал маселелерди чыгаруучу машина, анын иштөөсү электрондук приборлорду жана устройстволорду пайдаланууга негизделген. ЭВМдин жардамы менен өтө кыска мөөнөттөрдө татаал эмгекти көп талап кылган эсептер чыгарылат. Оптималдуу варианттар белгиленип, башкаруунун автоматташтырылган системасы ишке ашырылат. (к. *АСУ*). Бүгүнкү күндө ЭВМди жана АСУну кеңири пайдаланмайынча комплекстүү жана оптималдуу пландаштыруунун маанилүү эл чарбалык проблемаларын ийгиликтүү чечүү, жылдык жана перспективалуу пландардын көп варианттуу эсептөөлөрүн иштеп чыгуу мүмкүн эмес.

«СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында» пландаштыруу жана башкаруу боюнча эсептөө жумуштарын электрондук-эсептегич техника менен иштөөгө которууну көбөйтүү белгиленген. Ошол эле убактын өзүндө башкаруунун автоматташтырылган системаларынын жана эсептөө борборлорунун натыйжалуулугун андан ары өнүктүрүү жана аларды пландаштыруу жана башкаруу максаттары үчүн информацияларды жыйноонун жана иштеп чыгуунун жалпы мамлекеттик системасына ырааттуу бириктирүү боюнча чаралар белгиленген. 10-беш жылдыкта эсептегич техника каражаттарын чыгаруу 1,8 эсе көбөйөт. Милдет ЭВМди мыкты пайдаланууда турат. Алардын иш менен суткалык орточо камсыз кылынышы өтө эле жетишсиз. Аны жогорулатуу ЭВМди күтүү үчүн кеткен салымдарды кыскартууга, пайдалануу үчүн жумшалган сарптоолорду төмөндөтүүгө жардам берет.

Кеңири стандартташтыруунун жана нормативдик-техникалык документацияны түзүүнүн базасында ЭВМдин Бирдиктүү системасын экономикалык өз ара жардамдашуу Советинин чегинде киргизүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

**ЭКОНОМИКАЛЫК СТИМУЛДАШТЫРУУ ФОНДУЛАРЫ** — продукцияны реализациялоодон алынуучу, пайданы же реализацияланууучу продукциянын көлөмүн көбөйтүүгө, рен-





**1975-жылда өнөр жай продукциясын өндүрүүгө сарптоолордун структурасы (жыйынтыгына процент менен)**

| | Сырье жана материалдар | Отун | Амортизация | Соц. камсыздандырууга чегерилишин кошкондогу кызмат акы | Башка сарптоолор |
|---|---|---|---|---|---|
| Бүткүл өнөр жай | 64,1 | 3,5 | 6,4 | 14,6 | 11,4 |
| Электроэнергетика | — | 51,7 | 25,3 | 11,4 | 11,6 |
| Машина куруу жана металл иштетүү | 58,1 | 1,2 | 5,5 | 23,6 | 11,6 |
| Жеңил өнөр жай | 86,3 | 0,3 | 1,4 | 8,1 | 3,9 |
| Тамак-аш өнөр жайы | 84,5 | 1,3 | 2,8 | 5,7 | 5,7 |

табелдүүлүктүн жетишилген деңгээлине жараша, ассортименттеги жана номенклатурадагы продукциянын көлөмүнүн өсүшүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүн эске алуу менен нормативдер боюнча чегерилүүчү, ишкананы өнүктүрүү жана кызматкерлерди кызыктыруу үчүн арналган ишкананын (бирикменин) кирешелеринин бир бөлүгү.

Мамлекеттик ишканалардагы жана бирикмелердеги СССР-де колдонулуп жаткан чарбалык эсептин стимулдаштыруучу системасы пайдалардын эсебинен экономикалык стимулдаштыруунун үч фондусун түзүүнү карайт.

*Материалдык кызыктыруу фондусу:* пайдадан алынган чегерүүлөрдүн; жумушчуларга сыйлык төлөөгө арналган кызмат акы фондусунун; продукциянын сапатын жакшырткандык үчүн баага кошулган үстөктүн эсебинен алынган чегерүүлөрдүн эсебинен түзүлөт. Ал белгиленген системалар боюнча кызматкерлерге сыйлык төлөөгө; өзгөчө маанилүү өндүрүштүк тапшырмаларды орундаткан убакта айырмаланган кызматкерлерге бир жолу төлөнүүчү сыйлыкты төлөгөндө; ишкананын ишинин жалпы жылдык жыйынтыктары үчүн сыйлык төлөөгө; бир убакта берилүүчү жардамды көрсөтүүгө пайдаланылат.

*Социалдык-маданий чаралардын жана турак жай курулушунун фондусу* пайдадан чегерилүүлөрдүн эсебинен түзүлөт жана ишкананын кызматкерлери үчүн турак үйлөрдү жана маданий-тиричилик мекемелерин курууга, капиталдык ремонттоого, ошондой эле кызматкерлердин маданий-тиричилик жактан тейлөөнү жакшыртууга сарпталат.

*Өндүрүштү өнүктүрүү фондусу* пайдадан алынган чегерүүлөрдүн, амортизациялык чегерүүлөрдүн бир бөлүгүнүн жана иштен чыккан жана ашыкча мүлктү реализациялоодон түшкөн каражаттын эсебинен түзүлөт. Жаңы техниканы киргизүү, механизациялоо жана автоматташтыруу, жабдууларды модернизациялоо боюнча, негизги фондуларды жаңыртуу боюнча, өндүрүштү жана эмгекти уюштурууну өркүндөтүү боюнча капиталдык салымдарды, жана да өндүрүштү өнүктүрүүгө башка капиталдык салымдарды финансалоого сарпталат.

1975-жылы өлкөнүн өнөр жай ишканалары Э. с. ф. 13,5 млрд. сомду, анын ичинде материалдык кызыктыруу фондусуна — 5,66 млрд. сомду, социалдык-маданий чаралардын жана турак жай курулушунун фондусуна 1,78 млрд. сомду, өндүрүштү өнүктүрүү фондусуна — 4,39 млрд. сомду чегерди.

9-беш жылдыкта өлкөнүн эл чарбасында бардыгы болуп «ишканалар менен бирикмелердин пайдасы жана башка булактардын эсебинен экономикалык кызыктыруу фондуларын түзүүгө 100 миллиард сомдон ашык каражат жумшалды... Онунчу беш жылдыкта бул максатка мурдагыдан көп каражаттар бөлүнөт. Милдет: бул каражаттардын кайтарылышы мол боло тургандай кылып пайдалануу, ар бир ишканада жана бирикмеде алардын өлчөмдөрү өндүрүштүн ургаалдуулугун, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, продукциянын сапатын жакшыртуу, техникалык прогресс ишинде жетишилген натыйжаларга түздөн-түз байланыштырылышы керек». (КПССтин XXV съездинин материалдары, 154-бет).

1976-жылдын аягында жарыяланган (к. «Экономическая газета» № 50, 11-бет) кызыктыруу фондуларын түзүүнүн жана пайдалануунун жаңы Негизги жоболору иштин акыркы натыйжаларын жакшыртууда бирикмелер менен ишканалардын коллективдеринин кызыгууларын жогорулатууга багытталган. Алар аркылуу борбордоштурулган башкаруунун артыкчылыктарын бирикмелер менен ишканалардын укуктарын жана демилгелерин кеңейтүү менен оптималдуу айкалыштыруу камсыз кылынат.

**ЭЛ КЕРЕКТӨӨЧҮ ТОВАРЛАР** — калкка сатуу үчүн арналган керектөө мүнөзүндөгү эмгек продуктулары (тамак-аш, кийим-кечек, бут кийим, мебель, идиш-аяк, маданий-тиричилик товарлары ж. б.). Калктын ар түрдүү товарларды керектөөсүн камсыз кылуу «эмгекчилердин жыргалчылыгын жогорулатуу» түшүнүгүнөн ажырагыс.

9-беш жылдыктын жылдарында жеңил жана тамак-аш өнөр жайынын миңге жакын жаңы ишканасы курулду. Калкка азык-түлүк жана бөтөнчө өнөр жай товарларын сатуу бир топ көбөйдү. Маданий-тиричилик буюмдары жана



узак убакытка пайдаланылуучу товарлар менен камсыз кылуу бир кыйла жогорулады. Ошондой болсо да азырынча адамдын күндөлүк керектөөлөрүнүн көпчүлүгү толук көлөмдө канааттандырылбай жатат. (КПССтин XXV съездинин материалдарын кара, 65-бет). Л. И. Брежневдин КПСС БК-нын октябрь (1976) пленумунда сүйлөгөн сөзүндө калкты эт жана сүт продуктулары менен жабдуудагы кыйынчылыктарды тезинен жоюу боюнча милдет коюлган.

10-беш жылдыкта калктын кирешелеринин өсүшүнө ылайык, чекене товар жүгүртүүнүн көлөмүн 29 процент көбөйтүү жана аны 1980-жылда 269 млрд. сомго жеткирүү белгиленген. Өтө баалуу тамак-аш продуктуларын керектөө олуттуу көбөйөт: эт жана эт продуктулары 10,5 проц. балык жана балык продуктулары — 24 проц. ашык, жемиштер жана жер жемиштери — 35 проц. жашылча жана бакча өсүмдүктөрү — 27 проц. көбөйөт. Калкка жеңил өнөр жай буюмдарын сатуу өсүп, кездемелердин, кийим-кечектердин, трикотаж буюмдарынын жана башка буюмдардын ассортименти бир кыйла жакшырат. Оор өнөр жай ишканаларында эл керектөөчү товарларды чыгарууну өстүрүү каралган. 1980-жылы бул тармактардын үлүшүнө «Б» тобунда өндүрүлүүчү бардык продукциянын 22 процентке жакыны туура келет, 1975-жылы 18 проценти туура келген.

Э. к. т-ды өндүрүүнү көбөйтүү, алардын сапатын жана жасалгасын жакшыртуу,

калктын керектөөсүн толук канааттандыруу үчүн ассортиментин кеңейтүү—10-беш жылдыктын маанилүү милдети. Ал ошондой эле өнөр жайы менен сооданын ортосундагы чарба байланыштарын чыңдоонун жана өркүндөтүүнүн зарылчылыгын, сооданын материалдык базасын өнүктүрүүнү, коомдук тамактанууну мындан ары өнүктүрүүнү жана айыл-кыштак калкын соода жагынан тейлөө боюнча уюмдардын, керек-жарак кооперациясынын ишин өркүндөтүүнү кучагына алат.

**ЭЛ ЧАРБА БАЛАНСАСЫ** — социалисттик кеңейтилген кайталап өндүрүүнүн сандык өз ара байланышын, негизги пропорцияларын жана катышын мүнөздөөчү экономикалык көрсөткүчтөрдүн системасы. Э. ч. б. кайра өндүрүү процессинин бардык фазаларын: өндүрүүнү, бөлүштүрүүнү, алмашууну, керектөөнү, жыйноону кошо, ошондой эле материалдык өндүрүштүн жана өндүрүштүк эмес чөйрөнүн тармактарын байланыштырат. Пландуу жана отчеттук Э. ч. б. болот. Пландуу Э. ч. б. коммунисттик курулуштун милдеттерин эске алуу менен бирдиктүү мамлекеттик эл чарба планын иштеп чыгуунун маанилүү каражаты болуп кызмат кылат. Отчеттук Э. ч. б. өткөн мезгилдеги кайталап өндүрүү процессин мүнөздөйт, өлкөнүн экономикасын талдоонун натыйжалуу каражаты жана пландуу балансты түзүү үчүн алгачкы негиз болуп эсептелет.

Э. ч. б. эл чарбасынын жыйынтыкталган балансасынан, коомдук жыйынды продуктулардын балансаларынан, улуттук кирешеден жана негизги фондулардан, эмгек ресурстарынан, акчалай кирешелерден жана сарптоолордон ошондой эле экономикалык башка жыйынды эсептөөлөрдөн турат. Продукциянын өндүрүүнүн жана бөлүштүрүүнүн тармактар аралык балансасы Э. ч. б-нын маанилүү бөлүмү болуп саналат.

КПССтин XXV съезди экономиканын балансаланышын камсыз кылууга, б. а. факты жүзүндө түзүлүүчү пропорциялардын планда каралгандарга ылайык келишине өзгөчө көңүл бурду.

Съезд «Накта жана нарктык балансстар, өндүрүштүк кубаттуулуктардын жана эмгек ресурстарынын балансталарынын системасын өркүндөтүүнүн негизинде пландардын балансталышын камсыз кылуу, зарыл керектүү мамлекеттик резервдердин болушун кароо» милдетин койду. (КПССтин XXV съездинин материалдары, 191-бет).

**ЭЛ ЧАРБА ПЛАНЫ** — эл чарбасын өнүктүрүүнүн жана өлкөнүн социалдык-маданий курулушунун бирдиктүү планы.

Э. ч. п. социалисттик кеңейтилген кайталап өндүрүү процесси сандык (өндүрүштүн көлөмдөрү), сапаттык (эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшү, продукциянын сапаты, рентабелдүүлүк ж. б.), натуралдык (продукциянын, кызматтын түрлөрү ж. б.), нарктык (товардык продукция, дүң киреше, өздүк нарк ж. б.) көрсөткүчтөрдүн системасы аркылуу конкреттүү көрсөтүлөт. СССР Жогорку Советинин сессиясы



тарабынан бекитилген 1977-жылдагы Э. ч. п. 10-беш жылдыктагы пландын органикалык составдуу бөлүгү болуп саналат. 1977-жылда улуттук кирешени 4,1 процент же 15,5 миллиардга көбөйтүү белгиленди. Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 1976-жыл менен салыштырганда 5,6 процент же 30 млрд. сомго өсөт. Техникалык прогрессти белгилөөчү отун-энергетикалык тармактарды өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулат. Продукциянын 4 миңден ашык жаңы түрлөрүн өздөштүрүү, 220дан ашык жаңы технологиялык процесстерди жана механизациялоо жана автоматташтыруу боюнча чараларды киргизүү белгиленген. Эл керектөөчү товарларды чыгаруу («Б» тобу) 4,9 процент өсөт. Жеңил өнөр жайында кездемелердин ассортименти 20—25 процент, кийим менен бут кийимдердики — теңме теңден ашык жаңырат. 9-беш жылдыктын мезгилиндеги жылдык орточо өндүрүү менен салыштырганда айыл чарба продукцияларын өндүрүүнү 11 процент көбөйтүү белгиленген.

Калктын бир адамына эсептегенде реалдуу кирешелердин өсүшү 3,8 процентти түзөт; чекене товар жүгүртүү 228 млрд. сом өлчөмүндө белгиленүүдө же 4,8 процент өсөт, эмгегине жараша акы төлөөнү жогорулатуу жана өркүндөтүү боюнча чараларды ишке ашырууну эсепке алганда 1977-жылы айлык орточо кызмат акы болжол менен 155 сомду түзөт. 10 миллиондон ашык адам жасалгалуу жаңы квартираларды алышат жана турак жай шарттарын жакшыртышат.

КПСС БКнын октябрь (1976) пленуму партиялык уюмдардын, эмгек коллективдеринин алдында 1977-жылдын эл чарба планын шексиз орундатууну камсыз кылуу жана пландагы белгиленгенден ашуу үчүн бардыгын иштөө милдетин койду.

**ЭМГЕК ӨНДҮРҮМДҮҮЛҮГҮ** — убакыт бирдигинде өндүрүлүүчү материалдык байлыктардын (акчалай же натуралай көрсөтүлүшү боюнча) санына карата эмгекти сарптоонун (коомдун тармактын, ишкананын, айрым кызматкердин масштабында) катышы менен көрсөтүлүүчү адамдардын өндүрүштөгү ишинин жемиштүүлүгү, натыйжалуулугу.

Э. ө-нүн өсүшү — коммунизмди курууда коомдук продуктуну көбөйтүүнүн жана коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуунун маанилүү фактору болуп саналат. «Эмгек өндүрүмдүүлүгү, бул, акыр аягында, жаңы коомдук түзүлүштүн жеңиши үчүн эң маанилүү, эң башкы болуп саналат»,— деп жазган В. И. Ленин (Чыгармалардын толук жыйнагы, 39-т., 21-бет). Пландуу социалисттик экономиканын шарттарында Э. ө. өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдөгүгө караганда тез өсөт.

Социалисттик өндүрүштө Э. ө. өстүрүүнүн негизги жолдорун ачуу менен, партия илим менен техниканын жетишкендиктерин эл чарбасына киргизүүгө, кызматкерлердин жалпы билим жана маданий деңгээлин жогорулатууга, эмгек тартибин жогорулатууга

жана аны уюштуруунун мыкты формаларын бардык жерлерде пайдаланууга, кызматкерлердин өз эмгегинин натыйжаларына материалдык кызыгуу принцибин турмушка ыраатту ашырууга, массалык социалисттик мелдешти жайылтууга, алдыңкы тажрыйбаны кеңири таркатууга өзгөчө маани берет.

Партиянын XXV съезди бул проблеманын зор маанисин аныктап, «өлкөнүн алдында турган көп түрлүү экономикалык жана социалдык милдеттерди ийгиликтүү чечүү үчүн **эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн тез өсүшүнөн, бүткүл коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун кескин түрдө жогорулатуудан** башка жол жок» экендигин белгиледи. (КПССтин XXV съездинин материалдары, 51-бет). 10-беш жылдыкта Э. ө. эл чарбасы боюнча 25 процент (9-беш жылдыкта — 23 процент); өнөр жайында — болжол менен 31 процент, айыл чарбасынын коомдук секторунда — 28 процент, курулушта — 30 проценттен ашык жана темир жол транспортунда — 20 процент көбөйтүү белгиленген. Э. ө-н жогорулатуунун эсебинен улуттук кирешенин өсүшүнүн 85 проценти алынат (9-беш жылдыкта — 78 процент болгон).

Коомдук өндүрүштүн жетишилген масштабында Э. ө. 1 процентке гана жогорулатуу өнөр жай продукциясын чыгарууну 5 млрд. сомдон ашык көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мындай сумма Красноярск ГЭСи өңдөнгөн 6 энергетикалык гигантты куруу үчүн жетет.



ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

# МАДАНИЙ ТУРМУШ

**АГИТАТОРЛОР** — партия менен өкмөттүн, жергиликтүү партиялык жана советтик органдардын саясатын, чечимдерин жана практикалык иштерин түшүндүрүүчү, күндөлүк турмуштагы актуалдуу окуялардын маанисин ачып көрсөтүүчү, массаларды партиянын саясатын турмушка ашырууга, негизги саясий жана экономикалык милдеттерди орундатууга чакыруучу жана дем берүүчү партиянын идеологиялык кадрлары. А.— бул көрсөтүлгөн коллективдин коммунисттеринин жана партияда жок активдеринин ичиндеги кадырбарктуу жана квалификациялуу, идеялык жетилген жана саясий сабаттуу кызматкерлер.

КПСС БКнын «КПССтин XXV съездинин чечимдерин орундатууда оозеки саясий агитациянын ролун жогорулатуу жөнүндө» (1977) токтомунда съезд тарабынан коюлган милдеттерди орундатуудагы, партиянын идеологиялык ишиндеги А-дун маанилүү ролу баса белгиленген. Партиялык уюмдарга А. тандоого жана окутууга өзгөчө көңүл буруу сунуш кылынган. «Биринчи кезекте коммунисттер, жана да өтө авторитеттүү партияда жок активисттер агитаторлор болуп бекитилүүгө тийиш,— деп белгиленген КПСС БКнын токтомунда.— Мастерлерди, бригадирлерди жана бул маанилүү партиялык тапшырманы ишенүүгө боло турган орто звенонун башка жетекчилерин агитколлективдерге кеңири тартуу керек. А. партиялык бюролор бекитет, алар анын түздөн-түз жетекчилиги алдында иш алып барышат. Азыркы убакта өлкөдө 3,7 млн. агитатор бар.

А.—практика жүзүндө идеялык-тарбия ишине комплекстүү мамилени өткөрүүчүлөр, анткени коллективдин мүчөлөрүн идеялык-саясий, эмгектик жана нравалык тарбиялоону ишке ашырышат. Алар өз иштеринде учурдагы милдеттерди, эмгекчилердин негизги талам-

дарын, өндүрүштүк коллективдердин күндөлүк практикалык иштерин эске алышат. А. социалисттик мелдешти, алдыңкы тажрыйбаны, саамалыкты, жолдоштордун демилгелерин таркатууну, өз ара жардамдашууну, массалардын эмгектеги активдүүлүгүн жогорулатууну, илимий-техникалык прогрессти тездетүүнү активдүү уюштуруучулардан болуп саналышат. Алар жумушчуларга жогорулатып алма пландарды жана милдеттенмелерди иштеп чыгууда, аларды орундатууда, иштин натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу үчүн күрөштө жардамдашат. Социалисттик эмгек тартиби үчүн күрөш, ишке чыкпай калуучуларга, жалкоолорго, социалисттик менчикти уурдоочуларга каршы күрөш агитаторлордун ишинде бир кыйла орунду ээлейт.

А. ишти күн сайын жүргүзүшөт жана иштин ар түрдүү формаларын — тобу менен чогуу жана жекече аңгемелешүүлөрдү, аңгемелерди, билдирүүлөрдү, кеңештерди, күжүрмөн баракчалар менен «чагылгандарды» чыгарууга катышууларды пайдаланышат. А. ичинде тарбия ишине дифференциялуу мамиле кылуунун зарылчылыгы жөнүндө, калктын ар түрдүү категорияларынын бөтөнчөлүктөрүн эске алуу жөнүндө КПССтин XXV съездинин көрсөтмөлөрүн орундатуу бөтөнчө маанилүү болуп саналат. А-дун айрым категориялары — насаатчы агитаторлор, атеист агитаторлор, укуктун жана моралдын нормаларын бузуучулар менен иш алып баруучу агитаторлор негизинен жекече иш алып барышат. А-дун ишинде жекече өрнөк чоң роль ойнойт. Агитаторлорго алар үчүн уюштурулуучу дайыма иштөөчү семинарлар, инструктаждар, кеңешмелер, агитаторлордун мектептери, илимий-практикалык жана методикалык конференциялар, методикалык советтердин секциялары чоң жардам көрсөтөт.

КПССтин XXV съездинин материалдарын түшүндүрүү, эмгекчилерди аларды турмушка ашырууга мобилизациялоо азыркы этаптагы агитаторлордун ишиндеги негизги нерсе болуп саналат.

**АДАБИЯТ** — коомдук мааниси бар, жазуу жүзүндөгү чыгармалар үчүн кабыл алынган жалпы ат; тар мааниде алганда — бул көркөм А., ал А-тын башка түрлөрүнөн (илимий, философиялык, информациялык ж. б.) айрымаланып, сөз искусствосунун жазуу жүзүндөгү формасы болуп саналат жана китеп басып чыгаруунун пайда болушу менен биротоло түзүлгөн. А.— таанып-билүүнүн жана чыгармачылыктын формасы, дүйнөнүн жана адам тиричилигинин байлыгын жана көп кырдуулугун көркөм образдар аркылуу ишке ашырат. А. образдарды сөздөрдүн жардамы менен түзөт, бул — «сөз аркылуу пластикалык сүрөттөөнүн искусствосу» (М. Горький).

А. көп кылымдар бою өнүгүүнүн ар кыл этаптарынан өткөн. Адабий ыкмаларды бара-бара татаалдандыруу жана дифференциялоо белгилүү даражада метод менен стилдин биримдигине ээ болгон адабий багыттарды калыптандырууга жардам берген. Барокко, классицизм, романтизм, реализм — бири-бирин алмаштырып турган багыттардын негизгилери. XIX кылымда орус А-ы өзгөчө роль ойногон, ал бүткүл дүйнөлүк эстетикалык тажрыйбаны камтып, сөздүн терең, өзүнчө улуттук чеберчилигинин негизинде дүйнөлүк А-ты байытып, анын жогорку баскычына көтөрүлө алган. А-тын жаңы чыгармачылык методу — адегенде М. Горькийдин чыгармачылыгында — орус адабиятында түзүлгөн социалисттик реализм — көркөмдүк өнүгүүнүн закон ченемдүү этабы болгон. «Тарыхтын чукул бурулушунда, революциянын жалынында төрөлгөн совет адабияты адамзаттын көркөм маданиятынын өнүгүшүндө жаңы этапты ачты. Анын эл аралык мааниси жана кадыр-баркы ал коомду революциячыл кайра куруунун, социализм үчүн күрөштүн бүткүл дүйнөлүк тарыхый тажрыйбасын чагылдырып, дайыма адамдарга коммунизмдин, эркиндиктин, тынчтыктын жана прогресстин жогорку идеяларын жеткиргендиги менен белгиленет» (КПСС БКнын СССР жазуучуларынын IV съездине куттуктоосунан).

СССР жазуучуларынын IV съездинде (1976-ж. июнь) советтик адабият дүйнөлүк маданияттын тарыхында уникалдуу көрүнүш болуп эсептеле тургандыгы белгиленген. Ал ондогон жана ондогон улуттук адабияттарды бириктирет жана нукура социалисттик интернационализмдин үлгүсү болуп эсептелет. Элдин чыгармачыл, эмгектик турмушу менен жандуу байланышты сезип, советтик адабиятчылар өзүлөрүнүн башкы милдетин — биздин баатыр замананын көркөм санжырасын түзүп, замандаштын образын тартып калтыруу милдетин эсте тутушат.

**АДАБИЯТТЫН ЖАНА ИСКУССТВОНУН ПАРТИЯЛУУЛУГУ** — көркөм чыгармачылыктын идеялык багытынын өтө толук билдирилиши; белгилүү таптын көз караштарын жана таламдарын искусство каражаттары менен коргоо; жазуунун көркөм чыгармачылыгынан объективдүү түрдө келип чыккан коомдук күрөштөгү позициясы.

А. ж. и. п.— советтик адабияттын жана искусствонун идеялык-эстетикалык негизги жобосун берүүчү принциби. Анын теориялык негизделиши В. И. Лениндин тарабынан «Партиялык уюм жана партиялык адабият» деген макалада берилген. (Чыгармалардын толук жыйнагы, 12-том, 99—105-беттер). Эки жүздүүлөнүп баарынан эркинбиз деп коюп, иш жүзүндө буржуазия менен байланышкан адабиятка, В. И. Ленин чыныгы эркин, революциячыл пролетариаттын иши менен ачык түрдө байланышкан адабиятты карама-каршы коюуга чакырган. «...Социалисттик пролетариат,— деп көрсөткөн В. И. Ленин,— партиялык адабияттын принцибин коюуга, ошол принципти өнүктүрүп, мүмкүн болушунча аны өтө толук жана бүткүл формада турмушка ашырууга тийиш» (Чыгармалар, кыргызча басылышы, 10-том, 32-бет). Искусстводогу партиялуулук анын элдиги менен органикалык байланышкан А. ж. и.

п-нун принцибп коомдун авангарды болуп эсептелген партия өзүнүн табынын атынан адабий ишке жетекчилик кылууга тийиш экендигин карайт. «Адабий иш — уюмдашкан, план ченемдүү бириккен социал-демократиялык партиялык жумуштун составдык бөлүгү болууга тийиш» (Чыгармалар, кыргызча басылышы, 10-том, 33-бет) Искусство — өзгөчөлүгү бар иш, бардык адамдын ишмердигинин башка жактарынын да өзгөчөлүктөрү бар. Ленин үчүн көркөм чыгармачылыктын өзгөчөлүгүн таануу партиялык иштин адабий бөлүгүн анын башка бөлүктөрү менен туш келди окшоштура берүүгө болбой тургандыгынын далили гана болгон. «Адабият менен искусство маселелерине партиялык мамиле кылуу чыгармачыл интеллигенцияга сергек мамиле жасоону, анын чыгармачылык изденүүлөрүнө жардам берүүнү принциптүүлүк менен айкалыштыруу болуп саналат,— деп айткан Л. И. Брежнев партиянын XXV съездиндеги докладында.— Ар кандай чыгарманын коомдук маанилүүлүгүнө баа берүүнүн башкы критерийи, албетте, анын идеялык багыты болгон жана болуп кала берет» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 96-бет).

Искусствого партиялык жетекчилик кылуу проблемасы — саясий, идеологиялык гана, ал түгүл жөн эле уюштуруу проблемасы гана эмес. Лениндик көрсөтмөлөр адабият менен искусствого партиялык жетекчиликтин негизги мазмунун жана методун белгиледи. Бул саясат партия тарабынан өзгөрүлгөн тарыхый кырдаалда ишке ашырылууда. Партиянын XXIII, XXIV, XXV съезддеринин материалдары, КПСС БК-нын «Адабий — көркөм сын жөнүндө» (1972), «Советтик кинематографияны мындан ары өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө» (1972), «Элдик көркөм промыслолор жөнүндө» (1974), «Чыгармачыл жаштар менен иш алып баруу жөнүндө» (1976) токтомдору өнүккөн социалисттик коомдун шарттарында адабиятка жана искусствого партиялык жетекчиликтин принцибин чыгармачылык менен колдонуусуну көрсөтөт.

**АДАМДАРДЫН АҢ-СЕЗИМИНДЕГИ ЖАНА ЖҮРҮШ-ТУРУШУНДАГЫ ӨТКӨНДҮН САРКЫНДЫЛАРЫ** — социалисттик коомго чейинки коомдук-экономикалык формацияларда келип чыккан, социализмдин учурунда совет адамдарынын бир бөлүгүнүн аң-сезиминде же жүрүш-турушунда сакталып калган жана коммунисттик моралдын принциптерине карама-каршы келген көз караштардын, нормалардын, адаттардын, традициялардын жыйындысы, А. а. жана т. ө. с. коммунисттик курулуштун жүрүшүндө жоюлат. Коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү, социалисттик коомдук мамилелерди мындан ары өркүндөтүү, коомдун рухий маданиятын жогорулатуу өткөндүн саркындыларын жоюуга жардам берет. КПСС-тин XXV съездинин документтеринде өткөндүн саркындыларына каршы күрөштү күчөтүү боюнча чаралар белгиленген. «Биздин коомубуз өз өнүгүүсүндө канчалык жогору көтөрүлгөн сайын, правалуулуктун социалисттик нормаларынан али кездешип жүргөн четтеп кетүүлөргө чыдоого болбойт. Пайдакордук, жеке менчик тенденциялар, хулигандык, бюрократизм жана адамга көңүлкош мамиле кылуу биздин түзүлүштүн мазмунуна карама-каршы келет. Бул өңдүү көрүнүштөргө каршы күрөшүүдө эмгекчилер коллективинин пикирин да, басма сөздүн сын пикирлерин да, ынандыруу методдорун да, закондун күчү да — өз карамагыбызда болгон каражаттардын бардыгын толук өлчөмдө пайдалануу зарыл» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 93—94-беттер).

**АТЕИСТТИК ТАРБИЯ** — коммунисттик тарбиянын составдык бөлүгү, адамдарда дүйнөгө илимий-материалисттик көз карашты, атеисттик ынанууну иштеп чыгуусу үчүн аларга максатка багытталган таасир көрсөтүү. Марксизм-ленинизм А. т-нын илимий негизи болуп саналат.

Социализмдин шарттарында А. т-нын зарылдыгы коммунисттик курулуштун маанилүү милдеттеринин бири — жаңы адамды тарбиялоо менен шарттталат. Бул милдетти чечүү адамдардын аң-сезиминде жана жүрүш-турушунда өткөндүн саркындыларын, анын ичинде диний жок нерсеге ишенүүлөрдү жоюу менен тыгыз байланышкан. Объективдүү закондор менен алдын ала аныкталган диндин жок болуу процесси стихиялуу болуп өтпөйт. В. И. Ленин «Күжүрмөн материализмдин мааниси жөнүндө» деген макаласында талыкпаган атеисттик пропаганданы жана күрөштү жүргүзүүнүн зарылчылыгын белгилеген: «Массаларга атеисттик пропаганда жагында эң эле ар түрдүү материалды берүү зарыл, аларды турмуштун эң эле ар-түрдүү жактарындагы фактылар менен тааныштыруу зарыл, аларды кызыктыруу үчүн, аларды дин уйкусунан ойготуу үчүн аракет кылуу зарыл» (Чыгармалар, кыргызча басылышы, 33-том, 246-бет).

Биздин өлкөдө тарбия ишинин практикасында А. т-нын ар кыл формалары жана методдору иштелип чыгылган. Алардын арасында: балдар менен өспүрүмдөрдү үй-бүлөдө жана мектепте А. т-лоо, массалык информациянын каражаттары менен илимий-атеисттик пропагандалоо, ар түрдүү коомдук уюмдардын атеисттик ынанууну калыптандырууга катышуусу, диний ырым-жырымдарды жана башкаларды жоюу үчүн жаңы социалисттик майрамдарды жана салттарды киргизүү бар. Аларды активдүү өндүрүштүк жана коомдук иштерге тартуу адамдарды динден кол үздүрүүдө башкы чара болуп саналат. Мында эмгек коллективдерине маанилүү тарбия функциясы таандык. Биздин түзүлүштүн күчү массалардын аң-сезимдүүлүгүндө экендиги жөнүндө КПССтин XXV съездинин көрсөтмөлөрүнө негизденип, партия коммунисттик аң-сезимдүүлүктү, коммунизмди курууга даяр болууну, эркти жана билгичтикти тарбиялоону өзүнүн туруктуу камкордук көрө турган милдети катары эсептейт. А. т.— партиялык уюмдардын комму-

иисттик коомду куруудагы актуалдуу милдеттеринин бири.

**БАСМА СӨЗ** — к. Массалык информациянын жана пропаганданын каражаттары.

**БОШ УБАКЫТ** — дем алуу, окуу, физкультура менен спортко катышуу үчүн, ар түрдүү рухий керектөөлөрдү канааттандыруу үчүн пайдаланылуучу иштен кийинки убакыттын бөлүгү. Б. у.— адамды, анын жогору өндүрүмдүү эмгекке, коомдук активдүү ишке жөндөмдүүлүгүн ар тараптан өнүктүрүүнүн маанилүү фактору. «Бош убакыт адамдын, анын жөндөмдүүлүктөрүнүн бардык жактан өнүгүшүнүн жана ошону менен бүткүл коомдун материалдык жана рухий потенциалын мындан ары арттырып көбөйтүүнүн таламдарында пайдаланылган кезде гана ал чыныгы коомдук байлык деп эсептеле алат... Бош убакыт — бул коомдун алдындагы жоопкерчиликтен бошотулган убакыт эмес» (*Л. И. Брежнев.* Лениндик жол менен, 3-том, 557—558-беттер).

Биздин өлкөдө эмгекчилер эки дем алыш күнү бар беш күндүк иш жумасын пайдаланышат, жумушчулардын жана кызматчылардын отпускаларынын минималдуу мөөнөтү көбөйтүлгөн.

Социалисттик мамлекеттин Б. у-ты көбөйтүү жөнүндөгү камкордугу негизинен иштен тышкары убакыттын үй эмгегине кеткен бөлүгүн кыскартууда турат. Буга калкты тиричилик жактан тейлөөнү жакшыртуу менен жетишилет. Совет адамдары үчүн Б. у. мазмундуу жана толук баалуу болууда. Алар Б. у-тын барган сайын «...адам катары, үй-бүлө ээси катары, граждании катары дем алышка, өзүнүн билим деңгээлин өнүктүрүүгө, өз укуктарын пайдаланышка» көбүрөөк жумшоодо. (*В. И. Ленин.* Чыгармалар, кыргызча басылышы, 2-том, 322-бет).

СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн Мамлекеттик беш жылдык планында калктын саламаттыгын чыңдоо, Б. у-ты жакшы пайдалануу максаттарында эмгекчилердин активдүү дем алуусун уюштурууну өркүндөтүү: туризмди жана экскурсиялык тейлөөнү өнүктүрүү, туристтик комплекстерди жана базаларды, мотелдерди, кемпингдерди ж. б-ларды куруу каралган.

**БУРЖУАЗИЯЛЫК ИДЕОЛОГИЯ** — капиталисттер табынын таламдарын көрсөтүүчү идеялардын системасы. Согушчан антикоммунизм жана капитализмдин апологетикасы — Б. а-нын негизги мазмуну.

Б. и. реакциячыл, эксплуататордук таптын идеологиясы катары илимге каршы мүнөздө болот. Марксизм-ленинизмдин жана реалдуу социализмдин коомдук практикасынын беделин кетирүүгө жасаган аракеттер, капиталдын өлкөлөрүндө революциячыл кыймылды жана улуттук-боштондук кыймылын бүлдүрүү, капитализмди сактоонун жана чыңдоонун зарылчылыгын актоого жана негиздөөгө умтулуу, анын эксплуататордук, агрессивдүү маңызын чүмбөттөө азыркы шарттардагы Б. и-нын башкы максаттары болуп саналат. Бул аракеттердин ордунан чыкпагандыгы Б. и-нын терең кризиси жөнүндө күбө болот.



Б. и-нын азыркы этабында — «жалпы жыргалчылыктын мамлекети», «постиндустриялык кылым», «конвергенция», «деидеологизация», «социализмдин улуттук моделдери», «адамдын укуктарын коргоо» ж. б. бир катар «теориялар» деп аталган нерселер таркатылууда. Алардын негизги идеясы кеңири кулач жайган илимий-техникалык революция социалдык революцияны керексиз кылып, тап күрөшүнүн проблемасын автоматтык жол менен алып таштайт, социалдык карама-каршылыктарды жана антогонизмдерди четтетет, коомдун бардык катмарларынын керектөөлөрүн канааттандырууну камсыз кылат имиш дегенге алып келет. Бул «теориялардын» бардыгы илимге каршы мүнөздө, империализмдин түздөн-түз апологетикасы болуп саналат.

Капитализмдин жалпы кризиси идеология чөйрөсүн да кучагына алууда. Л. И. Брежневдин КПССтин XXV съездиндеги докладында мындай деп айтылган: «Буржуазиялык коомдун идеялык-саясий кризиси күчөдү. Ал кризис бийликтин институттарынын, буржуазиялык саясий партиялардын бузулушун пайда кылып отурат, элементардык нравалык нормаларды бошондотуп жатат. Коррупция мамлекеттик машинанын жогорку звенолорунда да уламдан-улам ачык абалга айланып отурат. Рухий маданияттын төмөн чөгүшү уланууда, кылмыш кылуу өсүп жатат» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 35-бет).

КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда белгиленгендей, империализм коомдун терең моралдык кризисин, рухий деградацияны, турмушка керектөөчүлүк мамилесин, күчкө сыйынууну; бузулган адамдарды пайда кылат.

Учурубуздагы жүрүп жаткан эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүүнүн шарттарында идеологиялык күрөш начардабастан, кайра күчөйт. Империализм абалдын оорчулугун жеңилдетүүнү социализмди бүлдүрүү үчүн, элдердин ортосунда ишенбөөчүлүктүн жана касташуунун үрөнүн себүү үчүн пайдаланып жатат. Жаңы кырдаалда КПСС Б. и-га каршы күрөштү күчөтөт, совет адамдарында империализмдин идеологиялык диверсияларына каршы дайыма кыраакы болууну калыптандырат.

Идеологиялардын тынчтыкта жанаша жашоосу мүмкүн эмес. В. И. Ленин мындай деп көрсөткөн: «Анда маселе: буржуазиялык идеология же социалисттик идеология деп гана коюлуу керек. Бул жерде орто идеология болуу мүмкүн эмес... Ошондуктан социалисттик идеологияны кемсинтүүнүн ар кандайы, андан четтөөнүн ар кандайы буржуазиялык идеологияны күчөтүү деген болот». (Чыгармалар, кыргызча басылышы, 5-том, 419-бет).

Марксисттик-лениндик теорияны чыгармачылык менен өнүктүрүү, социализмди жана коммунизмди куруунун маселелерин мындан ары иштеп чыгуу, социализмдин дүйнөлүк

системасын чыңдоо, жумушчу жана улуттук-боштондук кыймылын өнүктүрүү, азыркы кездеги капитализмдин өнүгүшүндө жаңы көрүнүштөрдү талдоо, социалисттик коомдун жетишкендиктерин пропагандалоо методдорун өркүндөтүү Б. и-ны ашкерелөөдө маанилүү роль ойнойт.

**ГУМАНИЗМ** (искусстводо) — художниктин чыгармачылык принциптери, адамдын кадыр-баркын урматтоого, анын укуктарын жана керт башынын эркиндигин коргоого умтулууга толгон, адамдарда моралдык жогорку сапаттарды тарбиялоочу көркөм идеялар болуп саналат. Искусствонун чыныгы чыгармалары анын өнүгүшүнүн бардык мезгилдеринде г. идеяларына бөлөнүп келген.

Социалисттик Г.— адамды рухий жана физический кулдандыруунун бардык түрлөрүнөн куткарууга, адамдын ар тараптан чыныгы гүлдөшү мүмкүн болгон түзүлүштү түзүүгө багытталган пролетариаттын революциячыл идеологиясынын жана практикасынын белгиси.

Социалисттик реализмдин искусствосунда коммунизм үчүн күрөшүүчүлөр биринчи жолу даңазаланып, прогрессивдүү коомдук максаттарга жетишүүдө чечкиндүү адамдардын — гуманизм дегенде адамды абстрактуу түрдө сүйүү катары эмес, аны биринчи кезекте, адамзаттын бактысы үчүн күрөш катары түшүнүшкөн жаңы моралды алып жүрүүчүлөрдүн — образдары түзүлгөн. Адабиятта жана искусстводо социалисттик гуманизмдин идеялары элдердин боордоштугун жана достугун бекемдөөдөн, эзүүчүлөрдү, социалдык жана улуттук теңсиздикти жек көрүүнү тарбиялоодон көрүнөт. Адабиятта жана искусстводо социалисттик Г. коммунисттик правалуулуктун белгилерин көрсөтүүнү карайт. Эмгек адамы — материалдык жана рухий маданиятты түзүүчү көркөм чыгарманын башкы каармаңы болуп калат.

Эки карама-каршы системанын идеологиялык күрөшүнүн шарттарында адабият менен искусство бейтарап боло албагандай эле, чыныгы гуманизм да бейтарап боло албайт. Социалисттик искусствонун жогорку гуманисттик миссияларынын бири кулчулукка, эзүүгө, геноцидге, согушка жол берүүчү буржуазиялык моралдын жана буржуазиялык гуманизмдин нукура баасын билүү жагынан адамдарга жардам берүүдөн турат.

«Биздин түзүлүшүбүздүн, биздин социалисттик коомубуздун гуманизми ар качан, ал түгүл оор мезгилдерде да совет адамдарынын **эмгек шарттарын, алардын ден соолугун сактоо жөнүндөгү**, алардын билиминин жана маданий деңгээлинин өсүшү жөнүндөгү камкордуктан ачык-айкын көрүнүп келген. Бул тармактарда онунчу беш жылдыкта да ири социалдык чаралар белгиленген» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 144-бет).

**ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ** (СССРде) — коммунисттик тарбиянын маанилүү фактору, совет коомунун жалпы маданиятынын составдык бөлүгү. СССРдеги Д. т. ж. с-тун негизги милдети — адамдардын ден соолугун чыңдоо алардын дене жагынан туура өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү. 1975-жылдын аягында физкультурниктердин саны бизде 50 миллиондон ашкан. 9-беш жылдыкта 7 миллионго жакын адам саламаттыкты оңоочу, физкультуралык жана спорттук иштердин ар түрдүү формаларына биринчи жолу тартылды. Айыл-кыштак эмгекчилеринин арасында Д. т. ж. с-ту өнүктүрүү боюнча чоң иштер жүргүзүлүүдө. Азыркы убакта мында 121 миңден ашык физкультура коллективдерине 18 миллиондон ашык адам тартылган.

9-беш жылдыктын жылдарында физкультура кыймылынын материалдык-техникалык базасы бир кыйла чыңдалды. Өлкөдө азыр 3198 стадиондор, 61 миңге жакын спорт залдары, 1259 сууда сүзүүчү бассейндер бар.

КПСС жана Совет өкмөтү СССРдеги Д. т. ж. с. жөнүндө дайыма камкордук көрөт. 1972-жылы КПСС БКнын жана СССР Министрлер Советинин токтому менен жаңы Бүткүл союздук физкультуралык «Эмгекке жана СССРди коргоого даяр» (ГТО) комплекси киргизилген. 1975-жылда гана 19,5 млн. ГТО значкисттери, анын ичинде айыл-кыштак жерлеринде 7,3 млн. даярдалган болучу. «СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында» эмгекчилердин активдүү дем алуусун уюштурууну мындан ары өркүндөтүү, ишканаларда жана мекемелерде, окуу жайларында жана калк турган жерлерде массалык Д. т. ж. с-ту өнүктүрүү, спорттук жана туристтик комплекстердин санын көбөйтүү, спорттук жана туристтик шаймандарды чыгарууну кеңейтүү каралган.

**ДҮЙНӨГӨ КОММУНИСТТИК КӨЗ КАРАШ** — жумушчу табынын жана анын маркcисттик-лениндик партиясынын бүтүндөй алганда дүйнө, коомдун өнүгүшү жөнүндө көз караштарынын, түшүнүктөрүнүн системасы. Д. к. к. к. эң бир революциячыл таптын дүйнөгө көз карашы болуу менен, биздин коомдо бүткүл совет элинин дүйнөгө көз карашы болуп калат. Д. к. к. к. эмгекчилердин философиялык, экономикалык жана социалдык-саясий көз караштарынын бирдиктүү системасы катары чыгат. Биздин өлкөнүн эмгекчилеринде Д. к. к. к. маркcисттик-лениндик билим берүүнүн жана Коммунисттик партия тарабынан жүргүзүлүүчү тарбиянын натыйжасында жана да турмуштун бүткүл социалисттик уклады менен калыптанат. Д. к. к. к. илимий материалисттик мүнөздө, атеисттик, динден эркин, чыгармачыл, жаңы, коммунисттик коомду түзүүгө багытталган. Д. к. к. к. ачык көрүнүүчү таптык партиялык мүнөздө болуп, ал буржуазиялык жана ревизионисттик идеология менен элдешпейт.

Д. к. к. к-тын маанилүү белгилери: коммунизмдин ишине берилгендик, пролетардык интернационализм, оптимизм, гуманизм, жумушчу табынын тап душмандарын жек көрүү, бүткүл дүйнөлүк масштабда коммунизмдин жеңип чыгарына ынануу, коммунисттик моралдын нормаларын сактоо. Л. И. Брежнев КПССтин XXV

съездинде марксизмдин-ленинизмдин партиялык туура стратегия менен тактиканы иштеп чыгуучу ролун карап, «ал бизге тарыхый келечекти түшүндүрөт, социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүүнүн багытын көп жылдарга алдын ала белгилеп алууга, эл аралык окуяларда туура багытта болууга жардам берет», деп белгилеген (КПССтин XXV съездинин материалдары, 86-бет).

**ЖАЛПЫГА МИЛДЕТТҮҮ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ** — ар бир совет адамына коомдук турмушка катышуу, адамдын социалдык жана рухий функцияларын орундатуу жана жогорку билим алуу үчүн зарыл болгон орто билимди камсыз кылуучу мамлекеттик чаралар системасы. Биздин өлкөдө Ж. м. о. б. б. жалпы билим берүүчү орто мектептер, профессиялык-техникалык орто окуу жайлары жана атайын орто окуу жайлары аркылуу ишке ашырылат. 9-беш жылдыктын жылдарында элге билим берүүнү өркүндөтүү боюнча бир кыйла жумуштар жүргүзүлдү. КПССтин XXIV съездинин чечимдеринде каралгандай, жаштардын Ж. м. о. б. б-га өтүү ишин негизинен аяктоо, анын маанилүү жыйынтыгы болуп саналат. Азыркы убакта жалпы билим берүүчү мектептердин 8-класстарын бүтүрүшкөн өспүрүмдөрдүн 95 проценттен ашыгы орто билим берүүчү ар түрдүү окуу жайларда окууну улантып жатышат.

«СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында» мындай деп жазылган: «Жалпыга милдеттүү орто билим берүү өнүктүрүлсүн жаңа өркүндөтүлсүн. Орто мектепте окуу-тарбия иштеринин деңгээли жогорулатылсын. Окуучуларды эмгекке тарбиялоого, жаштарга профессиялык багыт берүүгө, аларды этикалык жана эстетикалык тарбиялоого көбүрөөк көңүл бөлүнсүн». СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн Мамлекеттик беш жылдык планы жөнүндө Закондо орто билим берүүнү өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар каралган: профессиялык-техникалык орто окуу жайларына окуучуларды кабыл алуу 1975-жыл менен салыштырганда 1980-жылы 181,4 процентке чейин, ал эми атайын орто окуу жайларына кабыл алуу 105,1 процентке чейин өсөт.

КПСС БКнын жана СССР Министрлер Советинин «Жаштарга жалпыга милдеттүү орто билим берүүгө өтүүнү аяктоо жана жалпы билим берүүчү мектепти мындан ары өнүктүрүү жөнүндө» токтомунда (1972) биздин өлкөдө Ж. м. о. б. б-гө өтүүнү аяктоо жалпы элдик иш болуп эсептеле тургандыгы белгиленген. Бул маанилүү социалдык чараны практика жүзүндө турмушка ашырууга бардык эмгекчилердин активдүү көмөк көрсөтүүсү партия тарабынан элге билим берүү жагынан коюлган милдеттерди чечүүгө жардам берет.

**ЖЕКЕ МЕНЧИКЧИЛ ПСИХОЛОГИЯ** — эксплуататордук коомдордо келип чыккан жана буржуазиянын, майда буржуазиянын, помещиктердин таптык таламдарын билдирүүчү сезимдердин, эмоциялардын, маанайлардын, ой жүгүртүүлөрдүн, эрк актыларынын, адаттардын салттардын жыйындысы. Социалисттик коомдо Ж. м. п. адамдардын аң-сезиминдеги жана жүрүш-турушундагы өткөндүн саркындылары түрүндө болот. Индивидуализм, дүйнөкордук, баюуга жана байлыкка умтулуу, мителчилик, антигуманизм, социалдык пессимизм анын негизги белгилери болуп саналат. Социалисттик коомдо Ж. м. п. турмуштун бүткүл социалисттик уклады менен жана партиянын активдүү идеологиялык иши менен жоюлат. КПССтин XXV съездинин чечимдеринде жана документтеринде жеке менчикчил психологиянын саркындыларына каршы күрөштү күчөтүү зарылдыгы көрсөтүлгөн (КПССтин XXV съездинин материалдары, 93-бет).

**ЖОГОРКУ ЖАНА АТАЙЫН ОРТО БИЛИМДЕР** — элге билим берүүнүн составдык бөлүгү; окуу жайларынын системасы аркылуу жогорку мектептин көлөмүндө билим берүүнү же толук орто мектептин көлөмүндө жалпы билим берүүнү жана эл чарбасы менен маданияттын бул же тигил жагында иштөө үчүн атайын даярдыкты камсыз кылат. Азыркы убакта биздин өлкөнүн эл чарбасында иштеген кызматкерлердин төрттөн үчүнөн ашыгынын жогорку же орто (толук жана толук эмес) билими бар. 9-беш жылдыкта жогорку жана атайын орто окуу жайлары тарабынан 9 млн. адис даярдалып чыгарылган. Улуттук республикаларда адистерди даярдоо кеңейтилди. Революцияга чейин сабаттуу адамдар жок, дээрлик болгон Өзбекстанда азыр 42 жогорку окуу жайы бар, аларда 250 миңге жакын улан менен кыз окуйт. Советтер Союзунда бардыгы болуп 850 жогорку окуу жайы жана 4300дөн ашык техникум жана атайын орто окуу жайы бар. 9-беш жылдыкта гана СССРде 63 жаңы жогорку окуу жайы, 156 техникум жана окуу жайы ачылды.

10-беш жылдыктын жылдарында жогорку окуу жайлары жана атайын орто окуу жайлары 9,6 млн. адисти даярдайт. Тез өнүгүп жаткан, жаңы багыттар боюнча адистерди чыгаруу көбөйөт.

**ИДЕОЛОГИЯЛЫК КҮРӨШ** — тап күрөшүнүн формаларынын бири, коммунисттик жана буржуазиялык идеологиялардын күрөшү. Коммунисттик идеология социалисттик мамлекеттердин эмгекчилеринин, империалисттик жана колониялык эзүүдөн боштондукка чыккан өлкөлөрдүн жумушчу табынын жана эмгекчилеринин түпкү таламдарын көрсөтөт. Буржуазиялык идеология капиталисттер табынын таламдарынын сакчылыгында турат. Жумушчу табы менен буржуазиянын таламдары элдешкис, ошондуктан алардын идеологиялары да элдешпейт. Алар пайда болгондон тартып эле бул экөөнүн айыгышкан күрөшү жүрүп келе жатат. Социалисттик мамлекеттин ич арасында И. к. негизинен адамдардын аң-сезиминдеги жана жүрүш-турушундагы өткөндүн саркындыларын жоюуга, дүйнөкордук, паракорлук, жатып ичерлик ж. б. ушул өңдөнгөн комму-

нисттик моралга сыйбаган көрүнүштөр менен күрөшүүгө багытталган. Эл аралык аренада марксизмдин-ленинизмдин идеяларын жана социализм менен коммунизм жөнүндө чындыкты таркатуу, буржуазиялык жана ревизионисттик идеологияны ашкерелөө, эксплуататордук түзүлүштүн кемтиктерин сынга алуу партиянын И. к-үнүн милдеттери болуп саналат.

Азыркы шарттарда И. к. кескин курчуду, мунун өзү дүйнөлүк аренада күчтөрдүн катнашынын социализм пайдасына түп тамырынан бери өзгөрүшү менен байланышкан. Буржуазия өзүнүн позицияларынын начардагандыгынын ордун идеологиялык кеңири агрессия менен толтурууга аракет кылып жатат.

КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда реакциячыл чөйрөлөр Советтер Союзуна жана башка социалисттик өлкөлөргө каршы идеологиялык диверсияларды, антисоветтик, антикоммунисттик ушак кампанияларын уюштурушуп, социалисттик жана башка өлкөлөрдүн ички иштерине кийлигишүүгө аракет кылып жатышкандыктары белгиленген. Согушчан антикоммунизм жана антисоветизм империалисттик буржуазиянын идеологиясынын жана саясатынын башкы мазмуну жана ошол эле убакта социализмдин дүйнөсүнө каршы И. к. анын куралы болуп саналат. «Дүйнөлүк саясаттагы оң мүнөздөгү жылыштар, оор абалдын жеңилдегендиги социализмдин идеяларын кеңири жайылтуу үчүн ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрдү түзүп жатат. Бирок, экинчи жагынан, эки системанын идеялык карама-каршы күрөшү өтө активдүү, империалисттик пропаганда — өтө айла-амалдуу болуп бара жатат.

Дүйнөгө эки бөлөк көз караштын күрөшүндө бейтараптыкка жана компромисстерге орун болууга тийиш эмес. Мында жогорку деңгээлдеги саясий кыраакылык, активдүү, оперативдүү жана ынандыруучу пропагандисттик иш, душмандын идеологиялык диверсияларына өз убагында сокку уруу керек» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 89-бет).

Коммунисттик идеалдарды жана советтик турмуш мүнөзүн пропагандалоонун күжүрмөн, кеңири программасы партиянын XXV съездинин документтеринде, КПСС БКнын токтомдорунда негизделген. Анын негизинде КПСС империалисттик пропагандага чечкиндүү сокку урат, адамдарга социалисттик коом, турмуштун советтик образы жөнүндө, биздин өлкөдө коммунизмди куруу жөнүндө чындыкты жеткирет. КПСС эл аралык аренада И. к-тү мурдагыдан да активдүү жүргүзө баштады. Идеологиялык органдардын иштеринин натыйжалуулугу өстү. Алар империалисттик пропагандага каршы күрөштө социализмдин таламдарын активдүү коргоодо. Буржуазиялык идеологияга, оппортунизмге сокку уруу менен, КПСС эмгекчилердин кеңири массаларында дүйнөгө коммунисттик көз карашты калыптандыруу, аларды



марксизм-ленинизм идеяларында тарбиялоо, бул негизде советтик адамдардын эмгектеги жана коомдук саясий активдүүлүгүн жогорулатуу боюнча ар тараптуу ишти жүргүзүп жатат.

**ИДЕЯЛЫК-ТАРБИЯ ИШИНИН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ** — ал эмгекчилердин социалисттик аң-сезиминин өнүгүшүнө, алардын билимине, сезимдерине, ынануусуна, практика жүзүндөгү жүрүш-турушуна жана ишмердигине кандай конкреттүү таасир көрсөткөндүгүн көрсөтүүчү идеологиялык иштин максатын, милдеттерин жана пландарын реализациялоо чарасы. И.-т. и. н. эмгекчилерди коммунисттик тарбиялоодо, коммунисттик курулуштун экономикалык, социалдык жана маданий милдеттерин идеологиялык жактан камсыз кылууда кандай реалдуу ийгиликтерге жетишилгендигинин далили болуп саналат. «Массаны саясий жактан тарбиялоонун ийгилигинин ченеми, албетте, конкреттүү иштер. Коммунисттик идеялуулук — бул билимдердин, ынангандыктын жана практикалык аракеттердин бирдиктүү көрүнүшү» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 91-бет).

Партиянын XXV съездинин документтеринде И. т. и. н-н жогорулатуунун магистралдык багыттары белгиленген. Л. И. Брежнев съезддеги докладында мындай деп айткан: «Бул иштин натыйжалуулугун жогорулатууга жетишүүдө бизге багыт көрсөтө турган жолду партиялык уюмдардын практикасы айтып отурат. Бул — тарбиялоонун бүткүл ишин жолго коюуга комплекстүү мамиле кылуу, башкача айтканда, эмгекчилердин ар түрдүү топторунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен идеялык-саясий, эмгектик жана нравалык тарбиялоонун бекем биримдүүлүгүн камсыз кылуу болот» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 99-бет).

Натыйжалуулукту белгилөө үчүн объектинин идеологиялык таасир көрсөтүүгө чейинки практикалык абалы жөнүндө, жүргүзүлгөн идеологиялык иштин мазмуну, анын каражаттары, формалары, методдору жөнүндө, идеологиялык таасир көрсөтүүнүн реалдуу натыйжалары жөнүндө, натыйжалуулукту белгилөөчү шарттар жана факторлор жөнүндө ж. б-лар жөнүндө ар түрдүү социалдык информацияны чогултуп, талдап чыгуу зарыл. И.-т. и. н-н илимий талдоо коомдук, табигый жана техникалык илимдердин жетишкендиктеринин негизинде, ЭВМди жана математикалык методдорду колдонуу менен социалдык информацияны жыйноонун, иштетүүнүн жана талдоонун азыркы кездеги бардык методдорун пайдаланган убакта гана мүмкүн. Партиялык комитеттер ишке талдоо берген убакта илимий коллективдер тарабынан иштелип чыккан методиканы жана мүнөздүү документтерди пайдалана алышат (к. маселен, өнөр жай ишканаларынын жумушчуларына массалык экономикалык билим берүүнүн натыйжалуулугун баалоо методикасы М. «Знание». 1975). И.-т. и. н. жана аны жогорулатуу жолдорун туура аныктоо партиянын иши-

нин бул маанилүү участогуна илимий жетекчиликти мындан ары жакшыртуунун зарыл шарты болуп саналат.

**ИДЕЯЛЫК - ТАРБИЯЛЫК ИШКЕ КОМПЛЕКСТҮҮ МАМИЛЕ** — идеялык-саясий, эмгектик жана правалык тарбиянын биримдигинен турган партиянын илимий негизделген саясаты. Л. И. Брежнев партиянын XXV съездинде мындай деп белгилеген: «Бул иштин натыйжалуулугун жогорулатууга жетишүүдө бизге багыт көрсөтө турган жолду партиялык уюмдардын практикасы айтып отурат. Бул — тарбиялоонун бүткүл ишин жолго коюуга комплекстүү мамиле кылуу, башкача айтканда, эмгекчилердин ар түрдүү топторунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен идеялык-саясий, эмгектик жана правалык тарбиялоонун бекем биримдүүлүгүн камсыз кылууга болот» (КПСС-тин XXV съездинин материалдары, 89-бет). Азыркы этапта К. м. тарбиялоо чөйрөсүндөгү негизги милдет катарында, бул процессти оптимизациялоо жолу катарында чыгат.

Тарбияга К. м. идеялык-тарбия ишинин бардык тараптарын, элементтерин — максатын, багытын, мазмунун, пландаштырылышын, каражаттарын, формаларын ж. б. кучагына алат. Система катарында төмөндөгүлөр К. м-нин негизги элементтери, белгилери болуп саналат: «Биринчиден, тарбиялык (идеялык-саясий, эмгектик жана правалык) таасир көрсөтүүнүн максаттарынын жана багыттарынын биримдиги; экинчиден, коомдук турмуштун техникалык-экономикалык, уюштуруу, идеологиялык жана башка факторлорун эске алуу; үчүнчүдөн, тарбиянын бардык каражаттарынын иштерин пландаштырууну жана координациялоону жакшыртуу; төртүнчүдөн, ар түрдүү топтордун бөтөнчөлүктөрүн эске алуу менен бүткүл калкты тарбия таасиринин кучагына алуу; бешинчиден, бардык адамдарды социалдык практикага кошуп, аларды түзүүчү эмгекке жана коомдук иштерди башкарууга катыштыруу менен агартууну жана окутууну ырааттуу айкалыштыруу; алтынчыдан, тарбиялоочу күч-аракеттердин натыйжалуулугун туруктуу практикалык текшерүү, мунун негизинде тарбия процессинин өзүн илимий методдорду пайдалануу менен текшерүү» (Г. Смирнов. КПССтин XXV съезди тарбияга комплекстүү мамиле кылуу жөнүндө. «Правда», 1976-жыл 14-сентябрь).

К. м-нин максаты инсанды ар тараптан тарбиялоону камсыз кылууда турат, мунун өзү өнүккөн социалисттик коомдо объективдүү зарылчылыкка айланат жана практикалык мүнөзгө ээ болот. К. м. коммунисттик тарбиянын бардык негизги багыттарын — идеялык-саясий, эмгектик, правалык ж. б. тарбияны кучагына алат. КПССтин XXV съездинде белгиленгендей, социалисттик мелдеш саясий, эмгектик жана правалык тарбиянын биримдигинин ачык көрүнүшү болуп саналат. Идеялык-тарбия ишинин перспективдүү комплекстүү пландарын түзүү К. м-ни ишке ашырууда маанилүү ролду ойнойт. К. м-нин мазмуну боюнча эмгекчилерди коммунисттик идеологиянын бардык формаларынын жана илимдин негизинде, рационалдуу жана психологиялык таасир көрсөтүүнүн биримдигинде тарбиялоону талап кылат. К. м.— жасаган учурда идеялык-тарбия ишинин бардык каражаттары жана формалары координацияланып пайдаланылат.



**ИЛИМ** — дүйнөнүн объективдүү көрүнүшүн ачуучу коомдук аң-сезимдин формаларынын бири; жаратылыштын жана коомдун өнүгүү законду жөнүндөгү билимдердин системасы. И. табигый илимдерге (физикалык-математикалык, геологиялык-географиялык, химиялык, биологиялык ж. б.) жана коомдук (философия, саясий экономия, тарых, укук ж. б.) илимдерге бөлүнөт. Динге карама-каршы келип, И. диний ишенимге эмес, коомдук-тарыхый практика тарабынан текшерилген, бул же тигил илимий жоболордун тууралыгынын критерийи болуп эсептелген объективдүү закондорго, анык маалыматтарга негизденет.

Капитализм шарттарында И. үстөмдүк кылуучу таптардын таламдарына, эмгекчилерди эксплуатациялоо үчүн каражат болуп кызмат кылат. Социалисттик өлкөлөрдө И. коомдун улуу өндүргүч күчүнө айланды. «Социализмдин шарттарында гана илимий-техникалык революция адамдын жана коомдун таламдарына жооп берүүчү туура багытка ээ болот. Өз кезегинде, социалисттик революциянын түпкү милдеттери — коммунисттик коомду куруу милдети илим техниканы тез өнүктүрүүнүн негизинде гана чечилиши мүмкүн» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 57-бет).

КПССтин XXIV съездинин чечимдерин орундатуу менен өлкөдө илимий-техникалык потенциалдын бир топ өсүшүнө жетишилди, илимий изилдөөлөрдүн майданы кеңейди. 9-беш жылдыктын жылдарында чыгарылган жабдуулардын, машиналардын көп түрлөрү, бир катар технологиялык процесстер дүйнөлүк мыкты жетишкендиктерге жооп берет. Партиянын багыты мындан ары карай да И. өнүктүрүү жөнүндө дайыма камкордук көрүүдө турат. КПССтин XXV съезди тарабынан бекитилген «СССР-дин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында» илимий изилдөөлөрдү мындан ары өнүктүрүү, алардын натыйжаларын эл чарбасына тездетип жана кеңири киргизүү каралган (к. *Илим түздөн-түз өндүргүч күч катарында.*)

**ИЛИМИЙ КОММУНИЗМ** — марксизм-ленинизмдин составдык бөлүгү, пролетариаттын тап күрөшүнүн закон ченемдүүлүктөрү, жолдору жана формалары, социалисттик революция, социализмди жана коммунизмди куруунун социалдык-саясий жана рухий закондору жана методдору жөнүндөгү илим. И. к. марксисттик-лениндик философияга жана саясий экономияга таянып, капитализмдин өлүмү жана аны коммунисттик коом менен алмашуу шексиз экендигинин социалдык-саясий жана идеологиялык жактан негиздейт, коммунисттик формациянын калыптанышынын жана өнүгү-

шүнүн социалдык-саясий жана рухий законченемдүүлүктөрүн ачат. И. к. эл аралык жумушчу жана улуттук-боштондук кыймылынын тажрыйбасын, социалисттик жана коммунисттик курулуштун тажрыйбасын теориялык жыйынтыктоо катары чыгат. И. к-дин теориясы интернационалдык мүнөздө жана бардык марксисттик-лениндик партиялардын теориялык куралы болуп саналат. И. к-дин чыгармачылык мүнөзү эмгекчилердин социализмдин жана коммунизмдин жеңиши үчүн эмгекчилердин күрөшүү процессинде анын дайыма өнүгүшүнөн, жана да конкреттүү-тарыхый шарттарды эске алуу менен жалпы принциптерди, закондорду колдонуудан көрүнөт. КПСС илимий коммунизмди өнүктүрүүгө талыкпастан көңүл бурат. Партиянын теориялык жана саясий документтеринде жаңы коомду куруунун бай тажрыйбасы жыйынтыкталган, эл аралык өнүгүү процесстерине талдоо берилген. Партиянын XXV съездинин материалдары И. к-ди өнүктүрүүгө кошкон ири салым болуп саналат. Аларда коом таануу илимий иликтөөчү окумуштуулардын алдына конкреттүү милдеттер коюлган.

КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда көрсөтүлгөндөй, КПССтин жана боордош коммунисттик жана жумушчу партияларынын коллективдүү күч-аракеттери менен иштелип чыккан өнүккөн социализмдин концепциясы илимий коммунизмди мындан ары өнүктүрүү болуп саналат. И. к-дин теориясы коммунисттик жана жумушчу партиялардын саясатын, стратегиясын жана тактикасын иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат. И. к. теориясынын социалисттик коомго жетекчилик кылуудагы мааниси бөтөнчө зор. И. к. буржуазиялык идеологияга, оппортунизмге жана ревизионизмге каршы күрөштө идеологиялык курч куралы болуп эсептелет.

**ИНСАНДЫН АР ТАРАПТАН ӨСҮШҮ** — өзүндө рухий байлыкты, моралдык тазалыкты жана дене жагынан жетилүүнү айкалыштырган коммунисттик коомдун адамын калыптандыруу процесси.

И. а. т. ө. коомдогу экономикалык, социалдык-саясий жана маданий мамилелердин жыйындысы, биздин турмуштун бүткүл уклады, коомдогу иштердин жүрүшү менен жетилишет. Партиянын идеологиялык иштери жаңы адамды калыптандырууда улам өсүп бараткан ролду ойнойт. Дүйнөгө илимий-материалисттик көз карашты түздүрүү, эмгекке тарбиялоо, коммунизмди куруучунун моралдык кодексинин, пролетардык интернационализмдин жана социалисттик патриотизмдин рухунда правалык тарбия берүү, коммунисттик коомдун ар тараптан өнүккөн мүчөлөрүн калыптандыруу, адамдардын аң-сезиминдеги жана жүрүш-турушундагы калдыктарды жоюу, буржуазиялык идеологияны ашкерелөө коммунисттик курулуштун азыркы этабындагы коммунисттик тарбиялоонун негизги багыттары болуп саналат. Л. И. Брежневдин КПССтин XXV съездиндеги докладында адамдарды



идеялык жактан тарбиялоо, жаңы адамды — коммунизмдин татыктуу куруучусун тарбиялоо маселелери партиянын ишинде зор орунду ээлөөгө тийиш экендиги көрсөтүлгөн. Ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо процессин тездетүүдө. КПССтин XXV съезди тарабынан тарбиялоо процессин тездетүүдө КПССтин XXV съезди тарабынан көтөрүлгөн тарбиянын бүткүл ишинин комплекстүү мамиле жасоо милдети, эмгекчилердин ар түрдүү топторунун бөтөнчөлүктөрүн эске алуу менен идеялык-саясий, эмгектик жана правалык тарбиянын тыгыз биримдигин камсыз кылуу чоң мааниге ээ болот.

**ИСКУССТВО** — коомдук аң-сезимдин жана адамдын ишмердигинин формаларынын бири. Чындыкты асылдыктын закону боюнча чыгармачылык менен органикалык айкалыштыруучу образдуу чагылдыруу И-нун спецификалык өзгөчөлүгү болуп саналат. Көркөм образдарда социалдык турмуштун тажрыйбасын, адамдын чындыкка эстетикалык мамилесин, мүнөздөрдүн, баштан өткөрүүлөрдүн жана кагылышуулардын бүткүл жыйындысын чагылдырып, И. ойго, эркке жана адамдардын сезимдерине активдүү таасир көрсөтөт, алардын коомдук жана правалык идеалдарын, асылдык жөнүндө түшүнүктөрүн калыптандырууга жардам берет. И. адамдын кылык-жоруктарына багыт берет жана мунун аркасында чындыкты таанып-билүүгө гана эмес, ошондой эле кайра курууга да жардам берет.

И. чындыкты көрүү образдарында (к. *Сүрөт искусствосу*), үн образдарында, сөздө (к. *Адабият*) искусствонун айрым түрлөрүн синтездөөнүн аркасында (к. *Кинематография, Театр искусствосу*) чагылдыра алат; ал көркөмдүк милдеттерин утилитардык милдеттер менен (маселен, архитектурада жана прикладдык И-да айкалыштыра алат).

Эмгек адамдардын коомдук турмушу көркөмдүк ишмердүүлүктүн жана адамдын эстетикалык сезимдери менен керектөөлөрүнүн калыптануусунун бүткүл процессинин келип чыгышынын булагы болуп саналат деп эсептейт марксизм. И-нун кайра түзүүчүлүк максаттарынын багыттуулугу, эстетикалык идеалдарды калыптандырышы, И-нун өзүнүн ички өнүгүшү, акыркы эсепте коомдун турмушунун материалдык керектөөлөрү менен белгиленет. Бирок И. коомдун рухий турмушунун көрүнүштөрү: саясат, идеология, диний, философиялык көз караштар, илим, мораль менен түздөн-түз байланышкан. Ошондуктан И. таптык коомдо таптык мүнөзгө ээ болот.

Өткөн доорлордогу И-нун үлгүлөрү маанисин узакка сактап калат жана кызыгууну пайда кылат, эмне үчүн дегенде чыныгы И. идеялар менен тажрыйбаларды топтоп, өткөн турмуштун көрүнүштөрүн берип гана тим болбостон, ал жогорку сезимдерди берүүгө, кайгылуу натыйжа менен, жагдайдын драматизми менен толкундатууга, биздин элестөө дараметибизди байытууга жөндөмдүүлүгүнө да ээ. «Көркөм сөз, сүрөт боёкторунун кубу-

лушу, скульптуранын ачык айкын көркөм таасирдүүлүгү, үндөрдүн ыргагы,— деп айткан Л. И. Брежнев партиянын XXV съездинде, — замандаштарды шыктандырып, биздин муундарыбыз жөнүндө, биздин мезгил жөнүндө, анын түйшүктөрү жөнүндө жана бүтүргөн эмгеги жөнүндө, жүрөктүн жана ички жан дүйнөнүн эстелигин биздин кийинки муундарга сактап калтыра тургандыгын жакшы билебиз» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 96—97-беттер).

Ар бир коомдо И-нун прогресси өзүнүн түзүлүшү үчүн күрөшүп жаткан алдыңкы таптын ишмердиги менен байланышкан, анткени анын жеңип чыгышына эмгекчи эл массалары кызыгышат. Азыркы кездеги коомдун жогорку эстетикалык идеалы жумушчу табынын жана коомду коммунисттик кайра куруу үчүн күрөшүп жатышкан күчтөрдүн дүйнөгө көз карашында камтылган. Бул идеал социалисттик реализмдин И-сунун негизине салынган.

«Өткөн жылдар үчүн чыгармачыл интеллигенциянын ишмердүүлүгүнүн андан ары активдештирилиши мүнөздүү болду, ал коммунисттик коомду куруунун жалпы партиялык, жалпы элдик ишине улам салмактуу салым кошууда.

Кийинки жылдарда биздин өлкөбүздө түзүлгөн социалисттик реализмдин жаңы чыгармаларында бул оң мүнөздөгү, жандандыруучу процесс чагылдырылгандыгы табигый иш. Алардан өлкөгө дем берип турган негизги, олуттуу көрүнүштөр, совет адамдарынын жеке тагдырынын бир бөлүгү болуп калгандар улам көп, андан да башкысы — терең көрүнүүдө». (КПССтин XXV съездинин материалдары, 94—95-беттер).

**КАЛКТЫН ЖАЛПЫ БИЛИМ ДЕҢГЭЭЛИ** — элдин маданий деңгээлинин маанилүү көрсөткүчү. КПССтин социалдык саясаты күч эмгегине да, акыл эмгегине да, коомдук жана мамлекеттик турмуштун ар кыл жактарында, илим жана маданият жагында активдүү иштерге жөндөмдүү жогорку билимдүү адамдарды тарбиялоо жана даярдоо үчүн зарыл шарттарды түзүүгө багытталган. Совет бийлигинин жылдарында партия сабатсыздыкты жоюу, милдеттүү башталгыч, милдеттүү жети жылдык, милдеттүү сегиз жылдык жана акырында жалпыга милдеттүү орто билим берүү өндөнгөн проблемаларды ырааттуу чечип келген. 9-беш жылдыктын жылдарында жалпы билим берүүчү орто мектеп 15 млн. адамды уядан учурду. Ушул эле мезгилдин ичинде 5 млн. уландар менен кыздар өндүрүштө иштеп жүрүшүп, толук жана толук эмес орто билим алышты. 1975-жылы гана 4,4 млн. жаштар толук орто билим алышты. Бул ал уюштурулгандан бери карай орто мектептин эң чоң бүтүрүп чыгуу болуп саналат.

Биздин өлкөдөгү илимий-техникалык прогресстин жогорку темптери жогорку жана орто профилдеги адистерди даярдоонун улам чоң масштабдарын талап кылат. Бүгүнкү күндө өлкөнүн 859 жогорку окуу жайында 5 млн. жакын студент окуп жатат. 4286 атайын



орто окуу жайында туп-туура 4,5 млн. адам окуйт. 93 миллиондон ашык адам окуунун бардык түрлөрүнө тартылган.

«СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында» мындай деп жазылган: «Илимий-техникалык прогресстин талаптарына жана эмгекчилердин маданий-техникалык жана билим деңгээлин кыйшаюусуз жогорулатуу, жумушчулар менен адистердин квалификациялуу кадрларын даярдоону жакшыртуу милдеттерине ылайык элге билим берүү системасын мындан ары өнүктүрүү ишке ашырылсын» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 258-бет).

Кесипчилик-техникалык окуу жайлары 10-беш жылдыкта бардыгы болуп 10,7 млн. квалификациялуу жумушчу даярдайт. Жогорку жана атайын орто окуу жайлары тарабынан 9,6 млн. адис даярдалат. Тез өнүгүп жаткан тармактар үчүн, бөтөнчө техникалык прогресстин жаңы багыттары боюнча адистерди чыгаруу бир кыйла көбөйөт.

**КЕСИПЧИЛИК - ТЕХНИКАЛЫК ОКУУ ЖАЙЫ** — массалык кесиптин адистерин жана жогорку квалификациялуу жумушчуларды даярдоо боюнча окуу жайы. СССРде кесипчилик-техникалык билим берүүнүн жалпы мамлекеттик системасы 1940-жылы түзүлгөн. Азыр өлкөдө 6 миң К.-т. о. ж. бар. Алардын теңине жакыны жаштарга орто билим берет. 9-беш жылдыктын мезгилинде К.-т. о. ж-да 9 миллиондон ашык квалификациялуу жумушчу даярдалган.

«СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында» кесипчилик-техникалык орто жана техникалык окуу жайларына окуучуларды кабыл алууну 2 эседен ашык көбөйтүү каралган. Кесипчилик-техникалык билим берүү системасында болжол менен 11 млн. квалификациялуу жумушчу даярдоо керек. Кесипчилик-техникалык окуу жайларында орто билимдүү жумушчуларды даярдоону кеминде 2,5 эсе көбөйтүү каралган. 1,1—1,2 млн. окуучулук орундуу К.-т. о. ж. жана да окуучулар үчүн зарыл сандагы жатаканалар ишке киргизилет.

КПСС БКнын жана СССР Министрлер Советинин «Айыл-кыштактык кесипчилик-техникалык орто окуу жайларынын тармагын кеңейтүү жана алардын иштерин жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндөгү» токтомуна (1975) ылайык айыл-кыштактык кесипчилик-техникалык орто окуу жайында квалификациялуу жумушчуларды даярдоону андан ары өркүндөтүү жана кеңейтүү менен аларды айыл-кыштак жерлеринде бекемдөө каралган. Негизинен алдыңкы ири совхоздордун, суу чарба жана токой чарба уюмдарынын, «Сельхозтехника» ишканаларынын базасында К.-т. о. жайынын курулуштарын ишке ашыруу зарыл деп табылган.

**КИНЕМАТОГРАФИЯ** — кинофильмдерди чыгарууну жана прокаттоону ишке ашыруучу маданияттын жана эл чарбасынын тармагы. Фильмдерди тартып алууну жана экранда көрсөтүүнү камсыз кылуучу

методдордун жана техникалык каражаттардын жыйындысы «кинематограф» деген сөз менен билдирилет. «Кино» термини (к. *Киноискусство)* кинематографтын техникасынын негизинде келип чыккан искусствонун түрүн атоо үчүн колдонулат. «Кино», «кинематограф» жана К. деген түшүнүктөр көп убактарда бири-бирин алмаштыра бергени менен алардын ортосунда олуттуу айырмалар бар.

К. СССРде — мамлекеттик тармак; ага жетекчиликти СССР Министрлер Советинин кинематография боюнча Мамлекеттик комитети, республикалык комитеттер жана жер-жерлердеги алардын органдары ишке ашырышат, киноискусствосун өнүктүрүү маселелери боюнча партия менен өкмөттүн чечимдерин орундатуу; фильмдерди түзүү боюнча чыгармачылык ишти уюштуруу; киноөндүрүшүн, фильмдерди реализациялоону жана бөлүштүрүүнү пландаштыруу, кинотармагына жетекчилик кылуу; репертуардык саясатты белгилөө; кинематографияга бирдиктүү техникалык жетекчилик; кино жагынан эл аралык байланыштарды ишке ашыруу алардын негизги милдеттери болуп саналат. (к. КПСС БК-нын 1972-жылдын 2-августундагы «Советтик кинематографияны мындан ары өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө» токтому.— Партиялык кызматкердин справочниги. 13-чыгарылышы. Политиздат, 1973, 210—215-бет).

**КИНОИСКУССТВО** — кинематографтын техникалык базасында келип чыккан (к. *Кинематография)* жана искусствонун мейкиндик, убакыт жана музыкалык түрлөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн бириктирген оюн көрсөтүү искусс:восунун түрү. К. искусствонун башка түрлөрүн жана адабиятты көрсөтүүнүн техникалык каражаттары менен механикалык түрдө бириктирүү болуп саналбайт, ал алардын өзгөчө каражаттары бар кээ бир ыкмаларын синтездейт, ошондон улам адабияттан, театрдан ж. б. сапаттуу айырмаланат. К. пайда болгон убакыттын ичинде анын негизги түрлөрү: көркөм-ойноочулук, хроникалдуу-документалдуу жана мультипликациялык кино түзүлгөн. Документалдуу, мультипликация жана ойноочу кино каражаттары менен илимий-популярдуу фильмдер да түзүлөт.

Киноискусство катары XX кылымдын баш ченинде кинематографтын техникалык каражаттарынын негизинде андан бир аз мурда ойлонулуп чыгарылган. «Дудук» кино деп аталган, үн менен коштолбогон К-нун гүлдөшү 20-жылдардын мезгилине таандык жана бир кыйла даражада советтик К-нун пайда болушу менен байланышкан. Эйзенштейндин (Потемкин «Броненосеци»), Пудовкиндин («Эне», 1926), Довженконун («Жер», 1930) кинофильмдери, Д. Вертовдун документалдуу фильмдери, советтик башка кинематографисттердин эмгектери дүйнөлүк кинодо бүтүндөй доорду түзгөн.

«Эгерде художник өз элинин идеяларын, оюн жана тилегин чынчыл жана талапттуу көрсөтө турган болсо, коомдун рухий турмушунда кино искусствосуна чоң орун таандык болот, ал активдүү кайра түзүүчү күчкө айланат» (Л. И. Брежневдин Ташкенттеги IV Эл аралык кинофестивалдын катышуучуларына жана меймандарына куттуктоосунан. — «Правда», 1976, 20-май).



**КОММУНИЗМДИ КУРУУЧУНУН МОРАЛДЫК КОДЕКСИ** — КПССтин XXII съездинде (1961) кабыл алынган партиянын Программасында формулировкаланган жана илимий негизделген коммунисттик моралдын нравалык принциптери. Коммунизмге өтүүнүн процессинде коомдун турмушунда нравалык негиздердин ролу улам барган сайын өсө берет, моралдык факторлордун таасир кылуу чөйрөсү кеңейип, буга ылайык адамдар ортосундагы өз ара мамилелерди административдик жол менен жөнгө салып туруунун мааниси азая берет. К. к. м. к. төмөндөгүдөй нравалык принциптерди кучагына алат:

— коммунизмдин ишине берилгендик, социалисттик Мекенди, социализм өлкөлөрүн сүйүү;

— коомдун жыргалчылыгы үчүн ак ниеттик менен эмгектенүү: иштебеген — тиштебейт;

— коомдук байлыкты сактоо жана көбөйтүү жөнүндө ар кимдин камкордук кылышы;

— коомдук милдетти жогору даражада сезүү, коомдук таламдарды бузууларга чыдамсыздык менен мамиле кылуу;

— коллективизм жана жолдоштук өз ара жардамдашуу: ар бир адам бардыгы үчүн, бардыгы ар бир адам үчүн;

— адамдар ортосунда гумандуу мамилелер жана өз ара урматтоо: киши — кишиге дос, жолдош жана тууган;

— коомдук жана жеке турмушта ак ниеттүү жана чынчыл, кулк-мүнөз жагынан таза, жөнөкөй жана кичи пейил болуу;

— үй-бүлөдө өз ара урматтоо, балдарды тарбиялоо жөнүндө камкордук кылуу;

— адилетсиздикке, жатып ичерликке, ак ниетсиздикке, мансапкордукка, дүйнөкорлукка келишпестик менен мамиле кылуу;

— СССРдин бардык элдеринин достугу, бир туугандыгы, улуттук жана расалык касташууга жол бербөө;

— коммунизмдин, тынчтыктын ишинин жана элдердин эркиндигинин душмандарына келишпестик менен мамиле кылуу;

— бардык өлкөлөрдүн эмгекчилери менен, бардык элдер менен бир тууганды тилектештик.

**КОММУНИСТТИК АҢ-СЕЗИМДҮҮЛҮК** — жумушчу табы, эмгекчилер тарабынан өзүлөрүнүн түпкү таламдарын, коомдук өнүгүүнүн негизги закон ченемдүүлүктөрүн сезип билүү, марксисттик-лениндик теориянын тыянактарынын тууралыгына терең ынануу, коммунисттик курулушка активдүү катышуу. К. а.-с. билимдердин, сезимдердин, ынануулардын жана практикалык ишмердиктин ортосундагы бirimдикти жана ылайык келүүнү, ар бир адамдын жүрүш-турушунда коммунисттик идеялар коммунисттик иштер менен органикалык айкалышуусун талап кылат. К. а-с. социалисттик аң-сезимдүүлүктүн негизинде өсөт

жана өнүгөт. Советтик адамдардын билими, ынануусу жана социалисттик активдүүлүгү объективдүү жана субъективдүү факторлордун таасири алдында калыптанат. Коммунисттик курулуштагы ийгиликтер, күндөлүк практикада турмуштун советтик образын орнотуу, социалисттик мамлекеттин советтик эмгекчи жөнүндө күндөлүк камкордугу, партиянын идеялык-тарбиялоочу иши — ушулардын бардыгы Советтердин Өлкөсүнүн бардык граждандарында К. а-с-тү чыңдоого жана кеңейтүүгө оңтойлуу таасир көрсөтөт. Адамдын активдүү турмуштук позициясы коммунисттик аң-сезимдүүлүктүн ачык көрүнүшү болуп саналат. Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде мындай деп белгилеген: «Турмуштагы активдүү позициясы, коомдук милдетке аң-сезимдүү мамилеси, сөзү менен ишинин биримдүүлүгү жүрүш-турушунун күндөлүк нормасы болуп калганда гана адамдын кадыр-баркы жогорулайт» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 93-бет).

**КОММУНИСТТИК ИДЕОЛОГИЯ** — азыркы замандын эң алдыңкы табы — жумушчу табынын жана анын авангарды — Коммунисттик партиянын таламдарын билдирүүчү идеялар системасы. К. и-ны марксизм-ленинизм түзөт. Илимийлик К. и-нын мүнөздүү белгиси катары башка таптардын, асыресе буржуазиянын жана майда буржуазиянын идеологияларынан айырмаланып, биринчи кезекте пролетариаттын таптык таламдары коомдун прогрессивдүү өнүгүшүнүн объективдүү керектөөлөрүнө ылайык келгендиги жана пролетариат тап катарында коомдук өнүгүүнүн закондорун аягына чейин таанып-билүүгө кызыккандыгы менен шартталган. К. и. илимийлиги ,ошондой эле, өткөндүн бүткүл рухий мурасын сын көз караш менен кайра иштеп чыгуунун жана өздөштүрүүнүн негизинде калыптангандыгы жана өнүккөндүгү менен да белгиленет. К. и. пролетариаттын тап күрөшүнүн практикасынын негизинде, бардык өлкөлөрдүн жана элдердин коммунисттик кыймылынын тажрыйбасынын негизинде байыйт жана өркүндөйт. КПССтин XXV съездине КПСС БКнын Отчеттук докладында XXIV съезддин көрсөтмөлөрүнө ылайык марксисттик-лениндик теориянын актуалдуу проблемаларын иштеп чыгуу үчүн көп иштер иштелгендиги белгиленген. Партиялык документтерде жаңы коомду куруунун зор тажрыйбасы жыйынтыкталып, эл аралык өнүгүүнүн соңку процесстерине талдоо берилген. Партиянын XXV съезди коом таануу боюнча изилдөөчү окумуштуулардын алдына коомдук илимдерди андан ары өнүктүрүү, К. и-нын актуалдуу проблемаларын иштеп чыгуу милдетин койду.

К. и-нын илимийлиги анын революциячыл партиялуулугу менен айкалыштырылат. К. и-нын партиялуулугу коомдук прогресстин объективдүү закон ченемдүүлүктөрүн ырааттуу жана терең таанып-билүү, жумушчу табы менен эмгекчи массалардын таптык таламдарын принципиалдуу түрдө коргоону да талап кылат. Анын интернационалдык мүнөзү К.



и-нын маанилүү белгиси болуп саналат, анткени ал алардын улутуна карабастан эмгекчилердин түпкү таламдарын билдирет. Ал чыныгы гуманизм менен мүнөздөлөт, анткени анда эксплуатациялоо мамилелерин, үстөмдүктүн жана баш ийдирүүнүн мамилелерин жоюуну жана «Бардыгы адамдын урматына, адамдын жыргалчылыгы үчүн» деген девиз менен билдирилүүчү чыныгы адамдык мамилелерди орнотууну негиздөө берилген. К. и.— бул адам баласынын практикасы менен ырасталган коомду өнүктүрүүнүн объективдүү закондорун таанып-билүүгө негизделген. Анда миллиондогон адамдарды шыктандыруучу жана бириктирүүчү коммунизмди куруу үчүн эң бир жаркыраган жана жогорку адамгерчиликтин идеалдары келтирилген. Партиянын идеологиялык иштеринин жана коммунисттик тарбиянын жүрүшүндө К. и. эмгекчилердин кеңири массаларынын арасында таркайт. Эки системанын тынчтыкта жанаша жашоо шарттарында К. и-нын активдүү пропагандалоо жана буржуазиялык идеологияга каршы күрөш мурдагыдан да чоң мааниге ээ болот.

**КОММУНИСТТИК МОРАЛЬ** — коомдук аң-сезимдин формаларынын бири; алардын коом алдындагы жана бири-биринин алдындагы милдеттерин белгилөөчү адамдардын чогуу жашоосунун, жүрүш-турушунун эрежелери, нормалары. Мораль (правалуулук) — тарыхый категория. Коомдук түзүлүштүн формасына жараша мораль да өзгөрүп турат. Буржуазиялык моралдан айырмаланып, К. м. бир ууч эксплуататорлордун эмес, адамдардын басымдуу көпчүлүгүнүн таламдарын көрсөтөт. Ал адамзаттын правалык прогрессинин мыкты жетишкендиктерин камтыган. К. м. өзүнүн социалдык мазмуну боюнча азыркы замандын эң революциячыл табынын — жумушчу табынын моралы болуп эсептелет. Капитализмдин учурунда пролетариаттын эксплуатацияга жана теңсиздикке каршы наараазылыгынын билдирилиши катары төрөлүп, К. м. эксплуатациядан эркин адамдардын достугунун жана жолдоштугунун, кызматташтыгынын жана өз ара түшүнүүсүнүн мамилелерине негизделген адамдардын чогуу жашоосунун мыкты эрежелерин орнотот. Капитализмдин жок кылынышы менен К. м. социалисттик коомдун үстөмдүк кылуучу моралы болуп калат.

Совет адамдарынын моралдык-саясий сапаттары биздин социалисттик турмуштун бүткүл уклады менен калыптанат, бирок партиялык, комсомолдук, профсоюздук жана башка коомдук уюмдардын максатка багытталган идеялык-тарбия иши чоң роль ойнойт.

КПСС БКнын партиянын XXV съездине Отчеттук докладында белгиленгендей, правалык тарбиянын милдети адамдарда турмуштук активдүү позицияны, коомдук парска аң-сезимдүү мамиле жасоону түзүүдө турат, анда сөз менен иштин биримдиги жүрүш-туруштун күндөлүк нормасына айланат.

**КОММУНИСТТИК ТАРБИЯ** — коммунисттик коомдун адамын тарбиялоо боюнча Коммунист-

тик партия тарабынан уюштуруллуучу жана багытталуучу системалуу, план ченемдүү максатка умтулган идеялык-тарбия ишинин процесси. К. т. коомдук турмуштун бардык тараптарында коммунисттик ынануну коммунисттик иштер менен органикалык түрдө айкалыштырууга, буржуазиялык таасирдин ар кандай формаларына ишенимдүү карама-каршы турууга жөндөмдүү, өткөндүн саркындыларынан эркин, жогорку идеялуу, коммунизмге берилген, ар тараптан өнүккөн, чыгармачыл ишмер адамды калыптандырууну талап кылат. К. т. өзүндө рухий байлыкты, моралдык тазалыкты жана дене жагынан өркүндөөнү гармониялуу айкалыштырган ар тараптан өнүккөн инсанды калыптандырууга багытталган. К. т. коммунисттик коомду куруунун негизги шарттарынын бири болуп саналат. Өнүккөн социалисттик коомдо коммунисттик коомго өсүп чыгуучу жаңы адамды К. т-лоо боюнча партиянын идеологиялык ишинин ролу кыйшаюусуз өсө берет. Партиянын идеологиялык ишмердиги көп кырдуу. Ал биринчи кезекте совет элин К. т-лоого, анда коммунисттик аң-сезимдин түзүлүшүнө багытталган. Гармониялуу өнүккөн адамды калыптандыруу процесси көп тараптуу: ал илимий билимдерди алууну да, бардык жактары активдүү өз ара таасир берүү саясий, ыймандык, дене, укуктук, эстетикалык ж. б. тарбияны да талап кылат. КПССтин XXV съездиндеги Л. И. Брежневдин докладында отчеттук мезгилдин ичинде адамдарды идеялык жактан тарбиялоо маселелери, жаңы адамды — коммунизмдин татыктуу куруучусун калыптандыруу проблемалары партиянын ишинде чоң орунду ээлегендиги көрсөтүлгөн. КПСС К. т-лоо ишин, бүткүл революциячыл-кайра куруучулук ишмердиги сыяктуу эле марксисттик-лениндик теориянын бекем фундаментинде курат.

К. т-нын ийгилиги төмөндөгү негизги принциптерди: партиялуулукту, буржуазиялык идеологияга элдешпестикти, тарбиянын турмуш, массалардын практикалык тажрыйбасы, коммунисттик курулуштун конкреттүү милдеттери менен байланышын; материалдык жана моралдык стимулдарды, таасир көрсөтүүнүн экономикалык, административдик жана идеологиялык каражаттарын туура айкалыштырууну; илимийликти, чындыкты, объективдүүлүктү; сөз менен иштин биримдигин; эмгекчилердин ар түрдүү категорияларына дифференциялуу мамиле кылууну; системалуулукту жана ырааттуулукту колдонуу менен камсыз кылынат. К. т-нын негизги ячейкалары жана каражаттары: үй-бүлө, орто жана жогорку мектеп, эмгек коллективи, партиялык жана комсомолдук окуунун системасы, адабият жана искусство, басма сөз, радио, телевидение, кино, оозеки пропаганда менен агитация ж. б. Буржуазиялык идеологияга, оппортунизмге, улутчулдукка, шовинизмге каршы чечкиндүү күрөшүү эмгекчилерди К. т-лоонун эң маанилүү шарты болуп саналат. Империализмдин идеологиялык диверсияларына каршы күрөшүүнү андан ары күчөтүү К. т-нын милдеттүү шарты болуп эсептелет.

**КООМДУК ПИКИР** — көрсөтүлгөн таптын же башка социалдык жалпылыктын белгилүү этаптагы коомдук таламдарды көрсөтүүчү кандайдыр бир проблемалар боюнча үстөмдүк кылуучу көз караштарын жана маанайын чагылдыруучу коомдук аң-сезимдин көрүнүшү. Социалисттик коомдо К. п. эмгекчилердин коомдук таламдарын жана керектөөлөрүн ачуунун формаларынын бири болуп саналат. Коммунисттик партия өзүнүн саясатында бүткүл совет элинин, аны түзүүчү таптардын жана социалдык топтордун таламдарын эске алат, аларды бир жалпы нукка багыттайт. К. п. турмуштун өзгөрүп турган коомдук шарттарынын, партиянын идеологиялык ишинин таасири астында жана бөтөнчө массалык информация жана пропаганданын, массалык-саясий иштин каражаттарын аң-сезимдүү пайдалануунун натыйжасында түзүлөт. К. п. коомдо моралдык-саясий атмосфераны, өндүрүштүк коллективдерде моралдык-психологиялык климатты калыптандырууда, эмгекчилерди коммунисттик идеологиянын жана моралдын рухунда тарбиялоодо, адамдардын аң-сезиминдеги жана жүрүш-турушундагы күрөштө маанилүү ролду ойнойт. Л. И. Брежневдин КПССтин XXV съездиндеги докладында нравалуулуктун социалисттик нормаларынан четтөө менен күрөшүүдө башка каражаттар менен катар «эмгекчилер коллективинин пикирин да... толук өлчөмдө пайдалануу зарыл» экендиги белгиленген (КПССтин XXV съездинин материалдары, 93—94-беттер).

**КОСМОНАВТИКА** — космосту жана жерден тышкары объектилерди адамдын муктаждыктары үчүн өздөштүрүүнү камсыз кылуучу илим жана техника тармактарынын жыйындысы. Космостук доордун башталышы 1957-жылы 4-октябрда биздин өлкөдө адамзаттын тарыхында биринчи Жердин жасалма спутнигин учуруу менен байланышкан. 1961-жылдын 12-апрелин космостук доордун экинчи көрүнүктүү датасы, анда биздин мекендешибиз Ю. А. Гагарин «Восток» космостук корабликде планетаны айланып учуп, дүйнөнүн биринчи космонавты болгон. Андан кийинки бардык жылдарда советтик космонавтика дүркүрөп өнүктү. Ар түрдүү автоматтык космостук аппараттарды, жана да учкучтар түшкөн корабльдерди жана орбиталдык станцияларды катыштыруу менен уникалдуу илимий эксперименттер өткөрүлдү.

Спутниктердин жардамы менен алынуучу СССРдин Гидрометеорологиялык кызматынын прогноздору жыл сайын жүздөгөн миллион сомдук материалдык байлыктарды сактап калууга мүмкүнчүлүк бере тургандыгы эсептелип чыккан. «Молния-1» байланыш спутниктери телевидениенин көрүүчүлөр аудиториясын көптөгөн он миллиондогон адамга кеңейтти. Мына ошентип, К. ар түрдүү эл чарба милдеттерин чечүүгө өзүнүн салымын план ченемдүү кеңейтип жатат.

«СССРдин эл чарбасын

1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында мындай деп жазылган: «...[illegible] (КПССтин XXV съездинин материалдары, [illegible]).

[illegible]

Советтик мамлекет [illegible]

[illegible]

Л. И. Брежнев КПССтин XXIV съездинде,— биздин советтик чындыктын, биздин турмушубуздун маанилүү белгилеринин бири» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 102-бет).

СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында мындай деп каралган: «Маданий-агартуу мекемелеринин ишинин деңгээли жогорулатылсын. Массалык китепканалар менен клубдардын тармагы кеңейтилсин. Элдик университеттер өнүктүрүлсүн, алардын иштерин өркүндөтүлсүн. Музейлердин иштерин, тарыхтын жана маданияттын эстеликтерин коргоо жана пропагандалоо жак-



шыртылсын». (КПССтин XXV съездинин материалдары, 260-бет).

**МАДАНИЙ БАЙЛЫКТАРДЫ ЭЛ АРАЛЫК АЛМАШУУ** — улуттук маданияттардын экономикалык байланыштарынан жана өз ара аракеттеринен улам пайда болгон объективдүү, тарыхый жактан шарттадган керектөө.

Адам баласы иштеп чыккан маданий байлыктарды активдүү өздөштүрүү Совет мамлекети үчүн дайыма биринчи даражадагы маанилүү милдет болуп келген. Бул лениндик маданий саясаттын негиздеринин бири. Партиянын VIII съездинде кабыл алынган РКП(б) нын Программасы граждандык согуштун жана бүлүнүүнүн оор шарттарында «искусствонун бүткүл кенчин эмгекчилер үчүн ачуу жана жеткиликтүү кылуу» милдетин койгон. КПССтин азыркы Программасы дүйнөлүк маданияттын бардык прогрессивдүү традицияларын пайдалануу жана өнүктүрүү зарылдыгын баса белгилейт.

Биздин өлкө үчүн эл массаларын маданияттын кенчтери менен, анын ичинде көркөм адабияттын, кинонун, драматургиянын, музыканын чет өлкөлүк мыкты чыгармалары, музыка жана театр коллективдеринин жана аткаруучуларынын чыгармачылыгы менен тааныштыруунун дүйнөлүк тарыхта болуп көрбөгөн масштабдары мүнөздүү. Совет бийлигинин жылдарында бизде 100дөн ашык чет мамлекеттердин авторлорунун китептери чыгарылган. СССРде жыл сайын бир тууган социалисттик өлкөлөрдүн элдеринин тилдеринен которулуп болжол менен 20 млн. нуска 450гө жакын чыгарма басылып чыгат. Согуштан кийинки жылдарда гана бизде америкалык авторлордун 7 миңге жакын чыгармалары, англиялык жана француз авторлордун 4,5 миңден чыгармалары басылып чыкты. Хельсинкидеги кеңешмеден кийин котормо китептерди чыгаруу планы көбөйтүлгөн болучу. 1976-жылы чет өлкөлүк авторлордун 1500гө жакын чыгармалары жалпы тиражы 60 миллиондон ашык нуска менен чыгарылды.

Социалисттик реализмдин искусствосу советтик турмуш мүнөзү жөнүндө, биздин түзүлүштүн жеңип алгандары жөнүндө чындыкты, совет адамдарынын ойлору, сезимдери жана максаттары жөнүндө чындыкты жеткирет. Ал профессионалдык жогорку чеберчилиги, чыгарманын гуманисттик багыты жана идеялык тазалыгы, улуттук формаларынын жана көркөм стилинин ар түрдүүлүгү, эстетикалык табити менен тартат.

Азыркы убакта Советтер Союзу дүйнөнүн болжол менен 120 өлкөлөрү менен маданий байланышта. Жыл сайын Советтер Союзу экрандарга чыгаруу үчүн 110—130 чет өлкөлүк фильмдерди сатып алып турат. Ушунча эле фильмдерди биз башка өлкөлөрдүн прокат уюмдарына сатып турабыз. Жыл бою чет өлкөлөрдө оюн көрсөтүү үчүн 180ге жакын советтик көркөм коллективдер жана бардык 15 союздук республикалардан артисттик топтор болуп турушат.

XXV съездге КПСС БКнын

Отчеттук докладында өткөн беш жылдын ичинде чет өлкөлөр менен биздин маданий алмашууларыбыздын көлөмү болжол менен бир жарым эсе өскөндүгү белгиленген (к. КПСС-тин XXV съездинин материалдары, 26-бет).

«Мамлекеттердин ортосунда бекем тынчтык үчүн абдан зарыл ишеним атмосферасын түзүү,— деп айткан Л. И. Брежнев Европанын коммунисттик жана жумушчу партияларынын Конференциясында (1976),— элдер бири-бирин барган сайын жакшы билип, түшүнүүлөрүн талап кылат, адамдардын көп кырдуу байланыштарынын жана маданий алмашуунун маселелерине биз, биринчи кезекте, дал ушул көз караштан мамиле кылабыз». «Биз Советтер Союзунда биздин адамдарыбыз башка элдердин өткөн чагын жана азыркы убагын көп билишин, алардын маданиятын терең билип, башка өлкөлөрдүн тарыхый тажрыйбасын жана жетишкендиктерин урматтай билишин маанилүү деп эсептейбиз»,— деп айткан андан ары Л. И. Брежнев.

Бардык кызыккан өлкөлөр менен маданий кызматташтыкты өнүктүрүп, Советтер Союзу маданий байланыштар жагынан социалисттик мамлекеттердин аракеттеринин биримдигин чыңдоого, боордош өлкөлөрдүн маданият чеберлерин баш коштурууга өзгөчө маани берет. Маданий байланыштардын жалпы көлөмүнөн 60 проценттен ашыгы социалисттик ынтымакташтыктын өлкөлөрүнө туура келет.

Тынчтыктын Программасын ийгиликтүү турмушка ашыруунун натыйжасында түзүлгөн оңтойлуу эл аралык кырдаал, жаңы маанилүү келишимдерди түзүү өлкөлөрдүн жана элдердин ортосунда информацияларды алмашууну жана маданий байланыштарды кеңейтүү үчүн реалдуу өбөлгөлөрдү түзөт. Эл аралык саясий абалдын оорчулугун жеңилдетүүнүн позитивдүү натыйжасы болуу менен маданий кызматташтык, өз кезегинде, элдердин ортосунда ишенимди жана өз ара түшүнүшүүнү чыңдоонун натыйжалуу каражаты болуп саналат.

**МАДАНИЙ РЕВОЛЮЦИЯ** (социалисттик) — социалисттик курулуштун процессинде болуп өткөн өндүрүштөгү, коомдогу рухий байлыктарды бөлүштүрүүдөгү жана керектөөдөгү түпкү өзгөрүүлөр. Бул — коомду маданий жактан жогорулатуу үчүн материалдык шарттарды түзүү, эл агартууну кайра куруу, илимди өнүктүрүү, маданияттын жетишкендиктерине жол ачуу жана эл массаларын аларга аралаштыруу, элдик интеллигенцияны тарбиялоо, өткөндүн прогрессивдүү тажрыйбасынын негизинде жаңы, социалисттик маданиятты түзүү. М. р-нин бул милдеттери социалисттик курулушту ишке ашырып жаткан бардык өлкөлөр үчүн жалпы көрүнүш болуп саналат.

СССРдеги М. р-нын жүрүшүндө «партия социалисттик маданият өткөндүн рухий мурастарын, дүйнөлүк маданияттын бардык байлыктарын өздөштүрүүнүн жана сын көз менен кайра иштеп чыгуунун негизинде түзүлгөн боло ала тургандыгы жөнүндө лениндик



көрсөтмөлөрдү жетекчиликке алган» (Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 50 жылдыгы. КПСС БКнын Тезистери. М. Политиздат, 1967, 15-бет). Марксизм-ленинизм М. р-ны социалисттик революциянын составдык бөлүгү катары, анын жүрүшүндө өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнүн жалпы процессинен бөлүнбөгөн, элдин турмушунун маданий деңгээлин бара-бара жогорулатуу ишке ашырылган бүткүл мезгил катары карайт.

М. р. бул процесстин айрым этаптары аркылуу аттап өтүүгө «солчул» умтулууга ылайык келбейт, ал бүткүл коомдун күчүн план ченемдүү, узакка жумшоону талап кылат жана бул коомдун башкы күчү — Коммунисттик партиянын жетекчи таасири астында гана ийгиликтүү өтөт.

**МАДАНИЯТ ДЕҢГЭЭЛИ** (эл турмушунда) — белгилүү этапта рухий байлыктарды өндүрүүнүн жана керектөөнүн масштабдарын мүнөздөөчү (илим, искусство, агартуу ж. б.— к. *Рухий маданият*) жана да материалдык өндүрүш: маданияттын техникалык каражаттары маданий-тиричилик, тейлөө чөйрөсүнүн элементтери, көркке келтирүү, дем алуу жана көңүл ачуу индустриясы ж. б. менен байланышкан түшүнүк. М. д. коомдун өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүшү менен шартталган.

Элдин турмушунун материалдык жана маданий деңгээлинин дайыма өсүшү жана аны максималдуу канааттандырууга умтулуу социализмдин негизги экономикалык законунун талаптарынын бири болуп саналат. Социалисттик өндүрүштүн максаты акыр аягында мына ушунда турат. КПССтин XXV съездинде биздин өлкө жакынкы 15 жылда баштагы үч беш жылдыкка караганда болжол менен эки эсе көп материалдык жана финансылык ресурстарга ээ боло тургандыгы, мунун өзү негизги социалдык-экономикалык милдеттерди чечүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзө тургандыгы көрсөтүлгөн.

**«Бул баарыдан мурда советтик адамдардын турмуш жыргалчылыгын мындан ары да жогорулатууга, алардын эмгеги менен турмуш-тиричилик шарттарын жакшыртууга, саламаттык сактоонун, элге билим берүүнүн, маданияттын орчундуу процессине, — жаңы адамдын калыптанышына, адамдын керт башынын ар тараптан өнүгүшүнө, социалисттик турмуштун өрнөгүн өркүндөтүүгө жардам бере тургандардын бардыгына тиешелүү болот»** (КПССтин XXV съездинин материалдары, кыргызча басылышы, 48—49-бет).

**МАРКСИЗМ-ЛЕНИНИЗМ** — жаратылыштын, коомдун жана ой жүгүртүүнүн өнүгүшүнүн өтө жалпы закондору жөнүндөгү, эксплуататордук түзүлүштү жоюунун жана коммунизмди куруунун жолдору жөнүндөгү илим, жумушчу табынын дүйнөгө көз карашы. М.-л. үч составдык бөлүктөн: марксисттик-лениндик философиядан (диалектикалык жана тарыхый материализм), марксисттик саясий экономиядан жана илимий коммунизмден турат. Марксисттик-лениндик философия ойлоонун бытиеге

карата мамилесин, жаратылыштын, коомдун жана ойлоонун өтө жалпы закондорун үйрөнөт. Марксисттик саясий экономия — экономикалык мамилелер жөнүндөгү, коомдук өндүрүштү өнүктүрүүнүн жана бөлүштүрүүнүн закондору жөнүндөгү илим. Илимий коммунизм — пролетариаттын тап күрөшүнүн, социалисттик революциянын закон ченемдүүлүктөрү, жолдору жана формалары жөнүндө, социализмди жана коммунизмди куруунун социалдык-саясий жана рухий закондору жана методдору жөнүндөгү илим. М.-л-дин үч бөлүгү органикалык биримдикте болот жана бир бүтүндү түзөт. М.-л. эл аралык коммунисттик, жумушчу, улуттук-боштондук кыймылынын тажрыйбасын, социалисттик жана коммунисттик курулуштун тажрыйбасын, табигый жана гуманитардык илимдердин соңку жетишкендиктерин жыйынтыктоонун негизинде формулировкаланган жаңы теориялык жоболор менен байып туруучу чыгармачыл, дайыма өнүгүп жаткан илим. В. И. Ленин жаңы тарыхый доордо К. Маркс менен Ф. Энгельстин окуусун чыгармачылык менен өнүктүргөн. Ал илим марксизмдин теориясына көп жаңылыктарды киргизди, ошондуктан ал адилеттүү түрдө марксизм-ленинизм деп аталат. Азыркы шарттарда М.-л-дин өнүгүшүндө КПССтин Программасы, партиянын XXIII, XXIV жана XXV съезддеринин документтери, КПССтин теориялык жана саясий документтери, коммунисттик жана жумушчу партияларынын эл аралык кеңешмелеринин материалдары маанилүү роль ойношту. КПССтин жана боордош коммунисттик, жумушчу партияларынын коллективдүү күч-аракеттери менен иштелип чыккан өнүккөн социалисттик коомдун концепциясы марксизмдин-ленинизмдин казынасына кошулган чыгармачылык чоң салым болуп саналат.

М.-л. — интернационалдык окуу, ал бардык коммунисттик партиялардын теориялык куралы болуп саналат; ал үчүн теориянын жана практиканын бардык маселелерин жумушчу табынын позициясынан чечүүдө партиялуулук мүнөздүү. М.-л.— чындыктын объективдүү закондорун ачуучу гана илим эмес, ошондой эле дүйнөнү революциячыл кайра куруунун куралы. Марксисттик-лениндик теория менен куралданышкан Коммунисттик партиялар жумушчу табын жана бардык эмгекчи массаларды эксплуататордук тапты кулатууга, социализмди жана коммунизмди курууга мобилизациялайт. КПСС өзүнүн бүткүл революциячыл — кайра куруучу ишин марксисттик-лениндик теориянын бекем фундаментинде курат. «Марксизм-ленинизм — бул туура стратегияны жана тактиканы иштеп чыгуунун бирден-бир ишенимдүү негизи. Ал бизге тарыхый келечекти түшүндүрөт, социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүүнүн багытын көп жылдарга алдын ала белгилеп алууга, эл аралык окуяларда туура багытта болууга жардам берет». (КПССтин XXV съездинин материалдары, 86-бет). М.-л. буржуазиялык идеологияга, реформизмге жана ревизионизмге каршы күрөштө өнүгөт.



Марксизм-ленинизм, КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда белгиленгендей, коммунизмдин бирден-бир туура илими, ал массалардын революциячыл чыгармачылыгына саясий жетекчилик кылуунун мурда болуп көрбөгөндөй чеберчилиги болгон жана болуп кала берет.

**МАССАЛЫК ИНФОРМАЦИЯ ЖАНА ПРОПАГАНДА КАРАЖАТТАРЫ** — информацияны адамдардын кеңири массасынын арасында оперативдүү жана бир убакта таркатуунун кубаттуу каналдары (басма сөз, радио, телевидение). М. и. ж. п. к. массалардын коллективдүү пропагандисттери, агитаторлору жана уюштуруучулары болуп саналышат. Партиянын күндөлүк камкордугунун аркасында массалык информация каражаттарынын материалдык базасы жана техникалык мүмкүнчүлүктөрү бир кыйла өстү. СССРде орто эсеп менен бир үй-бүлөгө азыркы убакта төрттөн ашык газета-журналдар туура келет. Калктын 80 проценттен ашыгы теле көрсөтүүгө тартылган, радиоуктуруунун аудиториясы андан да кеңири. М. и. ж. п. к. эмгекчилерди коммунисттик курулуштун милдеттерин орундатууга мобилизациялоодо, советтик адамдарды тарбиялоодо чоң роль ойношот, алар өлкөнүн ички турмушунун жана эл аралык абалдын проблемалары жөнүндө калкка оперативдүү информация берип турушат, тап душмандарынын идеологиялык кол салууларына сокку урат. Л. И. Брежневдин КПССтин XXV съездиндеги докладында мындай деп көрсөтүлгөн: «Отчеттук мезгилде Борбордук Комитеттин ишмердүүлүгүндө идеялык деңгээлди жогорулатуу, **массалык информация жана пропаганда каражаттарын** координациялоо жана иштин оперативдүүлүгүн жогорулатуу маселелери зор орунду ээледи. Натыйжада экономиканын, илимдин жана маданияттын өнүгүшүнө, бүткүл коомдук турмушка алардын таасирдүүлүгү ого бетер өстү» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 94-бет).

Азыркы убакта, «КПСС Томск обкомунун массалык информация жана пропаганда каражаттарына жетекчилиги жөнүндө» КПСС БКнын токтомунда (1977) белгиленгендей, КПССтин XXV съездинин чечимдерин жана материалдарын эмгекчилерге терең түшүндүрүү, эмгекчилерди съезддин чечимдерин орундатууга мобилизациялоо М. и. ж. п. к-нын ишинде борбордук орундардын бирин ээлейт.

**МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ТАРБИЯ** — элге билим берүүнүн составдуу бөлүгү; балдарды мектепке киргенге чейин балдар мекемелеринде же үй-бүлөдө тарбиялоо. Совет мамлекети М. ч. т-нын бир бир кыйла бөлүгүн өзүнө алат. Балдар яслилери жана бакчалары гармониялуу түрдө өнүккөн балдарды тарбиялоодо үй-бүлөгө олуттуу жардам көрсөтүшөт. М. ч. т. системасы балалуу энелердин өндүрүштүк жана коомдук иштерге өтө активдүү катышуусуна мүмкүнчүлүк берет.

Азыркы убакта өлкөдө 113 миңден ашык дайыма иштөөчү мамлекеттик жана колхоздук балдар яслилери жана бакчалары бар, аларда 11 миллиондон ашык балдар тарбияланат. КПССтин XXV съезди тарабынан кабыл алынган «СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында» мындай деп жазылган: «Мектепке чейинки балдар мекемелеринин, узартылган күнү бар мектептер менен топтордун тармагы кеңитилсин. 2,5—2,8 миллион орундуу балдар ясли-бакчалары жана балдар бакчалары курулсун... Балдар мекемелеринин иштерин жакшыртууга бөтөнчө көңүл бурулсун».

СССР медициналык жана педагогикалык илимдер академияларынын активдүү катышуусу менен бөбөктөрдү тарбиялоо теориясынын негиздери иштелип чыгылган. Мектепке чейинки тарбиялоочу адистерди даярдоону кеңейтүү жана сапатын жакшыртуу боюнча иштер жүргүзүлгөн. Жыл сайын өлкөнүн педагогикалык окуу жайларын жана ВУЗдарын жогорку квалификациядагы М. ч. т. 50 миңге жакын адис бүтүрүп чыгууда.

**НРАВАЛЫК ТАРБИЯ** — партиянын идеялык-тарбия ишинин эмгекчилерди коммунисттик моралдын нормаларынын жана принциптеринин рухунда тарбиялоону камсыз кылуучу негизги багыттарынын бири. Н. т. идеялык-саясий жана эмгектик тарбия менен катар бүткүл тарбия ишин коюуга комплекстүү мамиленин бөлүгү болуп саналат. Н. т. коммунисттик моралдын бардык проблемалары боюнча илимий билимдердин деңгээлин жогорулатууга, терең нравалык ынанууларды калыптандырууга, коммунисттик моралдын нормаларын жана принциптерин сактоону жүрүш-туруштун жана ишмердиктин адатына айландырууга багытталган. Л. И. Брежневдин КПССтин XXV съездиндеги докладында нравалык тарбиянын милдеттери адамда коомдук милдетке аң-сезимдүү мамиле, сөз менен иштин биримдиги «жүрүш-турушунун күндөлүк нормасы» болуп калган турмуштук активдүү позицияны иштеп чыгууда тургандыгы көрсөтүлгөн. (КПССтин XXV съездинин материалдары, 93-бет). XXV съезддин документтеринде дүйнөкорлук, жеке менчикчилдик тенденция, хулигандык, бюрократизм жана адамга көңүл кош мамиле кылуу өңдөнгөн нравалуулуктун социалисттик нормаларынан чегинүүлөр биздин түзүлүштүн маңызына карама-каршы келе тургандыгы жана аларга каршы чечкиндүү күрөш жүргүзүү керек экендиги баса белгиленген.

Өнүккөн социалисттик коомдо Н. т. ар түрдүү каражаттар менен ишке ашырылат. Адамдын нравалык турпаты үй-бүлөдө, мектепке чейинки балдар мекемелеринде, мектепте ж. б. орто жана жогорку окуу жайларында негизделет. Эмгек коллективдери калктын эр жеткен бөлүгүн Н. т-нун борборлору болуп саналат. Прапаганда, агитация, массалык информация каражаттары, маданий-агартуу мекемелери, адабият жана искусство, идеялык-тарбия иштеринин ж. б. каражаттары Н. т. каражаттары болуп эсептелет.



**ПАРТИЯЛЫК ОКУУ СИСТЕМАСЫ** — марксисттик-ленииндик билим берүүнүн жана коммунисттер менен партияда жокторду тарбиялоонун каражаты. П. о. с. коммунисттерди, бардык эмгекчилерди К. Маркстин, Ф. Энгельстин, В. И. Лениндин идеялык мурастарын, КПССтин тарыхый тажрыйбасын билүү, партиянын саясатын ачык түшүнүү, коммунисттик идеологиянын, советтик патриотизмдин жана пролетардык интернационализмдин принциптерин коргой билүү, коомдук турмуштун жаңы көрүнүштөрүнө илимий позициядан баа бере билүү жана практикалык иш үчүн туура корутундуларды жасай билүү менен куралдандырууга чакырылган. П. о. с-нын чегинде окуу материалын өздөштүрүүдө бекем изден тайбастык, улантып кетүүчүлүк жана ырааттуулук сакталат; партиянын теориясы менен саясатын коммунисттик курулуштун практикасы, КПССтин эл аралык иши, идеологиялык күрөш менен органикалык биримдикте, тыгыз байланышта үйрөнүүгө өзгөчө көңүл бурулат.

П. о. с. башталгыч саясий мектептерди, марксизм-ленинизм негиздери мектептерин, теориялык семинарларды, марксизм-ленинизм университеттерин, партиялык активдин мектептерин, жана да жекече план боюнча өз алдынча окууну кучагына алат. П. о. с. үчүн окуу-методикалык базасы абдан мыкты даярдалган, ага массалык информация жана пропаганда каражаттары көп пландуу жардам көрсөтөт. КПССтин XXV съездине карата партиялык окуу системасында 20 миллионго жакын адам, анын ичинде 7 миллиондон ашык партияда жоктор окушкан. Партиялык окуу коммунисттерге жана партияда жокторго азыркы кырдаалда жакшы багыт ала билүүгө, эмгекчи массаларга идеялык жактан таасир кылууга жардам берет Л. И. Брежневдин XXV съезддеги докладында мындай деп белгиленген: «Азыр, партия кадам шилтеп жаткан жаңы этапта партиялык окууга коммунисттер менен партияда жоктордун кеңири массасын тартууга көңүл бурууну бошоңдотпоо, бул иштин мазмунун, анын теориялык деңгээлин жогорулатуу жөнүндө өзгөчө камкордук көрүү маанилүү. Партиянын XXV съездинин чечимдерин терең үйрөнүү — алды жактагы мезгилде биздин партиялык-агартуу ишибиздин бүткүл тармагынын башкы милдети». (КПССтин XXV съездинин материалдары, 89—90-беттер).

«КПССтин XXV съездинин чечимдеринин негизинде партиялык окуунун милдеттери жөнүндө» КПСС БКнын токтомунда партиянын съездинин талаптарын турмушка ашыруу боюнча кеңири программа берилген. Бул токтом «партиянын катарларынын баш кошкондугун андан ары чыңдоонун, эмгекчилердин арасында партиянын мүчөлөрүнүн авторитетин, партиялык уюмдардын күрөшкө жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун маанилүү фактору катарында» комму-

нисттердин идеялык-теориялык окуусун жакшыртууну карайт.

Партиялык уюмдар КПССтин XXV съездинин көрсөтмөлөрүн, КПСС БКнын партиялык окуу жөнүндө токтомун орундатып, марксисттик-лениндик билим берүүнү олуттуу жакшыртуу, партиянын мүчөлөрүн, бөтөнчө жаш коммунисттерди идеялык жактан такшалтууну күчөтүү боюнча чоң иштерди жүргүзүп жатышат.

**ПАРТИЯНЫН ИДЕОЛОГИЯЛЫК ИШТЕРИ** — революциячыл теорияны мындан ары чыгармачылык менен өнүктүрүүгө, эмгекчилерди коммунисттик тарбиялоого, элге билим берүүгө, маданий-агартуу мекемелерине, массалык-информация каражаттарына, адабиятка жана искусствого жетекчилик кылууга, экономикалык жана социалдык өнүгүү пландарын орундатууну идеологиялык камсыз кылууга багытталган КПССтин иштеринин маанилүү составдуу бөлүгү.

П. и. и-нин бай революциячыл тажрыйбасы, массаларды коммунисттик коомду курууга мобилизациялоо боюнча алдыңкы практикасы бар. П. и. и. партиялык окуу системасы, массалык информация жана пропаганда каражаттары, оозеки саясий пропаганда менен агитациянын массалык формалары, маданий-агартуу мекемелеринин тармагы ж. б. өңдөнгөн идеологиялык күрөштүн каражаттарынын системасы аркылуу ишке ашырылат.

Л. И. Брежневдин КПССтин XXV съездиндеги докладында мындай деп көрсөтүлгөн: «Биздин түзүлүштүн күчү массанын аң-сезимдүүлүгүндө. Коммунисттик аң-сезимдүүлүккө, коммунизмди курууга даяр турууга, эрктүүлүккө жана билгичтикке тарбиялоону партия өзүнүн такай камкордук көрүүчү иши деп эсептейт. Отчеттук мезгилде адамдарды идеялык жактан тарбиялоо маселелери, коммунизмдин татыктуу куруучусун — жаңы адамды калыптандыруу проблемалары биздин бардык ишибизде зор орунду ээлеп келди». (КПССтин XXV съездинин материалдары, 86-бет). Партиянын XXV съездинде XXIV съезден кийин БКнын бир катар токтомдору кабыл алынып, аларда идеологиялык иштин тажрыйбасы жыйынтыкталып, аны жакшыртуунун негизги багыттары белгиленгендиги көрсөтүлгөн. Коммунисттерге марксисттик-лениндик билим берүүнүн маселелери «Ташкент шаардык партиялык уюмдарында жетекчи кадрларды марксисттик-лениндик окутуу жана экономикалык билим берүү жөнүндө» токтомдо (1972) каралган. «Белоруссиянын партиялык уюмдарынын идеологиялык кадрларды тандоо жана тарбиялоо боюнча иши жөнүндө» (1974), «Журналисттик кадрларды даярдоону жана кайра даярдоону жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндө» (1975) токтомдордо идеологиялык кадрлар менен иштөөнүн системасы жөнүндө маселе кеңири коюлган.

Натыйжада бул жагынан жергиликтүү партиялык уюмдардын активдүүлүгү бир кыйла өстү. Алар идеялык-тарбия иштеринин жетилген маселелерине чоң көңүл буруп, анын



мазмунуна терең кийлигишип, аны чарбалык жана маданий курулуш менен тыгыз байланыштырып жатышат.

Л. И. Брежнев партиянын XXV съездинде белгилегендей, коммунисттик тарбиялоо ишин, өзүнүн бүткүл революциячыл-кайра куруучу иши сыяктуу эле, КПСС марксисттик-лениндик теориянын бекем фундаментинде куруп жатат. Партия марксисттик-лениндик теориянын актуалдуу проблемаларын иштеп чыгууга талыкпастан көңүл бөлөт. Партиялык документтерде жаңы коомду куруунун зор тажрыйбасы жыйынтыкталып, эл аралык өнүгүүнүн соңку процесстерине талдоо берилген. Философиялык, экономикалык, тарыхый илимдерде, социалдык жана саясий проблемаларды үйрөнүүдө олуттуу жетишкендиктер бар. Партиянын XXV съезди коомдук илимдерди андан ары өнүктүрүү боюнча конкреттүү чараларды белгиледи.

Партиянын XXV съезди партиялык уюмдардын алдына чоң жана татаал милдеттерди койду. Аларды ишке ашыруу көбүнчө идеялык-тарбия ишин билгичтик менен коюуга байланыштуу болот, анткени коммунисттик курулуштун проблемалары кеңири кулач жайып, татаал болгон сайын партиялык иштердин башка участоктору менен катар идеологиялык иш ошончолук чоң мааниге ээ болот. Массаларды коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү, коммунисттик коомдук мамилелерди жана турмуштун коммунисттик образын бекемдөө, ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо үчүн күрөшкө мобилизациялоо анын маанилүү максаты болуп саналат.

КПССтин XXV съездинин чечимдеринде жана материалдарында, съезден кийинки мезгилдеги «КПССтин XXV съездинин чечимдеринин негизинде партиялык окуунун милдеттери жөнүндө», «Чыгармачыл жаштар менен иш алып баруу жөнүндө», «КПСС Томский обкому тарабынан массалык информация жана пропаганда каражаттарына жетекчилик кылуу жөнүндө», «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө», «КПССтин XXV съездинин чечимдерин орундатууда оозеки саясий агитациянын ролун жогорулатуу жөнүндө» партиянын документтеринде ж. б-рда П. и. и-нин деңгээлин андан ары жогорулатуу боюнча милдеттер коюлган. Анын натыйжалуулугун өнүктүрүү, бүткүл тарбия иштерин коюуга комплекстүү мамиле кылуу жолдору, б. а. идеялык-саясий, эмгектик жана нравалык тарбиянын тыгыз биримдигин эмгекчилердин ар кыл топторунун бөтөнчөлүктөрүн эске алуу менен камсыз кылуу белгиленген.

**ПРОЛЕТАРДЫК ИНТЕРНАЦИОНАЛИЗМ** — жумушчу табынын, марксисттик-лениндик партиялардын идеологиясынын жана саясатынын башкы принциптеринин бири. Пролетардык интернационализм — коммунисттердин ишмердигинин маанилүү принциби деп айтылган КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүн-

дө» токтомунда. Ал илимий коммунизмдин теориясы менен практикасынын бүткүл мазмунуна тийиштүү. П. и. жумушчу табынын, анын коммунисттик авангардынын, бардык улуттардын эмгекчилеринин тилектештигинен, алардын аракеттеринин биримдигинен жана макулдашуусунан, бири бирине жардамдашуусунан, эл аралык капиталга каршы, демократия менен социализм үчүн күрөштө өз ара колдоо көрсөтүүсүнөн көрүнөт. П. и-дин конкреттүү мазмуну жумушчу табынын революциячыл күрөшүнүн, өнүгүшүнүн, социалисттик революциялардын жеңишинин процессинде, социалисттик курулуштун жүрүшүндө байыйт. Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин П. и. капитализмди кулатуу жана мамлекеттик бийликти жеңип алуу максатындагы жумушчулардын, эмгекчилердин эл аралык тилектештигин көрсөткөн. Бул революциянын жеңишинен кийин ал эл аралык пролетариат тарабынан биринчи социалисттик мамлекетти колдоодон жана Совет Союзу тарабынан дүйнөлүк жумушчу жана улуттук-боштондук кыймылын колдоодон көрүндү. Башка өлкөлөрдө социалисттик революциялар жеңип чыккандан жана социализмдин дүйнөлүк системасы түзүлгөндөн кийин, андан тышкары, социализм өлкөлөрүнүн биримдигин, баш кошкондугун чыңдоо, бул өлкөлөрдүн элдеринин ортосунда достук мамилелерди өнүктүрүү П. и. маанилүү көрүнүштөрүнүн бири болуп калды. Пролетардык социалисттик интернационализмге бекем туруу, социалисттик өлкөлөрдүн ортосундагы бир туугандык кызматташтык, алардын ортосундагы байланыштарды ар тараптан өнүктүрүү — азыркы замандын бардык антиимпериалисттик күчтөрүнүн авангарды болуп эсептелген бүткүл эл аралык коммунисттик кыймылдын ийгиликтүү өнүгүшүнүн чечүүчү шарттарынын бири болуп саналат.

Азыркы шарттарда Мекендин таламдары, анын эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн чыныгы күрөш социалисттик өнүгүүнүн, социалисттик өлкөлөр менен кызматташуунун, эл аралык жумушчу кыймылы менен тилектештиктин шарттарында гана мүмкүн. Ошондуктан П. и. улуттук таламдарга ылайык келет жана социалисттик патриотизм менен айкалыштырылат. Совет эли көп улуттуу мамлекеттин жаңы түрүн түзүп, башка социалисттик өлкөлөр менен интернационалдык кызматташтыкта социализмди, коммунизмди куруу менен, өзүлөрүнүн көз каранды эместиги үчүн күрөшүп жатышкан элдерге ак ниет жардам көрсөтүп, П. и. идеяларын практика жүзүндө ишке ашырып жатат. Коммунизмдин душмандары П. и-ге буржуазиялык улутчулдукту жана космополитизмди —улуттардын өз алдынча жашоо жана мамлекеттик көз каранды эместик укугун танууучу, өз мекенине, өз элине кош көңүл мамиле кылууну үгүттөөчү реакциячыл идеологияны карама-каршы коюга аракет жасап жатышат. Космополитизм — агрессивдүү буржуазиялык улутчулдуктун



жана расизмдин тескери бети.

КПССтин XXV съезди марксизмдин-ленинизмдин башкы принциптеринин бири катары пролетардык интернационализмдин маанилүүлүгүн белгиледи. «Биз, советтик коммунисттер,—деп айткан Л. И. Брежнев партиянын XXV съездинде,— пролетардык интернационализмди коргоону ар бир марксчинин-лениничинин ыйык милдети деп эсептейбиз». (КПССтин XXV съездинин материалдары, 38-бет).

**ПРОПАГАНДИСТТЕР** — дүйнөгө марксисттик-лениндик көз карашты калыптандыруу, эмгекчилерге саясий билим берүү жана аларды коммунисттик тарбиялоо, алардын социалдык активдүүлүгүн жогорулатуу максатында марксисттик-лениндик теорияны, КПССтин саясатын таркатууга, терең түшүндүрүүгө чакырылган партиянын идеологиялык кадрлары. Саясий жана экономикалык билим берүү системасында пропагандисттер окуу пландарына жана программаларына ылайык угуучуларга марксизмдин-ленинизмдин теориясын жана КПССтин саясатын системалуу жана ырааттуу окутууну ишке ашырышат. П-дин көпчүлүгү өз иштерин коомдук негиздерде жүргүзүшөт. Алар аркылуу марксизмдин-ленинизмдин идеяларын жана КПССтин саясатын, эмгекчилерди коммунисттик тарбиялоо үчүн бардык илимий билимдерди турмушка ашырып жатышкан журналдардын, газеталардын, радионун, телевидениенин жана информация менен пропаганданын башка каражаттарынын идеологиялык кадрлары да сөздүн кеңири маанисинде П. болуп саналышат.

П. болуу — коммунист жана партияда жок активист үчүн партиялык маанилүү тапшырма. П. эреже катарында, жогорку билимдүү, марксисттик-лениндик теория боюнча терең билимдерге ээ болгон, өндүрүштүк жана коомдук-саясий иштерде үлгү болуп эсептелген идеялуу адамдардан тандалып алынат. П. партиялык комитеттердин жана бюронун заседаниелеринде бекитилет.

П. пропагандисттик иштер үчүн зарыл теориялык жана методикалык даярдыкты марксизм-ленинизм университеттеринде, жогорку окуу жайларынын коомдук профессиялар факультеттеринде алышат. Пропагандисттик кадрларды даярдоодо жана бөтөнчө алардын теориялык билимдерин жана методикалык чеберчилигин жогорулатууда курстар, семинарлар, илимий-методикалык конференциялар маанилүү роль ойнойт. КПССтин райондук (шаардык) комитеттеринин алдындагы, ишканалардын парткомдорунун алдындагы пропагандисттердин дайыма иштөөчү семинарлары, партиянын обкомдорунун, крайкомдорунун жана республикалардын коммунисттик партияларынын Борбордук Комитеттеринин саясий агартуу үйлөрүнүн алдындагы курстар, семинарлар, конференциялар регулярдуу түрдө өткөрүлүп жаткан теориялык жана методикалык окуунун натыйжалуу формасы болуп саналат.

Саясий билимди жогорулатуунун негизинде дүйнөгө

марксисттик-лениндик көз карашты, эмгекчилердин идеялык аң-сезимдүүлүгүн калыптандыруу, алардын эмгектик жана коомдук-саясий активдүүлүгүн жогорулатуу пропагандисттик иштин негизги максаты болуп саналат. Азыркы этапта КПССтин XXV съездинин материалдарын пропагандалоо — пропагандисттердин ишинин башкысы болуп саналат.

«КПССтин XXV съездинин чечимдерине ылайык партиялык окуунун милдеттери жөнүндөгү» КПСС БКнын токтомунда пропагандисттик кадрларга кеңири талаптар коюлуп, алардын идеологиялык иштери жөнүндө камкордук көрүлөт. «Партиялык комитеттердин көңүлү,— деп белгиленген КПСС БКнын токтомдорунда,— мында пропагандисттик кадрларга сарамжалдык менен мамиле кылуу жөнүндө, алардын билимин дайыма толуктап турууну жана чеберчилигин жогорулатуунун маанилүүлүгү жөнүндө лениндик көрсөтмөлөрдү кыйшаюусуз жетекчиликке алып, пропагандисттер менен иштин күчөтүүнүн зарылчылыгына бурулган. Пропагандисттерди кылдаттык менен тандоону камсыз кылып, алардын теориялык жана методикалык окуусун, информация берип турууну, иш тажрыйбасын алмашууну жакшыртуу керек. Пропагандисттердин чыгармачыл иши үчүн шарттарды түзүү, аларды коллективдердин экономикалык жана социалдык өнүгүү милдеттерин түшүндүрүүгө жана практика жүзүндө чечүүгө тартуу керек. Пропагандисттердин ишин партиялык маанилүү тапшырма катарында карап алардын асыл эмгегин колдоо керек».

**РАДИОУКТУРУУ** — к. *Массалык информациянын жана пропаганданын каражаттары.*

**РУХИЙ КЕРЕКТӨӨЛӨР** — адамда анын коомдук-тарыхый өнүгүшүнүн жүрүшүндө түзүлгөн, моралдык, нравалык, укуктук кенчтерин кошкондогу рухий кенчтерге болгон анын керектөөлөрү.

Адамдын Р. к-ү коомдук жактан шартталган мүнөзгө ээ жана сезилип түшүнүлгөн. Алар коомдук-эмгектик иштердин натыйжасында келип чыккан. Курчап турган дүйнө жөнүндө билимдерди (илимди, агартууну) керектөөлөр, эстетикалык керектөөлөр (оюн-зоок, музыка, живопись, көркөм сөз искусствосу), моралдык керектөөлөр (достук, адам жөнүндө камкордук, парсын аткаруу, өз ара жардамдашуу ж. б.) Р. к-гө кирет.

Адамды курчап турган дүйнө, биринчи кезекте коомдук чөйрө менен өз ара аракетинин натыйжасы болуу менен Р. к. айрым адамдын да, ошондой эле бүтүндөй коомдун да турмушунда зор роль ойнойт. (к. *Рухий маданият*).

«Советтик адамдардын ар түрдүү рухий таламдарын канааттандыруу үчүн онунчу беш жылдыктын жылдарында көп нерселер иштелет. Китептер жана башка да басылыштар барган сайын көбүрөөк чыгарылат, теле көрсөтүү жаңы райондорго жеткирилет, искусство менен адабияттын бардык түрлөрү андан ары да өнүктүрүлөт, маданият мекемелеринин материалдык базасы чыңдалат». (КПССтин XXV съездинин материалдары, 145-бет).



**РУХИЙ МАДАНИЯТ** — рухий байлыктарды, б. а. коомдук аң-сезимдин чөйрөсүнө — илимге, искусствого жана адабиятка, философияга, моралга агартууга ж. б-ларга тиешелүү байлыктарды өндүрүү, бөлүштүрүү жана керектөө менен байланышкан адам ишмердигинин жагы. Р. м. өзүнүн идеялык мазмуну жана практикалык багыты боюнча таптык мүнөздө болуп саналат. Капитализм учурунда бул ар бир улуттук маданияттын ич арасында эки маданияттын — үстөмдүк кылуучу буржуазиялык маданияттын жана жок дегенде элементтер түрүндө демократиялык маданияттын болушунан көрүнөт.

Идеалисттик философия Р. м-тын материалдык негизден бөлүнүп тургандыгын жарыялайт. Марксизм-ленинизм материалдык байлыктарды өндүрүү процессин Р. м-ты өнүктүрүү үчүн негиз жана булак катары карайт. Түздөн-түз же кыйыр формаларда Р. м. эмгекчи массасы тарабынан түзүлөт. «Турмушту билүү менен искусствону байытуунун жана, экинчи жагынан, көп миллиондогон эмгекчи элди маданий байлыктарга мындан ары тартуунун жандуу процесси жүрүп жатат» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 96-бет). Социализмдин учурунда ар бир эмгекчи Р. м-ты потенциялуу түзүүчү болушу жана бул өбөлгөлөрдү турмушка ашыра алышы үчүн экономикалык жана социалдык шарттар түзүлөт. «Социализм эмгекчи массага рухий байлыктарга кеңири жолду ачып гана бербестен, аларды маданиятты түздөн-түз түзүүчүлөргө да айландырып отурат». (КПССтин XXIV съездинин материалдары, 102-бет).

Социализмдин учурунда коомдун турмушундагы Р. м-тын ролу чексиз өсөт (к. *Маданий революция*), ал эми Р. м. өзүнүн чөйрөсүндө адабияттын жана искусствонун, элдин көркөм чыгармачылыгынын ролу көбөйөт. «Биздин Коммунисттик партиянын XXV съезди,— деп айтылган Л. И. Брежневдин СССРдин Чоң театрынын коллективине жиберген куттуктоосунда,— адамдарды рухий байытууда, аларды нравалык өркүндөтүүдө көркөм маданияттын чоң ролун белгиледи» («Правда», 1976-жыл, 26-май).

**САЛАМАТТЫК САКТОО** — калктын саламаттыгын сактоого, ооруларды азайтууга, өлүмдү кыскартууга багытталган чаралардын системасы. КПССтин XXV съездинде белгиленгендей, социалдык милдеттердин арасында эмгекчилердин саламаттыгы жөнүндө камкордук көрүүдөн артык милдет жок. СССРде орточо өмүр сүрүүнүн узундугу 1913-жыл менен салыштырганда 2 эседен көбүрөөк узарды жана болжол менен 70 жашка барабар. Калктын оорусунун жалпы деңгээли эки эсе төмөндөдү. 1975-жылы дүйнө жүзүндө 2,8 миллион врач болгон. Алардын ичинен 835,2 миңи, башкача айтканда үчтөн бирине жакыны СССРде. Бизде калктын 10 миң адамына 32,6 врач, ФРГда — 21,8, АКШда — 20,2,

Японияда—15, Турцияда—5,6, жана Иранда — 3,9 врач туура келет.

СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн мамлекеттик беш жылдык планында ооруканаларды, поликлиникаларды, профилакторийлерди жана башка дарылоо мекемелерин куруу жолу менен С. с-нун материалдык-техникалык базасын андан ары чыңдоо каралган. Жаңы жана иштеп жаткан дарылоо мекемелери азыркы кездеги медициналык жабдуулар менен жабдылып, илимдин жана техниканын соңку жетишкендиктери пайдаланылат. 10-беш жылдыктын аяк чениде оорукана койкаларынын саны 3,3 миллионго жетет. Медициналык тейлөөнүн сапаты жогорулап, дарылоо мекемелеринде эмгекти уюштуруу жакшырат. Оорулардын алдын алуу милдети барган сайын толук чечилет.

**САЛТТАР ЖАНА ЖАҢЫЧЫЛДЫК** (искусстводо) — маданияттын өнүгүшүнүн проблемаларынын бири, ал өзүнүн искусствосун түзүп жана өнүктүрүп жаткан ар бир коомдо жана ар бир таптын алдында пайда болот. Көркөмдүк салт— бул идеялык-эстетикалык жетишкендиктердин тарыхый байланыштуулугу, өткөн доорлордун көркөмдүк мурасын өздөштүрүү. Жаңычылдык — искусстводо жаңы идеяларды жана образдарды турмушка ашыруу жана муну менен байланышкан көркөмдүк көрсөтүүнүн жаңы каражаттарын ачуу; искусствону жаңы каармандар, темалар, методдор, ыкмалар менен байытуу; жаңы көркөмдүк чечимдерди издөө жана ачуу.

Марксисттик-лениндик эстетика салттарды сактоо — бул биринчи кезекте өткөндүн алдыңкы искусствосунун идеялык негиздерин, чагылдырылуучу чындыкка баа берүү принциптерин улантуу жана өнүктүрүү, жалпы адамдык эстетикалык идеалдардын улантып кетүүчүлүгү. Бирок мында эски үлгүлөрдү сокур колдонууга жол берилбөөсү керек.

Искусстводогу улантып кетүүчүлүктү жана салтты жаңычылдыктын, көркөм издениүнүн түшүнүктөрүнөн бөлүп кароого болбойт, анткени алар маданияттын өнүгүшүнүн бирдиктүү диалектикалык процессин чагылдырышат. Жаңычылдыктын объективдүү шарттуулугу жаңы каармандын пайда болушу, жаңы конфликттердин келип чыгышы жана буга ылайык келген искусстводогу идеялык мазмун менен, жаңы эстетикалык идеалды билдирүү керектөөсү менен байланышкан. Художниктин чыгармачыл келечектен ажыраткан жолго алып кетүүчү формалдуу издөөлөргө каршы чыгып, марксисттик-лениндик эстетика көркөмдүк каражаттарды дайыма жаңыртып турууну карайт. «Партия социалисттик реализмдин негизинде иштелип чыгып жаткан формалардын жана стилдердин ар түрдүү жана бай болушун жактайт» (КПССтин XXIV съездинин материалдары, 235-бет).

**САЯСИЙ АГИТАЦИЯ** (СССРде) — партиянын идеологиялык иштин маанилүү составдык бөлүгү, адамдарды ынандыруунун жана алардын социалдык активдүүлүгүн жогорулатуунун формаларынын бири. КПСС БКнын «КПССтин XXV съездинин чечимдерин орундатууда оозеки агитациянын ролун жогорулатуу жөнүндө» токтомунда (1977) партиялык уюмдар эмгекчилерди коммунисттик тарбиялоо, аларды КПССтин XXV съездинин чечимдерин орундатууга мобилизациялоо боюнча өзүлөрүнүн ишинде оозеки агитациянын ар түрдүү формаларын кеңири колдонуп жатышкандыгы белгиленген.

Агитаторлордун, саясий информаторлордун, докладчылардын чоң отряды партиянын сөзүн массаларга жеткирет. Алар эмгекчилерге КПССтин XXV съездинин материалдарынын жоболорун жана тыянактарын, партиянын съезден кийин кабыл алынган документтерин терең өздөштүрүүгө, 10-беш жылдыктагы эмгек коллективдеринин милдеттерин, ар бир адамдын аларды чечүүгө жекече салымын толук аныктоого жардам беришет. С. а. марксизм-ленинизм теориясынын бекем фундаментине негизделет, коммунисттик идеялуулуктун, партиялуулуктун, илимийликтин, чынчылдыктын, турмуш менен, күндөлүк практика менен тыгыз байланыштуулуктун лениндик принциптерине таянат.

С. а. басма сөздөр, телевидение, радиоуктуруу, саясий жана экономикалык билим берүү системасы, лекциялык пропаганда аркылуу кеңири масштабдарда жүргүзүлөт. Ушуну менен катар партиялык уюмдар оозеки саясий агитацияны ар тараптан өнүктүрүп жатышат.





Оозеки С. а-нын өзүн актаган уюштуруу звенолору түзүлдү. Партиянын крайкомдорунун, обкомдорунун, шаардык комитеттеринин жана райкомдорунун алдында көп учурларда партиялык комитеттердин биринчи секретарлары башчылык кылышкан докладчылардын топтору ийгиликтүү иштеп жатышат. Саясий информаторлордун топтору коомдук-саясий турмуштун актуалдуу маселелерин түшүндүрүүдө өзүлөрүн жакшы тараптан көрсөтүштү. Агитколлективдер көп кырдуу иштерди жүргүзүүдө. Насаатчылык жаштарды кесипке даярдоонун, саясий жана правалык тарбиялоонун таасирдүү формасы болуп калды. Партия массаларды саясий тарбиялоодо көрсөтмөлүү агитацияга чоң маани берет.

С. а-нын мазмуну, формалары жана методдору дайыма өнүктүрүлүп жана байытылып турат. Партиялык уюмдар партия тарабынан иштелип чыгылган агитациянын салттарына таянышып, жаңы, өтө натыйжалуу формаларды жана методдорду табышат. Суроолор жана жооптор кечелери, крайлардын, областтардын, шаарлардын, райондордун жетекчи кызматкерлеринин ай сайын калктын алдында баары бир убакта чыгуулары (бирдиктүү саясий күндөрдө), информациялык-пропагандисттик топтордун жана агитбригадалардын жер-жерлерге баруулары, граждандардын митингилери, чогулуштары жана айыл-кыштактык жыйындары, оозеки журналдар, эмгек даңкынын, түшүмдүн майрамдары, мелдеште жеңип чыккандарды урматтоолор,

жумушчуларга жана колхозчуларга кабыл алуу аземдери, партиянын ветерандары, согуштун жана эмгектин ветерандары менен жолугушуулар жана башка массалык чаралар кеңири таркады.

КПСС оозеки С. а-ны өркүндөтүү жөнүндө дайыма камкордук көрөт. КПСС БКнын «КПССтин XXV съездинин чечимдерин орундатууда оозеки саясий агитациянын ролун жогорулатуу жөнүндө» токтому партиялык уюмдар үчүн С. а. мындан ары активдештирүү боюнча кеңири программа болуп саналат. Анда «оозеки агитация партиялык иштин маанилүү чөйрөсү, партиянын массалар менен туруктуу байланышынын, аларды партиянын, анын лениндик Борбордук Комитетинин айланасына баш коштуруунун активдүү формаларынын бири, саясий жетекчиликтин таасирдүү инструменти болгондугу жана болуп кала тургандыгы» бардык күч менен белгиленген.

**САЯСИЙ ДОКЛАДЧЫЛАР** — эмгекчилерге партиянын жана өкмөттүн, жергиликтүү партиялык жана советтик органдардын саясатын, маанилүү чечимдерин түшүндүрүүчү, конкреттүү саясий жана чарбалык милдеттерди баяндоочу партиянын идеологиялык кадрлары. С. д. жетекчи кызматкерлерден тандалып алынат жана партиялык комитеттер тарабынан бекитилет. С. д-дын топтору партиянын райкомдорунун, шаардык комитеттеринин окружкомдордун, обкомдордун, крайкомдордун, союздук республикалардын Борбордук Комитетинин алдында түзүлөт. Саясий докладдар жетекчи кызматкерлердин массалар менен байланышынын, эмгекчилердин суроо-талаптарын үйрөнүүнүн жана жыйынтыктоонун, эмгекчилердин маанайларын жана коомдук пикирлерин үйрөнүүнүн маанилүү каражаты болуп саналат, андан тышкары, жетекчи кызматкерлердин эмгекчилери алдындагы өз иши жөнүндө, алар башкарган коллективдердин иши жөнүндө отчетунун өзүнчө бир формасы да болуп эсептелет. С. д. түшүндүрүү-комментаторлоочу, тарбиялоочу, уюштуруу-мобилизациялоочу, информациялык ж. б. функцияларды аткарышат. Саясий докладдардын тематикасы тийиштүү партиялык комитеттер тарабынан иштелип чыгылат жана биздин коомдун экономикалык, социалдык, саясий, рухий өнүгүү маселелерин жана эл аралык турмуштун маселелерин кучагына алат. Саясий докладдар, суроолор жана жооптор кечелери, лениндик жумалыктар, информациялык күндөр ж. б. С. д-дын ишинин негизги формалары болуп эсептелет. Бирдиктүү саясий күндөрдүн жана информациялык-пропагандисттик топтордун чыгууларынын практикасы кеңири таркаган. Азыркы этапта С. д. партиянын XXV съездинин, КПСС БК пленумдарынын чечимдерин, партиянын ички жана тышкы саясатын түшүндүрүүдө маанилүү роль ойнойт.

КПСС БКнын «КПССтин XXV съездинин чечимдерин орундатууда ооз эки саясий агитациянын ролун жогорулатуу жөнүндө» токтомунда С. д. ишин мындан ары жакшыртуу



жөнүндө камкордук көрүлгөн. «Бул максаттарда иштин ар түрдүү формаларын пайдалануу менен, эмгекчилерди саясий тарбиялоого жетекчи кадрлардын дайыма жана милдеттүү катышуусунун лениндик традициясын ар тараптан өнүктүрүү маанилүү,— деп белгиленген КПСС БКнын токтомунда.— Партиянын райкомдорунун, шаардык комитеттеринин, обкомдорунун, крайкомдорунун, союздук республикалардын компартияларынын Борбордук Комитетинин докладчылар топторунун иштери активдештирилүүгө тийиш. Өзүлөрү башчылык кылышкан министерстволордун, ведомстволордун, ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин иши жөнүндө жетекчилердин калк алдында регулярдуу чыгып турууларын камсыз кылуу зарыл».

**САЯСИЙ ИНФОРМАТОРЛОР** — эмгекчилерге саясий кабарларды регулярдуу билдирип туруучу, партия менен өкмөттүн, жергиликтүү партиялык жана советтик органдардын чечимдерин түшүндүрүүчү, ички жана эл аралык турмуштун негизги окуяларынын маңызын комментариялоочу партиянын идеологиялык кадрлары. Ар бир саясий информатор бир багыт — өлкөнүн саясий, экономикалык, маданий турмушу жана эл аралык абал боюнча адистешет.

Азыркы убакта калкка саясий кабарларды билдирүү боюнча 1,8 млн. С. и. иштейт. Алар жакшы саясий даярдыгы жана массалардагы идеологиялык иштин тажрыйбасы бар коммунисттерден жана партияда жок активисттерден тандалып алынат. С. и-дун топтору парткомдордун алдында, жана да бул үчүн тийиштүү кадрлар бар партиялык уюмдардын бюролордун алдында түзүлөт жана алардын түздөн-түз жетекчилиги алдында иштешет.

С. и. институту КПССтин XXV съезди тарабынан коюлган идеялык-тарбия ишине комплекстүү мамиле кылуунун милдеттерин ишке ашырууда маанилүү роль ойнойт.

С. и-дун милдети эмгекчилерде партиянын чечимдерин жана практикалык иштерин туура түшүнүүнү, ички жана эл аралык турмуштун маанилүү окуяларына таптык баа берүүнү иштеп чыгууда, социалисттик турмуштук позицияны иштеп чыгууда, эмгектик жана коомдук активдүүлүктү жогорулатууда турат.

С. и. өзүлөрүнүн иштерин партиялуулуктун, илимийликтин, чынчылдыктын, турмуш менен байланыштын лениндик принциптерин кыйшаюусуз турмушка ашыруунун негизинде жүргүзүшөт. Алар үчүн партиянын парткомдорунун, райкомдорунун жана шаардык комитеттеринин алдында уюштурулган семинарлар, группалык жана жекече консультациялар, партиялык комитеттердин саясий агартуу кабинеттеринин алдындагы методсоветтер, жана да ар түрдүү курстар, кеңешмелер, илимий-практикалык жана илимий-методикалык конференциялар ж. б. аларга чоң теориялык, информациялык жана методикалык жардамды көрсөтүшөт. Саясий информация, ошондой эле маектешүү, аңгеме өткөрүү, окуяларга об-

зор берүү ж. б. С. и-дун ишинин негизги формасы болуп эсептелет.

Партия ички жана эл аралык турмуштун маанилүү окуялары тууралу эмгекчилерге ар тараптан билдирип туруу жөнүндө, информациянын сапатын жогорулатуу жөнүндө дайыма камкордук көрөт. Бул жөнүндө КПСС БКнын «КПССтин XXV съездинин чечимдерин орундатууда оозеки саясий агитациянын ролун жогорулатуу жөнүндө» токтому да күбө болот, ал, асыресе, «саясий информаторлордун составын өлкөнүн саясий, экономикалык, маданий турмушунун жана эл аралык абалдын маселелерин квалификациялуу комментариялоого, коммунисттик моралдын принциптерин жана нормаларын, турмуштун советтик образын түшүндүрүүгө жөндөмдүү, тажрыйбалуу, теориялык жактан даярдыктуу активисттердин эсебинен чыңдоону» карайт. Токтомдо окуунун жана инструкция берүүнүн, ориентировканы камсыз кылуунун, справка-информация материалдарынын бүтүндөй системасын түзүү милдети коюлган.

**САЯСИЙ ИНФОРМАЦИЯ** (СССРде) — идеологиялык иштин бардык каражаттары менен коммунисттик идеяларды, СССРдеги жана чет өлкөлөрдөгү коомдук-саясий турмуштун маселелери боюнча билдирүүлөрдү жана баа берүүлөрдү таркатуу процесси. С. и. коомдук пикирди калыптандырууга, адамдарга ички жана тышкы саясат маселелери боюнча туура багыт алууга жардам берүүгө, буржуазиялык идеологияны ашкерелөөгө, адамдардын эмгектик жана саясий активдүүлүгүн өнүктүрүүгө, адамдын жалпы түшүнүгүн кеңейтүүгө чакырылган. С. и. бардык эмгекчилерди мамлекетти жана коомду башкарууга тартуунун зарыл шарты, партиянын массалар менен байланышын чыңдоонун каражаты болуп эсептелет; башкаруу инструменти болуп кызмат кылат, туура чечимдерди иштеп чыгарууга жардам берет; бийлик органдарынын ишине таасир көрсөтүүнүн, алардын ишине контролдук кылуунун, алардын иш стилин өркүндөтүүнүн рычагы катарында чыгат; закондуулукту жана укук тартибин чыңдоого көмөк көрсөтөт. Эл аралык абалдын оорчулугунун жеңилдешинин жана социализм менен капитализмдин ортосундагы идеологиялык күрөштүн курчушунун шарттарында С. и-ны кеңейтүү боюнча партиянын идеологиялык ишинин ролу жана мааниси барган сайын өсө берет. Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездиндеги докладында мындай деп белгиленген: «Дүйнөлүк саясаттагы оң мүнөздөгү жылыштар, оор абалдын жеңилдегендиги социализмдин идеяларын кеңири жайылтуу үчүн ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрдү түзүп жатат. Бирок, экинчи жагынан, эки системанын идеялык карама-каршы күрөшү өтө активдүү империалисттик пропаганда өтө айла-амалдуу болуп бара жатат.

Дүйнөгө эки бөлөк көз караштын күрөшүндө бейтараптыкка жана компромисстерге орун болууга тийиш эмес. Мында жогорку деңгээлдеги саясий кыраакылык, активдүү, оперативдүү жана ынандыруучу пропагандисттик иш, душмандын идеологиялык диверсияларына өз убагында сокку уруу керек» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 89-бет).



Басма сөздөр, радио жана телевидение, саясий жана экономикалык билим берүү системасы, оозеки жана көрсөтмөлүү агитация, лекциялык пропаганда — С. и-ны массаларга жеткирүүчү каналдар болуп саналат. КПССтин XXIII съездинен кийин саясий информаторлордун атайын коомдук институту түзүлгөн.

С. и. системасы төрт негизги багытты: өлкөнүн саясий, экономикалык жана маданий турмушун жана эл аралык абал боюнча өткөрүлөт. С. и-нын натыйжалуулугу партиялык уюмдар саясий информаторлорду тандап алышына жана окутуусуна, алардын ишинин мыкты тажрыйбасын жыйынтыкташына жана таркатышына, идеологиялык кадрлардын бул категориясынын ишине системалуу түрдө контролдук кылышына жана жардам көрсөтүшүнө көп байланыштуу боло тургандыгын практика көрсөтүп отурат. Ошону менен катар партиялык комитеттер адамдарга мазмуну жана формасы боюнча жогорку сапаттуу, системалуу жана өз убагында С. и-ны жеткирүүгө тийиш болгон бүткүл системанын ишин жөнгө салууга умтулушат.

Партиянын XXV съездинин талаптарынын негизинде жана аларды өнүктүрүп кабыл алынган бир катар партиялык документтер: «КПССтин XXV съездинин чечимдеринин негизинде партиялык окуунун милдеттери жөнүндө» (1976), «КПСС Томский обкомунун массалык информация жана пропаганда каражаттарына жетекчилик кылуу жөнүндө» (1977), «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» (1977), «КПССтин XXV съездинин чечимдерин орундатууда оозеки саясий агитациянын ролун жогорулатуу жөнүндө» (1977) токтомдор ж. б. СССРде С. и-ны андан ары өркүндөтүүгө кызмат кылат.

**САЯСИЙ ПРОПАГАНДА** (СССРде) — КПССтин марксисттик-лениндик теориясын жана саясатын коммунисттик курулуштун, КПССтин эл аралык ишинин практикасы, дүйнөгө илимий көз карашты, идеялык, саясий ынанууну калыптандыруу, совет адамдарынын социалдык активдүүлүгүн жогорулатуу максатында идеологиялык күрөш менен органикалык биримдикте, тыгыз байланышта түшүндүрүү процесси. «...Саясий маданияттын, саясий агартуунун максаты,— деп көрсөткөн В. И. Ленин,— чыныгы коммунисттерди тарбиялоо» (Чыгармалар, кыргызча басылышы, 31-том, 404-бет).

С. п.— пропаганданын массалык каражаттарынын, формаларынын жана методдорунун өзгөчө татаал жана ошол эле убакта ийкемдүү жана таасын системасы (саясий агартуу, экономикалык билим берүү системасы, басма сөз, телевидение, радио ж. б.). Коммунисттик партия алардын жардамы менен революциялык

теорияны, өзүнүн саясатын эл массаларынын арасына таркатат, аларды тарбиялайт, чарбалык жана маданий курулушка активдүү катышууга мобилизациялайт.

Марксизм-ленинизм, партиянын XXV съездинин материалдарында жана чечимдеринде ачылган азыркы замандын актуалдуу проблемалары С. п-нын негизги мазмуну болуп эсептелет.

С. п. биринчи коомдук көрүнүштөргө таптык мамилени, дүйнөгө илимий көз караштты жана коммунисттик правалуулукту калыптандыруунун бүткүл процессинин багытын — саясий аң-сезимдүүлүктү тарбиялоого арналган. Ал ошондуктан партиянын идеологиялык ишинин, коммунисттик тарбиянын маанилүү составдык бөлүгү болуп эсептелет. Эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүүнүн кырдаалында социализм менен капитализмдин ортосундагы идеологиялык күрөштүн күчөгөндүгүнө байланыштуу азыркы этапта С. п-нын ролу мурдагыдан да өсө берет.

Партиянын XXV съездинин чечимдерин терең үйрөнүү — СССРдеги С. п-нын бүткүл системасынын алдында турган мезгилдеги башкы милдети: «Съезддин идеяларын ар бир коммунисткe, советтик ар бир адамга жеткире түшүндүрүү — пропагандисттердин, лекторлордун, докладчылардын гана эмес, биздин партиялык бардык активисттерибиздин ардактуу милдети ушундай». (КПСС-тин XXV съездинин материалдары, 90-бет).

**СОВЕТТИК ПАТРИОТИЗМ** (социалисттик) — совет адамдарында идеялык биримдик, максаттардын жалпылыгы, улуттардын өз ара бир туугандык жардамдашуусу жана достугу, социализмди жана коммунизмди куруунун жүрүшүндө алардын жакындашуусу пайда кылган социалисттик Мекенди сүйүүнүн жана ага берилгендиктин терең сезими. Өндүрүш каражаттарына болгон коомдук менчик, социалисттик мамлекет, марксизмдин-ленинизмдин идеологиясы С. п-дын экономикалык, социалдык-саясий жана идеологиялык негиздери болуп саналат. С. п.— социалисттик коомдо келип чыккан жана өнүгүп жаткан жаңы типтеги патриотизм. С. п-де улуттук жана интернационалдык органикалык биримдикте чыгат.

С. п. өзүнө гана таандык бир катар түпкү белгилер жана бөтөнчөлүктөр менен мүнөздөлөт. Бул социалисттик Мекендин күч-кубаты жана гүлдөшү жөнүндө, анын жыргалчылыгы жөнүндө элдин талыкпаган камкордугу; массалардын коммунизмдин жеңиши үчүн активдүү аң-сезимдүү күрөшү болуп саналат. Прогрессивдүү улуттук традицияларды жана бардык эмгекчилердин жалпы турмуштук таламдарын гармониялуу айкалыштыруу; КПССке жана анын лениндик Борбордук Комитетине чексиз берилгендик; СССР элдеринин дүйнөлүк социалисттик ынтымакташтыктын элдери менен интернационалдык баш кошкондугун, достугун жана бир тууганлыгын сезүү, бардык өлкөлөрдүн эмгекчилери менен тилектештик; социалисттик түзүлүштүн капиталисттик түзүлүштөн артыкчылыктарын ачык-айкын түшүнүү, өз элинин эски дүйнөнү кайра куруучу чыгармачыл иштери үчүн улуттук сыймыктануу; жумушчу табынын жана эмгекчи массалардын душмандарын аябай жек көрүү да С. п-дин белгилерине кирет.



С. п. бир өлкөнүн эмгекчилеринин улуттук таламдарын бардык өлкөлөрдүн эмгекчилеринин таламдары менен гармониялуу айкалыштырылат. Л. И. Брежневдин КПССтин XXV съездиндеги докладында өткөн мезгилдин ичинде партиялык уюмдар эмгекчилерди патриоттук тарбиялоо ишине жана ошол эле убакта массалардын интернационалдык аң-сезимин чыңдоого көп күч жумшашкандыгы белгиленген. «Советтик патриотизм жана социалисттик интернационализм, Совет Өлкөсү үчүн, биздин Мекенибиз үчүн сыймыктануу, социализм жеңиштерин коргоого даяр туруунун идеяларын эмгекчилердин, баарыдан мурда жаш муундардын аң-сезиминде бекемдөө — партиянын эң маанилүү милдеттеринин бири болгон жана болуп кала берет» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 90-бет).

**СОЦИАЛИСТТИК ИНТЕРНАЦИОНАЛИЗМ** — ар бир социалисттик мамлекеттин чегиндеги, ошондой эле дүйнөлүк социалисттик ынтымакташтыкка кирген өлкөлөрдүн элдеринин ортосундагы социалисттик улуттардын жана калктардын өз ара мамилелериндеги пролетардык интернационализм. СССРде улуттар аралык мамилелер С. и-дин бузулгус принциптеринде курулат, мунун өзү бардык улуттардын жана калктардын ар тараптан гүлдөшүн жана жакындашуусун камсыз кылат. Социалисттик мамлекеттердин ортосундагы өз ара мамилелердеги С. и. экономикалык, саясий, тарбия жана маданий жактардагы достукту, тең укуктуулукту, өз ара урматташууну, тыгыз кызматташтыкты көрсөтөт. «КПСС социализмдин өлкөлөрү менен болгон мамилелеринде сыноодон өткөн мына бул эрежени: ишти чыныгы тең укуктуулуктун жана бири-биринин ийгиликтерине кызыккандыктын рухунда жүргүзүү, чечимдерди иштеп чыгууда улуттук таламдарды гана эмес, интернационалдык таламдарды да эске алуу эрежесин бекем колдонот. Биздин пикирибиз боюнча, кандай гана проблемалар пайда болбосун, аларды достукту, биримдикти жана кызматташтыкты чыңдоо рухунда чечүү керек» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 8 бет). Социализмдин өлкөлөрүнүн коммунисттик партияларынын бузулгус күжүрмөн союзу социалисттик өлкөлөрдүн тыгыз кызматташтыгынын негиздеринин негизи, анын жаны болуп саналат.

**СОЦИАЛИСТТИК МАДАНИЯТ** — социализм курулушунун жүрүшүндө өткөндүн прогрессивдүү маданиятынын бардык мыкты жетишкендиктеринин негизинде түзүлгөн маданияттын жаңы, жогорку формасы. Социалисттик революция болмоюнча С. м-ты түзүү жана орнотуу мүмкүн эмес, маданий революция анын составдык бөлүгү болуп саналат.

С. м. азыркы кездеги буржуазиялык маданияттан өзүнүн социалдык жаратылышы жана функциясы боюнча да, идеялык маңызы, маданий кенчтерди түзүүнүн методдору боюнча да, жана аларды керектөөнүн формалары боюнча да айырмаланат. С. м-тын негизги белгилери: коммунисттик идеялуулук жана партиялуулук, дүйнөгө илимий көз караш, элдиктин, социалисттик гуманизм, коллективизм, социалисттик патриотизм жана интернационализм, элдердин маданий прогрессивдүү мурасынын улантып кетүүчүлүгү, улуттук маданияттарды өнүктүрүү, жакындаштыруу жана өз ара байытуу болуп саналат.

С. м-ты түзүүдө жана өнүктүрүүдө жетекчи роль Коммунисттик партияга таандык, ал маданий курулуш жагынан Совет мамлекетинин бардык ишине багыт берет.

СССРдеги С. м. көп улуттуу маданият болуп саналат. Жаңы түзүлүштүн шарттарында улуттук социалисттик маданияттар гүлдөп жатат, элдердин ортосунда материалдык жана рухий байлыктарды ургаалдуу түрдө алмашуу болуп өтүүдө.

Л. И. Брежнев 1973-жылы Алма-Атада чыгып сүйлөгөн сөзүндө советтик социалисттик мамлекеттин өнүгүп жаткан жалпылыгы жөнүндө айткан, «ал улуттук маданияттардын ар биринин чыныгы баалуу жагынан бардыгын өзүнө камтып турат» (*Л. И. Брежнев,* Лениндик жол менен 4-т., 288-бет). Бизде искусствонун жана адабияттын бул же тигил жагында эң сонун жетишкендиктер, көрүнүктүү таланттар менен сыймыктанбаган бир да республика жок. «Бүгүнкү күндө биз толук укук менен мындай деп айта алабыз: биздин маданиятыбыз—мазмуну боюнча, өзүнүн өнүгүшүнүн башкы багыты боюнча социалисттик, өзүнүн улуттук формалары боюнча ар түрдүү жана өзүнүн руху жана мүнөзү боюнча интернационалисттик маданият. Мына ошентип, ал бардык элдер түзүп жаткан рухий байлыктардын органикалык уюткусу болуп саналат» (*Л. И. Брежнев.* Лениндик жол менен. 4-том, 72-бет).

**СОЦИАЛИСТТИК ПСИХОЛОГИЯ** — социалисттик чындыкты чагылдыруучу, жана жумушчулар менен бардык эмгекчи массаларынын таптык таламдарын билдирүүчү сезимдердин, эмоциялардын, маанайлардын, ой жүгүртүүлөрдүн, эрк актыларынын, адаттардын, салттардын жыйындысы. Өнүккөн социалисттик коомдо С. п. бүткүл совет элинин психологиясы болуп калды, адамдардын саясий жана нравалык ынануусунун олуттуу элементи болуп эсептелип, алардын жүрүш-турушунда маанилүү роль ойноп жатат. Социалисттик коомдук бытиенин адамдардын аң-сезиминде чагылдырылуунун натыйжасында да, ошондой эле Коммунисттик партиянын идеологиялык ишинин таасири астында да С. п. калыптандырылат. Коммунизмге берилгендик, эмгекке социалисттик мамиле, коллективизм, гуманизм, социалисттик интернационализм, патриотизм, оптимизм ж. б. С. п-нын негизги белгилери болуп саналат. Азыркы этапта СССРдеги коомдук психологиянын негизги белгилери бардык таптар жана социалдык топтор үчүн гана эмес, ошондой эле бардык улуттар менен элдер үчүн да жалпы болуп эсептелет.

**СОЦИАЛИСТТИК РЕАЛИЗМ** — чындыкты, анын революциячыл өнүгүшүндө, тарыхый конкреттүү түрдө сүрөттөөгө негизделген, коммунисттик партиялуулуктун жана элдүүлүктүн принциптерине таянган көркөмдүк метод.

С. р. капитализмдин жана буржуазиялык маданияттын кризисинин шарттарында, жумушчу табынын социалисттик революцияны даярдоо жана өткөрүү үчүн аң-сезимдүү күрөшүнүн мезгилинде түзүлгөн. Ал өткөндүн көркөм маданиятынын тажрыйбасынын жана биринчи кезекте реалисттик искусствонун жетишкендиктеринин негизинде келип чыккан. С. р-дин маңызы — турмуштук чындыкты дүйнөгө коммунисттик көз караштын позициясынан көркөм чагылдыруу, жакшы каармандын жаңы тибин түзүү, күрөшүп жаткан революциячыл күчтөрдү, социалисттик гуманизмди жана интернационализмди, тарыхый оптимизм искусство каражаттары менен активдүү колдоо, натурализмдин, формализмдин жана субъективизмдин ар кандай көрүнүштөрүн кабыл албоо болуп эсептелет.

С. р-де идеялуулуктун жана көркөмдүүлүктүн биримдүүлүгүнүн принциби ырааттуу түрдө ишке ашырылат; С. р. искусствонун элдүүлүгү бүткүл коомдун таламдарына негизделет, улуттук өзгөчөлүктү эске алат, элдердин коммунисттик келечекке түшүнүп билүү менен умтулуп жатышын чагылдырат.

С. р. чыгармачылык метод катары художникке талантын жекече бөтөнчөлүктөрүн жана чыгармачылыктын бардык жактарында ийгиликтүү новатордукту ар тараптан көрсөтүү үчүн чексиз мүмкүнчүлүктөрдү ачып берет. Л. И. Брежневдин КПССтин XXV съездиндеги докладында «чыгармачылыкка, формалардын ар түрдүүлүгү менен стилдердин индивидуалдуулугуна тиешелүү» маселелер туура чечилишине өзгөчө көңүл бурулган (КПССтин XXV съездинин материалдары, 96-бет).

**СОЦИАЛИСТТИК ТИРИЧИЛИК** — социалисттик коомдун эмгекчилерине мүнөздүү негизги белгилердин жыйындысы болуп эсептелген турмуштун социалисттик образынын элементи.

Биздин коомдун өнүгүшүнүн азыркы этабында жаңы адамды калыптандырууда, жумушчу күчүн кайталап өндүрүүдө тиричиликтин ролу чексиз өсө берет, анткени азыркы өндүрүш жалаң гана техникага эмес, ошондой эле биринчи кезекте кызматкерлердин өзүнө улам жогорулатылган талаптарды коюп жатат. Жакшылап уюштурулган тиричилик башка факторлор менен айкалыштырылганда адамдын өндүрүштө сарптаган кара күчү менен рухий күчүн, кубатын тез жана натыйжалуу калыбына келтирүүгө жардам берет, мунун өзү рационалдуу тамактанмайынча, адамдарды жасалгалуу квартиралар ме-

нен камсыз кылмайынча, тиричилик жактан тейлөө ишканалары так иштемейинче мүмкүн эмес. Ошол эле убакта адамдын кара күчү менен рухий күчүн, кубатын калыбына келтирүү үчүн эмгекчилердин дем алуусун, ар түрдүү профилактикалык чараларды, медициналык тейлөөнү ж. б. уюштурууну кошо камтыган адамдын саламаттыгын коргоо боюнча чаралардын системасы зарыл. Ошентип, биздин коомдогу С. т-тин социалдык максаты, өндүрүштөгүдөй эле, бүтүндөй жана толук бойдон адамдын дайыма өсүп жаткан материалдык жана рухий суроолорун канааттандырууга багындырылган.

КПССтин XXV съезди тарабынан бекитилген «СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында» эмгекчилердин өсүп жаткан матриалдык жана рухий керектөөлөрүн мурдагыдан толук канааттандырууну камсыз кылууга чакырылган чараларды ишке ашыруу, анын ичинде калктын саламаттыгын сактоону андан ары жакшыртуу; иштеп жаткан аялдардын эмгек жана тиричилик шарттарын жакшыртуу; эмгекчилердин активдүү дем алуусун уюштурууну өркүндөтүү; калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын көлөмүн көбөйтүү; турак жай куруу ж. б. каралган.

**СҮРӨТ ИСКУССТВОСУ** — тегиздикте жана мейкиндикте көрүнүүчү образдарын тартуу менен байланышкан живопись, графика, скульптура жана искусствонун башка түрлөрү. Анда чындыкты образдуу чагылдыруу айрым убактарда көрүнүштөрдү түздөн-түз жана жалпылап тартып көрсөтүү мүнөзүндө болбогону менен архитектура, декоративдик-прикладдык искусствонун бүткүл чөйрөсү да белгилүү мааниде С. и. түшүнүгүнө кирет.

С. и. образдарды кыймыл-аракетте жана убакыт боюнча берүү жагынан чектелген, бирок ал искусствонун башка түрлөрү сыяктуу эле, идеяларды, ойлорду, кубаныч-кайгыларды, турмуштук жагдайларды көрсөтүүнүн кеңири мүмкүнчүлүгүн берет, б. а. чындыкты ар тараптан көрсөтүүгө жөндөмдүү болуп эсептелет. С. и. коомдук-саясий таасир кылуучу чоң күчү менен айырмаланат.

Реалисттик С. и. аларды жөн гана көчүрүү жолу менен эмес, автордун идеялык-көркөмдүк оюна ылайык олуттуу мүнөздөрүн элестетүү аркылуу материалдык дүйнөнү жана адамдын коомдук мамилелерин чагылдырат жана кайра түзөт. «Сүрөт искусствосу — бул элдин тарыхынын жана анын азыркы жеңиштеринин санжырасы гана эмес, ошондой эле адамдын калыптанышына жана өнүгүшүнө жардам берүүчү тарбиячы да болуп саналат... Советтик живописецтердин, скульпторлордун, графиктердин баалай билген жана талапты катуу койгон көрүүчүсү бар» (*М. А. Суслов.* Сүрөтчүнүн жогорку миссиясы.— «Правда», 27-декабрь 1975-ж.).

**ТЕАТР ИСКУССТВОСУ** — сахнадагы аракеттерге жана көрүүчүлөрдүн алдында актердун оюн көрсөтүүсүнө негизделген искусствонун түрү. Т. и.— коллективдүү чыгармачылыктын бир түрү, анда айрым актерлордун оюну бүтүндөй бир ажайып-зоокко бириктирилет. Т. и-нун өзгөчөлүгү анын бөтөнчө көрсөтмөлүүлүгүндө, көрүүчүнү сахнада болуп жаткандарга кандайдыр бир катышуучу кылып алгандыгында. Мунун өзү Т. и-нун эстетикалык таасир көрсөтүү күчүн бир кыйла даражада аныктайт, бул болсо, коллективдүү кабыл алуунун аркасында жана ушундан улам театрда түзүлүүчү өзгөчө эмоциялык кырдаалынын натыйжасында өсө берет.

Советтик Т. и. революцияга чейинки демократиялык театрдын, Чеховдун жана Горькийдин театрынын принциптерин, биздин өлкөнүн элдеринин театрдык салттарын сын көз менен өздөштүрүүнүн натыйжасында, дүйнөлүк театрдын мыкты жетишкендиктеринин негизинде түзүлгөн. Сахнага жаңы каарман — коммунист, революциянын жана граждандык согуштун жоокери чыкты. Жаңы адамдын — дүйнөгө коммунисттик көз караштагы адамдын сахналык образын түзүү — советтик театрдын новатордугунун негизги белгиси болуп саналат. Ал граждандуулуктун жана чыныгы нравалуулуктун мектеби болуп калды.

Советтик Т. и-нун көркөмдүк жетишкендиктери бүткүл дүйнөгө таанымал болду. Улуттук бөтөнчөлүктөрү, чыгармачылык стилдери жана көркөмдүк ыкмалар ар түрдүү болгону менен, советтик Т. и. бүтүндүгү жана биримдиги менен айырмаланат, алар партиялуулуктун, элдүүлүктүн, социалисттик реализмдин принциптери менен белгиленет; ага оптимизм, өткөнгө жана азыркы кезге тарыхыйлуулуктун, гуманизмдин көз карашынан көз жүгүртүү, искусствонун каражаттары менен коммунисттик идеалдардын орношуна жардам берүүгө умтулуу мүнөздүү.

**ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ** — к. *Массалык информациянын жана пропаганданын каражаттары.*

**ТУРМУШТУН СОЦИАЛИСТТИК ОБРАЗЫ** — социалисттик коомдун эмгекчилеринин жашоо аракеттеринин негизги белгилеринин жыйындысы; эмгек, тиричилик, дем алуу чөйрөлөрүндө, үй-бүлөдө ж. б. адамдардын кылык-жоруктарын жана аракеттерин кучагына алат. Т. с. о. турмуштун капиталисттик образына түптамырынан карама-каршы жана ага караганда ченемсиз артыкчылыктарга ээ. Жумушчу табынын башка эмгекчи массалары менен союздагы саясий бийлиги жана өндүрүш каражаттарына коомдук Т. с. о-нын негизи болуп саналат. Т. с. о.— бул адамды адам эксплуатациялоонун жоктугу; эмгек адамдын кадыр-баркынын башкы ченеми катары болушу; материалдык байлыктарды эмгегине жараша бөлүштүрүү; чыныгы гарантияланган укуктары болгон эмгекчилер үчүн нукура саясий эркиндик; элдердин достугу жана улуттук, рассалык, же диний белгилер, социалдык абалы боюнча ар кандай дискриминациянын жоктугу; эмгекчилердин таламдарында коомдук өндүрүштү өнүктүрүү; социалисттик моралды бекемдөө; социалисттик

өлкөлөрдүн элдери менен, бүткүл дүйнөнүн эмгекчилери менен интернационалдык тилектештик; тынчтыкка умтулуу. Коллективдин ар бир эмгекчи жөнүндө камкордук көрүүсү, анын муктаждыктарына көңүл бурушу өз ара жардам бериши жана талап коюшу Т. с. о-нын ажырагыс белгилери болуп саналат. «Чыныгы коллективдүүлүктүн жана жолдошчулуктун, баш кошкондуктун, өлкөнүн бардык улуттары менен элдеринин күндөн-күнгө чыңдалып жаткан достугунун кырдаалы, бизди ого бетер күчтүү, туруктуу кылып жаткан нравалык жакшы кырдаал — биздин турмуш образыбыздын жаркыраган көрүнүштөрү мына ушундай, биздин чыныгы турмушка каны-жаны менен терең сиңип калган социализмдин улуу жеңиштери мына ушундай» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 104-бет).

КПССтин XXV съезди тарабынан коюлган социалдык өнүктүрүүнүн жана элдин турмуш деңгээлин жогорулатуунун программасында турмуштун социалисттик образын андан ары өнүктүрүү каралып, аны ишке ашыруу үчүн конкреттүү чаралар белгиленген.

**УЛУТЧУЛДУК ЖАНА ШОВИНИЗМ** — улуттар аралык жана эл аралык мамилелер жагынан буржуазиянын жана башка эксплуататордук таптардын идеологиясы, саясаты жана практикасы. У. жана Ш.— капитализмдин учурунда үстөмдүк кылуучу жана эзилген улуттардын болушунан келип чыккан, улут маселесиндеги буржуазиялык идеологиянын эки тарабы. У. жана Ш. улуттук өзгөчөлүктүн идеяларынан, башка улуттарга ишенбөөдөн жана этибарга албай мамиле кылуудан, улуттар аралык кастыкты пропагандалоодон, экспансиядан, агрессиядан көрүнөт.

Үстөмдүк кылуучу таптардын У-гу улуу державалык Ш-дин формасында чыгат жана эзилген элдерди экономикалык, саясий жана рухий кулдандырууга багытталган. Үстөмдүк кылуучу улуттун эксплуататордук таптарынын Ш-и эзилген улуттардын эмгекчилерин эксплуатациялоодон, алардын улуттук маданиятын, тилин, традицияларын ж. б. этибарга албоодон көрүнөт. Эзилген улуттардын У-гу өз улутунун обочолонушунан, башка элдерге ишенбөөдөн көрүнөт. Ш. дайыма реакциячыл мүнөздө болот. Азыркы шарттарда ал улуттук-боштондук кыймылын басууга, элдерди эзүүгө жана эксплуатациялоого умтулган империалисттик реакциянын саясаты болуп саналат. У. тарыхый өнүгүүнүн ар кыл этаптарында бирдей эмес ролду ойнойт. Капитализмдин алгачкы мезгилинде, улуттардын жана улуттук мамлекеттердин түзүлүү шарттарында, У. тарыхый прогрессивдүү мааниге ээ болгон. Азыркы шарттарда кээ бир боштондукка чыккан өлкөлөрдө улутчулдук белгилүү прогрессивдүү мааниге ээ болуп эсептелет, анткени антиимпериалисттик жана антифеодалдык мүнөздө жана улуттук көз каранды эместик үчүн күрөшкө кызмат кылат. Улуттук-боштондук кыймылынын өнүгүшүнө карай У. прогрессивдүү ролун жоготот жана улуттук буржуазиянын, реакциянын жана неоколониализмдин таламдарына кызмат кылат.



СССРде социалисттик курулуштун жылдарында лениндик улут саясатынын негизинде бардык улуттарды жана элдерди ар тараптан өнүктүрүү жана бара-бара жакындаштыруу боюнча, эмгекчилерди пролетардык интернационализмдин рухунда тарбиялоо боюнча зор иштер иштелди. Социализм учурунда улуттардын жана элдердин факты жүзүндөгү теңчилиги белгиленип, алардын ортосунда бир туугандык кызматташтыктын жана өз ара түшүнүшүүнүн мамилелери түзүлөт, У-тун жана Ш-дин экономикалык, саясий жана идеологиялык тамырлары жоюлган.

КПСС эмгекчилерди интернационалдык тарбиялоо боюнча, У. менен Ш-дин саркындыларын жоюу боюнча талыкпаган ишти жүргүзүүдө. Л. И. Брежневдин КПССтин XXV съездиндеги докладында партиялык уюмдар патриоттук жана интернационалдык тарбия боюнча ишти кеңири жана демилгелүү жүргүзүп жатышкандыгы, «Улутчулдуктун жана шовинизмдин айрым көрүнүштөрү, тарыхый окуяларга таптык көз караштан баа бербөө фактылары, жергиликчилдик көрүнүштөрү, патриархалчылдыкты даңазалоо аракеттер жоюлуп бара жаткандыгы» белгиленген (КПССтин XXV съездинин материалдары, 90—91-беттер).

**ЭЛГЕ БИЛИМ БЕРҮҮ** (СССРде) — мектепке чейин тарбиялоо мекемелерин, жалпы билим берүүчү жана кесипчилик мектептерин, курстарды, жогорку окуу жайларын ж. б. кучагына алуучу билим берүү — тарбиялоо чараларынын жана мекмелеринин системасы. Советтик мамлекеттин Э. б. б. жөнүндө биринчи документтеринде: 1918-ж. кабыл алынган «Бирдиктүү эмгек мектебинин негизги принциптеринде» жана «Бирдиктүү эмгек мектеби жөнүндө жободо» мектептерди демократиялаштыруу жана жалпыга бирдейлиги жарыяланган. Коомдун бардык мүчөлөрү коммунисттик курулушка активдүү катышуу үчүн зарыл ар тараптан билимге ээ болушуна жана күч жана акыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүлүшүнө кызыккан КПССтин жана Совет мамлекетинин туруктуу камкордугунун натыйжасында бизде толук эмес орто мектептин көлөмүндө милдеттүү билим берүүнү турмушка ашыруу жолу менен жалпы билим деңгээлин ыраттуу жогорулатууну, жалпыга милдеттүү орто билим берүүгө өтүүнү караган бүтүн система түзүлгөн.

КПССтин XXV съезди Э. б. б-нүн бүткүл системасын андан ары өркүндөтүүгө, эмгекчилердин маданий-техникалык жана жалпы билим деңгээлин жогорулатууга, квалификациялуу жумушчулар менен адистерди даярдоонун бүткүл ишин жакшыртууга чоң көңүл бурду. «СССРдин эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында» кеминде 7 млн. окуучуга жаңы жалпы билим берүүчү мектептерди куруу, анын ичинен болжол менен 4,5

млн. орунду айылдык жерлерде куруу каралган. Кесипчилик-техникалык жана техникалык орто окуу жайларына окуучуларды кабыл алууну эки эседен ашык көбөйтүү, жогорку жана атайын орто билимдүү 9,6 млн. адисти даярдоо каралган. «Коммунисттик тарбиялоо,— деп айтылган КПСС БКнын партиянын XXV съездине Отчеттук докладында,— элге билим берүү жана профессиялык даярдоо системасын ар дайым өркүндөтүүнү талап кылат. Азыр, илимий-техникалык революциянын шартында бул айрыкча маанилүү болот» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 92-бет).

**ЭМГЕККЕ ТАРБИЯЛОО** — эмгекке коммунисттик мамилени жасоону тарбиялоону камсыз кылуучу, эмгек ишмердигинин процессинде жаңы адамды калыптандыруучу идеологиялык иштин негизги багыттарынын бири. В. И. Ленин мындай деп баса белгилеген: «Жаңы эмгек дисциплинасын куруу, адамдардын ортосундагы коомдук байланыштын жаңы формаларын куруу, адамдарды эмгекке тартуунун жаңы формаларын жана ыкмаларын куруу, мунун өзү — көп жылдарга жана ондогон жылдарга созула турган иш болот.

Бул — өтө улуу жана асыл иш болуп саналат». (Чыгармалар, кыргызча басылышы, 30-том, 591-бет).

Э. т.— эмгекке жана коомдук менчикке коммунисттик мамилени тарбиялоого, жеңдөмдүүлүгүнө жараша эмгек адат, турмуштук биринчи кеептөө болуп калышына, бардык эмгекчилер чыгармачыл, жогорку квалификациялуу, жогорку өндүрүмдүү эмгек адамдын турмуш ишмердигинин маанилүү формасы, анын социалдык кадыр-баркынын чеңеми болуп эсептеле тургандыгын сезип билишине багытталган. Азыркы этапта эмгекчилерди өз эмгегинин коомдук маанисин түшүнүү, социалисттик жогорку эмгек тартибинин, уюшкандыктын рухунда тарбиялоо, 10-беш жылдыктын тапшырмаларын орундатуу үчүн күрөштө чыгармачылык демилгени жана активдүүлүктү өнүктүрүү, эмгектин натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу, эмгектин алдыңкы ыкмаларына жана новаторлордун тажрыйбасына ээ болуу, экономикалык билимдерди практикада колдоно билүү, өндүрүштү башкаруунун коомдук формаларына катышуу, ар бир иш ордунда Эмгекти илимий уюштурууну (НОТ) киргизүү, эмгекке жолдоштуктун жана өз ара жардамдашуунун сезимин тарбиялоо ж. б-лар өзгөчө мааниге ээ болот. КПСС өсүп келе жаткан муунду Э. т-го бөтөнчө чоң маани берет. Партия эмгек чөйрөсүндө адамдардын аң-сезиминдеги жана жүрүш-турушундагы жатып ичерлик, эмгек тартибин бузуу, мамлекеттик менчикти уурдоо ж. б. өңдөнгөн өткөндүн сарkындыларын жоюу боюнча иштин күчөтүүнүн зарылчылыгына көңүл бурат.

Э. т-лоо каражаттары, формалары жана методдору көп кырдуу. Ал үй-бүлөдө, элге билим берүү системасында башталат. Эмгек коллективдери Э. т-нун борборлору болуп саналат. Бул процессте пропаганданын, агитациянын, массалык информация менен пропаганда каражаттарынын, адабияттын жана искусствонун ролу өзгөчө маанилүү. Акыркы жылдардагы идеялык-тарбия иштеринин практикасы жогорулатып алма пландарды кабыл алуу, ар бир кызматкердин жекече чыгармачылык пландары, беш күндүк тапшырманы төрт күндө орундатуу, чарбалык эсеп подрядынын тажрыйбасы, «Жаныңда бир да артта калуучу болбосун» деген ураан алдындагы кыймыл, илимдин жана техниканын жетишкендиктерин өндүрүшкө киргизүүнү тездетүү, жогорку сапаттагы продукцияны чыгарууну көбөйтүү боюнча кыймыл ж. б. өңдөнгөн Э. т-нун натыйжалуу формаларын пайда кылды. Материалдык жана моралдык стимулдаштыруу Э. т-до чоң роль ойнойт. КПССтин XXV съезди совет адамдарын Э. т-ну мындан ары өркүндөтүү боюнча чараларды белгиледи. Мында социалисттик мелдешке өзгөчө көңүл бурулган, ал «чарбалык практикага, өлкөнүн коомдук-саясий турмушуна, иравалык кырдаалга терең таасир көрсөтөт. Социалисттик мелдешти, эмгекке коммунисттик мамиле кылуу үчүн кыймылды андан ары да бардык чаралар менен өнүктүрүү — биздин кужурмөн жалпы урааныбыз ушундай». (КПССтин XXV съездинин материалдары, 92-бет).

**ЭМГЕКЧИЛЕРГЕ ЭКОНОМИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫ** — коммунисттик тарбия берүү, чарба жүргүзүүнүн илимий деңгээлин жогорулатуу, өндүрүштү башкарууда, эл чарбасын өнүктүрүүнүн пландарын орундатууда массалардын демилгесин жана активдүүлүгүн өстүрүү максатында жумушчулар, колхозчулар, эл чарба адистери, жетекчи кадрлар тарабынан КПССтин экономикалык теориясын жана саясатын терең үйрөнүүнү уюштуруу.

КПССтин XXV съездинде партиянын XXIV съездинин чечимдеринин негизинде биздин өлкөдө эмгекчилерге экономикалык билим берүүнүн кеңири системасы түзүлгөндүгү белгиленген. XXV съезддин башталышына карата бул окуу системасы аркылуу 42 миллиондон ашык адам окуган жана азыркы убакта 36 млн. адам окуп жатат.

Бардык жерлерде экономикалык окуунун перспективалуу пландары иштелип чыгылган жана ишке ашырылууда. Союздук республикалардын компартияларынын Борбордук Комитеттеринин, партиянын райкомдорунун, обкомдорунун, шаардык комитеттеринин, райкомдорунун алдында, министерстволордун жана ведомстволордун алдында, ири ишканаларда эмгекчилерге экономикалык билим берүү боюнча советтер түзүлгөн. Алар кызыккан уюмдардын бардыгынын күч-аракеттерин координациялашып, пропагандисттерге методикалык жардам көрсөтүшөт.

Э. э. б. б. с-нын окуу базасы барган сайын чыңдалууда. Типтүү окуу программалары иштелип чыгылган жана өркүндөтүлүп жатат. Аларга ылайык окуу китептери, методикалык жана көрсөтмөлүү куралдар, диафильмдер жана диапо-

зитивдер, бир катар окуу кинофильмдери жана фономатериалдар массалык тираждар менен чыгарылган. Э. э. б. б. с-нын пропагандисттерине жана угуучуларына жардам иретинде 50гө жакын борбордук журналдар жана газеталар макалаларды жарыялашып, Борбордук телевидение жана Бүткүл союздук радио уктурууларды жана көрсөтүүлөрдү берип турат, лекциялык пропаганда активдешкен. Саясий агартуу Үйлөрү, кээ бир министерстволор жана ведомстволор методикалык мүнөздөгү материалдарды даярдашат. Көп коллективдерде экономикалык билим берүү кабинеттери түзүлгөн.

КПССтин XXV съездинен кийин экономикалык билим берүү системасында жаңы этап башталды, анда билимдердин негизин өздөштүрүүдөн экономикалык илимдин жана саясаттын, башкаруу теориясынын жана чарба жүргүзүү практикасынын өтө маанилүү проблемаларын үйрөнүүгө өтүү ишке ашырылууда. Экономикалык мектептерде, семинарларда жана кружоктордо КПССтин XXV съездинин материалдарын, XXV съезд тарабынан коюлган экономикалык теориянын жана саясаттын актуалдуу проблемаларын терең үйрөнүп жатышат. «Экономикалык билим берүүнү мындан ары өнүктүрүү менен биз бул экономикалык билим эмгекти уюштуруунун алдыңкы тажрыйбасын бардык жерлерде жайылтууга, илимдин жана техниканын жетишкендиктерин өндүрүштө колдонууга максималдуу түрдө жардам бергендей болушуна камкордук кылууга тийишпиз» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 93-бет).

**ЭМГЕКЧИЛЕРДИ ИДЕЯЛЫК-САЯСИЙ ТАРБИЯЛОО** — идеялык-тарбия иштеринин эмгекчилерге ар тараптан саясий билим берүүнү жана тарбиялоону камсыз кылуучу башкы багыты. Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездиндеги докладында Э. и-с. т. нравалык жана эмгектик тарбия менен тыгыз биримдикте бүткүл тарбия ишин уюштурууга комплекстүү мамилени камсыз кылат деп баса көрсөткөн. Э. и-с. т. адамга ар тараптуу, терең саясий билим берүүнү ишке ашырат, дүйнөгө марксисттик-лениндик көз карашты, коммунисттик аң-сезимдүүлүктү калыптандырат, социалдык активдүүлүктү жогорулатат, мунун өзү адамдын практикалык ишинен жана жүрүш-турушунан көрүнөт. Социалисттик коомдо марксизмди-ленинизмди массалык үйрөнүү коомдук аң-сезимди өнүктүрүүнүн маанилүү бөтөнчөлүгү болуп саналат, мунун өзү эмгекчилерге саясий билим берүүнүн жана информацияларды берип туруунун кыйшаюусуз өсүшүнө алып барат. Бул негизде коммунисттик идеялуулук — билимдердин, ынануунун жана практикалык аракеттердин биримдиги тарбияланат. Массаларды саясий тарбиялоонун ийгилиги конкреттүү иштер менен ченелет. Мунун өзү социалисттик мелдештин азыркы жогорулашынан бөтөнчө ачык көрүнөт, бул саясий жана эмгектеги тарбияны тыгыз бириктирүүнүн ачык натыйжасы болуп эсептелет.



Э. и-с. т. идеологиялык иштин бардык каражаттары менен ишке ашырылат. Адамдын идеялык-саясий турпатынын негиздери үй-бүлөдө, элге билим берүү системасында негизделип, эмгек коллективдеринде өркүндөтүлөт. Бул процессте коммунисттик пропаганданын, анын партиялык агартуу, массалык экономикалык билим берүү, комсомолдук саясий окуунун системасы өңдөнгөн формаларынын, жана да коммунисттик эмгектин мектептеринин, элдик университеттердин ж. б-лардын ролу бөтөнчө зор. Массалык информациянын жана пропаганданын каражаттары, оозеки саясий агитация, маданий-агартуу мекемелери, адабият жана искусство, идеологиялык таасир көрсөтүүнүн башка каражаттары Э. и-с. т-лоодо барган сайын өсүп бараткан ролду ойноодо.

**ЭМГЕКЧИЛЕРДИ ИНТЕРНАЦИОНАЛДЫК ТАРБИЯЛОО** — советтик адамдарды советтик патриотизмдин, пролетардык жана социалисттик интернационализмдин рухунда тарбиялоону камсыз кылуучу партиянын идеологиялык ишинин багыты. Э. и. т. максаты биздин өлкөнүн элдеринин ортосундагы бир туугандык достукту андан ары чыңдоодо жана өнүктүрүүдө, совет адамдарын советтик патриотизмдин жана социалисттик интернационализмдин рухунда тарбиялоодо, улутчулдуктун жана шовинизмдин саркындыларын жоюуда турат. Э. и. т. социалисттик коомдо улуттук мамилелерди өнүктүрүүдөгү эки объективдүү тенденциянын аракетине — социалисттик улуттарды жана калктарды мындан ары гүлдөтүүгө жана жакындаштырууга негизденет. Э. и. т. КПССтин лениндик улут саясатын турмушка ырааттуу ашырууга таянат. Партия бардык социалисттик улуттардын экономикалык жана маданий деңгээлин андан ары теңөөгө, алардын ортосундагы чарба байланыштарын чыңдоого жана өркүндөтүүгө, факты жүзүндөгү толук теңчиликке жетишүү багытын жүргүзөт.

Улутчулдуктун жана шовинизмдин көрүнүштөрүнө каршы системалуу күрөш жүргүзүү Э. и. т. маанилүү элементи болуп саналат.

КПССтин XXV съездинде партиялык уюмдар өткөн мезгилдин ичинде эмгекчилерди патриоттук тарбиялоого жана ошол эле убакта массалардын интернационалисттик аң-сезимин өстүрүүгө көп күч жумшашкандыгы белгиленген. Л. И. Брежневдин партиянын XXV съездиндеги докладында мындай деп көрсөтүлгөн: «Борбордук Комитет Львов областынын партиялык уюмунун Тбилиси шаардык комитетинин иштери жөнүндөгү токтомдорунда интернационалдык тарбия иштерин жолго коюудагы кемчиликтерге партиялык уюмдардын көңүлүн бурган болучу. Андан туура корутунду жасалгандыгын бүгүн биз канааттануу менен белгилей алабыз. Партиялык уюмдар эмгекчилерди патриоттук жана интернационалдык тарбиялоо ишин өтө демилгелүү жана кеңири жүргүзүштү. Улутчулдуктун жана шовинизмдин айрым көрүнүштөрү, тарыхый окуяларга таптык көз караштан баа бер-

бөө фактылары, жергиликтүү кызыкчылыкка жан тартуунун көрүнүштөрү, патриархалчылыкты даңазалоого аракеттенүүлөр жоюлуп бара жатат. Мына булардын бардыгы эмгекчилердин терең түшүнүшүнө жана колдоосуна ээ болду, биздин өлкөдөгү элдердин достугун жана бир туугандыгын дагы чыңдоого оң таасирин тийгизди» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 90—91-беттер).

Э. и. т. идеологиялык иштин бардык формалары жана каражаттары менен ишке ашырылат. Элге билим берүү системасы, эмгек коллективдери, үй-бүлө Э. и. т-до бир кыйла роль ойнойт. Э. и. т. массалык информациянын жана пропаганданын каражаттары, саясий билим берүүнүн системасы жана массалык пропаганда менен агитациянын оозеки формалары, адабият менен искусство кеңири пайдаланылат. Коммунисттик курулуштун азыркы этабында боордош элдердин адабияты менен искусствосунун он күндүктөрүн өткөрүү, адабият чыгармаларын СССРдин элдеринин тилдеринде массалык басып чыгаруу, телекөрсөтүүлөрдү жана радиоуктурууларды алмашуу, газеталарды, журналдарды биргелешип чыгаруу, комсомолдук эпкиндүү курулуштарда интернационалдык бригадаларды түзүү ж. б. өндөгөн Э. и. т-нун формалары жана методдору келип чыкты жана кеңири таркады.

**ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ** — чындыкта жана искусстводо асылдыкты түшүнүү жана баалоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, эстетикалык сезимдерди, ойлорду жана табиттерди, турмушта жана көркөм чыгармачылыкта асылдыкты түзүүгө катыша билүүнү жана керектөөнү тарбиялоо. Э. т. жалпы тарбия системасынын бир бөлүгү болуп саналат; социалисттик коомдо бул коммунисттик тарбиянын бир бөлүгү. Ал акыл, ыймандык жана дене тарбиясы менен тыгыз байланышкан.

Совет бийлигинин биринчи жылдарынан тартып мектепте окутуунун жалпы системасы Э. т. берүү жагы каралган. Биздин өлкөдө Э. т. боюнча системалуу ишти жүргүзгөн коомдук жана мамлекеттик уюмдардын кеңири тармагы — балдардын мектептен тышкары жана маданий-агартуу мекемелери, жалпы билим берүүчү типтүү көркөм окуу жайлары, кечки сүрөт жана музыка мектептери, ишканалардагы жана маданият Дворецтеринин алдындагы студиялар ж. б-лар иш алып барышат. Э. т. боюнча чаралардын системасында тиричилик маданиятын жана бүткүл курчап турган чөйрөнү жакшыртуу боюнча иштер маанилүү орунду ээлейт.



# ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

## ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР

**АБАЛДЫН ООРЧУЛУГУН СОГУШТУК ЖАКТАН ЖЕҢИЛДЕТҮҮ** — *куралсыздануу* багытында конкреттүү кадамдарды жасоого жана согуш жаңжалдарынын келип чыгуу коркунучун азайтууга чакырылган мамлекеттердин куралдуу күчтөрүн жана куралдарын бара-бара чектөө жана кыскартуу процесси. «Абалдын оорчулугун саясий жактан жеңилдетүү,— деп белгиленген партиянын XXV съездине КПСС БКнын Отчеттук докладында,— абалдын оорчулугун согуштук жактан жеңилдетүү менен бекемдөөгө муктаж» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 29-бет).

КПССтин XXIV съезди тарабынан коюлган Тынчтык программасында согуштук карама-каршы туруу өтөнчө коркунучтуу райондордо, биринчи кезекте Борбордук Европада куралдуу күчтөрдү жана куралдарды кыскартууга жетиштүү максаты коюлган. Бул маселе боюнча Венада 1973-жылдын 30-октябрынан тартып тийиштүү сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп келе жатат. Сүйлөшүүлөргө 19 мамлекет катышууда, алардын ичинен 11и — сүйлөшүүлөргө түздөн-түз катышуучулар, б. а. келечектеги макулдашууларды иштеп чыгып, кол коюучу өлкөлөр (СССР, ГДР, Польша, Чехословакия бир тараптан, экинчи тараптан — АКШ, Англия, ФРГ, Канада, Бельгия, Нидерланддар, Люксембург) жана сүйлөшүүлөргө байкоочулар катары катышып жатышкан 8 өлкө (Болгария, Венгрия, Румыния, Турция, Греция, Италия, Дания жана Норвегия). 1973-жылы январь — июнда болуп өткөн даярдык консультацияларынын убагында эле ФРГ, Бельгия, Нидерланддар, Люксембург, ГДР, Польша, Чехословакиянын территорияларын кучагына алган аскерлерди жана куралдарды кыскартуунун конкреттүү району белгиленип,

ошондой эле сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнүн принциптери: мамлекеттердин эч биринин коопсуздугуна зыян келтирбөө; куралдуу күчтөрдү жана куралдарды кыскартуунун өз ара болушу; суверендүү мамлекеттер тарабынан кабыл алынуучу милдеттенмелердин бирдейлиги; бир беткей согуштук артыкчылыктарды албоо принциптери макулдашылган жана жактырылган болучу.

Венада сүйлөшүүлөрдүн бир нече раунддары болуп өттү, бирок бир беткей согуштук артыкчылыктарды алууга умтулушкан батыш державаларынын позицияларынын кесепетинен аларда азырынча байкаларлык ийгиликтерге жетишилген жок. 1977-ж. 18-январда Тулада чыгып сүйлөп, Л. И. Брежнев мындай деп айткан: «Биз мүмкүн болушунча тезирээк Борбордук Европада куралдуу күчтөрдү жана куралдарды кыскартуу жөнүндө да келишимге жетишүүнү каалар элек. Биз буга тиешелүү маселелерди ар кандай жерде жана ар кандай деңгээлде: Венада, Бонндо, Вашингтондо, Москвада — кайсы гана жерде болсо да талкуулоого каршы эмеспиз».

Катышуучулардын жок деген убактылуу, сүйлөшүүлөр жүрүп жаткан Борбордук Европада өзүлөрүнүн куралдуу күчтөрүн көбөйтүүдөн баш тартуусу сүйлөшүүлөрдө ийгиликти камсыз кылууда биринчи реалдуу кадам болор эле. Советтер Союзу өз тарабынан, Л. И. Брежнев СССРдин профсоюздарынын XVI съездинде чыгып сүйлөгөн сөзүндө билдиргендей, бул жерде НАТОнун күчтөрү да көбөйтүлбөгөн шартта, Борбордук Европада куралдуу күчтөрдү жана курал-жарактарды кыскартуу жөнүндөгү макулдашууга жеткенге чейин өзүнүн аскерлеринин санын көбөйтпөөгө даяр.

Социалисттик өлкөлөр, азыр европалык саясаттын борборунда 1975-жылы жайында Хельсинкиде 35 мамлекеттин өкүлдөрү макулдашкан нерселерди толук бойдон турмушка ашыруу милдети турат деп эсептешип, Варшава Келишимине катышкан мамлекеттердин Саясий консультативдик комитетинин 1976-жылы ноябрда Бухарестте болуп өткөн кеңешмесинде белгилегендей, Венадагы сүйлөшүүлөрдө жалпыга ылайыктуу макулдашууну иштеп чыгуу таламдарында мындан аркы күч-аракеттерди жумшоого даяр. Бул сүйлөшүүлөрдө ийгиликке жетишүү *Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Кеңешменин Корутунду актысынын* жоболорун практика жүзүндө турмушка ашырууга маанилүү салым кошуп, саясий абалдын оорчулугун жеңилдетүүнү абалдын оорчулугун согуштук жактан жеңилдетүү менен толуктап, ошону менен жалпы тынчтыкты олуттуу бекемдөөгө мүмкүнчүлүк берер эле.

**АБСЕНТИЗМ** — шайлоочулардын өкүлдүү же башка мамлекеттик органдары шайлоодо добуш берүүгө катышпоосу. А. буржуазиялык мамлекеттер үчүн мүнөздүү болуп, көп шайлоочулардын саясаттан тайсалдоочулугу, капитализмдин саясий системасынан алардын көңүлдөрүнүн калгандыгы, шайлоонун жыйынтыгына таасир



көрсөтүү мүмкүн эмес экендигине ишенгендиги менен түшүндүрүлөт. Мунун өзү бир катар буржуазиялык мамлекеттердеги эки партиялуу системанын шарттарынан бөтөнчө ачык көрүнөт, аларда шайлоодо атаандашкан партиялардын саясий позициялары көп убактарда бири-биринен аз айырмаланат. Маселен, АКШда 1976-жылы 2-ноябрда болуп өткөн президенттик шайлоодо, официалдуу эсептөөлөр боюнча, шайлоо урналарына американыктардын 54 проценти келишкен; бул 1948-жылдан тартып шайлоого катышуучулардын эң төмөнкү проценти болуп саналат.

**АГРЕССИЯ** — бир мамлекет тарабынан башка мамлекеттин суверенитетине, территориясынын кол тийбестигине же саясий көз каранды эместигине каршы же ООНдун Уставына ылайык келбеген кандайдыр бир башкача жол менен куралдуу күчтөрдү колдонуу. Бул аныктама 1974-жылдын декабрындагы ООНдун XXIX сессиясында анын Генеральный Ассамблеясынын резолюциясы менен кабыл алынган. Бул аныктаманы кабыл алуунун өзү саясий демилгенин ири ийгилиги дегендик, анын негизи Советтер Союзу тарабынан Улуттар Лигасынын убагында эле, мындан 40 жылдан ашык мурда салынган. Ал куралдуу кагылышууларды болтурбай коюу үчүн күрөштө ишенимдүү юридикалык инструмент болуп кызмат кылууга чакырылган. Бирок, согуш аракеттерин баштоо максатында А. жасоо менен А-га каршы сокку берүүгө закондуу укуктуулугунун же анын кесепеттерин жоюунун ортосунда принциптүү айырма бар. Маселен, колониялык элдер өзүнүн көз каранды эместиги үчүн толук жеңип чыкканга чейин күрөшүүгө толук укуктуу. ООНдо иштелип чыккан А-нын аныктамасына негизденип Советтер Союзу ООНдун Генеральный Ассамблеясынын XXXI сессиясында 1976-ж. күзүндө эл аралык мамилелерде күчтү колдонбоо жөнүндө бүткүл дүйнөлүк договорду түзүүнүн жаңы демилгеси менен чыккан. Бул КПССтин XXV съезди тарабынан коюлган тынчтык жана эл аралык кызматташтык үчүн, элдердин эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн андан аркы күрөштүн Программасын биздин өлкө ырааттуу ишке ашырып жаткандыгынын далилдеринин бири болду.

**АЗИЯДАГЫ КОЛЛЕКТИВДҮҮ КООПСУЗДУК** — жер шарынын бул районунда бекем тынчтыкка жана стабилдүүлүккө жетишүү жолу.

КПССтин XXV съезди тарабынан коюлган тынчтык жана эл аралык кызматташтык үчүн, элдердин эркиндиги жана көз карандысыздыгы үчүн мындан аркы күрөштүн кеңири жана конструктивдүү программасында «Азияда бул континенттин мамлекеттеринин биргелешкен күч-аракеттеринин негизинде коопсуздукту камсыз кылууга карата иш жүргүзүү» биринчи кезектеги милдет катарында коюлган.

Империалисттик агрессияга жана сайгондук мантай режимге каршы, өлкөнү бириктирүүнү аяктоо үчүн күрөштөгү вьетнам элинин жеңиши жана Вьетнам Социалист-

тик Республикасын жарыялоо, Лаосто патриоттук күчтөрдүн жеңиши жана бул өлкөнүн жетекчилигине марксисттик-лениндик Элдик-революциячыл партиянын келиши, Демократиялык Кампучиянын көз карандысыздык өнүгүү жолуна өтүшү, Индостан жарым аралынын мамлекеттеринин — Индиянын, Пакистандын жана Бангладештин ортосундагы мамилелердин мындан ары нормалдашышы, ар түрдүү мамлекеттердин Индия океанынын районун чет өлкөлүк согуштук базаларды түзүү аймагына айландырбоо, тынчтыктын зонасына айландыруу үчүн көбөйүп жаткан чыгуулары,— ушулардын бардыгы А. к. к. системасын түзүү идеясын ишке ашыруу үчүн оңтойлуу өбөлгөлөрдү түзөт.

СССР мындай системаны куруу үчүн негиз бар экендигин сунуш кылат. Ага негиз боло алар көп принциптер 1955-жылдагы Бандунг конференциясынын чечимдеринде жарыяланган жана Азияга тиешелүү бир катар эл аралык документтерде чагылдырылган. Булар мамлекеттер аралык мамилелерде күч колдонуудан баш тартуу, мамлекеттердин суверенитетин урматтоо, алардын чек араларынын кол тийбестиги, бири биринин ички иштерине кийлигишпөө, толук тең укуктуулук жана өз ара пайда табуу негизинде ар тараптуу кызматташтыкты кеңири өнүктүрүү, өз өлкөсүнүн табигый ресурстарына суверендүү ээ болууга элдердин укуктарын таануу жана социалдык-экономикалык кайра курууларды ишке ашыруу өндөнгөн жалпы демократиялык принциптер болуп саналат. Бул принциптердин реализми 1976-жылы августта Коломбодо (Шри-Ланка) болуп өткөн блокторго кошулбаган өлкөлөрдүн мамлекет жана өкмөт башчыларынын V конференциясында кайрадан ырасталды.

А. к. к. системасын түзүү идеясы кимдир бирөөгө каршы багытталган эмес. Бул чоң жана маанилүү ишке Азия континентинде жайгашкан жана ага өз салымын кошууну каалашкан бардык мамлекеттер катышууга тийиш.

Бул идеяларды турмушка ашыруу жолунда дагы көп кыйынчылыктар бар. Бирок, бардык кызыккан тараптар жакшы эркти көрсөткөн убакта өз ара ылайыктуу келишимге жетишүү толук мүмкүн экендигин Европанын тажрыйбасы, Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Кеңешмени өткөрүүнүн жана ийгиликтүү аяктоонун тажрыйбасы көрсөтүп отурат.

Партиянын XXV съездине КПСС БКнын Отчеттук докладында белгиленгендей, Советтер Союзу Азия континентинде тынчтыкты жана коопсуздукту чыңдоонун, мында да тең укуктуу кызматташтыкты өнүктүрүүнүн жолдорун издөөгө активдүү катышууга мындан ары да ниеттенет. СССР эки тараптуу байланыштардын рамкаларында да, ошондой эле көп тараптуу негизде да бул багытта аракет кыла берет. Ал Азиядагы бекем тынчтык жана коопсуздук жөнүндөгү, коллективдүү күч-аракеттер менен аларды кам-



сыз кылуу жөнүндөгү камкордуктан улам келип чыккан ар кандай сунуштарга бүткүл көңүлдү буруп мамиле жасоого даяр. (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 18-бет).

**АЗЫРКЫ ДООРДУН НЕГИЗГИ КАРАМА-КАРШЫЛЫГЫ** — социализм менен капитализмдин ортосундагы карама-каршылык. Негизги мазмунун капитализмден социализмге өтүү түзгөн азыркы доор карама-каршы эки коомдук системанын күрөшүнүн доору, социалисттик жана улуттук-боштондук революцияларынын доору, империализмдин кыйрашынын, колониялык системаны жоюунун доору, улам жаңы элдердин социализмдин жолуна өтүшүнүн, бүткүл дүйнөлүк масштабда социализмдин жана коммунизмдин салтанатынын доору болуп саналат. Эл аралык жумушчу табы жана анын негизги перзенти — социализмдин дүйнөлүк системасы азыркы кездеги доордун борборунда турушат. А. д. н. к-к. глобалдуу болуп саналат, ал дүйнөлүк аренада коомдук турмуштун бардык жактарына — экономикага, саясатка, идеологияга таралып кирип жатат. «Дүйнө жүзү биздин көз алдыбызда өзгөрүп жана жакшы тарапты көздөй өзгөрүп жатат,— деген Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде.— Биздин элибиз, биздин партиябыз — ушул өзгөрүүлөрдү пассивдүү кайдыгер кароочулардан эмес. Жок, биз — алардын активдүү катышуучуларыбыз. Коммунизмди куруп жаткан совет элинин эмгеги, КПССтин жана Совет мамлекетинин эл аралык аренадагы ишмердүүлүгү — мына ушулардын бардыгы коомдук прогресстин ишине татыктуу салымын кошуп жатат». Социализм өзүнүн бүткүл чарбалык жана коомдук системасынын курч мүнөздөгү кризисин башынан өткөрүп жаткан капитализм менен экономикалык мелдеште олуттуу түрдө алга жылды. Дүйнөдөгү күчтөрдүн катнашынын социализмдин пайдасын көздөй өзгөрүүсү дүйнөдөгү саясий климаттын өзгөрүшүнүн башкы фактору болду. Тынчтыкта жанаша жашоо принциптери коомдук түзүлүштөрү ар түрдүү мамлекеттердин ортосундагы мамилелерде негизги тенденция болуп калды. Абалдын оорчулугунун жеңилдеши эч качан тап күрөшүнүн закондорун алып таштабайт жана алып таштай албайт жана өзгөртө албайт, ал эки коомдук системанын карама-каршы күрөшүнөн баш тартуу дегендикке жатпайт. Ал бул карама-каршы күрөштүн каражаттарынын арсеналынан, демек А. д. н. к-к-нын чечүүнүн каражаттарынын арсеналынан да согушту, күч колдонууну же күч колдонуу менен коркутууну чыгарып таштоо максатын көздөйт. Абалдын оорчулугун андан ары жеңилдетүү, КПССтин XXV съезди тарабынан коюлган Тынчтык жана эл аралык кызматташтык үчүн, элдердин эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн андан аркы күрөштүн Программасын жүзөгө ашыруу А. д. н. к-к-н чечүүгө маанилүү салым болот.

**АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДИН ҮЧ НЕГИЗГИ РЕВОЛЮЦИЯЛЫК**

**КҮЧҮ** — дүйнөлүк революциялык процесстин негизги күчтөрүн түзүүчү социализмдин дүйнөлүк системасы, капиталисттик өлкөлөрдүн жумушчу табы жана улуттук-боштондук кыймылы. Социализмдин дүйнөлүк системасы — башкы антиимпериалисттик күч, дүйнөлүк революциячыл процесстин ишенимдүү тиреги, ал азыр адам коомун өнүктүрүүнүн чечүүчү фактору болуп калды. Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде «социализм өлкөлөрүнүн дүйнөлүк окуялардын жүрүшүнө тийгизген таасири улам барган сайын күчтүү, улам барган сайын терецирээк болуп жаткандыгын бир дагы объективдүү адам тана албайт», деп белгилеген. Социалисттик өлкөлөр күрөшүп жаткан элдерге ар тараптуу саясий, экономикалык, ал эми керек болгондо — согуштук колдоо көрсөтүүнү өзүлөрүнүн интернационалдык милдети катары эсептешет. Бирок социализм өлкөлөрү коомдук прогресске өзүлөрүнүн башкы таасирин чарбалык курулуштагы ийгиликтери, социалдык турмуштун бардык чөйрөлөрүндө жетишкендиктери менен көрсөтүшөт. Социалисттик мамлекеттерди андан ары экономикалык интеграциялоонун негизинде социалисттик өлкөлөрдүн экономикалык күч-кубаты бир кыйла өсүп, революциячыл процесске алардын таасири күчөп жатат.

Капиталисттик өлкөлөрдүн жумушчу табы революциячыл кыймылдын сыналган отряды болуп саналат.Ал таптык салгылашуулардын зор тажрыйбасын жыйнаган, кужүрмөн данктуу традициялары бар, күчтүү саясий уюмдарды түзгөн, коомдо өзүнүн абалын бир кыйла чыңдоого жетишти. Капиталисттик өлкөлөрдүн жумушчу табы өзүнүн демократиялык жана социалисттик милдеттерин ишке ашыруу үчүн күрөштү күчөтүү менен дүйнөлүк революциячыл прогресске өзүнүн башкы салымын кошууда.

Империализмге, неоколониализмге, ички реакцияга каршы багытталган улуттук-боштондук кыймыл дүйнөлүк революциячыл процесстин органикалык бөлүгү болуп саналат. Азыркы этапта улуттук-боштондук күрөшүнүн мизи терең социалдык кайра курууларга, көп кылымдардан берки экономикалык, социалдык жана маданий артта калуучулукту жоюуга багытталган.

«Тарых,— деп белгиленген КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда,— азыркы замандын негизги революциячыл үч күчүнүн — дүйнөлүк социализмдин, эл аралык пролетариаттын жана улуттук-боштондукка чыгуу кыймылынын союзунун жеңилбес күч-кубатын талашсыз түрдө далилдейт». Империализмге каршы күрөштөгү ийгилик көбүнчө А. м. ү. н. р. к. жана биринчи кезекте алардын авангарды — дүйнөлүк коммунисттик кыймылдын баш кошкондугуна байланыштуу болот. Марксизмдин-ленинизмдин, пролетардык интернационализмдин жалпы принциптерин сактоо — коммунисттердин, бардык революциячыл күчтөрдүн маанилүү өбөлгөсү экендигин дүйнөлүк революциячыл кыймылдын



бүткүл өнүгүшү ырастайт. (к. ошондой эле, *Капитал өлкөлөрүнүн тап күрөшү, Эл аралык коммунисттик кыймыл, Социализмдин дүйнөлүк системасы, Улуттук-боштондук кыймылы).*

**АНТИКОММУНИЗМ** — коммунизмди, коммунисттик идеалдарды, социалисттик жана коммунисттик курулуштун практикасын жаманатты кылууну максат кылып койгон буржуазиянын идеологиясы жана саясаты. А.—империализмдин башкы идеялык-саясий куралы, социалисттик түзүлүштү ушактоо, коммунисттик партиялардын саясатын жана максаттарын, марксисттик-лениндик окууну бурмалоо анын негизги мазмуну болуп саналат. А-ди күчөтүү—буржуазиялык коомдун идеялык-саясий кризисинин ачык далили. А-ди, бөтөнчө анын негизги звеносун түзгөн антисоветизмди буржуазиянын шыкакчылары — социал-реформизм, оңчул жана «солчул» ревизионизм да курал кылып алышкан.

Капитализмдин жалпы кризисинин азыркы этабында А-дин эволюциясы өтүп жатат. Бул дүйнөдөгү күчтөрдүн катнашынын социализмдин пайдасына түп тамырынан тарта өзгөрүшү, эл аралык аренада ар түрдүү социалдык системадагы мамлекеттердин тынчтыкта жанаша жашоо принцибинин орношу менен аныкталат. Мурда, «кансыз согуштун» мезгилинде одоно түрдө бурмалоо А-дин башкы методу болучу. Анын маңызы: «темир тосмонун» ары жагында (б. а. антикоммунисттердин терминологиясы боюнча социализм өлкөлөрүндө) «коммунисттик диктатура» бар, «Советтер Батышка каршы согушту тымызын даярдап жатышат», ал эми капитал өлкөлөрүнүн коммунисттери «советтик агенттер» болуп саналышат деген примитивдүү схемадан турган. Азыр мындай схемалардын ушакчыл мүнөзү толук бойдон ашкереленген, ошондуктан империалисттик идеологдор «идеологиялардын тынчтыкта жанаша жашоосун», коммунисттик кыймылдын конвергенция», «плюрализм» теорияларын ж. б. жарыялашып, А-ди өтө ийкемдүү пропагандалоону колдонуп жатышат. «Дүйнөлүк саясаттагы оң мүнөздөгү жылыштар,— деп белгиленген КПСС БКнын партиянын XXV съездине Отчеттук докладында,— оор абалдын жеңилгендиги социализмдин идеяларын кеңири жайылтуу үчүн ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрдү түзүп жатат. Бирок, экинчи жагынан, эки системанын идеялык карама-каршы күрөшү өтө активдүү, империалисттик пропаганда — өтө айла-амалдуу болуп бара жатат» (КПССтин XXV съездинин материалдары, кыргызча басылышы, 89-бет).

Азыркы кездеги А. эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүүнү, дүйнөлүк социализм менен башка революциячыл күчтөрдүн ортосундагы аракеттердин биримдигин, коммунисттик партиялардын ортосундагы интернационалдык тилектештикти жаманатты кылууга бөтөнчө жан талашып аракет кылууда.

А. социализмге каршы чыгуу менен, СССР социалисттик ынтымакташтыктын эң кубаттуу өлкөсү болуп эсептеле тур-

гандыгына негизденгендиги табигый. Ошондуктан ал өзүнүн негизги күч-аракеттерин биздин өлкөгө, анын жетектөөчү күчү — КПССке каршы багыттайт. Антисоветизм—А-дин ядросу, империализмдин антикоммунисттик таптык стратегиясынын өзөгү.

А. кризиси жөнүндө биздин сөз кылышыбыз, ал бардык багыттар боюнча өзүнүн позицияларын уттуруп жатат дегендикке такыр эле жатпайт. Капитализмдин жашап турушунун өзүн материалдык негиз катары тутуп, А. бардык каражаттары менен коомдук прогресске карама-каршы турат. Дүйнөдөгү күчтөрдүн катнашынын социализмдин пайдасына өзгөрүшүнө жараша А-дин мүмкүнчүлүктөрүнүн көлөмүнүн өзү өзгөрүп, анын таркоо чөйрөсү тарый бере тургандыгы башка иш. Азыркы кездеги эл аралык кырдаал буга ачык мисал болот. Практика А-дин келечексиздиги жана тарыхый түрдө ойрон болору жөнүндө, ал шексиз жеңиле тургандыгы жөнүндө далил болот.

**АРАБ МАМЛЕКЕТТЕРИНИН ЛИГАСЫ** — (ЛАГ, Араб лигасы) — регионалдуу эл аралык уюм, составына Алжир, Бахрейин, Египет, Иордания, Ирак, Йемен Араб Республикасы, Йемен Элдик Демократиялык республикасы, Катар, Кувейт, Ливан, Ливия, Мавритания, Марокко, Бириккен Араб Эмираттары, Оман, Палестинаны боштондукка чыгаруу уюму, Сауди Аравиясы, Сирия, Сомали, Судан, Тунис кирет.

ЛАГдын Уставына 1945-жылы 22-мартта кол коюлган, бул дата ЛАГдын түзүлгөн датасы болуп саналат. 1950-жылы ЛАГдын Уставы биргелешкен коргонуу жана экономикалык кызматташтык жөнүндө Келишим менен толукталган болучу. ЛАГдын максаты—ага мүчө мамлекеттердин ортосунда тыгыз мамилелерди түзүү, алардын суверенитетин коргоо, алардын ортосундагы талаш-тартыштарды тынчтык жол менен чечүү, алардын саясий, экономикалык, маданий жана башка иштерин тыгыз координациялоо болуп эсептелет. ЛАГдын жогорку органы — Совет бардык мүчө мамлекеттердин өкүлдөрүнөн турат, жылына эки жолу сессияга чогулат. Советтин сессияларынын аралыгындагы учурдагы иштерди Генеральный секретариат жүргүзөт, Секретариаттын алдында бир катар комитеттер: саясий, экономикалык, информациялык, нефти маселелери боюнча жана башка комитеттер түзүлгөн. ЛАГдын Уставына ылайык Советтин бир добуштан кабыл алынган чечимдери анын бардык мүчөлөрү үчүн милдеттүү, добуштардын көпчүлүгү менен кабыл алынган чечимдер болсо, бул чечимдер добуш беришкен мамлекеттер үчүн гана милдеттүү.

**БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУ** (ООН) — 1945-жылы 24-июнда Сан-Францискодо ачылган (АКШ) конференцияда суверендүү мамлекеттердин ыктыярдуу биригүүсүнүн негизинде түзүлгөн эл аралык уюм. Бул конференцияда 26-июнда түзүүчү 50 мамлекеттин өкүлдөрүнүн колдору коюлган жана 1945-жылы 24-октябрда күчүнө кирген ООНдун Уставынын 1-



статьясына ылайык ООН төмөндөгү максаттарды көздөйт: эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту камсыз кылуу жана бул максат менен тынчтыкка коркунучту болтурбай коюу жана четтетүү, агрессиянын актыларын же тынчтыкты башка бузууларды басуу үчүн натыйжалуу коллективдүү чараларды көрүү жана тынчтык каражаттар менен, адилеттүүлүктүн жана эл аралык укуктун принциптерине ылайык тынчтыкты бузууга алып келүүчү жагдайларды же эл аралык талаш-тартыштарды жөнгө салуу же чечүү; элдердин теӊ укуктуулугунун жана өз тагдырын чечүү принцибин урматтоонун негизинде улуттардын ортосунда достук мамилелерди өнүктүрүү, жана да жалпы тынчтыкты чыңдоо үчүн башка тийиштүү чараларды көрүү; экономикалык, социалдык, маданий жана гуманитардык мүнөздөгү эл аралык проблемаларды чечүүдө жана адамдын укуктарын жана расасына, жынысына, тилине жана динине карабастан бардыгы үчүн негизги эркиндиктерди урматтоону колдоодо жана өнүктүрүүдө эл аралык кызматташтыкты ишке ашыруу; бул жалпы максаттарга жетишүүдө улуттардын аракеттерин макулдашуу үчүн борбор болуу.

ООНдун Уставына ылайык ага жаңы мүчөлөрдү кабыл алуу Коопсуздук Советинин сунушу боюнча Генеральный Ассамблеянын токтому менен жүргүзүлөт. 1977-жылдын 1-январына карата ООНго 147 мамлекет кирген. ООНдун штаб-квартирасынын турган жери — Нью-Йорк шаары (АКШ).

ООНдун Уставына ылайык анын башкы органдары катары төмөндөгүлөр түзүлгөн: Генеральный Ассамблея, Уюмдун бардык мүчөлөрүнөн турат, алардын ар биринин бирден добушу бар, ООНдун Уставынын чегинде ар кандай маселелерди же иштерди талкуулоого жана алар боюнча өзүнүн сунуштарын киргизүүгө укугу бар; Коопсуздук Советинин составында 5 туруктуу мүчөсү (СССР, АКШ, Англия, Франция, КНР) жана 10 туруктуу эмес мүчөсү бар (алардын ар бири эки жылдык мөөнөткө шайланат); ООНдун Уставына ылайык ага эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту камсыз кылуу боюнча башкы жоопкерчилик жүктөлгөн, ошондуктан ал үзгүлтүксүз иштейт, анын үстүнө анын чечимдери ООНго мүчө бардык мамлекеттер үчүн милдеттүү болуп саналат; Экономикалык жана Социалдык Совет (ЭКОСОС), опека боюнча Совет, Эл аралык Сот жана Коопсуздук Советинин сунушу боюнча Генеральный Ассамблея тарабынан беш жылга дайындалуучу генеральный секретарь башында болгон Секретариат (ООНдун Генеральный Ассамблеясынын XXXI сессиясы тарабынан экинчи мөөнөткө — 1977-жылдын 1-январынан 1981-жылдын 31-декабрына чейин генеральный секретарь болуп Курт Вальдхайм дайындалган).

ООНдун системасында 15 адистештирилген мекеме: Атом дук энергия боюнча Эл аралык агентство (МАГАТЭ), Эл аралык эмгек уюму (МОТ) ж. б-лар иштейт.

ООНдун ишинде белгилүү ийгиликтерге жетишилди (1977-жылдын 1-январына чейин ГА-нын 31 кезектеги, 7 атайын жана 5 чукул чакырылган атайын сессиясы өткөрүлгөн болучу). Империализмдин күнөөсү боюнча жашап турган согуш очокторун жоюуга, эл аралык коопсуздукту чыңдоого жарыша куралданууну кыскартууга жана куралсызданууга, колониализмдин жана расизмдин бардык көрүнүштөрүн жоюуга, тең укуктуу эл аралык экономикалык кызматташтыкты жөнгө салууга багытталган бүтүндөй бир катар резолюциялар кабыл алынды.

Ошону менен катар айрым убактарда ООН жалпы тынчтыкты жана эл аралык коопсуздукту чыңдоо үчүн зарыл чараларды көрүүгө жөндөмдүү болбой жатат. Империалисттик державалардын каршылык көрсөтүүсү мунун негизги себеби болуп саналат.

Советтер Союзу жана социалисттик ынтымакташтыктын башка өлкөлөрү ООНдун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн, аны бүткүл дүйнөдө бекем тынчтыкты камсыз кылуунун чыныгы универсалдуу инструментине айландыруу үчүн талыкпастан күрөшүүдө.

**БЛОКТОРГО КОШУЛБОО** — согуштук-саясий союздарга катышпоого, суверенитетти жана территориянын бүтүндүгүн урматтоого, чет өлкөлүк согуштук базаларга территорияларын берүүдөн, башка мамлекеттердин ички иштерине кийлигишүүдөн, күч жана аны колдонуу менен коркутуудан баш тартууга негизделген мамлекеттер тобунун тышкы саясий багыты. «Өнүгүүдөгү өлкөлөрдүн көпчүлүгү катышкан блокторго кошулбаган өлкөлөрдүн кыймылы,— деп белгиленген 1976-жылы июнда Берлинде болуп өткөн Европанын коммунисттик жана жумушчу партияларынын Конференциясында,— азыр дүйнөлүк саясаттын маанилүү факторлорунун бири болуп саналат. Ал тынчтык, коопсуздук жана тең укуктуу негизде кызматташтык үчүн, эл аралык саясий жана экономикалык мамилелердин адилеттүү системасын түзүү үчүн күрөшкө, империализмге, колониализмге неоколониализмге жана үстөмдүктүн жана эксплуатациянын бардык формаларына каршы күрөшкө активдүү салым кошот».

Блокторго кошулбаган мамлекеттердин биринчи конференциясы 1961-ж. Белградда болуп, ага 25 мамлекет, экинчисине (Каир, 1966-ж.) — 47, үчүнчүсүнө (Лусака, 1970-ж.)— 54, төртүнчүсүнө (Алжир, 1973-ж.) — 76, бешинчисине (Коломбо, 1976-ж.) — 85 мамлекет, алардын ичинде бир катар социалисттик мамлекеттер — Вьетнам Социалисттик Республикасы, КНДР, Куба, Югославия катышкан. «Блокторго кошулбоо кыймылы,— деп белгилеген Л. И. Брежнев КПСС БКнын октябрь (1976) пленумунда,— эл аралык турмуштун байкаларлык фактору, элдердин империализмге, колониализмге жана агрессияга каршы күрөшүнүн бүткүл дүйнөлүк фронтунун маанилүү звеносу болуп калды. Коломбодо узак жана көп убактарда, белгилүү болгондой, кыйын талкуулардын натыйжасында



кабыл алынган саясий жана экономикалык проблемалар боюнча документтер бүтүндөй алганда блокторго кошулбоо кыймылы прогрессивдүү мүнөзүн сактап калгандыгын ырастады». КПСС блокторго кошулбоо кыймылынын антиимпериалисттик, антиколониалдык жана антирасисттик багытын,жалпы тынчтыкты жана эл аралык коопсуздукту чыңдоого, боштондукка чыккан өлкөлөрдүн көз каранды эместигин жана прогрессин чыңдоо үчүн күрөшкө кошкон анын салымын жогору баалайт.

**ВАЛЮТАЛЫК - ФИНАНСЫЛЫК КРИЗИС** — айрым капиталисттик өлкөлөрдө, ошондой эле бүткүл капиталисттик дүйнөдө улуттук валюталардын эң бир туруксуздугунан көрүнгөн валюта-финансылык мамилелердин кескин бузулушу; капитализмдин жалпы кризисинин составдык бөлүгү. Партиянын XXV съездине КПСС БКнын Отчеттук докладында валюталык кризис дүйнөлүк капиталисттик чарбанын олуттуу кыйынчылыктарынын бири катарында мүнөздөлөт (к. КПСС-тин XXV съездинин материалдары, 33-бет).

В-ф. к-тин башкы себептери — империалисттер аралык карама каршылыктардын курчушу, империализмдин согуштук авантюралары, экономиканы милитаризациялоо, зор каражаттарды жалмап жаткан жана төлөө балансасынын дефицитинин өсүшүнө (б. а. мамлекеттик бюджетте кирешелерге караганда сарптоолордун ашып кетиш) алып баруучу жарыша куралдануу, токтолбогон инфляция болуп эсептелет.

В-ф. к. 70-жылдардын баш ченинде бөтөнчө курч мүнөзгө жетти. Негизинен бул 1944-жылы Бреттон — Вудстеги (АКШ) эл аралык конференциядан кийин түзүлгөн жана капиталисттик дүйнөнүн негизги эсептешүүчү бирдиги катары америкалык долларга негизделген капитализмдин бүткүл валюталык-финансылык системасынын кризиси болгон.

1976-жылы январда жүргүзүлгөн бреттон-вудс системасын реформалоо да курч мүнөзгө айланган империалисттер аралык карама-каршылыктарды чече албады. Ал капиталисттик дүйнөнүн эл аралык валюталык механизмин түп тамырынан тарта кайра куруу проблемасын чечкен жок, В-ф. к-тин түпкү себептерин четтетпеди. В-ф. к-тин токтолбогон көрүнүштөрү капиталисттик кайра өндүрүүнүн ички карама-каршылыктарын чагылдырат, алар өз кезегинде капитализмдин бир кылка эмес өнүгүү законунун көрүнүшү болуп саналат.

**ВАРШАВА КЕЛИШИМИ** — к. *Варшава Келишиминин Уюму.*

**ВАРШАВА КЕЛИШИМИНИН УЮМУ** — Европанын социалисттик мамлекеттеринин марксизмдин-ленинизмдин, социалисттик интернационализмдин принциптерине негизделген аскердик саясий коргонуу союзу. Бир тууган өлкөлөрдүн коопсуздугунун, алардын элдеринин тынч эмгегинин ишенимдүү гаранты болуп кызмат кылат, алардын чек араларынын жана территорияларынын кол тийбестигин, эл аралык аренада тышкы саясий багыт-

ты координациялоону жана аракеттердин биримдигин камсыз кылат.

В. Қ. У. достук, кызматташтык жана өз ара жардамдашуу жөнүндө 1955-жылы майда Варшавада кол коюлган көп тараптуу Қелишимдин негизинде түзүлгөн (Варшава Қелишими). В. Д. У-на Болгария, Венгрия, ГДР, Польша, Румыния, СССР, Чехословакия кирет.

Варшава келишимине ылайык ага катышуучулар «эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту камсыз кылууну максат кылып койгон бардык эл аралык аракеттерге чын ыкластуу кызматташуунун рухунда катышууга», жана да «бул иште кызматташууну каалашкан башка мамлекеттер менен макулдашуу боюнча куралдарды жалпы кыскартууга жана атомдук, водороддук куралдарды жана массалык кыргындоочу куралдардын башка түрлөрүнө тыюу салууга натыйжалуу чараларды көрүүгө жетишүүгө» даяр экендиктерин билдиришти (2-ст). Алар «өзүлөрүнүн жалпы таламдарына тиешелүү бардык маанилүү эл аралык маселелер боюнча, эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту чыңдоо таламдарын жетекчиликке алып өз ара консультациялашууга», жана да «алардын ар биринин пикири боюнча Қелишимге катышкан бир же бир нече мамлекеттерге куралдуу кол салуу коркунучу келип чыккан ар бир сапар, биргелешип коргонууну жана тынчтык менен коопсуздукту камсыз кылуу таламдарында өз ара токтоосуз консультациялашууга» даяр экендиктерин билдиришти (3-ст). Европада Қелишимге катышкан бир же бир нече мамлекетке куралдуу кол салынган учурда Қелишимге катышкан ар бир мамлекет «жекече жана Қелишимге катышкан башка мамлекеттер менен макулдашуу боюнча, куралдуу күчтөрдү колдонууну кошуу менен өзү зарыл деп эсептеген каражаттардын бардыгы менен мындай кол салууга дуушар болгон мамлекетке же мамлекеттерге дароо жардам» көрсөтүүгө жана көрүлгөн чаралар жөнүндө ООНдун Уставынын жоболоруна ылайык Коопсуздук Советине билдирүүгө милдеттендирди (4-ст).

В. Қ. У. жогорку органы — консультацияларды ишке ашыруу жана Договорду ишке ашырууга байланыштуу келип чыккан маселелерди кароо үчүн түзүлгөн Саясий консультативдик комитет (ПҚҚ) болуп саналат. Зарылчылыгына жараша чакырылуучу ПҚҚтин кеңешмелерине, эреже катарында, коммунисттик жана жумушчу партияларынын жетекчилери жана В. Қ. У-на катышуучу мамлекеттердин өкмөт башчылары катышат. ПҚҚ көтөрүп чыккан демилгелердин көбү, партиянын XXV съездине КПСС БҚнын Отчеттук докладында белгиленгендей, эл аралык ири форумдардын чечимдерине негиз болуп алынды (маселен, Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча кеңешмелер) же бир катар маанилүү эки тараптуу, мамлекеттер аралык актыларда чагылдырылды (к. КПССтин



XXV съездинин материалдары 10-бет).

1976-жылы 25—26-ноябрда Бухарестте болуп өткөн ПҚҚ кеңешмеси В. Қ. У. рамкаларында бир тууган өлкөлөрдүн кызматташтыгын өнүктүрүү жолундагы этап болду. Бул кеңешмеде Қелишимдин рамкаларында саясий кызматташтыктын механизмин мындан ары өркүндөтүү максатында ПҚҚ органы катарында тышкы иштер министрлеринин Қомитетин жана бириккен секретариатты түзүүгө чечим кылынган. Тышкы иштер министрлеринин Қомитети 1977-жылы 25—26-майда Москвада биринчи заседаниесин өткөрдү.

1969-жылы түзүлгөн коргонуу министрлеринин Қомитети Варшава Қелишимине катышкан мамлекеттердин коргоого жарамдуулугун чыңдоо боюнча макулдашылган сунуштарды иштеп чыгуу ишин жүргүзөт. Бириккен куралдуу күчтөргө (ОВС) Бириккен командование, Аскер Совети, Штаб жана ОВСтин башка башкаруу органдары жетекчилик кылышат. 1977-жылдын январынан тартып Советтер Союзунун Маршалы В. Г. Куликов, ОВСтин Башкы командачысы, генерал-полковник А. И. Грибков (1976-жылдын октябрынан баштап) штабдын начальниги.

Қоомдук жана мамлекеттик түзүлүштөрүнө карабастан, ага катышуу жолу менен тынчтыкты жана элдердин коопсуздугун камсыз кылуу максаттарында тынчтыкты сүйүүчү мамлекеттердин күч-аракеттерин бириктирүүгө жардам берүүгө даяр экендиктерин билдиришкен башка өлкөлөрдүн кошулуусу үчүн В. Қ. У. ачык (9-ст).

Дүйнөнүн карама-каршы турган согуштук блокторго бөлүнүшүн жоюу үчүн эл аралык мамилелерди нормалдаштыруунун таламдарында, СССР жана социализмдин башка өлкөлөрү В. Қ. У. менен НАТОну бир убакта таркатууну же — биринчи кадам катарында — алардын согуштук уюмдарын жоюуну жактай тургандыктарын далай жолу билдиришкен. Бул позиция Варшава Қелишимине катышкан мамлекеттердин 1976-жылы 25—26-ноябрда Бухарестте болуп өткөн ПҚҚтын кеңешмесинде кайрадан ырасталган болучу. Ошону менен катар алар бардык мамлекеттерди азыркы кездегилерин кеңейтүүгө же жаңы тар топторду жана согуштук-саясий союздарды түзүүгө алып келе турган аракеттерди жасабоого чакырышкан. Жаңы мамлекеттерди кошуп алуу жолу менен катышуучулардын чөйрөсүн кеңейтүүгө жол берүүчү Варшава Қелишиминин 9-статьясынын жана Түндүк атлантикалык келишимдин 10-статьясынын аракеттерин бир убакта токтотуу бул багыттагы практикалык чаралардын бири боло алар эле. Варшава Қелишимине катышкан мамлекеттер бул маселе боюнча тийиштүү сүйлөшүүлөргө киришүүгө өзүлөрүнүн даяр экендиктерин билдиришти. Алар Европада согуштук карама-каршы туруунун бара-бара начарлатуу, жаңжалдуу жагдайлардын кокусунан келип чыгуу коркунучун азайтуу боюнча ар кандай башка сунуш-

тарды да кунт коюп карап чыгышар эле.

Бирок НАТО блогу өзүнүн согуштук потенциалын өрчүтүүнү улантып жаткандыгын эске алып, Варшава Келишимине катышкан мамлекеттер ПКК Бухаресттеги кеңешмесинде өзүлөрүнүн элдерине ишенимдүү коопсуздукту дайыма камсыз кылуу үчүн бардык зарыл чараларды көрүүгө чечкиндүү экендиктерин билдиришти.

**ДЕВАЛЬВАЦИЯ**— улуттук валютанын акча бирдигинин алтын боюнча өлчөмүндө официалдуу төмөндөшү жана чет өлкөлүк валюталарга карата анын наркынын тийиштүү төмөндөшү. Буржуазиялык мамлекеттер инфляциянын жана валюталык-финансалык кризистин, экономиканы милитаризациялоонун, эмгекти эл аралык бөлүштүрүүнүн системасындагы тең укуксуз мамилелердин шарттарында акча жүгүртүүнү стабилдештирүүгө жетишүү үчүн Д-ны колдонушат. Жалпысынан экинчи дүйнөлүк согуштан кийин капитал дүйнөсүндө ар түрдүү валюталарды 200гө жакын девальвациялоо жүргүзүлдү.

Сатып алуу жөндөмдүүлүгү төмөндөтүлгөн улуттук валютада товарлардын бааларынын жогорулашын пайда кылуу менен, Д. жумушчулардын жана кызматчылардын реалдуу эмгек акыларынын кыскарышына, алардын материалдык абалынын начардашына алып барат. Монополиялар болсо Д-ны тышкы рыноктор үчүн күрөштүн куралы катарында пайдаланышат, анткени Д. бул өлкөнүн экспорт товарларынын бааларынын чет өлкөлүк валютада төмөндөшүн, дүйнөлүк рынокто алардын конкуренцияга жөндөмдүүлүгүнүн жогорулашын пайда кылат. Бүтүндөй алганда Д. улуттук валюталардын туруксуздугунун түпкү себептерин четтетпейт, жана ошондуктан аларды стабилдештирүүгө натыйжалуу жардам бере албайт. Муну азыркы убакта терең жана курч мүнөздөгү экономикалык кризиске дуушар болуп жатышкан негизги капиталисттик өлкөлөрдөгү валюталык кыйынчылыктар улам кайрадан ырастап жатат.

**ЕВРОПАДАГЫ КООПСУЗДУК ЖАНА КЫЗМАТТАШТЫК БОЮНЧА КЕҢЕШМЕ**— үч этапта өткөн. Алардын биринчиси 1973-жылы июлда Хельсинкиде тышкы иштер министрлеринин деңгээлинде болуп өткөн. 1973-жылдын сентябрынан баштап Женевада экинчи этабы өтүп, анын жүрүшүндө эки жыл бою жыйынтык документтер даярдалган, акырында, 1975-ж. 30-июль — 1-август кайрадан Хельсинкиде 33 европалык мамлекеттердин, жана да АКШ менен Канаданын жетекчи ишмерлеринин жолугушуусу болуп өткөн. Советтик делегацияга КПСС БК-нын Генеральный секретары Л. И. Брежнев башчылык кылган. Бул тарыхта болуп көрбөгөн жолугушуу эл аралык зор маанидеги окуя болду, ал эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүүнүн жаңы этабына негиз салып, тынчтыкта жанаша жашоо принциптерин бекемдөөнүн жана коомдук түзүлүштөрү ар түрдүү мамлекеттердин ортосунда тең укуктуу кызматташтыктын мамилелерин жөнгө салуу жолунда маанилүү кадам болду. Бул принциптер К.де кабыл алынган жыйынтык документте бекемделген. (к. *Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Кеңешменин Корутунду актысы*). К-нин мааниси: ал экинчи дүйнөлүк согуштун зарыл саясий жыйынтыгын коллективдүү чыгаргандыгы, империализмдин реакциячыл чөйрөлөрү жүргүзүп жаткан «күч позициясынын» жана «кансыз согуш» саясатынын жемишсиздигин жана зыяндуулугун ырастагандыгы, биздин замандын борбордук маселесин — тынчтыкты жана элдердин коопсуздугун чыңдоо маселесин чечүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачкандыгы менен белгиленет.

К-нин натыйжалары көбүнчө келечекке багытталган. «Эми башкы милдет,— деп белгиленген КПССтин XXV съездинде,—Хельсинкиде макулдашылган бардык принциптерди жана макулдашууларды практикалык иштерде жүзөгө ашырууда турат. Советтер Союзу дал мына ушундай иштеп жатат жана мындан ары да ушундай иштей берет». 1965-ж. К-ни өткөрүүнүн демилгеси менен чыгышкан Советтер Союзу, башка социалисттик өлкөлөр азыр да анын натыйжаларын ишке ашыруу үчүн күрөштүн авангардында баратышат. Варшава Келишимине катышкан мамлекеттердин Саясий консультативдик комитетинин (ПКК) 1976-ж. ноябрда Бухарестте болуп өткөн кеңешмеси Европада жана бүткүл дүйнөдө тынчтыкты чыңдоо үчүн мүмкүн болгон нерселердин бардыгын иштөөгө алардын чечкиндүүлүгүн көрсөттү. ПКК кеңешмесинде коюлган жаңы реалисттик идеялар, ири демилгелер жана практикалык сунуштар дал ушул максатты көздөйт. К-нин тарыхый маанисин белгилешип, Варшава келишимине катышкан мамлекеттер оор абалды жеңилдетүү процесси реакциячыл күчтөрдүн көп түрдүү каршылык көрсөтүүсүнө дуушар болуп, көп кыйынчылыктарга кездешип жаткандыгын белгилешти. Алар кабыл алышкан «Эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүүдөгү жаңы чектер үчүн, Европадагы коопсуздукту чыңдоо жана кызматташтыкты өнүктүрүү үчүн» деген Декларацияда мындай деп айтылган: «Европадагы коопсуздукту чыңдоо боюнча кабыл алынган эл аралык милдеттенмелерге этиеттик менен мамиле кылуу, бул милдеттенмелерди бурмалоого жол бербөө, дайыма алга карай, өз ара түшүнүшүүнүн жана кызматташтыктын жаңы чектерине баруу, мүмкүн болуучу ыргылжыңдыктардын булактарын четтетүү жолдорун биргелешип издөө керек». Европада чыныгы бекем тынчтыкка жетишүү үчүн,— деп баса белгиленген КПССтин XXV съездинде,— абалдын оорчулугун жеңилдетүү кайра жангыс процесс болуп калышы үчүн дагы көп жана талыкпастан күрөш жүргүзүү керек. Советтер Союзу социалисттик бир тууган өлкөлөр менен, Европадагы бардык тынчтыкты сүйгөн жана реалисттик ой жүгүрткөн күчтөр менен тыгыз өз ара аракеттенип ушундай күрөш жүргүзө берет.

**ЕВРОПАДАГЫ КООПСУЗДУК ЖАНА КЫЗМАТТАШТЫК БОЮНЧА КЕҢЕШМЕНИН КОРУТУНДУ АКТЫСЫ** — 1975-жылы 1-августта 33 европалык мамлекеттердин, жана да АКШ менен Канаданын мамлекеттик жана саясий эң жогорку ишмерлери тарабынан кол коюлган кеңешменин корутунду документи. Тынчтыкты, коопсуздукту, өз ара пайдалуу кызматташтыкты камсыз кылуунун актуалдуу проблемаларынын кеңири чөйрөсү боюнча коллективдүү макулдашуу, бекем тынчтыкты көздөгөн эл аралык милдеттенмелердин жыйындысы болуп эсептелет. К. а. преамбуладан жана бир катар бөлүмдөрдөн турат. Кеңешмеге катышкан мамлекеттер өз ара мамилелеринде колдонууга милдеттенишкен принциптердин: суверендүү тең укуктуулук, суверенитетке мүнөздүү укуктарды урматтоо, күчтү жана күч менен коркутууну колдонбоо, чек аралардын бузулгустугу, мамлекеттердин территорияларынын бүтүндүгү, талаштарды тынчтык жол менен жөнгө салуу, ички иштерине кийлигишпөө, адамдын укуктарын жана ой жүгүртүү, жана динге ишенүү эркиндигин камтыган негизги эркиндиктерин урматтоо, элдердин тең укуктуулугу жана өз тагдырын өзү башкаруу укугу, мамлекеттердин ортосундагы кызматташтык, эл аралык укук боюнча милдеттенмелерин ак ниеттүү орундатуу принциптеринин Декларациясы К. а-нин чордону, саясий негизи болуп саналат. «Кеңешменин натыйжасында жетишилген макулдашуулар,— деп белгиленген КПСС БКнын Саясий бюросунун, СССР Жогорку Советинин Президиумунун жана СССР Министрлер Советинин «Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Кеңешменин жыйынтыгы жөнүндө» документинде,— В. И. Ленин тарабынан иштелип чыккан жана Совет мамлекети өзүнүн бүткүл тарыхый жолунда коргоп келе жаткан тынчтыкта жанаша жашоонун жана эл аралык кызматташтыктын, тынчтыктын жана элдердин эркиндигинин принциптерине ылайык келет». «Кеңешменин корутунду документи,— деп белгилеген Л. И. Брежнев 1976-жылы 29—30-июнда Берлинде болуп өткөн Европанын коммунисттик жана жумушчу партияларынын Конференциясында сүйлөгөн сөзүндө,— бул мамлекеттердин тынчтык катнашуусунун жана кызматташуусунун бай, көп кырдуу кодекси. Биз анын жоболорунун бардыгын турмушка ашырууга умтулабыз». Жалпы европалык кеңешменин Корутунду актысын турмушка толук ашыруу үчүн багытты активдүү жүргүзүү — КПССтин XXV съездинде коюлган тынчтык жана эл аралык кызматташтык, элдердин эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн мындан ары күрөштүн Программасынын маанилүү жоболорунун бири болуп саналат.

К. а-ны кабыл алуу эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүүнүн ийгилиги болду, бул ийгилик тынчтыктын жана прогресстин күчтөрүн чыңдады. Бирок ал ошондой эле реакциянын жана милитаризмдин күчтөрүн этиеттендирди жана активдештирди. К. а-ны кабыл алгандан кийин дароо эле антикоммунисттик пропаганда анын жоболоруна асыла баштады. Кээ бир буржуазиялык саясатчылар жана идеологдор К. а-нын эл аралык-укуктук мүнөзүнө шек келтирүүгө аракеттенишет, башкалары бул документтин маңызын бурмалоого, аны «кансыз согуштун» рухундагы антикоммунисттик жана антисоветтик демагогиянын максаттарында пайдаланууга умтулушат. «Батыш өлкөлөрдө көп убактарда Корутунду актынын айрым учурларын жулуп алышып, алардын тегерегинде полемиканы күчөтүп жатышат. Мында максаттары айдан ачык — жалпы европалык кеңешме баштаган позитивдүү процесстерге жолтоо болуу»,—деп белгилеген Л. И. Брежнев Туладагы сөзүндө.



1977-жылы Белградда жолугушкан жалпы европалык кеңешмеге катышкан өлкөлөрдүн өкүлдөрүнүн күч-аракеттери да К. а-ны ийгиликтүү турмушка ашырууга жардам берүүчү конкреттүү чараларды иштеп чыгууга топтолду.

КПССтин XXV съездинде белгилегендей, К. а-нын принциптерин турмушка ашыруу үчүн, Европада бекем тынчтыкка жетишүү үчүн Советтер Союзу боордош социалисттик мамлекеттер менен, Европадагы бардык тынчтыкты сүйүүчү жана реалисттик ой жүгүрткөн күчтөр менен тыгыз өз ара аракетте талыкпастан күрөшөт.

**ЕВРОПАЛЫК ЭКОНОМИКАЛЫК КООМДОШТУК** (ЕЭС, «Жалпы рынок») — батыш европалык тогуз өлкөнүн — Франциянын, ФРГнын, Бельгиянын, Италиянын, Нидерланддардын, Люксембургдун, Великобританиянын, Даниянын жана Ирландиянын экономикалык бирикмеси. ЕЭСти түзүү жөнүндө келишимге 1957-жылы кол коюлуп, 1958-жылы күчүнө кирген. ЕЭСке кирген өлкөлөр ошол эле составы менен Европалык көмүр жана болот бирикмесине (ЕОУС) жана Атомдук энергия боюнча европалык шериктикке (ЕВРАТОМ) кирет. «Жалпы рынок» — ага кирүүчү капиталисттик өлкөлөрдүн экономикалык интеграциясынын куралы. (к. *Капиталисттик интеграция*). ЕЭСтин негизги органдары Ассамблея (турган жери Страсбург шаары болгон «Европалык парламент») Министрлер Совети, Комиссия, Суд болуп саналат. Комиссиянын жана да ЕОУСтун жана Евратомдун турган жери — Брюссель шаары. ЕЭСтин иши мамлекеттик-монополисттик мүнөздө. ЕЭСтин өлкөлөрүнүн дүйнөлүк капиталисттик өндүрүштөгү үлүшү болжол менен 25 процентти түзөт (АКШныкы — 41 процентке жакынды, Япония — 10 процентти түзөт). Акыркы жылдарда, деп белгиленген КПСС БКнын партиянын XXV съездине Отчеттук докладында, «империалисттик чөйрөлөрдүн өз ара атаандашуулары, «Жалпы рыноктогу» жана НАТОнун ичиндеги жаңжалдар күчөдү».

ЕЭСке кирген өлкөлөрдүн коммунисттери бул уюмга карата өзүлөрүнүн мамилелерин ар бир өлкөнүн конкреттүү жагдайына негизденип аныкташат. Ал өлкөлөр көптөн бери ЕЭСке таандык болгондуктан

улам өз арасында тыгыз экономикалык байланыштар түзүлгөн бир катар өлкөлөрдө коммунисттер «Жалпы рынокту» монополисттик багытына жана анын кесепеттерине каршы, ЕЭСти демократиялаштыруу үчүн күрөшүшөт. ЕЭСке жакында эле кирищкен башка өлкөлөрдө компартиялар андан толук чыгып кетүүнү жакташат. ЕЭСке мүчө болуп эсептелбеген же алар менен ассоцияцияланган өлкөлөрдө компартиялар бул өлкөлөрдү «Жалпы рынокто» үстөмдүк кылып жаткан монополиялардын таасир чөйрөсүнө кошуу аракеттерине каршы күрөш жүргүзүшөт. Жагдайлар эң бир ар түрдүү болгону менен Европанын капиталисттик өлкөлөрүнүн компартиялары монополисттик интеграциянын саясатына жалпы жооп берүү мүмкүн жана зарыл экендигин көрсөтүшөт, Европада континенттин бардык элдеринин таламдарына ылайык келген чыныгы демократиялык кызматташтыкты түзүү үчүн биргелешкен күрөштүн зарыл экендиги жөнүндө билдиришет. ЕЭСтин жетекчилери асыресе, улуттардын үстүнөн болгон органдарды түзүү жолу аркылуу экономикалык интеграцияны согуштук-саясий интеграция менен толуктоого активдүү умтулуп жатышкан азыркы шарттарда коммунисттердин мындай позициясы өзгөчө мааниге ээ болот.

Абалдын оорчулугун жеңилдетүүнү мындан ары материалдаштыруу максатында, Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Кеңешменин Корутунду актысынын рухунда Экономикалык Өз ара жардамдашуу Совети 1976-жылы февралда маанилүү демилге көтөрүп чыкты — СЭВдин өлкөлөрүнүн өкмөттөрүнүн атынан Европалык экономикалык коомдоштукка СЭВ менен ЕЭСтин ортосундагы мамилелердин негиздери жөнүндө макулдашууну түзүүнү сунуш кылды.

**ЕВРОПАНЫН КОММУНИСТТИК ЖАНА ЖУМУШЧУ ПАРТИЯЛАРЫНЫН КОНФЕРЕНЦИЯСЫ**—1976-жылы 29—30-июнда ГДРдин борбор шаарында — Берлинде болуп өткөн. Ага Европанын социалисттик жана капиталисттик өлкөлөрүнүн 29 коммунисттик жана жумушчу партияларынын өкүлдөрү катышкан. КПССтин делегациясына КПСС БКнын Генеральный секретары Л. И. Брежнев башчылык кылган.

К. анын күн тартибинде турган бир темага — «Европадагы тынчтык, коопсуздук, кызматташтык жана социалдык прогресс үчүн күрөшкө арналган болучу. К. социалдык системалары ар түрдүү мамлекеттердин ортосундагы мамилелерде тынчтыкта жанаша жашоо принциби негизги тенденция болуп калган эл аралык кырдаалда өткөрүлгөн болучу. Ошону менен катар К. абалдын оорчулугун жеңилдетүүнүн ар түрдүү душмандарынын активдүүлүгү күчөгөндүгүн, жарыша куралдануу улантылып, ал эми бир катар капиталисттик мамлекеттерде күчөп да жаткандыгын, согуш коркунучунун очоктору сакталып калгандыгын эске алган.

К. ар түрдүү шарттарда иштешип, өзүнүн стратегиясын



жана тактикасын өз өлкөсүндөгү конкреттүү кырдаалга ылайыкташтырып ар түрдүү милдеттерди чечип жатышкан коммунисттик жана жумушчу партиялар катышкан. Ошону менен катар алардын бардыгы — бирдиктүү күрөштүн катышуучулары, бир багытта баратышат, түпкү жалпы максат менен биригишкен.

КПССтин делегациясынын башчысынын сөзү принциптүү мааниге ээ болду. Л. И. Брежневдин сөзүндө азыркы кездеги эл аралык кырдаалга, дүйнөлүк өнүгүүнүн перспективаларына жана коммунисттик кыймылдын Европа континентиндеги бекем тынчтык үчүн, элдердин турмуштук таламдары үчүн, социализмдин жана коммунизмдин идеалдары үчүн күрөштөгү жаңы мүмкүнчүлүктөрүнө марксисттик-лениндик терең талдоо берилген болучу. Анда КПССтин XXV съезди тарабынан коюлган эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүүнү тереңдетүү менен байланышкан проблемалар боюнча Советтер Союзунун официалдуу сунуштары кеңири баяндалган жана конкреттештирилген.

К. «Европадагы тынчтык, коопсуздук, кызматташтык жана социалдык прогресс үчүн» кеңири түрдөгү корутунду документти кабыл алды. Бул документте Европанын коммунисттери К. Маркстин, Ф. Энгельстин, В. И. Лениндин окуусуна таянышып, Европадагы иштердин абалына таптык терең мүнөздөмө беришти, Европадагы тынчтык, коопсуздук жана абалдын оорчулугун жеңилдетүү үчүн андан аркы күрөштүн конкреттүү программасын коюшту. «Конференция,— деп айткан Л. И. Брежнев КПСС БКнын октябрь (1976) пленумунда,— Европанын коммунисттеринин таптык тилектештигинин жана бир туугандык өз ара аракетинин, тынчтыкты, коопсуздукту, кызматташтыкты чыңдоо жөнүндө, континенттеги социалдык прогресс жөнүндө алардын биргелешкен камкордугунун рухунда өттү».

Дүйнөлүк саясаттын көз карашынан алганда К-нын мааниси абалдын оорчулугун жеңилдетүүнү материалдаштыруунун жолдору жөнүндөгү суроого кеңири жооп бергендиги менен аныкталат (жарыша куралданууну токтотуу жана куралсыздануу боюнча натыйжалуу чараларды ишке ашыруу, тынчтыкта жанаша жашоо принцибин ырааттуу ишке ашыруу, социалдык системалары ар түрдүү мамлекеттердин ортосунда өз ара пайдалуу кызматташтыкты өнүктүрүү, абалдын оорчулугун жеңилдетүү аймактарын бүткүл дүйнө боюнча кеңейтүү, тынчтык үчүн күрөштүн жана социалдык прогресс үчүн күрөштүн органикалык биримдиги).

Эл аралык коммунисттик кыймылдын өнүгүшүнүн көз карашынан алганда К. Европанын боордош партияларынын өз ара аракеттерин чыңдоонун, алардын ортосундагы өз ара мамилелердин жалпы кабыл алынган нормаларынын негизинде интернационалисттик өнүктүрүүнүн фактору, Европанын турмушунда коммунисттердин активдүү ролунун жа-

цы далили болуп калды. КПСС конференция тарабынан коюлган максаттарга жетишүү үчүн күрөштү чечкиндүү жана туруктуу жүргүзөт, деп белгиленген КПСС БКнын Саясий бюросунун «Европанын коммунисттик жана жумушчу партияларынын Берлин конференциясынын жыйынтыктары жөнүндө» документинде.

**ЖАКЫНКЫ ЧЫГЫШ КРИЗИСИ**—Израилдын жана анын аркасында турган империалисттик чөйрөлөрдүн, биринчи кезекте АКШнын агрессивдүү саясаты пайда кылган азыркы кездеги эң курч мүнөздөгү жана узак эл аралык жаңжалдардын бири.

Ж. ч. к. коңшу араб мамлекеттерине каршы 1967-жылы июнунда башталган израилдик агрессиянын натыйжасында бөтөнчө курч мүнөзгө өттү. Араб элдеринин улуттук-боштондук кыймылын талкалай жана прогрессивдүү араб режимдерин жоё албаса да, Израиль жалпы аянты 60 миң чарчы км-ге жакын араб территорияларын басып алды, мунун өзү Израилдин өзүнүн көлөмүнөн болжол менен үч эсе көп. Мурдагыдай эле Палестинанын үч миллион араб эли өзүн өзү башкаруу укугун пайдалана албай жана өз мамлекетин түзө албай келе жатат.

Ливандагы 19 айга созулган граждандык согуш (апрель 1975—ноябрь 1976-ж.) Жакынкы Чыгыштагы кырдаалдын жалпы жөнгө салынбагандыгынын кесепеттеринин бири болду, анын жүрүшүндө ливан реакциясы тарабынан Ливандын улуттук-патриоттук күчтөрүн жана *палестиналык каршылык көрсөтүү кыймылын* талкалоого жана ошону менен арабдардын биримдиктүү антиимпериалисттик фронтун начардатууга аракет жасалган.

Ж. ч. к-н жалпы саясий жөнгө салуу ишине, негизинен «этаптар боюнча жөнгө салуу» деп аталган саясат жолтоо болууда. Бул чыныгы чечимдердин убактысын создуктуруу, болбосо деги эле күнөм алдына коюу үчүн Ж. ч. к-н жөнгө салууну 1976-жылы февралда ишке ашырылган Синай жарым аралында Суэцк каналынын районунда «экинчи ажыратуу» өңдөнгөн сепараттык жарым-жартылай макулдашууларды пайдалануу менен саясий оюнга айландырат (биринчи «ажыратуу» 1974-жылдын 18-январындагы келишим боюнча болгон).

Советтер Союзу, КПССтин XXV съездинде белгиленгендей, жакынкы чыгыш жөнгө салуусуна карата принциптүү жана конструктивдүү позицияны ээлейт.

СССР Палестинаны боштондукка чыгаруу уюмун кошуу менен бардык кызыккан тараптар катышкан Женева конференциясы бул проблеманы бардык аспектилерде талкуулоо үчүн баарынан мыкты форум болуп саналат, деп эсептейт. Бирок Женевадагы конференция, албетте, максат гана эмес,— деп билдирген Л. И. Брежнев СССРдин профсоюздарынын XVI съездинде чыгып сүйлөгөн сөзүндө, эң башкысы — анын ишинин жемиштүү жана адилеттүү натыйжаларга жетишүүсү. Албетте, тынчтыктын шарттарын баштан-аяк иштеп чыгуу — бул баарынан мурда жаңжалдашуучу тараптардын өз иши. Бирок, Женева конференциясынын председателинин бири жана сөз болуп жаткан районго түздөн-түз жакын жайгашкан мамлекет катары Советтер Союзунда Ж. ч. к-н келечектеги тынчтык жол менен жөнгө салуунун башка принциптери жана багыттары жөнүндө өзүнүн пикири бар.

Советтер Союзу, асыресе, Жакынкы Чыгыштагы тынчтык жөнүндө корутунду документке (же документтерге) согуш жолу менен территорияларды басып алууга жол бербөө принциби, ушул райондогу бардык мамлекеттердин көз каранды эмес жашоо укугу жана коопсуздугу негиз болуп алынууга тийиш, деп эсептейт. Палестинанын араб элинин ажыратууга болбой турган укуктары, анын ичинде өз тагдырын өзү чечүү, өз мамлекетин түзүү укугу да камсыз кылынууга тийиш экендиги өзүнөн өзү түшүнүктүү.

СССР тынчтык жөнүндөгү документтерде израилдик аскерлердин 1967-жылы оккупациялап алган бардык араб территорияларынан чыгарылып кетиши сөзсүз белгиленүүгө тийиш, деп эсептейт. Аскерлерди мындай чыгарып кетүү дароо эмес, этаптарга бөлүнүп, маселен, бир нече айдын ичинде, катуу түрдө белгиленген мөөнөттө ишке ашырыла алар эле. Израиль менен конфликтке катышуучу араб мамлекеттеринин ортосундагы тийиштүү чек аралар так белгиленүүгө тийиш. Бул чек аралар биротоло белгиленген, бузулбай турган чек аралар деп жарыялануута тийиш.



СССР израилдик аскерлерди чыгарып кетүү аяктаган учурдан тартып конфликтке катышкан араб мамлекеттери менен Израилдин ортосунда согуштук абал токтотулуп, тынчтык мамилелер орнотулат дегенди негиз кылып алат. Бул учурда тараптардын бардыгы бири-биринин суверенитетин, территориялык бүтүндүгүн, кол тийбестигин жана саясий көз каранды эместигин урматтоого, өзүлөрүнүн эл аралык талаштарын тынчтык каражаттар менен чечүүгө өздөрүнө милдеттенмелерди алышат.

Белгиленген чек аралардын эки тарабында, албетте, тийиштүү мамлекеттердин макулдугу менен, эч кимге бир жактуу артыкчылыктар берилбей турган демилитаризацияланган аймактарды түзүүгө болор эле. Мына ушул аймактардын чегинде белгилүү бир так аныкталган мөөнөткө же Бириккен Улуттар Уюмунун атайын куралдуу күчтөрүн, же Бириккен Улуттар Уюмунун байкоочуларын жайгаштырууга болор эле.

Ошондой эле Израилди кошуу менен бардык өлкөлөрдүн кемелери үчүн (согуш абалы токтотулгандан кийин) Тиран кысыгы жана Акаб булуңу аркылуу ээн-эркин өтүшү камсыз кылынууга тийиш. Андан тышкары, конференциянын корутунду документтеринде бүтүндөй Египеттин суверенитетине жата турган Суэц каналы аркылуу кемелердин өтүшү жөнүндө Египеттин билдирүүсү да болууга тийиш.

Ж. ч. к-н тынчтык жол менен жөнгө салуунун шарттары-

нын орундалышына, СССРдин пикири боюнча, эгерде муну макулдашып жаткан тараптар каалашса, Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Совети, мүмкүн, ал түгүл айрым державалар, мисалы, Советтер Союзу, Кошмо Штаттар, Франция, Англия кепилдик бере алар эле. Кепилдик берүүчү мамлекеттер тийиштүү аймактарда Бириккен Улуттардын Уюмунун контингенттеринде өздөрүнүн байкоочуларын кармай алар эле.

Жакынкы Чыгыштагы адилеттүү жана бекем тынчтыктын мүмкүн болгон негиздери жөнүндөгү СССРдин алдын ала пикирлери ушундай. Мында Советтер Союзу, Л. И. Брежнев белгилегендей, Ж. ч. к-н тынчтык жол менен жайгаштыруунун негиздери жөнүндө башка мамлекеттердин пикирлери менен таанышып чыгууга даяр.

**«ЖАЛПЫ РЫНОК»** — к. *Европалык экономикалык коомдоштук.*

**ЖУМУШСУЗДУК** — эмгектин резервдик армиясы дайыма болуп турган капиталисттик түзүлүшкө мүнөздүү социалдык-экономикалык көрүнүш. Капитализм башынан өткөрүп жаткан азыркы олуттуу кризистин шарттарында Ж. өнөкөт инфляция, өндүрүштүк кубаттардын толук иштебегендиги ж. б. менен оордойт. 1976-жылы күзүндө өнүккөн капитализмдин өлкөлөрүндө гана 15 миллиондон ашык жумушсуздар, анын ичинде (официалдуу маалыматтар боюнча) АКШда — 7,8 млн., Великобританияда — 1,4 млн., Италияда — 1,2 млн., Японияда—1 миллиондон ашык, ФРГ да — 0,98 млн. жумушсуздар болгон. Активдүү калктын санына карата процент менен алганда жумушсуздуктун деңгээли бул убакта АКШда — 8,1, Великобританияда — 6,1, Италияда — 5,7, Францияда — 5,6, ФРГ да — 4,3, Японияда — 2,0 процентти түзгөн.

**ЖУМУШЧУ КЫЙМЫЛЫНДАГЫ РЕФОРМИЗМ** — идеялык-саясий агым, анын өкүлдөрү социализм үчүн революциячыл күрөштү, капитализмдин эксплуататордук маңызын өзгөртпөстөн жарым жартылай реформалоо менен алмаштырышат. Р. XIX кылымдын аягында жумушчу кыймылына буржуазиялык таасирдин натыйжасы катары келип чыккан. Октябрь революциясынан кийин Р-дин идеологдору Россиядагы пролетариат диктатурасына каршы, «таза», иш жүзүндө — буржуазиялык демократияны коргоп чыгышып, антисоветтик позицияны ээлешкен. Аны «жакшыртуу» желеги астында марксизмди ревизиялоодон антикоммунизмге, марксизмге каршы күрөшүүгө чейин баруу — Р. идеялык эволюциясынын жыйынтыгы болуп саналат. Азыркы убакта анын көп өкүлдөрү, биринчи кезекте социал-демократиялык партиялардын оң канаты, жалаң гана тап күрөшүн эмес, ошондой эле буржуазиялык коомдо антагонисттик таптардын болушун да четке кагып жатышат. Тарыхый тажрыйба Р-дин идеологиясынын жана саясатынын банкрот болгондугун көрсөттү. Өндүрүш куралдарына жана каражаттарына жеке менчикти сактоого, капитализмди бара-бара «трансформациялоо» көрсөтмөгө ылайык



алар биринчи эле мүмкүнчүлүк түзүлө калганда буржуазиялык өкмөткө кирүүгө же бийликти өз алдыларынча ишке ашырууга умтулушкан. Бирок мунун өзү эч жерде, эч бир өлкөдө социализмди ишке ашырууга алып келген эмес. Антикоммунизм Р-дин туюктукка алып барып такады. Дүйнөдө күчтөрдүн катнашынын социализмдин пайдасына өзгөрүүсү, эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүү процессин өнүктүрүү капитал өлкөлөрүнүн жумушчу кыймылында антикоммунизмдин кризисин тереңдетти.

1976-ж. Берлин конференциясы коммунисттердин позициясын ырастады, ага ылайык алар чынына келгенде жумушчу табын капиталисттик системага багындырууну көрсөткөн ар кандай саясатты жана дүйнөгө көз караштарды четке кагышат. Ошону менен катар коммунисттер тынчтык, демократия жана коомдун прогресси үчүн күрөштө социал-демократтар менен кызматташууга өзүлөрүнүн салымын кошууга даяр. «Илимий коммунизмдин,— деп белгиленген КПСС БКнын партиянын XXV съездине Отчеттук докладында,— социал-демократтардын реформизми менен идеологиялык жактан жакындашуусу жөнүндө сөз да болушу мүмкүн эместиги талашсыз» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 39-бет).

**ИМПЕРИАЛИЗМ** — капитализмдин монополисттик стадиясы, капиталисттик коомдук-экономикалык формациянын өнүгүшүнүн жогорку жана акыркы баскычы. Азыркы кездеги И-дин бөтөнчөлүктөрү анын өзүнө мүнөздүү касиеттердин жана карама-каршылыктардын өнүгүшү менен да, ошондой эле тап күрөшүнүн эл аралык шарттары, дүйнөдө күчтөрдүн катышынын социализм пайдасына түп-тамырынан тарта өзгөрүшү, капитализмдин жалпы кризисинин тереңдеши менен да аныкталат. Дүйнөдөгү жаңы кырдаалга ылайыкташууга багытталган ар кандай чараларга карабастан, И. өзүнө тарыхый демилгени кайтарып алууга, коомдук прогресске жолтоолук кылууга алсыз болуп калды. Капиталисттик экономиканы жөнгө салуунун мамлекеттик-монополисттик методдорун мындан ары өнүктүрүү да, илимий-техникалык революциянын жетишкендиктерин монополиялардын таламдарында кеңири пайдалануу да, социалдык амалдануунун ар кандай чаралары да капитализмге мүнөздүү ички антогонисттик карама-каршылыктарды четтетмек тургай, азайта да албады. Курч мүнөздөгү экономикалык кризис, бүткүл дүйнөлүк капиталисттик чарбанын уюштурулушунун олуттуу бузулушу, империализмдин саясий системасынын кризиси, капиталисттик чарбанын структуралык деп аталган кризистеринин (энергетикалык, сырьёлук, валюталык, экологиялык кризистердин) өнүгүшү, социалдык жаңжалдардын кескин өсүшү, акырында, И-дин агрессивдүү тышкы саясий стратегиясынын олуттуу үзгүлтүккө учуроолору — акыркы жылдарда анын өнүгүшүн мына ушулар мүнөздөйт. Империалисттер аралык атаандашуу

күчөп, эл аралык монополиялардын кубаты өстү, натыйжада конкуренция мурдагыдан да курчуду. Капиталисттик өлкөлөрдүн өкмөттөрү карама-каршылыктарды басаңдатуу, кризисти жоюу боюнча биргелешкен чаралар жөнүндө макулдашуу үчүн бир аракеттин аркасынан экинчисин жасап жатышат. «Бирок империализмдин жаратылыш-табияты мына ушунда, андагы ар бир өлкө башкалардын эсебинен артыкчылык абалга жетишүүгө, өзүнүн эркин таңуулоого аракеттенет. Келишпөөчүлүктөр жаңы формаларда пайда болуп, карама-каршылыктар улам күчтүү мүнөздө келип чыгып жатат» (КПССтин XXV съездинин материалдары, кыргызча басылышы, 34-бет). Кризистин кесепеттери эмгекчилерге бөтөнчө оор таасир кылып, анын натыйжасында эмгек менен капиталдын ортосундагы карама-каршылыктар курчуп, иш таштоо күрөшү күчөөдө, антиимпериалисттик фронт кеңейүүдө.

Бирок, коммунисттер капитализм автоматтык түрдө ойрон болот деп алдын ала айтуудан алыс. Анын дагы көп резервдери бар. Бирок капитализм — келечеги жок коом экендигине окуялар улам барган сайын массаларды ынандырууда. «Империализм Европага анын тагдырын мындан ары таңуулай албай тургандыгы бүгүнкү күндө мурда эч болуп көрбөгөндөй ачык,— деп белгилеген Л. И. Брежнев Берлинде Европанын коммунисттик жана жумушчу партияларынын Конференциясында чыгып сүйлөп.— Бул тагдырларды белгилөөдө азыр социалисттик мамлекеттерге, капиталдын өлкөлөрүндөгү жумушчу жана демократиялык кыймылга салмактуу сөз таандык болот».

**ИНФЛЯЦИЯ** — акча жүгүртүү каналдарын товар жүгүртүүнүн керектөөлөрү салыштырганда ашыкча кагаз акчалар менен ашыра массалык толтуруп жиберүү. Ашыкча кагаз акча белгилеринин пайда болушу дайыма бюджеттик дефициттин келип чыгышы, б. а. буржуазиялык мамлекеттин расходдорунун доходдордон ашып кетиши менен байланышкан. Мындай абал, маселен, согуштардын убагында, жарыша куралдануу күчөгөн, экономикалык кризистердин убагында келип чыгат. КПСС БКнын Генеральный секретары Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде капиталисттик дүйнө башынан өткөрүп жаткан экономикалык кризиске токтолуп, мындай деп белгилеген: «Кризистүү процесстерди инфляция бөтөнчө күчөттү. Дайыма өсүп жаткан согуштук чыгымдар күчөткөн бул инфляция тынчтык убакытта мурда болуп көрбөгөндөй өлчөмгө жетти» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 34-бет).

Капиталисттик ири мамлекеттерде И. деңгээли жылына 5 проценттен 20 процентке чейин болуп турат. Товар жүгүртүүнү тейлөө үчүн зарыл алтындын саны менен салыштырганда кагаз акча канчалык көп чыгарылса, ал ошончолук жогору болот.

И. буржуазиялык мамлекеттердин бүткүл экономикасына терс таасир көрсөтөт. Товарлардын бааларынын кыйшаюусуз өсүшүн пайда кылып, ал эмгекчилердин реалдуу кызмат акыларынын төмөндөшүнө, демек, алардын турмуш деңгээлинин төмөндөшүнө алып барат. Ошону менен катар И. өндүрүштүн ар түрдүү тармактарынын кирешелүүлүгүндө кеңири айырманы пайда кылып, бирөөлөрүнүн өнүгүшүн жана башкаларынын кыскарышын стимулдаштырат, ошону менен капитализмге мүнөздүү өндүрүштүн анархиясын күчөтөт. И. кредиттик мамилелердин бузулушуна алып келет, анткени акчалай ссудаларды берүү кредиторлорго пайдасыз болуп калат, себеби акчалар аларга аябай баасызданып кайтарылат.

Капитализмдин жалпы кризисинин шарттарында И. жалпы жана өнөкөт мүнөзгө өттү.

**КАПИТАЛИЗМДИН ЖАЛПЫ КРИЗИСИ** — В. И. Ленин тарабынан ачылган «капитализмдин бүткүл өз масштабы боюнча ойрондолушунун жана социалисттик коомдун туулушунун» закон ченемдүүлүгү. (Чыгармалар кыргызча басылышы, 27-том, 129-бет). К. ж. к-нин биринчи этабына биринчи дүйнөлүк согуш жана Улуу Октябрь социалисттик революциясы негиз салган, анын натыйжасында дүйнөдөгү биринчи социалисттик мамлекет келип чыккан. Экинчи дүйнөлүк согуштун жана Европа менен Азиянын бир катар өлкөлөрүндө болуп өткөн социалисттик революциялардын жүрүшүндө К. ж. к-нин экинчи этабы башталып, анда капитализмдин позициясы кескин начарлады, социализмдин дүйнөлүк системасы түзүлүп, капитализмдин колониялык системасы кулай баштады. Азыркы убакта капитализм өзүнүн жалпы кризисинин үчүнчү этабынын кучагында. Ал (50-жылдардын экинчи жарымынан баштап) дүйнөлүк согуш менен байланышпай башталгандыгы бул этаптын бөтөнчөлүгү болуп саналат.

КПССтин XXV съездинде К. ж. к-нин тереңдеп жаткандыгы жөнүндө жобо ырасталган болучу. 70-жылдардын башында анын өнүгүшүндө сапат жагынан жаңы белгилер пайда болду. Бул биринчи кезекте дүйнөлүк социализмдин кубатынын андан ары өсүшү, дүйнөдөгү күчтөрдүн катнашынын анын пайдасына өзгөрүшү, улуттук-боштондук жана жумушчу кыймылдарынын жаңы ийгиликтери, эл аралык абалдын оорчулугунун жеңилдеши менен байланышкан.

Акыркы жылдардын окуялары капитализмдин жаңы шарттарга ылайыктанышы система катарында анын стабилдешүүсүн көрсөтпөй тургандыгынын фактысын ырастайт. 70-жылдардын ичинде өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдүн экономикасы эки жолу (1970—1971 жана 1974—1975-жылдарда) жалпы ашыкча өндүрүү кризисине дуушар болду, бул болсо кризистердин экинчиси — 30-жылдардын башталышындагы «улуу депрессиядан» кийинки эң оор жана терең кризис болуп саналат. Ал өндүрүштүн бардык тармактарын, экономикалык турмуштун бардык жактарын, дүйнөлүк капиталисттик чарбанын бардык негизги борборлорун кучагына алды. Катуу кризис согуштан кийинки мезгилде түзүлгөн жогору

өнүккөн мамлекеттик-монополисттик экономиканын күчөгөнүн айгандыгын белгилеп өтүү керек. «Мындайча айтканда, капитализм,— деп белгилеген Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде,— мезгилден артта калбай ылайыктоого, экономиканы жөнгө салуунун ар түрдүү методдорун колдонууга бардык күчү менен аракеттенди. Бул экономикалык өсүштү стимулдоого мүмкүндүк келтирди, [illegible] Капиталисттик өлкөлөрдүн көпчүлүгүндө өндүрүштүн кескин түрдө [illegible] жана жумушсуздуктун [illegible] валюталык, энергетикалык, сырье кризистери [illegible] капиталисттик [illegible] Кризистүү процесстерди инфляция [illegible] Дайыма өсүп жаткан [illegible] бул инфляция [illegible] (КПССтин XXV съездинин материалдары, 33—34-беттер). Кризистик көрүнүштөрдүн [illegible] империалисттер арасындагы атаандашуунун күчөшү, [illegible] НАТОдо, ЕЭСте улам көп [illegible] пайда болуп жатат.

Буржуазиялык коомдун идеологиялык кризисинин күчөшү [illegible] Буржуазиялык саясий партиялардын [illegible] «Капитализмдин жалпы кризиси [illegible] карама-каршы-

лыктары курчуган азыркы кездеги шарттарда,— деп белгиленген «Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» КПСС БКнын токтомунда,— монополиялардын кысымы күчөгөнүнө каршы, демократия жана социализм үчүн күрөш улам барган сайын кулач жаюуда».

**КАПИТАЛИСТТИК ИНТЕГРАЦИЯ** — капиталисттик мамлекеттердин бөлүнүү топторунун чарбаларын жакындаштыруу жана экономикалык саясатын унификациялоо, алардын ортосундагы өз ара байланыштарды жана эмгектин коомдук бөлүштүрүлүшүн күчөтүү процесси. Империалисттик интеграция — эл аралык масштабда мамлекеттик-монополисттик капитализмдин көрүнүш формасы, дүйнөлүк капиталисттик рынокту кайра бөлүү, монополиялык жогорку пайдаларды камсыз кылуу максатында мамлекеттер аралык бирикмелерди түзүү. Ал империалисттер аралык атаандашуунун курчутат, экономикалык тең [illegible] торду туудурат [illegible] Европалык экономикалык шериктик [illegible] бири болуу. ЕЭСтин рамкасында товар жүгүртүүнүн [illegible] жана бажыларды алынып таштоо, [illegible] лардын бирдиктүү [illegible] каралган. Бирок [illegible] процесстеринин курчушу жана социалдык [illegible] шарттарында ЕЭСтин [illegible] лөрүндө интеграциялык процесстер зор кыйынчылыктарга дуушар болуп жатат.

Өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн интеграция эки карама-каршы: антиимпериалисттик, өнүгүп



жаткан өлкөлөрдүн экономикалык көз карандысыздыгын бекемдөөгө жардам берүүчү жана империалисттик, эл аралык империалисттик монополиялардын позицияларын чыңдоого жардам берүүчү тенденциялар менен мүнөздөлөт. Бул же тигил тенденциянын басымдуулугу өлкөлөрдүн көрсөтүлгөн тобундагы таптык күчтөрдүн жайгаштырылышына байланыштуу болот. Өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн бир катар экономикалык бирикмелери бар: Латын америкалык эркин соода ассоциациясы, Борбордук америкалык жалпы рынок, Чыгыш африкалык жалпы рынок ж. б. Африканын бир катар мамлекеттери ЕЭСтин ассоциацияланган мүчөлөрү болуп саналышат.

**КАПИТАЛИСТТИК ӨЛКӨЛӨРДҮН ПРОЛЕТАРИАТЫНЫН ТАП КҮРӨШҮ** — капиталисттик өлкөлөрдүн жумушчу табынын буржуазияга каршы, коомду революциялык жол менен кайра куруу үчүн экономикалык, саясий жана идеологиялык күрөшү. Капитализмдин жалпы кризисинин азыркы этабынын шарттарында, эмгекчилерди эксплуатациялоону күчөтүүгө жооп иретинде жумушчу табы ири капиталга — социалдык [illegible] катмарлардын башка [illegible] каршы күрөшү күчөп жатат.

Бул, биринчиден, иш таштоо күрөшү акыркы он жылдарда эң жогорку деңгээлге жеткендигинен көрүнөт. Эгерде 1966—1970-жылдарда стачкаларга, экономикалык жана саясий чыгууларга катышуучулардын саны 273 миллионду түзсө, 1971—1975-жылдардагы мезгилде алардын саны 316 миллионго чейин көбөйгөн. Эмгекчилердин күндөлүк муктаждыктарын чагылдырган талаптар менен катар, жумушчу табы саясий талаптарды барган сайын кеңири коюп, экономикалык күрөштү эксплуататордук түзүлүштүн негиздеринин өзүнө каршы күрөш менен тыгыз байланыштырып жатат. Акыркы жылдарда Батыш Европанын өлкөлөрүндө биринчи жолу эл аралык монополиялардын зомбулугуна каршы интернационалдык иш таштоолор болуп өттү.

Экинчиден, бул эмгекчилердин талаптары үчүн, [illegible] талаптары үчүн күрөштө пролетариаттын эл аралык [illegible] көрүнөт. Пролетариаттын саны көбөйүп, анын [illegible] жогорулоодо, [illegible] саясий [illegible] Профсоюздар [illegible] монополисттик капитал [illegible] (К. ж. б.) [illegible] империалисттик агрессияга жа-

на милитаризмге каршы чыгуу пролетариаттын саясий күрөшүнүн негизги багыттарынын бири болуп калды. Ошентип, К. ө. п. т. к.— социалдык системалары ар түрдүү мамлекеттердин мамилелеринде абалдын оорчулугун материалдаштыруу үчүн, тынчтыкта жанаша жашоо принциптерин ишке ашыруу үчүн күрөштүн маанилүү фактору болуп эсептелет. Экинчи жактан, эл аралык абалдын оорчулугунун жеңилдеши да К. ө. п. т. к-тү өнүктүрүүгө оңтойлуу таасир көрсөтөт. (к. *Эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүү жана тап күрөшү*).

**КОММУНИСТТИК ЖАНА ЖУМУШЧУ ПАРТИЯЛАРДЫН ЭЛ АРАЛЫК КЕҢЕШМЕЛЕРИ** — бир тууган партиялардын дүйнөлүк коммунисттик кыймылдын өнүгүшүнүн азыркы этабына ылайык келген кызматташтыгынын формаларынын бири. Айрым компартиялардын ортосундагы эки тараптуу жолугушуулар жана консультациялар менен катар К. ж. ж. п. э. а. к. коммунисттердин ортосундагы интернационалисттик байланыштарды өнүктүрүү, саясий багытты иштеп чыгууда, идеологиялык күрөштө ар түрдүү өлкөлөрдүн компартияларынын күч-аракеттерин макулдашуу үчүн чоң мааниге ээ болот. К. ж. ж. п. э. а. к. бүткүл дүйнөлүк (мындай кеңешмелер 1957, 1960, 1969-ж. ж. болуп өткөн) жана регионалдуу боло алат. 1969-жылдагы Кеңешмеден кийинки мезгилде 50гө жакын регионалдуу кеңешмелер (конференциялар) болуп өткөн. «Көп партиялар коммунисттик жана жумушчу партиялардын Бүткүл дүйнөлүк жаңы кеңешмесинин өткөрүлүшүн жактап чыгышууда. КПСС бул идеяны принцибинде колдойт. Аны качан жана кантип ишке ашыруу керек экендиги жалпысынан макулдашуу боюнча чечиле тургандыгы түшүнүктүү»,— деп белгиленген партиянын XXV съездине КПСС БКнын Отчеттук докладында. (КПСС-тин XXV съездинин материалдары, 38-бет). 1969-жылдагы Кеңешме тарабынан коюлган антиимпериалисттик аракеттердин Программасынын көп пункттары орундатылды. Кеңешменин багыты туура тандалып алынгандыгын, коммунисттердин биргелешкен иши пайдалуу натыйжаларды бергендигин практика көрсөттү.

Коммунисттердин регионалдуу конференциялары бир кыйла ролду ойнойт. Социалисттик ынтымакташтыктын өлкөлөрүнүн компартияларынын жетекчилери эл аралык мамилелердин, социализм өлкөлөрүнүн ортосундагы бир туугандык кызматташтыктын актуалдуу проблемалары боюнча биргелешкен позицияларды иштеп чыгуу максатында регулярдуу жолугушуп турушат. АКШнын жана Канаданын компартиялары катышкан *Латын Америкасынын жана Кариб бассейнинин өлкөлөрүнүн компартияларынын Кеңешмеси* чоң мааниге ээ болду. (Гавана, июнь 1975-ж.). 1976-ж. Берлинде *Европанын коммунисттик жана жумушчу партияларынын Конференциясын* өткөрүү акыркы убакыттагы маанилүү окуя болду, ага бардык европалык компартиялар катышкан (албаниянынкынан башкасы). Конференция европалык коммунисттердин биримдигинин, континенттеги тынчтык, коопсуздук, кызматташтык жана социалдык прогресс үчүн биргелешип күрөшүүгө алардын чечкиндүүлүгүнүн туусун жогору көтөрдү.

К. ж. ж. п. э. а. к. бардык өлкөлөрдүн коммунисттеринин интернационалдык тилектештигинин турмуштук түгөнгүс күчүнүн ачык көрсөтүлүшү болду.



**КОНТРРЕВОЛЮЦИЯ** — революциянын карама-каршысы, социалдык революциянын жүрүшүндө кулатылган (же кулатылып жаткан) таптын эски, өз өмүрүн жашап бүткөн коомдук-саясий түзүлүштү сактап калууга же калыбына келтирүүгө багытталган реакциячыл аракеттери. К. ар түрдүү — ачык, куралдуу жана чүмбөттөлгөн («тымызын», «алдыртан жүргүзүлүүчү» К.) формада боло тургандыгына тарыхый тажрыйба далил болот. К-нын социалдык базасы — революциянын натыйжасында бийликтен ажырап калышкан реакциячыл эксплуататордук таптар. К-нын максаттарын турмушка ашыруу үчүн алар дайыма эксплуатацияланууучу таптардын катарларындагы саясий артта калган катмарларга таянышат, анткени салыштырмалуу кеңири массалык базасы болгон убакта гана К. революцияга олуттуу сокку ура алат. Көбүнчө майда буржуазия К. үчүн оңтойлуу негиз болуп кызмат кылат, ал тап күрөшү курчуган мезгилдерде «...революция менен контрреволюциянын ортосунда олку-солку болуп турат» (Чыгармалар, кыргызча басылышы, 10-том, 277-бет).

Тарыхый кеңири планда алганда К. кулоого бет алган, бирок ал тигил же бул тарыхый жагдайда жаңы түзүлүшкө олуттуу коркунуч түзүүгө жөндөмдүү (Венгрияда 1956-жылы, Чехословакияда 1968-жылы). Ички К. дайыма эл аралык реакциянын колдоосуна таянат, ал болсо К-ны экспорттоо мүмкүнчүлүгүн жаза кетирбейт. Чилиде дал ушундай болгон, анда жергиликтүү реакциянын заговору чет өлкөлүк империализм тарабынан пландаштырылган жана төлөнгөн болучу. Дүйнөдө күчтөрдүн катнашы социализмдин пайдасына өзгөргөн, абалдын оорчулугун жеңилдетүү тереңдеген шарттарда К-ны империалисттик экспорттоо үчүн мүмкүнчүлүктөр кыскарат, бирок реакция тарыхтын дөңгөлөгүн тескери буруу үмүтүнөн баш тарта элек.

**КОНФРОНТАЦИЯ** — тирешүү, карама-каршы коюу, бетме-бет кагылышуу. Азыркы кездеги саясий лексикондо К. түшүнүгү менен, адатта, социалисттик өлкөлөргө каршы «кансыз согуштун» натыйжасы болуп эсептелген, эл аралык аренада социалдык түзүлүштөрү ар түрдүү мамлекеттердин тынчтыкта жанаша жашоосуна жол бербөөгө умтулушкан эл аралык империализмдин күчтөрү тарабынан таңууланган дүйнөлүк эки коомдук системанын — социалисттик жана капиталисттик системанын мамлекеттеринин ортосундагы эл аралык тынчтыктын иши үчүн түзүлгөн коркунучтуу оор абалды (саясий, согуштук жактардагы)

көрсөтүшөт. «Азыркы кездеги эл аралык мамилелердин өнүгүшүндөгү башкы тенденция,— деп белгилеген Л. И. Брежнев Тынчтыкты сүйүүчү күчтөрдүн Бүткүл дүйнөлүк конгрессинде,— «кансыз согуштан» эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүүгө карай, согуштук конфронтациядан коопсуздукту чыңдоого, тынчтык кызматташтыкка карай өтүп жаткан бурулуш болуп эсептелет». «Кансыз согуштан», эки дүйнөнүн өтө коркунучтуу конфронтациясынан абалдын оорчулугун жеңилдетүүгө карай өтүү,— деп белгиленген КПСС БКнын партиянын XXV съездине Отчеттук докладында,— баарынан мурда дүйнөлүк аренада күчтөрдүн теңдештирме салмагындагы өзгөрүүлөргө байланыштуу болду».

**КПССтин ТЫШКЫ САЯСАТЫ**—Партиянын СССРде коммунизмди куруу үчүн оңтойлуу эл аралык шарттарды камсыз кылууга, дүйнөлүк социализмдин позицияларын чыңдоого, элдердин улуттук боштондук жана социалдык прогресс үчүн күрөшүн колдоого, агрессивдүү согуштарды болтурбай коюуга жана социалдык түзүлүштөрү ар түрдүү мамлекеттердин тынчтыкта жанаша жашоо принцибин ырааттуу ишке ашырууга багытталган эл аралык аренада жүргүзгөн кеңири, көп кырдуу ишмердиги. Совет мамлекети лениндик тынчтык саясатты ырааттуу жүргүзүп жатат, элдердин коопсуздугун чыңдоо жана эл аралык кеңири кызматташтык үчүн чыгууда.

Азыркы этапта КПССтин т. с. алдында турган негизги конкреттүү милдеттер партиянын XXIV съезди тарабынан иштелип чыгарылган кеңири жана конструктивдүү Тынчтык программасында чагылдырылган, КПССтин XXV съезди тарабынан коюлган *тынчтык жана эл аралык кызматташтык үчүн, элдердин эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн мындан аркы күрөштүн Программасы* анын органикалык уландысы болду.

Тынчтык Программасынын башкы мазмуну,— деп белгиленген партиянын XXV съездине КПСС БКнын Отчеттук докладында,— дүйнөлүк социализмдин күч-кубатына, баш кошкондугуна жана активдүүлүгүнө, анын прогрессивдүү жана тынчтыкты сүйүүчү бардык күчтөр менен улам чыңдалып бара жаткан союзуна таянуу менен эл аралык мамилелердин өнүгүшүндөгү бурулушка, «кансыз согуштан» коомдук түзүлүшү ар түрдүү мамлекеттердин тынчтыкта жанаша жашоосуна карай бурулушка, согуш чыгып кетүү коркунучун түзүп турган абалдын оорчулугунан абалдын жеңилдешине жана өз ара пайдалуу нормалдуу кызматташтыкка карай бурулушка жетишүүдө турган эле.

«Кийинки беш жылдын ичинде бул жагынан жетишилген ийгиликтер,— деп белгилеген Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде,— чыны менен теңдеши жок мааниге ээ. Биздин өлкөдө жана социализмдин бир тууган өлкөлөрүндө тынчтык курулуштун шарттарын камсыз кылуу үчүн, бардык элдердин тынчтыгы жана коопсуздугу үчүн мүмкүн бол-



гон аракеттин бардыгы жасалды. Советтер өлкөсүнүн тышкы саясаты бүткүл дүйнөдөгү көп миллиондогон эл массаларынын урматтоосуна жана колдоосуна ээ болуп отурат. Ошондуктан биз согуштун жана агрессиянын күчтөрүн ооздуктоого, бүткүл жалпы тынчтыкты чыңдоого, элдердин эркиндикке, көз каранды эместикке жана социалдык прогресске умтулуу укугун камсыз кылууга жетишүү менен бул саясатты мындан ары да эки эселенген кайрат менен уланта беребиз».

Биринчи тышкы саясий актыдан — тынчтык жөнүндө лениндик Декреттен КПССтин XXV съезди тарабынан иштелип чыккан тынчтык жана эл аралык кызматташтык үчүн, элдердин эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн мындан аркы күрөштүн Программасына чейин — КПСС жана Совет мамлекети, ошентип, тынчтык жана элдердин коопсуздугу үчүн күрөштүн негизги багыттарына тууралыкты кыйшаюусуз сактап келе жатышат.

Марксизм-ленинизм КПССтин Т. с-нын кебелбес илимий-теориялык фундаменти болуп саналат. Бул саясаттын принциптүүлүгүнүн, максатка умтулгандыгынын жана ырааттуулугунун, анын терең илимийлигинин, дүйнөлүк коомдук өнүгүүнүн бүткүл жүрүшүнө активдүү таасиринин булагы илимий коммунизмдин идеяларын бекем туткандыкта турат.

КПССтин Т. с. социалисттик коомдук жана мамлекеттик түзүлүштүн маңызынан өзүнөн келип чыккан таптык мүнөздө. Совет мамлекетинин бүткүл тарыхында ал дүйнөнү революциячыл кайра куруунун, социализмди жана коммунизмди куруунун инструменттеринин бири болгон жана болуп кала берет. Ал эл аралык аренадагы тап күрөшүнүн таасирдүү фактору болуп эсептелет, дүйнөлүк социализмдин, бардык прогрессивдүү күчтөрдүн позицияларын чыңдоого жардам берет.

КПССтин Т. с-нда эки негизги принцип — пролетардык, социалисттик интернационализм жана коомдук түзүлүштөрү ар түрдүү мамлекеттердин тынчтыкта жанаша жашоо принциби органикалык айкалыштырылат.

КПССтин Т. с. терең принциптүүлүк, коммунисттик идеалдарга берилгендик, дүйнөлүк саясаттын көрүнүштөрүнө жана процесстерине таптык мамиле, өлкөнүн, бүткүл социалисттик ынтымакташтыктын таламдары үчүн жогорку жоопкерчиликти сезүү эл аралык проблемаларга карата мамиледе зарыл ийкемдүүлүк, турмуш талап кылган акылдуу компромисстер, көрсөтүлгөн жагдайда белгиленген максатка карата өтө натыйжалуу жолду тандай билүү менен айкалыштырылат. Мунун өзү антиимпериалисттик күрөштүн эң ар түрдүү формаларын жана методдорун пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет.

Советтер Союзу партиянын XXV съезди тарабынан белгиленген саясий багытты турмушка ийгиликтүү ашыруу менен чоң ийгиликтерге жетишти. «Эгерде эл аралык иштерде биз жетише алган башкы нерсе жөнүндө айта тур-

ган болсок,— деп белгилеген Л. И. Брежнев КПСС БКнын октябрь (1976) пленумунда чыгып сүйлөгөн сөзүндө,— биз башка социалисттик мамлекеттер менен биргелешип жумшаган күч-аракеттердин натыйжасында жана бардык тынчтыкты сүйүүчү, реалисттик ой жүгүртүшкөн күчтөрдүн колдоосу астында *ядролук согуш коркунучун чегиндирип, тынчтыкты мурдагыдан ишенимдүү, бекемирээк кыла алдык*, деп айта алабыз».

30 жылдан ашык убакыттан бери совет эли тынчтык шарттарында эмгектенип келе жатат. КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» токтомунда белгиленгендей, СССРдин эл аралык абалы мурда эч болуп көрбөгөндөй бекем. Октябрдын мекенинин, социализмдин башка өлкөлөрүнүн кадыры мурдагыдан да жогорулады.

**КУРАЛСЫЗДАНУУ**—адам баласынын коомунун турмушунан согушту саясаттын куралы катары чыгарып таштоо максатында мамлекеттердин куралдуу күчтөрүн жана куралдарын жоюу. «Куралсыздануу,— деп белгилеген В. И. Ленин,— социализмдин идеалы». (ПСС. 30-том, 152-бет).

К. үчүн күрөш элдердин тынчтыгын жана коопсуздугун камсыз кылуунун борбордук проблемасы болуп келген жана болуп калат. К. проблемалары КПССтин XXV съезди тарабынан коюлган Тынчтык жана эл аралык кызматташтык үчүн, элдердин эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн мындан аркы күрөштүн Программасында маанилүү орунду ээлейт.

Жаңы дүйнөлүк согуштун коркунучун болтурбай коюу үчүн, анын материалдык өбөлгөлөрүн жоюу үчүн күрөштө жалпы жана толук К-ни өзүнүн акыркы максаты катары эсептеп, КПСС жана Совет өкмөтү ошону менен катар жок дегенде бул максатка алып баруучу жолдун айрым участокторунда алга карай жылуу үчүн мүмкүн болгон нерселердин бардыгын иштеп жатышат. Советтер Союзу экинчи дүйнөлүк согуш аяктагандан берки мезгилдин ичинде К. проблемалары боюнча 70тен ашык сунуштарды койду.

«Советтик коммунисттер,— деп айткан Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде,— жарыша куралданууну улантууга байланыштуу коркунучтан элдерди куткаруу үчүн күрөшүүчүлөрдүн биринчи катарларында болуунун кыйын, бирок асыл миссиясын өздөрүнө алышкандыгына сыймыктанышат» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 27-бет). Мында биздин партия азыркы убакта, эл аралык аренадагы күчтөрдүн катнашы социализмдин пайдасына кыйшаюусуз өзгөрүп жатканда, дүйнөлүк коомдук өнүгүүнүн бүткүл жүрүшүнө анын таасири улам өсүп баратат, бүткүл адамзат үчүн маанилүү бул милдетти чечүүгө карай баруу — айрым участоктордо бара-бара болуп жатса да—мүмкүн болгон жагдайга өтүүдө. Капиталисттик мамлекеттердин башкаруучу чөйрөлөрүндө да ядролук кылымда жаңы дүйнөлүк согушту баштоого таянуу өлүм коркунучун жана кылмышты түзгөн-



дөй эле перспективасыз экендигин түшүнүү өсүп жатат.

Жарыша куралданууну оздуктоо үчүн, К. үчүн күрөштө тынчтыкты сүйүүчү күчтөр акыркы жылдарда сезилерлик натыйжаларга жетише алышты. Маселен, атмосферада, космосто жана суу астында ядролук куралды сыноого тыюу салуу, ядролук куралды таркатпоо (к. *Ядролук куралды таркатпоо жөнүндө келишим*), аны космосто, деңиздердин жана океандардын түбүндө жайгаштырууга тыюу салуу, Советтер Союзу жана АКШ тарабынан стратегиялык куралдарды чектөө, (к. Массалык кыргын салуучу куралга тыюу салуу) бактереологиялык куралга тыюу салуу жана аны жоюу өндөнгөн маселелер боюнча конкреттүү эл аралык келишимдер жана макулдашуулар түзүлгөн.

«Бул — жаман натыйжалар эмес, — деп белгилеген Л. И. Брежнев КПСС БКнын октябрь (1976) пленумунда.— Алар куралсыздануу үчүн күрөштү үмүтсүз деп жарыялашкан скептиктердин күрсүнүүлөрүн төгүндөйт».

Жетишилгендерди бекемдөөгө жана өнүктүрүүгө умтулуп, СССР акыркы убакта бир катар жаңы демилгелерди көтөрүп чыкты. Асыресе, ал ООНдун кароосуна жарыша куралданууну токтотуу жана куралсыздануу маселелери боюнча Меморандумду койду. Бул комплекстүү чоң документте жалаң гана олуттуу жаңы элементтер келтирилбестен, ошондой эле, албетте, СССРдин жана социалисттик ынтымакташтыктын башка өлкөлөрүнүн таламдары үчүн зыян келтирбестен, бир катар маселелер боюнча көп мамлекеттердин көз караштары эске алынган.

«Бир да өлкө,— деп билдирген Л. И. Брежнев 1977-жылы 18-январда Тулада сүйлөгөн сөзүндө,— Советтер Союзу жасагандай, жаңы согуштун коркунучун начардатууга, андан кийин толук четтетүүгө багытталган кеңири, конкреттүү жана реалисттик программа менен адамзаттын алдында чыккан эмес».

Бул программа эл аралык мамилелерде күч колдонбоо жөнүндө Бүткүл дүйнөлүк Келишим өндөнгөн глобалдуу чараны кучагына алат. Ал жарыша куралдануу менен байланышкан бардык негизги проблемаларды кучагына алып, аны оздуктоого, куралсыздануга карата таасирдүү кадамдарды аныктайт. Ал массалык кыргын салуучу куралдардын жаңы түрлөрүнүн жана жаңы системаларынын пайда болушуна жол бербөөгө, ядролук сыноолорго толук тыюу салууга багытталган. Советтер Союзу суу астында сүзүүчү кемелердин жана стратегиялык максаттагы бомбардировщиктердин жаңы түрлөрүн түзүүдөн өз ара ылайыктуу негизде баш тартууну сунуш кылды.

СССР ошондой эле Владивосток районунда 1974-жылдын 23—24-ноябрында болуп өткөн жогорку деңгээлдеги советтик-америкалык жолугушууда жетишилген макулдашуунун негизинде стратегиялык чабуул коюучу куралдарды чектөө жөнүндө АКШ менен жаңы узак мөөнөттүү келишимди тезинен түзүү үчүн мүмкүн болгон нерселердин бардыгын иштеп жа-

тат. Ал Борбордук Европада куралдуу күчтөрдү жана куралдарды өз ара кыскартуу жөнүндө Венада өтүп жаткан сүйлөшүүлөрдө мүмкүн болушунча тезинен келишимге жетишүүгө умтулууда. (к. *Абалдын оорчулугун согуштук жактан жеңилдетүү*). Башка мамлекеттерге үлгү көрсөтүү менен, СССР бир катар жылдардан бери карай өзүнүн мамлекеттик бюджетинде коргонуу максатындагы расходдорду кыскартып келе жатат. Советтер Союзу куралсыздануу боюнча Бүткүл дүйнөлүк конференцияны, бул багыттагы биринчи кадам катарында ООНдун Генеральный Ассамблеясынын атайын сессиясын чакыруу үчүн күрөшкөн. Мындай сессия ООНдун ГА-нын XXXI сессиясынын чечими боюнча 1978-жылы май — июнда Нью-Йоркто өткөрүлгөн болучу.

Саясий консультативдик комитеттин 1976-ж. 25—26-ноябрда Бухаресте болуп өткөн кеңешмесинде Варшава Келишимине катышкан мамлекеттер Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Кеңешменин Корутунду Актысына кол коюшкан бардык мамлекеттерге бири-бирине каршы ядролук куралды биринчи болуп колдонбоо жөнүндө милдеттенме алуу чакырыгы менен кайрылышып, мындай деп белгилешкен: «Биздин өлкөлөр жарыша куралданууну ынанган душмандары болуп саналышат жана адамзаттын алдында турган бул маанилүү милдетти чечүүдө бардык мамлекеттер менен активдүү жана конструктивдүү кызматташууну каалай тургандыктары жана ага даяр экендиктери жөнүндө билдиришет. Биз куралдын жыйналган запастарын кыскартууга жетишүү, куралсыздануута өтүүнү камсыз кылуу үчүн реалдуу өбөлгөлөр бар деп эсептейбиз».

К. проблемалары боюнча СССРдин жана социалисттик ынтымакташтыктын башка өлкөлөрүнүн позициясы тынчтыкты сүйүүчү бардык элдердин түпкү тилектерине жана умтулууларына жооп берет. Асыресе жарыша куралданууну токтотуу жөнүндө, куралсыздануу үчүн жаңы Стокгольм чакырыгына кол коюуну жыйноо боюнча бүткүл дүйнөдө кеңири жайылтылган кампания мындай умтулуулардын көрүнүштөрүнүн бири болду.

**КҮЧ КОЛДОНБОО** — эл аралык укуктун негизги нормаларынын бири, коомдук түзүлүштөрү ар түрдүү мамлекеттердин тынчтыкта жанаша жашоо принциптеринин составдуу бөлүгү. К. к. принциби ООНдун Уставынын 2-ст. жалпы формада келтирилген. Акыркы жылдарда ал СССР тарабынан башка өлкөлөр менен түзүлгөн бир катар кеңешмелерде жана макулдашууларда (асыресе, 1970-ж. 12-августта СССР менен ФРГнын ортосунда кол коюлган Келишимде, «Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун жана Америка Кошмо Штаттарынын ортосундагы өз ара мамилелердин негиздери» деген документте жана ядролук согушту болтурбай коюу жөнүндө 1973-жылдын 22-июнундагы советтик-америкалык Макулдашууда) чагылдырылды. К. к. принциби ошондой эле Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Кеңешменин Корутунду актысында, ООНдун бир катар чечимдеринде да көрсөтүлгөн.

КПССтин XXIV съезди тарабынан иштелип чыккан Тынчтыктын программасында эле талаш-тартыш маселелерди чечүү үчүн күч колдонуудан же аны колдонуу менен коркутуудан баш тартуу эл аралык турмуштун закону болуп калышына жетишүү милдети коюлган болучу. Партиянын XXV съездинде бардык мамлекеттер тарабынан К. к. принцибин катуу сактоону камсыз кылуу, агрессиянын мүмкүн болуучу актыларын болтурбай коюу, дүйнөлүк жаңы согуштун коркунучун мурдагыдан да азайтуу жана куралсыздануута карата баруу үчүн оңтойлуу шарттарды түзүү максатында эл аралык мамилелерде К. к. жөнүндө бүткүл дүйнөлүк келишимди түзүү сунушу коюлган болучу.

Мындай договордун катышуучулары, албетте, ядролук державаларды кошуу менен куралдардын ар кандай түрлөрүн, анын ичинде ядролук куралды жана массалык кыргын-доочу куралдын башка түрлөрүн пайдалануу менен күч колдонуудан же күч менен коркутуудан баш тартуу жөнүндө өзүлөрүнө милдеттенме алышар эле. Мында Советтер Союзу, КПСС БКнын генеральный секретары Л. И. Брежнев КПСС БКнын октябрь (1976) пленумунда белгиленгендей, К. к. өзүнүн социалдык жана улуттук боштондугу үчүн күрөшкөн элдердин тартып алынгыс укугуна тиешелүү болбостон, мамлекеттер аралык гана мамилелерди кучагына алууга тийиш, деп эсептейт.

ООНдун Генеральный ассамблеясынын XXXI сессиясы 1976-жылы 8-ноябрда кабыл алган резолюциясында добуштардын басымдуу көпчүлүгү менен Советтер Союзунун бул демилгесин жактырды.

Варшава келишимине катышкан мамлекеттердин Саясий консультативдик комитетинин 1976-жылы 25—26-ноябрда Бухаресте болуп өткөн кеңешмесинде эл аралык мамилелерде К. к. жөнүндө бүткүл дүйнөлүк келишимди түзүү эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүүнү консолидациялоо жана жалпы тынчтыкты чыңдоо ишинде алга карай ири кадам боло алар эле деп белгиленген. Варшава келишимине катышкан мамлекеттер СССР тарабынан ООНдун кароосуна коюлган мындай келишимдин долбоорун жалпы макулдашууга жетишүү үчүн негиз катарында эсептешет. Алар келишимдин долбоорунун конкреттүү жоболору боюнча сүйлөшүүлөргө катышууга жана кызыккан башка мамлекеттер менен бирге ага кол коюуга даяр.

**ЛАТЫН АМЕРИКАСЫНЫН ЖАНА КАРИБ БАССЕЙНИНИН ӨЛКӨЛӨРҮНҮН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯЛАРЫНЫН КЕҢЕШМЕСИ** — 1975-жана 10—13-июнда Гаванада болуп өткөн. Ага региондун 24 компартияларынын өкүлдөрү, ошондой эле АКШ менен Канаданын компартияларынын байкоочулары катышкан. К. дүйнөнүн бул районундагы коммунисттик кый-

[illegible] принцибин [illegible], согуштун, реакциянын жана агрессиянын күчтөрүн [illegible], пролетардык интернационализм принцибин турмушка ашыруу, эл аралык коммунисттик кыймылдын биримдигин бекемдөө ишинде СССРдин жана КПССтин зор ролу белгиленген. К-де азыркы кездеги идеологиялык күрөштүн актуалдуу проблемалары, антикоммунизмге сокку урууну күчөтүүнүн зарылдыгы да каралган. Антикоммунисттик жана антисоветтик позицияларда турган ар бир кыймыл солчул деп

[illegible] М-дин ажырагыс компоненттери болуп саналат. М-дин [illegible] Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Кеңешменин Корутунду актысында баса белгиленген, анда «кеңешмеге катышуучу мамлекеттер... маркетингди кошуу менен сооданы өнүктүрүү жагынан эл аралык кызматташтыкты, жана да бул маселелер боюнча эл аралык уюмдардын рамкаларында өркүндөтүүчү жумушту колдошот...» деп айтылган.

**МАССАЛЫК КЫРГЫНДООЧУ КУРАЛГА ТЫЮУ САЛУУ** — жарыша куралданууну токтотуу, куралсыздануу, жаңы дүйнөлүк согуштун коркунучун болтурбай коюу үчүн КПСС жана Совет мамлекети жүргүзүп жатышкан күрөштүн



негизги багыттарынын бири. Азыркы этаптагы М. к. к. т. с. үчүн күрөштүн башкы милдеттери КПССтин XXV съезди тарабынан коюлган *Тынчтык жана эл аралык кызматташтык, элдердин эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн күрөштүн Программасында* так белгиленген.

Советтер Союзунун, социалисттик ынтымакташтыктын башка өлкөлөрүнүн күч-аракеттери акыркы жылдарда М. ж. к. к. т. с. ишинде олуттуу натыйжаларга жетишүүгө мүмкүнчүлүк берди. Атмосферада, космос мейкиндигинде жана суу астында ядролук куралды сыноону токтотуу өңдөнгөн маселелер боюнча, ядролук куралды таркатпоо, аны космоско, деңиздердин жана океандардын түбүнө жайгаштырбоо жөнүндө конкреттүү, милдеттендирүүчү келишимдер жана макулдашуулар түзүлгөн. СССР менен АКШнын ортосунда 1972-жылы 26-майда ракетага каршы коргонуу системасын чектөө жөнүндө түзүлгөн Келишим жана стратегиялык чабуул коюучу куралдарды чектөө жагынан кээ бир чаралар жөнүндө Убактылуу макулдашуу, жана да 1973-жылы 22-июнда кол коюлган СССР менен АКШнын ортосунда ядролук согушту болтурбай коюу жөнүндө Макулдашуу жалпы тынчтыктын тагдыры үчүн зор мааниге ээ болот. 1976-жылы 28-майда кол коюлган СССР менен АКШнын ортосундагы тынчтык максаттардагы жер алдындагы ядролук жардыруулар жөнүндө Келишим ядролук куралды өркүндөтүүнүн жолуна белгилүү бөгөттү коёт. 1976-жылы 16-июлда түзүлгөн Советтер Союзу менен Франциянын ортосундагы ядролук куралды кокусунан же санкцияланбаган колдонуунун алдын алуу жөнүндө макулдашууну тынчтыкты сүйүүчү коомчулук канааттануу менен тосуп алды.

Советтер Союзунун жана башка социалисттик өлкөлөрдүн долбоорунун негизинде бактериологиялык куралга тыюу салуу жана жок кылуу жөнүндө эл аралык Конвенция иштелип чыкты, кол коюлду жана күчүнө кирди. КПССтин XXV съездинде белгиленгендей, бул факты жүзүндө эл аралык мамилелердин тарыхындагы биринчи реалдуу куралсыздануунун чарасы, ал мамлекеттердин согуштук арсеналынан массалык жок кылуунун эң коркунучтуу куралынын бүтүндөй категориясын алып таштоого мүмкүнчүлүк берди.

Эл аралык мамилелерде күчтү колдонбоо жөнүндө Бүткүл дүйнөлүк договорду түзүү тууралу СССРдин сунушу (к. *Күч колдонбоо*), жана да ООНдун кароосуна коюлган жарыша куралданууну токтотуу жана куралсыздануу маселелери боюнча Советтер Союзунун Меморандуму М. ж. к. к. т. с. иши үчүн чоң мааниге ээ болот.

СССР менен АКШнын ортосунда 1974-жылы ноябрда Владивосток жеринде жогорку деңгээлдеги советтик-америкалык жолугушуунун убагында жетишилген макулдашуунун негизинде стратегиялык чабуул коюучу куралдарды чектөө жөнүндө узак мөөнөттүү жаңы келишимди түзүү

М. ж. к. к. т. с. багытында мындан ары жылууда бир кыйла роль ойнор алар эле. Л. И. Брежнев 1977-жылы 18-январда Тулада сүйлөгөн сөзүнүн сөзүндө билдиргендей, мындай келишимди түзгөндөн кийин, Советтер Союзу стратегиялык куралдарды чектөө маселелеринде андан ары баруута даяр болот эле.

Европалык континентте жана бүткүл дүйнөдө ядролук согуштун коркунучун азайтуу, мамлекеттердин ортосунда ишенимди чыңдоо жана куралсыздануута көмөк көрсөтүү таламдарында СССР Варшава договоруна катышкан «башка мамлекеттер менен бирге бири бирине каршы ядролук куралды биринчи болуп колдонбоо чакырыгы менен Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Кеңешменин Корутунду актысына кол койгон мамлекеттердин бардыгына кайрылды.

Советтер Союзу тарабынан М. ж. к. к. т. с. үчүн ООНдун багыты боюнча да көп иштер иштелүүдө. 1977-жылы 18-майда Женевада СССРдин демилгеси менен куралсыздануу боюнча Женевалык комитет тарабынан иштелип чыккан, «аба ырайы согушу» деп аталганды закондон тышкары койгон жаратылыш чөйрөсүнө таасир көрсөтүү каражаттарын согуштук же ар кандай башка кастык менен пайдаланууга тыюу салуу жөнүндө эл аралык Конвенцияга кол коюлган болучу. СССРдин сунушу боюнча ООНдун Генеральный Ассамблеясынын XXXI сессиясы 95 мамлекеттин добушу менен ядролук куралды сыноого толук жана жалпы тыюу салуу жөнүндө Договорду түзүүнү сунуш кылган резолюцияны жактырды. 120 мамлекет массалык жок кылуучу куралдын жаңы түрлөрүн жана мындай куралдын жаңы системаларын иштеп чыгууга жана чыгарууга тыюу салуу жөнүндө башка бир советтик сунушту колдоп добуш беришип, куралсыздануу боюнча Женева комитети тийиштүү келишимдин долбоорун макулдашуу боюнча сүйлөшүүлөрдү тездетүүгө чакырды. Милдет ООН тарабынан кабыл алынган резолюциялардын бардыгын турмушка ашырууда турат. Буга жетишүү оңой-олтоң эмес, анткени бир катар ири мамлекеттер М. ж. к. к. т. с-ну, жарыша куралданууну токтотууну жана куралсыздануу жолуна түшүүнү каалабагандыктарын көрсөтүп жатышат. Бардык тынчтыкты сүйүүчү күчтөрдүн чечкиндүү аракеттери менен гана бул турмуштук маанилүү иште ийгиликке жетишүүгө болот.

**МИЛИТАРИЗМ** — империализмдин ажырагыс белгиси, анын реакциячылдыгынын өсүп баратышынын көрүнүшү. М. капиталисттик мамлекеттердин бүткүл коомдук турмушуна — экономикага, саясатка, идеологияга, илимге тарап кирүүдө. Азыркы кездеги М. эки негизги функцияны — ички жана тышкы функцияны аткарат. Лениндик мүнөздөмө ал үчүн туура бойдон калууда: «...милитаризм капитализмдин натыйжасы болуп саналат. Ал өзүнүн эки формасында тең — капитализмдин «турмуштук көрүнүшү» болуп саналат: капиталисттик мамлекеттердин өздөрүнүн тышкы кагылышуулары кезинде колдонуучу согуштук күчү катарында... жана пролетариаттын ар кандай түрдөгү (экономикалык жана саясий) кыймылын басуу үчүн үстөмдүк жүргүзүүчү таптардын колунда кызмат кылуучу курал... катарындагы көрүнүшү болуп саналат». (Чыгармалар, кыргызча басылышы, 15-том, 197-бет). Ошону менен катар азыркы кездеги М. тышкы функциясы кеңейди: мурдагыдай эле дүйнөнү кайра бөлүштүрүү, таасир чөйрөсү үчүн империалисттер аралык күрөштүн жүрүшүн чагылдырып, эки карама-каршы социалдык системанын жашап турушунун жана күрөшүнүн доорунда ал биринчи кезекте Советтер Союзуна жана башка социалисттик өлкөлөргө каршы, улуттук-боштондук кыймылына, азыркы замандын бардык прогрессивдүү күчтөрүнө каршы багытталган.

Практика жүзүндө бардык негизги капиталисттик мамлекеттерде түзүлгөн согуштук-өнөр жайлык комплекстер М. өзүнчө бир ядросу болуп саналат. Алар зор экономикалык, согуштук, илимий-техникалык кубатты өз колдоруна топтоп гана тим болбостон, ошондой эле бул мамлекеттердин саясий багытын калыптандырууга жана ишке ашырууга түздөн-түз таасир көрсөтүп жатышат.

М. эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүүнүн, азыркы кездеги дүйнөдө өтүп жаткан позитивдүү жылыштардын ачыктан ачык душманы катары чыгат. Алар ыкчамдатып жаткан жарыша куралдануу 1975-ж. 300 млрд. долларды, 1976-жылы 350 миллиарддан ашык долларды жалмады. Эгерде жарыша куралдануу азыркы темптер менен улантыла бере турган болсо, анда 1980-ж. экинчи дүйнөлүк согуш бүткөндөн берки мезгилдин ичиндеги ага сарпталган каражаттар астрономиялык суммасы — 8 триллион доллардын түзө тургандыгы эсептелип чыккан. Бул арада жер бетиндеги 1 миллиардга жакын адам жарыбаган киреше менен калктын ар бир адамына — жылына 75 долларга жетпеген каражат менен күн көрүүдө.

Капиталисттик дүйнөдө курч мүнөздөгү социалдык проблемалар чечилбей жаткан шарттарда М. материалдык зор каражаттарды, илимий жана техникалык потенциалды өндүрүмдүү эмес сарптоону көрсөтөт; ошону менен катар М.— куралсыздануунун, жаңы дүйнөлүк согушту болтурбай коюунун жолундагы башкы тоскоолдук.

«Көп жылдар илгери В. И. Ленин куралсыздануунун «социализмдин идеалы» деп атаган,— деп айткан Л. И. Брежнев КПСС БКнын октябрь (1976) пленумунда.— Анда милитаризмдин өсүшүн токтотуунун, дүйнөлүк согуштун коркунучун болтурбай коюунун реалдуу өбөлгөлөрү жок болучу. Азыр абал өзгөргөн. Социализмдин жана тынчтыктын күчтөрү бүткүл адамзат үчүн негизги бул милдетти чечүүгө киришүү мүмкүн болгон таасирге ээ болуп отурат».

Жалпы тынчтыкты чыңдоонун, абалдын оорчулугун жеңилдетүү процессин тереңдетүүнүн таламдары М-дин бар-

дык формаларына жана көрүнүштөрүнө каршы күрөштү күчөтүүнү катуу талап кылат.

**НАТО** (North Atlantic Treaty organization — Түндүк атлантикалык Келишимдин уюму) — империалисттик негизги согуштук-саясий блок. 1949-жылы 4-апрелде Вашингтондо АКШнын, Великобританиянын, Франциянын, Италиянын, Бельгиянын, Нидерланддардын, Люксембургдун, Португалиянын, Норвегиянын, Даниянын, Исландиянын, Канаданын өкүлдөрү тарабынан кол коюлган келишимдин негизинде түзүлгөн. 1952-жылдан тартып Греция менен Турция, 1955-жылдан тартып ФРГ блокко мүчө болуп киришкен. 1966-жылы Франция, 1974-жылы Греция НАТОнун согуштук уюмуна катышуудан баш тартышты.

Совет — НАТОнун жогорку саясий органы, анын сессиясы жылына эки жолу, блокко катышкан өлкөлөрдүн борбор шаарларында кезектешип өткөрүлүп турат. Советтин сессияларынын аралыгында НАТОнун ишине факты жүзүндө эки орган — Туруктуу совет жана Коргонууну пландаштыруу комитети (Франция, Исландия жана Греция катышпайт) жетекчилик кылат. НАТОнун штаб-квартирасы Брюсселге жакын жердеги Эвере шаарына жайгашкан.

НАТО дүйнөлүк социализм, улуттук-боштондук кыймылы жана азыркы замандын башка прогрессивдүү кыймылдары менен күрөштө империализмдин башкы эпкиндүү күчү катары чыгат. НАТОго катышкан өлкөлөрдө токтолбогон жарыша куралданууу жүргүзүлүүдө. Эгерде 1949-жылы, блок уюшулган биринчи жылы, анын согуштук сарптоолору 18 млрд. 713 млн. долларды түзгөн болсо, 1967-жылдан баштап алар 100 млрд. доллардан ашып жатат, 1976-жылы 170 млрд. долларга жеткен. Жалпысынан алганда блоктун түздөн-түз согуштук сарптоолору 1949—1976-жылдарда 2 триллион доллардан бир топ ашып кеткен.

Биринчи кезекте СССРдин жана социалисттик ынтымакташтыктын башка өлкөлөрүнүн тынчтыкты сүйүүчү саясатынын натыйжасы болуп эсептелген дүйнөдөгү оңтойлуу өзгөрүүлөрдүн таасири астында, бул же тигил даражада мамлекеттердин эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүүнү тереңдетүүгө, жарыша куралданууну ооздуктоого өсүп жаткан умтулуусу менен эсептешүүгө аргасыз болушкан НАТОнун башкаруучу чөйрөлөрү, баары бир «кансыз согуштун» банкрот болгон догмаларынан, «күч позициясынын» саясатынан биротоло кол үзүүнү каалабай жатышат. 1976-жылы 9—10-декабрда Брюсселде, 1977-жылы 10—11-майда Лондондо болуп өткөн НАТОнун советинин сессиялары муну кайрадан ырастады. Маселен, Брюсселдеги сессияга катышуучулар «Чыгыш—Батыштын мамилелерин өнүктүрүүнүн зарылдыгы» жөнүндө билдиришип, факты жүзүндө ошол эле жерде «өсүп жаткан советтик коркунуч» жөнүндө негизсиз далилдөөлөр жана НАТОнун согуштук потенциалын андан ары өстүрүүгө чакырыктар менен бул бил-



дирүүнү сызыпташташты. Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Кеңешменин Корутунду актысына кол коюшкан бардык өлкөлөр бири-бирине каршы ядролук куралды биринчи болуп колдонбоо тууралу милдеттенме алышы жөнүндө Варшава Келишимине катышкан мамлекеттердин Саясий консультативдик комитети (ПКК) тарабынан коюлган сунушту алар «кабыл алууга ылайыксыз» деп табышты.

Варшава Келишимине катышуучу мамлекеттердин ПКК Бухаресттеги кеңешмесинин азыркы убактагы топторду кеңейтүүгө же жаңы тар топторду жана согуштук-саясий союздарды түзүүгө алып келе турган аракеттерди жасабоо жөнүндө башка сунушу да НАТОнун Советинин сессиясында откликке ээ болгон жок (к. *Варшава Келишиминин Уюму*).

НАТО өлкөлөрү формалдуу түрдө Борбордук Европадагы куралдуу күчтөрдү жана куралдарды өз ара кыскартуу жөнүндө Венада өтүп жаткан сүйлөшүүлөрдү улантууну жактап чыгышканы менен, иш жүзүндө алар сүйлөшүүлөрдө ийгиликке жетишүүгө жолтоо болуучу позицияны ээлеп жатышат (к. *Согуштук абалдын оорчулугун жеңилдетүү*).

Түндүк атлантикалык блок Европада жана бүткүл дүйнөдө эл аралык абалдын оорчулугунун негизги булактарынын бири болуп келген жана болуп кала берет. Эл аралык саясий климатты оңоонун таламдарында СССР жана социалисттик ынтымакташтыктын башка өлкөлөрү Варшава Келишиминин Уюмун жана НАТОну бир убакта таркатууну — же алгачкы кадам катарында—алардын согуштук уюмдарын жоюуну жактап чыгып жатышат.

**НЕОКОЛОНИАЛИЗМ** — колониялык эзүүдөн бошонгон өлкөлөрдө өзүнүн таасирин сактап калуу максатында империализм тарабынан пайдаланылуучу экономикалык, саясий, согуштук жана идеологиялык каражаттардын жана методдордун жыйындысы. «Империализм өзүнүн үстөмдүгүн жоготуу менен элдешкен жок, ал неоколониализмдин жардамы менен бул өлкөлөрдү эксплуатациялоону улантууга, алардын экономикалык жана саясий турмушуна контролдук кылууга үмүттөнөт»,— деп белгиленген «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» КПСС БКнын токтомунда. Куралдуу интервенция, граждандык согушту тутантуу, марионеттик жана диктатордук режимдерди орнотуу, боштондукка чыккан өлкөлөргө тең укуктуу эмес келишимдерди таңуулоо, аларды империалисттик саясий жана экономикалык блокторго тартуу, боштондукка чыккан өлкөлөрдүн антиимпериалисттик күрөштөгү биримдигин бузуу, алар менен социализмдин өлкөлөрүнүн ортосундагы мамилелерди бузууга карата жасалган аракеттер, идеологиялык диверсиялар Н-дин мүнөздүү методдору болуп саналат. Блокторго кошулбаган өлкөлөрдүн 1976-жылы августта Коломбодо кабыл алышкан экономикалык декларациясында адилеттүү белгиленгендей, чет өлкөлүк агрессияны, окку-

пацияны, апартеидди, империализмди, колониализм менен неоколониализмди жана көз карандылык менен баш ийүүнүн бардык формаларын, ички иштерге кийлигишүүнү, үстөмдүктү жана эксплуатациялоону жоюу бул өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүшү үчүн биринчи даражадагы мааниге ээ болот.

Социализмдин жана улуттук-боштондук күчтөрүнүн биримдиги — Н-ге каршы күрөштүн ийгилигинин ишенимдүү гарантиясы. «Биздин партиябыз өздөрүнүн эркиндиги үчүн салгылашып жаткан элдерге колдоо көрсөтүп жатат жана мындан ары да көрсөтө берет. Бул учурда Советтер Союзу үчүн эч кандай пайданы көздөбөйт, концессиялардын артынан түшпөйт, саясий үстөмдүккө жетишүү үчүн умтулбайт, согуштук базаларды алууга тырышпайт. Биз өзүбүздүн революциячыл ар-намысыбыздын, өзүбүздүн коммунисттик ишенимибиздин талабы боюнча иштей беребиз (КПСС-тин XXV съездинин материалдары, 15-бет). Боштондукка чыккан мамлекеттердин СССР, социализмдин башка өлкөлөрү менен экономикалык кызматташтыгы зор роль ойнойт. Советтер Союзу 70тен ашык өнүгүүдөгү өлкөлөр менен экономикалык кызматташтыкты ишке ашырууда, аларда СССРдин көмөк көрсөтүүсү менен 2 миңге жакын ар түрдүү объектилер курулууда, алардын миңден ашыгы пайдаланууга берилген.

**НЕОФАШИЗМ** — (жаңы, азыркы кездеги фашизм) — империалисттик реакциянын сокку уруучу отряды, өзүлөрүнүн таптык позицияларын сактап калуу үчүн күрөштө ири монополисттик буржуазиянын өтө агрессивдүү, милитаристтик жана шовинисттик чөйрөлөрүнүн саясий резерви. 20—40-жылдардагы фашизмдей эле, Н. мамлекеттик-монополисттик капитализмдин социалдык-саясий системасынын өтө консерватлвдүү, реакциячыл тараптарын көрсөтүүчү элементи болуп саналат.

«Эгерде монополисттик капитализмдин үстөмдүгүнө жана анын саясий максатта бийликтин башына койгон адамдарына реалдуу коркунуч түшө турган болсо, империализм демократиянын ар түрдүү көрүнүштөрүнүн кандайы болсо да четке кагуу менен бардык чараларды колдоно тургандыгын кийинки жылдардагы революциячыл кыймылдын тажрыйбасы көрсөттү. Ал мамлекеттердин суверенитетин да, гумандуулук жөнүндө айтпаганда да, ар кандай мыйзамдуулукту да тебелеп-тепсеп таштоого даяр турат. Ушакчылык, коомчулуктун башын айлантуу, экономикалык блокада, саботаж ачарчылыкты жана кыйрап-бүлүнүүнү уюштуруу, бирөөлөрдү акчага сатып алуу жана коркутуу, террор, саясий ишмерлерди өлтүрүүнү уюштуруу, фашисттик стилдеги талоончулук — ар дайым эл аралык империалисттик реакция менен союздаш болуп иш жүргүзгөн азыркы кездеги контрреволюциянын арсеналы мына ушундай» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 36-бет). Бул арсеналда алдыңкы оруңдардын бирин Н. ээлейт.



Н-дин социалдык базасын, традициялуу фашизмдикиндей эле, майда жана орто буржуазия, люмпен пролетариат (таптык мүнөзүн жоготкон элементтер), жумушчу табынын кээ бир саясий жактан өтө артта калган жана начар уюшулган катмарлары түзөт. Неофашисттик партиялар жана топтор дайыма башкаруучу таптын бул же тигил фракциялары менен тыгыз байланышкан, алар тарабынан финансыланып, акыр аягында алардын саясий таламдарын көрсөтүшөт.

Н-дин идеологиясы үчүн социалдык демагогияга аябай толтурулган антикоммунизмдин чектен чыккан формалары, улутчулдук, расизм мүнөздүү. Неофашисттер — эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүүнүн ашынган душмандары, милитаризмдин, жарыша куралдануунун тарапкерлери. Алар саясий күрөштө — өзүлөрүнө карама-каршы турушкан социалдык топторго (биринчи кезекте уюшкан жумушчу табына) карата да, ошондой эле башкаруучу таптын таламдарын башкача түшүнүшкөн өзүлөрүнүн саясий атаандаштарына карата да зомбулукту кеңири пайдаланышат.

Азыркы замандын демократиялык прогрессивдүү күчтөрү Н-ге каршы активдүү күрөшүп жатат. Коммунисттик жана жумушчу партиялардын 1969-жылдагы эл аралык Кеңешмесине катышуучулар мындай күрөштү күчөтүүнүн зарылдыгын белгилешкен. 1976-ж. 29—30-июнда Берлинде болуп өткөн Европанын коммунисттик жана жумушчу партияларынын Конференциясында буга олуттуу көңүл бурулган.

**ОҢЧУЛ РЕВИЗИОНИЗМ** — коммунисттик жана жумушчу кыймылындагы идеялык-саясий агым, анын өкүлдөрү факты жүзүндө марксизм-ленинизмди буржуазиялык идеология менен алмаштырышып, илимий коммунизмдин негизги жоболорун «кайра карап чыгууга», «ревизиялоого» чакырышат. Теориядагы О. р-дин практикада оппортунизмге алып барат, тап күрөшүнүн кыйынчылыктарынын алдында, тап душманынын алдында саясий багынып берүүнү көрсөтөт. Мындан О. р-дин жана социал-реформизмдин идеялык туугандыгы, «таптык кызматташтыкты» үгүттөө, О. р. жумушчу кыймылын капитализмдин саясий системасына «интеграциялоого» умтулуусу келип чыгат. «Оппортунизм дегенибиз,— деп көрсөткөн В. И. Ленин,— убактылуу айрым пайданы көздөп, негизги кызыкчылыкты курман кылуу дегендик болот. Эгерде оппортунизмди теория жагынан аныктай турган болсок, анын мааниси мына ушунда». (Чыгармалар, кыргызча басылышы, 31-том, 486-бет).

Азыркы кездеги О. р. үчүн, асыресе, марксизмди ленинизмге карама-каршы коюуга умтулуу, ленинизм — бул «таза гана орустук» көрүнүш деп далилдөө; социализмдин «ар түрдүү моделдерин» үгүттөө, революциячыл күрөштүн жана социалисттик курулуштун жалпы закон ченемдүүлүктөрүн танууу; интернационализмди улутчулдук менен алмаштыруу; буржуазиялык мамлекеттин жана буржуазиялык демокра-

тиянын таптык мүнөзүн тануу; Батыштын революциячыл кыймылын реалдуу социализмге карама-каршы коюуга умтулуу; антисоветизм мүнөздүү. О. р-дин контрреволюциячыл маңызын Венгриядагы (1956) жана Чехословакиядагы (1968) окуялар ачык көрсөттү. О. р-ге каршы ырааттуу күрөшүү — коммунисттик партиялардын маанилүү милдети. «Эгерде оппортунизмдин алдында чегинүү кандайдыр бир убактылуу артыкчылык бере турган болсо, бул акыр аягында партия үчүн зыян болуп чыга тургандыгын ишенгендик менен айтууга болот».

**ОПЕК** (Organization of Petroleum Exporting Conntries — Нефтини экспорттоочу өлкөлөр уюму) — 1960-ж. түзүлгөн. Азыркы убакта ОПЕКке 13 мамлекет: Алжир, Венесуэла, Габон, Индонезия, Иран, Ирак, Катар, Кувейт, Ливия, Нигерия, Бириккен Араб эмираттары (ОАЭ), Сауди Аравиясы, Эквадор кирет. Өнүккөн капиталисттик жана өнүгүүдөгү өлкөлөрдө нефти алуудагы бул өлкөлөрдүн үлүшү 1975-жылы 64 процентти, экспорттоодо — 90 процентке жакынды түзгөн. ОПЕКтин жогорку органы — мүчө өлкөлөрдүн мамлекет жана өкмөт башчылары, жумушчу органдары — министрлердин (тышкы иштер, нефти өнөр жай, финансы министрлеринин) конференциясы, административдик органы — секретариат. Уюмдун штаб-квартирасы Венага жайгашкан.

ОПЕКтин составына ар түрдүү саясий багыттагы мамлекеттер киргендиктен бул же тигил проблемаларга мамиле кылууда көп убактарда пикир келишпегендиктер келип чыгып турат. Маселен, 1976-жылы декабрда болуп өткөн конференцияда ОПЕКке мүчө 11 өлкө, батыштагы монополиялар өнөр жай продукцияларынын бааларын дайыма кымбаттатып жаткандыгын, сырьёнун, анын ичинде нефтинин бааларын мурдагыдай сактап калган убакта өзүлөрүнүн бюджеттерине кошумча жүк боло тургандыгын эске алышып, 1-октябрдан тартып 1 баррель (159 литрге жакын) АКШнын 11,51 долларынын деңгээлинде сакталып калган чийки нефтинин базалык баасын 1977-жылдын 1-январынан тартып 10 процент жана 1977-жылдын 1-июлунан баштап дагы 5 процентке жакын жогорулатууну чечишкен. Эки өлкө гана — Сауди Аравиясы менен ОАЭ — жогорулатуу көлөмүн болжол менен 5 процент чектешкен.

Бирок АКШнын монополияларынын таламдарын жактаган Сауди Аравиясынын тымызын жүргүзгөн айла амалдарынын натыйжасында Сауди Аравиясы жана ОАЭ өзүлөрүнүн баасын дагы 5 процент жогорулатууга жана ошентип нефтинин жалпы баасын «теңештирүүгө» макул болушкандан кийин, ОПЕКке мүчө 11 өлкө акыр аягында нефтинин баасын белгиленген 5 процент жогорулатуудан баш тартышкан.

ОПЕКке мүчө өлкөлөргө, бөтөнчө прогрессивдүү режимдеги өлкөлөргө көп убактарда батыштагы державалар, бөтөнчө АКШ тарабынан одоно кысымга алууга, опузалоого жана коркутууга дуушар болууга туура келет.



**ӨНҮГҮҮНҮН КАПИТАЛИСТТИК ЭМЕС ЖОЛУ** (социалисттик багыт алуу) — өнүгүүнүн капитализмге чейинки баскычында турган өлкөлөрдүн капитализмди аттап, социализмге өтүүсүнүн революциялык процесси, же капитализмдин өнүгүшү жогорку деңгээлде болбогон өлкөлөрдүн улуттук-боштондук күрөшүнүн социалисттик революцияга айланышынын процессинде социализмге өтүшү. В. И. Ленин артта калган өлкөлөр алдыңкы өлкөлөрдүн жумушчу табынын жардамы менен «...өнүгүүнүн капиталисттик стадиясынан аттап өтүп, өнүгүүнүн белгилүү стадиясы аркылуу коммунизмге өтө алат, деп көрсөткөн.» (Чыгармалар, кыргызча басылышы, 31-том, 260-бет). Бул лениндик алдын ала көрүү социализмдин курулушунун практикасында Советтик Орто Азия, Казакстан республикалары, Ыраакы Чыгыштын жана Четки Түндүктүн элдери, жана да Монгол Эл Республикасы тарабынан эң сонун ырасталды.

Азыркы убакта улуттук-боштондук кыймылынын алдыңкы отряды болуп эсептелген социалисттик багыт алган өлкөлөр экономикалык жана коомдук саясий өнүгүүдө улам чоң ийгиликтерге жетишип жатышат. Булар Алжир, Ангола, Бенин, Бирма, Гвинея, НДРЙ, Ирак, Конго, Мозамбик, Сирия, Сомали, Танзания, Эфиопия ж. б. «Социалисттик багыт алган арабдык, африкалык жана азиялык өлкөлөрдүн коомдук турмушунда прогрессивдүү терең жылыштар болуп жатат», — деп белгиленген «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» КПСС БКнын токтомунда. Ө. к. э. ж. боюнча баратышкан өлкөлөр үчүн өнөр жайында мамлекеттик секторду түзүү жана кеңейтүү, эмгекчи дыйкандардын таламдарын эске алган агрардык реформаларды өткөрүү, чет өлкөлүк монополиялардын аракеттерин чектеген чараларды жүргүзүү, чет өлкөлүк капиталды бара-бара сүрүп чыгарууга алган багыт, саясий надстройканын чөйрөсүндөгү прогрессивдүү кайра түзүлүүлөр мүнөздүү. Советтер Союзу, башка социалисттик өлкөлөр менен ар тараптуу мамилелерди ырааттуу турмушка ашыруу, антиимпериалисттик күрөштө социализмдин жана улуттук-боштондук кыймылынын күчтөрүнүн биримдигин чыңдоо — бул өлкөлөрдүн ийгиликтүү өнүгүшүнүн залогу болуп эсептелет. «Биз, бардык жердегидей эле, — деп айткан Л. И. Брежнев партиянын XXV съездинде, — өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө да прогресстин, демократиянын жана улуттук көз каранды эместиктин күчтөрүнүн тарабында турабыз жана аларга карата күрөш боюнча өз досторубузга жана өз жолдошторубузга жасагандай мамиле жасайбыз».

**ӨТӨ ОҢТОЙЛУУ ШАРТТЫН РЕЖИМИ** — мамлекеттердин ортосундагы экономикалык жана соода мамилелеринин өнүгүшүн жөнгө салуучу укук режими, ага ылайык тийиштүү келишимди түзүүчү өлкөлөр теңчиликтин жана өз ара пайда табуунун негизинде бирибирине ар бир үчүнчү мамлекет бул өлкөлөрдүн биринин территориясында пайдаланып

жаткан же мындан ары пайдалануучу оңтойлуу шартты камсыз кылууга милдеттенишет. Ө. о. ш. р-ди колдонуунун эң маанилүү жагы — таможнялык режим (бажы, налогдор ж. б.). Азыркы убакта Ө. о. ш. р. дүйнөлүк соода жүгүртүүдө үстөмдүк кылуучу режимдердин бири болуп саналат. *Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Кеңешменин Корутунду актысында* катышкан мамлекеттер «өтө оңтойлуу шарттын режимин колдонуунун натыйжасы боло ала турган сооданы өнүктүрүүгө оңтойлуу таасирди моюнга алышат», деп атайылап көрсөтүлгөн.

КПССтин XXV съезди тарабынан коюлган Тынчтык жана эл аралык кызматташтык үчүн, элдердин эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн мындан аркы күрөштүн Программасына ылайык Советтер Союзу эл аралык соодада дискриминацияны жана ар кандай жасалма тоскоолдуктарды четтетүүгө жетишүүнү, демек, Ө. о. ш. р-н өтө кеңири таркатууга жетишүүнү зарыл деп эсептейт.

Акыркы жылдарда совет-тик-америкалык мамилелерди жалпы нормалдаштыруунун жүрүшүндө АКШ Ө. о. ш. р-н Советтер Союзуна таркатууга милдеттенген. Бирок эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүүнүн душмандарынын кысымы астында АКШнын конгресси 1974-жылы декабрда Советтер Союзуна Ө. о. ш. р-н берүү жөнүндө маселени СССРдин ички иштерине түздөн-түз кийлигишүү менен чектелген бир катар шарттар менен байланыштырган соода-кредит законун кабыл алды. Бирок, Л. И. Брежнев 1976-ж. 30-ноябрда Москвада америкалык-советтик соода-экономикалык советтин төртүнчү заседаниесин өткөрүүгө байланыштуу тамак берүү учурунда сүйлөгөн сөзүндө белгилегендей, «биз сооданы кандайдыр бир саясий шарттар менен байланыштырууга ар кандай аракеттерди чечкиндүү түрдө четке кагабыз, өзүбүздүн ички иштерибизге эч кандай кийлигишүүгө жол бербейбиз. Мунун өзү дайыма ачык болууга тийиш».

**ПАЛЕСТИНАЛЫК КАРШЫЛЫК КӨРСӨТҮҮ КЫЙМЫЛЫ** — арабдык улуттук-боштондук кыймылынын антиимпериалисттик отряддарынын бири. Палестинанын үч миллион араб элинин таламдарын коргоп жатат, анын теңи Израилдин агрессивдүү саясатынын натыйжасында Ливандын, Иорданиянын, Сириянын жана башка араб өлкөлөрүнүн территориясында качкындар катары жашап жатышат.

П. к. к. к. уюмдашуу жагынан 1964-жылдан тартып, Палестинаны боштондукка чыгаруу уюму (ООП) пайда болгондо түзүлө баштаган. 1973-жылы ООП араб өлкөлөрүнүн мамлекет жана өкмөт башчыларынын Алжирдеги конференциясында Палестинанын араб элинин бирден-бир мыйзамдуу өкүлү катары таанылган болучу. Израиль оккупациялап алган территорияларда 1973-жылдан тартып Палестиналык улуттук фронт ООПтун составдуу бөлүгү катары аракет кылып келет. Улуттук совет, анын сессияларынын аралыгында аткаруу комитети ООПтун Жогорку закон чыгаруучу органы болуп саналат. П. к. к. к. өзүнүн таптык жана социалдык составы боюнча бир түрдүү эмес. Анын уюмдашуу, жана да идеологиялык жактан биримдигинин жетиштүү даражада бекем эместиги ушуну менен түшүндүрүлөт.

Талыкпаган күрөштүн натыйжасында ООП улуттук укуктарын ишке ашыруу Жакынкы Чыгышта адилеттүү жана бекем тынчтыкка жетишүүнүн зарыл шарты болуп эсептелген күрөшүп жаткан палестина элинин мыйзамдуу өкүлү катарында өзүн ООН тарабынан таанууга жетишип гана тим болбостон, ошондой эле ООНдун башчылыгы алдында өткөрүлүп жаткан Жакынкы Чыгыш боюнча бардык талкууларга жана конференцияларга, Женева тынчтык конференциясын кошуу менен катышууга чакырылып отурат (к. *Жакынкы Чыгыш кризиси*).

1975—1976-жылдарда Ливанда граждандык согушту чыгарышкан империализм менен *сионизм*. П. к. к. к-н кыйратууга аракет кылышкан, бирок алардын бул аракети ийгиликсиз аяктаган.

Советтер Союзу Палестинанын араб элинин күрөшү менен дайыма тилектеш, мунун өзү КПССтин XXV съездинде жана КПСС БКнын октябрь (1976) пленумунда ырасталган. 1976-жылдын июнунан тартып СССРде ООПтун өкүлчүлүгү иштеп жатат.

**РАСИЗМ** — «толук жөндөмдүү» жана «толук жөндөмдүү эмес» расалардын жана элдердин болушу жөнүндө илимге жат өбөлгөлөргө негизденген империалисттик буржуазиянын реакциячыл адамды жек көрүүчү идеологиясы жана саясаты.

Монополисттик буржуазия Р-ди жумушчу табын жана бардык эмгекчилерди жикке бөлүү, буржуазиялык коомдо өзүнүн таптык позицияларын сактоо, эзилген улуттарды аябай эзүүнүн эсебинен кошумча пайдаларды алуу үчүн пайдаланат. Улуттук азчылыкты расалык дискриминациялоо АКШда, Англияда жана башка капиталисттик мамлекеттерде кеңири практикаланууда. Р. ЮАРда чектен чыккан формага өткөн, анда ал официалдуу идеологиянын жана саясаттын негизи болуп калган (апартеид деп аталган нерсе), Родезияда да ушундай эле абалда. Израилдин башкаруучу чөйрөлөрү да Р-дин өзүлөрүнө кызмат кылууга койгон (к. *Сионизм*).

КПССтин XXV съезди тарабынан коюлган *Тынчтык жана эл аралык кызматташтык үчүн, элдердин эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн мындан аркы күрөштүн программасында* Р-ди толук жоюу үчүн күрөш маанилүү эл аралык милдеттердин бири катарында жарыяланган. ООНдун Генеральный Ассамблеясы 1965-жылы 21-декабрда эле расалык дискриминациянын бардык формаларын жоюу жөнүндө Эл аралык конвенцияны кабыл алгандыгына, аны азыркы убакытка карата 70тен ашык мамлекеттер ратификациялаганына карабастан бул милдет өтө актуалдуу бойдон кала берет. ООНдун Генеральный Ассамблеясынын XXXI

сессиясы бардык өлкөлөргө конвенциянын жоболорун катуу сактоо чакырыгы менен кайрылган (1976). Генеральный Ассамблеянын XXVIII сессиясынын чечими боюнча 1973—1983-жылдар расизмге каршы күрөшүү боюнча аракеттердин Он жылдыгы катарында жарыяланган.

**СИОНИЗМ** — ири еврей буржуазиясынын реакциячыл улутчул идеологиясы жана саясий практикасы. Бул XIX кылымдын аягында буржуазиянын социалисттик кыймылдын өнүгүшүнө жооп катары чыккан С. дароо эле социализмге каршы күрөштүн куралына, андан кийин Жакынкы Чыгыш элдеринин колониялык куралдандыруу каражатына айланган.

С-дин идеологиясынын негизги функциясы кайда гана жашап турбасын, кайсы гана тилде сүйлөбөсүн, бардык еврейлерди бирдиктүү «сионисттик жалпылыкка» кошулуунун шовинисттик пландарын негиздөөдө турат. «Илимий жагынан алганда сын көтөрбөгөн идея — өзгөчө бир еврей калкы жөнүндөгү идея өзүнүн саясий мааниси боюнча реакциячыл идея болуп саналат» (Чыгармалар, кыргызча басылышы, 7-том, 100-бет).

Сионисттердин көз караштары ар түрдүү өлкөлөрдөгү жүздөгөн басма сөз органдарын кучагына алган өз аппараты аркылуу гана эмес, ошондой эле бүтүндөй алганда капиталисттик коомдун массалык информация каражаттарынын жардамы менен да пропагандаланат.

Капитализмдин жалпы системасында ири монополисттик еврей буржуазиясынын позицияларын күчөтүү үчүн күрөштө өз линиясын жүргүзүү үчүн С-дин саясий уюмдарынын системасы бар. Ал төрт базистик уюмга — Бүткүл дүйнөлүк сионисттик уюмга, Бүткүл дүйнөлүк еврей конгрессине, Израиль үчүн Еврей агентствосуна, Бүткүл дүйнөлүк израилеттер союзуна негизденет. Азыркы убакта сионисттик уюмдар болжол менен дүйнөнүн 70 өлкөлөрүндө иштеп жатышат. Эл аралык С-дин башкы таяныч базалары катарында АКШ менен Израилди пайдаланат.

С-дин маңызы биздин күндөрдө Израилдин башкаруучу чөйрөлөрүнүн саясатында өтө толук ачылып жатат. Израилдин өзүндө да, оккупацияланган араб территорияларында да араб калкын эзип жана куугунтуктап, арабдарды туулуп өскөн жерлеринен айдап, Тель-Авивдин башкаруучу чөйрөлөрү басып алган жерлеринде өзгөчө аскердештирилген кыштактарды түзүү менен аларды «өздөштүрүү» саясатын жүргүзүүдө.

ООНдун Генеральный Ассамблеясынын XXX сессиясынын (1975) атайын резолюциясында С. расизмдин жана расалык дискриминациянын формасы катарында айыпталган; XXXI сессия Израилдин экспансионисттик саясатын жана оккупацияланган араб территорияларында алар тарабынан адамдын укуктарын бузууну Жакынкы Чыгыш районунда «адилеттүү жана бекем тынчтыкка жетишүү үчүн тосколдук» катары бааланды (к. *Жакынкы Чыгыш кризиси*).

**«СОЛЧУЛ» РЕВИЗИОНИЗМ**—



коммунисттик жана жумушчу кыймылындагы авантюристтик, жалган революциячыл идеялык-саясий багыт (анархизм, троцкизм, маоизм ж. б.). «С.» р-дин өкүлдөрү өзүлөрүн сөз жүзүндө «бирден-бир чыныгы» революционерлер катарында жарыялашып, өзүлөрүнүн наадан аракеттери менен (террордук актылар, объективдүү жагдайды эсепке албаган «революциячыл» аракеттер, жеңилүүгө багытталган «козголоңдор» ж. б.) империалисттик реакциянын чырагына май тамызышат, революциячыл күчтөргө каршы репрессияларды күчөтүү үчүн, антикоммунисттик ойлоп чыгаруулар үчүн ага шылтоо беришет жана эмгекчилерди чыныгы революциячыл күрөштөн алагды кылышат. «С.» р-дин социалдык базасы— майда буржуазиячыл, таптык мүнөзүн жоготкон элементтер. Эреже катары, «С.» р. теорияда догматизм менен практикада сектантчылык менен байланышкан.

Азыркы кездеги «С.» р. үчүн: революциячыл кыймылдын объективдүү факторлорун тануу, марксизмдин-ленинизмдин негизги жоболорун вульгаризациялоо жана бурмалоо, социал-шовинизм жана улутчулдук, күрөштүн парламенттик формаларын пайдалануунун, кеңири антиимпериалисттик фронтту түзүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн тануу, антикоммунизм жана антисоветизм мүнөздүү. Тышкы айырмаларына карабастан, оңчул жана «солчул» ревизионизм негизинен окшош, жумушчу табына буржуазиялык таасирдин натыйжасы болуп саналат, революциячыл



кыймылды, компартиялардын күрөшүү жөндөмдүүлүгүн начардатат. «...Оңчул жана солчул ревизионизм аракет кылуусун токтотпойт жана коммунисттик кыймылдын марксисттик-лениндик негиздери үчүн, аларды бурмалоого же бузууга аракеттерге каршы күрөш бардыгы үчүн жалпы милдет бойдон калат».

**СОЦИАЛИЗМДИН ДҮЙНӨЛҮК СИСТЕМАСЫ** — эл аралык жумушчу табынын башкы жеңип алуусу, Улуу Октябрь социалисттик революциясы баштаган революциячыл процесстин натыйжасы.

С. д. с-нын составына Албания, Болгария, Венгрия, ГДР, Вьетнам, КНР, КНДР, Куба, Монголия, Польша, Румыния, СССР, Чехословакия, Югославия кирет. Лаосто патриоттук күчтөрдүн жеңиши жана бул өлкөнүн жетекчилигине марксисттик-лениндик Элдик-революциячыл партиянын келиши менен социалисттик мамлекеттердин үй-бүлөсү дагы бир мүчө менен толукталды.

С. д. с. дүйнөлүк коомдук өнүгүүнүн чечүүчү күчү болуп саналат. Дүйнөлүк социализмдин кубаты жана үлгүсү эл аралык жумушчу табынын революциячыл мүмкүнчүлүктөрүн көбөйтүп, бүткүл боштондук кыймылынын прогрессине көмөкчү болууда. Азыркы кездеги дүйнөнүн турпаты эл аралык аренадагы эки карама-каршы коомдук системанын — социализмдин жана капитализмдин күрөшү менен белгиленет, мында алардын ортосундагы күчтөрдүн катнашы социализмдин пайдасына кайтпас өзгөрүп жатат.

С. д. с-нын өлкөлөрүнүн социалдык-экономикалык жана саясий жалпылыгы алардын ортосунда ар тараптуу кызматташтыкты өнүктүрүү үчүн объективдүү негизди түзөт.

Биздин партия социализм өлкөлөрү менен болгон мамилелеринде,—деп көрсөтүлгөн партиянын XXV съездине КПСС БКнын Отчеттук докладында,—сыноодон өткөн мына бул эрежени: ишти чыныгы тең укуктуулуктун жана бири-биринин ийгиликтерине кызыккандыктын рухунда жүргүзүү, чечимдерди иштеп чыгууда улуттук таламдарды гана эмес, интернационалдык таламдарды да эске алуу эрежесин бекем колдонот. КПССтин пикири боюнча, кандай гана проблемалар пайда болбосун, аларды достукту, биримдикти жана кызматташтыкты чыңдоо рухунда чечүү керек (КПССтин XXV съездинин материалдары, 8-бет).

Алардын чарба саясаты, алардын экономикалык кубаты азыркы этапта дүйнөдөгү коомдук өнүгүүнүн жүрүшүндө С. д. с-нын өлкөлөрүнүн таасир көрсөтүүсүнүн башкы рычагы болуп саналат, социализм өлкөлөрүнүн экономикалык жана илимий-техникалык кызматташтыгы өскөн сайын, биринчи кезекте СЭВге мүчө өлкөлөрдүн социалисттик экономикалык интеграциясынын Комплекстүү программасы ишке ашырылган сайын ал, шексиз, өсө берет.

С. д. с. жаңы дүйнөлүк согушту болтурбай коюу өңдөнгөн бардык элдер үчүн турмуштук маанилүү милдетти чечүүдө чоң салым кошот.

Бирок азыркы кытай жетекчилеринин саясаты социалисттик мамлекеттердин көпчүлүгүнө каршы ачыктан ачык багытталууда, ал социалисттик принциптерге жана идеалдарга такыр жат болуп гана эсептелбестен, ошондой эле, негизинен, социализмге каршы күрөштө империализмдин маанилүү резерви болуп калды.

«Дүйнөлүк социализмдин тарыхый тажрыйбасы,— деп белгиленген «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» КПСС БКнын токтомунда,—марксизмдин-ленинизмдин казынасын жаңы тыянактар жана жоболор менен байытып, революциялык теориянын жана практиканын мейкиндиктерин кеңейтти. Ал марксисттик-лениндик илим тарабынан ачылган жана Октябрдын практикасында биринчи жолу ишке ашырылган социалисттик революциянын жана жаңы коомду куруунун негизги закондорунун жалпы маанисин төгүндөлгүс кылып далилдеди, айрым өлкөлөрдүн конкреттүү шарттарын жана бөтөнчөлүктөрүн эске алуу менен бул закондорду чыгармачыл колдонуунун зарылчылыгын ырастады».

**СОЦИАЛИЗМ ӨЛКӨЛӨРҮНҮН КОММУНИСТТИК ЖАНА ЖУМУШЧУ ПАРТИЯЛАРЫНЫН ИДЕОЛОГИЯЛЫК КЫЗМАТТАШТЫГЫ** — идеология жагынан боордош партиялардын биргелешкен аракеттери, иштерин координациялоо, социалисттик ынтымакташтыктын чегинде ар тараптан кызматташуулардын маанилүү формаларынын бири. И. к. бир кыйла кеңейүүдө, бул бир жагынан, социализм өлкөлөрүнүн бара-бара жакындашуусунун закон ченемдүүлүгү, экинчи жагынан, эл аралык аренада эл аралык абалдын оорчулугунун жеңилдешинин шарттарында идеологиялык күрөштүн ролунун жогорулашы менен түшүндүрүлөт. И. к-нын максаты — ар бир коммунисттик жана жумушчу партиясында идеялык-тарбия ишинин деңгээлин жогорулатуу, социалдык эки системанын идеологиялык күрөшүндө ийгиликтүү чыгуу болуп саналат. Социализмдин капитализмге карагандагы тарыхый артыкчылыктарын, социализм жөнүндө чындыкты пропагандалоо, партиялардын идеялык биримдигин чыңдоо, буржуазиялык идеологияга чабуулдун натыйжалуулугун жогорулатуу, империализмдин идеологиялык диверсияларын ашкерелөө, биздин идеологиялык душмандарыбыздын антимарксисттик, антикоммунисттик концепцияларын ашкерелөө И. к-нын милдеттери болуп эсептелет. КПССтин XXV съездинде И. к-нын төмөнкү формалары бөлүнүп көрсөтүлгөн болучу: социалисттик ынтымакташтык өлкөлөрүнүн компартияларынын жетекчилеринин ортосундагы байланыштар, боордош партиялардын идеологиялык жана эл аралык иштерди жүргүзүшкөн жетекчи кызматкерлеринин жолугушуулары, социалисттик өлкөлөрдүн окумуштууларынын коллективдүү күч-аракеттери менен коомдук илимдерди өнүктүрүү, социалисттик өлкөлөрдүн массалык информация органдарынын (радио, телевидение, басма сөз) кызматташтыгы. 1973-ж. Москвада, 1975-ж. Прагада, 1976-ж. Варшавада, 1977-ж. Софияда социалисттик ынтымакташтык өлкөлөрүнүн компартияларынын Борбордук Комитеттеринин секретарларынын И. к-нын негизги багыттарына арналган идеологиялык жана эл аралык маселелер боюнча кеңешмелери болуп өткөн.



**СОЦИАЛИСТТИК ЖАНА СОЦИАЛ - ДЕМОКРАТИЯЛЫК ПАРТИЯЛАР** — *Социалисттик интернационалга* киришкен, капиталисттик өлкөлөрдөгү социал-реформисттик партиялар. Өнүккөн капитализм өлкөлөрүнүн жумушчу кыймылынын составдуу бөлүгү болуп эсептелүү менен, социал-демократия бир кыйла саясий күч болуп саналат. С. ж. с-д. п. Улуу Британияда, ФРГда, Австрияда, кээ бир скандинавиялык өлкөлөрдө, Нидерланддарда, Португалияда жана башка бир катар өлкөлөрдө бийликте турушат, өкмөттүк коалицияга башчылык кылышат же аларга катышышат. Францияда, Италияда саясий оппозициянын бир кыйла бөлүгүн түзөт. Ошентип, социал-демократтар кээ бир капиталисттик мамлекеттердин ички жана тышкы саясий багытын белгилешет, ишке ашырышат же кандайдыр бир даражада таасир көрсөтүшөт. Бир жагынан, бул партиялардын социалдык базасы болуп саналган капиталисттик коомдун жумушчу табынын, майда буржуазиячыл катмарларынын бирдей эместиги, экинчи жагынан — жумушчу кыймылын жикке бөлүүгө, коммунисттик партиялар менен күрөшүүгө, революциячыл күрөштөн баш тартууга

багытталган, С. ж. с.-д. п-нын оңчул лидерлеринин саясаты пайдалуу болгон монополисттик буржуазияны колдоосу — С. ж. с.-д. п-нын таасиринин объективдүү негизи. Айрым партиялардын же конкреттүү партиялардын рамкаларындагы агымдардын идеологиялык концепциялары жана саясаты үчүн көп убактарда өлкөнүн өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүн, эл аралык жана ички саясий кырдаалдын шарттарын, башка партиялардын, биринчи кезекте коммунисттик партиялардын жумушчу табына таасир көрсөтүү даражасын чагылдырган айырмалар мүнөздүү. Дүйнөлүк социалисттик системанын күч-кубатынын жана беделининин, башка революциячыл күчтөрүнүн таасири астында социал-демократиянын катарларында анын оңчул, центристтик жана солчул агымдарынын ортосундагы дифференциялануу тереңдөөдө. Империализмдин реакциячыл саясаты, капитализмдин азыркы замандын курч мүнөздөгү социалдык проблемаларын чечүүгө жөндөмсүздүгү да С. ж. с.-д. п-нын саясатына жана идеологиясына таасир көрсөтүп, капитал өлкөлөрүндө жумушчу табынын биримдигине жетишүүгө башкы тоскоолдук болуп чыгып жаткан социал-демократиянын оңчул канатынын антикоммунизминин кризисин күчөтүп жатат.

Коммунисттер эмгекчилердин негизги муктаждыктарын камсыз кылуу маселелери боюнча да, ошондой эле социализм үчүн күрөштө да социал-демократтар менен кызматташууну ыраатту жактап чыгышат. «Өздөрүнүн бардык иштерин антикоммунизм жана антисоветизм негизинде жүргүзгөндөр социал-демократтардын арасында али аз эмес,— деп белгиленген партиянын XXV съездинде КПСС БКнын Отчеттук докладында, — Коммунисттер менен мамиле жасагандык үчүн адамдарды жазалаган партиялар да бар. Биз мындай көрүнүштөргө каршы күрөш жүргүзөбүз, анткени бул реакциянын чырагына гана май тамызат.

Бирок тынчтыктын иши үчүн өздөрүнүн жоопкерчилигин сезген социал-демократтар менен жана андан бетер социал-демократ жумушчулар менен бизди элдердин коопсуздугу жөнүндө камкордук, жарыша куралданууну токтотууга, фашизмге, расизмге жана колониализмге сокку урууга умтулгандык бириктириши мүмкүн жана бириктирип жатат». (КПССтин XXV съездинин материалдары, 39-бет).

**СОЦИАЛИСТТИК ИНТЕГРАЦИЯ** — Экономикалык өз ара жардамдашуу Советине мүчө өлкөлөрдүн коммунисттик жана жумушчу партиялары тарабынан аң-сезимдүү жана план ченемдүү жөнгө салынуучу эмгекти эл аралык социалисттик бөлүштүрүү, алардын экономикаларын жакындаштыруу жана улуттук чарбаларынын азыркы кездеги, жогору натыйжалуу структурасын түзүү, алардын экономикалык өнүгүшүнүн деңгээлин бара-бара жакындаштыруу жана теңештирүү, экономиканын, илимдин жана техниканын негизги тармактарында терең жана туруктуу байланыштарды түзүү, бул өлкөлөрдүн эл аралык рыногун кеңейтүү жана чыңдоо, товардык-акча мамилелерин өркүндөтүү процесси. Бул процесс ар бир социалисттик өлкөнү, ошондой эле бүтүндөй алганда бүткүл ынтымакташтыкты чыңдоого жана өнүктүрүүгө жардам берет, социализм менен капитализмдин тарыхый мелдешинде жеңишти камсыз кылуунун маанилүү фактору болуп саналат.



Л. И. Брежнев XXV съездинде С. и. маселелерине токтолуп, мындай деп баса белгилеген: «Сөз экономикалык жактан өз ара өтө зор пайда жөнүндө гана эмес, эбегейсиз зор саясий мааниси бар милдет жөнүндө да жүрүп жатат. Сөз биздин достук кызматташтыктын материалдык негизин чыңдоо жөнүндө да жүрүп жатат» (КПССтин XXV съездинин материалдары, кыргызча басылышы, 11-бет).

Азыркы этапта С. и-нын маанилүү конкреттүү багыттарды СЭВге мүчө өлкөлөрдүн кызматташтыгын андан ары тереңдетүү менен өркүндөтүүнүн жана социалисттик экономикалык интеграцияны өнүктүрүүнүн Комплекстүү программасында (к. *Экономикалык Өз ара жардамдашуу Совети*), жана да 1976—1980-жылдардагы көп тараптуу интеграциялык чаралардын макулдашылган планында каралган.

С. и. социалисттик интернационализм принциптеринин, б. а. мамлекеттик суверенитетти урматтоо, бири-биринин ички иштерине кийлигишпөө, толук тең укуктуулук, өз ара пайда табуунун жана жолдоштук өз ара жардамдашуу негизинде ишке ашырылат.

С. и. капиталисттик интеграциядан түп-тамырынан айырмаланат. Ал эл аралык кызматташтыктын сапат жагынан жаңы тиби болуп саналат, дүйнөлүк социализмди өнүктүрүүнүн объективдүү керектөөлөрүн көрсөтөт. С. и-ди ишке ашырууга катышып жаткан ар бир социалисттик өлкөнүн улуттук таламдарын бүткүл социалисттик ынтымакташтыктын жалпы, интернационалдык таламдары менен айкалыштыруу анын принциптүү бөтөнчөлүгү болуп эсептелет. Эмгекчилердин турмушунун материалдык жана маданий деңгээлин андан ары жогорулатуу — анын кыймылдатуучу стимулу.

**СОЦИАЛИСТТИК ИНТЕРНАЦИОНАЛ** — социалисттик жана социал-демократиялык партиялардын жана реформисттик кыймылдардын эл аралык уюму. С. и-га (1977-жылдын январына карата) 60 партия жана уюм кирет, анын составына кирген партиялардын катарларында 7,7 миллионго жакын жекече мүчөлөрү бар, бул партиялар үчүн жалпысынан 80,4 млн. шайлоочулар добуш беришет. С. и-дын председатели — Вилли Брандт (ФРГ).

С. и. Батыш Европанын өлкөлөрүндө — Германиянын социал-демократиялык партиясы (1 миллионго жакын мүчө), Швециянын социал-демократиялык жумушчу партиясы (1 миллионго жакын), Австриянын социалисттик партиясы (700 миңге жакын), Великобританиянын лейбористтик партиясы (600 миңден ашык), Ита-

лиянын социалисттик партиясы (500 миңден ашык), Норвегиянын жумушчу партиясы (200 миң), Франциянын социалисттик партиясы (150 миң), Голландиянын эмгек партиясы (100 миңден ашык), Финляндиянын социал-демократиялык партиясы (100 миңге жакын), Португалиянын социалисттик партиясы (75 миң) ж. б., жана да Японияда (Социалисттик партия жана Демократиялык социализм партиясы), Канадада (Жаңы демократиялык партия), Израилде (Жумушчу партия), Австралияда жана Жаңы Зеландияда (Лейбористтик партиялар) партиянын эң чоң таасирине ээ болуп саналат. С. и-га кирген негизги партиялардын идеялык-саясий платформасы социал-реформизм менен мүнөздөлөт. С. и-дын жетекчилиги «демократиялык социализм» деп аталган нерсени өзүнүн идеологиясы катарында жарыялаган, ал үчүн антикоммунизм, «таптык таттуулукту» үгүттөө мүнөздүү. Дүйнөдө күчтөрдүн катнашы социализмдин пайдасына өзгөргөн сайын С. и. катарында антикоммунизмдин позициялары начардай баштады. С. и-дын XIII конгрессинде эл аралык ири проблемалар — коопсуздук жана кызматташтык, экономикалык жаңы тартипти орнотуу ж. б. маселелер талкууланган. Конгресс С. и-га кирген партияларды *Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Кеңешменин Корутунду актысын* турмушка ашырууга көмөк көрсөтүүгө чакырып, дүйнөлүк капитализмдин кризиси жумушчу табына оор жүк болуп жүктөлүп, эл аралык мамилелерде абалдын оорчулугун пайда кыла тургандыгын белгиледи. Ошону менен катар, конгресстин ишинде анын уюштуруучуларынын 1976-жылы июнда Берлинде болуп өткөн *Европанын коммунисттик жана жумушчу партияларынын Конференциясынын* коммунисттер менен социал-демократтардын ортосунда диалогго чакырууга жооп берүүдөн качууга умтулуусу ачык сезилип турду.

**СОЦИАЛИСТТИК РЕВОЛЮЦИЯ** — социалдык революциянын жогорку тиби, эксплуататорлордун үстөмдүгүн революциялык жол менен кулатуунун, марксисттик-лениндик партиянын башчылыгы алдында эмгекчи массалар менен союзда болуп жумушчу табынын бийлигин орнотуунун, жеке менчикти жоюу жана өндүрүштүн негизги каражаттарына коомдук менчикти орнотуу, социалисттик коомду түзүү процесси. С. р. баштагы революциялардын бардыгынан түп тамырынан айырмаланган революциянын жаңы тиби болуп саналат. Өндүргүч күчтөрү менен өндүрүш мамилелеринин ортосундагы капитализмге мүнөздүү карама-каршылык, өндүрүштүн коомдук мүнөзү менен менчиктин жекече формасынын ортосундагы антогонисттик конфликт С. р-нын экономикалык өбөлгөсү болуп саналат. С. р. революциялык ситуациянын болушун карайт, ал: а) эксплуатациялануучулардын жана эзилгендердин эскиче жашоосу мүмкүн болбой калгандыгы, б. а. *«төмөндөгүлөр»* эскиии *каалабаган* кезде жана *«жогоркулар» эскиче башкара албаган кезде гана»*; б) эксплуататорлор менен эзилгендердин ортосундагы карама-каршылыктардын кескин курчушу; в) массалардын саясий активдүүлүгүнүн бир кыйла жогорулашы менен мүнөздөлөт (Чыгармалар, кыргызча басылышы, 31-том, 78-бет). С. р-нын жеңиши үчүн субъективдүү факторлордун — марксисттик-лениндик партия жетекчилик кылган, өзүнүн тегерегине эмгекчилердин кеңири массаларын бириктирген, эски түзүлүштү кулатуу үчүн чечкиндүү аракеттерге даяр революциячыл жумушчу табынын болушу зарыл. Бийлик жөнүндө — эксплуататордук таптардын саясий үстөмдүгүн кулатуу жана марксисттик-лениндик партия башчылык кылган жумушчу табынын эмгекчилер менен союздагы бийлигин орнотуу жөнүндө маселе социалисттик революциянын негизги маселеси болуп саналат.

Жумушчу табы, эмгекчи дыйкандар жана анын марксисттик-лениндик партиясынын жетекчилиги менен эмгекчилердин башка массалары С. р-нын кыймылдаткыч күчтөрү болуп саналышат. С. р. өзү өтүп жаткан шарттардын жана факторлордун жыйындысына жараша тынчтык эмес, ошондой эле тынчтык формада ишке ашырылган боло алат. С. р. бардык өлкөлөрдө аракет кылган жалпы закон ченемдүүлүктөрдүн негизинде ишке ашырылат. Реалдуу социализмдин болушу жана ийгиликтери, жумушчу жана улуттук боштондук кыймылынын өсүшү, капитализмдин бардык карама-каршылыктарынын курчушу жана анын жалпы кризисинин тереңдеши революциялык ситуациянын жетилишинин жеңилдетүүчү, революциянын социалдык базасын кеңейтүүчү факторлор болуп саналат. Азыркы шарттарда капиталисттик өлкөлөрдө терең демократиялык кайра куруулар үчүн күрөш С. р-нын жеңиши үчүн күрөштүн составдуу бөлүгү болууда. (к. *Социалисттик революциянын тынчтык жана тынчтык эмес формалары, Социалисттик революция, социализм, коммунизмди куруунун жалпы закон ченемдүүлүктөрү*).

**СОЦИАЛИСТТИК РЕВОЛЮЦИЯНЫН ТЫНЧТЫК ЖАНА ТЫНЧТЫК ЭМЕС ФОРМАЛАРЫ** — жумушчу табы тарабынан саясий бийликти жеңип алуунун эки формасы. Тынчтык эмес жол куралдуу күрөштүн ар түрдүү формаларын (куралдуу көтөрүлүштү, граждандык согушту, партизандык согушту) пайдаланууну дегендикти билдирет. Тынчтык жол жумушчу табынын бийликти куралдуу күрөштү колдонбой жеңип алууну жана чыңдоону көрсөтөт. Эки учурда тең тап душманы менен курч мүнөздөгү салгылашуулар, буржуазиянын каршылык көрсөтүүсүн жоюу болуп өтөрү шексиз. С. р. т. ж. т. э. ф. өз ара байланышкан, бир формадан башка формага өсүп өтүшү ыктымал. Илимий коммунизмдин негиздөөчүлөрү жумушчу табы үчүн революциянын тынчтык формасы жакшы экендигин көрсөтүшкөн, анткени ал коммунисттердин гумандуу идеалдарына зор держава жооп берген. «Тынчтык агитацчя максатка өтө тез жа-

на туура жол менен алып келген жерде көтөрүлүш жасоо акылсыздык болор эле» (*К. Маркс* жана *Ф. Энгельс.* Чыгармалар, 17-том, 635-бет). «Жумушчу табы, албетте, бийликти өз колуна *тынчтык жол менен* алууну артык көрөр эле» (Чыгармалар, кыргызча басылышы, 4-том, 291-бет). Таптык зордоо көрсөтүүнү, бийлик үчүн күрөштүн куралдуу методдорун жумушчу табы өз ыктыяры менен колдонбойт, колдонууга аргасыз болот. Революциячыл күч көрсөтүүнүн мүнөзү жана масштабдары революцияга душман күчтөрдүн каршылык көрсөтүүсүнүн мүнөзү, бул же тигил өлкөдөгү социалисттик революциянын конкреттүү ички саясий жана эл аралык шарттары менен аныкталат. Дүйнөдө күчтөр социализмдин пайдасын карай түп-тамырынан тарта өзгөргөн азыркы шарттарда С. р. т. ф-нын мүмкүнчүлүктөрү көбөйдү. Бул жөнүндө революциячыл күрөштүн бүткүл мурунку жана азыркы кездеги тажрыйбасы далил болот. «Революциянын ар түрдүү жолдору, алардын ичинде эгерде зарыл шарттар түзүлө турган болсо, тынчтык жолу болушу мүмкүн деген коммунисттердин корутундусун Чилинин трагедиясы таптакыр сызып таштаган жок,— деп белгиленген партиянын XXV съездинде.— Бирок ал революция өзүн коргой билүүгө тийиш экендигин эске салды» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 36-бет). Чилидеги жана Португалиядагы революциялык тажрыйбаны, бүткүл революциялык кыймылдын тажрыйбасын КПССтин XXV съездинде талдап чыгуу дүйнөнүн коммунисттери, бардык революционерлери үчүн баа жеткис теориялык жана практикалык мааниге ээ болот.

**СОЦИАЛИСТТИК ЫНТЫМАКТАШТЫК** — Варшава Келишими жана Экономикалык өз ара жардамдашуу Советин тарабынан бириккен социалисттик мамлекеттердин ыктыярдуу союзу.

С. ы.— эң бир жаңы типтеги союз. Ал социалисттик интернационализмдин принцибине, б. а. мамлекеттик суверенитетти урматтоого, бири-биринин ички иштерине кийлигишпөөгө, толук тең укуктуулукка, өз ара пайда табууга жана жолдоштук өз ара жардамдашууга негизделген. Бул союз марксисттик-лениндик партиялар жетекчилик кылган, бирдиктүү идеология, жалпы жогорку максаттар — социалисттик, коммунисттик коомду куруу менен, жолдоштук тилектештиктин жана өз ара колдоо көрсөтүүнүн мамилелери менен баш кошкон, бир типтүү экономикалык негизи — өндүрүш каражаттарына коомдук менчиги жана бир типтүү мамлекеттик түзүлүшү — жумушчу табы башында турган эл бийлиги орногон элдердин бир тууган үй-бүлөсү болуп саналат. Бул—позициялардын жана аракеттердин биримдигине таянган союз, мунун өзү анын катышуучуларынын ар бирине улуттук маселелерди, ошондой эле интернационалдык милдеттерди чечүү үчүн кошумча күчтү берет.

«Социалисттик ар бир улуттун гүлдөп-өнүгүшү, социалисттик мамлекеттердин суве-



ренитетинин чыңдалышы менен бирге,— деп белгиленген партиянын XXV съездине КПСС БКнын Отчеттук докладында,— алардын өз ара байланыштары ого бетер тыгыз болуп, саясатта, экономикада, социалдык турмушта алардын жалпылыгынын улам көбүрөөк элементтери пайда болуп, өнүгүү деңгээли барган сайын теңелип бара жатат. Социализм өлкөлөрүнүн бара-бара жакындашуусунун ушул процесси азыркы кезде закон ченемдүүлүк катары толук ачык көрүнүп отурат».

КПССтин XXV съездинен кийин болуп өткөн бир катар бир тууган партиялардын (Болгария, Чехословакия, ГДР, Монголия) съезддери, андан бир аз мурда болуп өткөн Венгриянын, Польшанын, Кубанын коммунисттеринин съезддериндей эле,— деп белгилеген КПСС БКнын Генеральный секретары Л. И. Брежнев КПСС БКнын октябрь (1976) пленумунда,— С. ы. өлкөлөрүнүн ынтымактуу үй-бүлөсүнүн бузулгус идеялык биримдигин жана саясий баш кошкондугун кайрадан ырастады.

Социалисттик өлкөлөрдүн баш кошкондугун чыңдоо, алардын марксисттик-лениндик партияларынын ортосундагы бир тууган достукту тереңдетүү, деп белгиленген «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» КПСС БКнын токтомунда,— эл аралык окуялардын жүрүшүндө социализмдин бириккен күч-кубатын жана тийгизген таасирин бир кыйла көбөйтүп олтурат.

Азыркы шарттарда — эки карама-каршы коомдук системанын күрөшүнүн жана дүйнөлүк аренада күчтөрдүн катналышынын социализмдин пайдасына кыйшаюусуз өзгөрүшүнүн шарттарында бир тууган өлкөлөрдүн чарбалык саясаты, жаңы коомдун өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүү деңгээли боюнча капитализмден озуп кеткен техникалык-экономикалык базасын түзүү С. ы. дүйнөдө коомдук өнүгүүнүн жүрүшүнө таасир көрсөтүүсүнүн башкы рычагы болуп саналат. «Биз бул милдетти чече ала турган болсок,— деп айткан Ленин,— ал убакта биз эл аралык масштабда чексиз жана биротоло утуп чыккан болобуз» (Чыгармалар, кыргызча басылышы, 32-том, 508-бет). Бул милдет ийгиликтүү чечилүүдө. С. ы. өлкөлөрүнүн СЭВдин рамкаларында экономикалык кызматташтыкты кеңейтүүдөгү, СЭВге мүчө өлкөлөрдү социалисттик экономикалык интеграциясын өнүктүрүүнү жана кызматташтыгын мындан ары тереңдетүүнүн жана өркүндөтүүнүн Комплекстүү программасын ишке ашыруудагы ийгиликтери (к. *Социалисттик интеграция*) капитализмге караганда социализмдин артыкчылыктарынын улам жаңы далилдерин берип, бүткүл капиталисттик дүйнөгө революциялаштыруучу таасир көрсөтөт.

Улуу Октябрдын 60 жылдыгынын урматына социалисттик мелдешти кеңири жайылткан жана СССРге экспорттук жөнөтүүлөрдү мөөнөтүнөн мурда орундатуу боюнча конкреттүү милдеттенмелерди алган Венгриядагы Чепельский металлургиялык жана машина

жасоочу комбинаттын терең патриоттук жана интернационалдык саамалыгы С. ы. элдерин бириктирген бир туугандык мамилелердин ачык көрүнүштөрүнүн бири болуп калды. НРБнын жана ГДРдин, ПНРдин жана ЧССРдин жумушчулары да ушундай эле демилгелер менен чыгышты. Л. И. Брежнев СССРдин профсоюздарынын XVI съездинин трибунасынан Октябрдын иши менен, биздин өлкө, биздин коммунисттик иш менен тилектештиктин ушундай таасирдүү жана адамды толкундатуучу көрүнүшүнө жогору баа берди.

С. ы. өлкөлөрү эл аралык аренада принциптүү, таптык саясатты жүргүзүп жатышат. Алар азыркы замандын бардык революциячыл, антиимпериалисттик күчтөрүнө таасирдүү жардамды жана колдоону көрсөтүп жатат. С. ы. жаңы дүйнөлүк согушту болтурбай коюу, *эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүү* процессин тереңдетүү, азыркы кездеги эл аралык мамилелердин практикасында коомдук түзүлүштөрү ар түрдүү мамлекеттердин *тынчтыкта жанаша жашоо* принциптерин бекемдөө өндөнгөн бардык элдер үчүн турмуштук маанилүү милдеттерди чечүүгө зор салым кошууда.

**ТҮНДҮК АТЛАНТИКАЛЫК БЛОК** — к. *НАТО.*

**ТЫНЧТЫК ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК ҮЧҮН, ЭЛДЕРДИН ЭРКИНДИГИ ЖАНА КӨЗ КАРАНДЫ ЭМЕСТИГИ ҮЧҮН АНДАН АРКЫ КҮРӨШТҮН ПРОГРАММАСЫ** — жалпы тынчтыкты чыңдоо *эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүү* процессин тереңдетүү жана эл аралык мамилелердин практикасында социалдык түзүлүштөрү ар түрдүү мамлекеттердин *тынчтыкта жанаша жашоо* принциптерин бекемдөө боюнча биринчи кезектеги, жетилген милдеттердин комплекси. КПССтин XXV съездинде коюлган. 1971-жылы КПССтин XXIV съезди тарабынан иштелип чыккан кеңири жана конструктивдүү Тынчтык программасынын органикалык улантылышы жана өнүктүрүлүшү болуп саналат.

Дүйнөлүк коомдук өнүгүүнүн азыркы этабында КПСС жана Совет мамлекети төмөндөгүлөрдү зарыл деп эсептешет:

— Бир тууган социалисттик мамлекеттердин биримдигин кыйшаюусуз чыңдап жана жаңы коомду курууда алардын ар тараптуу кызматташтыгын өнүктүрүп, тынчтыкты чыңдоого алардын биргелешкен активдүү салымын күчөтүүнү.

— Күчөп жаткан, тынчтык үчүн коркунучтуу жарыша куралданууну токтотууга жана куралдын жыйналган запастарын кыскартууга, куралсыздանууга өтүүгө жетишүүнү. Бул максаттарда:

а) стратегиялык куралдарды чектөө жана кыскартуу жөнүндө СССР менен АКШнын ортосундагы жаңы келишимди даярдоону аяктоо үчүн, ядролук куралды сыноолорду жалпы жана толук токтотуу жөнүндө, химиялык куралга тыюу салуу жана аны жок кылуу жөнүндө, массалык кыргынга учуратуучу куралдын жаңы түрлөрүн жана системаларын түзүүгө тыюу салуу, жана да



жаратылыш чөйрөсүнө согуштук жана башка душмандык максаттарда таасир тийгизүүгө тыюу салуу жөнүндө эл аралык келишимди түзүү үчүн мүмкүн болгон бардык аракеттерди жасоо;

б) Борбордук Европада куралдуу күчтөрдү жана куралданууну кыскартуу жөнүндө сүйлөшүүлөрдү активдештирүү үчүн жаңы күч-аракеттерди жумшоо. Бул багытта ачык-айкын алгачкы кадамдар жөнүндө макулдашууга жетишкенден кийин, андан кийинки жылдарда жогоруда көрсөтүлгөн райондо абалдын оорчулугун согуштук жактан жеңилдетүү ишин улантуу;

в) көп мамлекеттердин ушул азыркы туруктуу өсүп жаткан согуштук чыгымдарынын ордуна андай чыгымдарды системалуу түрдө кыскартуу практикасынын келишине жетишүү;

г) куралсыздануу боюнча бүткүл дүйнөлүк конференцияны тезинен чакырууга бардык чараларды көрүү.

— Тынчтыкты сүйгөн мамлекеттердин күч-аракеттерин дагы эле калып жаткан согуш очокторун жок кылууга, баарыдан мурда Жакынкы Чыгышта абалды адилеттүү жана бекем жөнгө салууну ишке ашырууга жумшоо. Мындай жөнгө салууга байланыштуу тийиштүү мамлекеттердин Жакынкы Чыгышта жарыша куралданууну токтотууга көмөктөшүү жөнүндөгү маселени карап чыгуулары керек.

— Эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүү, аны мамлекеттердин ортосундагы өз ара пайдалуу кызматташтыктын ачык-айкын формаларында ишке ашыруу үчүн бардыгын иштөө. Жалпы европалык кеңешменин Корутунду актысын толук түрдө турмушка ашырууга, Европада тынчтык кызматташтыкты өнүктүрүүгө алынган багытты активдүү жүргүзүү. Тынчтыкта жанаша жашоо принциптерине ылайык Америка Кошмо штаттары, Франция, ФРГ, Великобритания, Италия, Канада, ошондой эле Япония жана капиталисттик башка мамлекеттер менен ар түрдүү тармактарда — саясатта, экономикада, илимде жана маданиятта узак мөөнөттүү өз ара пайдалуу кызматташтыктын мамилелерин өнүктүрүүнү ырааттуу түрдө улантуу.

— Азиядагы мамлекеттердин биргелешкен күч-аракеттеринин негизинде бул континентте коопсуздукту камсыз кылуу боюнча иш жүргүзүү.

— Эл аралык мамилелерде күч колдонбоо жөнүндө бүткүл дүйнөлүк келишимди түзүүгө умтулуу.

— Колониялык эзүүнүн, элдердин тең укуктуулугуна жана көз каранды эместигине шек келтирүүнүн, колониализмдин жана расизмдин бардык очокторунун калдыктарын бүт бойдон жок кылууну эл аралык эң маанилүү милдеттердин бири деп эсептөө.

— Эл аралык соодада дискриминацияны жана кайсы гана болбосун жасалма тоскоолдуктарды жоюуга, эл аралык экономикалык мамилелерде тең укуксуздуктун, күч колдонуунун, эксплуатациянын бардык көрүнүштөрүн жок кылууга жетүү (к. КПССтин XXV съез-

динин материалдары, 31—32-беттер).

КПССтин XXV съезди тарабынан кабыл алынган Тынчтык жана эл аралык кызматташтык үчүн, элдердин эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн мындан аркы күрөштүн Программасын партия менен Совет өкмөтү дароо турмушка ашыра баштады. КПССтин жана Совет мамлекетинин эл аралык аренадагы бүткүл ишмердиги бул программа тарабынан аныкталат. Л. И. Брежнев СССРдин профсоюздарынын XVI съездинде чыгып сүйлөгөн сөзүндө белгилегендей, бул программанын өзү бир жылга гана эсептелбегендигине карабастан, партиянын XXV съездинен кийин өткөн мезгилдин ичинде көп иштер иштелди.

Аны турмушка ашыруудагы ийгиликтер тынчтыкты сүйүүчү бардык күчтөр үчүн эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүү процессин тереңдетүү үчүн, жалпы тынчтыкты чыңдоо үчүн күрөштө шыктандыруучу стимул болуп кызмат кылат.

**ТЫНЧТЫКТА ЖАНАША ЖАШОО** — СССРдин жана башка социалисттик өлкөлөрдүн тышкы саясатынын башка социалдык системадагы мамлекеттер менен мамилелериндеги негизги принциби. «Капиталисттик мамлекеттерге карата биздин саясатыбыздагы башкы максат тынчтыкта жанаша жашоо принциптерин орнотуу үчүн, бекем тынчтык үчүн, абалдын оорчулугун жеңилдетүү, ал эми келечекте дүйнөлүк жаңы согуштун чыгып кетишинин коркунучун жок кылуу үчүн да күрөш болуп келген жана болуп кала берет» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 19-бет).

КПССтин, Совет мамлекетинин тышкы саясатында империализмге катуу каршылык көрсөтүү, интернационализмдин принцибинин негизинде революциячыл, боштондук кыймылына колдоо көрсөтүү Т. ж. ж-нун конструктивдүү багыты менен дайыма айкалыштырылат. В. И. Ленин тарабынан иштелип чыккан Т. ж. ж. принциби социалисттик революциянын адегенде бир, айрым алынган өлкөдө жеңишинин фактысынан түздөн-түз келип чыккан. Социалисттик жана капиталисттик мамлекеттердин жанаша жашап турушу объективдүү түрдөгү шексиздик болгон, бул объективдүү түрдө шартталган тарыхый зарылчылык бүткүл дүйнөлүк масштабда капитализмден социализмге өтүүнүн бүткүл доорунда сакталып кала берет. Азыркы тарыхый шарттардагы Т. ж. ж.— дүйнөлүк термоядролук согушка каршы турган бирден-бир акыл-эстүү жана ылайыктуу альтернатива болуп саналат.

Азыркы кездеги эл аралык мамилелерде болуп өткөн жана дүйнөлүк аренадагы күчтөрдүн катнашынын социализмдин пайдасына кайтышсыз өзгөрүшүнүн натыйжасы болуп эсептелген олуттуу позитивдүү жылыштардын болушунун аркасында Т. ж. ж-нун лениндик принциби акыркы жылдарда Советтер Союзунун жана Франциянын, ФРГнын, АКШнын, Улуу Британиянын, Италиянын, Канаданын ортосунда кол коюлган эки тараптуу мамлекеттер аралык келишимдерде



жана башка документтерде, жана да бир катар башка өлкөлөрдүн ортосунда кол коюлган келишимдерде жана Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Кеңешменин 1975-ж. 1-августта 35 мамлекеттин жетекчилери тарабынан Хельсинкиде кол коюлган Корутунду актысында андан ары конкреттештирилди. Корутунду актыда,— партиянын XXV съездине КПСС БКнын Отчеттук докладында белгилегендей, «мамлекеттер ортосундагы өз ара мамилелердин принциптеринин тынчтыкта жанаша жашоонун талаптарына ариби боюнча да, руху боюнча да толугу менен жооп берген жыйнагы иштелип чыкты» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 22-бет).

Т. ж. ж. асыресе жалпы *европалык кеңешмеге катышуучулар Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Кеңешменин Корутунду актысына* кол койгондо колдонууга милдеттенишкен мамлекеттер аралык мамилелердин бир катар жалпы демократиялык принциптерин кучагына алат.

КПССтин жана Совет мамлекетинин саясатында Т. ж. ж.— конъюнктуралык, тактикалык ыкма эмес. Бул узак мөөнөттүү стратегиялык багыт, аны турмушка ашырган убакта бекем принциптүүлүк зарыл болгон ийкемдүүлүк, акыл-эстүү, турмуш талап кылган компромисстер менен айкалыштырылат.

Т. ж. ж. таптык чөйрөгө, демек, эки системанын идеологиялык күрөшүнө да таркатылбайт. «Дүйнөгө эки бөлөк көз караштын күрөшүндө бейтараптыкка жана компромисстерге орун болууга тийиш эмес. Мында жогорку деңгээлдеги саясий кыраакылык, активдүү, оперативдүү жана ынандырууучу пропагандисттик иш, душмандын идеологиялык диверсияларына өз убагында сокку уруу керек» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 89-бет).

КПССтин XXIV съезди тарабынан иштелип чыккан Тынчтыктын программасы жана анын органикалык уландысы болуп эсептелген, партиянын XXV съезди тарабынан коюлган *Тынчтык жана эл аралык кызматташтык үчүн, элдердин эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн мындан аркы күрөштүн Программасы* азыркы шарттардагы Т. ж. ж. саясатынын конкреттүү көрүнүшү болуп калды. Советтер Союзунун, социалисттик ынтымакташтыктын башка өлкөлөрүнүн күч-аракеттеринин аркасында Т. ж. ж. принциптери азыркы кездеги эл аралык мамилелердин практикасында барган сайын бекемделүүдө. Бул негизде социалдык түзүлүштөрү ар түрдүү мамлекеттердин эң ар кыл жактардагы — саясат, экономика, илим, техника, маданият жагындагы кызматташтык барган сайын кеңири өнүгүүдө. Ошону менен Т. ж. ж. саясатынын, эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүү саясатынын материалдык базасы чыңдалып жана кеңейип жатат.

«СССР тынчтыктын жана тынчтык кызматташтыктын жолу менен бараткандыгын бүткүл дүйнө көрүп турат,— деп билдирген КПСС БКнын Ге-

нералдык секретары Л. И. Брежнев КПСС БКнын октябрь (1976) пленумунда.— Бул жол менен биз мындан ары карай да бара бере тургандыгыбызды бүткүл дүйнө билүүгө тийиш!»

**ТЫШКЫ САЯСИЙ БАГЫТТЫ КООРДИНАЦИЯЛОО** (Социалисттик ынтымакташтыктын өлкөлөрүнүн тышкы — саясий багытын координациялоо)—боордош коммунисттик жана жумушчу партиялардын көп кырдуу иштеринин ажырагыс составдык бөлүгү, боордош айрым өлкөлөрдүн, ошондой эле бүткүл ынтымакташтыктын эл аралык позицияларын чыңдоонун зарыл шарты. КПССтин XXV съезди койгон *Тынчтык жана эл аралык кызматташтык үчүн, элдердин эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн программада* бир тууган социалисттик мамлекеттердин биримдигин кыйшаюусуз чыңдап жана жаңы коомду курууда алардын ар тараптуу кызматташтыгын өнүктүрүүнүн негизинде тынчтыкты чыңдоого алардын биргелешкен активдүү салымын күчөтүү маанилүү милдеттердин бири катарында коюлат (к. КПССтин XXV съездинин материалдары, 31-бет).

Т. с. б. к. социалисттик интернационализмдин, б. а. мамлекеттик суверенитетти урматтоонун, бири-биринин ички иштерине кийлигишпөөнүн, толук тең укуктуулуктун, өз ара пайда табуунун жана жолдоштук өз ара жардамдашуунун принциптеринде курулат.

Т. с. б. к. ар түрдүү формаларда ишке ашырылат. Социалисттик өлкөлөрдүн жетекчилеринин ортосундагы байланыштар барган сайын ургалдуу болууда. КПССтин XXV съездинен кийин өткөн мезгилдин ичинде гана Берлинде, Бухарестте жана Москвада боордош партиялардын жетекчилеринин үч жолу коллективдүү жолугушуусу болуп өттү. Боордош партиялардын жетекчилеринин көп тараптуу жана эки тараптуу Крымда жолугушуулары традицияга айланды.

*Варшава Келишиминин Уюмунун* Саясий консультативдик комитети (ПКК) социалисттик ынтымакташтыктын өлкөлөрүнүн маанилүү Т. с. б. к-нун органы болуп саналат. 1976-жылы 25—26-ноябрда Бухарестте өткөрүлгөн ПККнын кеңешмесинде Варшава Келишимине катышкан мамлекеттердин макулдашылган саясий багытты жүргүзүүнүн улантууга чечкиндүүлүгү кайрадан көрсөтүлгөн болучу. Договордун рамкаларында саясий кызматташтыктын механизмин мындан ары өркүндөтүү максаттарында ПКК органдары катарында тышкы иштер министрлеринин Комитетин жана бириккен секретариатты түзүүгө чечим кабыл алынган болучу. Тышкы иштер министрлеринин Комитетинин биринчи заседаниеси 1977-жылы 25—26-майда Москвада өткөрүлгөн. Анда Европа континентиндеги тынчтыктын, коопсуздуктун жана кызматташтыктын кээ бир актуалдуу маселелери тууралу пикирлерди жана информацияларды алмашуулар болду.

Социалисттик ынтымакташтыктын өлкөлөрүнүн Т. с. б. к. бир катар маанилүү эл аралык проблемаларды ыйгиликтүү че-



чүүнү алдын ала белгиледи, биринчи кезекте *эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүүнүн* жолунда олуттуу ийгиликтерге жетишүүгө, эл аралык мамилелердин практикасында тынчтыкта жанаша жашоо принциптерин бекемдөөгө мүмкүнчүлүк берди. Вьетнамды бириктирүү жана Вьетнам Социалисттик Республикасын түзүү аяктады, Лаостогу патриоттук күчтөрдүн жеңиши менен социалисттик мамлекеттердин үй-бүлөсү дагы бир жаңы мүчө менен толукталды. ГДРдин суверенитетин жалпы таануу, анын ООНго кириши, ГДРдин, Польшанын, Чехословакиянын батыштагы чек araларынын бузулгустугун эл аралык масштабда ырастоо, Кубада социализм бекем орношу да боордош өлкөлөрдүн Т. с. б. к-нун натыйжасы болду. Боордош өлкөлөрдүн макулдашылган багытынын аркасында Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча кеңешме ийгиликтүү аяктады, жарыша куралдануунy кыскартуу жана куралсыздануу багытында бир катар маанилүү чаралар көрүлдү (к. *Массалык жок кылуучу куралдарга тыюу салуу. Куралсыздануу*).

**УЛУТТУК-БОШТОНДУК КЫЙМЫЛЫ** — азыркы замандын негизги революциялык күчтөрүнүн бири. Ал колониялык жана жарым колониялык өлкөлөрдүн элдеринин улуттук көз каранды эместик үчүн жүргүзүп жаткан күрөшүн көз каранды эмес жаш мамлекеттердин тынчтык жана социалдык прогресс үчүн күрөшү менен бириктирет. У.-б. к-нын жогорулашы жана анын кубаттуу эл аралык революциялык күчкө айланышы дүйнөлүк социализмдин күчүнүн өсүшү, азыркы замандын негизги үч революциялык агымынын бардыгынын союзунун чыңдалышы менен түздөн-түз байланышкан. Азыр улуттук-боштондук күчтөрү чыңдалып жатат. Анголанын патриотторунун чет өлкөлүк империалисттик интервенттерди жеңиши буга мисал болот. Акыркы колониялык империя — португалия империясы кулады. Өнүгүүдөгү мамлекеттер менен социализм өлкөлөрүнүн ортосундагы тарыхый союз чыңалууда. «Колониялык системанын кыйрашынын натыйжасында пайда болгон мамлекеттердин басымдуу көпчүлүгү менен бизди тынчтыкты жана эркиндикти терең жактагандык, агрессиянын жана үстөмдүктүн ар кандай формаларын, бир өлкөнүн экинчи өлкө тарабынан эксплуатациялanышынын жек көрүү сезими бириктирип турат,— деп айткан Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде.— Түпкү умтулуштардын бул жалпылыгы — биздин достугубуз мындан ары да чыңдала жана гүлдөй бере турган эң сонун үзүрдүү негиз болуп саналат!»

Боштондукка чыгышкан көп өлкөлөрдө түпкү өзгөрүүлөр жүрүп жатат. Өнөр жайын өнүктүрүүдө салмактын борбору мамлекеттик секторго которулуп, феодалдык жер ээликтери жоюлууда, чет өлкөлүк ишканалар мамлекеттин карамагына өткөрүлүп жатат, мунун өзү жаш мамлекеттердин өзүлөрүнүн жаратылыш ресурстарына натыйжалуу суверенитетин камсыз кылат, өз

кадрлары түзүлүүдө. Боштондукка чыгышкан көп өлкөлөрдө таптык күчтөрдүн өз ара бөлүнүүсүнүн татаал процесси өтүүдө. Өнүгүүдөгү өлкөлөрдүн тышкы саясаты байкаларлык түрдө активдешти. Империализмге каршы күрөштө *блокторго кошулбоо* кыймылы маанилүү звено болуп калды.

**ЭКОНОМИКАЛЫК КРИЗИС** — капиталисттик циклдын (б. а. капиталисттик өндүрүштүн ырааттуу байланышкан фазалары — кризис, депрессия, жандануу, жогорулоо — аркылуу кыймылынын) фазасы, капиталисттик экономиканын бардык карама-каршылыктарынын жарылып чыгышы менен мүнөздөлөт, аларды убактынча зордоо менен чечүү. Э. к. калктын төлөөгө жөндөмдүү болгон суроосу менен салыштырганда товарларды салыштырмалуу ашыкча чыгаруудан, көп ишканаларды жабуудан же алардын өндүрүштүк кубаттарын толук иштетпөөдөн, массалык жумушсуздуктун өсүшүнөн, эмгекчилердин турмуш деңгээлинин кескин төмөндөшүнөн, соода жана кредитордук — акча мамилелеринин бузулушунан, ар түрдүү фирмалардын банкрот болушунан көрүнөт. Э. к-тин түпкү себептери капитализмдин негизги карама-каршылыгында — өндүрүштүн коомдук мүнөзү менен анын натыйжаларын өздөштүрүүнүн жекече капиталисттик формасынын ортосундагы карама-каршылыкта турат.

Капитализмдин жалпы кризисинин шарттарында Э. к. өзүнүн кесепеттери боюнча бөтөнчө курч жана кыйраткыч болуп калды. Монополисттик капитализмдин мамлекеттик-монополисттик капитализмге айланышы, акыркысынын жаңы тарыхый шарттарга ылайыкташууга аракеттери капитализмдин система катарында стабилдешүүсүн көрсөтпөйт. Экономиканы жөнгө салуунун ар түрдүү методдорун колдонуу капитализмге бул же тигил этапта экономикалык өсүүнү стимулдаштырууга мүмкүнчүлүк бергени менен, капитализмге органикалык мүнөздүү ички карама-каршылыктарды четтете албайт, Э. к. алардын көрүнүштөрүнүн бири болуп саналат.

Капиталисттик дүйнө азыркы убакта кезектеги Э. к-ти башынан өткөрүүдө. 1974-ж. башталып, ал, партиянын XXV съездинде КПСС БКнын Отчеттук докладында белгилегендей, бир убакта дүйнөлүк капиталисттик чарбанын бардык негизги борборлоруна таркады. Анын курч мүнөзүн жана тереңдигин, буржуазиялык ишмерлердин өзүлөрүнүн моюнга алуусу боюнча, 30-жылдардын баш чениндеги Э. к. менен гана салыштырууга болот.

Азыркы Э. к. шарттарында өндүрүштүн кескин кыскарышы жана жумушсуздуктун өсүшү валюталык-финансылык кризис, сырьё кризиси, энергетикалык кризис өндөнгөн дүйнөлүк капиталисттик чарбанын олуттуу солкулдоолору менен чырмалышып кетти. Инфляция кризис процесстерине бөтөнчө курч мүнөз берди, ал тынчтык мезгил үчүн болуп көрбөгөн көлөмдөргө жетип отурат. Э. к-ти кошуу менен империалисттердин ортосундагы карама-каршылыктар курчуп, Европалык



экономикалык шериктиктеги жана НАТО негизги империалисттик согуштук блогунун ич арасындагы ыргылжыңдыктар күчөөдө. Булардын бардыгы азыркы Э. к-тин демейдегиден башкача экендигин белгилейт.

«Реформисттер жана буржуазиялык идеологдор түзгөн башкы мифтердин бири — биздин замандагы капитализм кризистерден кутулууга жарамдуу имиш деп миф төгүнгө чыгып калгандыгын эми бардыгы көрүп отурушат,— деп айтылган партиянын XXV съездине КПСС БКнын Отчеттук докладында.— Капитализмдин туруктуу эместиги уламдан-улам ачык болуп бара жатат. Капитализмди «оңоо» жана анын рамкаларында «жалпы жыргалчылыктын коомун» түзүү жөнүндөгү убадалар даана ойрондоп калды».

**ЭКОНОМИКАЛЫК ӨЗ АРА ЖАРДАМДАШУУ СОВЕТИ** (СЭВ) — социалисттик өлкөлөрдүн эл аралык экономикалык уюму, анын максаты социализмди жана коммунизмди куруунун, жалпы бекем тынчтыкты камсыз кылуунун таламдарында эмгектин эл аралык социалисттик бөлүнүшүн ыраттуу тереңдетүүнүн жана кеңейтүүнүн негизинде ар тараптуу экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүү болуп саналат.

СЭВ 1949-жылы январда түзүлгөн. Азыркы убакта ага Болгария, Венгрия, ГДР, Куба, Монголия, Польша, Румыния, СССР, Чехословакия кирет. 1964-жылдан тартып өз ара кызыктырган маселелер боюнча СЭВдин ишине Югославия катышып келе жатат. СЭВдин кээ бир органдарынын ишине байкоочулар катарында азыркы убакта Вьетнамдын, КНДРдин, Лаостун, Анголанын өкүлдөрү катышып жатышат.

СЭВ — өзүнүн мүнөзү боюнча ачык уюм, ошондуктан тийиштүү макулдашуулардын негизинде аны менен Финляндия, Ирак жана Мексика кызматташышат.

СЭВдин компетенциясына кирген принциптүү маселелерди талкуулоого жана анын ишинин негизги багыттарын белгилөөгө полномочиелүү болгон анын сессиясы Советтин жогорку органы болуп саналат. Башкы аткаруучу органы — Аткаруу комитет. Пландоо иштери жагынан кызматташтык боюнча СЭВдин комитети, илимий-техникалык кызматташтык боюнча СЭВдин Комитети, 20дан ашык туруктуу комиссиялар СЭВдин уюмдашуу структурасында маанилүү звенолор болуп саналышат. Советтин экономикалык жана аткаруучу-административдик органы — Секретариат.

СЭВдин бүткүл иши социалисттик интернационализмдин принциптеринин, б. а. мамлекеттик суверенитетти урматтоонун, бири-биринин ички иштерине кийлигишпөөнүн, толук тең укуктуулуктун, өз ара пайда табуунун жана жолдоштук өз ара жардамдашуунун негизинде курулат.

Анын XXV сессиясы (Бухарест, июль 1971-ж.) СЭВге мүчө өлкөлөрдүн 20 жылга эсептелген кызматташтыгын андан ары тереңдетүүнүн жана өркүндөтүүнүн жана социалисттик экономикалык интеграция-

ны өнүктүрүүнүн комплекстүү программасын кабыл алгандан кийин СЭВдин ишинде сапаттык жаңы этап башталды. СЭВдин XXIV сессиясы тарабынан кабыл алынган (Будапешт, июнь, 1975-ж.) 1976—1980-жылдардагы көп тараптуу интеграциялык чаралардын биринчи макулдашылган планы аны турмушка ашыруунун звенолорунун бири болуп калды. Азыркы убакта СЭВдин XXX сессиясынын (Берлин, июль, 1976-ж.), жана да СЭВдин XXXI сессиясынын (Варшава, июнь 1977-ж.) чечимдерине ылайык бир тууган өлкөлөрдө 10—15 жылдык мезгилге материалдык өндүрүштүн маанилүү тармактарында кызматташтыктын биргелешкен максаттуу программаларынын үстүндө иштеп жатат.

Тыгыз кызматташтыкка таянып, эмгекти эл аралык социалисттик бөлүштүрүүгө салынган мүмкүнчүлүктөрдү толук пайдаланып, СЭВге мүчө өлкөлөр экономиканы өнүктүрүүнүн темптери боюнча капиталисттик өлкөлөрдөн бир кыйла озуп жатышат. «Социалисттик ынтымакташтык,— деп белгиленген партиянын XXV съездинде КПСС БКнын Отчеттук докладында,— азыр дүйнөдөгү эң бир динамикалуу экономикалык күч болуп калды».

Чынында да, болжол менен жер шарынын территориясынын 19 процентин жана калкынын 10 процентин ээлеп турушкан СЭВге мүчө өлкөлөр азыр дүйнөлүк өнөр жай продукциясынын үчтөн бирин өндүрүшөт (1950-ж.— 18 процент). Алардын улуттук кирешелери 1976-ж. 1945-ж. менен салыштырганда 9,5 эсе көбөйгөн, ал эми капиталисттик өлкөлөрдө болсо ушул эле мезгилдин ичинде — 3,3 эсе көбөйгөн.

Бардык мамлекеттердин ортосунда тең укуктуу жана өз ара пайдалуу экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүүнү ырааттуу жактап, СЭВге мүчө өлкөлөр 1976-жылы февралда эки уюмдун өз ара мамилелердин негиздери жөнүндө бир тараптан СЭВ жана СЭВге мүчө өлкөлөрдүн, экинчи тараптан ЕЭС жана ЕЭСке мүчө өлкөлөрдүн ортосунда макулдашууну түзүү жөнүндө маанилүү сунуш менен чыгышып, мындай макулдашуунун долбоорун коюшкан. Бул демилге социалисттик өлкөлөр тарабынан *Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Кеңешменин Корутунду актысын* турмушка ашыруу боюнча жасалып жаткан кадамдардын жалпы рухуна ылайык келет.

Варшава Келишимине катышкан мамлекеттердин Саясий консультативдик комитетинин 1976-ж. ноябрда Бухарестте болуп өткөн кеңешмесинде бир тууган өлкөлөрдүн экономиканын бардык чөйрөлөрүндө эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташтыкты мындан ары карай да өнүктүрүүгө, Комплекстүү программаны улам толук реализациялоого көмөктөшүүгө чечкиндүүлүктөрү билдирилген.

СЭВге мүчө өлкөлөрдүн ар тараптуу кызматташтыгы алардын ар биринин ийгиликтүү өнүгүшүнө, эл аралык аренада социалисттик ынтымакташтыктын позицияларын чыңдоого, капитализм менен тарыхый мелдеште социализмдин жеңишин камсыз кылуу үчүн өбөлгөлөрдү түзүүгө активдүү жардам берет.



**ЭЛ АРАЛЫК АБАЛДЫН ООРЧУЛУГУН ЖЕҢИЛДЕТҮҮ** — эл аралык мамилелердин азыркы системасын *тынчтыкта жанаша жашоо принциптеринин,* эки системадагы мамлекеттердин карама-каршы күрөшүнөн алардын өз ара пайдалуу иштиктүү кызматташтыгына бара-бара өтүүнүн негизинде кайра куруу процесси.

«Абалдын оорчулугун жеңилдетүү,— деп айткан КПСС БКнын Генеральный секретары Л. И. Брежнев 1977-жылы 18-январда Тулада чыгып сүйлөгөн сөзүндө,— бул биринчи кезекте «кансыз согушту» жоюу, мамлекеттердин ортосундагы нормалдуу, бирдей мамилелерге өтүү. Абалдын оорчулугун жеңилдетүү — бул пикир келишпегендиктерди жана талаштартыштарды күч менен эмес, коркутуу жана курал кайроо менен эмес, тынчтык каражаттар менен, сүйлөшүүлөрдүн столунда чечүүгө даяр болуу. Абалдын оорчулугун жеңилдетүү — бул белгилүү ишеним жана бири-биринин законду таламдары менен эсептеше билүү».

Э. а. а. о. ж.— азыркы кездеги дүйнөлүк коомдук өнүгүүнүн башкы, басымдуулук кылуучу тенденциясы. «Кансыз согуштан», эки дүйнөнүн коркунучтуу касташуусунан Э. а. а. о. ж-гө өтүү, деп көрсөтүлгөн КПССтин XXV съездинде, биринчи кезекте дүйнөдө күчтөрдүн катнашында социализмдин пайдасына өзгөрүүлөр менен байланышкан. Э. а. а. о. ж.— социализмдин күчүнүн жана кубатынын кыйшаюусуз өсүшүнүн, эл аралык аренадагы анын таасиринин жана беделинин өсүшүнүн натыйжасы. Бул — жумушчу табынын, эмгекчилердин кеңири массаларынын капиталисттик эксплуатациянын системасына каршы күрөшүнүн активдешүүсүнүн, улуттук-боштондук кыймылынын ийгиликтеринин, дүйнөлүк революциячыл процессти өнүктүрүүнүн натыйжасы. Бул ошондой эле негизги капиталисттик өлкөлөрдүн дүйнөдөгү күчтөрдүн өзгөргөн катнашы менен эсептешүүгө аргасыз болушкан башкаруучу чөйрөлөрүндөгү реализмге карата белгилүү бурулуштун натыйжасы.

«Кансыз согушту» жоюуда жана Э. а. а. о. ж-гө өтүүдө КПССтин жана Совет мамлекетинин тышкы саясаты, партиянын XXIV съезди тарабынан иштелип чыккан кеңири жана конструктивдүү Тынчтык программасы маанилүү роль ойноду. Олуттуу кыйынчылыктарга жана тоскоолдуктарга карабастан бул программанын башкы жоболорун ийгиликтүү ишке ашыруу, азыркы шарттарда бекем тынчтыкка жетишүү — жакшы каалоо гана эмес, толук реалдуу милдет экендигин көрсөттү. КПССтин XXV съезди тарабынан коюлган Тынчтык жана эл аралык кызматташтык үчүн, элдердин эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн андан аркы күрөштүн программасында азыркы этапта жалпы тынчтыкты чыңдоо үчүн, Э. а. а. о. ж-нүн процессин тереңдетүү үчүн күрөштүн маанилүү багыттары белгиленген. КПСС БКнын ок-

тябрь (1976) пленумунда белгиленгендей, КПССтин XXV съездинен кийин бул жагынан көп пайдалуу иштер иштелген болучу.

Саясий жана эл аралык-укуктук планда Э. а. а. о. ж. акыркы жылдарда Советтер Союзу тарабынан Франция, ФРГ, АКШ, Великобритания, Италия, Канада жана башка мамлекеттер менен, бир катар социалисттик жана капиталисттик өлкөлөрдүн ортосунда кол коюлган мамлекеттер аралык эки тараптуу келишимдер өндөнгөн комплекске да, ошондой эле *Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Кеңешменин Корутунду актысы* сыяктуу көп тараптуу өтө маанилүү документке да таянат. Коомдук түзүлүштөрү ар түрдүү мамлекеттердин ортосундагы барган сайын кеңири мүнөзгө ээ болуп жаткан экономикалык жана илимий-техникалык кызматташтык Э. а. а. о. ж-нүн материалдык базасын чыңдоого жардам берет.

Э. а. а. о. ж.— өз ара пайдалуу, бардык өлкөлөрдүн жана элдердин түпкү таламдарына толук жооп берүүчү процесс, анткени ал азыркы шарттарда дүйнөлүк термоядролук согушту болтурбоонун бирден бир ылайыктуу альтернативасы болуп саналат. Дал ошондуктан Европанын коммунисттик жана жумушчу партияларынын 1976-ж. Берлинде болуп өткөн Конференциясы тынчтыкта жанаша жашоо саясаты, социалдык түзүлүштөрүнө карабастан мамлекеттердин активдүү кызматташуусу жана Э. а. а. о. ж. ар бир элдин таламдарына да, ошондой эле бүткүл адамзаттын прогрессине да ылайык келет, деп ачык эле билдиришти.

Ошону менен бирге Э. а. а. о. ж. тап күрөшүнүн закондорун эч качан алып таштабайт жана алып таштай албайт, же өзгөртө албайт. Тескерисинче, ал жумушчу табынын жана бардык демократиялык күчтөрдүн күрөшүн өрчүтүү үчүн, ар бир элдин өзүнүн өнүгүү жолун эркин тандап алууга тартып алынгыс укугун бекемдөө үчүн, монополиялардын үстөмдүгүнө каршы, социализм үчүн күрөшүү үчүн мыкты шарттарды түзөт.

Э. а. а. о. ж. процесси ийгиликтүү өнүгүүдө. Тынчтыктын жана социализмдин душмандарынын бардык шимшүүлөрүнө чечкиндүү сокку уруп, деп белгиленген «Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» КПСС БКнын токтомунда, Советтер Союзу жана бир тууган башка социалисттик өлкөлөр эл аралык кырдаалда тынчтык жана социалдык прогресс үчүн оңтойлуу өзгөрүүлөрдү мындан ары да өнүктүрүүгө, Э. а. а. о. ж. үзгүлтүксүз, жалпы процесске айландырууга жетишишет.

Алар саясий абалдын оорчулугун жеңилдетүүнү *согуштук жактан абалдын оорчулугун жеңилдетүү* менен толуктоо үчүн бул процесс конкреттүү материалдык мазмун менен толуктала беришине жетишишет.

Бир тууган өлкөлөр Э. а. а. о. ж-нү тереңдетүү үчүн күрөштө күч-аракеттерди ар тараптан өстүрүүнүн зарылдыгы жөнүндө Варшава Келишимине



катышкан мамлекеттердин Саясий консультативдик комитеттин 1976-ж. 25—26-ноябрда Бухарестте болуп өткөн кеңешмесинде кайрадан билдиришти.

Э. а. а. о. ж. саясатын турмушка ашырууда анын душмандарынын — биринчи кезекте Кытайдын азыркы жетекчилери бир катарда бараткан империализмдин эң агрессивдүү күчтөрүнүн айыгышкан каршылык көрсөтүүсүн жоюуга туура келип жатат.

Л. И. Брежнев СССРдин профсоюздарынын XVI съездинде чыгып сүйлөп мындай деп белгилеген: «Биз абалдын жеңилдеши улантыла беришин жактайбыз. Биз буга бардык чаралар менен көмөктөшөбүз, анткени муну элдердин кызыкчылыгы талап кылып отурат».

**ЭЛ АРАЛЫК АБАЛДЫН ООРЧУЛУГУН ЖЕҢИЛДЕТҮҮ ЖАНА ТАП КҮРӨШҮ** — азыркы шарттарда бөтөнчө актуалдуу мааниге ээ болгон проблема. «Оор абалды жеңилдетүү реалдуулук болуп калган биздин мезгилде бул иш тап күрөшүнө кандай таасир көрсөтөт, деген суроо бир кыйла учурларда эл аралык жумушчу кыймылында да, анын душмандарынын арасында да туулуп отурат». (КПССтин XXV съездинин материалдары, 39-бет). Съезддин материалдарында, жана да Европанын коммунисттик жана жумушчу партияларынын Конференциясында бул маселе марксисттик-лениндик негизде терең баяндалды. Дүйнөдө күчтөрдүн катнашынын социализм пайдасына өзгөрүшү, социализм өлкөлөрүнүн тынчтыкты сүйүүчү, демилгелүү тышкы саясаты, эл аралык жумушчу жана улуттук-боштондук кыймылынын жогорулашы эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүү процессин шарттаган негизги факторлор болду. Өз кезегинде, абалдын жеңилдешинин шарттарында дүйнөлүк аренада жана капитал өлкөлөрүндө тап күрөшү барган сайын кеңири жана кубаттуу жайылтылып жатат.

Буржуазиялык, реформисттик жана ревизионисттик идеологдор бул проблемага бурмаланган түшүнүк беришет. Маселен, алар совет элинин, башка социалисттик өлкөлөрдүн эмгекчилеринин башка элдердин эркиндик жана прогресс үчүн күрөшү менен тилектештигин жалган негизде («революцияны экспорттоого» тете дээрлик) көрсөтүп жатышат. КПССтин XXV съездинин материалдарында, Л. И. Брежневдин КПСС БКнын октябрь (1976) пленумунда сүйлөгөн сөзүндө мындай ойлоп чыгарууларга так жооп берилген: революция заказ боюнча жасалбайт, аларды «экспорттоого» болбойт, алар тийиштүү объективдүү жана субъективдүү шарттар түзүлгөндө гана болуп өтөт.

Душман пропаганда абалдын оорчулугун жеңилдетүү социализмге гана пайдалуу деп далилдейт. Албетте, тынчтыктын жана социализмдин таламдары ажырагыс: ошону менен катар абалдын оорчулугун жеңилдетүү капиталисттик жана башка бардык өлкөлөрдүн түпкү таламдарына ылайык келет. Абалдын оорчулугун жеңилдетүүнүн солчул багыттагы душмандары тынчтык-

та жаңаша жашоо принциптерин ишке ашыруу, эл аралык мамилелерде күч колдонбоо капитализмге жардам көрсөтүүгө тете, капитал өлкөлөрүндөгү азыркы тартипти «тоңдуруу» болуп саналат деп далилдешет. Бул идеологдорго жооп ту турмуштун өзү берет. Акыркы жылдарда, абалдын оорчулугун жеңилдетүү мезгилинде дүйнөдө болуп өткөн революциячыл өзгөрүүлөрдү,— Португалиядагы, Грециядагы, Испаниядагы, Анголадагы, Африканын түштүгүндөгү окуялярды, капиталисттик өлкөлөрдөгү коммунисттик кыймылдын ийгиликтерин эске түшүрүү эле жетиштүү болот. Абалдын оорчулугун жеңилдетүү, күч колдонбоо принцибинин аракети элдердин улуттук жана социалдык боштондук үчүн күрөшкө укугуна тиешелүү болбостон, дал мамлекеттер аралык мамилелерди кучагына алат. «Биз бул эки жакты катуу чектейбиз» — деп белгилеген Л. И. Брежнев КПСС БКнын октябрь (1976) Пленумунда.

Абалдын оорчулугун жеңилдетүү социалисттик жана коммунисттик тынчтык курулуш үчүн өтө оңтойлуу шарттарды камсыз кылат, контрреволюцияны экспорттоо үчүн мүмкүнчүлүктөрдү кыскартат, бирок империалисттик реакциянын күчтөрү тарыхтын дөңгөлөгүн артка буруута дале үмүтүн үзбөй тургандыгын тажрыйба (маселен, Чилиде) көрсөтүп отурат. Абалдын оорчулугун жеңилдетүү шарттарында капиталисттик өлкөлөрдөгү демократиялык жана социалисттик кайра куруулар максатындагы кыймылдардын ийгилиги үчүн, улуттук-боштондук кыймылы үчүн өтө оңтойлуу перспективалар түзүлөт. Эл аралык экономикалык, илимий маданий кызматташтыкты өнүктүрүү капитал өлкөлөрүнүн эмгекчилеринин өзүлөрүнүн укуктары үчүн, жумушсуздукка каршы күрөшүнүн таламдарына жооп берет, тынчтык, демократия, социализм идеалдарын пропагандалоого көмөктөшөт. Абалдын оорчулугун жеңилдетүү антикоммунизмдин жана антисоветизмдин кризисинин тереңдешине жардам берет, империалисттик реакциянын өтө ашынган милитаристтик чөйрөлөрүн обочолоп бөлүп коюуга алып барат, демократиялык күчтөрдү тынчтык жана социалдык прогресс үчүн күрөштүн жалпы максаттарынын негизинде өтө кеңири жана бекем бириктирүүгө жардам берет.

Абалдын оорчулугун жеңилдетүүнүн ийгиликтери тынчтыктын жана прогресстин күчтөрүн шыктандырды жана чыңдады. «Бирок ал ошондой эле реакциянын жана милитаризмдин күчтөрүн, Европаны жана бүткүл дүйнөнү кайра «кансыз согуштун» жана ядролук катастрофанын чегинде турууну заманына тартууну каалагандарды этиеттендирди жана активдештирди»,— деп белгилеген Л. И. Брежнев Европанын коммунисттик жана жумушчу партияларынын 1976-ж. июнда Берлинде болуп өткөн Конференциясында. Ошондуктан революциячыл күчтөр тынчтык үчүн, эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүүнү материалдаштыруу үчүн күрөшүп жатышат жана күрөшө беришет — бул бардык элдер үчүн улуу жыргалчылык жана азыркы кездеги адамзаттын прогрессинин маанилүү шарты.



**ЭЛ АРАЛЫК КОММУНИСТТИК КЫЙМЫЛ** — марксисттик-лениндик окууну жетекчиликке алышкан, дүйнөлүк жумушчу жана бүткүл революциячыл кыймылдын авангарды катары, тынчтык, демократия жана социализм үчүн күрөштүн авангарды катары аракет кылышкан дүйнө өлкөлөрүнүн коммунисттик жана жумушчу партиялары. **«Дүйнөлүк коммунисттик кыймылдын — азыркы доордун эң прогрессивдүү жана таасирдүү саясий күчүнүн позициялары бекемделүүдө»**,—деп белгиленген «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» КПСС БКнын токтомунда. Ар бир коммунисттик партия ал аракет кылган өлкөдөгү жумушчу кыймылы тарабынан төрөлгөн. Ал өзүнүн аракеттери үчүн биринчи кезекте өз өлкөсүнүн эмгекчилеринин алдында жооп берет. Пролетариаттын түпкү таламдарын коргоо алардын ар биринин тең укуктуулугун жана көз каранды эместигин катуу сактоо менен, пролетардык интернационализмдин, боордош партиялардын ыктыярдуу кызматташтыгынын принциптери менен бириккен коммунисттердин эл аралык тилектештигинин негизин түзөт. «Жүз жылдан ашык убакыттан бери карай коммунисттер туу алып жүрүүчү болуп эсептелген мындай жолдоштук кызматташтык биздин заманда да өзүнүн бүткүл улуу маанисин толук бойдон сактап калат,— деп белгилеген Л. И. Брежнев 1976-жылы июнда Берлинде болуп өткөн Европанын коммунисттик жана жумушчу партияларынын Конференциясында.— Ал компартиялардын жана деги эле жумушчу кыймылынын кубаттуу жана сыналган куралы болуп келген жана болуп кала берет».

Социалисттик жана коммунисттик курулуштун авангардында баратышкан социализм өлкөлөрүнүн коммунисттик жана жумушчу партиялары Э. а. к. к-дын өтө ири жана таасирдүү отряды болуп саналат. Анын негизи Коммунисттик партиялардын бузулгус кужурмөн союзу болуп эсептелет. Социализм өлкөлөрүнүн тыгыз кызматташтыгы өнүгүүдө. «Жалпысынан социалисттик өлкөлөрдүн партияларынын көпчүлүгү менен биздин мамилелерибиз үчүн,— деп белгиленген партиянын XXV съездине КПСС БКнын Отчеттук докладында,— толук биримдүүлүк жана үзүрдүү кызматташтык мүнөздүү. Бир катар маселелер боюнча айрым партиялардын бөтөнчө көз караштары бар экендиги белгилүү, бирок жалпы тенденция, шексиз, социализм өлкөлөрүнүн баш кошкондугунун өсүшү менен мүнөздөлөт. Мындай тенденцияны биз жогору баалайбыз жана анын өнүгүшүнө мурдагыдай эле бардык жактан көмөк көрсөтө беребиз. Буга алып баруучу жол — марксизм-ленинизмдин, социалисттик интернационализмдин, тең укуктуулуктун жана жолдоштук кызматташтыктын сынал-

ган принциптеринин негизинде бир тууган партиялардын биргелешкен аракеттери болуп саналат» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 9-бет).

Алардын санынын өсүшү капиталисттик дүйнөдө компартиялардын таасиринин өсүшүнүн күчөгөндүгүн мүнөздөөчү белгилүү көрүнүштөрдүн бири болуп саналат. Социалисттик эмес дүйнөдө жалпы саны 4 млн. адамдан ашык 76 коммунисттик жана жумушчу партиялар аракет кылып жатат. Батыш Европада — 20 партия (2,6 млн. мүчөсү бар), Америкалык континенттин өлкөлөрүндө — 25 компартия (540 миңге жакын мүчөсү бар), Азияда — 22 компартия (920 миң мүчөсү бар), Африкада — 9 компартия (20 миңге жакын коммунисттер). Социалисттик эмес дүйнөдө жалпы шайлоолордо коммунисттер үчүн бол-жол менен 40 миллион шайлоочулар добуш беришет, 30га жакын компартиялардын өз өлкөлөрүнүн жогорку закон чыгаруучу органдарында өкүлдөрү бар.

1969-жылдагы коммунисттик жана жумушчу партиялардын эл аралык Кеңешмеси тарабынан коюлган антиимпериалисттик аракеттердин көп пункттары орундатылгандыгынын фактысы Э. а. к. к-дын ийгиликтери жөнүндө далил болот. Ошентип, күрөштүн жолу жана негизги багыттары туура тандалып алынган, элдердин жыргалчылыгына биргелешип жүргүзгөн иш массаларда кеңири откликтерге ээ болуп, пайдалуу натыйжаларды берип жатат. Бүгүнкү күндө капиталисттик алты ири державанын үчөөндө — Францияда, Италияда жана Японияда — массалык түрдөгү компартиялар аракеттенишүүдө, шайлоолордо, бүтүндөй алганда, алар үчүн 20 миллиондон ашык шайлоочулар добуш беришет. Португалиянын коммунисттери саясий аренага чыгышып, өлкөдө эң активдүү жана таасирдүү партиялардын бири болуп калды. Испаниянын компартиясынын бедели өсүп жатат. Индиянын, Финляндиянын, Даниянын, Латын Америкасынын кээ бир өлкөлөрүнүн компартиялары өз өлкөлөрүндө бир кыйла саясий салмакка ээ.

Ар түрдүү өлкөлөрдүн коммунисттери бири-биринин ишине кызыгып жана кунт коюп көз салып жатышат. Кээ бир убактарда алардын пикирлеринде, бул же тигил маселелерге жасаган мамилелеринде айырмачылыктардын келип чыгышы ыктымал. Бирок марксист-ленинчилер бүткүл Э. а. к. к-ды чыңдоо жөнүндө камкордук көрүү менен мындай маселелерге интернационализмдин позициясынан мамиле кылышат, келип чыккан проблемаларды жолдоштуктун рухунда, компартиялардын ортосундагы өз ара мамилелердин жалпы кабыл алынган нормаларынын чектеринде талкуулашат. Биздин өлкөдө КПСС коммунисттик курулушка жетекчиликти ишке ашырып, эл аралык аренада тынчтыктын жана элдердин социалдык прогрессинин ишин ырааттуу коргоо менен пролетардык интернационализмдин туусун бийик көтөрүүдө. КПССтин XXV съездинин бүткүл иш-аракети



интернационализмдин идеяларына толгон. Анын ишине 96 өлкөлөрдөн 103 коммунисттик, жумушчу, улуттук-демократиялык жана социалисттик партиялардын өкүлдөрү катышкан. «КПСС,— деп белгиленген «Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» КПСС БКнын токтомунда,— бир тууган башка партиялар менен бирге марксизмдин-ленинизмдин, пролетардык интернационализмдин принципиалдуу негизде дүйнөлүк коммунисттик кыймылдын биримдигин чыңдоо үчүн андан ары да активдүү күрөштү жүргүзө берет».

**ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КРИЗИС** — асыресе, чарбалык муктаждыктар үчүн нефтинин, нефтипродуктылардын жана табигый газдын кескин жетишпегендигинен көрүнгөн капитализмдин жалпы кризисинин азыркы кездеги көрүнүштөрүнүн бири. Партиянын XXV съездине КПСС БКнын Отчеттук докладында Э. к. дүйнөлүк капиталисттик чарбаны олуттуу мөгдүрөтүүчүлөрдүн бири катары мүнөздөлөт. (КПССтин XXV съездинин материалдары, 33-бет).

Э. к. акыркы жылдарда отун өндүрүүнүн аны керектөөдөн кескин артта калышына алып келген ири монополиялардын жырткыч саясатынын натыйжасында өтө курч мүнөзгө жетти. Монополиялар өзүлөрүнүн пайдаларын көбөйтүү үчүн, табигый сырьёго жана андан өндүрүлүүчү продуктыларга жогорулатылган бааларды белгилөө менен, нефть жана газ алууну, алардын жаңы кендерин чалгындоону жа-



салма жол менен кечеңдетип жатышат.

Бул 1976/77-ж. АКШда бөтөнчө ачык көрүндү, анда адаттагыдан тышкары суук аба ырайы Э. к. курч мүнөздө чыгышына алып келген. 8 миңден ашык ишканада өндүрүш токтолгондугуна жана кыскаргандыгына карабастан, сууктан улам келип чыккан адамдардын курман болушуна карабастан, нефть монополиялары өкмөт нефтинин жана табигый газдын баасын төрт эсе жогорулатууга макул болгонго чейин, нефтинин жана газдын запастарын «кармап тура беришкен».

Батыштагы державалар Э. к-ти пайда кылган проблемаларды, бул максатта күч колдонуу менен коркутууга чейин барышып, өнүгүүдөгү өлкөлөрдүн эсебинен чечүүгө умтулушат. Бирок Э. к-ти чечүүнүн чыныгы жолдору биринчи кезекте монополиялардын зомбулугун ооздуктоо менен байланышкан.

**ЯДРОЛУК КУРАЛДЫ ТАРКАТПОО ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМ** — дүйнөлүк термоядролук согуштун келип чыгуу коркунучун азайтууга багытталган көп тараптуу келишим. К-ди түзүү СССРдин жана социалисттик ынтымакташтыктын башка өлкөлөрүнүн узакка созулган күрөшүнүн натыйжасында мүмкүн болду. Ал кол коюу үчүн 1968-жылы 1-июлда бир убакта үч депозитарий-өлкөнүн — СССРдин, АКШнын, Великобританиянын борбор шаарларында ачылган болучу. 1970-жылы 5-мартта күчүнө кирген.

К. ядролук куралды башка

мамлекеттерге берүүнүн же ага контролдук кылуунун ар кандай — түздөн-түз же кыйыр — түрлөрүнө шексиз жана толук тыюу салат. Ядролук куралды «кимге гана болбосун», б. а. ядролук эмес өлкөлөргө да, ошондой эле согуштук блокторго да берүүгө тыюу салынат. К-ге кол коюшкан ядролук куралдарга ээ эмес өлкөлөр мындай куралды чыгарбоого жана аны башкалардан кабыл албоого милдеттенишкен. Ядролук куралдары жок өлкөлөрдүн К-ди сактоосу ООНдун адистешкен уюму — атомдук энергия боюнча эл аралык агентство тарабынан контролдукка алынат.

Азыркы убакытка карата К-ге 100дөн ашык мамлекет кол койду. «Ошону менен бирге,— деп белгиленген КПССтин XXV съездинде,— ядролук куралдын биздин планетабызга таркап кетишине жол бербөө үчүн мындан аркы натыйжалуу чараларды көрүү эң маанилүү милдеттердин бири бойдон кала берет» (КПССтин XXV съездинин материалдары, 27-бет).

Л. И. Брежнев 1977-жылы 18-январда Туладагы салтанаттуу заседаниеде сүйлөгөн сөзүндө ядролук куралды таркатпоо режимин өтө натыйжалуу кылуунун зарылчылыгы жөнүндө жана СССР бул жагынан ыштиктүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө даяр экендиги тууралу айткан.

Варшава Келишимине катышкан мамлекеттердин Саясий консультативдик комитетинин 1976-жылы 25—26-ноябрда Бухаресте өткөрүлгөн кеңешмесине катышуучулар да МАГАТЭнин нормаларына ылайык эл аралык натыйжалуу контролдуктун алдында ядролук энергияны тынчтык максаттарда пайдаланууга эч кандай дискриминациясыз бардык мамлекеттерге жол берилген шарттарда ядролук куралды таркатпоо режимин толук жактап чыгышты.




| | Бөлүмү | Бети |
|---|---|---|
| Абалдын оорчулугун согуштук жактан жеңилдетүү | 4 | 227 |
| Абсентизм | 4 | 228 |
| Агитаторлор | 3 | 169 |
| Агрардык-өнөр жайлык интеграция | 2 | 87 |
| Агрардык-өнөр жайлык комплекстер | 2 | 88 |
| Агрессия | 4 | 229 |
| Адабият | 3 | 170 |
| Адабияттын жана искусствонун партиялуулугу | 3 | 171 |
| Адамдардын аң-сезиминдеги жана жүрүш-турушундагы өткөндүн саркындылары | 3 | 172 |
| Администрациянын ишин контролдоо укугу | 1 | 5 |
| Азиядагы коллективдүү коопсуздук | 4 | 229 |
| Азыркы доордун негизги карама-каршылыгы | 4 | 231 |
| Азыркы мезгилдин үч негизги революциялык күчү | 4 | 231 |
| Айыл чарба өндүрүшүн адистештирүү | 2 | 88 |
| Айыл чарба өндүрүшүн ургаалдаштыруу | 2 | 89 |
| Айыл чарба продукциясынын жылдык орточо өндүрүлүшү | 2 | 90 |
| Айыл чарбасын механизациялоо | 2 | 90 |
| Айыл чарбасын химиялаштыруу | 2 | 91 |
| Актив (партиялык, советтик, чарбалык, профсоюздук, комсомолдук) | 1 | 6 |
| Антикоммунизм | 4 | 233 |
| Араб мамлекеттеринин лигасы | 4 | 234 |
| Ассортимент | 2 | 92 |
| Атеисттик тарбия | 3 | 173 |
| «А» тобу | 2 | 92 |
| Аялдар (СССРде) | 1 | 7 |
| «Б» тобу | 2 | 93 |
| Башкаруунун автоматташтырылган системасы (АСУ) | 2 | 94 |
| БАМ (Байкал-Амур магистралы) | 2 | 95 |
| Басма сөз | 3 | 174 |
| Бир башчылык | 1 | 8 |
| Бириккен Улуттар Уюму | 4 | 234 |
| Блокторго кошулбоо | 4 | 236 |
| Бош убакыт | 3 | 174 |
| Буржуазиялык идеология | 3 | 174 |
| Бүткүлсоюздук лениндик коммунисттик жаштар союзу (ВЛКСМ) | 1 | 9 |
| Валюталык-финансылык кризис | 4 | 237 |
| Варшава Келишими | 4 | 237 |
| Варшава Келишиминин Уюму | 4 | 237 |

| | | |
|---|---|---|
| Гуманизм (искусстводо) | 3 | 176 |
| Дайыма иштөөчү өндүрүштүк кеңешмелер (ишканаларда) | 1 | 10 |
| Девальвация | 4 | 240 |
| Демократиялык централизм | 1 | 10 |
| Дене тарбия жана спорт (СССРде) | 3 | 176 |
| Дүйнөгө коммунисттик көз караш | 3 | 177 |
| Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча кеңешме | 4 | 240 |
| Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча кеңешменин Қорутунду Актысы | 4 | 242 |
| Европалык экономикалык коомдоштук | 4 | 243 |
| Европанын коммунисттик жана жумушчу партияларынын конференциясы | 4 | 244 |
| Жакынкы чыгыш кризиси | 4 | 246 |
| Жалпыга милдеттүү орто билим берүү | 3 | 178 |
| «Жалпы рынок» | 4 | 248 |
| Жалпы элдик мамлекет | 1 | 11 |
| Жаратылыш ресурстары | 2 | 96 |
| Жаштар (СССРде) | 1 | 12 |
| Жеке менчикчил психология | 3 | 178 |
| Жергиликтүү Советтер | 1 | 13 |
| Жерди мелиорациялоо | 2 | 97 |
| Жогорку жана атайын орто билимдер | 3 | 179 |
| Жогорулатып алма план | 2 | 98 |
| Жумушсуздук | 4 | 248 |
| Жумушчу кыймылындагы реформизм | 4 | 248 |
| Жумушчу күчүнүн алмашмалуулугу | 2 | 99 |
| Жумушчу табы (СССРде) | 1 | 14 |
| Жумушчу табы менен дыйкандар союзу (социалисттик коомдо) | 1 | 15 |
| Жыйноо фондусу жана керектөө фондусу | 2 | 100 |
| Идеологиялык күрөш | 3 | 179 |
| Идеялык-тарбия ишинин натыйжалуулугу | 3 | 181 |
| Идеялык-тарбиялык ишке комплекстүү мамиле | 3 | 182 |
| Илим | 3 | 183 |
| Илимди жана өндүрүштү интеграциялоо | 2 | 100 |
| Илимий коммунизм | 3 | 183 |
| Илимий-техникалык прогресс | 2 | 101 |
| Илимий-техникалык революция | 2 | 102 |
| Илимий-техникалык революциянын жетишкендиктерин социализмдин артыкчылыктары менен бириктирүү | 2 | 103 |
| Илимий-техникалык, экономикалык жана социалдык проблемалар боюнча комплекстүү программалар | 2 | 104 |
| Илим түздөн-түз өндүргүч күч катарында | 2 | 105 |





| | | |
|---|---|---|
| Империализм | 4 | 249 |
| Инсандын ар тараптан өсүшү | 3 | 184 |
| Инсан эркиндиги | 1 | 16 |
| Интеллигенция (СССРде) | 1 | 17 |
| Инфляция | 4 | 250 |
| Инфраструктура | 2 | 105 |
| Искусство | 3 | 185 |
| Ишкананын өндүрүштүк фондулары | 2 | 106 |
| Иш убактысы (СССРде) | 2 | 108 |
| Қабыл алган чечимдердин аткарылышын контролдоо жана текшерүү | 1 | 17 |
| Қадрлар (партиялык, советтик, чарбалык) | 1 | 18 |
| Қалктын жалпы билим деңгээли | 3 | 186 |
| Қалктын турмуш деңгээли | 2 | 108 |
| ҚамАЗ (Қама автомобиль заводу) | 2 | 109 |
| Қапиталдык курулуш | 2 | 110 |
| Қапитализмдин жалпы кризиси | 4 | 251 |
| Қапиталисттик интеграция | 4 | 252 |
| Қапитал өлкөлөрүнүн пролетариатынын тап күрөшү | 4 | 253 |
| Қеректөөнүн коомдук фондулары | 2 | 111 |
| Қесиптик-техникалык окуу жайы | 3 | 187 |
| Қинематография | 3 | 187 |
| Қиноискусство | 3 | 188 |
| Қолхоз | 2 | 112 |
| Қолхоздордо эмгекке акы төлөө | 2 | 113 |
| Қолхоздун Болжолдуу Уставы | 2 | 113 |
| Қолхоз дыйкандары | 1 | 19 |
| Қолхозчулардын коомдук чарбадан алуучу кирешелери | 2 | 113 |
| Қоммунизм | 1 | 21 |
| Қоммунизмди куруучунун моралдык кодекси | 3 | 189 |
| Қоммунизмдин материалдык-техникалык базасы | 2 | 114 |
| Қоммунисттик аң-сезимдүүлүк | 3 | 189 |
| Қоммунисттик идеология | 3 | 190 |
| Қоммунисттик жана жумушчу партиялардын эл аралык кеңешмелери | 4 | 254 |
| Қоммунисттик курулуш | 1 | 22 |
| Қоммунисттик мораль | 3 | 191 |
| Қоммунисттик тарбия | 3 | 191 |
| Қоммунисттик эмгек | 1 | 23 |
| Қомпенсациялык макулдашуу | 2 | 115 |
| Қоомдук жыйынды продукт | 2 | 115 |
| Қоомдук өндүрүштүн натыйжалуулугу | 2 | 116 |
| Қоомдук өндүрүштүн структурасы | 2 | 118 |

| | | |
|---|---|---|
| Коомдук пикир | 3 | 193 |
| Коомдук уюмдар (СССРде) | 1 | 24 |
| Коомдун саясий уюштурулушу | 1 | 25 |
| Контрреволюция | 4 | 255 |
| Конфронтация | 4 | 255 |
| Космонавтика | 3 | 193 |
| КПСС БКнын алдындагы партиялык контролдоо комитети | 1 | 26 |
| КПСС БКнын Пленуму | 1 | 26 |
| КПСС БКнын саясий багыты жана практикалык иши | 1 | 27 |
| КПСС БКнын Саясий Бюросу | 1 | 28 |
| КПСС БКнын Секретариаты | 1 | 28 |
| КПССтин азыркы этаптагы агрардык саясаты | 2 | 119 |
| КПССтин Борбордук текшерүү комиссиясы | 1 | 29 |
| КПССтин жыйырма бешинчи съезди | 1 | 29 |
| КПССтин кадр саясаты | 1 | 30 |
| КПССтин сапаттык составы | 1 | 31 |
| КПССтин саясаты (Ички) | 1 | 33 |
| КПССтин социалдык саясаты | 1 | 34 |
| КПССтин съезди | 1 | 34 |
| КПССтин тышкы саясаты | 4 | 256 |
| КПССтин улут саясаты | 1 | 36 |
| КПССтин Уставы | 1 | 37 |
| КПССтин экономикалык саясаты | 2 | 121 |
| КПССтин экономикалык стратегиясы | 2 | 122 |
| Куралсыздануу | 4 | 258 |
| Курчап турган чөйрөнү коргоо (СССРде) | 2 | 123 |
| Күч колдоонбоо | 4 | 260 |
| Кызмат акы | 2 | 124 |
| Латын Америкасынын жана Кариб бассейнинин өлкөлөрүнүн коммунисттик партияларынын кеңешмеси | 4 | 261 |
| Маданий-агартуу мекемелери | 3 | 194 |
| Маданий байлыктарды эл аралык алмашуу | 3 | 195 |
| Маданий революция (социалисттик) | 3 | 196 |
| Маданият деңгээли (эл турмушунда) | 3 | 197 |
| Мамлекеттик тартип | 1 | 38 |
| Маркетинг | 4 | 262 |
| Марксизм-ленинизм | 3 | 197 |
| Массалык информация жана пропаганда каражаттары | 3 | 199 |
| Массалык коомдук уюмдар — к. Коомдук | | |
| уюмдар (СССРде) | 1 | 39 |
| Массалык кыргындоочу куралга тыюу салуу | 4 | 262 |
| Материалдык кызыктыруу фондусу | 2 | 126 |
| Материалдык стимулдар | 2 | 126 |





| | | |
|---|---|---|
| | 3 | 199 |
| Мектепке чейинки тарбия | 4 | 264 |
| Милитаризм | | |
| Министерстволор жана ведомстволор (СССР- | 1 | 39 |
| де) | 2 | 127 |
| Моралдык стимулдар | 1 | 40 |
| Муундардын улантып кетүүчүлүгү (СССРде) | 4 | 266 |
| НАТО | 2 | 127 |
| Негизги өндүрүштүк фондулар | 4 | 267 |
| Неоколониализм | 4 | 268 |
| Неофашизм | 3 | 200 |
| Нравалык тарбия | 2 | 127 |
| Онунчу беш жылдыктын башкы милдети | 4 | 269 |
| Оңчул ревизионизм | 4 | 270 |
| Опек | 2 | 128 |
| Өздүк көмөкчү чарба | 2 | 128 |
| Өздүк нарк | 2 | 129 |
| Өндүргүч күчтөрдү рационалдуу жайгаштыруу | | |
| Өндүрүштү адистештирүү жана кооперативдештирүү | 2 | 130 |
| | 2 | 131 |
| Өндүрүштүк айланма фондулар | | |
| Өндүрүштүк жана илимий-өндүрүштүк бирикмелер | 2 | 131 |
| Өндүрүштү комплекстүү механизациялоо жана автоматташтыруу | 2 | 131 |
| | 2 | 132 |
| Өндүрүштүк кубаттар | 2 | 133 |
| Өндүрүштүн резервдери | 2 | 133 |
| Өндүрүштү өнүктүрүү фондусу | 2 | 133 |
| Өндүрүштү ургаалдаштыруу | 4 | 271 |
| Өнүгүүнүн капиталисттик эмес жолу | 2 | 135 |
| Өнүккөн социализмдин экономикасы | 1 | 41 |
| Өнүккөн социалисттик коом | 4 | 271 |
| Өтө оңтойлуу шарттын режими | 2 | 136 |
| Пайда | 4 | 272 |
| Палестиналык каршылык көрсөтүү кыймылы | 1 | 43 |
| Партиялык жетекчиликтин коллективдүүлүгү | 1 | 43 |
| Партиялык жетекчиликтин принциптери | 1 | 44 |
| Партиялык ички демократия | 1 | 45 |
| Партиялык иштин лениндик стили | 3 | 201 |
| Партиялык окуу системасы | 1 | 46 |
| Партиялык тартип | 1 | 47 |
| Партиялык турмуштун нормалары | 1 | 48 |
| Партия менен элдин биримдүүлүгү | 1 | 48 |
| Партиянын жергиликтүү органдары | 1 | 49 |
| Партиянын баштапкы уюмдары | 3 | 202 |
| Партиянын идеологиялык иштери | 2 | 137 |
| Пенсия менен камсыз кылуу (СССРде) | 2 | 137 |
| Пландагы тапшырмалар | | |

| | | |
|---|---|---|
| Продукциянын сапаты | 2 | 138 |
| Пролетардык интернационализм | 3 | 203 |
| Пролетариат диктатурасы | 1 | 50 |
| Пропагандисттер | 3 | 205 |
| Профсоюздар (СССРде) | 1 | 51 |
| Радиоуктуруу | 3 | 206 |
| Расизм | 4 | 273 |
| Реалдуу кирешелер | 2 | 139 |
| Рентабелдүүлүк | 2 | 140 |
| РСФСРдин кара топурактуу эмес зонасы | 2 | 141 |
| Рухий керектөөлөр | 3 | 206 |
| Рухий маданият | 3 | 207 |
| Саламаттык сактоо | 3 | 207 |
| Салттар жана жаңычылдык (искусстводо) | 3 | 208 |
| Сапат белгиси | 2 | 141 |
| Саясий агитация | 3 | 208 |
| Саясий докладчылар | 3 | 210 |
| Саясий информаторлор | 3 | 211 |
| Саясий информация (СССРде) | 3 | 212 |
| Саясий пропаганда (СССРде) | 3 | 213 |
| Сионизм | 4 | 274 |
| Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы (КПСС) | 1 | 52 |
| Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Программасы | 1 | 54 |
| Советтик патриотизм (социалисттик) | 3 | 214 |
| Советтик Социалисттик Республикалар Союзу (СССР) | 1 | 55 |
| Советтин депутаты | 1 | 55 |
| Совет эли | 1 | 57 |
| Совет элинин идеялык-саясий жана моралдык биримдиги | 1 | 57 |
| Совет элинин жыргалчылыгы | 2 | 142 |
| Совхоз | 2 | 144 |
| «Солчул» ревизионизм | 4 | 274 |
| Социалдык камсыздоо | 2 | 144 |
| Социалдык-маданий чаралар жана турак-жай курулуш фондусу | 2 | 145 |
| Социалдык структура (социалисттик коомдо) | 1 | 58 |
| Социалдык-таптык айырмалардын жоюлушу | 1 | 59 |
| Социализм | 1 | 60 |
| Социализмдин дүйнөлүк системасы | 4 | 275 |
| Социализмдин капитализм менен экономикалык мелдеши | 2 | 145 |
| Социализм өлкөлөрүнүн коммунисттик жана жумушчу партияларынын идеологиялык кызматташтыгы | 4 | 276 |





| | | |
|---|---|---|
| Социализм учурундагы өздүк менчик | 2 | 146 |
| Социализм учурундагы эмгек | 1 | 61 |
| Социалисттик демократия | 1 | 62 |
| Социалисттик жана социал-демократиялык партиялар | 4 | 277 |
| Социалисттик интеграция | 4 | 278 |
| Социалисттик интернационал | 4 | 279 |
| Социалисттик интернационализм | 3 | 215 |
| Социалисттик коомдук мамилелер | 1 | 63 |
| Социалисттик маданият | 3 | 215 |
| Социалисттик мелдеш | 1 | 64 |
| Социалисттик менчик | 2 | 146 |
| Социалисттик психология | 3 | 216 |
| Социалисттик реализм | 3 | 217 |
| Социалисттик революция | 4 | 280 |
| Социалисттик революциянын жана социализмди, коммунизмди куруунун жалпы закон ченемдүүлүктөрү | 1 | 66 |
| Социалисттик революциянын тынчтык жана тынчтык эмес формалары | 4 | 281 |
| Социалисттик тиричилик | 3 | 217 |
| Социалисттик улуттардын гүлдөшү жана жакындашы | 1 | 67 |
| Социалисттик чарбадагы товардык продукция | 2 | 147 |
| Социалисттик ынтымакташтык | 4 | 282 |
| СССРдин Госпланы | 1 | 69 |
| СССРдин калкы | 2 | 148 |
| СССРдин Мамлекеттик Бюджети | 2 | 148 |
| СССРдин саясий негизи | 1 | 69 |
| СССРдин тышкы соодасы | 2 | 149 |
| СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн онунчу беш жылдык планы | 2 | 150 |
| СССРдин эмгек ресурстары | 2 | 151 |
| СССР Жогорку Совети | 1 | 70 |
| СССР Конституциясы | 1 | 71 |
| СССР Куралдуу Күчтөрү | 1 | 72 |
| СССР Министрлер Совети | 1 | 74 |
| СССР Министрлер Советинин мамлекеттик комитеттери (СССР МСнин МК) жана СССР Министрлер Советинин алдындагы мамлекеттик комитеттер (ССР СМнин алдындагы МК) | 1 | 74 |
| СССР элдеринин достугу | 1 | 75 |
| Сүрөт искусствосу | 3 | 218 |
| Сын жана өзүн-өзү сындоо | 1 | 76 |
| Таптар жана социалдык топтор (СССРде) | 1 | 77 |
| Тариф ставкалары жана кызмат окладдары | 2 | 152 |

| | | |
|---|---|---|
| Тартип партиялык—к. Партиялык тартип | 1 | 78 |
| Театр искусствосу | 3 | 218 |
| Телекөрсөтүү | 3 | 219 |
| Техникалык саясат | 2 | 153 |
| Тиричилик жактан тейлөө чөйрөсү | 2 | 153 |
| Тогузунчу беш жылдыктын жыйынтыктары | 2 | 154 |
| Турак-жай курулушу (СССРде) | 2 | 156 |
| Турмуштун социалисттик образы | 3 | 219 |
| Түндүк Атлантикалык Блок | 4 | 284 |
| Тынчтык жана эл аралык кызматташтык үчүн, элдердин эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн андан аркы күрөштүн Программасы | 4 | 284 |
| Тынчтыкта жанаша жашоо | 4 | 286 |
| Тышкы саясий багытты координациялоо | 4 | 288 |
| Узак мөөнөттүү, беш жылдык жана жылдык пландар | 2 | 157 |
| Узак мөөнөттүү максатка эсептелген программалар | 2 | 157 |
| Улуттар жана калктар (СССРде) | 1 | 78 |
| Улуттук-Боштондук кыймылы | 4 | 289 |
| Улуттук киреше | 2 | 158 |
| Улуу Октябрь социалисттик революциясы | 1 | 79 |
| Улутчулдук жана шовинизм | 3 | 220 |
| Үнөм режими | 2 | 159 |
| Фондунун кайтарылышы | 2 | 160 |
| Фонду сыйымдуулук | 2 | 160 |
| Чарбалык эсеп | 2 | 160 |
| Чекене товар жүгүртүү | 2 | 162 |
| ЭВМ | 2 | 162 |
| Экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн комплекстүү пландары | 1 | 81 |
| Экономикалык кризис | 4 | 290 |
| Экономикалык өз ара жардамдашуу Совети (СЭВ) | 4 | 291 |
| Экономикалык стимулдаштыруу фондулары | 2 | 163 |
| Эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүү | 4 | 293 |
| Эл аралык абалдын орчулугун жеңилдетүү жана тап күрөшү | 4 | 295 |
| Эл аралык коммунисттик кыймыл | 4 | 297 |
| Элдик контроль (СССРде) | 1 | 82 |
| Элге билим берүү (СССРде) | 3 | 221 |
| Эл керектөөчү товарлар | 2 | 165 |
| Эл чарба балансасы | 2 | 166 |
| Эл чарба планы | 2 | 166 |
| Эмгекке коммунисттик мамиле | 1 | 83 |





| | | |
|---|---|---|
| Эмгекке тарбиялоо | 3 | 222 |
| Эмгек коллективи (социалисттик) | 1 | 83 |
| Эмгек өндүрүмдүүлүгү | 2 | 167 |
| Эмгек тартиби | 1 | 84 |
| Эмгек укугу | 1 | 85 |
| Эмгекчилерге экономикалык билим берүү системасы | 3 | 223 |
| Эмгекчилерди идеялык-саясий тарбиялоо | 3 | 224 |
| Эмгекчилерди интернационалдык тарбиялоо | 3 | 225 |
| Энергетикалык кризис | 4 | 299 |
| Эстетикалык тарбия | 3 | 226 |
| Ядролук куралды таркатпоо жөнүндө келишим | 4 | 299 |

4876

**МАЗМУНУ**


Биринчи бөлүм
Саясий турмуш . . . . . . . . . . 5
Экинчи бөлүм
Экономиклык турмуш . . . . . . . . 87
Үчүнчү бөлүм
Маданий турмуш . . . . . . . . . . 169
Төртүнчү бөлүм
Эл аралык мамилелер . . . . . . . . 227
Көрсөткүч . . . . . . . . . . . . 301


КРАТКИЙ СЛОВАРЬ-СПРАВОЧНИК АГИТАТОРА И ПОЛИТИНФОРМАТОРА

*(На киргизском языке)*


Издательство «Кыргызстан»

Которгон *Ш. Кулов*
Редактору *Т. Абдылдабеков*
Көркөм редактору *А. Ерошенко*
Тех. редактору *Р. Ревенко*
Корректору *Ү. Маматова*

ИБ № 1040

Терүүгө 18. 04. 1980-ж. берилди. Басууга 5. 03. 1981-ж. кол коюлду. Басмаканалык № 1 кагаз. Адабий арибн, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 84×108[1]/32. 9,75 физ. басма табак, 16,38 шарттуу басма табак, 21,399 учеттук табак. Тиражы 4000. Заказ № 183. Баасы 80 т.

«Кыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе 5, Жигули көчөсү, 102.